Көчкөн САКТАНОВ

МАРКУМДАР ҮНҮ

(Сталиндин заманы)

Роман

2-басылышы

ШАМ
Басма үйү

УДК 821. 51
ББК 84Ки 7-4
С 15

Сактанов Көчкөн.

С 15 **Маркумдар үнү:** Роман**:** 2-бас. – Б.: «ШАМ», 2019. – 656 б.


ISBN 978–9967–480–35–3

Жазуучунун колуңуздардагы жаңы романы биринчи профессионал кыргыз сүрөтчүсү Г. Айтиевдин өмүр жолу, чыгармачылыгын, инсандык образын ачып берүүгө арналган. Анда ошондой эле айыпсыз репрессияланган улуттук интеллигенциянын алдыңкы өкүлдөрүнүн да жаркын образдары тартылган.

С 4702300100–19
ISBN 978–9967–480–35–3

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

© «ШАМ» Басма үйү, 2019



Кыргыз эл жазуучусу

Көчкөн Сактанов

(1942–2018)

... ЭКИНЧИ ӨМҮРҮ УЗУН БОЛСУН

Алгачкы кыргыз интеллигенттеринин калыптануу башаты, алардын ар кыл тагдырлары биздин кыргыз адабиятында али ачылбай жаткан дың. Алардын өткөн өмүрүн, күрөшүн, жеңишин, жеңилишин, же жаңылышын жакшы билбей туруп, элибиздин бүгүнкү менен эртеңкисин жакшы билүү эч мүмкүн эмес. Дарак терең тамыры менен көктөп тургандай эл өткөн тарыхы, өткөн бабалары менен эл болуп, көктөп турат.

«Маркумдар үнү» аталган кезектеги романым дал ушул өткөнгө арналып, отузунчу жылдардагы бороон-чапкындуу репрессияны кошо камтыйт. Кырчын өмүрлөрү ок учунда кеткен элибиздин мыкты уулдарынын ошол апаат кездеги татаал тагдырларын иликтөөгө «кармалды, суралды, атылды» деп гана мезгилди сөлтүк айтып, чолок кайрып, республиканын чегинен чыкпай туруп чыгарма жазууга эч дитим барбады, чыгарманын ички логикасы ага жол бербеди. Анткени, «Ошо репрессия кайдан пайда болду? Эмнеден башталды? Анын башталыш учугу, себеби кайда?» деген суроолордун жообун окурманга айтыш үчүн архивге, же ошол кездин түпкүрүнө үңүлө келгенде, балээнин баары Сталин менен Троцкийдин саясий эрөөлүнө барып такалат экен. Ошон үчүн романда Сталин жана анын тегерегине да кыйла орун берүүгө мажбур болдум, бирок бүгүнкүнүн ооз көптүрмө «тарыхчыларындай» Сталинди бир жактуу ызырына жамандап, ал эми жердин кутун, элдин рухун бүлүндүрүп кеткен Хрущевду жөнү жок актоого албай, көзү өтүп кеткен маркумдар алдында,

тарых алдында куран кармап, калыс болууга аракеттендик. Романдын биринчи китеби он жетинчи жылдан элүү үчүнчү жылга чейин, же Сталиндин өлгөнүнө чейинки мезгилди камтыйт, ошон үчүн биринчи китебим «Сталиндин заманы» деп аталды.

Экинчи китебим элүү үчүнчү жылдан сексен бешинчи, тагыраак айтканда, кайра курууга чейинки мезгилди камтыйт. Сталиндин учурунда көптөгөн жетекчи сөрөйлөрдүн тизгинин утуру кагып, тумшугу элдин жем акырына жетпей турса, Сталин өлөрү менен, айрыкча Брежневдин учурунда аларга эки тизгин, бир чылбыр колуна кошо берилип, ушундан улам, чучугун өзү жеп, пучугун эмгекчиге калтырып, бу кокуйбайлардын тойгону ушунча, нанды эле эмес, кээде нанды жараткан адамды тебелеп ийишти го! Элге жалган, кас саясат жүргүзүлүп, орусташтыруу жогортон тымызын жүргүзүлгөнү аз келгенсип, жергиликтүү жетеш жетекчилер ого бетер алардын каш-кабагы менен болуп, аларга чекеси жерге тийгенче жүгүнүп, ал эми өз элине чандырын сылай бийиктен кошкура тиктеп, мен акылдуу, а сен акылсызсың деген дымак көрсөтүп, чындыкты чыркырап айтып чыккандардын калпагын учура чаап турду го. Эл башкарган «азаматтардын» кейпи бул болгон соң, тиги Россиядан качып-тозуп келгендер өйдөсүндү, акылдуусунду, акырын төргө өтүп, өтүгүн төргө илип, оюна келгенин кылды. Шаарга келген жаштар орус тилин билбегени үчүн жүрөк өртү эрте жашынан өчүп, өзүндө акыл туруп, бирөөдөн акыл сурап, жалтак болуп кетти. Ким орусча мыкты билсе – акылдуу, жөндөмдүү, ал эми ким кыргызча мыкты билсе – мандемсиз, жөндөмсүз, болуп, арткы катарда калып кетти. Натыйжада, эл өзүнөн өзү кемсинип, илгертен калыптанган улуттук үрп-адаты бүлүндү, тоолук бүркүт пейил мүнөзү бузулду.

Кыскасы, көбүн эсе курсагынын гана кулу болгон жетесиздер башкарган мына ошол доор романдын экинчи китебинде кенен айтылат, анын түпкү патологиялык илдети, себеби иликтенет. Чыгарма башынан аягына дейре Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР эл сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин нары коогалуу, нары жигердүү өмүрү менен коштолот, окуя анын ой-санаасынан, көз карашынан чечилип, уланып отурат. Колуңуздардагы романдын биринчи гана китеби.

Анда эмесе, маркумдардын экинчи өмүрү узун болсун!..

Автор

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

I

...Кеч күз эле. Очок боюнда ысык күлгө бутумду салып отургам. Жанарак эле төрөлгөн баласы өлүп, там үйдүн төр жагында апам төрөттөн кансырап жаткан болучу. Онтогону ого бетер күчөп:

– Чыкчы, кагылайын... атаңды карачы! – деди.

Эшикке жүгүрүп чыгып, тегерете карап:

– Апа, атам көрүнбөйт, - дедим.

– Азыр эле чыкты эле го, кайда кетти экен?

Алсыз күрсүнүп, айласы кеткендей кайрадан шалдырап жатып калды. Аны аядым. Жанына жетип барып, башына отура калып:

– Апаке, эмне болду? – дедим.

Эмне дээрин билбей, мени тиктеп, бир саамга көздөрү мага жалдырай түштү. Алсыз колун жерден араң алып, төбөмдөн сыламак болуп, бирок сылай албады. Ошондо муун-жүүнү бошоп, тиштенген эриндери солк этип, кирпиктери нымдаша берди.

– Апа, эмне болду? Ыйлабачы!

– Атаңды карачы... Чакырчы... Чуркачы, кагылайын!

Ушул учурда сырттан атам карпа-күрпө кирип келди. Көздөрү элейип, өңүндө нары мусаапырлык, нары коркуу бар. Апам баш көтөрүп:

– Келдиңби... кел, жаныма отурчу, - деди. – Абалымды көрүп турасың. Ахвал жаман... Мурунку балдарыбыз токтоболу, а кийинкиси бу... өзү эле эмес, мени кошо ала жата турган болуп калды.

Атамдын көздөрү тереңинде чакчайып «бу эмнеси... мунуң кандай?» дегендей, мусапыр өңү ого бетер мусапырлана мени караан тутуп, жалт карап алды. Апам сөзүн улады.

– Сенден өтүнөрүм бу... Гапаралини кор кылба... Экөөбүздөн калган белек, тукум ушу гана... Менин же өзүңдүн туугандарыңа ишенип берип койбой, өзүң чоңойт... – Апам алсыз колундагы шакеги менен билеригин сууруп атама сунду. – Ме... көзүм өтөөрү менен эже-сиңдилерим алып кетиши мүмкүн, өзүңөр керектегиле...

Мына ушинтти да, бир милдет, бир карыздан кутулгансып, боюн түзөп, шалдырап жатып калды. Ушул учурда менин көзүмө апам бизден дароо алыстап бараткансыды, бирок кайда бараткаңы, кимге бараткаңы мага белгисиз эле. Өңү чөптөй кубарып, көздөрү тунарып кетти. Мен уясынан ыргыган сары ооз балапандай чырылдап талпындым.

– Апа-а-аа!

Апама үнүм жетпеди, апам мени укпады. Ошентип, а-бу дегиче эле атам экөөбүз апамдан биротоло айрылып, бирибиз жесил, экинчибиз жетим калдык. Кечээ эле мени койнунда алып жаткан апам эртеси эле өзү жердин койнунда, дөмпөйгөн топурак алдында калды. «Кызык? Бул эмнеси? Бу жашоо,

бу дүйнө түбөлүк эмеспи? Бири-бирибизден бир күнү эле ушинтип биротоло ажырап калабызбы? Аттиң-ай, ошентебизби?»

Ошентип, ансыз эле кедей жашаган биз апам өлгөндөн кийин ого бетер кедейлене, маанайыбыз өчүп, жүдөй түштүк. Апам тирүү кезинде кээде эптеп-септеп туугандарынан бир жээрлик тамак алып келип турчу. Анын үстүнө ошол жылы эл көк ичеги болуп ачарчылык эле, апам өлгөндөн кийин бизди ого бетер ачарчылык басты, бирок кимдин эмне болгонуна, кандай болгонуна карабай күн өтө берет тура. Арман-азабыбыз канча ашынган менен күндөр өтө берди. Көп узабай эле атамдын таекелери ага бир жесир таап, экөөнү баш коштуруп койду. Ал жөн аял эмес, бакшы аял экен. Чакырган жерге барып, бакшылык кылат. Жини тараганда, төгөрөктөгөн элге төлгө ачат. Бир ирет бакшылыгы бүтүп, анан төгөрөктөгөн элдин ортосунда жини менен коштошуп жатып, минтип солуктаганы эсимде.

Э-э, азууларын арсайтып-а,
Э-э, ат өлүмү көп болот-а!
Э-э, муруттарын чычайтып-а,
Э-э, эр өлүмү көп болот-а!

Отургандардын кээлери «субухон-алла, субухон-алла!» дешсе кээ бирлери «Яа, айланайын, кудай сактай көр пенденди!» деп жака карманып, жаратканга тооба кылышат, бакшыга байгамбардай ишенишет. Өгөй энеме мен, мага өгөй энем боорун анча бербегени менен бакшылык кылып бизге тамак таап келиши

аябай жагып жүрдү, а бирок атам анын бакшылыгын негедир намыс көрчү. Ушундан улам атам бир ирет:

– Сенин минтип, бакшылык кылып бизди бакканыңдын кереги жок. Мен сени менен жашай албайм! - деди.

Байкуш бакшы энемдин сабыры суз тартып, оозунан сөзү түшүп, унчукпай калды. Экөөнүн ортосундагы көп нерсеге түшүнбөдүм, түшүнө да албайт да элем, түшүнүүнүн кереги да жок эле. Бирок, мени бир гана нерсе, «эми бизге ким тамак таап келет?» деген ой кыйнады. Анткени, мени ал кезде айрыкча алардын ортосундагы ымала эмес, эртели-кеч ишчү тамак көбүрөөк ойлонтчу.

Ошентип атам аны төркүнүнө жеткирип келди. Кайрадан атам аялсыз, мен энесиз калдым. Өз энедей эмгек бербесе да, энелик мээрими бар эле да. Эртели кеч очок боюнда отурган энелик карааны бар эле да. Аттиң... ушуну мен эмес, эмне үчүн атам түшүнбөйт, ыя?

– Ата, аны эмне үчүн кетирдиң? - дедим нары табы, нары кунары кете түшкөн очок боюнда отуруп.

– Э-э...-деди атам этегин күүнүп. – «Арзандын шорвосу татыбайт» деген ушул. Аял эле болсо, экинчи үйлөнбөйм...

Ушул ушу болду, ушундан кийин атам аял жөнүндө ооз ачпай калды. Негедир ал, айрыкча апам өлгөндөн кийин тагдырына, көрүп аткан күнүмдүк турмушуна нааразы болуп, кайгысы жүзүнөн, айрыкча мени боор ооруй тиктеген көздөрүнөн көбүрөөк көрүнө баштачу болду.

Бир күнү кимдир бирөөнүн төөсү өлүп, сага эт апкелем деп, атам эртелеп ошоякка кетип, кечинде төөнүн этин алып келди. Жумасына эмес, а кезде айына этке бир тою биз үчүн чоң майрам эле. Кедей-кембагал колундагы төрт түлүгүн өзү өлгөндө же той-тамашада гана сойбосо, демейки жөн күндөрү сойчу эмес. Ошон үчүн, айрыкча бизге окшогон көк ичеги жетим-жесир үчүн ысык шорво ичүү бу, өмүрүндөгү зор окуя катыр сезилчү. Эрте менен ичкен чаңгыт аш ичимди жалап, ушундан улам, эски уядагы темир канат балапандай оозумду утуру ачып, атамды кечке зарыга күтүп отура берем. Бүгүн да ошентип отурдум. Атам кеч келди. Атама эттин чүйгүн жеринен бербей калган катканын бериптир. «Кичине бала муну кайдан билсин?» дээрсиз. Энесиз жетим баарын билет. Этти жеп атсам арасында курт жүрүптүр. Дароо жийиркенип, оозумдагыны жерге түкүрдүм.

– Ата жебейм...

– Эмне болду?

– Арасында курт жүрөт...

Атам казан-аягын канча калдыратканы менен кеч тамагыма курттаган эттен башка эчтеме табылбады.

– Тазалап, сууга кайра кайнатып берейин, эптеп же эми.

– Жебейм!..

Атам мени жаактан ары тартып ийди. Анан кайра мени аяп, аябай капаланды. Бу дүйнө атама тар болуп турду. Жарык дүйнөдөгү жашоого тоюп кеткенсиди.

– О, кудай! Эгер бар болсоң, эгер адилет болсоң, эгер баарына тең болсоң, бизди ушинтпес элең! Бизди ушинтип, алакчылап, корлобос элең, кудай!

Атам жинди болгонсуп, өкүрүп-бакырды. Коңшулар жетип келди.

– Э, Айти, сага эмне болду?

– Эмне болсун?!. Кудай деп, кул болдум! Бирөөнүн акын жебедим, ушак сүйлөп, ууру кылбадым! Бирок, мага ал эмне жакшылык кылды?

– Кой эми, кой!

– Эмнеге коём?! Мына, Атабай бай каныбызды сүлүктөй соруп, төрүбүздү тебелеп, бирибизге ак, экинчибизге кара сүйлөп, биздин терибизден дүнүйө жыйнап турат. Эгер кудай болсо, эгер эле ал адилет болсо, мени корлобой, мына ошол балта жутаар Атабайды корлоор эле!

Атабай байдын Жаян аттуу көрөр көз аялы, кээде мени чакырып, калган-каткан кешик оокаттан бере койчу эле. Ушул окуядан кийин андай кешиктен да айрылдым. Азыр ойлосом, атамдын жаны кейигенде айткан жан кечти сөзү түз эле Атабай байдын өзүнө жеткен экен.

– Бу кара таман көз көрүнөө каапыр болуп кетиптир, - деген сөзүн бир ирет кешик аңдып барып угуп калдым.

– Э, бу Айти жинди болуп кетиптир! – деди экинчиси.

– Жинди эмес эле, каапыр болуп кетиптир, - деди дагы бирөө.

– Муну биерден жоготуш керек! – деди Атабай бай. Ушундан кийин бизге эч ким жолобос болду, сүйлөшпөс болду. Кудайдын курутун катып, тузун уурдагансып, эл-жерден четтеп калдык. Апамдын өлгөнү бир азап болсо, бу бизге экинчи азап болду.

Бир күнү балдар менен ойноп атсам, кичине тагам жетип келиптир:

– Гапар!.. Жүр, кокуй!.. Атабай байга каяша айтканы үчүн атаңды куйкалап атышат! – деп жетелеп жүгүрдү. Кичине тагамдын коргону Атабай байдын коргонунун жанында эле. Тагам:

– Сен дарбазанын тешигинен батасың, кирип барып ыйлап-сыктабасаң атаңды өлтүрүп коюшу мүмкүн! – деди.

Дарбазанын тешигинен октой атып чыгып, атамды көздөй жүгүрдүм. Атамдын эки колу менен эки бутун эки жакка керип, жалгыз дамбалчан калтырып, отко кактап атышыптыр. Жетип барып, атамды кармап турган алп далы кишиге асылдым.

– Акелер! Айланайын, акелер! Атамды коё бергиле! Коё бергиле!

– Мени аябасаңар да, ушу баланы аягыла! – деди атам көзү чанагынан чыгып. Өңү алээттен кетип, оозу акактап, оттон качып, жаналекетке түшүп, туйлап атыптыр. Атабай бай те ырааста табасы канып карап турат.

– О, кудайы жок кул! Кудайды аябаган сен, баланы аяйсыңбы!

А мен чырылдап жалынам.

– Аке... акелер дейм! Коё бергиле атамы! Акеле-е-ер!.. – Ыйымды эч ким укпады. Кимдир бирөө зор чеңгели менен желкемден чапчып туруп ыргытты эле аңкилдек атып барып, тешик дарбазанын жанына талп дей түштүм. Бир маалда эсиме келсем атам экөөбүз ошерде жатыптырбыз. Атамдын териси ылжырап күйүптүр. Ушундан кийин, башканы айтпайлы жакын туугандар да атамдан качып калышты. Ошондо ага бу дүйнө тар болуп, ого бетер ичи эңшерилди. Бир күнү атам аябай мүңкүрөп:

– Буерден кетебиз, уулум! – деди.

– Каякка?

– Жердин түбү эле Төлөйкөн дейсиңби, жер кеңири...

Керектүү буюмдарыбызды гана алып, ээрчишип жолго чыктык. Айылдын этегине келгенде атам:

– Кош, Төлөйкөн! – деп, колу менен тескери бата берди да, мени колумдан алып, жолго чыкты.

Жол... Төгөрөк суз тартып, төбөдө кара булут самсыйт. А биз басчу жол нары узак, нары алыс сыяктанат. Же айыл кезикпейт, же жол арбыбайт. Келатабыз, келатабыз. Же адам учурабайт, же айыл кезикпейт, же жол арбыбайт.

– Ата, чарчадым...

Атам мени куржунунун бир көзүнө салып, ийинине илип алды. Куржундун экинчи көзүндө, атамдын усталык аспаптары, оромолго алтындай бек түйүлгөн биртке нан. Атамдын арткы ийининде термелип баратып, төгөрөктү арыта тиктейм. Төбөдө түнөргөн

булут, төгөрөгүбүз такыр талаа, жолубуз али алыс болгону менен, мага ошол учурда ошо дүйнө, ошо өмүр кандай ыраат сезилгенин азыр айтып берүү кыйын. Кээде уйкусурап, кээде мулуңдап, атамдын желке чачын сылай эркелеп келем. А атам болсо, элиргенден эмес, эриккенден же чарчап-чаалыгып эзилгенден го, өзүнүн көңүлүн өзү көтөрөйүн дейби, көмөкөйүнөн өктөө айтып, ырдамыш болот.

...Аргымак аттын ээ азганы-а,
Аркы да, терки-ов басканы-а,
Азамат эрдин ээ азганы-а,
Көчкөндө жө-өв басканы-а.

– Ата!

– А?

– Нан...

– Ошко жете баралы, уулум... нанды ошерде...

Атам кайра өктөө үн салат.

...Аргымак байлап ээ, не керек-а,
Артынан кувгун-ов жеткен соң-а,
Агайын-тууган ээ, не керек-а,
Аңдышып а күндө-ов өткөн соң-а.

– Э, Гапа!

– Име?

– Түшүп басасыңбы?

Шык этип ынанбайм. Атам андан ары шылкыйып жолун улайт. Төбөдө кара булут, таманыбызда такыр талаа...

II

– Мына Ошко келдик, -деди атам.

– Жердин түбү ушердеби?

– Жердин түбү жок...

– Кантип? Оронун түбү болот. Чаканын түбү болот, а жердин түбү болбойбу?

– Болбойт...

– Түбү жок, тешик болсо, анда биз түшүп кетпейбизби?

– Түшүп басчы, көп сүйлөбөй...

Бала да болсом атамды аядым окшойт, түшүп бастым. Бутумда эч нерсе жок. Өмүрү бут кийим көрбөгөн чор тамандарым жол жээгиндеги чөңөр түгүл, таштарды жапыра басып, эч кыйналбай келем. Майда дүкөндөрдү, чайканаларды, устаканаларды таңыркай тиктейм. Биздин Төлөйкөндө үйдүн алдынан керели-кечке бир киши өтсө өтөр, өтпөсө жок, а буерде эшек минген ала чапанчан, ат минген ак калпакчан кишилер утуру учурай калат. Короолору коргон менен тосулган, бири-бирине чиркешкен көп үйлөр. Атам чоң суунун боюндагы чай ичип отурушкан топ кишилердин жанына келип, мени жыгач сөөрүгө отургузду.

– Азыр чай ичебиз.

– Буер чайканабы?

– Чайкана. А бу суу айтылуу – Ак-Буура.

Кандай сонун жер. Салкын, таза. Жаным жер тартып барат. Аңгыча:

– Эй, чоң калпак! – деди кимдир бирөө.

– Атам эми эле оозуна алып бараткан колундагы чайын ууртабай токтоп, үн чыккан жакка бурулду. Өзүн мартабалуу сезген бейтааныш адам жаныбызга келди, куржундун экинчи көзүндөгү аспаптарга көзү түшүп:

– Сен эмне устасыңбы? – деди.

Атам башын ийкеди.

– А мунуң ким? Жардамчыңбы?

Атам мени тиктей жылмайды.

– Ооба, жардамчым...

– Кеттик!..

Издетпей өзү табылган ишке атам мулуңдай сүйүнүп, оозундагы нанын курмөп-күрмөбөй куржунун ийинине салып, мени колумдан жетелеп, тиги курсагы ток, мартабалуу кишини ээрчип жөнөдү. Киши бизди бийиктен, келекелеп, кемсинтип тиктегенсийт. Тез эле жалпак үйдүн чоң короосуна келип токтодук. Мартабалуу киши атама түз эле буйрук этти.

– Бүгүн ылай ачытасың... Тигине кетмен! Тигине саман...

Атам чоң түп өрүктүн түбүнө жаман күрмөсүн чечип мени отургузуп, өзү шымын тизесине дейре түрүп ишке кирди. Бакасы эми гана көтөрүлө баштаган үйдүн жанында атам кечке иштеди. Кечинде кожоюндун аялы атам экөөбүзгө эки кесе шорво, эки сындырым нан жана бир кесим эт алып келип берди. Бу атамдын кечке ылай кечип иштеген эмгек акысы экен. Ал күнү кожоюндун короосунда түнөп калдык.

Эртеси мен турам деп эле такыр туралбайм. Тизем титиреп, бутум чалыштап эле кадам шилтей албай отуруп калам. Атам чочуп кетти.

– Ой, сага эмне болду?

Көрсө көптөн бери кадыресе адамдай ысык тамак ичпей, аябай көк шилти жүргөнүмө жаш козунун ысык шорвосу муунума түшүп кеткен имиш. Кожоюндун аялы дагы бир кесе жылытма шорво апкелди эле, ичээрим менен эле чуркап кеттим.

Мына ушинтип ар кимге мандикер жүрүп, эптеп карынды тойгузуп, ар жерде конуп-түнөп жашап жүрө бергидейбиз, бирок бир күнү атамдын бырыш чекеси ого бетер бырышып, жылдызы түшүп:

– Э, Гапарали, бу да болбогур оокат экен, - деди. – Тагаларыма барып, туруктуу түтүн булатпасак болбойт окшойт. Күнүмдүк тамагын ит дагы табат...

Ошонун эртеси эле атамдын тагалары жашаган Жоро кыштагына жөнөп кеттик. Кайрадан үстүбүздө кара булут, алдыбызда такыр талаа, узак жол. Бул ирет куржундун көзүндө эмес, атама караан, атама дем болуп жанында дикилдеп келем. Мындан бир ай мурун, баягы Төлөйкөндөн чыккан күнү жетим козудай сенделип, арыктыгымдан кабыргаларым көрүнүп, басалбай куржундун бир көзүндө, атамдын ийининде келсем, азыр андай эмес, өз бутум менен дымактуу келем. А атам баягысындай эле шалы бош, шылкыйыңкы. Элиргенден эмес, көңүлү эзилгенденби, ээн жолдо адатынча кайрадан көмөкөй толгоп үн салат.

...Бирөөгө кең ээ бирөвгө-а,
Тар экенсиң-ов, замана-а.
Бирөвгө жок ээ бирөвгө-а,
Бар экенсиң-ов, заман-а.

– Э, Гапа!

– Име?

– Бас, жете бас!

...Бирөвгө жок ээ бирөвгө-а,
Бар экенсиң-ов, заман-а.

– Ата!

– А!

– Өткөндө мен ылайдан ат жасадым, көрдүңбү?

– Көрдүм.

– Окшошобу?

– Окшошмок турсун, тим эле кишенеп ийчүдөй болуп турган.

– Чоңойгондо чо-оң ат жасайм, анан сен минтип жөө жүрбөй минип аласың.

– Ниетиңден сенин, ниетиңден...

– Ата, кардым...

– Азыр, уулум... «Эшендер мааласи» деген кыштак бар ошерден...

«Эшендер мааласи» кыштагы Оштой эмес экен. Күнүмдүк карын тойгузмакка иш табылбады. Ачка-быз. Эрте жаз эле. Тыт эрте бышат. Оозубуздан кара шилекейди келтиргенине карабай, тыт жедик. Күн кеч кирип кетти. Атам мени зор тыттын түбүнө отургузуп коюп, кайдан-жайдан картөшкө алып

келди. Чамасы уурдап келген го. Атам алтын таап келгенсип мулуңдап:

– Картөшкө бышырып, бир карынды тойгузалы, - деди.

Караңгыда жаш картөшкөнү көсөлөп жеп, тыттын түбүндө, ачык асман алдында калдык. Төбөдө жылдыздар шыгырайт. Жылдыздар, жылдыздар!.. Аларды көргөндө негедир ышкым козголот, көңүлүм ачылат. Эмне үчүн жылдыздар түнү гана көрүнүп, күндүзү көрүнбөйт? Атамдан сурасам:

– Э, Гапар, булар да мага окшоп күндүзү иштейт, ошон үчүн көрүнбөйт, - деди, – Иштеген киши күндүзү көрүнбөйт...

Эртеси чоң түп тыт менен коштошуп, андан ары жол алдык. Узап баратканыбызда:

– Кийин чоңоюп, ары-бери өткөнүндө ушул тытка ийилип, салам айта жүр, - деди атам.

– Име үчүн?

– Бизди бир түнөттү. Жаман-жакшыдан сактады. Дегеле биздин элде «Бир түнөгөн жериңе, миң ирет салам айта жүр дейт» – деди...

Кечке маал Жоро кыштагына жете келдик. Жолдо келатканда атам «Эрмат үкөм тагаларын кармалап ушу жерде жашайт, ошонукуна барабыз» деген эле. Ошонукуна келдик. Үйлөнүп, а да бала-чакалуу, ошердеги эле бир байга мандикер жүрөт экен. Кой союп тосуп албаса да, бизди жайдары каршы алды. Анын да атамкына окшоп шалпы бош, көздөрү муңдуу...

Ошентип, атамдын тагалары бирөө таштап кеткен, чалдыбары чыккан жаман тамын сурап берди, биз

ошондо туруп калдык. А атам күнүнө айыл кыдырып, иш таппай келет. Жегенибиз тыт, картөшкө, кайнатылган суу. Бир күн атам:

– Гапарбай, сен аябай семирип кеттиң, - деди мени таңдана карай сүйүнүп.

Мен да атамды кубана карап:

– Сен да, ата, аябай семирип кеттиң, - дедим.

Көрсө, семирбей эле экөөбүздүн тең суугубуз артып, шишип кетипбиз.

Ошо жылы элди кайрадан ачарчылык басты, эптеп-септеп жан багып, тирүүбүз деп бу дүйнөгө көз көрсөтүп жүргөн бизди ачарчылык ого бетер алсыратты. Элдин жилкини сууп, чекеси курушуп, төгөрөктөн ырдап-чоордогон шатыра-шатман үн угулбайт, көрүнбөйт. Жымжырт. Тегерек кандай түнөрсө, бизге окшогон жарды-жалчылардын өңү да так ошондой. Эл-жерден куулган биз бу кумсарган куу турмушка айласыз көндүк, көнбөскө айла да жок эле, анткени, атамдын жан тартып бара турган башка туугандары жок болучу.

Атам бир күнү, бир жерден эптеп мандикерлик иш тапты, үйгө сүйүнүп келди, атамдын шоруна жазылганбы бу дүйнө, ал сүйүнүп келген күнү мен ооруп калдым. Сарык менен эки ай жатып айыктым. Мүлжүйгөн коңшу молдонун айтуусунда, оорудан ачкачылыктан айыгыпмын.

Көп узабай атам ошерден биртке жер алды. Эл катарына кошулганына мулуңдай сүйүнүп, кетменин ийнине илип, эртелеп жерине кетет. А мен атама

жеңилдик кылайын деп, кардым ачканын билгизбей, өтө эле өзөөрүп баратканымда байлардын тоогунун жумурткасын уурдап келем. Аны жеңем (Эрматтын аялы) мага бышырып берип, кабыгын жерге көмүп коет. Кичине кардым тойсо эле оюнга алаксыйм. Жергиликтүү балдарга кошулбайм. Өзүм менен өзүм болуп, жетим сыяктуу жалгыз ойнойм. Сүрөттүү шапалактай жомок китепти көрүп калган элем, ошондон уламбы жерге, дубалдын бооруна, а түгүл очоктун боюна сүрөт тартам, сүрөт тартпасам, колум кычышып турат. Атам карап туруп:

– Э-э, уулум, ушул да өнөрбү?.. Андан көрө эмитен кетмен чаап, орок орушту үйрөн, - дейт.

А күндөр болсо өтө берди. Күн менен түн, түн менен күн алмашып, кээде нөшөрлөп, а кээде күнү бою себелеп жадатма ак жаан жаайт. Ошондо, ансыз эле көңүлү чөгөт болуп жүргөн атамдын көңүлү ого бетер чөгө түшөбү, айрыкча жатаар алдында жаман очоктун боюнда отуруп, бу түбү тешик дүйнө, өмүр жөнүндө көмөкөйү түтөп өктөө айтат. «Ыраматылык апаң» деп, аны эскерип, бүткүл жаштыгы, бүткүл өмүрү аны менен биротоло жер алдына кеткенсип, эми андай өмүр ага экинчи келбес сыяктуу муңканып, кусалуу сүйлөйт. Мен али бала, акылым чала да, апамды акырындап унута баштадым окшойт, а атам антелбады, тескерисинче, барган сайын кайрадан көбүрөөк эстей баштады.

Көп узабай атам экөөбүз бир учурда безгек оорусуна чалдыктык. Кечке маал эле калтырап-титирей

баштачубуз. Ушундан улам кечкиге тезек, отун даярдап, ошол убак-саатты күтүп турчубуз. Бир кызыгы оору биз күткөн учурда башталчу. Кудайдын бизде өчү бардай, бир кырсыктан кутулсак, экинчисин даярдап тургандай сезилчү, бирок айла жок чыдайт экенсиң, чыдабай өлүп кала албайт экенсиң. Акыры безгекти да жеңдик. Мен ансыз эле аябай арык, түктүү сары бала элем, бу оорудан кийин, ичим чердейип, көздөрүм муңдуу алайып, ого бетер арыктай түштүм. Оорукчалдыгыбызды жана жардылыгыбызды атам ар кимге эле айта берчү эмес.

Ошо жылы күзгө маал бир эшектүү болдук. Атам эшегин токуп ишке баратканда, мен биякта туруп, кудай анын алдына тобурчак ат тарткандай эле сүйүнүп карачумун. Атам мени жалгыз зерикпесин дедиби, бир күнү мага кичинекей кара күчүк алып келип:

– Уулум, чарчаганыңда мынабул күчүктү кучактап жатып жүрсөң үшүбөйсүң, - деди.

– Чын эле күчүк менен жатып жүрдүм. Жүнү кундуздукундай кара болгондуктан атын Кундуз коюп алдык. Ошентип, эрмегим да, жолдошум да, жылуу төшөгүм да Кундуз болуп калды. Мурун үтүрөйгөн жаман там ичинде, айрыкча кечинде атам экөөбүз очок боюнда сүзүшүп, жымжырт отуруп калсак, эми короодо эшек аңкылдап, бурч-бурчта күчүк борсулдап, биздин үй, биздин жашоо көңүлдүү боло түшкөнсүдү, шаңдуу боло түшкөнсүдү. Айрыкча Кундуз экөөбүз өтө жакын болуп кеттик. Экөөбүз

тең чуркаганды, сырая сулап, күнгө кактанганды, борсулдап үргөндү жана күлгөндү жакшы көрөбүз. Мага караганда күчүгүм оюнсаак, эрке, а мен андай эмесмин. Ал борсулдап үрсө, мен борсулдап күлө албайм...

Барган сайын атамды аячу болдум. Керели кечке жан үрөп иштеп, бир күндүк, көп эле болсо эки күндүк тамагыбызды араң таап келет. Ошон үчүн, балалыкты коюп, белди бекем бууп, атама жардамдашууну чечтим. Сопу деген айылда Кушкана деген жер бар эле. Ал жерде мал союлчу. Мал союлган жерде карга-кузгун көп болгондуктан аер «Кушкана» аталып кетиптир. Бир күнү колума чака алып, ошо жерге бардым. Дангенеге союлган малдын канын иттер менен талашып чакага куюп атсам, жеңин билегине чейин түргөн сокубаш киши:

– Эй, бала, кимдин уулусуң? – деди.

– Айтинин...

– А-а... Тиги томаяк Айтининби?

– Томаяк эмеспиз.

– Томаяк болбосоңор иттер менен кан талашпайт элең да!

– Канды мен күчүгүмө берем!

Ал бу сөзүмө ишенди. Мен апкелген канга атам кечинде, чөп кошуп кууруп, экөөбүз аябай тамшанып жедик. Атам жетине албай, далымдан таптап:

– Адам болот деген эле ушу, - деди.

Ушундан кийин кушканага тез-тез барып жүрдүм, күчүк да, өзүбүз да тоюнуп, атамдын тапканын

биртке болсо да үнөмдөчү болдук, бирок атам жарды болгон менен аябай намыскөй эле. Бир күнү:

– Кой, уулум... Кушканага барып, экинчи иттер менен кан талашпа, - деди.

Жоро айылында шалы айдала турган. Кушканага жолум жабылган соң, ошерге мандикер болуп иштей баштадым. Балдар менен күнүнө шалы отоп, өзүмдү өзүм бага баштадым. Шалы сууга өсөт. Кечке сууда жүрөм. Шалы ичи – сүлүк, бака. Сүлүк ач кенедей жабышат. Кээде каратып туруп эле биртке канымды сүлүккө сордуруп ийем. Кайрадан суугум ашып, жүдөп кеттим. Анын үстүнө айылдык балдар мени жатсынтат. Буту-башы тартайган, оозу калбыгый кара бала биринчи күндөн эле мени бийлеп алды.

– Эй, сары быштак, тигини алып бер мага!

Теңелбейм. Сураганын унчукпай алып берем. Мен анткен сайын ыраазы болбой, кайра басмырлап, ого бетер кул катары жумшап алды. Бир ирет ылай колдорун жогору көтөрүп, куйругунан шыпырылайын деп калган жаман ыштанын мага көзү менен көрсөтүп:

– Эй, сары музоо, ыштанымды жогору көтөрүп, ычкырымды байлап берчи! – деди.

Бул ирет буйругун укпадым. Укпамыш болуп шалыны отой бердим.

– Эй, быштак!

– Имне?

– Атаңдын чокусу! Байлап бер деп атам!

– Өзүң байлап ал...

– Опе-е-ей! Бу быштак көөп калган го! Ө-ай!

– Имне?

– Бол деп атам!

– Болбойм...

– Анда өлдүм дей бер!

Жүрөгүм чын эле өлүп калган экен, дароо качып жөнөдүм. Шалы аңызынын четине чыга бергенде, тигил артымдан жете келип, шыйрактан шак алып жыкты, басып алып тизелеп, муунта баштады. Ушул учурда мени кара тутуп, ошол оро-парада сырактап жүргөн Кундуз чуркап келип, аны так куйруктан тиштеп, ырылдай басып жыгылды. Тиги бакырып, дароо үстүмөн оонап түштү. Шалы аңызындагы балдар бизди көздөй чуркады. Кундуз экөөбүз үйгө качып баса бердик. Ала көлөкө түшүп, кеч кирип бараткан экен. Атам үйдө экен.

– Имне болду? – деп мени шектүү тиктей калды.

– Ич нерсе...

Аңгыча калбык ооздун энеси чарылдай жулунуп короого кирип келди.

– Э, неме! Айти белең, кокуй! Балаң менен куруп кал! Итиң менен куруп кал, кокуй!

– О, кыйкырбаңызчы... Имне болду?

– Имне болсун!.. Баламдын куйругун итиң буякка эле жулуп үзүп алыптыр, кокуй!

Аялына удаа, калбык ооздун атасы жетип келди. Колунда мылтык. Мылтыгын шарак-шурак октоп, Кундузга бурулуп, жанында турган мени:

– Кач ары! – деди.

Чырылдай барып, мылтыгына асылдым.

– Акебай, атпаңыз!.. Акебай, ата көрбөңүз! Балаңыз мага өзү тийишти, акебай!

– Ка-ач ары!

Карай салсам, көзүндө каар менен жалын. Атам жаныбызга жетип келди.

– Кой эми, үкө! Бир ачууңду мага бер, үкө. Бала деген бала... Ит деген ит, эми ушу балдар менен итке теңелелиби. Тиштесе айыгат...

Тигил мылтыгы менен сес бере атама кыжынды.

– Тур ары! Тентиген ит!..

Бул учурда Кундузду мен үйгө алып кирип кеттим. Короого көп кишилер чогулуп, бир топко дейре бака-шака түшүп атып, бир маалда араң тарашты. Атам аябай жылдызы түшүп, үйгө кирди. «Тентиген ит» деген сөз оңойбу? Бул сөз атама эле эмес, мага да аябай катуу тийди.

– Сен да оңой эмессиң! – деди мага кыжынып.

– Өзү тийишти. Мен тийишкен жокмун.

– Тийишпегениң менен кежирсиң!.. Мен билем го. Ыраматылык апаңда да, менде да жок эле кежирлик, а сен кежирсиң!

– Айттым го, өзү тийишти деп...

– Кежир кишиге адамдар өзү тийишет. Бирөөнүн эли, бирөөнүн жери, байла десе ычкырын байлап эле койбойсуңбу!

Эриндеримди тиштене солуктап:

– Байлабайм! – дедим.

Атам түтөй түшүп, жаман бостекке сулады. Анан бир аздан кийин саал жоошуп:

– Айтты дээрсиң... аман жүрсөң бу кежирлигиң өз башыңа көп ирет тийет, - деди.

Эмнегедир ушул учурда апам эсиме түшүп, ушундан улам буулуга бурулдап ыйлап ийдим. Баягыда Төлөйкөндөгү төөнүн этинен улам болгон чатакта да атам мени ушинтип «кежир» атаган эле. Ошо чатактан улам Төлөйкөндөн кеттик эле. Эми буерде да менден улам чатак, эми буерден кетип, кайда барабыз? Ушуну ойлоп ыйладым. Бирок ата деген ата да. Мени аяды. Жаман күпөйкөсүн жаба далымдан таптап:

– Кой эми, Гапа... – деди. – Уктай кой... Имне кылабыз... тагдырыбыз ушу экен...

Атамдын колтугунда мемиреп барам. Сырттан Кундуздун борсулдаган үнү угулат. Ал бизди аяп, бизди түшүнүп, бизди жамандыктан сактап, жан-алы калбай жаман үйдү тегерене үрүп, сырактап жүргөнсүйт. Анын үнү мага эш болуп, дем берип, ушундан улам көңүлүм тынчып, мемиреп барам. Аны аттырбай бей күнөө ажалдан алып калганыма өзүмчө аябай сүйүнөм...

Бирок, бу сүйүнчүм көпкө узабады. Бир жума өтпөй Кундуз кыңшылай кыйналып, короодо сулк жатты. Атам ага аябай кейий эңкейип:

– Мал болбойт эми... – деди.

Мал болбойт дегени эмнеси? Мен деле сарыктан, безгектен ооруп айыкпадымбы! Кундуз деле ошентип айыгат. Ооба, айыгат. Айыгат, айыгат! Ооба, айыгат!

– Мал болбойт дегениң имне ыя, ата?

– Тиги акмактар нанга ийне кошуп жедирип коюптур.

– Эми имне болот?

– Өлөт...

– Имне-е?

Атам, ошондой дегендей айтканын бул ирет үнсүз ырастап, эшегин салбырай минип, кайдадыр жөнөп кетти.

Өлөбү? Мен чакчая сенейип, Кундуздун жанында каттым да калдым. Мен аны, ал мени тиктейт, жалдырайт.

– Кундуз...

Ал алсыз кыңшылап, алдыңкы бутун мага бермек болду, бирок бере албады, алы келбеди. Же бир кулагы шалпайып, үнү чыкпай дым болуп калды.

– Кунду-у-уз!..

Бутунан тарткыласам, эми эле тирүү жаткан ал өлүп калыптыр, бирок көздөрү ачык, а ачык көздөрүндө мөлтүр жаш...

– Ата-а-аа!..

Оозума эмнегедир ушул сөз кириптир. Атам жок эле үйдө. Бир ордумда туралбай, денем туйлап, буулугуп кеттим. Кайдадыр чуркап жөнөдүм. Бу дүйнөдө азырынча мага жакын, мени менен борсулдап ойноп, бирге чуркап, көк чөпкө бирге сырая сулаган жакын жолдошум жалгыз гана ушу Кундуз эмес беле? Эми ал жок! Жок, жок, жо-ок эми!

Кайдадыр чуркап баратам. Кайда баратам, кимге баратам, билбейм. Көкүрөгүмдө муң, көзүмдө жаш...

III

Кундуз өлгөндөн кийин эч кимге кошулбай ого бетер жалгыздай түштүм, жетим сыяктуу жалгыз басып, жалгыз ойноп, жалдырама тийгенсип жалдырай түштүм. Мунум атама анча жага бербей арданып, нары өзүнчө өксүйт окшойт.

– Э, Гапарали, имниде ууру күчүктөй ич кимге кошулбайсың?

Унчукпайм, элден, топтон четтеп, жалгыз-жарым жүргөндү ким эле жактырсын? Атам туура айтат, бирок кимге кошулам, кимге ыктайм? Кошулайын эле дейм, бирок табитим тартпайт. Эч тартпайт. Эмне үчүн? Алар мени кемсинтпейин дешсе да, көз тиктеши кемсинтет, жатсынтат. А өзүмчө жүрсөм, өзүмө өзүм биймин, эркинмин. Кедеймин, бирок эркинмин.

– «Бөлүнгөндү бөрү жейт», Гапа.

Көшөрүп унчукпайм. Э, жей берсин» дилимде ушундай өжөр ой кылт эте калат. Чынын айтсам адамдарга караганда Кундузда адамгерчилик көбүрөөк сыяктанат. Ит болсо да ал мени түшүнчү, көңүлүмдү көтөрчү. Ал борсулдап үрүп, мен борсулдап күлчүмүн. А адамдарчы? Алардын көпчүлүгү кичине эле карды тойсо, жанындагы карды ачты кор тиктей баштагансыйт. Кичине эле амалы көтөрүлө түшсө, жанындагы амалы жокту, же амалы пасты үстөмөндөй, кагып-силкип, буюруп жумшай баштагансыйт. Ушундан уламбы, адамдарды канчалык жакшы түшүнө баштаган сайын, иттерди ошончолук жакшы көрө баштадым.

Ушу жылы онду артка тоголотуп, он бирге чыктым. Тез эле чоңоюп, оюмда ойду омкорчудай болом, бирок мезгил жылбайт, бир жыл бир кылым, кээде күн кеч кирбейт, азыр ойлосом бала кезде, айрыкча кардың ач кезде, бу өмүрдүн ыраат-жыргалы сезилбей, мезгил жылбай туруп алат окшобойбу.

Турмушубуз бир аз жакшы болуп калды. Эки эчки, бир эшек. Эшек эшикте аңкылдап, эчкилер короодо маарап турса жарпым ачык. Элдей алдыбызга салынып, үстүбүзгө жамынар төшөгүбүз бар. Мурун үйгө балабакыра ээрчитип келүүдөн айынчумун. Көрсө ошол алыма карабай намыскөй экем. Бу жер жүзүндө жер биттей билинбей жүрүп, мен да өзүмчө дүйнө окшойм, мен да көп нерселер жөнүндө ой жиберет окшойм.

Жайында төбөсү ачык короого жатабыз. Атам дароо эле корулдап уктап кетет, а мен көктү тиктеп, көпкө жатам. Мен го жылдыздарды көрүп турам, а жылдыздар мени көрө алат болду бекен? Асман көмкөрүлгөн казан, мына ошол көк казандын боорунда жылдыздарды кудай кыдырата бир кылка кадап коет көрүнөт? А кудай өзү каерде болду экен? Каерде жашап, кандай болду экен? Атабай байдай нары демдүү, нары сүрдүү го? Атам кызык ушу... Атабайды да, кудайды да патыратып сөгөт. Балким, мына ошол үчүн эч нерсеге жетинбей, кедейдирбиз?.. Атабайды сөксө сөксүн, бирок Кудайды сөкпөй эле койбойбу!

Айтмакчы, атам бир ирет иштен мас болуп келди. Колун алалдаткан баладай талтаңдап, араң эле басып келди. Оозунан бозо буркурайт:

– Э, Гапа, сага апа таап берейинби?

Башымды ийкеген болом, бирок атамдын аял алуусун каалабайм. Аял алса, анысы менен болуп, мени унутат, биротоло жетим ошондо болом. Атам чалкасынан сулап, жаман сары мурутун сылап койду, көздөрү тереңинде жылт этип, көңүлдүү, анан минтип ырдап коё берди.

...Кашың кара аа камыштан а,
Кыягындай ов сулувум а.
Көргөн адам аа даг болгон а,
Көзинаңдан ов сулувум а.

– Гапа!

– И?

– Чын эле апалуу кылайынбы?

– Баягы бакшыныбы?

Атам таркылдай күлдү.

– Ошону эмгиче унуталексиңби?

– Жакшы болчу ол...

– Сага жакшы болчу ол, а мага...

Атам узакка унчукпай калды, анан кайрадан үн салды.

...Чилги бышкан аа жүзүмдөй а,
Мөлтүрөйсүң ов, сулувум а.
Чидериңе аа зар кылып а,
Өлтүрдүң –ов, а сулувум а.

Атам катынсырап калса керек, ушуну утуру кайталап атып, анан бир кезде гыр дей түшүп, ошо бойдон уктап кетти. Күндүзү жаман үйдүн бир бурчунда

уктап алганга адаттагыдай эле атамдын күтүрөгөн коңуругун угуп көпкө жатам. Амааки иниси айткандай атама ушу «чачтуу эшен керек» болуп калган го? Бир ирет «Гапарали болбосо, казан асып, катын болбой эбак үйлөнүп алат болчумун» дегенин укканмын. Чачтуу эшен жөнүндө атам кээде сөз кылганы менен, бирок үйлөнбөдү, борбуюмду көтөрүп, үйдөн кеткенче өгөйгө жалдыратпады.

Жоро айылында жашаганыбызга төртүнчү жыл кетти. Күндөрдүн бир күнү Төлөйкөндөгү Атабай бай өлүптүр деп уктук. Ошонун эртеси эле атам эшегин эртелеп токуп, ишке барбай койду.

– Кой, Гапа... Төлөйкөнгө кайра кеттик! Өлсөк да, өзөрсөк да өз эл, өз жерибизде өлөлү, өзөрөлү...

Сүйүнүп кеттим. Айрыкча, Кундуз өлгөндөн кийин буер көңүлүмө көк таштай тийип, туулган жериме кусалана баштадым. Буерде мен көрбөгөн кокой, мен кийбеген чокой жок. Буерден кетсем эмнени эскерем? Иттер менен кан талашкан, же шалыда суу кечип жүрүп, канымды сүлүктөргө сордуруп ийген күндөрүмдүбү? Баарынан да борсулдап күлсөм, борсулдап үргөн Кундуз мага болушканы үчүн ийне жутуп өлгөнүн, атамдын тентиген ит аталышын эскеребиз? Э-э, десе! Адамдар кандай таш боор!

Ошентип, жолго чыктык. Эки эчкибизди жетелеп, эптеп-септеп жыйнаган биртке дүйнөбүздү артынып, кыдыңдап жорткон эшекти кыдыя айдап жолдо келем. Бутумдун баш бармагы менен чаң жолдо кээде сүрөт тартып келем. Төлөйкөнгө түн ичинде келдик,

атайын ошенттик. Сүргүндөн келгенсип, атам көңүлдүү, атамды көрүп мен көңүлдүү. Журт жылуу тосуп алды. Мурун атам буерден куулуп кеткени менен, бирок куулгандай болбой буерге келгенде көңүлү ачылып, өзүн жакшы сезе баштады. Тэ алыстагы ак паша кулап, а буерде Атабай бай өлгөнгө, айрыкча кедей-кембагалдар бурч-бурчта баш көтөрүп, ар күнү, ар кандай сөз. Айылда Имангазы деген тамашакөй комузчу бар. Жанынан адам үзүлбөйт.

– Э, Имангазы, дүйнөдө имне геп-сөз бар?

– Имне геп болсун... Микелей патша тактан кулап, кедейден Иленин деген хан чыгыптыр дейт.

– Ону билебиз дечи...

– Билсең имне сурайсың, ондо.

– Кай жерлик экен? Ошону билбей атабыз. Бирөө моңгол десе, экинчи бирөө мынабул эле биздин тянь-шандык кыргыз имиш дешет.

– Кайдагы Тянь-Шань!.. Орусиялык дейт... Төрөлгөндө эле «Кедейлерим, кыргыздарым» деп кыргызды оозанып төрөлүптүр дейт. Кыргызга окшош дейт. Ошон үчүн жети атасын сүрүштүрө келгенде, түбү келип эле, ушу биздин төлөйкөндүк дейт.

– Болсун, болсун...

– Кыргыздай эле чарчы бойлуу, көзү бүтүк, бирок башы өтө чоң, маңдайы кашка, жүзүнөн шамы төгүлгөн ажарлуу киши дейт. Башы бүт эле акылга толо имиш. Кыргызымды бир дүйнөгө дүңк эткирейин деп, күнү-түнү кантүрүндө бүк түшүп иштеп атат имиш дейт.

– Болсун, болсун... Ылайым эле тилегине жетсин.

– Онун Боронбай деген пикирлеш жакын жолдошу бар дейт. Ол тиги... Жети-Суулук дейт. Ол дагы Иленинге окшоп төрөлгөндө эле, «о, кедейим!» деп төрөлгөн дейт. Ошо «кедейим» деген үчүн эле, Иленинге окшоп Микелей патшадан көп кордук жеген дейт. Ол да биздин Токтогулга окшоп, Шиберге айдалып, оерден качып, Боронбай экенимди ошо кысталак Микелей патша билип албасын деп, атын Боронзо кылып өзгөртүп алган дейт. Ошо Боронзону Иленин буяка жөнөтүп атканда «Менин Төлөйкөнүмө сөзсүз бара келгин» деп айтыптыр дейт. Жакында келет дейт. Азыр Боронзо Мадаминбек менен жолугуп «Мойдун кал менен Шермат көрүңдү тый. Баары бир кедей жеңет, эл жөн эле биринин канын бири төгө бербесин» деп иш менен алек болуп, Төлөйкөнгө жете албай жүрөт имиш дейт.

– Бу да Илениндеп калышпайт экен го?

– Атпесе, Иленин ону дос кылабы?

Мурунку үңкүйгөн жер көз батрак, азыр ушинтип сүйлөп калган. Айыл ичи бака-шака. Байлар үйүндө үңкүйүп, кедейлер көчөгө чыккан кез. Ушундай күндөрдүн биринде жаңы, жарашыктуу кийинген мен курдуу эки-үч бала пайда болду айылга.

– Ата, булар кимдер?

– Ушерлик эле балдар... Ошто жетимкана ачылыптыр, ошерде окушат дейт.

Алардан көзүмдү албайм. Кийимдерине өздөрү, өздөрүнө кийимдери куп жарашып, өңдөрү көөмүш

уйдун музоосундай монтоюп, ток пейил. Кечинде атамды этектен алдым.

– Ата!

– Ии?

– Мен да ошерге барам...

– Каерге?

– Ошко... Окуйм...

Атам таң калды.

– Өй, атаң тирүү туруп, анан кантип жетимканага барасың?

– Апасы өлгөн эмне, жетим эмеспи?

– Апаң өлсө, мен тирүүмүн го!

– Барам эле... Эгер эле жибербесең, баары бир качып кетем.

Атам этек учасын күүй ары басты.

– Мына, мына... Борбуюн көтөрдү дегиче, булардын айтары ушу.

А менин көңүлүм ээлигет. Алыска учкум келет, алыска кетким келет, үңкүйгөн жарды айылдан безип, кайдадыр кетким келет. Ошояк гана кайгымды басып, кусамды жазып, көңүлүмдү ашчудай. А атам...

А атам канчалык намыс көрүп, мени жанынан чыгаргысы келбеген менен, бирок тиги окуп жүргөн балдардын кийимин, жүргөн-турганын көрүп, сөзүн угуп, мени да ошоякка жиберүүгө аргасыз болду, муюду, ынанды. Бир күнү этегин күбүнө, шапалак кагып?

– Майлиң, Гапа, майлиң... Окуп алсаң, мүмкүн, мага окшоп чор таман болбой, мударис болорсуң... Бактыңа жолтоо болбоюн, майлиң...

Уядан жаңы эле учуп чыккан сары ооз балапанды көрдүңүз беле? Учканы, конгону, басканы канчалык комсоо болгону менен, бирок көктө эркин шуңгуганда карегине аалам батчудай болуп, зор кеңдикке, зор ынтаа менен дирилдей бет алат. Оштогу Нариман атындагы жетимдер үйүндө окуй баштаганымда мен өзүмдү дал ошол алгачкы канат сермеген сары ооз балапандай сездим. Таза кийим, таза шейшеп, үч маал тамак. Мурун турмуштан аябай кор болуп, анын муң-зары көзүмдөн көрүнүп турса, азыр турмуш ушунчалык ырааттуу, ушунчалык кызыктуу сезилип, кексе кишидей мостойбой, пейилиме баланын мүнөзү кирип, кээде жылмайып, а кээде борсулдап күлө баштачу болдум. Жетимкананын директору Алай Сатыбалдиев төбөмдөн сылап:

– И, сарым, гандай? Одго гире[1] баштадыңбы? – дейт.

Анын атадай мамилеси нары жага берсе, мени таңдантат. Бекер тамак, бекер кийим бергени аз келгенсип, бу атам тааныбаган бейтааныш киши төбөмдөн сылаганы неси? Баягы Жоро айылында минтип бекер ичип, бекер киймек түгүл шалыда канымды сүлүккө сордуруп иштесем да төбөмдөн сыламак түгүл, тескерисинче, чоңу болсун, кичинеси болсун төбөлөп кемсинтишчү эле го, нокетексиң дешчү эле го? Бир күнү директор агайдын кичине кабинетине

---

[1]. *«Отко кире»* баштадыңбы дегени.

кирсем, Лениндин чарчаңкы сүрөтү дал маңдайымда илинип туруптур. Ошондо айылыбыздагы Имангазы комузчунун «Илениндин теги ушу биздин эле Төлөйкөндөн имиш» деген сөзү эсиме түштү. Ленин мен жөнүндө «Төйлөйкөндүк жетимге жакшылап көз сала жүр» деп директор агайга айтып койгон окшойт деп ойлодум.

Э-эх, ошол күндөр!.. Азыр ойлосом адамдар канжаны менен жаңы турмушка, жаңы ой-санаа менен багыт алган кез экен. Тарбиячылар ар кыл улуттан болгону менен, бири-биринин дилин каш-кабагынан эле түшүнө алышкан экен. Өзү ичпей, өзү кийбей бирөөгө берчү экен. Анткени, революциянын деми – жакшылыктын тили, жакшылыктын дили болуп турган экен, бирок тарбиячылардын, окутуучулардын арасында жаңы заманга каршы адамдар да жок эмес болчу. Элдин сабатсыздыгынан, караңгылыгынан улутчул ички душмандар өзүнүн саясатын жүргүзүп, а түгүл тиги Түркиядан келип, кол өнөрүнөн сабак берген түрк мугалим бизди көчөдө туруп алып:

Яша, көп яша,
Яшасын Смед паша!
Яша, көп яша,
Яшасын Камал паша, ура!

- деп бизге айттырчу. Бизге бекер нанды Ленин эмес, кайдагы бир Камал паша берип аткансып, биздин жетимдер үйүнүн тарбиячы, окутуучулары да түшүнбөй, бизди кубаттап, кол чаап турушчу. Азыр ойлосом, ошол кезде бизди окутуп, бизди

тарбиялагандардын ичинде ишенимсиз, котур ташын колтугуна каткан душмандар да болгон экен.

Ошентип күндөр өтө берди. Кээде, бош убактым болгондо, өзүм жалгыз Ак-Буура дарыясынын жээгине барууну жакшы көрчүмүн. Ак-Буура кээде кирген буурадай күпүлдөп, а кээде арып-торуган ингендей шылдырап акчу. Айрыкча, кирген учурунда көп келчүмүн, анткени шылдырап эмес, күпүлдөп акканы мага жакчу. Тигине, атам экөөбүз Ошко иш издеп алгачкы жолу келип, чай ичкен чайкана. Дарыянын дал жээгинде. Ал кезде көп нерсеге баамым жетпеген али ымыркай болсом, азыр кыйла жетиле түшкөнсүйм. Өткөн өмүрүм эсиме түшүп, ойлоп-ойлоп отуруп, оюн-шоок менен өткөн бир да күнүмдү эстей албадым. Кедейлик менен кемсинүү атамы эле эмес, менин да кендиримди кесип, жер көз кылып, чүнчүтүп койсо керек. Ак-Бууранын жээгинде, тогуз толгоно күкүктөнүп аккан толкундарын тиктеп туруп, ошо атам экөөбүз кечирген, өткөн күндөрдү ичимден зыркырап кайра-кайра көз алдыма алам. Атамды ойлоп, ага боор ооруйм, аны аяйм. Кантип жашап атты экен? Кантип жүрөт болду экен? Атам комуз чертип, жакшы ырдачу, бирок өмүрүмдө эч качан анын шартылдата комуз чертип, жаркылдай ырдаганын көрбөдүм. Кээде гана алыс жолго чыкканда эриккенден, же көңүлү эзилгенденби үзүл-кезил ырдачу, муңдуу ырдачу, көмөкөйүнөн түтөп ырдачу. Көрсө чөнтөгүндө пулу, алдында аты бар, карды ток, кайгысы жок киши гана шартылдата комуз чертип, жаркылдай төгүлүп ырдайт тура.

Бир ай өтпөй, менден кабар алганы келди атам. Бутунда баягы эле жаман чарыгы, үстүндө баягы эле жаман көйнөгү, бирок кебете-кепшири оңоло түшкөн, жүзүнө жылмаюу кирип, көздөрү оттоно түшкөн.

– Кандай, Гапа... мени, айылды сагындыңбы?

– Сени сагындым...

– Айылдычы?

«Шык» этип баш чайкадым.

Атам мени аябай кусаланып, сагынып-саргарып, а түгүл ыйлап жүрөт го деп ойлосо керек, а мен ыйламак түгүл, сагынып-саргармак түгүл, кайра буерде жыргап жашап атканымды көрүп, өзүнчө тынып, унчукпай кетип калды.

Ошентип, он эки жашымда биринчи ирет мектеп астанасын аттадым, тамга тааныдым, биринчи ирет китептен жан дүйнөмө азык ала баштадым. Колума эмне тийсе ылгабай башыма жазданып, кажалып окуй баштадым. Мурун сөөмөйүм, же көсөө менен көрүнгөн жерге сүрөт чийсем, азыр колума кагаз-калем тийгенге, ак баракка, ак боз аттын тизгини колума тийгенсип, жатсам-турсам ак баракка сүрөт салам. Айрыкча окуй баштагандан кийин сүрөт тартууга болгон ынтаам аябай күчөдү, жомоктогу сүрөттөр ого бетер шыктандырды. А түстүү калем колума тийгенде, жансызга жан киргизчүдөй менде мандем пайда болду. Сабак учурунда жашырынып сүрөт тарта коем. Тарбиячым бор менен үстөлүн ургулап эскертет.

– Айти углу Гапар... сабак учурунда сүрөт тартканыңды дагы бир ирет көрсөм...

Сүрөтүмдү беките салам. Эмне үчүн тыюу салат? Сүрөт тартпай туралбасымды, колум кычышып, көңүлүм буюгуп кетерин эмнеге түшүнүшпөйт? Эмнеге сүрөткө анча маани беришпейт? Мугалимдер бу өнөрүмө анча маани беришпегени менен балдар арасында сүрөтчү аталып кеттим. Ушундан кийин балдар үйү бир эле кийиндирип, ичиндирип, окутуп, же ар кандай оорулардан айыктырып гана эмес, мени зор өнөргө, зор умтулууларга шыктандырды, суу ичкен даректай көктөй түштүм, бүрдөй түштүм. Жетинбеген жер көз жетимдиктен арылып, кайгылуу балалык, кайгылуу өткөн күндөр менен биротоло коштошуп, бой тарта түштүм. Көрсө, он беш жашка чыгып койгон экем, бирок өзүмдү оюнсаак он бештеги өспүрүмдөй эмес, отуздагы кишидей токтоо, нары сабырдуу сезем. Энесиз жетим эрте токтолот окшобойбу...

IV

Күнүмдүк өмүрүң күндөрдүн бир күнүндө, жылдардын бир жылында кала берет экен го. Өмүр өтүп, күндөр калып атты. Бир күнү алыскы Пишпектен кабар келди. Кыргызстан агартуу институту ачылган имиш, ага бай-манап эмес, бүт эле кедей-кембагалдардын балдары тартылат имиш. Ушундай ар кандай имиштер көп.

– Агай, Пишпек түштүктөбү же түндүктөбү?

– Түндүктө, Кокондон да, Ташкенден да ары. Жердин эле жети түбү, Жети-Суу деген жакта.

– Ташкенден ары болсо, Ташкенден да зор шаар экен да? Биздин Боронбай ака ошерде туулган дейби?

– Кайсы Боронбай акаң?

– Боронзочу?

Тарбиячы баш чайкайт.

– Канча айтам, Боронбай да, Боронзо да эмес – Фрунзе. Михаил Васильевич Фрунзе. Биздин жердешибиз, революционер. Эки жыл илгери каза болуп, Пишпек ошо кишинин атынан Фрунзе аталды.

Сүлүктү шахтасында иштеген бир Амантай деген агайыбыз бар эле. Шахтада бир жыл иштеп-иштебей эле Алик болуп алыптыр. «Боронбай ака да Амантайдай Фрунзе болуп алган турбайбы?» деп ойлодум. Он бештеги өспүрүм кантип ушинтип ойлосун дээрсиз? Өмүр бою атаңыздын этегинен чыкпай, жаман алачыкта жашасаңыз, анан да он эки жашыңызда мектеп астанасын аттасаңыз сиз да ушинтип ойломоксуз!

Жетимдер үйүнүн директору Алай Сатыбалдиев бир күнү бизди чакырып алып минтти.

– Гарыныңар догбу, балдар?

– Ток!

– Гийимиңер бүдүнбү?

– Бүтүн!

– Анда жакшы... Геп мындай. Бишбегде эл агардуу инсдиду ачылыбдыр. Ош гандонуна дөрд орун берешибдир. Эң жакшы огуган балдардан дөрдөөнү. Бишбеге даярдайбыз.

Ушундан кийин «Пишпек» деген сөз укмуш угула баштады, укмуш эле эмес, ыйык угула баштады.

Ташкенден ары болсо, анан да Лениндин шакирти Боронбай – Фрунзе туулган жер болсо, бир республиканын борбору болсо, анан кандай бактылуу, кандай ырыстуу адам ошерге окугусу келбесин? Кайсыл ырыстуу, кайсыл бактылуу бала арабыздан ошояктан окууга жолдомо алат болду экен? Жатсак-турсак арабызда ушул сөз, ушул кеп, ушул ой, ушул кыял. Балдарды тандоо үч катар сыноо менен өттү. Тандалган төрт баланын ичинен өзүмдүн атыжөнүмдү укканымда, кең дүйнө ого бетер кеңейе түштү. Өмүрүмдө көп эле кубандым, бирок ошончолук жүрөк эргип, көөдөн толуп кубана элекмин. Көктөгү күн, күпүлдөгөн Ак-Буура, тегерегимдеги адамдар мени, мени гана алпечтей карап, мага гана суктана тиктеп турушкансыды, телегейим тегиз, теменем болот боло түшкөнсүдү. Санда жок жетим Ташкен эмес, андан ары барып окуйт деген эмне? Кең калаанын ичинде илим-билимге сугарылат деген эмне? А атам эмне дейт болду экен? Кубанат атам, кубана-ат!..

Төртөөбүзгө бир сыйра жаңы кийим, жаңы төшөк-орун берилди. Тарбиячыларыбыздын бири араба менен Кара-Суу темир жол бекетине узатып чыкты. Чоң максат менен алыс сапар жол тартып аткан-нымды укканатам жаман сары мурутун утуру каадалуу сылап, сүйүнүп алган, ичиндеги кубанычы сыртына чыгып мулуңдап алган. Арабаны жандай басып, бекетке чейин узатып келди. Ошондо колунан биротоло учканымды, эл аралап, бак-таалай издеп биротоло кетип атканымды сезди бекен, билди бекен?

Поезд жөнөөр алдында, бир нерсе түйүлгөн кичинекей түйүнчөктү колума бере койду.

– Бул эмне?

– Бул Төлөйкөндүн топурагы... Эл-жериңди, мени сагынсаң, топурактан чай кашыкка салып, суу менен ичип коюп жүр.

Түйүнчөктү жол түйүнчөгүмө салып, атам менен коштоштум.

– Кош, ата!

– Кош! Жакшы окуп, жакшы адам бол, Гапа! Топуракты жоготпо. Апаң жаткан, ата-бабаң жаткан, өзүң чоңойгон жердин топурагы. Аны сактасаң, ал сени сактайт!

Поезд бакырып, перрондогу эл узап аткандарды узата тиктеп, кол булгап, көп узабай жолго чыктык, акырындап алыстап бараттык. Атам жашып кетти көрүнөт, жаман шымындагы бет ааарчысын алып чыкты, бир ордунда делдейип, карааны барган сайын алыстап, барган сайын кичирейип, жердин аркы четинде кала бергенсиди. Кантсе да атам, кантсе да жакын кишим да, көз жашым тегерене түшүптүр. Байкуш атам ай! Жалгыз-жарым кантип жашайт болду экен эми? Жок дегенде аял алып алса боло. Байкуш атам ай!..

Поезд шакылдап келет. Барган сайын күүгө келип, барган сайын алыс жолду зыпылдай ичип-жеп, кээде бакырып, кээде өкүрүп түштүктөн түндүктү көздөй алп ажыдаардай жалаңдап, сойлоп келет, көк түтүн бүркө дүпүлдөп, талаа жаңыртып кыйкырып келет.

Ал кезде ак шейшеби үстүнө жабылган азыркыдай вагондор кайда! Жөнөкөй эле жупуну вагондор, малдын кыгы жыттанган вагондор, бирок мен үчүн биз бараткан вагон жомоктогу жоргодой, Шырдакбектин жоргосундай эле сезилет.

Тигине бет алдымда жер-жемиши төгүлгөн сары талаа. Жатат төрөгөн аялдай ымшый суналып, жатат чарт бышкан коон-дарбызы сай ташындай тоголонуп, жатат ырыскысы ашып-ташып. Тигине, кимдир бирөө те алыста калпагын камчы кылып, патырата ат чаап баратат. Кайда чаап баратат? Батып бараткан күндү тоо кырында токтотуп калчудай чымын-куюн барат. Алардын айлында да атам экөөбүзгө окшогон шордуу кедей-кембагал тең укук алып, адам катарына кошулуп, бирөөгө сөзү өтүп, жер, малга ээ болгондо жүрөгү туйлап, бешенеси жарып, мурункудай салбырай шылкыйбай, көңүл чери жазылып, ошон үчүн чаап бараткан го? Эсимде атам экөөбүз дал ошондой катыраң талаада узак жол басчу элек. Анда тигиникиндей алдыбызда атырылган ат кайда? Жол. Төбөдө кара булут, таманыбызда такыр талаа. Мен го атамдын жанында, же ийинине арткан жаман куржундун бир көзүндө термелип баратып жол азабын, нан азабын анча тартчу эмесмин, анча билчү эмесмин. А атам... Байкуш атам ай! Калды жалгыз, калды алыс!..

Поезд шакылдап барат. Жай айынын кайнаган шамалы коюн-колтугуна жулуна кирип, бети башыңды делбирей аймалайт. Сабаты жоюла элек, өзүнүн айылынан башка эч жака чыгып көрө элек

адамдар канча айыл, канча талаа арытып талыбай келаткан темир ат жөнүндө таңдана сүйлөйт.

– Бу, капырай, жем жебей, суу ичпей турган күлүкпү?

Сакал-мурутун чертип кырдырган нооча бой адам сөзгө аралашат.

– Бир кезде бир арык сууну бир жутуп, бир айыл элди бир соргон ажыдаар болгонун уктуңар беле?

– Укканбыз.

– Мына ошол ажыдаар элдин каарына калганы үчүн азыр эшек болуп калган.

– Э кой, молдо... тирүү ажыдаар кантип темир атка айлансын?

– Кудайдын каарына калмак мен аны патырата сөгүп жүрөм, бирок көрүп турасың эшек болбой эле турам. Мурун... төңкөрүшкө чейин өмүр бою кудай деп жүрүп, бирок куру үмүттөн башка эч нерсеге жеткен жокмун. Кудай буюрса мага ошондо эле буюрар эле.

– Кудай келип, куру казаныңа аш салып бербейт. Дилиңде тазалык, башыңда акыл, колуңда эмгек болсо, анан кудайым берет.

– Менин дилим имне, таза эмес бекен? Бирөөнүн ала жибин аттабадым, өмүр бою жер кетмендедим, бирок кудай эч нерсе бербеди...

– Иштегениң менен, бирок жашай билбесең, кудай түгүл, сени төрөгөн энең эч нерсе бербейт. Жер кетмендей берүү менен эле иш бүтпөйт...

– Анан имне... ууру кылышым керекпи?

Экөөнүн аскиясына кулак төшөгөндөр парсылдап күлдү.

– Имнеге ууру кыласың? Байлардын баары эле ууру бекен? Зордук-зомбулукчул бекен? Мына азыр... кедей, бай деп бөлүнүп атасыңар. Бай эле болсо жаман, кедей эле болсо жакшы деп атасыңар? Муну силерче «демократия» дебейт, «каразгөйлүк» дейт. Кедейдин да акмагы, байдын да акылдуусу, кедейдин да акылдуусу болот. Же туура эмеспи?

Аскияга кулак түргөндөр ынай беришти:

– Туура, туура...

– А туура болсо эмне үчүн кудайга ишенбей, мыногуго окшогон кулдун тукумуна ишенесиңер?

Тигил айтышып аткан чычалай түштү.

– Эй, ака... оозуңузга карап сүйлөң!..

– Чыны ошо да... Бай болсо эле жоюп, кедей болсо эле кулагынан чоюп келип кызмат берип атасыңар. Минтип отурсаңар түбү барып жакшы болбойсуңар...

– Эй, ака... оозуңузга карап сүйлөң деп атам!

Тиги ого бетер шартылдай күчөдү.

– Мына сен, чарба кедейи, алдыңкы малчы катары Пишпектеги чоң чогулушка катышканы баратыпсың. Баратканың жакшы... Бирок сен ошерде имне масиле чечесиң? Ич кандай маселе чечпейсиң! Жөн гана кол көтөрөсүң, ичип-жеп, пул коротуп кайра келесиң. А сендейлер бир эле сен эмес да? Миллион!

– Оозуңа карап сүйлө деп атам! Деги сен кимсиң?

– Менби?

– Ооба, сен!

– Ошончо эле керек болуп калдыбы?

– Ооба, ошончо эле!

– Эгер сен Пишпектеги чоң чогулушка бараткан кызыл большевик болсоң, мен Ташкенге бараткан Өзгөндүн имамымын.

– Анда имам... азыркы акылыңды мечитиңе барып айт! Уктуңбу?!

Тигил мыйыгынан жылмайды.

– Бечара, кудайы жок кул десе!..

Беркиси чарт жарылды.

– Эй, сен өзүң кимсиң деги?! Сенин да, кудайыңдын заманы бүткөн убак...

Экөө эки жерден туруп, бирине-бири чап саларда жүргүнчүлөрдү узатып бараткан дежур ортого түшө калды.

– Э, коюң-а... Нимага шунча, яа, юриң, юриң башка вагонга!..

Чоң чогулушка бараткан делегатты ой-боюна койбой башка вагонго бөлүп кетти, туура кылды, антпесе, чатак токтомок эмес. Вагон ичи эмелеки айтышуудан арылып, дөңгөлөктөрдүн гана дүкөдүк, дүкө-дүк этип баратканы угулат. Жүргүнчүлөр узакка унчукпай калышты. Кыйладан кийин гана аскиячылардын талашына баятан кулак түрүп келаткан жүргүнчүлөрдүн бирөө:

– Имам, сизге бир суроо берүүгө болобу? – деди.

– Эмне үчүн болбосун? Болот...

– Айтыңызчы, акыркы замандын адамы кандай болот?

Имам мыйыгынан жылмайды.

– Эмне үчүн акыркы замандын адамы жөнүндө сурап калдың?

– Жөн эле...

– Дал ушул сенин сурооңду те илгери эле азирет-али Мухамбет байгамбарымдан сага окшогон бирөө сураган экен. Азирет-али Мухамбет дароо жооп бере албай, кыйлага ойлонуп калган дейт ошондо. Ушул учурда теректин башында бир булбул тынбай сайрап аткан экен дейт. Ошондо азирети-али Мухамбет байгамбарым: «Бу тынбай сайраган булбулдун учуп түшкөн жерин барып карап көргүлөчү, эмне кылып атат болду экен?» - деп тир дейт. Барып карап келген пенде: «Азирети, булбул жерге конуп, каткан пок чокуп атыптыр» - дейт. Ошондо азирети байгамбарым: «Акыркы замандын акылманы мына ушул булбулдай, сайраганы башка да, кылганы да башка болот» – деген экен. Ошонун сыңары, айрыкча кудайга ишенбеген киши, акыры түбү өзүнө эле эмес, өзү жашап аткан заманына ишенбей калат. Ошон үчүн өз заманыңа ишенем десең, кудайга да ишене жүр, ука.

Поезд шакылдап келет. Үргүлөп барам. Уйку-соо баратып, түш көрөм. Түшүмдө биз Пишпекке бараткан мынабул темир ат чын эле поезд эмес эле, бир кездеги тирүү ажыдаар имиш. Ташкенге бараткан Өзгөндүн зор имамы анын ээрсиз жылаңач, муздак жонуна минип, а мени учкаштырып алыптыр. Делбиреп кайдадыр учуп баратабыз. Ажыдаар бизге моюн буруп, тилин чыгарганда, кынынан кылыч суурулгандай тили жарк-журк эте түшөт. Ошондо

имамга ого бетер чап жабышып «Молдоке-е!» дейм, «Имне-е!». «Тирүү ажыдаар кантип темир атка айланып кетти экен?». Молдоке өзү ажыдаар болуп кетет. Мага бурулуп, тилин сунганда, кынынан кылыч сууруп алгандай жарк-журк этет.

«Кана, түш жерге! Ушинтип сураганың үчүн мен ажыдаар болсом, сен азыр эшек болосуң!» чоочуп ойгондум. Жүрөгүм дүкө-дүк. Поезд токтоп, элдер сыртка чыгып атышыптыр. Мени менен окууга келаткан Дадабай уулу Төрөбай ийинимден түрттү.

– Гапар тур, Ташкенге келиппиз.

Көзүм пар ачылып, уйкум тарай түштү. Ыргып туруп, терезеден сыртты карадым. Заңкайган имарат. Кыдырата допу кийген көп эл. Сыртка чыктык. Жер-жемиш, тамак-ашка көз тоет. Төбөбүздөн эле ышкырып аэроплан учуп өттү. Аэропланды биринчи көрүшүм. Оозумду ачкан боюнча көккө тигилген экенмин, допум жерге түшүп кетиптир.

– Э, Төрөбөй, Ташкенде эле ушундай укмуш болсо, биздин Пишпекте мындан да укмуштар болсо керек э?

Мурдунун үстү дердейе тердеген Төрөбай аэроплан кеткен жакты эси ооий тиктеп, сөзүмдү укпай калды. Поезд бакырып, жолго камындык. Биздин вагонго бүт эле ала чапан, допучандар кирди. Ушундан улам «Пишпекке баратканда бүт эле ак калпак кыргыздарды көрөм го?» - деп ойлой коем. Айтууда, Пишпекке чейин дагы төрт күн жүрөт имишпиз. Вагондун ичи үп, ысык, тер, малдын кыгы жыттанат. Өйдөлүш жерге келгенде паровоз көкүрөгүнөн көк түтүн бүркө

боздоп, чиркелген вагонду араң эле тартат. Ташкенден ары бир күн жүргөнүбүздөн кийин биз токтогон бекеттерден эми өзүбектер азайып, вагонго чалып сүйлөгөн казактар кирип-чыга баштады.

– Э, Төрөбай, ак калпак кыргыздарды Пишпекке барып эле көрбөсөк, жолдо эч жерден көрбөдүк го?

Бүт дити чарт жарылган дарбызда болуп, анын бал ширесин дандыр нан менен мазасын чыгара сугунуп аткан Төрөбай сөзүмдү укпай калды. Тамак жагына кыйла опкок көрүнөт. Бет алдыда лекилдеп калып аткан тетиги казактын баш-аягы белгисиз куу талаасы, өңкөйдөй тикенек кууп күн көргөн төөлөр, же ар кыл бекеттерден ар кандай кишилердин кирип-чыгып атышы аны ным кызыктырбайт. Вагондун таманына салынган чөптө күнү-түнү сулк сулап уктайт да, уктайт. Тамакты берилип, бүткүл көңүлүн коюп, мазесин чыгарып жейт, калган көрүнүшкө көңүл кош өтүп аткан, агып аткан турмушту байкабайт, же байкагысы келбейт.

Күндөрдүн бир күнү эртең менен поезд кезектеги бекетке келип токтоду. Баягы имам менен айтышкан делегаттын уйкусуроо үнү чыкты.

– Эй, келечектин молдолору, тургула Пишпекке келдик.

Ыргып туруп, вагондун терезесине жармаштым. Кабат-кабат үйлөрдүн алды менен бүт эле ак калпак кыргыздар баратат го деген ойдо бет алдымды акмалай карап, бирок көргөн көзүмө ишенбедим. Бет алдымда балээ жок, болгону камыш байланган

үтүрөйгөн эки жаман үйдүн алды менен чочокторун кестирген баладай эки өрдөк талтаңдап барат.

– Ой, ака, ушу кантип Пишпек болсун?

– Түшинлар, түшинлар! – деди аңгыча вагон дежуру.

– Ушу Пишпекпи?

– А Пишпек эмай има? Бу сиз, жеаним, османдан түшкөндөй сүйлайсыз а?

Буюм-тайымыбызды алып, шылкыя вагондон түштүк. Ташкен бекетиндегидей чоң имараттар кайда? Маңдайыбызды карасак – тоо, артыбызды карасак – талаа, туурабызды карасак – саз. Пишпек бекети аталган үтүрөйгөн гана эки жаман там турат. Буер Пишпек экенине мен деле ишене бербей турам. Он чакты киши шылкыя унчукпастан, ары-бери жүк ташып атат. Эки-үч арабакеч вагондон түшкөн жүргүнчүлөрдү арабаларына салып алып, чаң буркурата кайдадыр жөнөп кетти. Кайкалаган ак калпакты айтпайын, жок дегенде күлтүкпөй жаман калпак кийген кыргыз жок. Эми эмне кылабыз? Арыз-муңубузду айталы, бара турган, баса турган жолубузду сурайлы десек көчө ным кыргыз жок, бүт эле сакалы жайкалган орус адамдары. Жолду ката кыргыз көрбөй, кыргыз эңсеп келген жаным томсоро түштүм. Тигил сакалчан арабакечтер бизди, биз аларды түшүнбөй көчөдө калабызбы? Төртөөбүз төрт жерде салбырай каттык, биз эңсеген Пишпек ушу болсо?.. Тигине, жол жээктеп кеткен, камышы чубалган жаман үйлөр, саздуу көлмөлөрдө балыр жиреп, балыр кечкен өрдөктөр, балчыкка оонап, бок сүзүп, мына ушунусу менен

жыргап бараткан жамбашы чыла топчу мурун торопойлор. Ушу жерден көрө Ошту же Жалал-Абадды эле борбор кылып койсо болмок! Кап десе, Ошто эле окуп жүрө бербей! Ошоякта эле калып, ошо жакта жыргап жүрө бербей! Жер-жемишин көрүп эле көөнүң тойгон Ош базары, көк кашка суусу көккө серпилген Ак-Буура бою, күнү десең күнү, түнү десең түнү шиңгил жүзүмү менен жаңы эле дандырдан чыккан дандыр наны дасторкондо толгон чайханалары көз алдымдан өттү, сагынтты. Аңгыча:

– Келгиле, балдар, отургула, - десе болобу орус арабакеч. – Кайда барасыңар?

Ташкендеги аэропланга эле оозу ачылган Төрөбай, Пишпектеги орус адамынын минтип кыргызча сүйлөп ийгенине, оозу ачылган эле эмес, ачылган оозу кайра жабылбай калды. Сүйүнүп кеттик.

– Биз Кыргыз эл агартуу институтуна келдик эле...

– А-а... Киринпрос значить? Билем, билем... Ну, тогда, кеттик!

Жаман куржундарыбызды араба үстүнө арыбери ыргыта салып, артынан өзүбүз ыргып чыктык. Жакын кишибиз күтүлбөгөндөй жаныбыздан табылгандай, бапайган абышканы ылым санап, утуру тиктеп коебуз. Сүйлөшөлү дейбиз, бирок арабанын калдыр-шалдыры сүйлөштүрө койчудай эмес.

– Вот там киринпрос, - деди аңгача арабакеч. – Келдик.

Шоп-шоп ыргып түштүк, бири-бирибизди тааныбай калыпбыз. Чаңдан көзүбүздүн агы менен тишибиз гана араң көрүнөт.

– Ушинтип кантип барабыз институтка? – деди Эгемберди. – Жуунуп, тазаланып алып, анан баралы.

Бульвар көчөсү (азыркы Джержин) менен Дунган (азыркы Киев) көчөсүнүн ээн жериндеги арык боюна бардык. Жуунуп-таранып, ысык тамак ичтик. Антип-минткиче эле кеч кирип кетиптир. Эми эмне кылабыз, кимге барабыз, кайда барабыз, кайда жатабыз? Тигилерге караганда мен тыңыраак сыяктанам.

– Бир жерге эптеп жатып алалы да, институтка эртең эле барбайлыбы?

Осмон Эгемжаров таңдана балбырады.

– Кайда жатабыз?

– Кай жер болсо да... Жер үстү болсо болду.

Баары макул болду. Оштон чыккандан бери мага ушу Осмон жагып калды. Ашык сөзүн укпадым, жаман кыял-жоругун көрбөдүм. Санын чаап ашкере күлбөйт, ой келди жүрбөйт. Тамакка сабырдуу, уйкуга чап. Пакиза. Саал шалпы бош сыяктанганы менен сөөгүндө мырзалык тургансыйт.

– Бирөөнүкүнө барып кор болгончо, көчөдө эле жатып албайлыбы?

Баары макул болушту. Эрмен чөптөрүнөн жулуп келип Дунган менен Бульвар көчөсүнүн кесилишине кичинекей чөп алачык жасап, Оштон ала чыккан төшөнчүбүздү салып, бай жатыш кылып чалкалап жатып калдык. Жол азабы оңойбу, кыйналганга баш жерге тиери менен уйкуга шыр кетиппиз. Ойгонсок, күн эбак аркан бою көтөрүлүп, көчөдөн ары-бери кишилер өтүп атыптыр. Бизди кой-тур деп буерде

эмне үчүн, эмне себептен жүрөсүңөр, же кайдан, кандайча буерде түнөп калдыңар деп кызыгып, же таңыркап сурап койгон киши жок. Биздин минтип көчөдө жатышыбыз алар үчүн күнүнө боло келген демейки көрүнүштөй сыяктанат. Ал учурда шаарда мейманкана болгон эмес. Кыргыздын ондогон, жүздөгөн кедей-кембагал балдары, кыргыз тоолорунун жылга-жыбыттарынан түшкөн майда булактардай шаарга агылып, алар да өз үйүн, өз жайын тапканча бизге окшоп ар жерде конуп-түнөп жүргөн көрүнөт. Шаардыктардын бизге анча кызыкпаганы, мүмкүн, мына ошон үчүн го?

V

Күн аркан бою көтөрүлүп калыптыр. Жуунуп-таранып, көчөдөн эле бир ыймандуу баланы кармап, колуна тыйын берип, жаман куржундар жаткан жаман алачыкты ага кайтартып коюп, өзүбүз институтка келдик. Институттун алды толо өспүрүмдөр, болгондо да бүт эле кыргыздар. Боорумду, тууганымды, жакынымды көргөндөй сүйүнүп кеттим. Бир алдын бизден жакшы кийинип, бизден таза, бизден бойлуу сыяктангандарына саал тартына сүрдөй түшкөнсүдүк. Төртөөбүз төрт жерде үркөн козудай, же институтка кире албай, же оюбузду бирөөлөрдөн сурай албай бир четте бөлүнүп туруп калдык. Ушул учурда эки бала бизди көздөй басты. Ичим жылый түштү. «Азыр келип, досторчо кол берет, тиешелүү кишиге бизди ээрчитип барат, жардам берет. Анан

достошобуз, бирге окуйбуз». Жакын келген үчөөнүн бойлуу өспүрүмү кызыга сурады:

– Кайдан келдиңер?

Биз жооп бергенче экинчиси:

– Кайдан келгенин башындагы допусунан эле билбейсиңби? - деди.

– Оштон келдиңерби? – деди бойлуу өспүрүм.

– Ооба.

– О-о, анда оштук сарт турбайсыңарбы!

Менин намысым келе түштү.

– Биз сарт эмеспиз, кыргызбыз!

– Кайдагы кыргыз... Сартсыңар! – Экөө Эгемберди экөөбүздүн башыбыздагы допуну жулуп алып, топ кылып тээп кетишти. Боз-ала болуп туруп калдык. Бул эмнеси? Аңгыча, жаныбызда турган чырайлуу өспүрүм аларды кууп жетип, допуну талашып алып, тигилерди патырата сөгүп, жаныбызга келди.

– Акмактар десе!

Эми эле тоголоно топ болуп берген допубузду күүп кийип, көпчүлүктүн көзүнө ого бетер сына түштүк. Тигилер деле бизди тооруп, айрыкча допубузду талашып алып берген чырайлуу өспүрүмгө эң узуну муш түйө кыжынды.

– Эй, сага эмне жок!

– А силерге эмне жок?! Булар силерге эмне кылды?

– Карап тур сени! Манаптын тукуму экениңди жашырып, кедеймин деп окууга келгениңди биз билбейт дейсиңби?

– Билсең, билгениңди кылып ал. – Бизге бурулду. – Бу акмактарга капа болбогула. Кел, таанышып алалы?

Жан-дилибиз менен баарыбыз ага кол бердик.

– Эгемберди.

– Осмон.

– Гапар.

– А менин аты-жөнүм Рахманберди Касымов... Силер оштук болсоңор, мен чүйлүк болом.

– А тигинин аты-жөнү ким? – дедим допумду жулуп алып, тээп кеткенди жакшылап сыртынан таанып алуу үчүн.

– Кыргызбай Кокуйбаев... Бу экөөнө капа болбогула, теңелбегиле. Бу эки байкуш кичине карды тойсо эле ушинтип, төрт кыргызды төрткө бөлүп калат, а карды ачта мурдуна бок сүйкөсөң да койго окшоп, оозунан сөзү түшүп, унчукпай калат. Теңелбегиле. Жамандын бир өнөрү ашык дейт, анын болгон өнөрү ошо...

Ушу эки шоркелдейге теңелип эмне кылабыз! Бирок, баары бир көңүлүм сыздап, ичим муздады. Орус адамы кыргызча сүйлөп, жакшы мамилеси менен күлө багып, бизди институтка жеткирди, ал эми көрөйүн деп көзүм талып келген кыргыз баласы эмне кылды? Бирок, кечирүүгө аракеттендим. Өзүм али бала туруп, алардын кылыгын балалыкка, чалалыкка шылтадым.

Коңгуроо кагылып, короодо котологондор кирип кетти. Ушундан кийин гана эс ала түштүк, жеңилдей

түштүк. Ээрчишип, институттун ичине кирдик. Төшөгүн колтуктап бир бала колидордо турат. Кызык, бул эмнеси? Бу да бизге окшогон алыстан келген шоркелдей го? Бир окуучу географиялык карта колтуктай шашылып жаныбыздан өтөрдө, алдынан торой токтодум.

– Эй, тууган, жолдомо менен алыстан окууга келип, кимге кайрыларыбызды билбей турабыз...

– Силердин тагдырыңарды Базаркул Данияров деген агай чечет. Окуу бөлүмүнүн башчысы ошол. Жүргүлө, кабинетин көргөзүп коеюн.

Кабинет алдына келип, буйдала түштүк. Бирденби, чогуубу, кантип киребиз? Ошто директорго эң алдын тыкылдатып, анан бирден эмес, чогуу кирчү элек. Тыкылдатып, эшикти ачтым. Көз айнек тартынган, ээрди саал кемшик, кара-тору, арык-чырай киши кагаздан баш көтөрдү.

– Агай, уруксатпы?

– Киргиле...

Ээрчишип кирип бардык. Данияров бутубуздан чокубузга дейре бир сыйра тиктеп өттү.

– Та-ак, кулак силерде?

– Биз... окууга келдик...

Данияров үстөл ичинен узун тизме алып чыгып, бизден бойлураак Эгембердиге кайрылды.

– Фамилияң ким?

Эгемберди не дээрин билбей ордунда мелтейди. «Фамилия» деген сөздү ким угуптур?

– Атаңдын жана өзүңдүн аты-жөнүң ким? «Фамилия деген, көрсө адамдын аты-жөнү турбайбы» деп түшүнө койгон мен:

– Менин аты-жөнүм – Айти углу Гапармын, - дедим. «Уулу» деген сөздү Данияровго жагынайын деп айтайын кыраатын келтирип «углу» деп айттым. Анткени, Ошто өзбек агайлар кээде ушинтип чакырчу.

– «Ов», «ев» дегенди силерге окуткан эмеспи?

– «Ов», «ев» деген эмне агай?

– Айти углу эмес, Айтиев деп жазылышың керек.

– Билбейт экенбиз, агай?

– Фамилияңарды билбесеңер, анда эмнени билесиңер? Каерден келдиңер?

– Оштон, агай...

– Анда силер сарт экенсиңер. Окууга алганда да, окуй албайсыңар. Ошуңарга барып, ошо «углу» деп окуткан жерге барып окугула.

Беркилерди билбейм, башыма союл тийгендей эндирей түштүм. Төртөөбүз төрт жерде шөмтүрөп, кең дүйнө ушунчалык тар болуп кетти.

– Агай, биз кыргызбыз, кудай урсун кыргызбыз, анын үстүндө жетимбиз, жолдомобуз бар...

– Жок, болбойт...

Ушинтти да бизди кабинетинен чыгарып койду. Сенделип сыртка чыктык. Данияровдукуна караганда тиги Кыргызбай Кокуйбаевдин кор кылган мамилеси бир тыйынга арзыбай калды. Баарыбыз тең боз-ала болуп шылкыя ээрчишип, Дунган көчөсүндөгү жаман

кепебизге кайра келдик. Бул эмнеси? Эңсеп, күсөп, сүйүнүп келген Пишпек бизди ушинтип тособу? Же бир муңубузду угар буерде бирөө болсочу! Жаман чөп алачыгыбызга жатып алып, эртеси кайрадан жетим улактардай ыргала ээрчишип институтка жөнөдүк. Данияровго дагы бир ирет айтып көрөлү, айтканга көнбөсө жалыналы, жалынганга болбосо чөгөлөйлү, чөгөлөгөнгө болбосо төртөөбүз төрт жерде эле болоктоп ыйлайлы, адам эмеспи, аяар, түшүнөөр деп ойлоп бараттык. Дунган көчөсүнөн Бульвар көчөсүнө өтө берерде тармал чачы кулагына түшкөн куш мурун, жазы маңдай шуулдаган өспүрүм алдыбыздан чыкты. Томсоро шылкыйып, муңайым баратканыбызга боору оорудубу, бизге кызыга тиктеп, токтой калды.

– Кайдан келдиңер?

– Оштон...

– А эмне мынча шалпыңар бош? Бирөө урдубу?

– Ургандан да жаман кылды. Алыстан арып-чарып араң келсек, Данияров деген неме Оштон келген сарт экенсиңер деп окууга албай койду.

Куш мурун жигит каткырып күлдү.

– Ке, таанышып алалы. Силер Оштон келген сарт болсоңор, мен Жалал-Абаддын сарты болом. Ата-жөнүм Жоомарт Бөкөнбаев.

Жоомартты акырая тиктеп калдык. «Бөкөнбаев... көрсө булар бүт эле ов, ев болуп жазылышат турбайбы? Кап, Данияровго «углу» дебей эле койбой! Ага ушинтсем, көбүрөөк жагам деп ойлободумбу.

Жаркылдап күлүп, шартылдап сүйлөгөн бу жигит бизге жагып калды. Жалал-Абаддык сарт болсо, оштук сарттарга жардам берер деп сүйүнүп турдук.

– Баш кийимиңер кайда?

Берки экөөнүн кепкалары бар эле, Эгемберди экөөбүз допубузду чөп алачыкта атайын калтырсак, алар да кепкаларын таштап, соксоюп жылаңбаш чыккан тура. Унчукпадык. Оюбузду Жоомарт биле койду.

– Түшүнүктүү... Анда мындай кылгыла. Биринчи институтка барбай, Эл агартуу комиссариатына баргыла. Жүргүлө, апарып киргизип коеюн.

Үмүтүбүз ойгонуп, дароо жарк эте калдык. Дикилдеп эки тарабында экиден ээрчип алдык. Жоомарт шуулдап тез басат экен, чуркабасак да жанында жортуп барабыз. Жоомарт бизди Эл агартуу комиссариатынын имаратына ээрчитип кирип, мага бурулду.

– Ушерде Байышев деген киши бар, ошого кирсеңер, ал силерге жардам берет. Эгер эле ал иш чечпесе, Касым Тыныстановдун өзүнө киребиз. Ушинтти да кетип калды. Жүрөгү өлүп калган Осмон:

– Мунусу да кабинетинен айдап чыкпасын? – деди.

– Анте койбос, - деди Эгемберди.

– Байышев дейби? Орус эле болсо жакшы болот эле, - деди баягы арабакеч эсине түшө калган Төрөбай.

– Кантсе да, бир кирип чыгалы эми?

Байышевдин кабинети экинчи кабатта экен. Кудайга ичибизден миң ирет жалынып, эшигин кагып, ичкери кирдик. Кирерибиз менен Байышев ордунан туруп келип, делегаттарды тосконсуп, бизди элпек тосту.

– Келгиле, балдар, келгиле!

Мындайды күткөн эмеспиз. Бизге болгон жылуу мамиле жана «келгиле, балдар, келгиле» деген сөзгө жетине албай, эреркеп кеттикпи, төртөөбүз төрт жерде токтоно албай бышактап ийипбиз. Байышев нары таңданып, нары бизди соорото албай шашып калды. Мурдубузду шуу тартып, атабыз алдыбызда тирилгенсип арыз-муңубузду жарыша айтып кирдик.

– Ыйлабагыла, балдар, ыйлабагыла. Баары жайында болот. Данияровдун антип айтууга акысы жок. Ош кантонунан төрт бала сураганбыз, а ал... Петр Кузьмич Юдахинге барсаңар болмок, ал антпейт болчу...

Аны кайдан билдик? Билсек, минтип кор болбойт элек. Байышев өзүнүн атынан Юдахинге кат жазып берди. Колубузга жолдомо кат тийгенде этегибизге көктөн дилде түшкөнсүп, жүзүбүздөн шам чыгып, көчөдө каадалуу басып бараттык. Институттун алдына келдик. Осмон астейдил жеңимден тартты.

– Жанагыл... Данияров деген неме алдыбыздан чыга калбасын?

– Чыга берсин!

Төрөбай чыйпылдап ийди.

– Кокуй, көрүнбөйлү. «Ов», же «ев» эмес, «углу» болуп алыптыр деп Данияров бизден озунуп орус директирге айтып ийсе...

– Айтмакчы, директирдин аты-жөнү да «ов» же «ев» эмес «хин...» Юдахин экен... Аты-жөнүндү биринчи сураса Айти уулу дебей эле, Айтихин деп койчу.

– Башканы бузсам да, атамдын атын бузбайм...

– Анан ал да айдап чыксачы?

– Байышевдин каты турганда айдабайт.

– Байышевдин түгүл Ош кантонунун жолдомосуна карабай Данияров айдап чыкты го!

– Ал – Данияров, а бу – Юдахин.

– Ишенбей калдым... Данияров «Булар – басмачы Шермат көрдүн тукумдары» десе, орус адамы да ишенип калышы мүмкүн...

– Анда мен эң алды директордун кабинетин билип келейин, - деди Эгемберди. – Данияровго көрүнбөй, шарт кирип кетебиз.

Эгемберди институттун ичине кирип, кайра тез чыкты.

– Жүргүлө.

Эгембердини ээрчип кирип бардык. Данияров бизди көрүп калбасын деп тыкылдатпай эле кирип бардык. Бет алдыбыздан бизди орус адамы таңыркай тосту.

– Келиңдер, каректарым...

«Казактарым» дегени эмнеси? Чый-пыйым чыгып, не дээримди билбей кеттим. Кечээ сарт экенсиңер деп албай койсо, бүгүн казак экенсиңер деп албай койбосун? Атаны кокуй ае! Эмне үчүн бизди казак дейт?

– Биз, агай... кыргызбыз, кыргызбыз!

– Көрүп турум, каректарым... Отырыңдар.

А-а... «казактарым» эмес, «каректарым» дейт. «Карегим» дегени го? Көкүрөк басып отура кеттик. Жолдомо катыбызды алып, андагы аты-жөнүбүздү жазып алып:

– Бүттү, каректарым... Азыр таза жувнып, тамакка барыңдар. Түшөк-жайды кешинде аласыздар, - деди.

Иш бир мүнөттө чечилди да калды. Арабакечинен баштап, директоруна чейин аябай адамгерчиликтүү экен го бу орус адамы! Бири кыргызча сүйлөп, көңүлүбүздү көтөрүп, арабасы менен жолубузду тоссо, экинчиси казак-кыргызча чалып сүйлөп, минтип бир мүнөттө тагдырыбызды чечти да койду. А биз Оштон бери жолду ката кыргызым деп, түндүк кыргызымды бир көрсөк экен деп бир боорун сагынгандай сагынып, демибизге нан бышчуудай болуп, демигип келип, чаначтай эле чабылдык окшойт.

Сыртка чыктык. Данияровдон качпай калдык. Эгер учурап калса, алдынан тай жеген бөрүдөй бир сунала маалкып өтөйүн деп ойлоп коём, бирок учурабады.

* * *

Төртөөбүз бир бөлмөгө жайгаштык. Катуу уктаган экем, эрте мененки коңгуроодон чочуп ойгондум. Кызык, эмнеге институттагы коңгуроо жатаканада кагылып атат? Ыргып туруп шымымды кийдим, акырын каалганы ачтым. Колуна коңгуроо кармап ар бир эшикти ачып, институттун директору Петр Кузьмич өзү колидордо жүрөт. Дагы бир бөлмөнү ачты, коңгуроосун какты.

– Оянындар, шыректарым! Карагым, Жоомарт, Касымалы, Абылас турыңдар! Анау Алатау, Сары-Өзөндөгү гылымга шөлдөгөн кыргыз эли күтүп тур, туруңлар!

Тармал чачы каш-кабагына төгүлгөн Жоомарт колидорго шайдоот чыгып, колу-бутун чоюп, ху-ху деп оозун чулчуйта күшүлдөп алып, сыртка чуркады. Анын артынан Ташым, Касымалы, Узакбай чыкты. Петр Кузьмич кыздардын жатаканасына барып, алардын эшигинин алдында дубанадай болуп туруп, каалга ачпай, коңгуроосун какты.

– Айланайын татти кызларым, туруңлар!.. Элде жата берип, бабаларымыз оянбай караңги өтти гой! Туриңлар таттиларим.

Жуунуп-таранып ашканага келдик. Калай табакка каймак куйулган кызыл борщ келди. Көптөн бери суюк тамак көрбөй калган Төрөбай баш көтөрбөй шорулдата кашык менен алек. Акырын колтукка түрттүм.

– Шорулдатпай ич, уят...

Сырттан Петр Кузьмич кирди. Биз ичкен тамакты ууртап көрдү.

– Жеңдер, кабактарым... тамагыңар дээмдү бысыптыр. Дем алыс күнү палау бастырып беремин!

Жоомарт тармал чачын сербеңдете башын табактан алды.

– Петр Кузьмич.

– Не дейсиң, карагым?

– Касым Тыныстановдун «Касым ырлары» жыйнагын кайдан тапса болот?

– Табыс кыйын гой, карагым. Талантты жырлар тайыма таласып окулат гой. Менде болгон эди, ууртап кетисти...

Сөз ушуну менен октоду. Мурун окуп аткандар окууга, жаңы келгендер сыноодон өтмөккө институтка кириштик. Биз кирген класста толгон бала. Эсеп сабагы боюнча сыноо өтүп атыптыр. Ар кимибиз өз алдыбызча бош орун таап, отуруп калдык. Карасам, жанымда кечээги допумду топ кылып тээп кеткен Кыргызбай Кокуйбаев отурат. Тура качууга ниеттендим, бирок туралбадым, бош орун жок болчу. Тумшуктан ары бир ургум келди. Катуу кыжынган экем, жаагым карыша түштү. Эсеп боюнча тапшырма алып, чыгара баштадык. Ошто окуп жүргөнүмдө эсепти жакшы чыгарчум. Сүрөттү кандай шыктанып тартсам, эсепти ошентип шыктанып чыгара баштадым. Азыр эле жанымда кыйынсынып отурган Кыргызбай, ояк-быягына моюн созуп, тынчсызданып калды. Эсептен нөл көрүнөт. Артыалдынан көчүрө албасына көзү жетти. Убакыт өтүп атканга кайпактап, айласы кеткенде менин дептериме уурдана көз таштады эле, барагымды жаап, эки манжамдын ортосунан чыгарган бармагымды так тумшугунун алдынан көрсөтүп койдум, Кыргызбай сумсая отуруп калды. Ушул сыноодон төртөөбүз тең өтүп, Кыргызбай өтпөй калды. Убактылуу эмес, биротоло жатакана алганы баратсак, бизди Кыргызбай обочодо сумсая тиктеп туруптур. Мыйыгымдан жылмайдым. «А, шордуу! Алың ушул эле экен го? Кечээ эле чакчаңдап, көкүрөгүң көктө, өпкөң колуңда эмес беле?! А шордуу!»

VI

– Гапар!

– Эмне?

Карай салсам Рахманберди Касымов.

– Кандай?

– Жакшы...

– Өттүңбү?

– Ооба. Өзүңчү?

– Өттүм... Баягы Кыргызбай Кокуйбаев деген «досуңду» унуткан жоксуңбу?

– Кайдан унутайын... Ал өткөндө сыноодон өтпөй калды. Ырас гана болду!..

– Сүйүнбөй коё тур. Ал мен окуган группада окуп атат.

– Койчу! Ал өтпөй калбады беле?!

– Э, Гапар... Революция болсо эле тааныш-тамыр жоголуп, баары ойдогудай болуп калат дейсиңби. Турмуштун формасы гана өзгөрүп турат, а мазмуну кала берет... Жөлөмөсү бар көрүнөт, сенин группаңдан куласа, менин группамда мурду балта кеспей окуп атат.

Анан да бир «жакшы» жери Данияров аны атайын мени менен бир отургузуп койду.

– Атайынбы? Эмне үчүн?

– Шефке алат имишмин...

Жоомарт алдыбыздан чыкты. Бизди көрүп, унуткандын эстей койгонсуп, жанындагы орус адамына мени тааныштыра кетти:

– Владимир Витальевич, сүрөтчү болом деп Оштон жөө келген жигит ушу. Сизге айтпадым беле... Аты-жөнү – Гапар Айтиев.

Орус адам бутуман чокума дейре бир карап алды. Көз тиктеши жылуу, нары баамдуу.

– При институте открылась художественная студия, - деди. – Будем обучать живописцев... Будешь посещать?

Түшүнбөй калдым. Чала-була болсо да Жоомарт шакылдап которуп ийди. Сөз төркүнүн түшүнөөрүм менен көздөрүм жарк дей түшсө керек. Орус адамы кыйла кыра көрүнөт, ички сезимимди дароо көзүмдөн окуй салды. Чөнтөгүнөн дептерин сууруп чыгып, Жоомарттан бир нерсе сурады эле, ал аты-жөнүмдү айтып берди. Жазып атканда дептерине үңүлө бердим. Менден мурда Касымалы Жантөшев, Саткын Сасыкбаев, Сооронкулов деген мага али белгисиз ысымдар жазылыптыр.

Аты-жөнүмдү жазып алган бейтааныш адам мага колун сунду:

– Моя фамилия Образцов... Образцов Владимир Витальевич. На кружок обязательно приходи. Хоп!

– Хоп!

Жоомарт Рахманбердиге бурулду.

– Абдылас Малдыбаев келдиби?

– Келди.

– Айтып кой, ыр-хор кружогу да ачылды, келип катышсын.

Ошентип, окуу башталды. Окутуучуларыбыз ар кыл: кыргыз, орус, татар. Көпчүлүгү өз каалоосу,

өз демилгеси менен «Күн чыгышка жардам» деген ураан менен келип иштеп атышыптыр. Сабактардын көбү орус тилинде. Окуу китептерин эптеп кажалап окуганыбыз менен жакшы түшүнбөйбүз, баарынан тозогу сүйлөй албайбыз, түшүнүп, билип тургандыбызды билгендей айтып бере албайбыз. Кыскасы, кыйын болду кыргызга. Орус тилин билсин дегениби Петр Кузьмич жатаканага же ашканада биз менен кыргыз-казакча чалып сүйлөшкөнү менен, окуу учурунда такай орусча сүйлөшүүгө өттү. Орусча машыгууну алгачкы ирет Петр Кузьмич Эгембердиден баштады.

– Скажи пожалуйста, ты откуда приехал?

– Тыйбы? Ты Ош пирехал!

– Что, что?

– Тый дейм... Ты Ош пирехал!

– Нет дорогой... Скажи «Я приехал из Оша».

– Я приехал из Оша.

– Садись. Айтиев!

– Я.

– Скажи, пожалуйста, петух женский или мужской род?

– Мужской род?

– А курица?

– Женский род.

– Почему?

– Потому что курица жена петуха.

Класс ичи – ха-ха-ха!

Петр Кузьмич күлмөк түгүл жылмайбайт, күлсө мени кемсинтип албайбы. Маданияттуу киши, алсыздын алдында өзүн алдуу сезбейт экен го, бечаранын алдында беделдүүсүнбөйт экен го, атаганат, келечекте ушундай киши болсом ээ?

Класс ичи дале күлкү.

– Ой, ичим-ой!

Петр Кузьмич бор менен үстөлүн тыкылдатат.

– Тище!..

Алгачкы күндөрү орусча окуу ушундайча башталды, биз үчүн жөнөкөй эле нерсе кыйын болуп атты, бирок Петр Кузьмичтин айтуусу боюнча орусчаны «тез үйрөнүп» кеттик. Окуюн, билейин, адам болоюн деген ой-тилек, умтулуу, кызыгуу ал кезде өтө күчтүү эле. Ошон үчүн кандай күч, кандай тоскоол, кандай кыйынчылык болсо да, арып-чарып алыстан келген биз, энесине жамыраган козулар бар го, дал ошонун сыңары илим-билимге дүңгүрөй жамырадык.

Бир күнү калай кашык-аягыбызды калдыр-шулдур кылып тамак ичип атсак, кара тору тоголок өспүрүм сырттан кирди.

– Эй, тамаксоолор, табагыңарды карабай мени карагыла.

Жапырт тиктеп калдык.

– Тамаксоолор! Кыскача жарыя! Бүгүн саат төрттө, Кыргыз ССРинин эл агартуу комиссариаты Касым Тыныстанов биздин институтка келет, баарыңар катышкыла!

Касымалы Жантөшев чулчуңдай кашыгын оозунан алды.

– Айтпасаң деле билебиз, жарыя жазылып турбайбы!

– Сага окшогон тыкма кулакка утуру тыгып турбаса, унутуп каласың!

– Ха-ха-ха!

– Бул ким? – дедим.

– Бу Ташым Байжиев деген алчы-таасын жеген тапан, - деди Касымалы.

Институттун чоң бөлмөсү жык-жыйма. Касым Тыныстанов жөнүндө Жоомарт көп сүйлөчү, аны мактап, жактап сүйлөчү. Ташкендеги казак-кыргыз агартуу институтунда окуганын, ошол эле жылдары Түркестан АССРинин Академиялык борборунун илим комиссиясынын кыргыз бөлүмүнүн төрагасы болуп иштегенин айтып келип:

– Азыркы интеллигенттердин таланттуусу да, билимдүүсү да – Касым Тыныстанов, - дечү. – Анын «окуу китеби» менен ырларын окубаганыңар жоктур... Кана, анын ырларынан киминер жатка айтасыңар?

Жымжырт. Жооп болбогон соң Жоомарт өзү шатырата айтып кирди.

Алашым, кандай эди мурунку шак?
Ол кандай, кара туман ортагы тап?
Бул заман оку-билим заманасы,
Иске кир, белиңди бу бекем устап!

– Бу кимдин ыры?

– Тыныстановдун ыры.

– Эмне деген ыры?

– «Алашка» деген ыры.

– Эмне үчүн кыргызча эмес, казакча жазган?

Кайрадан жымжырт. Жооп болбогон соң, кайрадан өзү сүйлөйт.

– Тыныстанов бул ырын жыйырманчы жылы, жыйырма жашында жазган. Ал кезде кыргызча гезит, журналыбыз болгон эмес, ошон үчүн казакча жазып, казак тилинде «Өрүс» кезитине баскан.

– Көрсө, Аалы Токомбаевге чейин эле жазгыч акыныбыз болгон тура?

– Албетте, болгон. А ким айтып жүрөт болгон эмес деп?

– Айтмак түгүл, жазып жүрүшпөйбү? «Жазма адабиятыбыз жыйырма төртүнчү жылы «Эркин-Тоо» гезитинин тунгуч санына басылган. Аалы Токомбаевдин «Октябрдын келген кези» деген ырынан башталат» деп жүрүшпөйбү?

– Айтылганы да, жазылганы да туура эмес.

Капканынан бейнеткорлор чыккан бүгүн,
Балга мен дуспан туын жыккан бүгүн.
Барыда кол устасып, ураан салып,
Түбүнө кызыл тувдың ыккан бүгүн!

Жоомарт шатырата жатка окуп, кайра суроо салат.

– Бу кимдин ыры?

– Тыныстановдун ыры.

– Эмне деген ыры?

Жымжырт. Кыйладан кийин гана Жантөшев бошоң унчугат.

– «Бүгүнкү күн» деген ыры.

– Туптуура. «Эркин-Тоо» гезитинин алгачкы санына ушул «Бүгүн күн» ыры басылмак болгондо, гезитти өзүм чыгарып, өзүм уюштуруучулардан болуп атып, анан өзүмдүн ырымды берсем болбос деп Тыныстанов аткез берип коет. Ошондон кийин гана Токомбаевдин «Өктөбүрдүн келген кези» басылат.

– Биринчи жазгыч акын Токомбаев эмес, Тыныстанов экен да анда?

– Тыныстанов эле эмес, Молдо Кылыч, Молдо Нияз...

Касым Тыныстанов жөнүндө мына ушундан кийин көбүрөөк биле баштагам, эстеп калгам. Ошол кишини азыр чыдамсыз күтүп атабыз. Бир эле учурда акын, окумуштуу, коомдук ишмер имиш. А жашы болгону жыйырма жетиде дейт. Жаш эле туруп мынча өнөргө кантип жетип алган?

Ызы-чуу болуп аткан зор зал дароо жым тартып, сырттан Петр Кузьмич, анын артынан эки-үч бейтааныш киши кирди.

– Тиги орто бойлуу, буудай ыраң, сулууча киши, ошо Касым Тыныстанов, - деди кимдир бирөө.

Буудай ыраңды көз кароолума алып, кайда басса ошоякка ээрчип тиктеп калдым. Петр Кузьмич биз менен Тыныстановду таанышты рып, ага сөз берди. Ал кыска сүйлөдү, саз сүйлөдү, аягын ого бетер кыска жана саз жыйынтыктады.

– ...Кыскасы, элдин келечеги, элдин тагдыры силердин колуңарда, силердин моюнуңарда. Элибиз

ушуга чейин өткөн тарыхын эмес, бүгүнкү тагдырын али жакшы биле элек, жакшы изилдей элек, анткени, элибиз али караңгы, сабатсыз. Эл тагдырын ким ойлойт? Алдыңкы интеллигенция! А алдыңкы интеллигенция деген ким? Илим-билимдүү, окумал киши. «Элим», «жерим» дегенде ичкен ашын жерге койгон киши. Элдин күзгүсү, бу – чыгармачыл топ. Окумуштуусу, жазуучусу, сүрөтчүсү, ырчы-чоорчулары жок эл, ал эл эмес! Жөн гана курсагынын кулу болуп калган пенделер. Ошон үчүн биз да эл, журт бололу деп, маданият көргөн, таалим-тарбия көргөн дүйнө элдеринин катарына кошулалы деп минтип, элдин эсебинен силерге бекер окуу жай ачып отурабыз, ар бириңерди ар жылгадан окусун деп чогултуп отурабыз. Ошон үчүн биринчи милдет окугула! «Окуу, окуу жана окуу!» деп ким айткан?

– Ленин айткан!

– Сөздүн ток этери ушу! Окугула азаматтарым!

Жолугушуу бүттү. Тарадык. «Жазуучу, сүрөтчүсү жок эл – ал эл эмес» деген сөзү кулагымда уюду да калды. Айрыкча ушул жолугушуудан кийин, окуунун кыйын болгонуна карабай жан-дилибизди берип, тырышып, китеп кучактап, китеп жазданып жатчу болдук. Азыр ойлосом, ошо кезде илим-билимге, келечекке биз кандай тамтуң басып, бир торолуп келаткан учуру экен. Ошон үчүн азыркыдай «а жок, бу жок» деп коомго деле колко кылып, а өзү коом үчүн кылы кыйшайбаган кишилер а кезде аз эле, чын жүрөктөн, ак дилден эле.

Кылычын кармап, кыш кирип келди. Таягыбызды таштай салып, тоо-таштын арасынан, ар жерден, ар жылгадан келген бизге атабыз шаардан үй салып койгон эмес экен, салмак түгүл өздөрү ач-жылаңач жашап аткан экен. А өкмөт кайсынысына түтөт, бу канатына катса, бу канатына батпай калабыз. Өткөрүп койгонсуп, төрөлө элек жатып, элге эмгек сиңирип койгонсуп, кээде ыйлактайбыз. Кантели, пендебиз, караңгыбыз, сабатсызбыз, демек, кеңири ой чаргытууга али түркөйбүз...

Даярдоо классына кабыл алынган отуз бала жатакананын жанына тигилген үч боз үйдө жашап аткан элек, кыш келээри менен боз үйлөрдү бүгүп, жатаканалардын жанынан жай издей баштадык, а аларга бизсиз эле тар, кээлери аяк-башы болуп жатат. Муну көргөн Петр Кузьмич муңкурай түшүп, желкесин кашыйт.

– Мындай буларын ойламады дейсиңдерби, карактарым. Жай бою ойладым гой. Отамыстан калган дүйнө жок, шыдаңдар эми...

Петр Кузьмичтей адамдар чанда жаралат го. Бизге жатакана таппай айласы кетти, акыры өзү жашаган зор бөлмөнү бизге бошотуп берип, аялы экөө кичинекей Жорасы менен институттун ашканасына улаш түшкөн чакан бөлмөгө баш калкалады. Биз зор бөлмөгө кийиз төшөп, кыдырата төшөк салып, бай жатыш кылып, чиренип жатып калдык. Бу дүйнөдө өмүр бою телегейиң тегиз, теменең болбойт окшойт. Биз келген, биз өмүр өтөгөн бу ырааттуу, бу жыргал,

бу куу турмуш качан да болбосун өз үлүшүн, өз шыбагасын пендесине тартуулап турат окшобойбу. Ачкалыктан, кемсинтүүдөн, безгек оорусунан араң арылсам, эми мага бит деген неме жабышты, аябай шаштымды алды. Жиндиден качып кутулсаң болот, а биттен качып кутула албайт экенсиң. «Битке өчөшүп, көйнөгүн отко салыптыр» дегенге ошондо ишендим. Окууга, жылуу класска киререм менен аларга жан кире баштайт. Чакканын айтпайын, бир тобу колтугумдан кодоңдой жылуу жакка, ыштанымды көздөй жөрмөлөп баратканы даана билинип турат. Утуру тырманып отура албайм. Сабак башка кирбей эле көйнөк-дамбалымдагы борколдойлор менен сөгүшүп отурам. Адамдан айла качып кутулбайт экен, акыры бир күнү биттерге каршы айла ойлоп таптым. Чилденин чыкылдаган суугунда таң саардан элден мурун эрте туруп, сыртка кожоё тоңгон ажатканага чуркап кирип, көйнөк-дамбалымды чечип, тескери аңтарып, ажаткананын артына чыкылдаган суукка илип коюп, өзүм пальтону жамынып ажаткана ичинде тишим-тишиме тийбей калтырап-титиреп отурам. «Түнү сыртка жайып койбойсуңбу?» дээрсиз. Кудай деп уурдап кетпейби, эртеси эле жылаңач этиме пальто кийип калбайымбы. «Битке каршы дезинфекция жок беле?» дээрсиз. Бар болчу, бирок ошо жылы биттин заманы беле, деги арыла албай койгом. Ошентип, битке аябай табам канып, а өзүм далайга чейин калтырап-титиреп ажатканада отурам. Аңгыча балдар тура баштайт.

– Эй, Гапар, чык! Сен эмне аркан эшип отурасыңбы?

– Ой, бу ыштан-көйнөгүн илип алыптыр го! Сийип алып, чилдеге кургатып отурган го!

– Ха-ха-ха!

– Эй, чык тезирээк!

Аябай тоңгон бит көйнөк-дамбалымдын тигишине жабышып, жармаша албай калат экен. Кожоё тоңгон биттерди, кожойгон талга күүй баштадым.

– Эй, Гапар, битке өчөшүп, чочогуңду суукка алдырып ийбе?

– Ха-ха-ха!

– Мага күлгөнүңөрдү коюп, өзүңөр да ушинткиле. Мендеги борколдойлор силерде жок дейсиңерби.

– Ой, мунуку чын эле акыл...

Күнүнө болбосо да, жумасына эки ирет көйнөгүмдү күүп алчу болдум. Биринчи кыш мен үчүн, мендей ата-энеси алыс кембагалдар үчүн кыйын эле болду, ошон үчүнбү, мен жана мен сыяктуулар жазды жадырап тосту.

Биринчи курсту бүтүрүп, жайкы каникулга тарар учурунда мен үчүн мындай бир окуя болду. Жатаканада Рахманбердинин жаңы көйнөгү жоголду. Арабыздан ким алды? Арабызда ким ууру? Рахманберди өтө капа болду. Жайында үйүмө кийип кетем деп, сактап жүргөн жалгыз көйнөгү экен. Жоомарт мындай учурда күйүп-бышып кетчү. Анан калса институтта комсомол уюмунун секретары. Институтта болсун, жатаканада болсун жулунуп чыгып, жулунуп сүйлөгөн ошо. Көйнөктүн чуусу чыгары менен ортого чыга

калды. Баарыбызды жатакананын алдына катарга тургузуп, көзүбүзгө көзүн мадап чыкты.

– Тамаша кылып, алып койсоңор бергиле!..

Жымжырт. Кимдир бирөө акырын күлгөн болду.

– Тамаша кылып кантип алсын?

– Анда уурдап алгансыңар! Ууруңар ачыла электе, бергиле!

– Уурдаган киши кантип берсин?

– Анда ит апкелебиз! Киминдердин ит экенин ерди, ит дароо таап берет!

Бул уурулук тамаша эмес экенине, эч ким көйнөктү кайра эч кайрып бербесине Жоомарттын көзү жетти. Үч баланы үч курстан комиссия кылып, бизди сыртка кармап, үчөөнү жатаканага киргизди.

– Бүт тинтип чыккыла! Жаман куржундарынын түбүнө чейин карагыла!

Биз сыртта катарыбызды бузбай тизилип турабыз. Жарым сааттан кийин үчөө кайра чыкты.

– Табылды көйнөк!

– Кимден?

– Айтиевдин куржунунан.

Кимдир бирөө жаагыма чуу эттире тартып алгандай болду. Бул эмнеси? Баары мен, мени гана тиктеп калыптыр. Жоомарт кумсарып алыптыр, эки көзү ок болуп, азыр эле мени атып салчудай мага мелжинип алыптыр.

– Чык ортого!

Ортого чыктым. Эмне болуп кетти заматта?! Оозуман сөз түшүп, кеңгиреп калдым.

– Эмне үчүн уурдадың?

– Уурдаган жокмун!

Жоомарт жерди бир тепти эле, тармал чачтары көзүнө түштү.

– Эгер азыр моюнуңа албасаң, анда бүттүм дей бер! Институттун эшиги сага жабык!

– Уурдаган эмесмин! Кудай урсун, уурдаган эмесмин.

– Анан мен уурдаптырмынбы?! Мен уурдап, анан куржунуңа салып койгон экем да, ээ!

Өзүмдү канчалык карманганым менен көз жашымды кармай албай кеттим. Башым шылкыйып, эриндерим калтырай түшкөнүн бир билем. Дүйнө-өмүр бир тыйын боло калды. Эми эле ашканадан чыккан Аккагаз Арабаева деген кыз менин байкуш болуп турган абалымды көрүп, аябай аяп кетти көрүнөт, жаныма жетип келди.

– Жоомарт, бу эмне кылганың?! Бул өз группасында жакшы окуган, эң үлгүлүү бала. Уурдаган киши ушинтип турабы? Тапкан экенсиңер ууруну!

– Куржунунан табылып атпайбы?!

– А балким, куржунуна башка бирөө салып койгондур? Айтмакчы, эрте менен баардыгы сабакка кирип кеткен кезде Рахманберди Касымовдун бөлмөсүнөн Кыргызбайдын жалгыз чыгып келатканын көргөмүн...

– Кокуйбаев, чык ортого!

Кыргызбай ортого чыкты.

– Баары окууда отурса, сен эмне жатаканада жалгыз жүрөсүң?

– Рахманберди эртең менен сабакка кеткенге чейин көйнөгүң бар беле?

– Бар эле...

– Анда көйнөктү мына сен алгансың Кыргызбай! Алгансың да, Гапардын куржунуна салып койгонсуң!

– Кызык! – деди Касымалы Жантөшев. – Уурдаган көйнөгүн эмне үчүн Гапардын куржунуна салып коюшу мүмкүн?

Жоомарт:

– Экөө былтыртан бери «дос», ошон үчүн... Кыргызбай, моюнуңа ал... болбосо, ансыз эле бир эскертүүң бар, муну кошсок жөн эле ыргып кетесиң!

Кыргызбай үндөбөй шылкыйды. Жоомарт анын үшүн ала түшөйүн дедиби, бул ирет катуу чакчырылды.

– Институттун комсомол комитетинин секретары катары оюмду ачык айтып коеюн! Моюнуңа алсаң институтта каласың, албасаң, анда бүттү! Камчынын бөркүндөй ыргыйсың!

Кыргызбай башын жерден алды.

– Жөн эле... тамашалап койдум эле...

Кантип жеткенимди билбейм, Кыргызбайдын жакасынан бурдай алып, бир чайнап, бир жутчудай учуп барып чап жабышыпмын. Ал менден бойлуу эле, күчтүү эле. Муш салуу кайда. Эптеп да болсо кулагына, же мурдуна жетип, дароо кырча тиштеп салып, жооп берчү жерге өзүм баргым келди, бирок кулагына да, мурдуна да жете албадым. Мени андан ажырата албай атышты. Колдорум Кыргызбайдын жакасына кычкач болуп карышып калыптыр. Петр

Кузьмич келип калды. Аны көрүп, атамды көргөндөй буркурап ийдим. Мунумду ал дароо түшүнө койду окшойт, төбөмдөн сылады.

– Я-то знаю его... на такую подлость он никогда не пойдет... Спокойся... ну, спокойся.

Ошол ошо болду, ошондон кийин Кыргызбай мага тик карабас болду.

Мен сыяктуу жакын арада тууган-туушкандары жоктор жайкы каникулда институттун жатаканасында калып калышты. Анан калса кетүүгө алардын анча деле көңүлдөрү жок. Буерде үч маал тамак, волейбол, футбол...

Бир күнү унчукпай тамак ичип отурсам Петр Кузьмич акырын жаныма келип отурду.

– Ну как... вкусна?

– Кусно...

– Гапарчик... если я тебя отпушу на летнюю каникул в Ош... там есть у тебя кто-нибудь?

– Есть, Петр Кузьмич, атам бар.

– А то я вижу, слишком ты мой милый, кисленкой становишся... Тоскуешь по дому, наверно?

– Да-а...

– Мд-а... Ну ладно, я то отпушу тебя, а вот отец твой отпустить тебя обратно?

– Жиберет, жиберет, Петр Кузьмич! Былтыры өзү жеткирип келген мени.

– Ну пошли тогда, со мной...

Кайда экенин сурабай, ээрчип алдым. Базарга келдик. Шаарда а кезде дүкөн деген жок эле. Керектүүнүн

баарын базардан, колдон алыша турган. Кечээтен бери тынбай жаан жааганга, ат, арабалар чөөт суу-ларды шатырата кечип, базар ичи белчеден баткак. Петр Кузьмичтин жанында, кээде артында келатып, өзүмчө ойлоном, «Базарга мени эмне үчүн ээрчитип алды? Үйүнө азык-түлүк алып, ошону көтөртүп келейин деген го? Анда кудай берди, алтындай кишинин бир керегине жарап коеюн». Бирок, оюм башкача чыкты. Петр Кузьмич мага кийим алып бергени базарга ээрчитип келиптир.

Айтмакчы кийим жөнүндө. Былтыры Өктөбүр майрамына карата баарыбызга бир сыйрадан кийим, кара таардан шым, көйнөк берилген эле. Өлчөмүнө карабай, колго тийгенине кубанып, бирибиз кыскартсак, экинчибиз узартып, же алмашып жүрүп, өз-өзүбүзгө араң чактаган элек. Бул го мейли. Пальтобуз кызык болду. Даярдоо класста окуган эркек балдарга жакасы ийинин жапкан кыздардын кыпкызыл пальтосу берилди. Себебин суроого дымак кайда? Кыз-эркегибиз чогуу кийип алдык, кийгенде да кудуңдап, сүйүнүп кийип алдык. Атабыз алып берген пальтону кийип атсак, кыз-эркегине карайбызбы! Кыздар да, балдар да баарыбыз тең шайыгүлдөй кыпкызыл болуп баратканыбызды көргөн шаардыктар жылмайып, күлүп өтүшчү. Буга арданчу эмеспиз, кайра аларды бийиктен тиктеп, заңкылдап ырдап өтчүбүз. Былтыры берилген бир сыйра кийимим жыртылып калган эле. Петр Кузьмич бир сыйра кийим алып кийгизди, өзү кийгенсип ыраазы боло жылмайды.

– Теперь можешь ехать домой. Завтра же завхоз купить на поезд билет. Но то, что тебя я поручил не забыл?

– Жок, Петр Кузьмич.

– Повтори.

– «Эс алганча, өз айылыңдагы сабатсыздардын сабатын жоюп кел» дединиз.

– Правильно.

Эртеси жол алдым. Жолго чыгуу кандай жакшы. Сени кимдир бирөөлөр күтсө, же узатса, анда ого бетер жакшы. Поезд шаардан алыстай бергенде, негедир муун-жүүнүм бошой түшүп, бет аарчымды көзүмө алдым. Пишпекте атам калгансып, жүрөгүм тыз деп алды. Петр Кузьмичтин жанда жок жакшылыгы түпөйүл кусамды козгоп, терезе артында лепилдей калып аткан те сары талааны тиктеп келатып, акырын ыйладым, эч кимге көрүнбөй кубанып ыйладым. Жетимдиктин азабынан өмүрүмдө көп эле жолу ушинтип ыйласам керек, бирок мынчалык бүткүл денем жибип, бүткүл денем балкып ыйлаган эмесмин, анткени бул жетимдиктин ыйы эмес, корлуктун ыйы эмес, атам тааныбаган орус адамынын мага болгон камкордугуна эреркеген ый эле. Аңгыча кимдир бирөө:

– Эй, молдо, - деди.

Карай салсам баягыл өзгөндүк имам менен айтышкан малчы.

– Ассалоом алейкум, аке!.. Кандайсыз? Кайдан келатасыз?

– Кайдан болсун? Сен келаткан шаардан. Дайыма поезддеп жолугабыз.

– Дагы да чоң чогулушка барып келатасыз го?

– Ооба. Болгондо да Абдыкадыр Орозбеков деген агаңды Кыргыз АССРинин Аткаруу Комитетинин төрагасы кылып шайлап келатам. Орозбеков дегенди билчү белең?

– Угуп жүрчүмүн.

– А өзүң окууданбы?

– Иги.

– Оку, оку, айланайын. Сокур киши таягы менен жер чокулап, арык аттай турганын көрдүң беле?

Баш ийкейм.

– Билимсиз киши маселе чечерде өзүн так ошондой сезет экен. Ошон үчүн оку, айланайын! Окубаган киши – сокур. Мына, мен билимсиз киши, борборго келип, маселе чечимиш болуп жүрөм. А чын-чынына маселе чечпей эле, болгону кол көтөрүш үчүн атайы Оштон келем...

Ушу бакылдаган ачык киши менен былтыры бир вагондо борборго бирге келсем, быйыл бир вагондо борбордон кетип баратам. Билимсиз болгону менен акылдуу көрүнөт, акылсыз болсо, кемчилигин мойнуна алабы? «А чын-чынында маселе чечпей эле, болгону кол көтөрүш үчүн атайы Оштон келем» деп айтпайбы. «Кемчилигин ачык айтуу, мойнуна алуу – бу акылдуулук, эрдик» деп Петр Кузьмич айткан. Ушундай киши билимдүү болсо – элдин, жердин чыныгы кызматкери, чыныгы ээси болоор эле, ээ?

Ушундан улам Петр Кузьмичтин дагы бир сөзү эске түшөт. «Жалкоо, анан да ошо акылсыз киши билимге ээ болсо, ишти эле эмес, элдин-журттун пейилин кошо бузат» деген эле. Анда биз «Петр Кузьмич, жалкоо, анан да акылсыз киши билимдүү болалбайт да? Зирек жана тырышчаак киши гана терең билимге ээ болот» десек, ал казак-кыргызча чалып сүйлөп, андайлар каныга терең билим алышпаса да, эптеп сабатын жоюп, жогорку билимдүү деген жолдомо алып аларын, анан бир күнү эле кокусунан, же бирөөнүн жөлөмөсү менен төргө өтүп, бийликке келип алып, өзүнүн акылы ченелүү туруп, бирок акылдууларга акыл үйрөтүп, буйрук бере баштарын, ошон үчүн бүт элдин сабатын жоюу, мүмкүн керектир, бирок эл ишине, эл кызматына жараган, элим дегенде ичкен ашын жерге койгон азаматтарды гана окутуп, бийликке көтөрүү керек экенин, антпесе, бу акылдууга акыл үйрөткөн дардаңбайларың эртеби-кечпи, жанагы зор даректын түбүн жеп отуруп, акыры түбү жыгып тынган жемекей курттар бар го, алар жаңы заманыбыздын түбүндө дал ошондой доо кетириши мүмкүн деген эле.

Хе де. Биздин бүгүнкү «жарабызды» көрсө ал ошондо эле байгамбарындай көрө билип, алаканга салгандай төлгө тартып койгон экен го.

Ташкен, Кокон, Анжиян арытып, атам топурагын түйүп берген кичинекей Төлөйкөнүмө келип түштүм. Өз жериңдин топурагы, өз жериңдин авасы ай! Тигине, калпагын баса кийген Имангазы аке атын

бөкөн жортуш менен шалактата жорттуруп, кайдадыр баратат. Алгачкы айыл активи дейт. Атам экөөбүз кучак жайып жолугуштук. Айылдагы сабатсыз, караңгы адамдар үчүн айдан келгендей эле болдум. Атамдын жаман үйүнө ар ким баш багат.

– Айтинин Гапары молдо болуп, жердин жети түбүнөн келиптир.

– Жетим жетилет деген эле ушу.

Келерим менен отуруп калбадым, ишке кириштим. «Сабатсыздыкты жоюу», «сабатсыздык менен күрөшүү» деген ураан ошо кезде дүңкүлдөп турган. Каникулга келген ар бир студенттин мойнунда жок дегенде он кишинин сабатын жоюу милдети турган, эмне иштеп, эмне койгону жөнүндө справка алып келүү талап-талиби турган. Айыл аралап, тамга таанууга умтулган кишилерди чогултуп алып, окууга үйрөтө баштадым.

Камчы сабы менен калпагын желкесине түртө кеп салат Имангазы аке.

– Э, Гапар, жакында бизге тиректир деген темир ат келет дейт, ушу чынбы?

– Чын.

– Онуң атка окшоп жем жеп, суу ичип, эс албайт дейт, ушу да чынбы?

– Чын.

– О, кыстала-ак, кыйын экен ондо.

– Бир күндө миң аттын жумушун бир өзү бүтүрүп коет дейт. Жерин өзү айдап маласын өзү тартып, үрөнүн сээп кетет дейт.

– О, кыстала-а-ак! Социализмдин аты деп жүргөн ошо го?

– Ошо...

– Ошо... сен окуган Чүй бооруна төрт буттуу машине келиптир дейт го?

– Келген...

– Жем жебей турган чыныгы күлүк, мына ошо дейт. Ону бир шум үркүтөм деп, тонун тескери кийип алдына жата калган экен дейт, чала-була үркүп, бирок аттан да акылдуу көрүнөт, өзүн тепсебей, тонун гана чала-була тепсеп өтүптүр дейт...

– О, күспүрүштүкү-ү-ү! – Оозу ачылган чоң калпак, оозун жабалбай таң калат. – Жылкыдан да акылдуу экен, аа?

– Айтпа...

Бир күнү Имангазы аке мындай деди.

– Кат-сабатың чыгыптыр, үкөм... бу жакшы. Эми тиякка... аркага барбай эле кой.

– Ии?

– Бизге актүп бол. Үйлөп туруп, үй салып беребиз.

– А менин сүрөтчүлүгүмчү? Сүрөтчү боломун деп окуп жүрбөймүнбү?

Имангазы аке жактырбай кол шилтеди.

– Сүрөтчүлүк дегениң баягы... адамдын кавата-кашпирин кагазга түшүргөн немеби?

– Ии.

– Ошо да өнөрбү! Адам болом десең чоң бол, эл башкар. Мындан өткөн өнөр жок, үкөм.

Көзүм ачылып, эл көрүп, жер көрүп, алыс жерден жем жеп калган мен буга көнөмбү.

– «Чоңдун арты кор» дейт Имангазы аке. Кийинсоңгу кор болгум келбейт!

VII

Миң тогуз жүз жыйырма сегизинчи жылы кыргыз эли араб тамгасынын ордуна, латын тамгасын кабыл алды. Жазуу эрежелеринин жаңы ыкмаларын кайрадан түзүү, кайрадан жазып чыгуу милдети турду. Бул олуттуу ишти өтөөнү Кыргыз АССРинин ошо кездеги Эл агартуу комиссары Касым Тыныстанов Арабаевге ишенип, Арабаевди тандаса, а Арабаев өзүнө жардамчы кылып, өзүнөн жыйырма беш жаш кичүү Кусейин Карасаевди тандап алды.

Кусейн Карасаев таза жуунуп, таза кийинип, таза ойлоп, таза сүйлөгөн чыкыйган ак жумал, сулуучу жигит эле. Арабаев ага бир күнү муну айтты:

– Латын тамгасына өтүшүбүз үчүн «Жаңылык» алып-бээсин түзүп, өзүнчө китеп кылып чыгарышыбыз керек. Китеп кылып чыгарыш үчүн китепти жасалгалай турган сүрөтчү керек...

– Петр Кузьмичке кайрылбайлыбы. Анын педтехникумунда[2] «Кызыл учкун» кружогу иштей баштады, анда азырынча болочок архитектор гана жок, калгандары бүт бар.

[2.] Эл агартуу институту 1928-жылы педагогика техникуму болуп өзгөрүлгөн.

– Анда Петр Кузьмичке бар да, ал-жайыбызды айт. Бизге мыкты деген сүрөтчүлөрүнөн бирди берсин.

Эртеси Кусейин педтехникумга келди. Петр Кузьмич жок экен. «Петр Кузьмичтин баласы өлүп, эки күндөн бери келе элек» деди кароолчу. Анда көңүл айтып коеюн деген ойдо Кусейин Юдахиндикине жөнөдү. Ал үйүндө эмес, педтехникумдун жатаканасында экен. Жатаканага кирип-чыккандардын өңү муңайым, суз, техникумда окугандардын бүт баары көрсө ушерде тура. Кусейин ичкери кирди. Жатакананын кызыл бурчунда табыт коюлуптур. Тегерек-теген окуучулар. Табыттын башында Петр Кузьмич мөгдөп турат. Жора деген жалгыз уулу бар эле. Ай, кыйын болгон экен! Кусейин асте сурады.

– Жора каза болуп калдыбы?

Жанындагы аңкайып тиктеп калды.

– Бу эмне дегениң Жора сыртта ойноп жүрбөйбү?

– Анда бу ким?

– Бизде окуган Абазкан Шабдановду билчү белең?

– Ооба.

– Ошол. Кечээ каза болду.

Кусейин ошондо гана түшүнүп, Петр Кузьмичке бурулду. Кузьмич табытка ийилип, муңкана түтөдү.

– Ойбай-ай! Абазган карагым-ай! Мынша эрте кеттиң арабыздан! Өзүң өлмей эле бизди өлтүрдүң гой, карагым! – Тургандар көз жашын сүртүштү.

Ошо күнү эле эмес, эртеси да Кусейин Петр Кузьмичке даап баралган жок, бирок устатынын

тапшырмасын чукул аткарышы керек. Сүрөт кружогун башкарган Образцовго кайрылды.

– Владимир Витальевич, латын алфавитин чыгарыш үчүн бизге сүрөтчү керек болуп атат.

– Силерге жөн эле сүрөтчү керекпи, же мыкты...

– Албетте, мыкты...

Образцов узун көйнөккө Лев Толстойчо кемер курчанган сүрөтчү эле. Оң колун кемерине сугуп, аяк-быягын омсоңдой карап, көп балдардын ичинен бирөөнү чакырды.

– Айтиев, кел бери!

Карай салсам – Образцов. Жетип келдим.

– Мынабул Кусейин Карасаев деген агаң болот. Сүрөтчү керек экен, эмне десе ошону кыласың. Хоп!

– Хоп!

«Ушу музоо кирип, мышмыйган сары неме китеп жасалгалай алабы?» дегендей, Кусейин мага көңүлү толбой тиктеп турду.

* * *

Ишеналы Арабаев мени жылуу тосту. Сүрөт тартпасам колум кычышып, көңүлүм бузулуп жүргөн мен, ишке дароо сүңгүдүм да кеттим. Бир күнү Арабаев мени төбөмдөн асте сылап:

– Азаматы-ым, дурус, дурус, - деп койду. – Кыргыздын сүрөт өнөрүн баштоочулардын башы мына өзүң болот экенсиң...

Ичимен кыйла дардайып калдым. Сүрөт өнөрүнө зор маани берип сүйлөгөн кишини биринчи учуратышым.

Он жетинчи жылга чейин жаза жана окуй билген кыргыз аттуу төртөө болсо, Ишеналы Арабаев ошонун бирөө эле.

Азыр эмес, ошо онунчу жылдары эле Арабаев кыргыз тилинде окуу китептерин жазып, балдарды окутуп, элдин көзүн ачууга бүткүл күч-кубатын жумшаган. Он үчүнчү жылы «Медресе Гапияны» бүтүрүп, он алтынчы жылга чейин Ысык-Көл менен Тянь-Шандын айыл-кыштактарында бала окутуп, мугалимдик кылат. Он алтынчы жылы үркөн эл менен бирге Кытайдын Үч-Турпанына качып барып, өз Мекенине кайра он жетинчи жылы кайтып келет. Келери менен кыргыз мектептеринде мугалимдерди даярдай турган алгачкы курстарды уюштурат. Жыйырманчы жылдардын башында Түркстан АССРинин эл агартуу комиссариатында иштеп, кийин кыргыз илимий комиссиясын башкарат.

«Манас» эпосун эл оозунан жыйноо ишин биринчи болуп Арабаев колго алган. Сагынбай Орозбак уулунун оозунан жаздыруу ишин уюштуруп, жазып алууну Каим Мифтаковго тапшырат, бирок Каим Мифтаков манасчынын сөзүн кыргыз тилинде жазалбаганы үчүн бул иш Ыбырайым Абдыракмановго ыйгарылат.

Ишеналы Арабаев ошол кезде бир эле кыргыз арасында эмес, бүткүл Түркия жаатында таанымал молдо эле. Жыйырма төртүнчү жылы Оренбург шаарында ачылган казак, кыргыз илимпоздорунун тунгуч съездине Түркстан АССРинин эл агартуу комиссариатынын атынан делегат болуп катышып, съезддин президиумунда отурган. Съездде кыргыз

алфавитине тиешелүү али чечиле элек талаш маселелерди чечип келген. Келери менен кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде «Саамалык» аттуу чакан китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. Мурда басылган окуу китептери, жазылган грамматикалык эрежелери, бала окутуунун жол-жобосун көрсөткөн методикалык колдонмолору, кыргыз мектептеринин каалгасын биринчи ачкан тажрыйбасыз жаш мугалимдер үчүн Арабаевдин бул саамалыгы караңгыда жол таппай, темселеп турган аларга кол чырак болуп берди. Бир ирет мен андан:

– Ишеке, эмне үчүн араб тамгасынан латын тамгасына өтүп атабыз? - дедим.

Ал адатынча бир саамга үндөбөй калды, анан мурутун сылап коюп, акырын минтти.

– Жаш балдарды тез кат таанытууга, чоңдордун сабатсыздыгын тез жоюуга, эң негизгиси элдин маданиятын тезинен көтөрүүгө араб тамгасы кедерги болуп атат, мындан ары да боло бериши мүмкүн, ошон үчүн.

– Анда латын тамгасы бизге ылайык экен да?

– Абдан... Эми бара бер жатаканаңа. Бүгүнкүгө болот ушу.

Жатаканага кеч келдим. Бир бөлмөдө төртөөбүз жатчубуз. Райкан Шүкүрбеков, Жээнбай Самаганов, Абазкан Шабданов, анан мен. Башканы билбейм, Абазкандын өлүмү мени катуу ойго салды. Кечээ эле бар эле, а бүгүн жок. Кечээ эле жер үстүндө эле, бүгүн жер алдында. Анын бары-жогу бу тирүүлүктү

бир солк эттирбей, турмуш андан ары улана берди. Ай, атаңдын гана көрү, өмүр ай! Бу дүйнөгө келгениң менен эртеби-кечпи кетет турбайсыңбы, убактылуу турбайбызбы, болгону бир келип кетчү мейман турбайбызбы!

Ошентип жатаканага кеч келдим. Абазкан жатчу керебетте бейтааныш өспүрүм жатыптыр. Келерим менен Райкан артымдан кирди.

– Сени эле күтүп атабыз...

– Эмне болду?

Абазкандын керебетинде жаткан бейтааныш өспүрүмгө кол жаңсады.

– Абазкандын ордуна келди. Таанышып кой. Аты-жөнү – Алыкул Осмонов. Бу да сендей жетим өсүптүр. Чыртыя калдым.

– Ток этерин айтчы! Мени эмнеге күттүңөр?

– Бу дос көйнөгүн күрөшө кетип жыртып алыптыр. Кузьмичке кирели десек Абазкандын азасынан ал арыла элек, кирбейли десек, минтип айрык көйнөгү менен окууга түгүл, ашканага баралбай жатат...

Куржунумдагы көөнөргөн, таза көйнөгүмдү алып Райканга сундум. Райкан тигил чалкасынан жаткан өспүрүмгө бурулду.

– Кана, тур!

Бетинде болор-болбос чаары бар, маңдайы кууш, үстүңкү ээрди саал калбык, оң жак таноосунда борсойгон меңи бар, шиш баш арык өспүрүм ордунан турду. Турду да көйнөктү Райкандын колунан акырын алып, мени тиктеп акырын ыракмат айтып,

анан өзүнчө эле акырын иймене күлүп коюп, көйнөктү дароо кийип алды. Анын сырткы көрүнүшү мага анча жага бербегени менен, адамды акырын ыйбоо карап, акырын иймене күлүп койгон жылуужумшак мүнөзү жага түштү:

Бир күнү Петр Кузьмич биринчи, экинчи курстун окуучуларын чогултуп алып минтти.

– Каректарым, өткөндө Касым Тыныстанов келип кетти гой. Сендердин жаксы окуганыңарды жактырып, сон үчүн акча бөлө турган болду, сол киси. Ол акчага Москвага экскурсияга баратун болдуңар.

Башканы билбейм, менин сүйүнгөнүмдү айтпаңыз. Москвага барып келген киши, а кезде Меккеге барып келгендей болчу. Өлкөбүздүн күрөө тамыры, толтосу ошо жер. Ленин жашап, Ленин иштеген жер. Жөнөөчү күндү чыдамсыз күттүк, жарылып кетчүдөй күттүк. Мындай учурда күнүнөн түн, түнүнөн күн узак. Жетимдерди өлкөнүн төрт бурчунан терип, чогултуп, үстүнө ак шейшеп жаап, колуна ак нан карматып, атадан артык асыроого буйрук берип, маселе чечип аткан Москва кандай болду экен? Бейиштин эле төрү го. Гапар Москвага барыптыр дегенди төлөйкөндүктөр укса ээ! Баарынан да иттер менен кан талашып жашаган Жоро айылындагы баягы мени кордогон балдар укса ээ!

Күткөн күн келди. Алтымыш ашык балага бир вагонду бүт алыптыр Кузьмич. Төрт-беш мешокко жапкан нан, өрүк, кант, чай жана сүрсүгөн колбаса алып, жол азыгыбызды вагондун бир бурчуна камдап

салыптыр. Ар күнү эртең мененки тамакты ушерден колго алабыз, түштө жана кечинде Кузьмич бекеттерден ысык тамак алып берет.

Поезд токойдон чыгып, токойго кирет. Россиянын кенен талаалары бош жатат, иштелбей жатат. Чөбү тизеден суналып жатат. Эгер жазда бир музоо алып, ушул көк жайсаңга кое берсе, күзүндө өзүнөн өзү эч багуусуз эле өгүз болуп калчудай. Бирок, эмне үчүн мал багышпайт? Музоо түгүл, короолордон тоок көрүнбөйт.

Тигине, Москва! Жол жүргөнүбүзгө он үч күн дегенде Москва көрүндү. Баарыбыз терезеге жабылдык. Бийик, нары москоол, нары сүрдүү үйлөр. Ээжаа бербей күпүлдөп агып жаткан дайрадай, оңсолго агып жаткан эл. Москвага караганда биздин Фрунзе жүдөгөн бир эски кыштак тура. Поезддан түштүк. Энесин ээрчиген жөжөлөрдөй, Петр Кузьмичти чурулдай ээрчийбиз. Шаар сыртындагы педагогика техникумунун жатаканасына жайгаштык. Душка түшүп, ак шейшептерге жыргап жатып калдык. Эрте мененки жана кечки тамакты техникумдун жатаканасынан, ал эми түшкүнү шаардын оң келген жеринен ичмей болдук. Шаарды кыдырып жөнөдүк. Москвада машинеден ат араба көп. Тулпар сындуу, байгеге чыкчу ойноктогон аргымактар болгону араба сүйрөп жүргөнгө ичим ачышты. Музейлерди, дүкөндөрдү, парктарды кыдырып бүтүп, эми театр калды. Кыргыздын болочок акын-жазуучулары, сүрөтчүлөрү партиялык кызматкерлери орус элинин классикалык

операсы жана музыкасы менен таанышсын дедиби, бир күнү Петр Кузьмич бизди «Евгений Онегин» операсына алып барды. Оюндун өзү эмес, театрдын ичи эле бизди басынтып, жүдөтүп салды. Илинген сүрөттөрдү көрүп, анан күзгүдөн өзүңдү көрсөң чын эле басына түшөсүң.

Оюн башталды. Кара тамактын кайгысын тартып, жылга-жылгада өлбөстүн күнүн көрүп, эптеп боор көтөргөн жетимдер операны түшүнөбү. Тиги сахнадагы экөө качан сүйлөшүп, же качан өбүшөт деп ойлонгонубуз эле ошо, бирок экөө эки жерде туруп, жаагын жанып ырдайт эле ырдайт. Кыйшактап, эригип-зериге баштадык. Оюндун ортосуна келгенде акырын аяк-быягымды карасам, кайран гана кыргыздын болочок азаматтары, кыйшайып көпчүлүгү уктап кетишиптир. Кээлери коңурук тартып алыптыр. Петр Кузьмич моюн созо жанындагыга шыбырайт:

– Ойбай, каректарым, маскара болдук го москвиштерге, уктамаңдар!..

Кечке шаар кыдырган балдар ага көнбөдү, кайра эле шылк эте уктап кетишет.

Антракт кезинде Петр Кузьмич баарыбызды бир бурчка жыйып алып, ичинен күйүп-бышса да сыртанын билгизбей тынат.

– Каректарым, биз көрүп жаткан Александр Пушкиндин жазган поэмасы гой. Болду, жетеди энди, уктамаңдар. Беттериңди муздак сув менен жууп салып, жаксылап караңдар.

Какшап эле ырдашат, же бир тилине түшүнсөк экен. Кээлерибиз кайра уктап кетиппиз. Топуратып, оюндун жарымынан бизди ээрчитип кете албай, же утуру ойгото албай Петр Кузьмич аябай убайым тартты. Эртеси аябай капаланып, бирок ошо капасын сыртынан такыр билгизбей сүйлөдү.

– Каректарым түндө аябай маскара болдук гой. Москвиштер күлдү гой! Жетеди, энди экинши театрга сендерди алып бармас болдым.

Москвада жыйырма күнчө болуп, кайра он эки күн дегенде Фрунзеге келдик.

VIII

Алыкул түнкүсүн күрсүлдөп кургак жөтөлүп чыгат. Күн бүркөлсө, Алыкул кошо бүркөлөт, жөтөлү ого бетер күчөйт. Түнү бою жөтөлгөн ал эртеси ичин кынжыя басып:

– Ушу кургак жөтөлдөн улам, ичимдин ички тери-синен бери ооруп калат, - деп акырын күлүп койду.

Класс жетекчибиз бир күнү класска кашка баш кишини ээрчитип келди.

– Балдар, бу киши доктор. Силерди көрсөтөйүн деп чакырып келдим.

Кашка баш доктор баарыбызды карап чыгып, Алы-кул менен Райканды бизден бөлүп алып калды. Мына ошол күндөн тартып өмүр бою Алыкулдун башы оорукана менен доктордон арылган жок.

Кашка баш доктор Алыкулду ооруканага алып кетти. Азыркы курулуш техникуму бар го, ошонун

батыш тарабында, темир жол боюнда узата салынган бир кабат эски там ошо кезде эле оорукана аталчу. Алыкул ошерге жатып калды. Бала кезинен сүзөктөп келген дарты учук оорусуна айлана баштаптыр. Ооруканада бир ай ашык жатты. Күрсүлдөгөнү тыйылып, өңүнө чыгып калды. Чыгарат деген күнү баарыбыз чогулуп бардык. Райкандын четине кара баркыт кармаган чоң сары тонун кийгизип, жатаканага чыгарып алдык. Алыкул ооруканадан калың дептер ала келди. Анда эмне жазылганын эч кимге айтчу эмес, жашырчу. Анын болгон дүр-дүйнөсү так ушул дептерге жашырынып ыр жазат экен, кийин билдик. Бир ирет Жээнбай Самаганов дептериңди көрсөт деп аржайлана баштады эле Алыкул кадимкидей ызаланып, сыртка чыгып кетти. Жөтөлү көп узабай кайра ачылды. Керебетинде чалкасынан томсоруп, бир калыбында узакка жата берчү. Кээ-кээде жаздык алдынан калың дептерин ала коюп, бир нерселери жазып, анан бат эле кайра катып алчу. Жанында мына ушул калың дептер пайда болгондон баштап мүнөзү өзгөрүлүп, ойчул болуп кетти. Футбол, волейбол ойнобой, топко аралашпай, өзүнөн өзү суз тартып, жалгыздап кетти.

Аудиториянын ичи кышында суук болор эле. Ошон үчүн бир ирет Образцов кимдир бирөөнүн чоң кыргыз тонун кийип келип, кружок өткөрдү, кечинде биз менен келип жатаканада конуп калды. Керебетте чалкасынын томсоруп жаткан Алыкулга токтоло калды.

– Алыкул, сени жашырып ыр жазат деп угамын. Анын эмнесин жашырасың? Кайра сыймыктануун

керек. Сен суфлердукту таштап, ыр жаз. А сен Гапар, сүрөт тарт. Келечекте бириң акын, экинчиң сүрөтчү болосуң...

Ансыз эле, айрыкча үчүнчү курска келгенимде ой тилегим, максатым бир гана сүрөтчүлүктө экенин, ошол гана мага күч-кубат, жашоо берерин түшүнө баштаган элем.

«Эмне үчүн мугалимдикке окуп атам? Эмне үчүн дароо эле сүрөтчүлүккө бой урбадым» деп ойлойм. Айрыкча Образцовдун сүрөт ийримине катыша баштагандан бери менин жан дүйнөм дал ушу сүрөт өнөрүндө экенин ого бетер сезе баштадым. Анын үстүндө Образцов дагы бир ирет делебемди козгоп:

– Сенде тубаса шык бар, мындай шыкты кудай ар кимге эле бере бербейт, - деди.

Көркөм өнөрүнө көзү ачык Образцовдой кишилер мындай сөздү ар кимге эле айта бербесе керек. Ойлонуп калдым. Канат бүткөндөй өзүмөн өзүм күүлөнүп калдым. Те борбор тарапта сүрөтчүлүк окуу жайы бар экенин, ага эмитен барып билим алса боло турганын билип, бир күнү эл агартуу комиссариатына бардым. Касым Тыныстановдун өзүнө кирүү кайда. Андан берээгине кирдим, оюмду айттым. Оюмду уккан тиги сөзүмө таң калды, чыртыйды.

– Бу кандайсыңар силер... Өкмөт бардык каражатыңарга чыдап окутуп атса, а силер бөйрөктөн шыйрак чыгарып... Өткөндө эле сага окшогон Малдыбаев деген неме мени Москвага ырчылык окууга жибергиле деп келиптир. Ойлоп көргүлөчү...

Мугалимдиктен да ушу ырчы же сүрөтчүлүк жакшы болуп кетиптирби? Тоо-таштын сүрөтүн тарткан да ушу кесиппи? Ата-бабаңар билбеген кайдагы бир нерсени айтасыңар. Сени биякка ким жиберди?

– Образцов...

– Образцовуңа айтып бар, көө-өп ал бөйрөктөн шыйрак чыгара бербесин!

Сумсайып жолго түштүм. Айылдан билимсиз бирөө ушинтип айтса мейли дээр элем, зор мекемеде галстук тагынып, маселе чечип отурган билимдүү киши ушуну айтканда курушпаган жерим курушту. Азыр ойлосом, биздин интеллигенттердин деңгээли ошо экен.

Жатаканага келип, катуу санаага чөктүм. «Сүрөтчүлүк эмне, кесип эмеспи? Кесип болбогон учурда да ушунчалык кемсинтеби? Ал эми Владимир Образцов сүрөтчүлөр жөнүндө, алардын көркөм ой-чабыты жөнүндө сүйлөгөндө көздөрү жайнай түшөт го? Айрыкча, Суриков же Репиндин сүрөттөрүн бизге көрсөтүп сүйлөгөндө, алардын сүрөтүндө кандайдыр бир ыйык сыр, купуя дүйнө жаткандай, мына ошол ыйык сыр, купуя дүйнөнү, илхамды ыйык кишилер гана жарата аларын айтпадыбы! Жо-жок! Мен башкага ишенбей ушу Образцовго гана ишенемин! Бул өнөрдү көңүлүмө элеп-желеп эңсеп жүргөнүмдү бир гана ушу киши билет. Айрыкча колума калем алып, сүрөт чие баштаганымда жүрөгүм элирип, бүткүл жан дүйнөм балкып, ички ой-санаам ойгонуп, бу өмүр, бу дүйнө, бу жашоонун миң түркүн сырына ошо

ой-санаам чабыт алып, кыялымда мас болуп, магдырай калып жүргөнүмдү да ушу киши гана билет.

Азыр ойлосом, өтө эрте өлгөн Образцов айрыкча мага окшогон элеттик жаштарга педагог катары эле эмес, сүрөткер катары, адам катары, жаңы замандын жарчысы катары зор эмгек өтөгөн экен. Кыйла жылдан кийин анын ошо отузунчу жылдардын башында тарткан сүрөттөрүн карап отуруп, анын чебер живописчи экенине аябай ынандым. Аны ошо кезде Чуйковдун чыгармачыл ой бүтүмүн (концепциясына) таасиринде болгон деген кээ бир кыргыз сүрөтчүлөрүнүн азыркы ой-бычымына такыр кошула албаймын. Экөө пикирлеш жана жакшы санаалаш курбулар болгон менен Образцовдун сүрөтчүлүк маанайы өзүнө гана тиешелүү бөтөнчөлүгү менен айырмаланып, дүйнөнү кандай көрүп, кандай кабылдаса, ошол туюму, ошол баамы чыгармачылыгында символикалык жалпылоо менен берилген экен. Отузунчу жылы тарткан «Кызыл армияда кызмат өтөп кайткан жоокер» деген картинасында ал күндөлүк жашоонун нагыз табитин мезгил үнүнө шай келтирип, даана көрсөтүп салбай, тескерисинче, образдарды символдоштуруу жолу менен болжолдуу жалпылаштырууну максат кылып койгон. Натыйжада, каармандардын бир кылка жылмайып, шаңдуу турушу фольклордук ыкманын ченеминен чечилип, чыгармада мезгилдин үнү менен адамдардын улуттук ой-санаасы, мүнөзү шайкеш келе түшкөн. Чуйковдун сүрөткерлик дүйнөсү, концепциясы Образцовдукундай эмес, өзүнчө. Ар бир адам дүйнөнү кандай кабыл алса, аны кандай

түшүнсө, кандай жалпыласа С.Чуйковдун сүрөтчүлүк дүйнөсү эки башка болгон.

Ошентип, сүрөтчү болом деген дымагым ишке ашпай, педтехникумда окуп кала бердим. В. Образцовдун педтехникумдун алдында уюштурган сүрөт боюнча ийриминде менден башка да Касымалы Жантөшев, Саткын Сасыкбаев, Керим Сооронбаев жана Николай Чекменов катышчу, сүрөтчүлүктүн кумары аларды менчелик даарый албады окшойт. Алгачкы кирет ашык болгон боз улан өзүнөн өзү жалгыздап, кандайдыр бир муюган ой кыялына түнөгөндөй, мен да жылгыздап, ушундан улам кээде шаар сыртына чыгып кетчүмүн. А кезде шаардын сырты азыркы эле темир жол жээктей жалгыз келаттым. Шаар жашыл көктөмгө оронуп, кыкка тойгон көк чымындар дың эте мени теңсинбий кулак учуман өтөт. «Сабаттуу бол» газетасынын ушул жылы чыккан эң биринчи саны колумда. Бул санга Алыкулдун ыры чыгыптыр. Мен ага нары суктандым, нары сыймыктандым. Элге айтар үнү бар, үнүн элге жеткирер гезити бар. А менин эмнем бар? Көкүрөк тепкен максатымды ким угат, ким түшүнөт?.. Башканы айтпайлы, Эл агартуу комиссариатынын өкүлү «сүрөтчүлүк бу ата-бабаң кылган иш эмес» деп, мени кайра жолума салды. Мал менен жүрүп, бу уту-румдук дүйнөдө, карын тойсо гана болду деп, бирок, адам рухун азыктандырган искусствонун дүйнөлүк маанисин билбей, түшүнбөй калган окшобойбу?!

Оркестрдин дүңкүлдөгөн үнүнөн селт эте баш көтөрдүм. Ойго муюп келатып, Пишпек станциясына келип калганымды билбей калыпмын. Станцияда эл

көп. Эсимде, ушул эле жылдын март айында дал ушул жерден дүңкүлдөгөн музыканын алдында Россиядан келген «25 миңчи» жумушчуларды тосуп алган элек. А бүгүн кимди тосуп атышат болду экен? Айтмакчы, 10-июнда болуп өткөн ВКП (б)нын Кыргыз областынын 6-конференциясында Кыргызстан областтык комитетинин биринчи секретары Шахрай чехословакиялык жумушчулардын бир топ делегациясы келерин айткан эле, ошолор болуп жүрбөсүн? Жаман, кир тепкичтер менен өйдө чыгып, элге аралаштым. Көп элдин ичинен Владимир Образцовду көрүп калдым. Ал баардык ызы-чууну унутуп, терең ойго чөгүп, «Словянка маршын» дүңкүлдөтө ойноп аткан оркестранттарды термеле тиктеп туруптур. Жанына жетип бардым. Мени көрүп, жылмайып койду.

– Владимир Витальевич, кимди тосуп атасыңар?

Юлиус Фучикти...

Поезд токтоп, оркестр ого бетер дүңкүлдөдү.

– Тигине, Фучик, - деди Образцов поезддан чыга берген кара каш, кара көз, сулууча келген москоол кишини көрсөтө берип. Гүл ала чуркаган пионерлер Юлиус Фучикти тегеректей жабылды. Чехословакиядан келген бир эле Фучик эмес, бир топ киши экен. Көп узабай ачык аянтта митинг башталды. Митингдин аяк ченинде Образцовго сөз берилип, ал педтехникумдун иштери, анда азыр жүздөгөн кыргыз жаштары окуп жаткандыгы, педтехникумдун алдында адабият жана искусство боюнча бир нече ийримдер иштеп аткандыгы, анда Касымалы Жантөшев,

Алыкул Осмонов, Абдылас Малдыбаев жана Гапар Айтиев сыяктуу келечектин акын-жазуучулары, композиторлору жана сүрөтчүлөрү окуп жаткандыгы жөнүндө ишенимдүү айтышы нары мени толкундантты, нары ойлонтту. Ушундан уламбы, сүрөт тартууга ого бетер дилгирленип, сабактан тышкары бош убактымда эч ким көрбөгөн жерге отуруп алып, Төлөйкөндүн топурагын түйүп берген атамдын, атадан артык камкордук көргөн Петр Кузьмичтин, көңүл көксөөмдү сезип, сүрөтчүлүккө алгачкы ирет багыт, түрткү берген Владимир Образцовдун портреттерин тарта баштадым.

IX

Каптал-Арыкта жашаган аталаш абасыныкына кеткен Алыкул Осмонов кезектеги жайкы каникулдан өңүнөн азып, кыйла жүдөй түшүп келди. Келери менен куржунун аңтарып атып, өзүнчө күбүрөндү:

– Колхоздо иштеп, бир аз кийим-кечек камдап алдым...

Баягыл күрсүлдөгөн жөтөлү кайрадан күчөп, кайрадан ачылган көрүнөт, мурда түнү гана жөтөлсө, азыр күндүзү да жөтөлө баштаптыр. Оорусу кайра ачылганга сабакка болгон мамилеси, өздөштүрүүсү чукул начарлап кетти. Балдар менен бирге сабак даярдабай, өзүнчө бөлүнүп, өзүнчө даярданып, билинбей жалгыздап калды. Бу жолдошторун жерип, же четтегендик эмес такылдаган куу жөтөлүнөн айбыкканынан го. Бизден бөлүнөрдө акырын гана:

– Мага алагды болбогула, - деп сылык-сыпаа эскертип кое турган.

Кээде кыстагансып, класста биз жым тартып жазуу ишин баштаганыбызда жөтөлүү башталчу. Мындай учурда сыртка чыга берчү, негедир баягыл калың дептерин ала кетчү. Деги ушул дептери жанынын жарымы сыяктуу эле.

Бир ирет педтехникумдун китепканасы биринчи кабаттан, экинчи кабатка көчүрүлүп калды. Жардамга баарыбыз чыктык, бирок бара-бара көбүбүз билинбей тарап, иштин аягына чейин бир гана Алыкул калыптыр, кечинда барагы саргарган чоң китеп колтуктап келди. Ал «Орус поэзиясынын антологиясы» экен. Мына ушундан кийин, бала мышык энесин унутуп, түйүнчөк менен алышкандай, Алыкул бизди унутуп, ошо китеп менен алышты да калды. Жатса-турса эрмеги ошо, калем менен чийип окуйт, жыргап окуйт, бүткүл ой-санаасы менен окуянын «түбүнө түшүп» кетип окуйт. Ушул китепти кийин эле, Алыкул өлөр жылы китеп текчесинен көрдүм...

Миң тогуз жүз отуз биринчи жылдын аяк ченинде көз көрүнө туруп эле, шаарды чукулунан ачарчылык басты. Бу ачарчылык кайдан келди, эмнеден улам келди, эмне үчүн келди, биз билбейбиз. Кара башын гана көтөрүп, колунда же малы, же башкасы жок сурамчылык кылган казак туугандар шаар ичинде эле эмес, шаар сыртында да топ-тобу менен топурап толду. Бул ирет Алыкул жатаканага өтө капа болуп келди.

– Көчөдө ачкадан ак шишик болуп өлүп жаткан эки казак тууганды арабага салып көмгөнү алып кетишти...

Биз унчукпадык. Мындай сөздөр айтылганда бизди окуткан мугалимдер унчукпайт, ошон үчүн биз да унчукпайбыз. Көчөдө «Биз жаркылдаган турмушта, ээн-эркин жашап жатабыз» деген сыяктуу ураандар кыдырата турат, бирок дал ошол ураандын алдында, минтип көз көрүнөө ачкадан ак шишик болуп адамдар өлүп жатат, бул эмнеси?

Ачарчылыктан улам педтехникумдун ашканадагы тамагы да начарлап кетти. Класс жетекчибиз директор менен сүйлөшүп, Алыкулдун такылдап жөтөлгөндүгү үчүн ага ашканадан күнүнө бир бөтөлкө сүт жана май бөлдүрүп берген эле. Муну эми Алыкул күнүнө эмес, күн алыс алып калды. Бир ирет Алыкул өзүнө бөлүнгөн сүт-майын жана ага бир бөлкө нан кошуп, жатаканадан бир жакка жөнөп калды.

Мурун минтчи эмес эле го? Кайда барат? Кимге барат?

– Кайда барасың?

Дароо токтоп, мага кыйгач бурулду.

– Жүрбөйсүңбү сен да?

– Кайда?

– Кайда экенин бара көрөсүң... Барасыңбы?

Кайда баратканы мага кызык эле, ошон үчүн ээрчип алдым. Шаар сырты, темир жол үстүн беттей кеттик. Күз айы болсо да, күн жылуу эле. Ала-Арча суусунун боюна, зор даректын түбүнө келдик. Даректын

көлөкөсүндө бир кемпир, анын жанында он төрт, он беш жаш чамасында кыз жатыптыр. Экөөнүн өңү адам өңүнөн кеткен. Же уктап, же өлүп жаткандары белгисиз. Алыкул чөгөлөй калып, кемпирди ийининен түрттү.

– Эне... Эне!

Кемпир көзүн ачты. Көзү көз эмес эле, эбак суусу соолуган эски кудук окшоду.

Кемпир турмак болду, бирок туралбады. Мен анын башын жөлөп, Алыкул оозуна сүт куймак болгондо, кемпир карышкан оозун жаап алды, сол ыптасына алсыз ишарат кылды. Сол ыптасында жаткан небереси го? Кемпир менен алек болуп аткаңыбызда, ал көзүн ачты. Али жаны бар, бирок акыл-эсинен тайып калган өңдүү. Мен башынан жөлөп, Алыкул оозуна сүт куя баштады. Байкуш кыз кылт-кылт жутту, жаңы туулган музоодой тамшанып жутту. Жуткан сайын көзү тирилип келаткансыды. Адамдын жаны тамак экен го? Жуткан сайын көзү тирилип келатты.

– Көп бербе, өзөөрүп калат...

Кыз те көккө мусаапырлана тигилип, чалкасынан шалдырап жатып калды.

– Кемпирдин башын көтөр.

Сүт ичүүгө ылайыктап, кемпирдин башын жогору көтөрдүм. Кемпирдин карышкан оозун Алыкул араң ачты. Кемпирге да кыйла сүт жуткуруп, башын жерге жөлөдүк. Кыйладан кийин гана кемпир араң оозун кыбыратты.

– Ырахмет, шырактарым...

Аңгыча жаныбыздан тоо таянган ак калпак арабасын чаңытып жаныбыздан өтүп калды. Алыкул ыргып туруп, аны торой жүгүрдү.

– Мына бул экөөнү ала кетиңиз тоо тарапка.

Ак калпак камчысын сүйрөй тигил экөөнүн жанына басып келди. Бул көрүнүш ага көнүмүш сыяктуу, сулап жаткандарды жөн гана кайдыгер тиктеп койду.

– Ансыз эле ар бир түтүн бирден казак алып атабыз... А буларды кайда? Тигине, арабада дагы бирөө жатат...

– Акебай, казак-кыргыз бир тууган... Минтип, көчөдө калып кетсе болбос...

– Салгыла арабага!

Экөөнү арабага салып, нан менен калган сүттү экөөнүн башына жөлөп койдук. Ак калпак араң жан үч адамды алып, тоо беттей жөнөп кетти. Биз аны узата тиктеп туруп, анан жолубузга түштүк. Өзүбүз менен өзүбүз болуп, унчукпай келаттык. Алыкулду билбейм, ачкачылыктын азабын мен жакшы эле билем, бирок азыркыдай көрүнүштү өмүрүмдө көргөн эмесмин. Мен го ачкачылыкты революциянын оро-парасында, ички жана тышкы душман бизди кокодон алып турганда тарттым? А буларчы? Революция жеңгенден он төрт жыл өткөндөн кийин мындай кайгылуу каргаша окуяны көрөм деген кимдин оюнда бар эле? Деги буга ким күнөөлүү? Ким жооп берет? Мезгил үнүбү?

X

МЕЗГИЛ ҮНҮ: Кремлдеги нары таза, нары жупуну бөлмөсүндө Сталин жалгыз өзү ары-бери басып турду. Мындай жалгыздык түндүн бир оокумунда, түнкү саат эки менен үчтүн ортосунда, жатар алдында гана ал үчүн өкүм сүрчү. Ошо отузунчу жылдары эле түнкү саат үчтө жатып, күндүзү саат он бирлерде ойгончу. Мына бүгүн да эки менен үчтүн ортосунда, эл кызуу уйкуда жатканда кермек жыттуу канжасын адатынча кумарлана соруп, чакан бөлмөсүндө ары-бери басып турду. Айтмакчы ал минтип өзү жалгыз-жарым калган учур да эле эмес, бүйрө мүчөлөрү менен иш чечүү учурунда, а түгүл Ленин-дин күмбөзүндө парад кабыл алып аткан учурунда да ары-бери басып туруучу. Анын минтиши бөтөн көзгө өзүн сүрдүү, же бөтөн айырмаланып көрсөтүү үчүн эмес, күнү-түнү акыл иши менен жүргөнгө ден соолугу билинбей начарлап кетпөөнүн аракетинде астейдил жүргөнүнөн улам эле. «Кыймыл - ден соолуктун булагы». Ушу сөзгө аябай ишенчү. Ошон үчүн күнүнө чуркабаса да, күнүнө көбүрөөк кыймыл жасачу, жок эле дегенде миң кадам салчу.

Ошентип, мына бүгүн да ал түндүн бир оокумунда жалгыз-жарым басып турду. Ушул жалгыздыктан аз да болсо ырахат алчу. Кантсин. Күнүнө, күнү бою жанынан киши үзүлбөйт. Күнүнө, күнү бою түмөн түйшүк мойнунан арылбайт. Мындай учурда канжасы гана утуру эсине түшө калбаса, иштин кызуу учурунда өзүн-өзү такыр унутуп койчу учурлары аз

эмес. Ошон үчүнбү, ага буюрган ушу бир саат, болгондо да түн ортосундагы бир саат ал үчүн кымбат, өтө кымбат.

Сталин өтө бир сырдуу адам эле. Кубанычын же кайгысын эч кимге, эч качан, эч жерде ачык билгизбей турган. Эч кимге көрүнбөй, эч кимге билинбей өзүнчө кубанууга, өзүнчө кайгырууга не жетсин. Адамдар көп нерсенин мазесин билбейт. Анын үстүндө мурунтан эле сыр ачар анын бу дүйнөдө өтө жакын адамы жок эле. Болсо да аларды өзүнө өтө жакын кармабай, аларды дайыма карыш, же сөөм аралыкта кармай турган. Аны менен кыяматтык болууга көп пенделер кулач жайды, далбас урду. Бирок кыяматтык болууга бу мурунтан сырдуу жылмайган купуя, бир сырдуу адамдан эч белги болчу эмес, же жакшы, же жаман көргөнү белгисиз бойдон бир калыбында, бир мамилесинде, бир кунунда кала берчү. Аялдарга болгон мамилеси да так ушундай туюк эле, каксоо эле. Өмүр бою бир да аял затына күйүп-жанып арзып көрбөдү. Кербезденген сулуулардан тез эле жадап кете турган. Ал эми саясатка калганда ички сезими, болгондо да бүткүл ойсанаасы дароо дүрт этип, өзүнөн өзү от алчу. Саясат – анын жан дүйнөсү. Ашыгы үчүн боз улан баарына баргандай, саясат үчүн ал баарына барды, баарына чыдады. Эчен ирет сүргүнгө айдалды, эчен ирет качып чыкты. Кыскасы, саясаттан улам ал көрбөгөн кокуй, ал кийбеген чокой калган жок, бирок акыры түбү зор бактысын ушу саясаттан тапты.

Сүргүндөн ал он жетинчи жылдын март айында акыркы ирет качып чыкты. Ошол жылы, дагы беш жылдан кийин ал учу-чени жок зор өлкөгө Генеральный секретарь болот десе эч ким ишенмек эмес. Ал кезде, элге анча белгисиз гана, катардагы көп революционерлердин бири эле, бирок революция учурунда, айрыкча граждандык согуш мезгилинде элге ал көп көрүнбөгөнү, эл алдында чыгып көп сүйлөбөгөнү менен гезит беттеринен өзүн элге такай таанытып турчу. Ошол кезде Ленин баштаган алдыңкы революционерлер, революциянын жүгүн тарткан нака демилгечи, кызыл жака, кызыл жаак трибун болсо, Сталин болгону партиянын ички аппарат иштерин өтө элпек, өтө так өтөй билген ишмер катары өзүн көрсөтө алды. Ушундан улам го, Генсектик орун ал кезде башкы, же эң биринчи төбөлдүк орун эмес эле, жөн гана Секретариаттын ички аппарат ишин теске салып туруу милдети жүктөлгөн болучу. Бирок бара-бара, айрыкча Лениндин көзү өтөөрү менен кудай жалгап бүткүл бийлик Сталиндин колуна өттү да калды.

Ленин өлөөр алдында артына мураскорун айтып калтырбады. Анын генийлиги ушу, калтырган мураскору мүмкүн анын осуятын эртели-кечпи төгүнгө чыгарышы мүмкүн эле, ошон үчүн кийинки муундарга айыпкер болгусу келген жок, бирок ошо кезде мамлекет башкарууга шакирттери четтен жарап калган эле.

Троцкий – мыкты теоретик, чечен, белдүү жетекчи, бирок бой көтөрмө. Өзүн өзү ашкере

баалоо менен кимди болбосун куйкасын курушту-рууга ашкере шыктуу. Лениндин өзү менен эчен ирет саясий тирешкен, бирок Ленинизмди кан-жаны менен жактаган калыс адам. Өз оюнда катуу турганы менен өтө ишенчээк, ушундан уламбы дээринен тишке жумшак киши. Өлкөнүн тагдырын ушундай кишиге ишенип берүүгө болобу?

Дагы да Каменев, Зиновьев, Рыков жана баш-калар бар. Пенделик кемчиликтен жана да саясий кеменгерликтен булар да кур эмес, бирок айрыкча, Зиновьев менен Каменев «биздин өлкөдө социа-лизмди куруу мүмкүн эмес» деп чыгышты го? Эмне үчүн? Орто дыйкан менен жумушчу табы союз-даш боло албайт имиш. Ушундан уламбы, айрыкча Ленин өлгөндөн кийин Каменев менен Зиновьев троцкийлик блокко ыктай башташты. Өлкөнүн тиз-гинин ушундай «жаңы оппозициячыларга» берүүгө болот беле? Албетте, жок!

Сталин канжасын кармаган боюнча бир нерсени тыңшагансып бир ордунан бир кыйлага дейре тун-журай муюп токтоп калды.

Ал эми өзү жөнүндө, жолдош Сталин жөнүндө эмнени айтууга болот? Кемчиликтен өзү да кур эмес. ССР Союзун курууга катышып, жаңылыштык кетирген, «автономиялаштыруу», же бардык рес-публикаларды автономия кылып РСФСРге кийирүү укугун сунуш кылган. Бу долбоорду Ленин учурунда калыс сындап, Сталин бу каталыгын мойнуна алган, бирок өлөр алдында Лениндин съездге жазган катын

кандайча түшүнсө болот? «Сталин орой, анын генсектик ордун алмаштырууну ойлонуп көрүү керек».

Сталин оюнун ушерине келгенде баары бир баарыбыздай эле пенделигине жеңилип, Лениндин ага берген калыс баасы менен анча келише албай кетти. «Мен Троцкийдей душмандарыма гана ороймун, ал эми чор алакан дыйкан менен жумушчуга эч качан орой эмесмин! Эч качан!»

Оюнун ушерине келгенде канжасын буркуратып удаа-удаа сорду. Көп жылдан бери алмаштырбай кийген, мына ошон үчүн тумшугу саал туурула баштаган өтүгү менен жеңил гана андан ары адымдап жөнөдү, ою андан ары уланды.

Социализмди куруудагы Лениндин ой-санаасын, анын революциялык багытын катуу кармаган көрсө өзү гана экен. Демек, Генсектик орун ага гана тиешелүү. Ушундай болуш керек эле, ушундай болду, бирок анын бул ордуна көз арткандар болуп атпайбы? Айрыкча, Лениндин көзү өтөөрү менен Каменев менен Зиновьев анын колтугуна тымызын суу бүрккүлөрү келсе, Троцкий аны менен ачык эле тирешүүгө өттү.

Троцкий өтө куйту. Революцияны колдорун колдоп, бирок социализмди куруу маселесине келгенде, көп нерсеге теңиринен тескери чыкты. Социализмди тезинен куруу үчүн «Эмгек армиясын» сунуш кылды. Муну менен ал «Американы ачып» ийген жок. «Эмгек армиясы» Александр Iдин кезинде эле пайда болгон, бирок элге алынып, ишке

ашкан эмес. Деги «Эмгек армиясы» деген эмне? Дыйкандарды буйрук менен дикилдетип иштетүү. Дыйкандын эки кашык тамагы болсо, өлбөй күн көрүш үчүн жарты кашыгын гана өзүнө калтырып, калганын арзан баа менен тартып алуу. Алардын эсебинен армияны багуу, арам тамак чиновниктерди багуу, аракеч жумушчуларды багуу. Дыйканды баалай албаган киши, өзүн өзү баалай албайт. Демек, Троцкий – ликвидатор.

Граждандык согуш мезгилинде Ленин «аскерий коммунизмин» убактылуу киргизди. Лениндин бул сунушу Троцкийге абдан жакты. Анткени, «Аскерий коммунизм» моделин Ленин нары айласыздан, нары убактылуу гана киргизген эле. Минтпесе, алдын ала мындай кылбаса, ички жана тышкы душмандын кысымына Кызыл Армия туруштук берал-бай калышы мүмкүн эле. Тамак-аш эле эмес, ошол Кызыл Армияны жоокер менен камсыз кылып туруу милдети да дыйкандын мойнуна жүктөлдү. Кыскасы, эми гана жеңген революция, эми гана там-туң баскан жаш өлкө дыйкансыз бир кадам алдыга жылмак эмес, бирок дыйкан го мамлекетке азык-түлүк, жоокер берип атат, а мамлекет дыйканга эмне берип атат? Азырынча эч нерсе! Ушундан улам жок дегенде, азырынча дыйканга жумушчу күчүн берип туралы деп Зиновьев сунуш кийирди. Шаардан айыл-кыштакка топ-тобу менен жумушчулар жөнөтүлдү, шаар көчөсүн таптаган аялдар жөнөтүлдү. Дыйкан болобуз деп келген жумушчулардын көпчүлүгү дыйкан

болбой эле, нака дыйканды аракка үйрөттү. Ал эми шаардан келген аялдар айылдык ыйбоо кыз-келиндерди шайкелең, жалаптыкка үйрөттү. Ушундан кийин айылда дың оодарылып, дыйкандык демилге күчөбөй эле, элетте, айрыкча Орто Азияда аракечтик менен шайкеленДик, жалаптык билинбей күчөй берди. Бул көрүнүштү учурунда эч ким байкаган жок, байкай да алмак эмес. Бара-бара дыйкандар арасында ар кыл нааразычылык күчөдү. «Эркиндикти» туу кылып ырдадыңар, бирок жерди дыйкандан мамлекеттин карамагына алып койдуңар. Жерге ээ болбогон дыйкан эркин эмес. Жери жок дыйкандын Мекени жок деп чыгышты. Анан калса Граждандык согуш учурунда согуштан жана ачарчылыктан жыйырма миллион адам өлдү. Граждандык согуш бүтөөрү менен айрыкча Россияны болуп көрбөгөн ачарчылык басты, ачкадан ак шишик баскан адамдар боо түшүп өлүп жатты.

Ошо кезде, РСФСРдин райондорунун ичинде Түркстан, анын ичинде Кыргызстандын экономий жагынан өлбөгүдөй оокаты бар эле. Лениндин Түркстанга кайрылган катына жооп кылып, кыргыз эли Россияга эшелон-эшелон эгин жөнөттү. Бир наны болсо, жартысынан көбүрөөгүн ошоякка жөнөтүп турду. Бирок бу утурумдук гана жардам болчу. Бу кризистен чыгуу үчүн эмне кылуу керек эле? «Аскерий коммунизм» моделин жоюу керек эле. Жерди мамлекет тартып алып, дыйканды аскердик буйрук менен дикилдетип иштетүүдөн

эч нерсе чыкпай калды, чыкпайт да экен. Ушундан улам Ленин «Аскерий коммунизмин» жоюп, НЭП (жаңы экономий саясат) аталган жаңы саясат, жерди дыйкандарга биротоло бөлүп берүү саясаты эле. Кооператив, жеке менчик жана башка демилгечилердин алдын тоспоо саясаты эле. Ар бир дыйкан өзүн өзү багып, ашыгын базарга сатат, мамлекетке сатат, эгер дыйкан бай болсо, мамлекет да бай болот деген саясат эле. НЭП тез эле жакшы натыйжаларды берди. Жыйырма бешинчи жылдын аягында өлкөдөгү эл чарбасы негизинен калыбына келтирилди, бирок НЭП күчүнө кирген сайын өлкөдө коркунучтуу бир караан пайда боло баштады. Мына ушул карааңды «солчул» троцкийчилер менен «оңчул» бухаринчилер учурунда көрө билиштиби? Жок! Көрсө да көрмөксөн болуп коюшту.

Сталин терезени чоңураак ачып, түнкү Москванын уйкудагы тунжураган шоокумунан өзүнө керектүү бир нерсе укчудай караңгы жымжырттыкта кулак төшөп калды. Дүрт эткен түнкү таза аба көңүлүн сергитти, канжасын кайрадан түтөттү, ою андан ары уланды.

Ошентип, көрсө да көрмөксөн болуп коюшту. Деги ал коркунучтуу караан эмне эле? Кооперативден улам бара-бара кулак, кулактан фермерлер пайда болуп, өлкөдө жүздөгөн монополисттер өсүп чыгышы мүмкүн. Натыйжада, Ленин түзгөн өлкө аты социализм болгону менен заты капитализм болуп калышы мүмкүн. Мындай болгон соң эмне үчүн түрмөгө жаттык эле?

НЭПтин түбөлүгү түз эмес экенин, анын куяр жери социализм эмес, капитализм экенин Троцкий менен Бухарин көрбөй турабы? Көрүп турат. Көрүп туруп, атайын НЭПти жактап атат. Анткени, өздөрү жеңе албаган Сталинди, социализмдин изин тазалап, капитализмдин жолуна түшкөн НЭП аркылуу жеңгилери бар. «НЭП – бу Лениндик саясат. Эмне үчүн Лениндик саясатка каршы чыгып атасыз, жолдош Сталин?» деп чыкты оппозициянын бир мүчөсү. Улуу кишинин атына жамынып, бирок өзү нары мажирөө, нары чала ойлогон адамдар арабызда өтө арбын ээ. Жөнөкөй мисал. Социализм бизге чейин эч жерде курулган эмес. Ошон үчүн социализм биз үчүн али оодарылбаган дың, ачылбаган край, салынбаган жол. Эч ким басып өтө элек жолдон жаңылбай, адашпай өтөм деп ким айталат? Эгер көзү тирүү болсо мүмкүн бара-бара НЭПтен Ленин өзү баш тартмак? Көзү тирүү турса Ленин өзү да мүмкүн жаңылмак. Анын бул жаңылышын күнөөлөөгө болобу? Жок! Биринчи болуу кыйын! Өтө кыйын! Ошон үчүн НЭПтен баш тартуу, Ленинизмден четтөө эмес. НЭПтен баш тартуу – Ленинизмдин чегинен туруп, социализмге өтүүнүн дагы бир башка жолун ойлоп табуу дегендик.

НЭПтен баш тартуу менен эле бирге, ошо жыйырма жетинчи жылы троцкийлик-зиновьевдик блоктун антипартиялык иши ашкереленип, Троцкийдин өзү өлкөдөн куулуп салынды. Өлкөдө жалпы коллективдештирүү башталды. Мамлекетке эгин

бербеген кулактар тап катары жоюлду, бирок бул жагынан таң атса, экинчи бир жагынан күн батып аткан бу зор өлкөдө сөзүн сөздөй, оюн ойдой жамы журтка, калктын калың катмарына туура жетпейт экен го. Мисалы, Казакстандын айрым райондорунда коллективдештирүү саясаты өтө катаал жүргүзүлгөн. Тоо-талаада мал менен күн көргөн элдин колдогу малын бүт ортолукка зордоп, тартып алынган. Натыйжада эмне болду? Кургакчылыктан эгин бүт күйүп кетип, же нанды, же колунда малы жок эл көчөдө самсып калды. Элдин малын тартып алган мамлекет, элди багалбай, ушундан эптеп жан сактап, күн көрүүнүн амалы менен жүздөгөн, миңдеген адамдар аягы Кыргызстан буягы Өзбекстанга чейин тентип калды деген сөз тарады го. Мунун чындыгы бар. Ушунун баары эң негизгиси эмнеден улам? Колуна чийип берген законду туура жүргүзбөй элди эзип, элдин турмушун оңдоонун ордуна, кайра бузуп салган жер-жерлердеги кээ жетекчилердин чала ишинен улам э-э!

Сталин жатты. Ваннадан кийин таза шейшепте жыргай түштү. Жатары менен дароо уйкуга кетчү, бирок бүгүн дароо уктай албады. Волга боюндагы жана Казакстандагы кургакчылык менен жутчулук мына бир жума бою көңүлүн эзүүдө. Жалпы коллективдештирүү, жалпы элдин мал-мүлкүн ортолукка биротоло тартып алуу эмес да? Жергиликтүү төбөлдөр элди партияга каршы коюп жатканы эмнеси? Троцкийчилер биротоло талкаланып, Троцкийдин

өзү чет элге айдалып салынганы менен, анын куйруктары өлкөнүн борборунда эле эмес, чет жакаларына чейин калган экен го? Троцкийчилер менен биротоло күрөшүп бүттүм деп жүрсө, күрөш али бүтө элек экен го?..

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

I

...А мезгил болсо өтүп жатты. Миң тогуз жүз отуз экинчи жыл кирип келди. Кат таанууда аябай «кара далы» болуп, он эки жашымда мектеп астанасын биринчи аттап, алгачкы ирет тамга тааный баштаган мен жыйырма жашымда педтехникумду бүтүп, мектепке сабак берүүгө, элди окутууга жарап, жолдомо алдым. Ошентип, беш жыл тез эле өтүп, окууну бүтүп чыктым. Бүтөөрүм менен көркөм сүрөт окуу жайына кирүүнү кайрадан максат кылып койдум. Бирок бу максатымды кайрадан эч ким колдободу, түшүнбөдү, түшүнгүсү келбеди. Эл агартуу комиссариатында иштеген бирөө чыкчырыла какты.

– Бу кандай, жолдош Айтиев! Окууну бүтүп атып, кайра окууга барам дегениң эмне?! Айылда азыр билимдүү кадрга чаңкамак түгүл жутап атса, а сен кайдагы бир ойду-түздү чиймелеген сүрөтчүлүккө окуйм дейсиң? Бир башыңа эки институт көптүк кылат. Социализмди эки эмес, бир эле диплом менен курабыз. Ошон үчүн кыңк-мыңк этпей эки жыл Жалал-Абаддагы педтехникумга барып иштеп кел, дипломду эки жылдан кийин аласың!

Муну да түшүнсө болот. Чындыгында айылда эл агартуу боюнча кадрлар ошо кезде өтө аз эле. Айла

канча «кыңк-мыңк этпей» Жалал-Абадга жөнөп кеттим. Ал жерде байыркы тарых, коом таануу жана экономикалык географиядан сабак өтүп жүрдүм. Мугалимдердин жетишсиздигине байланыштуу, кандай сабак болбосун сен окутасың деп, туш болгонун мага тапшыра беришчү. Ошон үчүн кээде эне тил, эсеп, а түгүл орус тилинен сабак берген күндөрүм болду. Орус тили атайын сабак катары а кезде али кирчү эмес, бирок техникумда окуган балдар илим-билимди мен башыма эле шыкабай, ашыгын төөгө кошо артып ала келгенсип, мени тим эле көзү ачык байгамбар сезишчү. Анын үстүнө бардык билимден сабак берип атсам, а кезде ким да болсо ошентип ойломок. Орус тилин үйрөнүүгө өтө дилгир кээ бир балдар мени менен атайын орусча сүйлөшчү. Билбегендерин сурашчу. Бир ирет менден бир жаш улуу, нары оюн тартынбай айтып, тартынбай сүйлөгөн бир студент:

– Агай, «Төөнүн куйругу жерге тийген заман болду» деген сүйлөмдү кантип орусчага которсо болот? – деп сурап калды.

Мугалим үчүн билбейм деш уят. Кандай болсо да жооп бериш керек. А жооп деңгээлинде, билимиңе жараша болот. Ал кезде деңгээлим ошо экен.

– Орусчасыбы... Орусчасы «Время, которое верблюжий хвость приземлился на землю» – дептирмин.

– Ох-хо-о, орусчаны суудай эле сүйлөйт экенсиз, агай. Сизди бир сынайлы деп, өтө татаал суроо бердик эле, бир такалбай ташка тамга баскандай которуп салдыңыз, агай!

Менин ошо кездеги жообум жана студенттердин мага таң кала баа бериши азыр кимдир бирөөнү мыйыгынан жылмайтар, а түгүл ошол учурду эстеп, өзүм да кээде жылмаям. Ал кезде элдин илим-билимге болгон ой-санаасы, деңгээли жаш баланыкындай али «дүмбүл» эле бойдон болгону менен, бирок алардын көңүл табы, бири-бирине болгон мамилелери, келечекке болгон умтулуулары азыркыга караганда, канчалык таза, ишенимдүү жана күч-кубаттуу эле. Мына азыр 1984-жылы, жетимиш эки жаш курагымда өзүмчө отуруп алып, көп нерсе жөнүндө кайгырып ойлоном. Отузунчу, кыркынчы, элүүнчү жылдардын духу кайда? Биз баарыбыз тоодон түшкөн суудай таза эмес белек? Күпүлдөй агып, чоң дайрага жетип, андан ары күкүктөнө көк деңизге жетип, дүйнө таң кала турган көз жаштай таза океанга айланабыз деп күнү-түнү окуп, күнү-түнү иштебедик беле? Албетте, көп нерселерди курдук, көп нерселерди өтөдүк, бирок, эмне үчүн алтымышынчы жылдын башынан баштап «киргилдене» түштүк, эмне үчүн ой-санаабыз солгундана түштү, эмне үчүн бири-бирибизге ишенбөөчүлүк пайда болду? Себеби кайда, ким күнөөлүү? Болуптур, отузунчу жылдары го Данияровго, же башкага окшогондор түшүнбөстүктөн мага тоскоол болушту. Аларды кечирүүгө да, түшүнүүгө да болот. А азыр баарын түшүнүп туруп, көрүп билип туруп журт бузарлык кылып, журттун ынтымагын бузуп атпайбы? Коммунист болуп алышып, коммунисттик улуу идеалды булгап атышпайбы!

Уруучулук гүлдөп, анан калса улуу элдин кадыр-баркына жамынып алып, өз элинин тарыхын бурмалоо, бирине бирин каршы коюу алтымышынчы жылдары башталып отурбайбы! Эми бу жөнүндө кийин, азыр ойду сөз учугунан улайлы.

Ошентип, Жалал-Абаддын педагогикалык техникумунда эки жарым жылга чейин иштеп калдым. Адамдын өмүрүндө ар кандай окуялар болот эмеспи. Отуз төртүнчү жылдын жазгы кош айдоо өнөктүгү кызуу жүрүп жаткан. Борбордон үч-төрт киши уполномочен болуп Жалал-Абадка келип калышты. Алардын ичинде эл арасында ошо кезде белгилүү акын катары таанылып калган Аалы Токомбаев да бар экен. Токомбаев менен Пишпекте педтехникумда окуп жүргөнүмдө эле таанышып калган элем. Сүрөтчүлүккө өтө дилгир жүргөнүмдү мурунтан эле билчү. Ушундан улам ушу кишиге бир кайрылып көрөйүн деп ойлоп, ал токтогон жерге барып:

– Аалыке, мен дале баягы сүрөтчү болом деген оюмдан кайта элекмин, - дедим. – Эптеп бир сүрөт окуу жайына илинип калуунун максатында күнүнө сүрөт тартып, азыр да зор аракеттин артында жүрөм.

Ала барган сүрөттөрүмдү Аалы Токомбаев бир сыйра карап чыгып, ойго муюду.

– О, Гапаш, катырып иштеп аткан экенсиң... Кана, тигиниңди көрсөтчү... Бу атаңдын портретиби? А бучу Петр Кузьмич го... Тим эле өзү... Чын эле сенин жолуң мугалимдик эмес, сүрөтчүлүк экен...

Оюмду дал ушерде айтып калууну чечтим.

– Ошону өзүм да сезип жүрөм, Аалыке, бирок буер мени такыр бошотчудай эмес. Анткени, мугалимдер жетишсиз. Ошон үчүн сиз мага жардам кылып, буерден мени бошотуп кетпесеңиз болбойт. Эптеп Фрунзеге жетип, андан ары Москва, же Ленинградга барып окууга илешсем десем эки көзүм төрт.

– Убаданы катуу бералбайм, Гапаш... Азырынча чыдап иштей тур. Фрунзеге барганда колумдан келген аракетимди жасап көрөйүн, макулсуңбу?

– Макулмун.

– Сүйлөштүкпү?

– Сүйлөштүк.

Үмүт оту кайрадан жанып, күнү-түнү алыскы Фрунзеден жооп күтчү болдум. «Колунан келеби, келбейби? Жасайбы, жасабайбы» деген түкшүмөл тынчымды алды, кыйнады. Күнү бүгүнкүдөй эсимде, арадан анча деле көп убакыт өтпөй, Кыргызстан областтык аткаруу комитетинин токтому гезитке чыгып калды. Көрсө, кыргыз жазма адабиятынын он жылдыгы белгиленип, Аалы Токомбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликов сыяктуу бир катар акындар ал токтомго акчалай сыйлыкка татыктуу болушуптур. Токтомдун алдында «Гапар Айтиев окууга жиберилүү менен сыйлансын» деп менин аты-жөнүм жүрөт. Сүйүнгөнүм ушунчалык, көргөн көзүмө ишенбейм. «Кызык... бул токтом акындар жөнүндө экен, Гапар Айтиев деген да акын бар экен деп гезит окуучулар ойлойт го? Гапар Айтиев сүрөт окуу жайына жиберилсин деп, тагыраак

жазылса болмок экен» деп өзүмчө бушайман боло, колумдан жулуп, же менден уурдап алчудай гезитти коюнума катам. Капастагы куштай эркиндикке чыгып, те бийик көккө канат күүлөп бараткансыйм. Сүрөтчүлүккө окусам деген максатыма отуз төртүнчү жылы, беш жылдан кийин жол ачылса кантип сүйүнбөйсүн. Кантип элирбейин!

Ошентип, мугалимдиктен бошоп, учкан куштай Фрунзеге жеттим. А шаарда жаңылык көп. Сүрөтчүлөр Союзу уюшулуп, анын төрагасы болуп Семен Чуйков шайланыптыр. Буга чейин кыргыз адабий талапкерлери үчүн республикада «Кызыл учкун» адабий бирикмеси гана иштеген эле. Ушул эле отуз төртүнчү жылдын апрель айынан баштап, сүрөтчүлөр союзундай эле республиканын тарыхында биринчи жолу Кыргызстан жазуучулар Союзу иштей баштап, анын төрагасы болуп Аалы Токомбаев шайланыптыр. Республикада мамлекеттик калк китепканасы ачылыптыр. Кыскасы, жаңылык көп, элдин көңүлү шат. Арзанчылык. Жаман, жапыс дүкөндөрдүн ар биринде эт менен шарап кеңири. Айрыкча, шуулдай көбүк байлаган кермек пивонун даамы, улутка карабай бири-бирине болгон адамдардын ийкем мамилеси көңүлүмө толду. Кыскасы, мен ошондо кандай күчкө толуп жетилип баратсам, биздин өлкө, биздин республика так эле мендей күчкө толуп, жетилип бараткандай сезилди. Азыр ойлосом, биздин өлкө, биздин республика менин көз алдымда, мени менен курбалдаш, бир учурда, бир мезгилде калыптанып, бир учурда телчигип, өсүп-өнүп отуруптур. Фрунзеге

келерим менен эң биринчи эле Семен Чуйковду издеп таптым. Семен Чуйков кыргыз сүрөт башатында турган жана аны баштаган, кылыптанткан талантуу сүрөтчү катары азыр жалпы журтка маалым болду. Менин ошол кездеги сүрөтчүлүк тагдырым, багытым бүт бойдон ушу кишинин сүрөтчүлүк тагдырына байланыштуу. Сүрөтчүлүк жагынан да, курагы жагынан да мага караганда ал кыйла эле калыптанып, бирөөгө кеңеш берип, акыл айтууга жарап калганы, ак менен караны ажырата таанып калганы байкалат.

– Билем, билем... сен жөнүндө уккам, Владимир Образцов айткан, - деди ал мени өтө сарасаптуу тиктеп. – Окуйм дегениң жакшы... Айтмакчы, быйыл кыргыз сүрөтчүлөрүнүн республикалык биринчи көргөзмөсү болот, катышасыңбы? Тарткан эмгектериң барбы?

– Бар... бирок көргөзмөгө коюуга арзыбайт го дейм.

– Көрөлү, апкел... Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн азыркы милдети, жергиликтүү улуттардын келечектеги кадрларын... сүрөтчү кадрларын даярдоо... Кадрларды даярдоону мына өзүңдөн баштайбыз, Гапар...

– Рахмат...

Эртеси «Түштүк кызы», «Колхоз катчысы Имангазы» жана «Атамдын портрети» сыяктуу иштеримди алып келдим. Чуйков Образцов менен көргөзмөгө коюлуучу иштерди карап атыптыр. Мени көрө коюп, айрыкча Образцов аябай сүйүнүп кетти.

– О, мына, өзү да келди. Кел, Гапарчик, кел... Азыр эле сен жөнүндө сүйлөшүп атканбыз. Өт буяка...

Сенин педагогдуктан сүрөтчүлүккө кайрылып келериңди билгем. Кыргыздын сүрөт өнөрүнүн бүгүнкүсү менен келечегин Семен, сен жана менден башка азырынча эч ким ойлобойт. Эгер ойлобосоң Жалал-Абаддан кайтып келбейт болчусуң... Кана, көрсөтчү иштериңди. Семен Афанасьевич, мына көрүп ал. «Колхоз катчысы Имангазы». Өзүнүн айылдашы. Натурадан анча чыгалбай калганы менен фольклордун таасири турат. Эмитен фольклорго ыктоо, демек, эмитен элдин ой-санаасына кирүү дегендик.

Мындай жылуу сөздү биринчи ирет угушум. Владимир Витальевич мындай сөздү дайыма эле, же ар кимге айта берчү эмес эле. Устатымдын көркөм ийримде берген сабагы жана таасири текке кеткен эмес экен. Ошентип, республикалык биринчи сүрөт көргөзмөсүнө «Айылдык катчы Имангазы» коюлушу кыргыз адабиятына там-туң баса баштаган таза жүрөк, кең пейил акын-жазуучулардын мени кыргыздын туңгуч сүрөтчүсү деп атай башташты. Албетте, демиме дем, күчүмө күч кошту. Кыскасы, отуз төртүнчү жыл мен үчүн өмүрүмдө зор бурулуш жыл болду. Анткени, биринчиден, республикалык биринчи сүрөт көргөзмөсүндө «Айылдык катчы Имангазы» деген сүрөтүм жакшы бааланды. Экинчиден, сүрөтчүлөр Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алындым. Сүйүнүчүм коюн-колтугума батпай, жүрөгүм ээлигет. Бир жерге туралбай, тызылдап чуркап алгым келет. Бирок сүйүнчүмдү сыртыма чыгаргым келбейт, өзүмдүн кубанычым менен айрыкча ичи тарлардын кыжырын келтирип албайын дедим. Ошон

үчүн эч кимге, тымызын, эч жанга билгизбей, ичимен сүйүнөм.

Ошентип ичимен аябай сүйүнүп Алыкулга келдим. Алыкул Лермонтовдун бир томдугун кучактап көмкөрөсүнөн жатыптыр. Терең ойго төнүп, зор поэзиянын күчүнө магдырап, кыялмас жаткан окшойт. Оюнан дароо алаксый албай, мага ыкшоо кайрылды.

– Ой, кел... Кел, Гапаш...

– Эмне эле бойго жеткен кызга окшоп, кыялмас тартып, созулуп калгансың?

– Э, Гапар... Өмүрдүн, жашоонун мазесин биз али биле элек окшойбуз...

– Эмне болду? Бирөөгө ашык болуп калган жоксуңбу?

Адатынча акырын иймене күлүп койду.

– Таптың!.. Ашык болуп калдым...

– Кимге?

– Кимге деп ойлойсуң?

– Кимге болсун... Медтехникумдун кыздарынын бирөөнө да.

– Таппадың... Мен, Гапар, улуу поэзияга ашык болуп калдым! Музага ашык болуп калдым. Мен Лермонтов, Пушкиндин поэзиясына ашык болуп калдым.

– Лермонтовду кучактап алып уктап жаткан экен десе, көрсө Лермонтовду кучактап, аны менен сырдашып аткан турбайсыңбы.

– Айтпа... Лермонтов менен Пушкин го бала кезинен китептин тегерегинде өскөн. А биз экөөбүзчү? Жыйырмага чыгып, мээбиз каксоо боло баштаганда классиктерди араң кажалап окуп атабыз. Ошон үчүн

аны менен сырдашып, ой бөлүшүүгө жарабасам да, анын оюн түшүнүүгө жарап калгансыйм. Айтмакчы, иштериң эмне болду?

– Эмне болсун... Сен классик акындардын тегерегинде кыялмас жүрсөң, мен классик сүрөтчүлөрдүн тегерегинде кыялмас жүргөн кезим.

– Москвага сүрөт окуу жайына жиберип атышат дебедиң беле?

– Чечилди. Кубанычымды башкага айтпай, биринчи сага айтайын деп келдим.

Алыкул ордунан туруп, жаныма келди. Мен да ордуман турдум. Ал мени бек кучактап:

– Куттуктайм, - деди. – Айтпадым беле... Ойлогон ойду дайыма эле кыстаган турмуш жеңе бербейт, акыры түбү баарын максат жеңет! Жакшы болуптур, аябай жакшы болуптур. Кат жазып турасыңбы?

– Сөзсүз... Сенден бөлөк жазарым деле жок.

– Койсоңчу! Педтехникумду бирге бүткөн менден башка жолдошторуңду Москвага барарың менен унутасыңбы?

– Э, досум... Өзүңдү зордуктасаң да, көңүлдү эч качан зордуктай албайсың. Көңүл сүйгөн киши чанда эле болот окшойт.

Алыкул мени телмире тиктеп калды. Анын бул тиктеши Россиянын кең талаасында поезд менен Москвага баратканымда да, Москвада жүргөнүмдө да эмнегедир көз алдымда жүрдү.

Москва! Москва! Нары сүрдүү, нары комсоо, нары дайыма төбөсүн булут чалган Москва! Төгөрөктүн

төрт бурчунан келген зор Мекендин мыкты уул, кыздары жыш жашап аткан шаар, таланттуулар, баарынан да Ленин жашаган шаар. Биринчи эле Кызыл Аянтка бардым. Атаңдын көрү эй-я де! Тигине, Василий Блаженный храмы. Башканы билбейм, мага ажайып көрүндү. Карап туруп көз тойбойт. Ушул эстелик эчен кылымдарды карытып турат ээ! Ушунун тегерегинде эчен адамдар жашап өттү ээ! Кайда ошол мезгил? Кайда ошол адамдар?

Москвага биринчи келген киши улуу Лениндин күмбөзүнө кирип, генийдин жанында бир мүнөт туруп коюу, айрыкча мага окшогон кечээги жетимдер үчүн зор парз деп ойлойм. Ленинге бир жүз көрсөтүп чыгайын деген элдин кезегинин башы менен аягы көрүнбөйт. Кезекке турдум... Айтмакчы, кезегим жеткенче окуум жөнүндө айта турайын. Энөө элеттик кылып, ток пейил тоолуктук кылып, окууга кеч келипмин. Тапшырсам деле шыр өтө койчу чамам жоктой сезилди. Ошого карабай жөн эле келипмин, бирок убара болупмун деп буга кейибедим, өкүнбөдүм. Кайсыл сабактардан экзамен тапшырарын, экзамен кайсыл учурда, кандай болоорун билип, тактап, быйыл катуу даярданып, келерге келип тапшырууну чечтим да, анан Москвадагы Третьяков галереясын, Ленинграддагы Эрмитражды ж. б. музейлерди, баарын кое туруп биринчи Ленинди көрүүнү самадым.

Мына Ленин. Атам ичире албаганды ичирип, атам кийинте албаганды кийинтип, сабатымды жоюп, көзүмдү ачкан ушу киши да. Бир кездеги, бала кезимдеги айылдаштарымдын «Иленин кыргызга

абдан окшош имиш, анткени, ал биздин эле мына бул Төлөйкөн тараптан дейт» деген сөздөрү эсиме түштү. Чын эле кыргызга окшош экен. О, Гений, улуу ишиңди эмнем менен актаар экенмин? Жакшы окуюн, жакшы адам болоюн, ылайым сүрөтчү болуп, сүрөтүңдү аскага чегейин!

Атамдай көргөн улуу адамдын күмбөзүнөн мына ушундай зор тилек, зор максат менен чыктым.

Мына эми көптөн эңсеген Третьяков галереясындамын. Дүйнөлүк алп таланттардын ажайып чыгармаларын оозумду кере ачып, демимди ичиме нары катып, бирден сыдыра тиктеп барам. Чыныгы, нака искусствону нары терең, нары ажырата түшүнүүгө тишим али мокок болгону менен туюмум, жан дүйнөм улуу чыгармалардын улуу сырын өзүнөн өзү түшүнгөнсүп, өзүнөн өзү билгенсип, сүрөттөн сүрөткө өткөн сайын көз кумарым канып, ой дүйнөм ойгонуп, толкундап, жыргап, ажайыпкананын ичиндеги ажайып чыгармалардын арбаган күчүнө билинбей сиңип, магдырап бараткансыйм. Тигине, Перовдун «Тройкасы». Суу куюлган зор бочкени чанага салып үч көөдөк жээктен өйдө карай жан үрөп тартып келүүдө. Аларга катарлап, адыраңдап бир ит чуркап келет. Тегерек нары суз, нары суук. Ушу сүрөттү карап туруп, кайрадан өткөн өмүрүм эсиме түшөт. Бул дүйнөгө келген соң ынайсыңбы, ынабайсыңбы турмуш арабасына айласыз чегилип, биригиз жооруйбуз, экинчибиз мүдүрүлөбүз, а үчүнчүбүз бөтөндү жоорутуп, бөтөндү мүдүрүлтөбүз. Төрөлүү – өлүм жолуна түшүү эле эмес, же ырдап-жыргоо эле

эмес, көбүн эсе кыйналып-кысталуу, жапа чегүү да экен го! Кыйналып-кысталып чана тарткан тиги үч наристеде не айып, не жазык? Сөөмөйдөй болгон үч байкуш чананы катар тартып, жан үрөй алга умтулат. Перов да мендей жетим өскөн окшойт. Жардылыкты, ачарчылыкты, кемсинүүнү ал да мендей башынан аябай кечирген окшойт. Антпесе, аны кечирбесе минтип тарталмак эмес. Менин көз жашымды келтирип, мынчалык ойго салып, турмуштун ачуу камчысын чыгармасынын бир четине минтип кошо тарта алмак эмес.

Ал эми тиги Репин! Картиналары кандай жандуу, кандай курч! Айрыкча тиги «Крестовый ход» деген картинасы укмуш экен го. Жолго батпай, дуулдап келаткан көп эл. Кыязы бүгүн элдин кудайга чокуна турган чоң майрам күнү окшойт. Кудайга биротоло ыйман берип, мына ошол ыйманынан улам сыртынан кекирейүү жана менменсинүү эч сезилбей, пенденин момуну болгон, сакалдары көкүрөгүнө түшкөн бир нече поп эң алдыңкы катарда келет. Алардын артында таягы менен жер чокуп, бүкүрөңдөй баскан кемпирчал, дүйнө оюна келбей, тегерегин ойноок караган бала-чака. Булардын башка, дүңгүрөй агылган көп элдин арасында, жолдун сол тарабында, эң алдыда, тиги поптордун катарында аларга жетип-жетпей этек улаш бир бечара байкуш келет. Табигаттын алакчыгы ай! Бу байкуштун бели түпкүчтөй ийилип, бүкүр эле эмес, сөкүрөңдөп аксак да экен, анысы аз келгенсип, бою кортоюп кичине, анан да өңү серт экен, сол колтугунда шакылдап балдагы жүрөт. Бу кудайдан бир

нерсе тилегени, балдагына утуру күчөнө таянып, көптүн шарында, элдин алдында сөкүрөңдөп келет. Анын те артында, аргымактын үстүндө үзөңгүнү чирене тээп, өздөрүн бу дүйнөнүн түркүгү катары сезип, бу дүйнө алар үчүн бүтпөчүдөй, бир өлүм аларга келбөчүдөй болуп, тегеректи нары дымактуу, нары мартабалуу, менменсине тиктеген эки-үч атчан келет. Тигил балдакчан бүкүр дал ушу мартабалуу үч атчандын алдында уясынан кулаган балапандай пырпырап, балдагын шакылдата шилтеп, алга умтулат. Муну байкап калган кошоматчы мужук, дал ушул учурдан пайдаланып, тиги чиренген төрөлөрүнө жагып калыш үчүн, бүкүрдүн жанына жетип келип, аны корлой ызырынып «Жолду бошот, акмак!» дегенчелик кылып, анын жолу ортодо эмес, те четте экенин таягы менен көрсөтүп атат. Не деген чыгарма! Теңсиздик, өкүмдүк тоо-таштын арасында кой дээр кожосу жок жүргөн бир эле бизде го десем, көрсө бардык жерде бар окшойт. Бүкүрдү аядым. О, шордуу! Табигат аны бир корлосо, адамдар аны эки корлоп атпайбы!

Третьяков галереясы мени аябай муютуп салды. Айрыкча Репин, Перов, Леонардо да Винчи, Микеланджело, Рафаэль, Корреджо, Тициан ж. б. чыгармалары мени сүрөтчүлүккө ого бетер шыктантты. Третьяковдон чыгып баратып «О, кудай мага шык бер, жолумду ач! Ылайым келерге окууга өтүп, сүрөтчү болоюн. Менин жолум, менин максатым бирөө гана. Ал – сүрөтчүлүк!» деп өзүмчө кудайдан жардам сурадым. Өзүмдү өзүм ого бетер шыктандырып, чыгармачылыкка бүтпөс канат байлап кайттым.

Ошентип Фрунзеге кайра келдим. Келсем, бир жыл болсо да иштеп тургунуң деп «Пионер гезитине» редактор кылып дайындап коюшту. Отузунчу жылдардын ортосунда, али да болсо илим-билимдүүлөр жетишчү эмес эле. Жергиликтүү интеллигенция, айрыкча кыргыз интеллигенциясы калыптана элек учур. Анткени Октябрь революциясына чейин Пишпекте социалдык тап катары чыгармачыл акыл эмгеги менен кесиптенгендер айрыкча жокко эсе болгон. Акыл эмгеги менен кесиптенгендер айрыкча эл агартуу жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө өтө аз эле. Ошол кездин интеллигенттерин аскер кызматындагылар менен көпөс төбөлдөрү гана түзгөн.

Ошентип, айласыз гезитке иштеп калдым. Москвага караганда Фрунзе мага кичинекей бир кыштакча сыяктуу көрүнүп калды. Базар көчөсү (азыркы Совет көчөсү) менен калдырап араба өтсө, жайында чаңга батасың, кышында балчыкка матасың. Кыргыздын тоодон түшкөн алгачкы жаш интеллигенттери шаардын төрт бурчунда, ар жерде, ар кимдикине үжөрөдө турушат. Көбү бойдок. Эми гана окуп-чокуп, эми гана кам көрө баштаган учуру. Азыр го отузунчу жылдар, айылдан окууга келген кыздар аз да болсо бурч-бурчтан кылак эте көзгө уруна калат. Ал эми те жыйырманчы жылдардын орто ченинде тоолук кыздар шаарда дээрлик жок эле, болсо да илим-билимге өтө эрте умтулган татар кыздары болчу. Аларды жаш болсо да зор кызматта иштеген кыргыз жигиттери дароо «илип» кетишчү. Мисалы, жыйырма үч

жаштагы, Кыргыз обкомунун үгүт жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы Төрөкул Айтматов татынакай Нагиманы, айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Эркинбек Эсенаманов Фариданы колтуктап баратканын көрсөк, бизде да кандайдыр бир купуя сыр ойгоно калып, биз да окууну бүтүп, жар күтсөк, бүлө күтсөк деген кыялмас ойго төнүчүбүз. Андан бери кыйла жылдар өттү. Жетилдик. Медтехникумдун алдында дем алыш күндөрү дайыма бий боло турган. Колукту тандоонун, таанышуунун «базары» ошо жерде өтчү. Мына ошо жерге баратсам Дунган көчөсүнөн (азыркы Киев) алдыман Мидин чыкты. Негедир мурункудай эмес. Шалпы бош.

– Эмне болду?

Өкүнө кол шилтеди.

– Эмне болсун!.. Таначар букалар талады!

– Кайсы букалар?

– Самагандын Жээнбайы бар эмеспи?

– Ии...

– Ошонун букалары.

– Эмне үчүн?

– Э-э... – Кол шилтеп салды. – Жүр вино ичели!

Бирди алып ийген Мидин ого бетер шылкыйды. Анан чачтарын салбырата башын жерден алды.

Кулактууга кеп айтсаң,
кулагынын учунда.
Кулаксызга кеп айтсаң,
туягынын учунда.

-деген сөз бар эмеспи, Гапаке. Улуу туруп сен мага сырыңды айтчу элең, кичүү болуп сага мен эми ыйымды айтайын, угасыңбы?

– Айт...

– Лара Кошоеваны билесиң да?

– Билем...

– Ал мага сүрөтүн берген эле...

– Ии?

– Анын сүрөтүнө арнап, мындай деп ыр жазган элем.

Кыйнабачы, жүрөктөгү жарадай,
кылгырбачы, койчу, мени карабай.
Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,
куса болдум, сагынганым тарабай.
Үн жок, сөз жок томсоросуң турасың,
ыйлап-ыйлап, улутунган баладай.

– Жакшы жазыпсың... анан?

– Анан, аны «Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө» деп атап «Ленинчи жаш» гезитинин редакциясына алып барбаймынбы. Ал жерде баягы «арабанын четки атындай жулунган» акебиз бар эмеспи. Ал ырымды аябай жактырып, «...жакшы экен, муну кимге арнап жаздың эле» десе, көңүлчөөк жаным «Лара Кошоевага арнагам» деп, атүгүл сүрөтүн көрсөтүп койгон элем. Бул Жээнбайга жетиптир. А Жээнбай Ларага катуу ашык экен. Бир күнү Лара экөөбүз Садовая паркында отурсак анын эки жигити кыздын көзүнчө мени шерменде кылып аябай сабап кетишпедиби.

– Койчу?

– Чын... Анан бүгүн мен да аны бир күнү сабатайын деп, эки немени жалдап, экөөнү базарга алып барып аябай ичирип-жедирип, сабап берчү күндү макулдашайын деп отурсам, алар Жээнбайды эмес, кайра мени сабап кетишпедиби!

– Койчу!

– Чын... Сабап атышып «Жээнбай ал адам, а сен акмаксың! Аалыкени баш кылып, туура болсо болбосо да көп акындарды шылдыңдап жүрөсүң» дешсе боло. Көрсө булар, биринчиден өсүп келатышкан халтурщик акындар экен, экинчиден Жээнбай Самагановдун жердеши экен. Ахыбал мына ушундай. Кана, алып ий!..

Алып ийген Мидин түтөй үшкүрүндү.

– Капырай, жөн жеринен бир эмес, эки ирет таяк жейт деген эмне? Деги жолум татаал, төрөлгөндөн эле ыр-чыр менен келатам.

– Себеби, биринчиден таланттуусун, экинчиден, жүзүнө карабай ар кимдин кемчилигин бетине айтасың. Анан да кыйла кежирсиң.

– Сага окшоп...

– ??

– А мейли... Жээр таякты жедим, бирок Лара меники! Ага арнап кечээ мындай деп ыр жаздым эле, укчу!

Көзүң укмуш – ак чыныда карагат,
Көп карайсың, жүрөгүмдү жаралап.
Көөнүң болсо, бир белгиңди билгизчи,
Киши жалдап, сүйө албаймын паралап.

– Кандай?

– Жакшы. А тигилердин итчилигине капаланба. «Жаманга чөп, жакшыга сөз илешет» дейт. Сага чөп эмес, сөз жакын болгонуна кайра сыймыктан. Кеттик!

Вино ичип алганга кыздар жашаган жатаканага, бийге барган жокпуз. Соо кезинде эле күйүп-жанып жүргөн Мидин, ичип алганда Жээнбай Самагановдун куйруктарын аерден көрүп калса ого бетер чатак чыгармак. Дунган көчөсү менен төмөн жөнөдүк. Мидин токтой калды.

– Жүрчү дагы жүздөн ичелик!

– Болду!

Мидин ызырынып алды.

– Аман болсоңор Токомбаев менен Самагановдун камчысын дагы көп жейсиңер!.. Көрөсүң!

– Токомбаев мага эмне кылды?

– Сен эмне гезит окубайсыңбы? «Кызыл Кыргызстанда» Токомбаев Тыныстановду согуптур.

– Эмне деп согуптур?

– Саясый айып коюп «Алашчы», «Пантүркчүл», «троцкийчил» деп согуптур.

«Бу сөзүмө эмне дээр экенсиң?» – дегенчелик кылып Мидин мени ормоё тиктеп калды. А мен эмне демекмин? Унчукпадым. Эмне дээримди билбедим, анткени, эмненин эмнеден башталып атканын, ким кимге душман кылып атканын а кезде көбүбүз аягына, аныгына жете анча түшүнчү эмеспиз...

II

МЕЗГИЛ ҮНҮ: Эмне болду? Эмне үчүн, эмне себептен мындай коогалуу күндөр башталды? Те борборду айтпайлы, алыскы-алыскы Ала-Тоо аймагында эч нерседен кабарсыз, ак дилден, ак кызмат өтөп жүргөн Касым Тыныстанов пантүркчү эле эмес, Троцкийчил аталып атканы эмнеси? Деги ушунун түпкү себеби кайда?

Москва. Кремль. 1933-жыл. НЭП эбак жоюлуп, коллективдеширүүнүн биринчи беш жылдыгы аяктап калган учур. Сталин күнү-түнү ойго батчу болду. «Троцкизмди жеңип, өзүн чет өлкөгө айдап салганы менен, бирок Сталин социализмди Троцкийдин жолу менен кура баштады. НЭПти жойбош керек эле» деген эл арасында сөз жүрө баштаптыр го? Деги, бу эл социализмди кантип, кандай жол менен курмакчы? Күнү кечээ революция жасасак, а бүгүн социализмди тезинен курабыз деп, дыйкандын чөнтөгүн мамлекет бир күүсө, кооператив деген шылууну эки эселеп күүп атса, бу социализм эмес да? Келип эле баягы, эзүүчү менен эзилүүчү тап пайда болуп атпайбы? Мындай болгон соң анда эмне үчүн революция жасадык эле? Кызык? Эмне үчүн Бухарин баш болгон жолдоштор соодагер менен кызыл кулактардын күнү тууган НЭПти кайра-кайра эңсеп, ал эми эл тең иштеп, тең ичип, тең жашай баштаган коллективдештирүүнү өгөйлөп атышат? Коллективдештирүү көз көрүнөө өз жемишин берди го. Биринчи беш жылдык төрт жыл, үч айда аткарылды. Кээ сырьёлор НЭПтин учуруна

караганда аз өндүрүлүп калганы менен, эл бай жана кедей болуп экиге бөлүнбөй тең иштеп, тең жашай баштады го. Социализмдин эл алдындагы ыйык милдети мына ушу эмеспи? Айтмакчы, отузунчу жылы улуу урматтуу Карл Каутскийдин «Большевизм жарга такалды» деген китебинде чет элдик меньшевиктердин төбөлөрү Федор Дандын да макаласы чыккан эле. Анда автор «Коллективдештирүү – бу Россиянын шору. Революция дыйканга алып берген жерди мамлекет дыйкандан кайра тартып алды. Мындай болгон соң эл кайрадан революция жасап, сталиндик диктатураны жоет» деген эле. Кудая шүгүр эл революция жасаган жок, анткени коллективдештирүү алгачкы жемишин берди. Карл Каутский да Данчылап, байгамбарлык кылып, биздин келечегибизге төлгө салган. Наполеондун мезгилиндеги Франциянын турмушун Сталиндин кезиндеги Россиянын турмушуна салыштырып, аны андай, муну мындай кылыш керек деп бөйрөктөн шыйрак чыгарган теориясын таңуулаган эле. Урматтуу Каутский бир нерсени түшүнбөй атат. Батыштын көз айнеги менен Россияны, же Россиянын көз айнеги менен Батышты кароого болобу? Болбойт! Демократияны көз көрүнөө анархияга айлантып ийишет. Анткени, падышалык Россия капитализм доорун толук басып өткөн эмес, сексен проценти билимсиз, демек, өз алдынча ой жүгүртүүгө даяр эмес, жалтак, ээрчиме элге демократия берсең, малдай жайылып кетет. Анан эр болсоң чогултуп ал! Ушуну эмне үчүн Каменев, Зиновьев а түгүл тубаса марксист Бухарин эмгиче түшүнбөйт, түшүнгүсү келбейт? Улуу Ленин

бизге мурас кылып калтырып кеткен социалисттик жаш өлкөнү кайдагы бир казан сыяктуу пайдаланып, өз ойлоруна келгенин кылып, ар ким ар жеринен кулак чыгарып алгылары бар. Коллективдештирүүдөн улам жолдош Сталин Лениндик жолдон тайып бараткан имиш. Сөз эмес бекен? Бул саясый доо эмес эле катын ушагы! Көзү тирүү болсо Лениндин өзү да ушуга бармак. Мендей эле троцкизмди биротоло талкалап, соодагерлердин күнү тууган НЭПти кайра жоюп коллективдештирүүгө өтмөк. Социализмдин алгачкы баскычын курууда мындан башка жол жок, болушу да мүмкүн эмес! Ушуну көрүп-билип туруп, Зиновьев менен Каменев эмне үчүн мынчалык куйтулук кылып атышат? Эмне үчүн куру жалаа менен мени ленинизмге карама-каршы коюп атышат? Себеби эмнеде? Себеби эле социализм, же анын келечеги үчүн күрөшпөй, булар бийлик үчүн күрөшүп атышат. Бу күрөш жөнүнөн чыгып аткан жок. Тамыры терең. Троцкий жеңилип, чет элге айдалып салынганы менен анын тамыры калып калган. Алар жок болбой кайра күчөп, бутактап атат, себеби сырттан фашизм, ичтен тап күрөшү аларга көмөк берип атышат. Ушундан улам социализмдин тагдырына кедерги болгон өлкөдө жагымсыз үч караан пайда болду. Биринчиси – Бухариндик «жаңы оппозиция» бара-бара троцкистик-зиновьевдик блокко айланып кетти. Бул блок чет элдик диверсиялык-шпиондук иштерине шек берип, аларга жашыруун жол ачууда. Экинчиден – мына ушул топтун өкүлдөрү мамлекеттик төмөнкү кызматтарда эле эмес, жооптуу, жогорку кызматтарга чейин орун

ээлеп алышкан. Үчүнчүдөн – борбордогу эле эмес, те алыскы райондордогу партиялык жана советтик кээ бир жооптуу кызматкерлер кыраакылыгы жок, ушунчалык ишенчээк жана мажирөө болгондуктан, чет элдик тыңчы, бузуку, диверсант шпиондордун чыныгы жүзүн айрып тааный албай, алардын жооптуу кызматка көтөрүлүшүнө кайра көмөкчү болуп атышат. Бул үч караан социализмдин элдешпес душманы. Анан калса социализм канчалык арылаган сайын, анын душмандары ого бетер ичтен көбөйө баштады. Эмне үчүн? Көп адамдар бейиш эшигин социализм беш-он жылда эле ачып берет деп түшүнүшөт. Андай болбойт, болушу да мүмкүн эмес. Социализмдин экинчи эмес, а түгүл биринчи тепкичи, мүмкүн, бир кылымга созулушу ыктымал? Ооба, ошентиши ыктымал! Ошон үчүн, айрыкча жогорку үч себептен улам учурунда, кечикпей партиянын катарын утуру тазалап туруу ийги!.. Ооба, ушинтүү ийги!..

III

Кыргызстан. Фрунзе. 1935-жыл. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун биринчи секретары Морис Львович Белоцкий даражасы бийик бу кызматта иштеп аткынына эки гана жыл болгон. Жыйырманчы жылдары биринчи Атчандар армиясынын дивизия командири, кийин Бухара эл республикасында СССР консулу, СССР Осовиахим союзунун Борбордук комитетинин төрагасы болуп иштеген. Көптү көрүп, көптү билген киши. Ушундан уламбы, нары токтоо, нары сыпаа, анан да ар бир нерсеге кыйла астейдил. Бир

орунда тунжурап, өз кабинетинде азыр эки кишини күтүп отурду. Алардын бирөө Кыргыз АССР БАКтын төрагасы Абдыкадыр Орозбеков, экинчиси Кыргыз АССР Эл комиссарлар Советинин төрагасы Баялы Исакеев эле. Тез эле экөө тең бир учурда ээрчише сырттан кирип келишти.

– Отургула.

Белоцкий ордунан туруп келип, узун үстөлдүн эки капталына кыдырата коюлган орундуктардан орун алган Орозбеков менен Исакеевдин бет маңдайына отурду.

– Кеп мындай... Москвадан жабык кат келип түштү. Катта партиянын катарын чукул аранын ичинде шектүү кишилерден катуу тазалоо милдети айтылган. Катта: «Троцкизмдин бутагы Кыргызстанга дейре тамырын кеңири жайган» деген сөз бар.

Белоцкий сөзүн эмнегедир дал ушерден бүтүрүп, буга эмне дейсиңер дегенчелик кылып экөөнү алмак-салмак тиктеп, унчукпай калды. Эмне дешмек? «Тигилер шектүү киши» деп кимиси кимди атай алат? Баары тең бир кылка, бир максат, бир тилек, бир багыт, бир жолдо шатыра-шатман иштеп атышпады беле?

Белоцкий:

– Абдыкадыр Орозбекович... Мына быйыл буерде иштегениме эки жыл болуп баратат, бирок өзүмдү дале болсо эл ичинде жаңы, бөтөн кишидей сезип жүрөм. Себеби, биринчиден, Азия элинин, анын ичинде кыргыз элинин улуттук кулк-мүнөзүн

азырынча жакшы билбей атсам, экинчиден, жергиликтүү элдин тилин билбесең, канчалык атуул болоюн дегениң менен өзүңдөн өзүң өгөй уулдай болуп сезиле берет экенсиң...

Баялы Исакеев ийин күшөй жылмая берди.

– Морис Львович... Элди жакшы билбейм дегениңиз менен, эл сизди жакшы билет. Тилиңиз болбосо да, дилиңиз бар. Бул эң негизгиси. А тилди бара-бара үйрөнүп кетесиз...

– Ошентсе да силер тараптан, айрыкча экөөңөр тараптан жардамга өтө муктажмын. Жардамыңар эле ушу болсун – бири-бирибизден сыр жашырбайлы. Муну эмне үчүн айтып атам? Чынын айталы, мага караганда өз элиңерди өзүңөр жакшы билесиңер. Жакшы эле эмес, жаман жагын да мага караганда жакшы билесиңер. Ошон үчүн, элге ак кызмат кылалы десек, дагы айтам, бири-бирибизден сыр жашырбайлы. Анткени, күн өткөн сайын мезгил татаалданып баратат... Мындай болгон соң элдин тагдыры, коммунисттердин тагдыры үчөөбүздүн гана колубузда...

– Өзүбүз, өз ара сүйлөшүп алалы деп, атайын Лоцмановду[1] буерге чакырган жокмун. Айткылачы, чын эле арабызды троцкийчилер барбы? А эгер болсо кимдер?

Абдыкадыр Орозбеков орунтугуна чалкалай берип, «сөздүн ток этери ушу экен да» дегенчелик кылып, кашка баш маңдайын адатынча дыйкандыкындай

[1.] *Лоцманов* – ошо кездеги республиканын ички иштер эл комиссары.

чоң алаканы менен шашылбай сылап өтүп, коңур үн салды:

– Чын эле мезгил татаалданып баратат. Мезгилге жараша биздин иш да татаалданып баратат. Өзүңүз билесиз, отуз төртүнчү жылдын биринчи январынан тартып, миңден ашык коммунист партиядан алынды. Чын-чынына келгенде алар троцкийчилер эмес, жөн гана партияга татыксыз кишилер болучу. А эл аларды артынан дуулдата бүт эле троцкийчилер атап алыптыр... Туура айтасыз, сыр жашырбайлы... Айрыкча Исакеев экөөбүздүн сизге болгон ички оюбуз бүт сыртыбызда. Чынын айтайын, республикалык чекте троцкизмди жактап, же мактап сүйлөгөн бир да коммунистти ушуга чейин учурата элекмин.

Белоцкий эми Исакеевди тиктеп калды. Жука эриндерин бек кымтып, баятан бери бир калыбында кыймылсыз отурган Баялы Исакеев ийинин күйшөп алды.

– Мен да так эле ушу Абдыкадыр Орозбековдун пикириндемин.

Белоцкий:

– А Касым Тыныстанов жөнүндө эмне айта аласыңар?

Исакеев:

– Тыныстанов кыргыз жазма адабиятынын бардык чөйрөсүндө – поэзиясында, прозасында, драматургиясында негиз салуучулардын бири. Мындан башка, кыргыз тил илиминин калыптанышына, алсак: Грамматика, синтаксис, лексикология боюнча да анын

эмнеги зор. Жыйырма жетинчи жылдан отузунчу жылга чейин Кыргыз АССР эл агартуу министри. Бул кызматтан ден соолугуна байланыштуу, өз арызы менен кеткен. Азыр кыргыз маданият курулуш институтунун директору.

Белоцкий:

– Аалы Токомбаевдин «Кызыл Кыргызстанга» жарыялаган «Касымдын каты тууралуу» деген макаласын кандайча түшүнсөк болот?

Орозбеков:

– Чыгыш элинде «Эки канжар бир кынга сыйбайт» деген лакап бар. Макаланын жазылышынын түпкү себеби эле, менимче, мына ушунда... Албетте, Тыныстановдо да кээ бир чыгармачыл мүчүлүштүктөр болушу мүмкүн...

Белоцкий:

– Баялы Дыйканбаевич, сиздин оюңуз кандай?

– Тыныстановдун төгөрөгү кечээки эле окуя эмес. Бир нече жылдан бери уланып келатат. Абдыкадыр Орозбекович туура айтат... Тыныстановдун чыгармаларында кээ бир ийине жеткире иштелбеген көркөмдүк мүчүлүштүктөр болушу мүмкүн, бирок аны «пантүркчүл», «троцкийчил» деп жазган Токомбаевдин макаласына кошула бербейм. Деги Тыныстанов боюнча Токомбаевдин өз оозунан, ушерде угуп көрсөк болот эле, анткени кийинки чыгармаларын жакында эле жазуучулар Союзунда талкуулашты. Анын үстүндө Токомбаев Кыргыз жазуучулар союзунун төрагасы да...

Белоцкий туруп барып телефон чалды, кыязы азыр түз эле Токомбаевдин союзундагы телефонуна түштү окшойт, көп узабай эле Токомбаев келип, катардан орун алды.

Белоцкий:

– Аалы Токомбаевич, сөз азыр Тыныстанов жөнүндө жүрүп атат. Кийинки жылдары Тыныстановдун чыгармачылыгы жөнүндө көп талаш-тартыш жүрүүдө. Көбүн эсе сындалууда... Сиздин пикириңизче, ушу сындар канчалык деңгээлде туура да, канчалык деңгээлде туура эмес? Тактап эле эмес, чындыкка келип, аны төө басты кылбай, анын ишин калыс чечишибиз керек болуп турат. Баарыбыз билебиз, кээ каталарын Тыныстанов кыргыз областтык партконференцияда моюнуна алган. Катасын моюнга алуу коркоктук эмес, эрдик, бул бир. Экинчиси, жолдош Тыныстанов Абдыкадыр Орозбекович айткандай кыргыз маданиятына эмгеги сиңген киши чынбы?

Токомбаев:

– Чын.

– Мындай болгон соң, али да кеч эмес, Тыныстановдун тагдырына калыс мамиле жасайлы. Жазуучулар союзунун төрагасы катары, анан да Тыныстановдун калемдеши катары, ага болгон бүгүнкү оюңуз кандай?

Токомбаев:

– Жолдош Сталин башында турган бүгүнкү идеология бизди жаңы баскычтарга, жаңы ойлорго

шыктандырып койду. Бүгүнкү идеология бизди өтө кыраакы болууга үйрөтөт. Дос менен душманыбызды эмитен ажырата жүрүүнү талап кылып атат. Бул, албетте, туура. Мына сиз дагы, Морис Львович, биз писателдер дагы ошол ойдо, ошол жолдобуз. Бул бир. Экинчиси, Тыныстанов жөнүндө... Өзүңүз айткандай кыргыз маданиятына анын өтөгөн эмгеги дурус... Ошондой эле кетирген каталыгы да «дурус». «Правда» деген сөз, кыргызча «чындык» деген сөз. Демек, бу газетанын аты да чындык, заты да чындык. Мына ошо чындыктан тайбаган «Правда» отуз үчүнчү жылы Тыныстанов жөнүндө макала жарыялады. Анда «Касым Тыныстанов Шабдан баатырдын образын жамынган байды көксөйт», «Өлүп бараткан эзүүчү таптын поэмасын жазган» деп ачык айтып чыкты. Кээ бир бош ооз писателдер Тыныстановду чөгөлөткөн Токомбаев төөчү эмес, ал идеология кишиси. Ошон үчүн анын саясый жаңылыштыгын туура көрсөткөн бир эле «Правда» эмес, сынчылар Тойчинов жана Рахматулиндин позициясын да туура деп эсептейм...

Белоцкий:

– Тыныстановдун эң негизги катачылыгы эмнеде деп ойлойсуз?

Токомбаев:

– Тыныстановго коюлган саясый күнөөнүн негизги себеби «Академиялык кечелер» деген пьесалар цикли. Мына ошол циклде «Көз көргөндөн» деген Тыныстановдун көп актылуу тарыхый драмасы бар.

Бул Шабдан жөнүндө жазылган драма. Биз жолдош Тыныстановго учурунда жолдоштук, калыс сыныбызды көп эле айттык, бирок укпады. Орусча өзү которуп, жардам болор бекен деп Москвага жөнөтүптүр...

– Кимге?

– Максим Горькийге.

– Жооп келдиби?

– Келбеди, менимче... Оң жооп келсе, дароо жарыя кылмак.

– М-даа.. – Белоцкий томсоро ойго төнүдү. Анын иреңинен Токомбаев өзүнө болгон анча жылуу эмес мамилени сезип турду. Ушундан уламбы, ал да сөзүн ушерден токтотуп койду, унчукпай калды. Ортодо жымжырттык өкүм сүрдү.

Белоцкий:

– Жакшы анда... Айткан пикириңизге ырахмат.

Токомбаев дагы көп сөздөрдү айтмакчы эле, бирок эмне үчүн Белоцкий минтип сөздү кыска бүтүрүп койду? Токомбаев анча ыраазы боло бербей, бирок бу нааразылыгын жүзүнөн билгизбей, сылык кош айтып чыгып кетти.

Белоцкий Орозбековго бурулду:

– Токомбаевдин пикири мүмкүн өзүнчө туурадыр... Жакында эле Тыныстановдун өзү менен сүйлөштүм. Мага ал өтө жакшы таасир калтырды. Акылы, таланты, билими жагынан мындай кишилер азыр бизде сейрек кездешет. Мына ушундай кишини Токомбаев же Рахматулин сыяктуулар троцкийчил

атап аткандарына эмнегедир анча ишене албай, акыйкатына жете албай жүрөм.

Орозбеков менен Исакеев ичинен бир учурда ыраазы боло жибип, сүйлөмөк болуп, бирок унчугушпады. Белоцкий Москвадан келген катты колуна алды.

– Жыл аягында мобул катка жооп беришибиз керек. Жооп бериш үчүн «биз сүттөй акпыз» деп актана албайбыз. Кантсе да кыраакы болушубуз керек. Окумуштуу Евгений Поливановдун Кыргызстанга келиши мага анча жакпай жүрөт. Өзүңөр билесиңер да Маррдын «Яфет теориясын» катуу сынга алып, кызматынан айдалган, эмгектерин жарыялоого тыюу салынган. Ал азыр буерде эмне иш өтүп атат?

Исакеев:

– Узакбай Абдукаимов менен кыргыз тили боюнча, ал эми Ян-Шан-Син менен дунган тили боюнча окуу кетиптерин түзүүгө киришти. Мындан тышкары акын Ясыр Шиваза менен «Интернационалды» дунган тилине которуп атыптыр.

Белоцкий:

– Поливанов биздин республикага Тыныстановдун чакыруусу боюнча келиптир. Өткөндө жолдош Тыныстановго Поливановдун чатактуу илимий концепциясы те борбордон бери белгилүү. Ошон үчүн Баялы Исакеевич, Поливановдун тегерегин байкай жүрүңүз. Аны менен этият болуусун Тыныстановго сиз да эскертиңиз. Бул бир дейли. Экинчиси... Бузукуларды табуу жана партиядан чыгаруу компаниясы

дагы бир-эки жылга созулат көрүнөт. Ушул уу-дуудан Тыныстановду кандайча сактап калабыз?

Орозбеков:

– Аны сактап калыш үчүн, аны да партиядан чыгарышыбыз керек. Азыркы компания өтүп кеткен соң, кайра аны партияга алып койсо болот.

Белоцкий Орозбековду жактыра тиктеп калды:

– Абдыкадыр Орозбекович, жакшы ой айттыңыз. Бирок, муну үчөөбүздөн башка бир да жан, а түгүл Тыныстановдун өзү да билбесин!..

IV

Ушу жылы мени аскерге чакырып калды. А мен окууга тапшырышым керек эле. Кайрадан ой басты. Эмне болот? Кимге барам? Кимге арыз-муңумду айтам? Ойлонуп отуруп Абдыкадыр Орозбековго бармак болдум. Ага кирүү оңой эмес экен, акыры кирдим. Абдыкадыр Орозбеков орто бойлуу, кара тору, маңдайы кашка, көздөрү бакыракай, токтоо киши экен. Арыз-муңумду унчукпай отуруп, ынтаа менен укту, анан оюмду колдоп сүйлөдү.

– Туура... Сүрөтчүлүк бу – жакшы өнөр. Окумуштуу менен жумушчу бизге кандай керек болсо, сүрөтчү дал ошондой эле керек. – Телефон туткасын бурап, трубканы кулагына алды. – Ало, аскер комиссариатыбы? Мага жолдош Панфиловду... Иван Васильевич, саламатсызбы? Бизден бир өтүнүч... Биздин бир таланттуу сүрөтчүбүз окууга баратты эле, ушуну армиядан калтырууга болобу? Жакшы... Ырахмат

Иван Васильевич! Жөндөмдүү жаштарды адегенде окутуп алалы, а Мекенди качан болсо да коргой берет.

Орозбеков маселени дароо, шыр чечет дешчү, чын экен. Сыртка сүйүнүп чыктым. «Сүрөтчүлүк жакшы өнөр, бизге керек» деген сөздү кыргыз интеллигентинен биринчи угушум. Эл болгондон кийин, бири түшүнбөсө, бир түшүнөт экен го!

Ошентип, аскерден калып, Москвадагы «1905-жылдын эстелиги» атындагы көркөм өнөр сүрөт окуу жайына сыноо берип, өттүм. Даярдыгым дурус болгондуктан, экинчи курстан баштадым.

Сүрөт өнөрүнүн туңгуюк сырына барган сайын баам-парасатым арылап, бу өнөр боюнча бүткүл аруусун берген устаттардын насил насаатын угуп, устаттыгын өздөштүрүп, көркөм ажайып дүйнөнүн кумарына акырындап арылап тартыла бердим. Сүрөтчүгө эки нерсе: байкоо жана фантазия сөзсүз түрдө керектүү экенин түшүнө баштадым. Фантазияң бай болуп, бирок турмуштагы көп нерселерге байкооң начар, же байкооң жакшы болуп, фантазияң начар болсо, анда өз алдыңча эч нерсени көрө албайсың, жарата албайсың. Фантазия менен жалпылоо гана тиги же бу нерсени же көрүнүштү ар жагынан кароого, ар тарабынан ширөөгө шарт түзөт окшобойбу. Ошондо гана натурадан көркөм чындыкты көрүп же ылгап, аны жалпылап жана аземдеп, өзүнчө бир көркөм дүйнө жаратууга сүрөтчүдө кудурет пайда боло баштайт окшобойбу. Деги чыгармачылык, айрыкча көркөм өнөр түйшүгү не деген асыл өнөр!

Күндөрдүн бир күнүндө Алыкулдан кат алдым.

«Саламатсыңбы, Гапар! Москванын ным жыттанган авасына көнүп калдыңбы? Сага жана сенин тагдырыңа суктанам. Третьяков, Ленин китепканасы, МХАТ... кыскасы маданий очоктун борборундасың. Мындай бакыт ар кимге эле бериле бербейт!

Биз болсо, өзүң айткандай «чаңдуу айылда» эсенаман жашоодобуз. Мен азыр көп жазбай, классиктерди окуп, көп которуудамын. Көп окуп, көп билбей туруп, айрыкча дүйнөлүк, анын ичинде Чыгыш жана орус классиктеринен кабар албай туруп, жөн эле төбөң менен жер сүзүп иштей бергениң менен эч нерсе чыккыдай эмес. Ошон үчүн элге алымдуу, чоңураак бир нерсе жаратыш үчүн зор даярдык, зор эмгек керектүүдөй көрүнөт. Кыскасы, жакынкы эки жылдык планым көп окуу, көп которуу. Окуп, же которуп элге тим болбой, чыгармага талдоо жүргүзүү, авторлордун деңгээлине, дымагына жана устаттыгына окурмандык баа берүү, керек болсо таасирленүү, шыктануу. Мыкты акын-жазуучулардын таасири мага азыр шык эле эмес, канат-бутак, демилге берчүдөй көңүлүмдү өрөпкүтөт. Анткени, өзүмчө күүлөнүүгө, өзүмчө учууга азырынча өзүмдүн «аэродромум» да, ««канат-бутагым» да жок сыяктанат.

Өзүм жөнүндө ушул. Өңгөлөр жөнүндө мындай. Жоомарт, Жусуп, Түгөлбай жана Мукай катуу иштеп атышат. Кой айдаган таягын таштай салып, кечээ эле тоодон түшкөн балдар, бүгүн белдерине Манастын кемерин бекем буруп, көчүктөрүнө көк таш байлап

роман, драма, поэма жазууга отургандарына нары таңдансам, нары сыймыктанам. Түгөлбай-Гөлкөңбай өзүнө окшогон гөлтөйгөн роман жазып аткансыйт. А Жоомарт менен Жусуп драма жазып, бирөөнүкүнүн премьерасы болуп өттү. Менин баамымда экөөнүкү тең мыкты чыгарма.

Кээде Мукай ага жүргөн топко кошула калам, ошол топко көбүрөөк ыктайм, анткени Муканды сыйлайм. Маданиятына, талантына, адамдык ыймандына баа берем. Азыркы акын-жазуучулардын ичинен Касым Тыныстановдон кийинки ички дүйнөсү бай, билимдүүрөөгү эле ушу Мукан. Ушу төртөө азыр алдыңкы чекке чыгып, а калгандары тийип-качып ыр эмес эле «пыр» жазып жүрүшкөнсүйт.

Бул жакшы жагы, жаман жагы республикабызда азыр коогалуу иштер башталды. Кээ бир акын-жазуучуларга жана партиялык кызматкерлерге шектүү карап, «улутчул» деген доомат менен көпчүлүгү партиядан алынып атат. Касым Тыныстанов партиядан алынды. Бул окуя айрыкча Жусупту өтө капалантты, ойго салды (катты окууруң менен өрттөп сал).

Дагы бир өкүнүч. Менин бул өкүнүчүм ичиңде болсун, эч кимге айтпа. Өзүң билесиң. Аалыкени баарыбыз сыйлайбыз, баарыбыз ага тутабыз, бирок там-туң басып, эми гана жетилип келаткан кыргыз адабиятына, анын ичинде кээ бир таланттуу акын-жазуучуларга кайдагы бир саясый күнөө коюп келатышы чынын айтайын баарыбызга эле жакпай атат. Буга чейин эле Жоомарттын поэзиясынан «бай-манаптык

романтиканы» көрүп, күнөөлөп, төбөлөп келатканын жакшы билесиң. Чындыгында улутчулдук көрүнүштөр Жоомартта жок эмес, бар. А бирок революциячыл духта жазылган «Алтын кызын» анын чыгармачылык кризиси катары сындаганы эмнеси? Ушуну менен эле катар Жусуптун чыгармаларынан да улутчулдуктун мотивдерин көрүп аткан имиш. Мукайдын чыгармачыл багыты да дал ушундай доолор менен торолууда. Ал эми Касым Тыныстановдун партиядан чыгарылышына түздөн-түз Токомбаев себепчи деп атышат. «Кызыл Кыргызстанга» «Касымдын ырлары» деген макаласында аны «алышчыл», «пантүркчүл», а түгүл «троцкийчил» деп атаган ошо да. Иши кылып азыркы ахыбал начар!

Кымбаттуу Гапар, сен Токомбаевди жакшы көрөсүң, сыйлайсың, а киши да сага жаман ой, жаман мамиледе болбосо керек. Ошон үчүн, акылдуу жансың, мени туура түшүн жана ойлонуп көрчү? Жабыркаган жогоркулар эгер талантсыз болсо бир жөн, таланттуу, анан да талыкпай иштеп аткан алдыңкы топко ушундай доо, ушундай күнөө коюу туурабы?! Жок, туура эмес!..

Бул, мен билген адабий жаатындагы акыркы кабарлар. Эми мен анча билбеген сенин «айылың» Сүрөтчүлөр союзунан кыскача кабар.

Чуйков Союздун төрагалыгын Евдаков дегенге берип, өзү чыгармачыл ишке өттү. «Кыргыздын тунгуч сүрөтчүсү Гапар Айтиев Москвадан бүтүп келгенче иштеп тур, келгенде өзү башкарат» дептир. Келсең сени жөн агалык эмес, төрагалык орун күтөт.

Бийлик колуңа тийгенде Аалыкеңдей ашына чаап кетпе (тамаша).

Дагы бир өкүнүчтүү кабар. Сенин окутуучуң, устатың Владимир Образцов Ысык-Көлгө чыгармачылык командировка менен барып, ошерде миниңгит менен ооруп, кайтыш болду. Жакшы кишинин өмүрү кыска болот деген чын окшойт...

Кош, анда! Кайгылуу кабарым үчүн кечир. Сага кат жазып атып өзүм да нары капаланып, нары жеңилдей түштүм.

Алыкул».

* * *

Сыртка чыктым. Москванын бүркөө көчөсүндө, бүркөө тартып келаттым. Касым Тыныстановдун партиядан алынышы, айрыкча Владимир Образцовдун өлүмү мени катуу ойго салды. Пушкин окуган лицейдегилер Державинге кандай сыймыктанса, биз пединституттун алгачкы студенттери Тыныстановго ошондой эле сыймыктанчубуз. Пединститутка көп келчү. Келген сайын кемтигибиз бүтөлө түшкөндөй болуп, анын ар бир сөзү бизди шыктандырчу, курчутчу, кайдадыр алыска үндөчү. Образцовчу? О, кайран киши, сизди эми көрбөймүнбү?! Мага өз инисиндей, өз уулундай ак жол тилеп окууга узатпады беле? Сүрөт өнөрүнө көзүмдү ачкан ушу киши эмес беле? Биз үчүн ийрим ачып, сүрөт өнөрүнө үйрөткөнү үчүн, уч-муч жашаганы менен, институттан мандай акы алчу эмес. Азыр ойлосом ал дили демократ, чыныгы сүрөтчү экен. Кимдин ким экенине, кайсыл улуттан

экенине карабай, адамга адамдык зор ынтаасын, зор жардамын аябаган асыл адам экен. Орусчаны дурусураак үйрөнүп алсам ага кат жазып турам деп ойлочумун. Эсен-аман бүтүп барсам, анын көп жакшылыгын бир кайтарам деп тилечүмүн! Аттиң ай, ушунун баары ой, тилек гана бойдон калып калабы? Почтага келип, Чуйковдун атына көңүл айтып телеграмма жибердим. Телеграмма жазып атканымда көзүмө жаш келип турду...

* * *

Өлгөндүн өз шору. Кантели, бир келип гана, анан биротоло кетмей дүйнө экен-ов! А биз, тирүүлөр, дагы бирибиз арабыздан келбес жакка кеткенде, дагы бир ирет кайгырып алып, өлүмдү дагы бир ирет эстеп алып, анан эртеси эле өлбөөчүдөй, бу дүйнөдөн өтпөөчүдөй болуп, жашоонун ар кандай тоскоолуна, ар кандай ызгаарына каршы бет алып, бирде мизибиз мокоп, а бирде курчуп, комуз кылындай биз да бир күнү тырс дей түшмөйүнчө жашоо таттуу, өмүр кызык болуп, турмуш чабытында жан сабап, жүрүп отурат окшобойбузбу.

Мындан бир жыл кийин, миң тогуз жүз отуз алтынчы жылы, так эле мен окуп аткан окуу жайында Сабырбек Акылбеков келип кирди. Мен Жалал-Абаддагы педтехникумда иштеп жүргөнүмдө Акылбеков ошо техникумда окучу. Сүрөтчү болууга ал да абдан кызыкчы эле, бирок аны да мага окшоп кезинде эч ким колдогон эмес, караңгы эл, ошол караңгы элден жаңы эле чыккан «караңгы» интеллигенттер

сүрөтчүлүк кесипти те жогоруда айтып кеткенимдей, баалоого рухий кубаты жеткен эмес. Ошон үчүн сүрөт өнөрүн алар бакшы өнөрүнөн алда канча төмөн койгон. Ушундан улам мага жол ачылгандан кийин гана Акылбековго жол ачылган.

Ошентип күн өтүп, окуу жүрүп атты. Те Орто Азиядан келген биз Москвада өзүбүздү кыйла бошоң сезебиз. Орус тили биз үчүн айрыкча ушерде кыйын болуп атты. Жалал-Абаддагы техникумда иштеп жүргөнүмдө аердеги студенттер үчүн орус тилин суудай билсем, буерге келгенде, ал билимим суу кечпей калды. Орус тилин бүк түшүп үйрөнүү менен, сүрөттү көп тарта баштадым.

Деги 1932-жылдан 1940-жылга чейинки мезгилди өзүмдүн көркөм сүрөт өнөрүндөгү алгачкы кадамдарым катары эсептейм. Менин биринчи чыгармам –атамдын портрети. Ал акварель боёгу менен тартылган. Менин оюмча чыгармачылыктын башаты, өзгөчө өзүңө жакын, өзүң билген нерселерден башталат экен.

Айтмакчы, кыргыз элинин 1916-жылкы көтөрүлүшүнүн жыйырма жылдыгына байланыштуу 1936-жылы республикалык көркөм сүрөт өнөр көргөзмөсү ачылган эле. Бу темага арнап Семен Чуйков мурун эле бир нече картиналар жазып даярдап койгон болчу. Ушул көргөзмөгө арнап мен да «Байдагы батырак» деген бир картина тарткам. Бул менин эң биринчи мазмундуу ишим. Бул азыр да көзүмө эмнегедир жылуу учурайт, мындайча айтканда, бул иш

жан дилим, чыныгы чыгармачылык илеп менен тартылганы кадимкидей байкалып турат. Ырас, чыгармада профессионалдык жетишпегендиктер бар, бирок табигый жандуулук, чыныгы дилгир сезимден жаралганын белгилей кетким келет. Кыскача болсо да, ал чыгарманын мазмунуна токтолуп өтөйүн. Эгин талаасы. Ошол талаада кош айдап жүргөн бир батрак кедей. Байкуш кедей бир жеринен байына жакпай калганбы, айтор, бай ат үстүнөн эңилип, камчысы менен кедейди сабап жаткан учуру. Мен ушундай окуяларды бала кезимде көп эле көргөм. Өз атам дагы үйсүз-жайсыз, үйүнөн үрүп чыгарга ити болбогон кедей экенин аңгемемдин те башында айтып кеткем.

Көңүлүм толгон дагы бир сүрөт – «Сельсоветтин секретары Имангазы». Бул эмгегимди көркөм сүрөт өнөрүнө чоң талап коюп изилдегендер да жогорку баа ыйгарып жүрүшөт. Чыгармачылыгымдын башатында мына ушул эмгегим турганы бир эсе кубандырса, экинчиден, жакшы баага татып келатты, ошол кездин эстелиги катары өзүңө жылуу ой туугузат экен...

Ошентип, Москвада окуп жүрөм. Алыста жүргөнүндө туулуп өскөн айылын, өсүп-өнгөн жериң, айрыкча, алты эмес, алтымыш атабыз менен энебиз жашап өткөн, басып өткөн, кагылайын Ала-Тоо эсиңе түшөт, түшүңө кирет. Дүйнөлүк адабият менен маданиятка аралаша баштаганыңда, анын өнүп-өсүү эволюциясы, тарыхы менен кабардар болуп, адамзат оюнан, адамзат колунан жаралган зор искусствону

тамшанып түшүнө баштаганыңда өз элиңдин тарыхы, маданияты, жакшы жана кемчил жагы эсиңе түшөт тура. Ушундан уламбы эл-жер эсиме көбүрөөк түшө баштачу болду.

Кыргыз эли – таланттуу эл. Таланттуу болбосо, миллион сап «Манасты» аязы арылдаган тоо-таштын арасында көчүп-конуп жүрүп, ооздон-оозго, муундан муунга сактай алмак беле?!. Элим өтө ыр жандуу. Атайдын, Мусанын үнүндөй мукам үндү ушу жашка келип, а түгүл Москвада окуп жүрүп, эч жерден уга элекмин. Айрыкча Атай менен Абдыластын үнүндө адам сезимин арбап алчу, ой кумарын козгоп, жан дүйнөңдү кумарлантып-куштарлантып салчу бир зор күч, зор сыр жаткансыйт. Булардын үнүндө, обонунда, аткаруучулук аземдигинде адамзааданын бүткүл ой-санаасы, куш көңүлү ширелип, өрүлүп калгансыйт. Ал эми Токтогул, Жеңижок, Барпы, Тоголок Молдо сыяктуу турган эле жеринде төгүп ырдоочу турпаты тубаса ырчыларды бөтөн эл, бөтөн жерден учураттыңыз беле? Кечирип коюңуз, бу мактануу эмес, анан калса биздин эл мактанууну эң чеки, эң пас иш катары көрөт. Айрыкча Жеңижоктун ырлары жөнөкөйлүгү, терең мазмундуулугу, мөндүрдөй төгүлгөн уйкаш ыргагы менен жан муютат.

… Э-эй!
Күнү-түнү ашынып,
өтүп жаткан дүнүйө.
Журттан журтка ташынып,
көчүп жаткан дүнүйө.
Бири күйсө, бирөөбү,

Өчүп жаткан дүнүйө!
Э, эки беттин албырган,
нурун алган дүнүйө.
Атасынан баласын,
мурун алган дүнүйө.
Жан-жаныбар күйөнү,
бүт жараткан дүнүйө.
Канаттуудан башкага
сүт жараткан дүнүйө.
А-алты теңге пулдууга,
абат кылган дүнүйө.
Эки кузгун кошулса,
бечараны каректап,
набыт кылган дүнүйө!

Ал эми биздин комузчу? Дүйнөлүк музыка аспаптарынын ичинен сырткы көрүнүшү боюнча эң жупунусу комуз дээр элем. Бир караганга чыканактай бир куу жыгач. Ичегиден тагылган үлбүрөк үч кыл. Болгон дасмиясы ушу. Бирок, комуздун башка аспаптардан артыкчылыгын айта кетүү ашкере мактоого жатпас. Дүйнөлүк музыка аспаптарынын дээрлик баары тең, болгону обон гана коштойт, а комуз обон эле коштобой, ой-кыялыңды терметип, бул көзөл дүйнөнүн бир бети доорон, экинчи бети ойрон экенин, анын ыры менен чыры жөнүндө не укмуш күүлөр көмөкөйүнөн нары өткөөлү, нары так айтылат. Айрыкча азыр, улгайып баратканымда, элдик «жапайы» күүлөрдө укканымда элдин бүткүл салт-санаасы, ыйы менен сыры бир эле төө көтөргүс «Манаста» эмес, так ушу чыканактай жупуну комуздун көмөкөйүндө да жаткансыйт. Өлкөбүздүн толтосу Москвада эч нерседен

өксүбөй, кемип же кемсинбей окуп жүргөнүмдө Токтогул менен Жеңижоктун мөндүрдөй төгүлгөн санат ырлары гана эмес, кылымдап тоо-таштын арасында, аяздуу жылдардын азаптуу белин эчен ирет ашып, Өктөбүр төңкөрүшүнө өлбөй-житпей, болгондо да ушундай зор маданияты менен жеткен бир ууч, кичине элиме өзүмчө, эч кимге айтпай, же дардаңдап гезитке жазбай, ичимден сыймыктанчумун, ичимден кубанчумун. Жазмасы мүлдө жок туруп, бирок ушундай маданияты менен жаңы дүйнөнүн оро-парасына жеткен элдин арасынан, жазмага ээ болуп, өсүп-өнө баштаган учурда сөзсүз улуу жазуучу, же акын чыгат го деп ойлочумун, ишенчүмүн. Анткени, дагы кайталайм, элим таланттуу эл, бой көтөрбөгөн, улутчулдук кылбаган, бирөөгө жөнүнөн тийишпеген, жоош-момун эл.

Таланттуу киши эч качан бой көтөрбөйт, чагымдык кылбайт. Элим так ошо таланттуу киши сыяктуу, бирок ашкере таланттуулар өз элине жагып, өзгөгө кең пейил болгону менен өзүнө, ич ара чагымчыл, ичи тар, ыркы жок майда...

V

Алыста жүргөндө ушинтип элиң жөнүндө, элиңдин кечээгиси менен эртеңи жөнүндө кененирээк, көбүрөөк, а түгүл кусаланып түйшөлөт экенсиң. Ушундан улам Москва калаасы мен үчүн өзүнчө эле турмуштун зор мектеби болуп калды. Деги көркөм сүрөт өнөрү деген эмне? Анын табит-таалими элге, айрыкча бизди тоюндуруп-топуктурган бешенеси

бырыш, алаканы чор улуу дыйканга, малчыга канчалык деңгээлде кумар азык болуп бере алат? Элдин өткөн күнүн, тарыхын, ой-санаасын көркөм адабият сыяктуу кийинкиге өрнөк, бүгүнкүгө санак кыла алабы? Ушуга чейин ойлоносуң. Айылда жети атаңы эптеп билип алсаң болду, андан ары эптеп жашай бермей. А Москвада, мен жүргөн чөйрөдө андай эмес. Көп окушат. Элинин өткөн тарыхын изилдешет, келечегине долбоор түзөт, бүгүнкүсүнө камкордук көрөт. Москва мага мына ушунусу менен жакты.

Мен Москвада белгилүү сүрөтчү Николай Крымовдун көзөмөлүндө болдум. Албетте, Фрунзеде окуп жүргөнүмдө Владимир Обазцовдун мага берген сүрөтчүлүк таалими менен таасири ушерге келгенде аябай билинди. Көрсө, өзүнүн билгенин өңгөгө да билгизүүгө аябай дилгир бу ак жүрөк орус адамы мени зор өнөрдүн тизгин керген тулпарына мингизбесе да, ошол тулпарга минишим үчүн кайсыл бутум менен кайсыл үзөңгүнү тебишим керек экенин түшүндүрүп, бу көркөм өнөр дүйнөсүнө көзүмдү кыйла ачып койгон экен. Ар кандай татаал сюжет же образдарды жалпылоо үчүн, этюд же композиция болсун баары тең натурадан баштоо керек экенин, турмуштагы болумушту, чындыкты көркөмдөөдө бул өзүнчө эле сандыктагы сары алтын болуп берерин айтчу эле. Ушундан улам Москвада окуп жүргөнүмдө оюмду полотного берерде майда-барат деталдардан качып, натураны туура тандап, анан негиздүү гана нерселерди жалпылоого ыктап турганымды устатым Н. Крымов байкап калдыбы, бир ирет:

– Ты откуда приехал, друг мой? – деди.

– Из Киргизии.

– Из Киргизии? Где живет Семен Чуйков?

– Да...

– Во-от оно что... Кто еще кроме Семена?

– Кроме него работал еще Образцов... Владимир Витальевич... Но он недавно умер.

– Вообщем, друг мой, ты начал свою творческую путь с хорошими людьми. Так и продолжай. Особенно молодому художнику нужно учиться искусству у самой природы. Именно природа должна тебя вдохновить когда пишешь этюд или пейзаж. Это первое! Второе... самое интересное, самое зрелищное в искусстве – это личность художника... Ты меня понял, сын киргизского народа?!

– Понял...

Крымов чыгармачылыктын ар кыл оош-кыйыштары жөнүндө мына ушундай мазмунда бизге көп айта турган. Мен жана Акылбековдон кийин бу окуу жайга Кыргыз Эл комиссариатынын жолдомосу менен Деймант менен Тюрин келип окуй баштады. Белгилүү пейзажисттер Крымов менен Петровичтин алакалуу таалими, дүйнөлүк классиктердин чыгармачылыгынан кабары бар көз карашы бизге, Кыргызстандан келген төртөөбүзгө зор пайдасын берди. Алардын бу таалими биз үчүн, аны жалпылоодо жана чечүүдө өзүнчө эле бир чебер кыймачынын кыйыгындай үлгү болуп калды. Ушундан улам, айрыкча Москвада окуп жүргөнүмдө дүйнөгө,

чыгармачылыкка өз алдынча мамиле жасап, өзүмчө болууга, өз багытымды, өз конушумду, өз подчеркимди табууга болгон аракетим ойгонду. Айрыкча композициялык пейзаж тартууга кызыгуум ошо Москвада окуп жүргөнүмдө башталды.

Жайкы каникулга Фрунзеге келдим. Алыкул тосуп алды. Мурдагыга караганда ал бир аз толуп, тотуга түшкөн. Эмнегедир ойлуу. Көзүнүн те тереңинде кандайдыр бир жашыруун сыр, кайгы жаткансыйт. Адатынча аны билгизгиси жок, күлө кагып, ал-жайымды сурап, өзү жөнүндө эч нерсе айткысы жок. Буюмдарымды Алыкулдукуна коюп, ал экөөбүз шаарга чыктык. Москвадан келген мага биздин калаа шаар эмес эле, кичинекей айыл сыяктуу сезилет, бирок нары көзгө жылуу, нары өз үйүң, өз төрүңдөй жанга жакын, дилге шыба.

– Жүрү, жаңы курулуп аткан «Ала-Тоо» кинотеатрын көргөзөйүн, - деди Алыкул.

«Казына багынан» чыгып, жаңы эле курула баштаган «Ала-Тоо» кинотеатрына келдик. Мурун, жыйырманчы жылдары шаарга «Метеор», «Марс», «Эдисон» сыяктуу гана саналуу кинотеатрлар боло турган. Азыр жыйырмага жакын, анын ичинде «Ала-Тоо» деген заңкайган кинотеатр курула баштаптыр.

– Мен кеткенден бери көп жаңылыктар болуптур, Алыке...

– Айтпа... Кыргыз АССРи Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлдү. Фрунзе – Балыкчы шоссе жолу ачылды. Юлиус Фучик атындагы маданий эс алуу паркын отургуздук.

Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясын ачтык. Айтмакчы... сенин келериңе карата филармонияга эки билет алып койгонмун...

– Атай ырдайбы?

– Атайды айтасың... Мураталы Күреңкеев, Карамолдо Орозов, Ыбрай Туманов сыяктуу лөктөр ырдайт.

Концертке келген эл көп. Ташкенден окуп келген Ахунбаев, Молдогазиев, Сыдыковдор бир кезде педтехникумда бирге окуган Жукеш Мамбеталиевди, анан да Жоомарт менен Мукайды ошерде жолуктурдум.

– Кандай, сүрөтчү - деп мени көрө койгон Жоомарт элпек бурулуп, элпек кол бере.

Жоомарт ар кандай кырдаалда, не топ ичинде, не жекече маектешүүдө шарт сүйлөп, шарт күлүп, күч-кубаты ичинде уйгу-туйгу болуп, ага тынчтык бербей, өзүнө өзү батпай тургансып, а кээде ашкере толкунданып, же чукул ачууланып, шашмасы кармап кете турган. Азыр да мени көрө коюп, мен баргыча өзү жетип келип, колумду бек кысып, кыйлага кое бербей турду.

– Э, Мука, - деди анан мени жылмая тиктей калган Мукайга бурулуп, - баарыбызды тең Москвага бирден жиберип, бирар жыл жүргүзүп алсак окшойт. Көрбөйсүңбү, Гапар зыңкыйып, мурункуга караганда кыйла интеллигент боло түшүптүр.

Мукай Элебаев жылмайып гана тим болду. Мукай дээринен куудул эле. Бирөөнү күлдүрөйүн, же

куудулданайын деп атайын аракет кылчу эмес. Жөн эле көнүмүш сыяктуу сүйлөп кое турган, сүйлөгөндө да кулжуңдап, же мылжыңдабай акырын сүйлөй турган. Мына ушул акырын сүйлөгөн сөзүндө эле кептин тузу менен узу айтылып кала турган. Бирок, отуз төрт, отуз бешинчи жылдары «Узак жолду» жазып жүргөндө эмнегедир өтө суз тартып, ойчул болуп кеткен эле. Ким билет, мүмкүн өткөн өмүрү кайра эсине түшүп, айрыкча он алтынчы жылдын оор-парасында жүздөгөн, миңдеген жердештеринин сөөктөрү аяздуу талаа, ач белде сөпөн болуп, а өзү өз үй, өз төрүндө орус байларына малай жүргөн күндөрү жүрөгүн дагы бир ирет сыздатып өткөндүр? А мүмкүн жөн гана чыгармачылыктын кыялмас магдыроосудур? А азыр андай эмес. Тагдырына, бүгүнкү жашап аткан күнүнө, өсүп-өнүп аткан эл-жерине те көңүл толтосунда ыраазы жүргөндөй муюп, анын үстүнө өңү-түсү жышылып, ажардуу, келишимдүү. Зор иш өтөп, мына ошол ишинин жакшы натыйжасында ичинен өзүнчө ыраазы жүргөн, дардактабай, бир кунунда жүргөн кишинин көрүнүшү, турпаты ушундай ажарлуу болуп калат окшобойбу.

Деги, азыр ойлосом, ошо отузунчу жылдары ошо кездеги жаш таланттардын катуу иштеп эле эмес, чатырап катуу өсүп-өнгөн кези болгон экен. Эгер миң тогуз жүз жыйырма сегизинчи жылдары жазма адабиятта Баялиновдун «Ажар» повести, Карачевдин «Эрксиз күндөр» сыяктуу гана бирин-серин чыгармалары кыргыз адабиятынын жүзүн көрсөтсө, отузунчу жылдардын экинчи жарымында Элебаев «Узак

жол», Сыдыкбеков «Кең-Суу», Бөкөнбаев «Алтын кыз», Турусбеков «Ажал ордуна» сыяктуу келечекте кыргыз совет адабиятынын классикасы болуп калчу роман, драмаларды жазса, Осмонов «Жолборс терисин жамынган баатыр», К.Эшманбетов «Гамлет», Баялинов «Евгений Онегин», Дөгдүров «Эне», Карачев «Болот кантип курчуду» сыяктуу классикаларды кыргыз тилине оодарып салышкан экен. Бул эрдик эмей эмне? Балким, мына ошол толуп-ташып, чатырап, күйүп турган чыгармачыл топ Мукайдын күчүнө күч кошуп, зарыккан үмүтүнө шам жагып, ушундан улам ал мага филармонияда учураганда өзүнөн өзү кыялмас тартып, магдырап тургандай көрүнгөндүр...

Аңгыча концерт башталып, Жоомарт менен Мукай бизден бөлүнүп, алдыңкы орунга өтүп кетишти. Алыкул экөөбүз орто жеринен орун алдык.

Алыкул:

– Жоомарттардай эң алдыга отурбай, ортого эле отуралы.

– Эмне үчүн?

– Элдин ортосунда жүргөнгө не жетсин. Алдыга чыксаң көрө албай, артта калсаң боор ооруйт. Элдин ортосунда билинбей жүрүп, бирок катуу иштей бериш керек. Тигине, Атай...

Атайдын ырчылык даңкын сыртынан угуп жүрчүмүн. Кара каш, кара көз, кара мурут, чап жаак, сулууча киши экен. Белиндеги күмүш кемерин, чыканагына чейин чапчаң түрүлгөн колу менен түзөй оңдоп, орунтукка элпек отуруп, комуздун коштоосунда үн

салды. Атайдын аткаруусундагы «Күйдүм чокту» ким укпаган? А-бу дегенче, отургандарды дароо өзүнө оп тартып, өзөктөн өрттөнүп төгүлгөн чок жүрөк ыр менен обон алардын ой кумарын обого көтөрүп, делебе козгоп, бу дүйнөнүн, бу өмүрдүн не бир биз билбеген, биз сезбеген назик табитин сезимге шыкап, ой кумарын ойготуп, делебени козгоп, жан жыргатып, көңүл куунатып салды.

Көшөгөсү ыр-күү менен ачылган кыргыз журтчулугунун өнөрпоздорунун филармония аталган бул бешик уясында отуруп, жанаарак эле Алыкул айткан Атайдын өмүрүн эске алдым.

Мендей эле Атайды жаш кезинен тагдыр анча эркелеткен эмес экен. Ата-энеден жаш калып, Султаналы деген аталаш тууганынын колунда чоңоёт. Жаш кезинен эле ал жашоого сергек келип, айрыкча ыр, күүнү жата калып угуп, бара-бара өзүнчө ыр, күү чыгара баштайт. Анын ырчы, обончу катары калыптанышына алгачкы ирет Талас жергесине таанымал комузчу, жамакчы, ырчы Көк-Кашаттык Субанбай уулу Абдрахман зор таасир калтырат. Атай бой салып, ыр ырдап, ой айтууга жарап калган кезде Кетмен-Төбөдөн Таласка Токтогул келип калат. Муну укkан Атай өзүн көрүп, ырын угуш үчүн Токтогул токтогон айылга, айтылуу Калба жайлоосуна дароо жетет. Атай элге таанылып калган кези экен, келери менен:

– Токо, биздин кичинекей ырчы Атайыбыз ушу, устатымдан ыр, сөз угайын деп алыстан келиптир – дешип, тааныштырып калышат. Токтогул «тогуз

кайрыгын» кол ойното чертип, көкүрөк ырларын мөндүрдөй төгүп, анан аягында топ ичинде турган жаш Атайга өрүктөн жасалган коңгуроодой комузун берип:

– Кагылайын, Атай... Чакмактай көзүңдөн өнөрдүн жалынын көрүп турам, ат арытып, жол тарытып, атайы келгениң үчүн комузумду өзүңө белек кылдым. Өлбөй, эсен жүрсөк, эмки кезигиште өнөрүңдү баса отуруп угайын, - деп кош айтып жөнөп кеткен экен.

Айрыкча ушундан кийин жаш Атайдын атагы өз айылынан ашып, аягы Чаткал, буягы Таласка дейре тарап кетет. «Күйдүм чок», «Ой, жеңе!», «Керме каш» деген ырлары уккандын көкүрөк угутун козгоп, келин-кыздардын көзүнө көбүрөөк түшүп, ал жүргөн, ал ырдаган жер оюн-шооктун гүлзары боло баштайт.

Миң тогуз жүз отуз төртүнчү жылы Атайдын өмүрүнө зор жаңылык, бурулуш болот. Ошо жылы Талас өрөөнүнө, айтылуу эл шайырлары – Актан Тыныбеков, Карамолдо Орозов, Ыбрай Туманов баш болгон артисттер келип, эл арасында ыр мөндүрүн төгүп жүрүп, аты чыгып, кыл мурут жигит болуп калган Атайды Калба жайлоосуна алдырып, өнөрүн угуп көрүшөт. Атайдын сүйүү менен күйүүдөн төгүлгөн көмөкөйүнөн уккан алар чак түштө алтын алдыларынан табылгандай сүйүнүп, Атайды өз тобуна дароо кошуп алышып, түмөн жактан түштүктү көздөй жүрүп кетишет. Мына эми Атай азыр филармонияда лөк таланттардын арасында «атка жеңил, тайга чак» болуп, башында бир аягында бир чыгып

атканы менен, бирок зал ага кумар артып анын аты аталып, карааны коңгуроо үнүнө, мукам обонуна оп тартылып турушту.

Биз филармониядан көңүлдүү чыктык. Элге алынып, атак-даңкы менен элге угулуп калган акындар эл ырларын аткарганда ой-сезимге канат-куйрук алып, эртеңкиге шаттуу, бүгүнкүгө демдүү карап калат окшобойсуңбу.

– Бүгүнкү чоң концертке эмне үчүн Түгөлбай менен Жусуке келген жок?

Алыкул бир саамга унчукпай басты. Ал ойлуу, эмнегедир өтө ойлуу, жөн эле чыгармачылыкка байланыштуу кыялмас ой эмес, кайгынын ою тургансыйт. Себебин сурай албайм, анткени, Алыкул Жоомарттай же Мидиндей дароо чечилип бербейт. Мукай менен Жусупка окшоп кубанычы да, кайгысы да ичинде.

– Түкөң азыр катуу иштеп атат, - деди бир көчө өткөндөн кийин, - анын үстүнө оорулуу болуп калды. А оорулуу киши, өзүң билесиң, шаан-шөкөттү анча каалабайт. А Жусукени болсо «достору» чыгармачылыгына ар кандай айып таап, чөгөлөтүп, үйүнө камап салышты. Ичкиликке жакындап, бугун да, кайгы-капасын да ошондон чыгарып атат имиш...

Жусукенин (баарыбыз тең Жусуке дечүбүз) бу тагдырын укканда, чынын айтайын аяп кеттим, ичим ачышты. Аны жакындан билчүмүн. Ал да Мукай менен Алыкулдан бир мүнөз, өзүнө же өзгөгө эле эмес, айрыкча чыгармачылыкка талапты катуу коюп,

ага жан дилин, ыймандай сырын багыштап турганынан, сүйлөгөн сөзүнөн, а түгүл өңүнөн көрүнүп тура турган. Ушундай адамдын кимге жамандыгы өттү эле? Эли-жери үчүн тынбай чуркап бере турган, мөөрөйгө жетип, эчен ирет байге алып бере турган күлүк акындын туу бутуна кайсыл карасанатай таш ыргытты экен? Кайсыл карасанатай ор казды экен? Таланттуу адамдар орусча айткандай «легко ранимый» болорун көлөкөсү эле эмес, ичи кара, ичи эле эмес, өңү, жүрөгү, ою кара ошо каразгөй кишилер ойлоор бекен? Жусуптун чок жүрөгүндө эли-жеринен башка эмнеси бар эле?

Азыркы Фрунзе менен Совет көчөсүнүн кесилишине келгенде Алыкул сөөмөй кезеди:

– Сен сураган Касым Тыныстанов тигил үйдө жашайт.

Биз Тыныстановдун үйүнүн жанынан өтүп барып, анын коңшусунун короосунан жыгач жонуп аткан Адамкалый Байбатыровду көрдүк, учурашмакка жанына келдик. Алыкул биринчи кол берди.

– Саламатсызбы, Адамкалый аба! Эмне мынча, бүгүн шалпыңыз бош?

– Жок.

– Касымды бүгүн камакка алышты.

Не дээрибизди билбей эндиреп калдык. Касым Тыныстановго караганда Жусуптун тагдыры жөн эле бери жактагы тамаша сөз болуп калды. Жакында эле партияга кайра алынып, кызыл профессор деген наам берилбеди беле?

VI

МЕЗГИЛ ҮНҮ: Отузунчу жылдардын экинчи жарымы башталды, бирок эбак СССРден айдалып салынган Троцкий менен өлкөнүн башында турган Сталиндин ортосундагы саясий эрөөл дале биротоло бүтүп калган жок. Чет элде жүргөн Троцкий, ар жерине чыга берип сазайыңды алган чыйкан бар го, дал ошол сыяктуу Сталиндин жеке өзүнө жана жүргүзгөн саясий ишине каршы ар кандай сын макалалары менен ар кандай прессада кайра-кайра чыга берди, мазесин ала берди. Айрыкча «Перманенттик Революция» же «Орус революциясынын тарыхы» деген китебинде Сталиндин куйкасын аябай курушturган ойлор өтө арбын. Анча-мынчага ызаланып, анча-мынчага күйүп-жанып көрбөгөн Сталин Троцкийдин, айрыкча «Петербургда Ленин же мен болбосом Октөбүр революциясы жеңмек эмес...», же «Совет элин Сталин жарга такады. Сталинди жок кылмайынча бу жардан чыгуу кыйын. Лениндин ага берген баасын[2] аткара турган учур акыры келди: аны алмаштыруу керек!» деген сөздөрүн окуганда көздөрү жылт эте тегерегиңде кектүү ойноп, ичинен аны жердин жети түбүнөн болсо да таап, желкесине тапанча такап чөгөлөткүсү келчү, бирок айла канча,

---

[2.] В. И. Ленин Горкиде ооруп жатып жазган “Съездге кат” деген катында Сталиндин кээ бир кемчил жактарын сындап, анын Генсектик милдетте мындан ары калтыруунун же калтырбоо маселесин БК (б) нын бүйрө мүчөлөрүнөн ойлонуп көрүүнү өтүнгөн. Ушундан кийин Сталин отставкага чыгуу маселесин койгон, бирок бүйрө мүчөлөрү аны калтырып коюшкан.

ал алыс, анан калса аны коргоп, калкалаган чет элдеги орус эмигранттары көп. Аны чет өлкөгө кетирбей ушу жерде эле биротоло күмжам кылса болмок экен. Айтмакчы бир кезде, жыйырманчы жылдардын орто ченинде болсо керек эле, Сталиндин Зубаловдогу дачасындагы Каменев жана Дзержинский үчөө грузин виносунан чер жаза ичип отуруп, Троцкийдин көзүн тазалоо оюн Дзержинскийге Сталин бүдөмүктөнтө, четин чыгарып айткан эле, бирок Дзержинкий Каменевден ыйба кылдыбы, же Сталиндин бул оюна кошулгусу келбедиби, айтор, сөз учугун улабай, сөз төркүнүнө түшүнбөй калгандай гана түр көрсөтүп тим болгон. Ошондо бир чекилик, болгондо да чоң чекилик кетиргенин Сталин эмгиче өзүн өзү эч кечире албай келет. Каменевдин көзүнчө ушундай ишти айтуунун кереги бар беле? Албетте, ал кезде Каменев экөө өтө жакын, өтө пикирлеш эле, анын үстүнө генсектикке Сталинди Каменев көрсөткөн, ошон үчүн ага ишенчү, андан жашырчу сыры жоктой ачык жүрчү, бирок бир нерсени учурунда билбептир. Каменев менен Троцкийдин каны бир экенин ошондо, капырай, ойлобоптур. Сталиндин Дзержинскиге айткан оюн кийин Троцкийге жеткирип барган да дал ушу Каменев болду. Сталинден бара-бара четтеп, Троцкийдин тарабына ачык өтүп кеткен да дал ушу Каменев болду. Троцкий экөө орус революциясынын келечегине жан үрөп, күйүп-бышып атат дейсизби? Жок! Жөн гана чагымдык кылышты, азыр да чагымдык кылып атышат, кийин да чагымдык кыла бермек. Ошон үчүн буларды тукумкурут

кылмайынча, эч качан, эч убакта орус революциясы өз максатына жетпейт. Деги Троцкийдин Россияда төрөлүп, орус революциясына аралашып калышы учурунда Ленинди, андан кийин аны андан ары миңдеген советтик адамдардын башын оорутуп, мээсин чага берет окшойт. Троцкизмдин сасык сазына өлкөдө Каменев, Зиновьев жана Бухарин сыяктуулар эле эмес, башка улуттардагы ишенчээк активисттер батып атышына кантип түшүнсө болот? Кантип аларды Троцкий баштаган чөөлөрдүн уюгунан ажыратып, алаксытып, коргоп калууга болот? Троцкийчилердин ой-максаты Лениндин идеясын, анын ой-максатын өркүндөтүп совет элине жыргал турмуш куруу эмес, алардын максаты Сталинди кулатып, социализмди өздөрүнүн кызыкчылыгына ылайыктап кургулары келип атканын ошо ишенчээк макулуктар билишеби? Билбейт! Тескерисинче, алардын тегирмен парасына суу болуп күпүлдөп кирип берип атат...

– Папа, эмне, уктап атасыңбы?

Кремлдеги үйүндөгү креслодо баятан бери күндөлүк басма сөз менен таанышып, анан бели уюй түшкөнгө креслого чалкалай берип, көзүн жумуп, жогорку ойго төнүп, бир азга сеп аламакка мемирей түшкөн Сталин көзүн ачты.

– А-а, Сетенка-хозяйка, бу сенсиңби?

– Күндөлүгүмдү сурабадың беле, мына...

– Кана берчи, көрөйүн. Тарыхтан беш, адабияттан беш, алгебрадан төрт. А эмнеге алгебрадан төрт?

– Алгебраны жаман көрөм...

Сталин кызын бир топко таңыркай тиктеп калды. Анан аны чочутуп албайын дегенсип, асте сурады.

– Себеби?

– Себебин айттым го, жаман көрөм.

Он бир жаштагы кичинекей Светанын бул жообу Сталинге анча жага бербей калды. Аны тизесине отургузуп, желке чачынан асте сылай эркелете сурады.

– А эмне үчүн тарыхчы болгуң келбейт, Сетенка-хозяйка?

– Мага адабият жагат...

– Эмнеси жагат? Адабиятчылар бүт чала сабат келишет. Сен да ошолордой чала сабат болгуң келеби? Тарыхты жакшы окуп, атаңдай саясатчы бол.

– Болгум келбейт...

– Эмне үчүн?

– Сенден бүт баары коркушат. Мамам да коркчу. Менден кишилер коркуусун каалабайм!

Сталин мурутунан жылмайды эле жүзү нурданып, көзүнөн жылуу шамы чыга келди. Бир гана ушул секелек кызына ал ушинтип бүт дити менен эзилип жылмая турган. Курак өткөн сайын бу кыз бала жаныңдын эле жарымы экен го. Аялдарга эле эмес, балдарга да Сталин кыйла суз, кара мүртөз эле, бирок он бир жашар секелек кызы Светага гана дароо жүзү жибип, көздөрүнөн жылуу-жумшак ички шамы жарк эте чыга келчү. Уулдарына ал мындай эмес эле. Аларды эркелетмек түгүл, төбөсүнөн сылап көргөн жан эмес.

Анан калса грузин аялынан төрөлгөн Яков ансыз эле жашынан атасына анча ыктачу эмес. Бир сырдуу келип, өзүнө окшоп, көрүнгөнгө кучак жайып, көп дос-жоро күтпөдү. Саал түнтүрөөк болгону менен, бирок, нары келишимдүү, нары эс-акылдуу эр жетти. Сталиндин даңазалуу фамилиясын алган жок, жөн гана Яков Жугашвили болуп кала берди. Кай жерде болбосун, кай жерде окуп иштебесин, мен Сталиндин уулумун деген дымак көрсөтпөй жөнөкөй гана катардагы пенделик күнүн кечирип, жашап жүргөнү Сталинге айрыкча жага турган. Ал эми экинчи аялы Надежда Сергеевна Аллилуевадан төрөлгөн экинчи уулу Вася ачык-айрым, нары дардаңыраак өстү. «Василий Сталин» деген аты-жөнү ага дегеле жараша бербей угулчу, анткени атасы Иосиф Сталин менен, баласы Василий Сталиндин мүнөз айырмачылыгы асман менен жердей эле. Васяга атайын тарбиячы жалдап, анан да апасы Надежда Сергеевна күнүнө көз салчу. Сталин ага анча көңүл бөлчү эмес, ага убактысы да жок эле. Ал эми мынабу кичинекей кызы, анча-мынчага күлмөк түгүл, жылмайбаган суз атасын аябай баласаак кылып алды. Кызы жанына келгенде көңүл сыздаткан жалгыздыгын, оор түйшүгүн дароо унутуп кое турган. Азыр го он бир жашка келип, окуп, эс токтотуп калды, төрт жашында чулдурап, аябай жан эриткен жагымдуу кыз эле. Атасынын моюнунан кучактап, анан да «ий, менин кичинекейим! Менин кичинекейим ий!» деп төбөсүнөн сылап, мурутун сөөмөйү менен сайгылап ойногондо, Сталин чын эле анын алдында өзүн кичинекей

макулук сезип, аны жыттаган сайын кумарга батып, чери жазыла түшчү. Анча-мынча киши анын мурутуна даамак түгүл, көзүнө батына түз тиктей албаган атасын кичинекей Света нары төбөсүнөн сылап «кичинекейим ий» деп ойносо, нары мурутун сөөмөйү менен сайгылап, атасын кирпиге салыштырып ойночу. Энеси Надежда Сергеевна Аллилуеванын колунда Света болгону алты жарым жашка дейре гана тарбияланды. Миң тогуз жүз отуз экинчи жылы, сегизинчи ноябрда энеси Надежда күтүлбөгөндөй өзүн-өзү атып салды. Айрыкча кызы үчүн, аны өгөйгө төбөсүнөн сылатпас үчүн Сталин үйлөнбөдү. Ошон үчүнбү, аялы өлгөндөн кийин кичинекей Светаны «Сетенка-хозяйка» деп эркелетчү. Бул Сталин үчүн бир гана сенсиң, Сталиндин үйүндө сен гана кожоюнсуң» деген мааниде эле?

Айтмакчы, аялы эмне үчүн өзүн-өзү атып салды?

Надежда Сергеевна Аллилуева белгилүү революционер, Ленин жана Сталиндин жакын пикирлеш адамы, Сергей Яковлевич Аллилуевдин кызы эле. Сергей Аллилуевдин Петербургдагы үйүндө большевиктер дайыма жашыруун жолугушчу, жашыруун маселелерди чечишчү. Он жетинчи жылдын июнь күндөрүндө Ленин анын үйүндө жашыруун жашап турду. Кыскасы Сергей Яковлевич большевиктердин ишеничин мурунтан эле кан-жаны менен актаган киши эле. Сергей Аллилуев Лениндеп кийин эле, айрыкча, Сталинге жакын болчу. Сталин үйүнө келгенде айтылбаган сырлар айтылчу, чечилбеген иштер чечилчү. Сергей Аллилуев Сталинден кыйла жаш

улуу болуучу, көп жылдар бою Тифилисиде иштеген, революциялык иштерге катышкан, көздөрү өрттүү тигилген оор-басырык Иосиф Жугашвили менен ошо Тифилисиде жүргөндө эле таанышкан, революциялык кружокторду бирге жүргүзүшкөн. Кийин экөө эки тарапка сүргүнгө кетишти, көпкө жолугушпай калышты. Сталин он жетинчи жылдын мартында сүргүндөн качып чыгып, Сергей Аллилуевдикине барды. А кезде Аллилуев Петербургда жашачу. Ошондо биринчи жолу анын бой жеткен татына кызы Надежданы көргөн. Акырын сүйлөп, акырын шырп алдырбай басып, адамды ыйбоо тиктеген Надежда Сталинге дароо катуу таасир калтырган. А Сталин Надежда үчүн «отко күйбөс, сууга чөкпөс» революционер эле. Анын үстүнө, бир кезде, мындан он беш жыл илгери эки жашар кичинекей секелек кыз Баку шаарынын четинде ойноп жүрүп, кокусунан деңизге түшүп кеткен жеринен аны Сталин өлүмдөн сактап калган болчу. Ал ушул Надя эле. Айтмакчы, гимназияны бүтүп аткан солкулдаган жаш Надежда менен баш кошууга, менменсинген эчен эркек көп ирет кол созгон, бирок бирөө да анын жүрөгүн козгой алган эмес. А Сталин Надежданы дароо ойго салып койду. Сталиндин сүйлөгөн сөзүндө, баскан-турганында эч бир жасалмалуулук, же кыйдылыктын жоктугу, аз сүйлөсө да саз, бирок ойго мол сүйлөшү, анан да эл кыраан түшүп күлүп атса анын жылмайып гана тим болушу, ошондо ансыз эле өрттүү көздөрү ого бетер шамы гана жылт этип, куш канатындай каштары мына-мына уччудай серпиле түшүшү Надяны ого

бетер кумардуу ойго салчу. Айтмакчы, ошо кездеги бой жеткен, бураң бел Надянын идеялы – Надежда Константиновна Крупская эле. Володя Ульяновду Крупская кандай гана сүйчү, кандай гана аздектеп, кандай гана кадырлачу. А Ульянов аны андан бетер. Эгер Надя Аллилуева акын болсо, бул эки жубайдын революциялык ишин кое туруп, булардын бири бирине болгон жүрөк табын, арзуу отун, жанда жок жубайлык мамилесин өзүнчө эле бир дастан кылып жазар эле. Ушундан уламбы Надя да, ушу Надежда Константиновнадай эл ишинде жүргөн чоң революционерге бактысын кошуп, айтылуу декабристтердин аялдарындай революционер күйөөсү үчүн бүткүл өмүрүн курман кылууну эңсечү. Мына ошол тилеги келди. Сталинге тагдырын кошту. А Сталин өмүрүндө бир гана жолу ашык болду, биринчи да, акыркысы да ушу Надежда болду. Ашык оту адамга ченемсиз күч, талыбас канат берерин ошондо сезди. Ошо кезде Сталин өзүн чыны менен эле өтө бактылуу сезчү. Үйүндө татынакай аялы, колунда чексиз бийлик. Бирок, бара-бара Надежда Аллилуева экөөнүн ортосундагы ысык мамиле билинбей сууй берди. Мүнөзү боюнча да, ойлогон ою, турмушка болгон көз карашы экөөнүкү такыр эки башка болуп чыкты. Сталин көздөгөнүн бербей, бир жаман көрсө экинчи жазылбаган өжөр, көк, тынбаган, эмгекчил болсо, Надя боорукер эле, кечиримдүү эле, элпек эле. Бир ирет Сталиндин мурунку грузин аялынан төрөлгөн уулу Яков Жугашвили жолдошу менен конокко келди. Кетери менен Надя «Ой, Яков кандай келишимдүү

жигит. Ага так эле сага ашык болгондой ашык болуп калдым» дебеспи. Аялдын аң-сезими ар кандай, анан да тез кумарланып-куштарланат эмеспи. Ичинде эч бир жамандык ою жок Надежда бу ички оюн жөн эле айта салган, бирок бу сөзү Сталинге жакпай калды, өтө жакпай калды. Өзүнөн жыйырма эки жаш кичүү аялы, анын уулуна көзү түшүп атса, башкага көзү түшпөй коёт дейсиңби? Ушинтип да сүйлөйбү? Анан калса Надя кийинки күндөрү саясий иштерге, саясий талкууларга керек болсо-болбосо деле ой айтып, кыпчыла калчу болду. Сталиндин Кремлдеги үйүндө же Кунцевдеги дачасында Троцкий, Каменев, Зиновьев, Бухариндеи баштап, Петровский, Енукидзе, Агамалы Оглы, Мдиваниге чейинки чоң саясатчылар боло турган. Булар саясаттын жаагын чаккан, өлкөнүн тагдырын чечкен жетекчилик топтогу адамдардын туздары эле. Мына ушулардын көзүнчө, ушулардын арасында Надежда Аллилуева керек болсо-болбосо деле, туура болсо-болбосо деле саясий талкууга аралашып Сталиндин ачуусун келтирчү. Сталин көп ирет алардын көзүнчө сылык-сыпаа аны кагып да көрдү, бирок Надяга бу сабак болбоду. Кээде Сталиндин оюна каршы чыкчу болду. Мына ушундай окуя миң тогуз жүз отуз экинчи жылдын сегизинчи ноябрында, майрамдын эртеси дагы кайталанды. Сталин банкетте бир топ жакшы санаалаштары менен отурган. Надежда саясий талкууга дагы аралашты эле, Сталин катуу кагып койгонго ызасына чыдабаган, нары бир аз кызуу Надежда Аллилуева үйүнө келип, өзүн өзү атып салган. Коноктор дүрбөп, ызы-чуу

чыгат, а Сталин болсо акырын эшикти ачып көрүп, анан «келесоо турбайбы» деп гана солк этпей ары басып кеткен. Сталин аялын жерге берүүдө «Новодевичьев» көрүстөнүнө барган жок. Аялынын бул ишин кечиримсиз деп эсептеди. Ага эмне жетишпейт эле. Жөн эле аялдык ишин кылып, балдарды тарбиялап, тиши өтпөс нерсеге тишин кайрабай жашай берсе болот эле го. Бирок, Сталин аялын эч унута албай койду. Аны коюуда көрүстөнгө барбаганы менен кийинки жылдары чоң чампа гүлдесте алып алып, эч кимге көрүнбөй аялынын бейитинин жанына узакка-узакка канжасын түтөтүп жалгыз отуруп кайтар эле. Ушундан кийин үйлөнгөн да жок.

Деги, Сталин аялзааданын саясатка аралашканын башынан эле жактырчу эмес. Ленин менен болгон акыркы чатагы да мына ушу аялдардан улам болгон. Ленин а кезде Горкиде ооруп жаткан. Анын ден соолугу чукул начарлап кеткенинен улам, иштөөгө жана БКнын мүчөлөрү менен жолугушууга врачтар катуу тыюу салган эле. Бирок Ленин ишсиз жата албайт жана жата алмак эмес. Борбордук Комитеттин бүйрө мүчөлөрү менен кат аркылуу байланышып, кат аркылуу аларга көргөзмө берип турган. Бир күнү, болгондо да Ленин өтө катуу ооруп жатып Надежда Константиновнага диктовать этип, Троцкийге кат жаздырат. Ленин дарыланып аткан Горкиде атайын коюлган дежурный секретарь Надежда Аллилуевадан Сталин муну угуп, Крупскаяны телефонго чакырып алып, «Эмне үчүн врачтардын уруксатысыз ооруп жаткан Ильичтин башын ого бетер оорутуп, түйшүккө

саласыз? Мындай жоопкерчиликсиз ишиңизди Партиянын Борбордук текшерүү комиссиясына салам!» деп ачуусу менен аны аябай кекете кейип калат.

«Отуз жылдан бери партиянын тармагында жүрүп, отуз жылдан бери Лениндин бир да шакирт-шериктештеринен мындай катуу жеме угуп көргөн эмесмин» деп Крупская капа болот. Бул чатак миң тогуз жүз жыйырма экинчи жылдын жыйырма биринчи декабрында болсо, Ленинге жыйырма үчүнчү жылдын бешинчи мартында угулат. Ушундан кийин Ленин Сталинге мындай маанидеги кат диктовать этет.

«Сиз менин аялымды телефон аркылуу жемелөөгө жол берипсиз. Бу мамилеңизди кечирем деп ал сизге айтканы менен, бирок бу факты аркылуу Зиновьев менен Каменевге угулуп калган. Аялыма жасаган бу ачуу мамилеңиз мага да ачуу тийди. Ошон үчүн ойлонуп көрүп, айтылган сөзүңүздү кайра өзүңүзгө алып, андан кечирим сурайсызбы, же биз менен мамилени ушу бойдон биротоло үзүп, башка жолго түшүүнү ылайык көрөсүзбү?»

Лениндин бу каты Сталинди капа кылган Крупскаяга катуу тийгени, Ильичтин ден соолугу үчүн эле го! Ленинге Сталин мындай деп жооп жазган.

«ЖОЛДОШ ЛЕНИН...

Мындаш беш жума илгери Сиздин аялыңыз жана менин партиялаш жолдошум Надежда Константиновнага «Врачтар Ильичке саясий информация берүүгө тыюу салышкан, ошон үчүн анын

айыгышына бу талап өтө керек, бирок Сиз Надежда Константиновна, бу талапты бузуп атасыз. Ильичтин өмүрү менен ойноого болбойт» деп телефон аркылуу кызуулана айтканым ырас.

Бу сөздөрдө мен тарабынан катуу кеткен же Сиздерге каршылашкан эч нерсе жок деп эсептейм, болгон учурда да Сизди тезирээк айыгып кетсе экен деген гана тилек эле. Анын үстүндө Сизди дарылап аткан врачтар койгон талапты туура көргөм жана аларды колдогом.

Надежда Константиновна экөөбүз бу маселе боюнча жакында сүйлөштүк. Бири-бирибизге эч качан жаман ой болгон эмес жана болбосу жөнүндө жакшы түшүнүштүк.

Айтмакчы, «айтылган сөзүңүздү кайра алып, андан кечирим сурайсызбы, же биз менен мамилени ушу бойдон биротоло үзүп, башка жолго түшүүнү ылайык көрөсүзбү?» депсиз. Ошончо эле катуу тийсе, кечирим суроого жана сөзүмдү кайра алууга макулмун, бирок бир нерсеге таңмын, деги менин күнөөм эмнеде жана менден алар эмнени каалашат?!

И. Сталин.»

Сталин Надежда Крупскаядан кечирим сураган, бирок ошондон кийин ал Ленин менен биротоло көрүшпөй калды. Ал көп узабай көз жумду.

Ушундан улам аялдардын эркектер арасында маселе чечип, айрыкча саясий ишке же сөзгө аралашып жүрүшү Сталинге деги жакчу эмес. Анан эмне үчүн кызына «мендей саясатчы бол» деп талап коюп

атат? Бу жөн гана кызын сынап көргөнү. Туура кылат. Саясатка кызыкпаганы жакшы.

* * *

Эртеси Кремлдеги кабинетине келип отурары менен ички иштер Эл комиссариатынын төрагасы Ежовдон Сталиндин визасын өтүнгөн төмөндөгүдөй документ киргизилди.

«Жолдош Сталинге.

Сиздин кол коюп бекитүүңүзгө, Аскер коллегиясынын сотуна тиешелүү төрт тизмени жиберем.

1. №1-тизме (жалпы)

2. №2-тизме (мурунку аскер кызматкелери)

3. №3-тизме (мурунку НКВД кызматкерлери)

4. №4-тизме (эл душмандарынын аялы).

Бул санкцияны биринчи категория менен айыптооңузду өтүнөм

Ежов».

«Биринчи категория дегендер бу атууга кетчү кишилер. Тизмени окуп алып Сталин ойго муюду. «Бул санкцияны биринчи категория менен айыптооңузду өтүнөм» деген мындай каттар буга чейин канча ирет киргизилбеди. Мындан эки жыл мурун эле так ушундай биринчи категорияны сурап, кат киргизген ички иштер Эл комиссариатынын мурунку төрагасы Генрих Ягоданын аты-жөнү азыр атууга буюрулган үчүнчү тизмеде жүргөнү аны ого бетер ойго салды. Деги Сталин азыр Молотов, Каганович жана өзүнөн

башка эч кимге ишенбей калды. Дүйнөдө биринчи жолу революцияны жеңип чыгып, жашап аткан социалисттик өлкөнү бүт эле троцкисттик душмандар курчап алган го? Менжинскийлер не деген адамдар эле? Ойдо жок жерден оң колундай болгон ошо адамдарынан ал күтүүсүз жерден айрылды. Ал эми Генрих Ягодага эмне болду? Жетинчи жылдан бери партиянын мүчөсү. Нижний Новгород жана Петроградда чет элдик соода-сатык Эл комиссариатында иштеген. Менжинский өлгөндөн кийин ОГПУну, отуз бешинчи жылы ички иштер Эл комиссариатын жетектеген. Мына эми ошол Генрих Ягода антисоветтик оңчул троцкистик блокко кирип, жакында эле камакка алынган Бухарин менен Рыковго саясий «табакташ» экенин, ошондой эле поляктардын шпиону, гестапонун агенти экенин жана да Киров, Горький, Менжинский, Кубышевдин көзүн тазалоого катышканын сурakta моюнуна алып отурат. Кызык... Киров, Менжинский сыяктуулар го, мейли, анын саясий атаандаштары дейли, а Горький ага эмне кылды эле? Ушунун баары троцкийчилердин алдын ала мага каршы жазган сценарийи. Мыкты кишилерди өтө жашыруун түрдө башка бирөөлөрдүн колу аркылуу өлтүрүп, а күнөөнү Сталинге шылтап коюшмак. Эки досту душман кылып коюп, анан ал экөөнү табыштырмакка кайра өздөрү ортомчу болуп чыга келишмек. Сталинди да ушинткилери келишет. Мыкты кишилердин бүт көзүн тазалап, алардын жашыруун өлүмүн бүт мага шылтап, анан өзүмдү өлтүрүп тынмак. Алдын ала жазылган бу сценарийдин сюжети

так ушуга бараткан учурда Каменев менен Зиновьев атылды. Бухарин, Рыков, Томский, Ягодалар кармалды. Айтмакчы, былтыр эле миң тогуз жүз отуз алтынчы жылы чет өлкөдө чыгарган китебинде Троцкий «Сталиндин төгөрөгүндө нааразы кишилер көбөйүп кетти. Ошон үчүн «жоголсун Сталин» деген ураанды илүүгө убакты келип жетти» деп жазганы мына эми өзүнүн Бухарин, Рыков, Томский, а түгүл зымпыйган төрө Генрих Ягода сыяктуу куйруктарынын башына келтек болуп тиет. Ошон үчүн «жоголсун Сталин!» деген ураандын алдында мурунку меньшевиктер менен оппозиционерлердин көзүн бүт тазалаш керек. Сталин өтө шекчил, өтө астейдил деп ойлошот. Душманың төрт тарабыңдан төгөрөктөп турса шекчил болбоого айлаң жок.

Дал ушундан улам, миң тогуз жүз отуз жетинчи жылдын февраль-март айында өткөн БКнын Пленумундагы докладында Сталин «Троцкийчилер Совет бийлигин кулатууга жапа тырмак киришти, ушундан улам массалык түрдө эл душмандарын репрессиялоо керек» деп ачык эле айтып чыкты. Мына эми азыр репрессиянын массалык кызуу жүрүп аткан учуру эле.

Биринчи категорияны өтүнүп жазган Ежовдун атына Сталин келишимдүү подчерки менен келиштире кол коюп салды. Кол коюп атып, колундагы калем сабы шилтенген сайын тапанчанын түтөгөн оозунан ок жеп, кан жута кулап аткан тизмедегилерди көрүп турду. Кыйылып, өтө аяп кетти. Бирок Троцкий эсине түшө калганда бул сезим дароо жок

болду, тескерисинче, Троцкийдин короосуна дагы бир таш ыргыткандай ыраазы боло түштү. Куу этек, куйту Троцкийдин этегин жетелеген бу эл душмандары Сталиндин көзүн тазалап, Лениндин өлкөсүнө орустардын эмес, жөөттөрдүн кызыкчылыгын көздөгөн социализм курмак имиш! Хе...

VII

Бухариндин камакка алынышы Совет өлкөсүндө эле эмес, чет өлкөдө да аябай таң калууну туудурду. Партиянын кечээги эле эң сүймөнчүктүү адамы, Ленинизмди кан-жаны менен жактаган мыкты теоретик Бухарин кандайча эл душманы, кандайча троцкийчил болуп калды? Башынан эле Бухарин Троцкийди кандай жек көрсө, троцкийчилер Бухаринди ошондой жек көрчү. Анын үстүндө Троцкийдин «Сталинге кошулуп, Бухаринге каршы чыгууга даярмын, бирок Сталинге каршы чыгыш үчүн Бухаринге эч кандай кошулбаймын» деген сөзүн ким билбейт. Деги Николай Иванович Бухарин паспортунда эле эмес, те жети атасынан келаткан канында нака орус адамы эле, акылдуу, жаагын жанган чечен, билимдүү адам эле. А Сталин аны, жашырынып орус болуп алган жөөт деп шекшинчү. «Жөөт экенин Троцкий, Каменев, Зиновьев гана ачык жазып, ачык айтып жүрөт. Калгандары Бухарин баш болуп бүт паспортунда орус болуп, орус фамилиясына жамынып куйтулук кылып жүргөндөр» деп ойлочу. Акылдуу, билимдүү, чечен болсо эле Сталин бу жөөт го деп шекший берчү. Ушундан улам Бухарин акылдуу,

билимдүү, чечен болгону үчүн, анан да Сталиндин кемчилигин бетине тартынбай айтканы үчүн троцкийчил, эл душманы аталып калды.

Айтса, Бухариндин куюшканы эки ирет катуу кыйшайды, ошо бойдон түзөлбөй, аны акырындап өлүмгө жетелеп отурду. Биринчиси мындай болду. Миң тогуз жүз жыйырма тогузунчу жылы Сталин «оңчул оппозицияны» талкалагандан кийин Бухарин ВКП(б)нын тармагындагы жетекчилик кызматтардан кол жууп калды. Бухариндин өзүнүн айтуусу боюнча, ошондон кийин ал кай жерде жүрүп, кай жерде иштебесин Сталиндин «дүрбүсүнүн» бутасында калды. Бул Бухариндин куйкасын аябай куруштурчу. Ал кезде Бухарин «Известия» газетасынын редактору болчу. ВКП(б)нын басма сөз бөлүмүн (Үгүт бөлүмү а кезде ушундайча аталчу) жана «Правда» гезитинин редактору Мехлисти Сталин такай Бухаринге тукуруп турду. Мунусу аз келгенсип Сталин Бухаринге бир ирет телефон аркылуу мындай дебеспи.

– Николай, сен Покровскийдин макаласын окудуңбу? Окусаң анда өзүң да түшүнгөндүрсүң. Аны биз көзгө басар тарыхчыбыз деп мактап жүрсөк, а ал былжыраган макаласы менен бизди уятка калтырып отурат. Тарых бу көркөм адабият эмес, жалпылап же көркөмдөп ийгидей. Деги ал фактыларды архивден алып жүрөбү, же катын ушак көчө сөздөрдөн алып жүрөбү? Анын мактоосуна мен муктаж эмесмин. Жеке адамга сыйынууну жөнөкөй эл эмес, мына ушундай эл оозундагы кишилердин баштап

бериши кандай гана өкүнүчтүү. «Сталиндин энеси, аны кичинесинде Сосо деп эркелетчү экен» дегенге чейин барыптыр. Бу эмне дегени? Сенден өтүнөрүм өзүң же Радек ушу макалага каршы материал жазып жарыялап койгулачы.

Бухарин ичинен сөгүнгөн. «Мен эмне бирөөнү ал аткысы келип калганда ага атылып бергендей анын колундагы куралымынбы? Кайран гана көкжал Коба душманын душманынын колу менен жок кылгысы келет».

Бухарин өмүрүндө көп эле кишилерди жолуктурду, бирок Сталиндей миң кырдуу, бир сырдуу, табияты татаал кишини биринчи ирет жолуктурушу. Бир ирет, жакында эле, миң тогуз жүз отуз бешинчи жылы Аскер академиясын бүтүрүүчүлөрдүн банкетинде, күтүлбөгөн жерден Бухаринге арнап Сталин тост көтөрбөспү.

– Жолдоштор, Николай Ивановичтин ден соолугу үчүн алып ийели. Биз аны жакшы билебиз жана баалайбыз. Ким өткөндү эстеп кек сактаса, ал биздин жан жолдошубуз эмес... А Николай Иванович андайлардан эмес!

Отургандар дуулдап кол чаап ийишти. А Бухарин таң калды. Биттин ичегисинен бери көрүп турган бу киши эмне себептен аны мынча мактап салды? Адатта, бир жамандык кыларда, алдын ала, болгондо да аттуу-баштуу адамдардын көзүнчө ушинтип мактап алчу эле. Дагы да бир жамандык жакындап калган го...

Көп узабай эле ойлогон ою дал келди. Отуз алтынчы жылдын августунан, айрыкча Зиновьевдик процесс жүрүп атканда анын аты-жөнү сотто утуру угула калып жатты. Ушундан кийин, айрыкча отуз жетинчи жылкы ВКП (б) БКнын февраль-март Пленумунда антисоветтик жашыруун уюм уюштурушкан деген жалаа менен Бухарин, Рыков, Томский партиядан чыгарылып, иши НКВДге өткөрүлдү.

Томский өзүн өзү атып салды. Аягына чейин күрөшүш керек эле, а ал антпеди. «Өзүн өзү атып салышы эрдик эмес эле, күнөөсү ашкереленишин көргүсү келген жок, коркту» деп дуулдатып чыгышты. Анын минтиши Бухарин менен Рыковдун соттогу ишин ого бетер татаалдантып салды. Сотто Бухариндин немец-фашисттик жана япондук миллитаристтик чалгын менен, ошондой эле эсер Капландын Ленинди атышына түзмө-түз анын байланышы болгон, мындан тышкары Орто Азиялык улутчулдарды контрреволюциялык көтөрүлүшкө үндөп, Киров, Менжинский, Куйбышев, Горькийди өлтүргөндөн кийин эми Сталин менен Ежовду уу менен көзүн тазалоону максат кылган деген күнөө коюлду.

Вышинский:

– Соттолгон Бухарин отуз алтынчы жылы Парижге кандай максаттан улам барганыңызды сот алдында жашырбай айта аласызбы?

Бухарин:

– Өзүңүз билесиз, Карл Маркстын архивин сатып алуу үчүн командировкага жиберилгенмин. Архивди

сатып алуудан башка менде кандай максат болмок эле? Эч кандай!

Вышинский:

– А эмне үчүн анда айы-күнү жетип турган аялыңызды кыска мөөнөттүк командировкага кошо ала кеткенсиз? Бул, Россияга кайра келбей Парижде биротоло калып калуу үчүн иштелген ой эмес беле?

Бухарин:

– Жок. Мен жокто төрөп калышынан чочулаганмын. Эң негизгиси, аялымдын жанында болушум керек эле. Ушул максаттан улам аны ала кеткем.

Вышинский:

– Парижде жүргөнүңүздө меньшевик, же троцкисттер менен жолугуштуңуз беле?

Бухарин:

– Жолуккам.

Вышинский:

– Ким менен?

Бухарин:

– Меньшевик-эмигрант Борис Иванович Николаевский менен.

Вышинский:

– Эмне үчүн жолуктуңуз жана эмне жөнүндө сүйлөштүңүз эле?

Бухарин:

– Саясий бүйрөнүн тапшырмасы боюнча жолуккамын. Сөз жөн гана официалдуу тапшырылган иш боюнча жүргөн. Бул сөзгө аялым күбө боло алат.

Вышинский:

– Ал эми Орто Азияга жасаган «саякатыңызды» кандай түшүнсөк болот? Тили менен оңчул оппозицияны сындап сүйлөп, бирок дилинде аны жактап жүргөн Өзбекстан Борбордук Комитетинин мурунку биринчи секретары Акмал Икрамов менен Ташкенде жолугушканыңыздын максаты кандай? Албетте, контрреволюциялык максат менен жолуккансыз... Муну да тангыңыз келеби?

– Мен барган, мен жүргөн жерлерди бүт контрреволюциялык максатка такабаш керек.

Вышинскийдин көздөрү заардуу жылт этип, жаак эттери жыйрыла берди.

– Соттолгон Бухарин, мындай кур дымагыңыз иши-ңизди кайра татаалдантат. Ташкенден ары Фрунзеге барып, троцкийчилердин куйруктары, Кыргыз обкомунун мурунку биринчи секретары Белоцкий, Кыргыз АССР БАКнын мурунку төрагасы Орозбековго, Кыргыз АССР Эл комиссарлар Советинин мурунку төрагасы Исакеевге жана кулактарды жаш совет өкмөтүнө каршы козгоп, Туркестанды Советтер Союзунан бөлүп кетүүнү максат кылган Социал-турачыл партияга ыктаган акын сөрөй, ашынган улутчул Касым Тыныстанов дегенге учурагансыз. Буржуазчыл улутчулдардын турмушун көкөлөткөн «Манас» эпосунан орусча которуп, аны «Известияга» баскансыз. Мунуңуз аз келгенсип, Фрунзеден ары Ошко чейин барып, ал жердеги троцкист Саркисьянга жолуккансыз. Совет алдында чындыкты, чындыкты

гана айтыңыз. Орто Азияга жасаган бу «саякатыңыздын» максаты эмне эле? Ушунун баары партиянын XVII съездине карата алдын ала жасалган контрреволюциялык даярдык эмес беле?

Зал ичи чымын учса угулчудай жымжырт болуп, баары Бухариндин жообун күтүп калышты. А Бухарин узакка үндөбөдү, узакка былк этпей, бир калыбында, бир отурушунда ойлуу тунжурады, чындыкты дейт, чындыкты айтып атып чарчады го. Чындыктын куюшканы кыйшайып, жалгандын күнү туup аткан учурда, бөтөндү айтпайлы өзүндүн эле жакын адамдарың чындыкты көрсө көрбөй, билсе билбей калат экен го. Жыландай окчурула чекчейип, жалганды көшөрө талап кылып атканын көрчү! Орто Азияга келиши контрреволюциялык максат үчүн эмес болчу, муну азыр сөз эмес, ыр кылып айтсаң да ишенишпейт. Вышинский эле эмес, илгертен жакын жүргөн Сталиндин өзү да ага азыр ишенбей калды. Эмне үчүн? Бу төшү түктүү жер үстүндө баш-аягын терең ойлобой иш өтөгөн пенделер көп экен-ов! Мындай пенделер күндөрдүн бир күнү дүйнөнүн бир бурчуна байкабай ширеңке чагып, өрт коюп ийишет тура. Балээнин баары отуз төртүнчү жылы партиянын XVII съездинен башталды. Бекеринен бу съезд, кийин эл арасында репрессиялангандардын съезди аталып калган жок да. Съездге чейин Сталин бир гана троцкисттик чагымчылар менен өлкөдө күрөшүп келген эле, «шишиген» жерди утуру шала-була кесип, айыктырып келген эле. Съезд учурунда дагы бир шишиктин, болгондо да коркунучтуу шишиктин

пайда болуп калганын чукул билди. Грузин делегациясынан башка съездге келген бүткүл делегация өз ара уюмдашып, макулдашып алып, жашыруун шайлоодо Сталиндин кандидатурасын сызып салып, анын ордуна Кировду, эгер эле анын кандидатурасы өтпөй калса, Рыковду же Бухаринди Генсектик орунга шайлаганы жатканын кавказдын делегациясынын ишенимдүү өкүлдөрү Сталинге чукул кирип, айтып чыккан эле. Сыртынан эч нерсени билгизбеген бир сырдуу Сталин муну укканда ичинен кыйла эңшериле түшкөн. «...Кайдагы бир азиат грузинди падыша кылып жүрөбүз, өзүбүздүн славян уругунан эмне, жокпу!» деген сөздөр кээ-кээде, айрыкча, чет өлкөлөрдө иштеп аткан советтик дипломаттар тарабынан айтыла калып жүргөнүн Сталин билчү, бирок минтип бүткүл делегация ага каршы уюшуп атканын билген эмес эле. Бу, балким, жөн гана грузин делегаттарынын шексинүүсү болуп жүрбөсүн?» деп бир алдын анча ишене да бербеди Сталин, бирок Кировдун сөзүнөн кийин бу шектенүү эмес эле, чынында эле ошондой экенине биротоло көзү жетти, ишенди. Съезд башталар алдында Киров өзү кирип айтты.

– Коба, ымандай сырым... делегаттар сени сызып, мени шайлайбыз деп атышыптыр.

Сталин манжасынын учу менен мурутун кыйлага дейре шашылбай сылап, анын сөзүн бир алдын укмаксан болуп койду. Анан ордунан акырын туруп барып, Кировдун дал маңдайына келгенде канжасын кумардана соруп, эч нерсе болбогондой, мурутунан жылмая анын ийнине колун койду.

– Серго... съездге сен шайланасыңбы, же мен шайланамбы, кандай айырмасы бар? Эң негизгиси, эл өз каалаганын шайлап алышсын...

– Жок, Коба, айырма бар... Эгер айырма болбосо, өзүм кирип минтип айтпайт болчумун.

Ошентип съезд да болду, съезддин эртеси да болду. Съезд учурунда жарылчу «бомба» жарылбай калды. Буга жашыруун добушта Сталинди өз колдору менен сызган делегаттар эле эмес, сага каршы бомба даярдалып атат деп, алдын ала айтып Сталиндин өзүнө кирген Киров да бир алдын буга таң калды, бирок бир сырдуу, миң кырдуу Сталин шайлоодогу жеңишке жетүүдө чукул арада бир айла тапканын сезди. Съезд бүтөөрү менен Сталин Кировду өзүнө чакырып алды.

– Серго... делегаттар мени эмес, башкаларды сызып салышыптыр го? Көрсө, өзүңдөн ленинграддык делегаттарың менен мени бир коркутуп койгуң келген экен да. Бирок, биз экөөбүз Серго... Каменев же Зиновьев сыяктуу коркок революционерлерден эмеспиз. Укканың жөн гана ушак болсо да, мага атайын кирип ак дилден айтып койгонуң үчүн ыракмат! Социализмди куруш үчүн сени менен чалгынга коркпой-этпей барсам болот экен.

Киров үндөбөдү. Кантсе да Сталиндин алдында сынып калды. Ошентип, съезд Сталиндин жеңиши менен бүттү. Съезд алдындагы делегаттардын жашыруун оюн айтып грузин делегаты же Киров эгер Сталинге кирбесе, анда «бомба» мүмкүн жарылмак, Сталин мүмкүн жеңилмек, бирок Сталинди жеңем

дегендер дайыма жеңилип келгенин ошо көп делегаттын бирөө-жарымы учурунда ойлонуп көрдү бекен? Жок! Сталиндин ысымы аёосуз сызылган бюллетендер салынган ящик, экинчи бир атайын даярдалган опокшош ящик менен мүнөт-мүнөтүндө эч кимге, эч кандай бүшүркөө билгизилбей алмаштырылып коюлганын Сталинден башка болгону эки-үч гана чекист билбесе, башка ным жан билбей калды. А Киров жөнүндө сөз башка...

Партиянын XVII съездине чейин эле Кировду Сталин ак дилден кадыр тутчу, сыйлачу. Орус революциясы, анын келечеги үчүн нары акылдуу, нары чечен ушул адамы бүт өмүрүн эрте жашынан арнап, эч кандай топко кошулбай, күжүлдөп иштеп жүргөнүн жакшы билчү. Ушундан улам аны бардык саясий шериктеринен жогору койчу, баалоочу, ишенчү. Ал эми съездден кийин, айрыкча, төгөрөктүн төрт бурчунан келген делегаттардын жашыруун ою жөнүндө Кировдун өзү кирип Генсекке билдириши Сталиндин анча-мынчага жибибеген көңүлүн ого бетер жибитип салды. Анын бу жакшылыгын эч унутмак эмес, бирок «ленинграддык террордук троцкийчил-зиновьевдик борбор» тарабынан Кировдун чукул өлтүрүлүшү анын бүткүл ички сезимин селт эттирди, капа кылды, жалгызсыратты. Молотов, Ворошилов, Каганович жана башкалар анын сол канаты болсо, Киров жалгыз өзү оң канаты эле. Кировдун Смольныйда киши колдуу болуп өлгөнүн Генрих Ягода Сталинге биринчи билдиргенде ал эс-акылын жоготкондой эндиреп, трубканы колуна кармаган боюнча үн-сөзсүз, кыйлага

тунжурап отуруп калган. Бара-бара Кировдун өлүмү аны бир кыйнаса, Киров Сталин колдуу болуп өлүптүр деген эл арасында тараган сөз аны эки кыйнады. «Ушунун баары мени орус элине карама-каршы койгон троцкийчилердин иши», - деп алды өзүнчө Сталин. – Киров мен үчүн амбразурага барып атса, а мен анын көзүн тазалайт имишмин. Кайда логика? Жазуучу Горький, а түгүл те Орто Азияда иштеп жүргөн Фрунзе да мен колдуу болгон имиш. Кудайды бир карап коюшса боло?! Акылдуу, таланттуу, жөндөмдүү кишилерге муктаж болуп отурсам, троцкийчилер ошо акылдуу, таланттуу, жөндөмдүү кишилердин көзүн тазалап, анан бүткүл күнөөнү мага оодарып жүргөнүн карачы! Бул версияны троцкийчилер азыр эле эмес, кийин биз көз жумуп, элүү, жүз жыл өткөндөн кийин да уланта беришмек. Анткени, троцкийчилер орус революциясына башынан эле чагымдык кылгандан башка эч оң иш кылган эмес, кылбайт дагы».

Ошентип партиянын XVII съезди Сталиндин жеңиши менен бүттү, бирок Сталин ичинен өтө катуу сынды. Эл арасындагы өз кадырын билем деп жүрсө, көрсө билбейт тура. Эл ичинде кадыр-баркы анча жок тура. Улуту грузин болгон менен кан-жаны орус, советтик болуп калган эле го? Анан эмне үчүн карапайым эл эмес, болгондо да ошол карапайым элдин мыкты деген өкүлдөрү аны жашыруун добушта сызып салууну көздөштү? Ушунун баары троцкийчилерге ишенип, дос-душманын ажырата билбей, Сталинге ишенбей, душмандарга ишенген камкөш

коммунисттердин ой-санаасынан улам болуп отурат. Ырас алар ага ишенбесе, өздөрүнөн көрсүн, ал да аларга эми ишенбейт.

Мына ошондон баштап, отуз төртүнчү жылкы XVII съездден баштап өлкөдө массалык репрессия башталды. Край, республика, областтардан съездге келген делегаттардын дээрлик көпчүлүгү репрессиянын курманы болушту. Бу төшү түктүү жер үстүндө баш-аягын терең ойлобой иш кылган, ширеңке чаккан пенделер өтө көп. Баш-аягын ойлонбой уюшкан делегаттардын ишинен улам, бүткүл өлкөдө өрт чыкты. Бүткүл өлкө, анын ичинде Бухарин өзү баш болуп, минтип кур жалаанын каарында калды...

Вышинский:

– Бухарин чындыкты бүгүн айтпасаңыз, эртең баары бир айтасыз. Анткени, Белоцкий Фрунзеден Москвага алынып келинди. Күнөөсүн ал мойнуна алды жана күбө катары Фрунзеде аны менен эмне жөнүндө сүйлөшкөнүңүз тууралуу баарын көзмө-көз айтып берет... ал эми Фрунзедеги совнаркомдун дачасында сиз менен эзилишкен туранчы Тыныстанов, Орозбеков жана Исакеев да камакка алынды. Күнөөлөрүн моюнуна алып, болгонун болгондой айтып атат деп Кыргыз обкомунун ички иштер Эл комиссары Лоцманов күнү кечээ бизге Фрунзеден билдирди. Бухарин, дагы айтам, бизге кур дымак эмес, чындык керек.

Бухарин жооп берүүгө ордунан турду. Бирок күтүлбөгөндөй мурдунан кан кетти. Мындай болоорун

күткөн эмес. Күнү-түнү нерви чыңалып, башы ооруп, талмоорсуп жүргөн эле. Мурдунун канашы ушундан улам го. Эки күзөтчү аны артынан коштоп, соттолгондор кирүүчү төтө жол менен аны сыртка алып чыгып кетишти.

VIII

Касым Тыныстанов отуз жетинчи жылдын биринчи августунда камакка алынды. Ным жыттанган нары сыз, нары тар, жаман бөлмөдө жаман керебет, жаман керебетте салбырап жабылган жаман одеял. Суурдун ийининдей мына ушул сыз бөлмөгө кирери менен каалга артынан тарс жабылып, шарактаган ачкычтар шарак-шурак кулпуда буралып, аны айдап киргөн өңү кара, көзү суз, даңкайган куйругуна тапанча илген дүңкүйгөн желдет дүңкүйө ары басып кетти. Мына эми өзү жалгыз калды, өзү менен өзү калды. Маңдайы лукулдап, буту сыздап, денеси жер тартып турду. Бирок жаман одеял жабылган керебетке отурбады, отургусу келбеди. Канаты кайрылган куштай ийиндери түшүп, иреңи кирлеп, көздөрү гана кээде кектүү жылт эте калган, ал үшкүрүнө колдорун артына алып, тар бөлмөдө муңу ичине толуп, ары-бери басып турду. Сырттан топ таранчынын чырыктаган үнү жана кимдир бирөөнүн топулдата кийиз күүп атканы угулат. Ал темир керегелүү кичинекей терезенин алдына келип турду. Тигине, көк асман, бир үзүм ак булут. Чигит пахтадай чубалып, бир ордунда жылбай каалгып турат. Кечээ эле ошо көк асман алдында каалгыган бир үзүм булуттай эркин

эмес беле! Кечээ эле ошо көк асман алдында, көк майсалдуу жер үстүндө партияга кайра алынып, а түгүл кызыл профессор деген наам берилбеди беле? Анан эмне болду?

Эртеси тергөө башталды. Эшик кулпусу сыртынан шарак-шурак буралып, даңкайган куйругуна тапанча илген кечээги дүңкүйгөн неме жүр дегендей көзү менен ишарат кылды. Касым анын алдына түштү.

– Түз!

Кууш колидор менен бет алдын көздөй түз жөнөдү.

– Солго!

Солго бурулду. Артында келаткан желдет артынан кол созуп, эшик ачты. Эшик ачылары менен анча чоң эмес чакан, нары жарык бөлмө көрүндү. Жарык бөлмөдө, бешенеси жарык, өзү куректуу жигит кагаздан башын алып Касымды таңыркай тиктеп калды.

– Отуруңуз.

Артынан эшик жабылып, бөлмөдө тергөөчү экөө гана калды. Жымжырт. Тергөөчү жаңы пачке ачып ага тамеки сунду.

– Тартасызбы?

– Ракмат, мен тартпайм...

Тергөөчү чирк эттире чылымын тамызып, артына чалкалай берди.

– Анда ишти баштайлы. Мен сиздин тергөөчүңүзмүн. Өтүнөм, чындыкты, чындыкты гана сүйлөшөлү. Кыска сүйлөшөлү. Бу мага эмес, сизге да пайдалуу.

– Сураңыз.

– Чыгармачылыгыңыздагы идеялык жаңылыштар жөнүндө кеп козгобойлу. Буга чейин эле күндөлүк басма сөздө кеп сөз болгон, талкууланган, а түгүл чыгармаларыңыздагы кээ бир идеялык жаңылыштарыңызды учурунда моюнуңузга алгансыз, туурабы?

– Туура эмес. Өзүмдү өзүм сындоого муктаж кылышкан.

– Мисалы?

– Мисалы миң тогуз жүз отуз үчүнчү жылдын жыйырма тогузунчу мартында, Кыробкомдун бүйрөсүндө мага карата токтом кабыл алынган. Токтомдун бешинчи пунктунда «Жолдош Тыныстанов өз каталарын өзү сындап, саясий катасын мойнуна алуусу сунуш кылынсын» деп айтылган. Калемдеш «досторум» эле эмес, Шахрай[3] баш болгон жогорку бийликтегилер коммунист катары өзүндү сындай жүргүнүң деп моралдык-психологиялык жактан мени такай кысымга алышкан. Алгачкы чыгармаларым алаш-ордочулардын таасиринде болушу мүмкүн. Муну танбайм, учурунда муну мойнума алгам, бирок муну кээ бир калемдеш «досторум» «Тыныстанов улутчулдугун мойнуна алган жана кечирим суранган» деп табасы кана ушу убакка чейин ар жерде айтып жүрүшөт.

Тергөөчү:

– Отуз төртүнчү жылы областтык партконференцияда чыгып сүйлөгөнсүз. Ошондо Тыныстанов кемчиликтерин мойнуна алып сүйлөгөн деген күбө кат бар.

---

[3] *Шахрай* – 1930–33-жылдары ВКП (б) Кыргыз областтык комитетинин биринчи секретары.

Тыныстанов:

– Эч качан, эч жерде мен күнөөлүүмүн, кечиргиле деген эмесмин. Партконференцияда «...тап күрөшү аябай курчуп турган чакта партуюм менен ишиме сын көз менен караганы абдан туура. Анткени бир коммунисттин жаңылыштыгын ачып берүү калың массаны жана партиянын мүчөлөрүн тарбиялоого өбөлгө түзөт» дегенмин. Бул күнөөсүн моюнга алуу эмес.

Тергөөчү:

– Алаш ордочулардын уюму менен кандай байланышыңыз болгон?

– Эч кандай байланышым болгон эмес. Дагы кайталайм. Жыйырманчы жылдардын башында жазылган чыгармаларым алаш ордочулардын таасиринде болгон. Бирок жыйырма төртүнчү жылы коммунисттик партияга өткөндөн кийин ал таасирленүүдөн биротоло кол үзгөм.

Тергөөчү:

– Евгений Поливановду качантан бери билесиз?

Тыныстанов:

– Лингвист-окумуштуу катары сыртынан көптөн бери, өзүн отуз экинчи жылдан бери билем.

– Анын Ташкенден Фрунзеге биротоло келип жашап, иштеп калышына түзмө-түз сиз түрткү болгонсуз, сиздин чакыруунуз боюнча келген, ушу чынбы?

– Чын.

– Эмне үчүн? Академик Маррдын илимий теориясына каршы чыкканы үчүн анын куулуп, сүрүлүп жүргөнүн жакшы билесиз. Анын иши түбү келип

троцкийчилердин чатагына такалат. Анткени, Поливанов падыша өкмөтүнүн жашыруун дипломатиясынын документтеринин тегерегиндеги чатакка түзмө-түз катышкан, а бул чатактуу иш Троцкийдин кийлигишүүсү менен жүргөнүн жакшы билсеңиз керек.

Тыныстанов:

– Илим адамы болгон соң, илимий чөйрөдө ар кандай пикир келишпөөчүлүктөр боло берет. Ошон үчүн окумуштуулардын илимий чатагынан саясий ката издөөнүн, менимче, кажети жок. Муну мен Поливановдун академик Маррдын «Яфет теориясына» болгон мамилесинен улам айтып атам. Бул бир. Экинчиси, падыша өкмөтүнүн жашыруун дипломатиясынын документтеринин төгөрөгүндөгү Поливановдун чатагы ушуга чейин мени эч кызыктырган эмес жана азыр да кызыктырбайт. Билген эмесмин, азыр да билбеймин!»

Алгачкы тергөө ушундайча башталды. Сылык-сыпаа башталды. Бирок арадан ай өтпөй Тыныстановдун бет алдында башка тергөөчү отурду. НКВДнын төрагасы Лоцмановдун сөзү менен айтканда, «Жаман аристократтардай өтө эле сылык-сыпаа тергөөчү эмес, чыныгы советтик тергөөчү» отурду. Өңү суз, жүзү нонок көрүнгөнү менен дымагы күчтүү. Касым бир көргөндө эле жаңы тергөөчүнүн турпатынан ушуну байкады.

Тергөөчү:

– Ишти андан ары улайлы анда. «Бухарин жана Рыковдун иши» боюнча Москвада азыр атайын комиссия түзүлдү, билесиңби?

– Жок...

– Анда билип ал. Комиссиянын төрагасы Микоян, мүчөлөрү: Сталин, Ежов, Каганович, Хрущев жана башкалар. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы жөнүндө Сталин өзү доклад жасап, Бухарин менен Рыковдун иши Аскер трибуналына берилди. Угуп атасыңбы?

– Угуп атам...

– Өзүң билесиң... Бухарин отуз үчүнчү жылы Ташкенге, анан бери Фрунзеге бекеринен келген эмес. Партиянын XVII съездине делегат болуп шайланып аткан делегаттар менен жолугуп, жабык добушка жолдош Сталиндин кандидатурасын сызуу жөнүндө макулдашкан. Ошол делегаттардын баары азыр камакка алынды жана күнөөлөрүн моюндарына алды. Акмал Икрамов жана Файзулла Ходжаев менен контрреволюциялык ишин Ташкенге макулдашкан соң Бухарин Фрунзеге келген. Буерде Белоцкий, Исакеев жана сени менен шаардын сыртында Совнаркомдун дачасында жолуккан. Ошол жолугушууда эмне жөнүндө сөз болду эле?

– «Манас» жөнүндө, кыргыз совет адабияты жөнүндө...

– «Социал-туран партиясы», ошондой эле контрреволюциялык башка топтор жөнүндө сөз болду беле?

– Болгон эмес...

– Жалган!

– Чын!

Куйругуна тапанча илген босогодогу желдетке тергөөчү көзү менен ишарат берип койду эле, желдет

колундагы жумуру жыгач таягы менен Касымдын эки шыйрагынын как сөөгүнө тарс уруп алды. Чучугу какшай түшкөн Касым көмөкөйүнөн онтоп алып, колу менен буттарын ушалай отуруп калды.

– Тур, ордуңан!

Касым ордунан турду.

– Бу башталышы гана... Эгер чыныңды айтпасаң, күнөөңдү мойнуңа албасаң эң алды бутуңду, анан башыңды чагам, уктуңбу?

Касым үндөбөдү. Адамдык кейпинен кетип, көзүнөн чаары чыгып, ары-бери басып турган тергөөчүнү таңыркай тиктеп калды.

– Уктуңбу деп атам!

Уктум дегендей Касым башын ийкеди.

Тергөөчү:

– «Даның болсо орооңдо – малың сыйбайт короонду» деген элдик макалды окуу китебине сен киргиздиң беле?

– Мен киргизгенмин.

– Көрдүңбү, оюң башынан бузук. Бу макалың менен «даныңды өкмөткө бербей, орооңо кат» деп окуу китеп аркылуу бүт элди совет мамлекетине каршы үгүттөгөнсүң. Бу үгүтүң түбү барып, социал-туран партиясынын тегирменине куят. Чыныңды айт. «Социал-туран партиясынын» уюмуна канчанчы жылдан бери мүчөсүң?

– Эч качан мүчө болгон эмесмин жана болбойм.

– Жалган!

– Ымандай сырым, чын!

– Ымандай сырыңды башыңды тирүүлөй куйкалаганда айтасың! – Кнопка басты эле сырттан желдет кирди. – Карма!

Шаарга суук эрте түшүп, түрмөнүн мештерине от жагылып калган кез эле. Желдет Касымды желкеден бурдай кармап, буту менен мештин оозун каңк эттире ачты. Капкара көмүр кыпкызыл чок болуп, алоолой лапылдап күйүп жаткан экен. Дал ошо лапылдаган мештин оозуна желдет Касымды желкеден куушура кармап, башын шыркыраган кызыл чокко жакын алып келди. Жүзүн бура бергенде, төбө чачтары шыр эте түтөй түштү. Жан керек экен, Касым чок тийгендей артына тарс булкунду. Оң кулагы дароо ылжырай түшүп, оң кашы түгү калбай куйкаланып кетиптир. Отуз жети жаштагы Касым али жаш, күчтүү эле. Мештин оозуна башы дагы кирбес үчүн, өлбөгөн жерден калайын дедиби, желдет менен алыша кетти. Жан керек болгондо адам дароо күчтүү, дароо кайраттуу болуп кетет экен го. Бети табактай, булчуңдары аяктай болгон желдет ак кол интеллигентти бул ирет желкеден бурдай алып лапылдаган мештин оозуна сүйрөп бара албай атканына, алы келбей атканына арданып баратты. Бул учурда мурутунан кытмыр жылмайган тергөөчү шашылбай, жайма-жай ордунан туруп, алаканына жалпак коргошун салып, жулкулдаша алышып аткан экөөнүн жанына келди.

– Кое бер!

Шаштысы кетип калган желдет Касымды коё берди. Касымдын көзүндө басынуу же коркуу эмес, кайра кашкөй оттонуу толуп, башканы кой, бет

алдына келген тергөөчүгө азыр чап кол ач албасрс салчудай абалда турду. Тергөөчү менменсине зыңгырай талтайып, ууртун тиштене чекчейди.

– Айт чыныңды?!

– Айтпадымбы!

– Айтканың ушубу?

– Дагы кандай айтыш керек?

– Чыныңды айт!

– Чынымды айтсам ишенбей атпайсыңарбы?!

– Мен ишенбей атамбы?! – Коргошун салынган тергөөчүнүн алаканы Касымдын кулак түбүнө шак дей түштү эле. Касым ордунда бир чимирилип алып, анан сендиректей барып желдетке шалак урунду. Желдет ары так желкеге уруп бурчка жыкты. Тергөөчү жанына басып келди.

– Чыныңды айт деп атам!

Эриндери дир этип, көздөрү саал каканактай түшкөн Касым бул ирет кор болуп, муназасы куурулуп кетти.

– Эй, адам баласы, сени деле менин энемдей эне төрөгөн эле го, ыя?

Тергөөчү көзү менен желдетке ишарат берди. Желдет Касымды шилиден мыжыга кармап жогору тургузду. Касымдын көзүнө көзүн жакын алып келди.

– Эй, Бухариндин күчүгү! Сени кызыл ит төрөгөн! Ошон үчүн иттик кылып, Мекениңди сатып отурасың! Айт деп атам, чыныңды?! Эгер чыныңды айтпасаң, өз колум менен азыр башыңды тирүүлөй куйкалап, баш сөөгүңдү короого илип коем!..

Не дээрин билбей Касым анын бет алдында демиге бышылдай, салбырап турду. Тергөөчү:

– Евгений Поливанов экөөңөр идеялаш дос болгонсуңар, муну танбайсыңбы?

– Танбайм.

– Майрам сайын бири-бириңерге белек берчү экенсиңер. Сен ага алгачкы ирет кандай белек бердиң эле?

– Кыргыздын ак калпагын.

– А ал?

– Ал мага Лениндин эки томдугун...

– А Сталиндин эмгектерин белек кылды беле?

– Жок.

– Көрдүңбү! Маселенин ток этери дал мына ушунда. Сталинди ал жек көрөт. А биз бүгүн Ленин деп, Сталинди түшүнөбүз. А сенин идеялаш досуң эки сөзүнүн биринде «Сталин диктатор» деп сүйлөйт. Ушинткенин уктуң беле?

– Жок.

Тергөөчү босогодо турган желдетке көзү менен ишарат кылды. Желдет колундагы чулу жыгач таягы менен Касымдын эки шыйрагынын как сөөгүнө тарс уруп алды. Касым онтоп алып, шылк эте отуруп калды. Тергөөчү бул ирет түз эле буйрук берди.

– Улант!

Баярак аны менен аябай алышып, алы жетпей калганга ичинен кекенип калганбы, желдет зор кержо өтүгү менен Касымды топтой тоголотуп тепкилеп кирди. Касым түпкүчтөй түйүлүп, күпүлдөтө

тебилген тепкиден жүзүн утуру ала качып, утуру чыканагы менен жазгана жашырынып, турам деп тура албай атып, анан алдан тайып, сулап жатып калды.

– Болду!

Тергөөчү ордуна барып отурду. Желдет Касымды желке жакасынан сүйрөп барып, тергөөчүнүн бет маңдайындагы дубал бурчуна жөлөп-таяп, эптеп отургузуп койду. Оң кашы такыр күйүп, оң кулагынан ылжырап суу чыгып, өпкө-жүрөгүнөн өйдө тепки жеген Касым уйпаланган жаман түйүнчөктөй чүрүшүп, өлүү же тирүүсү белгисиз араң дем алып, бурчта шылкыйып отурду. Тергөөчү чылым тамызып, удаа-удаа сорду, өзүнө-өзү корстон боло, зор иш өтөп аткан каадалуу адамдай зор дымак менен жөтөлүп алды. Эки көзү Касымда. Качан көзүн ачар экен?

Те кыйладан кийин Касым акырындап эсине келип, көзүн ачты. Бет алдынан аны чекчейе тиктеп отурган тергөөчүнү көрүп, ичинен иренжий кирлеп, көзүн кайра жаап алды. Буга тергөөчүнүн жини келди.

– Ач көзүңдү!

Касым көзүн ачты.

– Тирүүсүңбү? Анда ишти кайрадан баштайлы!

Тергөөчү алдында жаткан Касымдын калың делосун ачты.

– Угуп тур. Кыргызстан Борбордук Комитетинин жооптуу кызматкери Кыргызбай Кокуйбаевдин НКВД га жазган күбө каты.

Тергөөчү күбө катты көзүнө жакын апкелип окуй баштады.

«...Отуз жетинчи жылдын он үчүнчү сентябрында «Правда» гезитинин корреспонденти В. Ходаков «Кыргызстан КП (б) БКнын чириген саясаты» деген макаласында республикабызда жүрүп жаткан ошо кездеги саясий абалды туура чагылткан. Республиканын мурунку «чириген саясатчы-төбөлдөрү, япон-немис фашизминин тыңчылары, троцкисттик-зиновьевдик жана бухариндик саясаттын камчы чабарлары Морис Белоцкий, Абдыкадыр Орозбеков жана Баялы Исакеев-ашынган улутчул Тыныстановду жана ашынган оппортунист, куйту Поливановду ар жактуу колдоого алып келишкен. Жөн гана сөз болбос үчүн факты менен сүйлөйлү. Тыныстановду алар отуз бешинчи жылы формалдуу түрдө партиядан чыгарымыш болуп, отуз алтынчы жылы партияга кайра алышкан. Анысы аз келгенсип, ошол эле жылы ага кызыл профессор деген наам беришкен. Эмне деген жоопкерсиздик? Республикада биринчи ыйгарылган бу кызыл профессор деген наамды башкага эмес, эл душманы Тыныстановго берилгени кимди болсо да кыжырлантпай койбойт...

Тергөөчү каттан көзүн алып, Касымды тиктеди.

– Угуп атасыңбы?

Касым башын ийкеди. Тергөөчү:

– Дагы бир фактыны угуп ал. Бул быйыл отуз жетинчи жылы июнь айында өткөн Кыргызстан КП (б) нын биринчи съездинин резолюциясы. Ач көзүңдү! Сен эмне, уктап атасыңбы?

Касым көзүн ачты. Бүткүл тула бою катуу ооруй баштаганын эми гана туя, көздөрү жумула түшкөн эле. Эрдин аарчыйын деп, бирок оң колун такыр көтөрө албай койду. Кыязы керзо өтүк каруусуна катуу тийген окшойт.

Тергөөчү:

– Көзүңдү ачып, угуп отур. Съезддин резолюциясында мындай деген. «Саясий камырабастыкка, капиталисттердин курчоого алып турганын энебөөстүккө, ачык ооздукка, кайдыгерликке, ички жана тышкы душмандарга либералдык мамиле жасоого мурунку жетекчилик жол берген. Мисалы, Белоцкий тарабынан элдин жана партиянын ашынган душмандары, баарынан мурда троцкийчилерге жана буржуазиялык улутчуларга партиялык, советтик-чарбалык жетекчи кызматтарга көтөрүлүүгө шарт түзүлгөн, кээлерине илимий наам берилген...» Буга эмне дейсиз?

– Эч нерсе дебейм. Бир гана өтүнөөрүм... мендей эле сен дагы адам баласысың го, ишенчи. Эч качан совет өкмөтүнө каршы иштеген эмесмин, иштебейм дагы. Бу жөнүндө ойлогон эмесмин, ойлобойм дагы!

Тергөөчү муштуму менен үстөлүн бир урду.

– «Итти эркелетсең эркелет, бирок таягыңды таштаба!» деген ушу. Адамча сураса, кайра итче үрө баштаганын көрчү! Угуп кой! Эгер күнөөңдү мойнуңа алсаң бошоносуң, албасаң атыласың!

– Эй, адам баласы! Совет өкмөтүнө каршы болбосом, кантип каршымын деп мойнума алам? Бухарин

менен эч кандай контрреволюциялык сөз болбосо, ошондой сөз болду эле деп кантип жалган айта алам?

Текшерүүчү кнопка басты эле сырттан баягы желдет кирди. Үстөл тартмасынан тергөөчү учталбаган алты карандаш алып, ага сунду. Карандаштарды желдет Касымдын манжаларынын ортосуна экиден салып, анан чоң колдору менен куушура кысты эле, Касым желкеси менен дубал сүзө онтоп алды, дагы кысты эле башын дубалга уруп, чыңырып ийе жаздады. Жаны түз эле бутунун учуна чейин чыркырап барып, аерден чыгалбай, анан кайра төбөсүнө келип, чимирилип тургандай көңүлү азып, окшугусу келди. Төбөсү лукулдап, денесинен муздак тер кетти.

Тергөөчү:

– Көрсө, «Правда» гезитинен баштап баарыбыз акылсыз, бир гана сен акылдуу турбайсыңбы? Сүттөн да ак турбайсыңбы! Дагы бир фактыны угуп кой. Бул өзүң иштеген институттун партиялык чогулушунун сага жана Поливановго берген баасы, жыйынтыгы.

Тергөөчү кагазды көзүнө жакын апкелип окуй баштады.

– Улутчулдар менен троцкийчилердин бул эки бандасы кыргыз жана дунган элинин партия менен Совет бийлигине берилген жаш илимий кызматкерлерин иштен четтетип келишкен. Кыргыз тилин бузуп, ага советтик интернационалдык терминдердин киришине каршы турушкан жана аларды бурмалашкан, алфавит менен орфография ишин бүлдүрүүгө аракет жасашкан, институттун иштерин, анын

ичинен терминологиялык сөздүктү басып чыгарууну атайын үзгүлтүккө учуратышкан. Фольклордук материалдардын эң зор байлыгын институттун сандыгына бекитип салышкан, аны көрүнгөнгө берип жок кылууга аракеттенишкен, натыйжада материал институтка кайра кайрылып берилген эмес». Буга эмне дейсиң? Бу менин сөзүм эмес, өзүң бирге иштеген коллегаларыңдын сөзү!..

Касым шылкыйды, ичинен сыздады. «Кантейин, мезгил ушул экен. Азыр бири-бирин жактап, бири-бирин актоочу заманбы? Жакталдың дегенче, эртеси эле ошо жактаган кишинин өзү эл душманы болуп чыга келет. Бардык бийлик азыр НКВДга берилген. НКВД азыр Борбордук Комитеттен да жогору турат. Ошон үчүн тигил кулдун тукуму Кыргызбай Кокуйбаев Борбордук Комитеттин өкүлү болуп туруп, мен жөнүндө жалган кат жазып, НКВДга жасакерленип атпайбы. О, тукумуң кургур кулдун тукуму десе! Бир кезде Педтехникумга өтпөй калган кезде, чокоюн жарымынан баскан атасы утуру келе бергенинен улам кедейлигин эске алып чокоюн, чор алаканын эске алып, ушу да окуп-чокуп, билим алып адам болсун деп ыраматылык Петр Кузьмичке чала берип окууга өткөргөн элем. Көрсө бу кул адам болбой эле айбан болуп, курсагынын гана кулу болуп, курсагы тойгондо эле баарын унуткан экен го! Борбордук Комитеттин аппаратына бу тукумуң кургур качан келип калды эле? Шахрайдын учурундабы? Жо-ок! Белоцкий, а түгүл Аммосовдун учурунда жок эмес беле? Ваговдун учурунда келген го? Ошенткен го,

Ваговдун администрациясы бийликке келери менен НКВДнын төрагасы, Ежовдун Кыргызстандагы оң колу, өз адамы Лоцмановдон баштап, ар кыл партиялык кызматтарда иштеген Абакумов, Барткевич, Дзеркалев, Дөдүров, Лимперт, Привалов сыяктуулар кыргыздын мыкты интеллигенттерин эл душманы атап түрмөгө солоп салышты. Ваговдун администрациясы келгени аз келгенсип, эми аларга Кыргызбай Кокуйбаев кошулган тура! Э-э, башта бир өлүм! Кантели, кур жалаадан улам көз жумуп кетербиз, бирок эл үчүн бүткүл кан-жанын аябаган бизди эл душманы атаган Кыргызбай Кокуйбаев сыяктуу кулдун тукумдары менен партиянын ынтымагын бузуп, түбү барып совет мамлекетин жарга такайт!.. Эгерде...»

Тергөөчү:

– Эмнеге үндөбөйсүң?! Бу менин сөзүм эмес, өзүң бирге иштеген коллегаларыңдын сөзү!

Касым селт эте берди. Кокуйбаев жөнүндө ал көп болсо он секундча ойлонгондур эле. Ушуга да ушунча кыйкырабы?

– Үндөгөндө эмне демекмин? Чындыкты айтсам ишенбейсиң, ал жалганды кантип айтам?

– Жалганды эмес, чындыкты айт мага! Эки гана нерсени айт. Социал-туран партиясы жана Бухарин менен болгон контрреволюциялык байланышыңды мойнуңа алып, сурак токтомуна кол коюп бер. Бүттү, бошсуң.

– Айтып атпаймынбы, андай да, мындай да болгон эмес...

Сырттан желдет кирди. Касымдын денеси дүр дей түштү. Дагы эмнесин баштайт? Ансыз эле араң отурган ал дагы кандай кыйноосуна чыдайт?

Желдет жанына келди.

– Тур!

Касым жер таянып, дубалга жөлөнүп атып араң турду. Желдет каалга тарапты көрсөттү.

– Бас!

Касым каалганын жанына келди. Каалганын арткы кырындагы төмөнкү жана жогорку эки ашык-машыктын ортосунда ачык жер бар го, эшикти желдет кичине ачып туруп, манча батчудай болгон ошол ачык жерге Касымдын оң колунун манжаларын салаарда тергөөчү желдетке чорт эте минтти:

– Токто! Оң колун эмес, сол колун! Оң колунун али бизге пайдасы тиет. Күнөөсүн мойнуна алганда токтомго кол коет.

Колун каалганын артындагы жыртыкка салса эмне болорун Касым эми гана түшүндү. Сол колун салбай, желдет менен кайра алыша кетти. Бирок алы кетип калган экен, желдет аны бир колу менен желкеден алып, экинчи колу менен Касымдын сол колунун манжаларын тешикке салып, эшикти акырын жапты эле Касымдын манжа сөөктөрү кырс-кырс этип сынып кетти.

– Ал мойнуңа!

Касым манжаларынын ооруганын дароо сезген жок. Манжаларынын жаны кетип, чымырай уюп, дуулдап ысып чыкты, көңүлү азып кетти.

– Э-эй, адам баласы! Ушундан көрө атып салчы!

Тергөөчү:

– Сага ок коротуп жиндиминби! Моюнуңа албасаң ушинтип кыйнап өлтүрөм! Сөөгүңдү бүт чагам! – Желдетке буюрду. – Отургуз буяка!

Желдет анын колун каалгадан аларда эриндерин тиштеген Касым «а-аа-ай» деп бакырып алды. Көк-мөк болгон манжаларынан кан жая берип, кудай бетин салбасын, какшап ооруганы чучугуна жетти. Ушу мүнөттө Касым өлүмдү тиледи. Жылуу жер алдында, караңгы гөр ичинде тынч гана сулап жатууну эңседи, дегдеди. Желдет аны тергөөчүнүн бет алдына отургузду. Онтобос үчүн Касым өжөрлөнө тиштенип алды. Бирок чыдоого мүмкүн эмес окшойт, манжалары эмес, бүткүл денеси чучугуна жете какшап аткансыды. Жалган жеринен «күнөөсүн» мойнуна алып, кол коюп бергиси да келип кетти, бирок кантип ошенте алат? Эртеси эле Касым мойнуна алыптыр, кол коюп бериптир деп шаарда дүңк дебейби! Өзү го өлүп кете берет, а балдарынын, аялынын, туугандарынын тагдыры эмне болот? Артынан эли эмне дейт? Чыда! Чыда! Бүгүн түнү эптеп асынып өлүп алар бекемин! Чыда!

Түрмөнүн врачы кирип, колун дароо ары-бери чүркөй таңа салып, чыгып кетти. Кан дароо токтоду, бирок чыдатпай какшап атты.

Тергөөчү:

– Ач көзүңдү деп атам! Көзүңдү ач да, мени түз карап отур!

Касымдын жүрөк үшү өчүп, тигинин буйругуна көнүп, көзүн ачууга алы келбесе да эптеп ачып, аны тиктеп калды. Тергөөчү сейфинен бөтөлкө арак алып, кичине чөйчөккө бүлкүлдөтө куюп алып ийди да, бир ачырканып койбой, закускөсүнө чылым тиштеди, чирк эте түтөттү. Касым бөтөлкөнү тиктеп калды.

– Ичесиңби?

Касым баш ийкеди.

Тергөөчү алты кырлуу ыстыканга толтура куюп ага сунду.

– Ичкенге жараша ыстыкан менен ич.

Касым соо колу менен ыстыканды калтырай алып, аракты түбүнө түшүрө бир кыйлага дейре шашылбай жутту да, анан шалдырай дубалга жөлөндү. Арак дүңгүрөп дароо башына чыкты.

Тергөөчү:

– Эгер мойнуңа алсаң, арак эле эмес, баары болот. Эмнеңе өжөрлөнөсүң, билбейм? Күнөөң тоодон чоң. – Касымдын делосун андан ары баракталы. – Чатактын баары сенин улутчулдугуңда. Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссары болуп иштеп турганыңда, жыйырма жетинчи жылы ВКП(б) Кыргыз обкомунун Пленумунда ачык эле минтип чыккан экенсиң. ««Жергиликтүү тилди жооптуу кызматкерлер милдеттүү түрдө үйрөнүшү керек. Иш жүргүзүүдө жергиликтүү элдин тилин үйрөнбөгөн, же билбеген европалык тилде сүйлөгөн кызматкер тилди билген кызматкер менен алмаштырылышы кажет». Мына

тилге шылтоолоп, оюң орусча сүйлөгөн европалык кызматкерлерди кызматтан четтетүү болучу. Анан дагы Социал-туран партиясы менен байланышым жок дейсиң. Кыскасы, өзүңдү жана мени кыйнабайын десең, моюнуңа алып сурак токтомуна кол коюп бер да камераңа барып эс ал, эртең эле коё берем.

Ичимдик ичкенге Касым кыйла чыйрала түшкөнсүдү. Жүзүн болор-болбос нур чачып, жанчылган денеси балкып баратты. Манжалары лукулдай сыздап атканы менен мурункудай какшабай калды. Бу арак дегениң да жакшы оокат окшойт? Күчсүз кезде күч, алсыз кезде ал берчү оокат окшойт. Көзү кайрадан бөтөлкөгө түштү. Эгер дагы ичсем бүгүнкү азаптозокту эле эмес, какшатып ооруткан жаратымды утурумдук болсо да унутам го деп үмүттөндү.

– Ичесиңби?

Баш ийкеди. Ыстаканга толтура куюп берди, дагы баягысындай эле түбүн түшүрө шашылбай алып салды. Эртеден бери тамак ичпей ач карын эле, эрте менен деле жыргатып тамак ичкен эмес. Бөлтөк ботко, музоолор ишчү сары чыладай чай, эки жапырак каткан нан. Ичимдик ого бетер дүңгүрөп башына чыкты, саал өтпөй тез шорво ичкендей денесинен көл-шал тер кетти. Мемиреп, жаны жер тартып баратып, «мындан ары эми эмне болот экен?» деп ойлоду. Жумбайын десе да көздөрү жумулуп баратты. Тергөөчү тек койду, арак бүт башына чыксын, анан сүйлөшөм дедиби, желдетти анын жанын коюп, таза абада чылым тартууга сыртка чыкты. Сырт кыйла суук болгону менен аба таза эле. Аландай корккон

аялдар бир колуна баласын, экинчи колуна түйүнчөк кармап, түрмөнүн эшигине чукул даай албай жол жээктей ары-бери басып жүрүшөт. Булар камалгандардын аялдары. Желдеттер аларга анча даай албаш үчүн кичине балдарын атайын ала жүрүшөт. Аялдарынан башка тууган-туушканы же дос-жоролору буерге келе албайт. Келсе эле алар да эл душманы катары камалып калышы мүмкүн. Камалгандарга аялдары тарабынан мурун кечинде бир ирет ысык тамак киргизилчү. Лоцманов азыр аны да тыйып салды.

Түрмө алдында үстү жабык машине келип токтоду. Машинеден түшкө милиционер түрмөнүн эшигин ачкан милиционерге түз эле буйрук берди.

– Кетир тигилерди!

Куйругуна тапанча илип алганы үчүн эле кыйла корсоюп алган, эшик ачар милиционер аялдарга жакын басып барды.

– Кеткиле буерден! Кеткиле!

Аялдар кеткен жок. Ошондо тигил атайын-даярдалган суу насосунун моторун от алдырып, узун түтүк-шланга менен аялдарды артынан кууп, суу чача баштады. Суукта суу болгон аялдар качканы качып, жыгылганы жыгылып, жай-жайына житип жок болушту. Мына ушундан кийин гана жабык машинени оозу ачылып, колдору артына кайрыла байланган кишилер желдеттердин алды менен бирин-бири ээрчип түрмөнүн эшигине бет алды. Биринчи болуп машинеден Жусуп Абдыракманов түштү.

Жусуп Абдыракманов деген ким? Жыйырманчы жылдары Кыргыз Автономиялуу областынын биринчи секретары болуп Каменский иштеп турган кезде, ал экинчи секретарь эле. Ата-теги – манап. Жашынан томолой жетим калып, анан ар жерде окуп-чокуп жүрүп революциялык иштерге аралашып, партияга өткөн. Каменский менен ыйкы-тыйкы болуп иштеше албай, ушундан улам чет жакка кетүүгө аргасыз болуп, адегенде РКП (б) БКнын Орто Азия бүйрөсүнүн уюштуруу бөлүмүнө орун басар болуп, Ташкенде, кийин ушул эле тармак боюнча Москвада инструктор болуп иштейт. Кыробкомунун биринчи секретары Каменский кетип, анын ордуна Узюков иштей башаганда гана Жусуп Абдыракманов кыргыз жергесине кайра келет. Узюков менен жалпы тил табышып, Кыргыз Автономиялуу АССРнин Эл комиссарлар Советинен эң алгачкы калыптануусуна, өрүш алуусуна Жусуп Абдыракмановдун өтөгөн эмгеги зор. Москвага бара да берип, маселени ортого сала да берип, Кыргыз АССРинин өз алдынча Кыргыз Совет республикасы болуп түзүлүүсүн негизги маселе катары коет. Анткени ошо кезде Кыргыз АССРи бир жагынан РСФСРдин өкмөтүнө баш ийсе, экинчи жагынан Орто Азия органдарына, үчүнчүдөн СССРге баш ийип, Жусуп Абдыракманов өзү баш болуп кабинеттен кабинетти жыртып, кагаз, буйрук, сөз көбөйүп, натыйжада маселе дароо чечилбей, кайра чыр-чатак, араздашуу көбөйүп кетчү. Ушул маселени курч коюп, Жусуп Абдыракманов Сталинге кат киргизген. Бирок учурунда оң жооп болгон эмес.

Айтса, Жусуп Абдыракманов жыйырманчы жылы РКСМдин III съездинде Ленинге учураган. Тынигуу мезгилинде Ленин ага карпа-курп жолугуп калып, анан делегат болуп анан каерден келгенин билген соң «Орус улутундагы адамдар силерде канча процент?» - деп сурайт. «Беш процентке жакын...» «Калгандары кимдер?» «Кыргыз, казак жана башкалар», «Жалпы элдин канча проценти кат тааныйт?», «Эки процентке жакыны...», «Аппаратыңар кайсыл тилде иш жүргүзөт?», «Орус тилинде...» Лениндин өңү ошондо дароо бузула түшүп, Жусуп Абдыракмановду кейий тиктейт. «Жолдоштор, силер социалисттик революция алдында зор кылмыш кылып атыпсыңар! Жергиликтүү калк билбеген бөлөк тилде иш жүргүзгөн аппарат жергиликтүү элдин суроосуна өз тилинде жооп бере, же жооп алалбаган аппарат эч качан эл менен жакын боло албайт жана болбойт. Ошон үчүн сабатсыздыкты тезирээк жоюп, аппараттарга ишти өз тилиңерде жүргүзгүлө!» Лениндин бул оюн Жусуп Абдыракманов ишке ашырууну биринчи маселе катары койгон. Бирок Каменский колдогон эмес. Тескерисинче, экөөнүн ортосунда ырк келишпөөчүлүк күчөп, аппараттан кетүүгө аргасыз болуп, куюшканы ошо мезгилде эле бошой баштаса, коллективдештирүү учурунда биротоло кыйшайды окшойт. Коллективдештирүү мезгилиндеги аша чапма «туйгундардын» ооз көптүрмө ураанынан улам Кыргызстан эле эмес, буягы Казакстан, тиягы Россияга чейин отуз эки, отуз үчүнчү жылдары элди каатчылык, ачарчылык басып, дал ошол жылдары

Кыргызстан эгин даярдоонун мамлекеттик планын аткара албай калган. Ансыз эле республикада ачжылаңач отурган элдин эртеңки жармалык эгинин Россияга урук үчүн ташымак болгондо Абдыкадыр Орозбеков менен Жусуп Абдыракманов калыс сөзүн айтып, эгин жергиликтүү элдин өзүнө зарыл керек экенин ачык айтып, ак сүйлөп чыгышкан. Абдыкадыр Орозбеков менен Жусуп Абдыракмановдун тагдыр куюшканы дал ушул чатактан кийин биротоло кыйшайып, акыры түбү экөө тең атылып тынган. Атылганга чейинки Абдыракмановдун оомал-төкмөл тагдырын кыска боло да айта кетүү кажет. Ошо отуз үчүнчү жылдын он үчүнчү майында «Кыргызстанда эгиндин ысырап болушу жана уурдалып жок кылынышы жөнүндө» ВКП (б) БК атайы токтом кабыл алып, ошол эле жылдын сентябрында Москвада ВКП(б) БК Кыргызстандын партиялык уюму тууралуу маселени карап Кыробкомдун биринчи секретары Шахрайды жана Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Жусуп Абдыракмановду кызматынан алат, партиядан чыгартылат. Жусуп Абдыракманов кайрадан туулуп-өскөн жеринен кетүүгө аргасыз болот. Адегенде Волга боюнда, андан кийин Оренбург областында ал чарба башкармасында кызмат өтөйт. Партиялуулугун кайра калтырууну өтүнүп, бир нече ирет Сталиндин өзүнө кат аркылуу кайрылган жана ВКП(б) БКнын алдындагы КПКдан жооп алган, бирок жооп аны канааттандырып, тагдырын чечкен эмес. Анын акыркы жазган каты эске алынып, «Абдыракмановдун жеке жүрүш-турушуна

берилген суноош-пикирлерди кайра калыбына келтирүү маселеси талкууланып, жообу бизге жиберилсин» деген ВКП(б) БКнын алдындагы КПКнын катына «Ж. Абдыракманов контрреволюциячыл Алаш-Ордо уюмунун активдүү катышуучусу катары камакка алынды» деген Оренбург шаарком унун биринчи секретарынын тиркеме жооп каты жиберилген. Мына ушундан кийин аны Оренбургдан Фрунзеге алып келишип, үстү жабык машинеге салып, түз эле түрмөгө жөнөтүшкөн болучу. Түрмөнүн алдына машине келип токтоору менен камалгандардын аялдары жогоруда айтылгандай куулуп салынды. Ушундан кийин гана биринчи болуп машинадан Жусуп Абдыракманов түштү.

Касымды суракка алып аткан тергөөчү Абдыракмановду мурдатан билчү, жек көрчү. Короодо чылым тартып турган ал аны көрө коюп «А-а келген экенсиң эргул! Тергөөгө менин колума түшкөн экен!» деп ичинен гым эте тынып алды. Анда эски кеги бар эле. Абдыракманов Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болуп турган кезде ал ички иштер Эл комиссариатында белдүү кызматта иштечү. Кайсы бир чатактан улам Абдыракманов көптүн арасынан аны кейий тиктеп, «Бу жолдош, бөрк ал десе, баш алчу неме экен! Азыркы кызмат ордуна татыктуубу, же татыктуу эмеспи карап көрүш керек!» деп сөзүн жыйынтыктаган эле. Ошондон кийин атка минер галстукчандарга өчүгүп калды. Бирөө жарымы колуна тийсе терисин сыйырчуудай ичинен гымылдап кетчү.

Тергөөчү чылым калдыгын такасы менен эзип өчүрүп, анан чыйт түкүрүнө ичкери кирди. Касым бая кандай отурса дал ошондой бүрүшүп, көзүн жумуп шалдырап отурган эле. Ач карын, ак кол интеллигентке эки стакан арак эптүүбү, нары шалдырап, нары магдырап отурган эле. Тергөөчү киргенде ичинен ичиркене жыйрылып алды. «Дагы эмнесин баштар экен?» дегендей көзүн ачты. «Арак башына чыкса, балким, башкача жооп берер» деген ойдо тергөөчү аны атайын тек коюп, сыртка чыгып кеткен эле. Мына эми сырттан кирип, үстөл үстүндө жаткан кагазын алып, Касымдын жанына келди.

– Алаш-Ордочу Абдыракмановду да буерге алып келишти. Күнөөсүн буер эмес, те Оренбургдай жерде моюнуна алган экен. Күнөөсү жеңилдеп, буякка жиберишиптир. Күнөөңдү азыр мойнуңа албасаң, эртең эле Абдыракманов моюнуңа коюп берет... анда кеч болуп калат. Кеч болуп калбасын, кийин өкүнүп калбайын десең азыр протокол кагазына кол коюп бер да, кете бер.

Касым унчукпады. Азыр жер жылып, жер менен кошо өзү кайдадыр жылып баратты. Тергөөчү мурутун жанып алып, эрдин тиштенди. Бу ачуусу келгенинин белгиси эле. Үстөлүнө келип отуруп, сырттан кирген желдетке түз эле буйрук берди.

– Тургуз!

Желдет Касымды шилиден мыкчый алып ордунан тургузуп, тергөөчүнүн жакын маңдайына жетелеп келди.

Тергөөчү:

– Мына кагаз, калем алдыңда... Күнөөңдү моюнума алдым деп азыр кол кой, азыр эле кое берем...

Касым түзөлө берди.

– Гражданин тергөөчү... Арагыңа ырахмат... бирок... жалганды кантип чын деп моюнума алып, кол кое алам?

Тергөөчүнүн көздөрү зирк дей түштү. Мас болуп калса, мүмкүн, кол коюп берер деп ойлогон эле. А бул кайра чыйрала баштаган тура. Тергөөчү шашылбай ордунан турду. Жини келгенде ушинтип шашылбай каалгып, эрдин же мурут учун тиштегилеп өзүнө өзү батпай буулугуп, демин ичине ала дымып калчу. Азыр да ушул абалда турду, анан оң колу шак шилтене берди эле, Касым турган жеринде камгактай учуп түштү. Буга алымсынбай ич талаштыра кыйлага күпүлдөтө тепкилеп алды, анан демиге үстөлүнө өттү.

– Алып кет!

Желдет Касымды жерден эптеп сүйрөп тургузуп, тергөөчүнүн бөлмөсүнөн алып чыгып, кууш колидор менен камерасына алып жөнөдү. Коңшу камерадан ызырына кыйналган үн чыкты.

– Кое бер! Кое бер дейм! Советтик тергөө мындай болбойт! Советтик тергөөчү минтип сурабайт. Мага советтик тергөөчү керек!

Касым дубал жөлөнө токтой калды. Тааныш үн Абдыкадырдын үнү, Абдыкадыр Орозбековдун үнү.

– Кое бер! Советтик тергөөчү минтип тергебейт!

Касымдын эриндери дир дей түштү, Абдыкадырдын үнүн укканда каңырыгы түтөп, кирпиктери нымдаша түштү...

Желдет аны камерасына жетелеп кирип, керебетине жеткирип койду. Касым шалдырай барып, керебетке сулады...

* * *

Бу дүйнөдөн көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп баратканокшойт, азырынча тирүү болгону менен, бирок ысымы эбак тирүүлөрдүн тизмесинен сызылып салынган окшойт, болбосо тирүү адамды да ушунча кыйнашабы, ушунча кордошобу?

Ичимдик азырынча жан-дүйнөсүнө дем-күч берип, жанчылган денесинде каны ойноп, башы дүңгүрөп, ой-санаасы көкүрөгүнө толуп чыкты. Күнү бүтүп баратканда, айрыкча өлөр алдында адам өткөн өмүрүн көз ирмем болсо да эстейт дейт, ушундан уламбы, негедир өмүрүнүн башталышы, айрыкча, бала кези те алыстан кылактай келип эсине түштү. Эс тарткан бала өлүм жөнүндө, бу өмүрдүн ыры менен чыры жөнүндө ойлобойт ээ! Бүткүл дүйнө, бүткүл аалам, асмандагы ай-күн, жердеги ата-эне бир гана аныкы, бир гана аныкы сыяктуу сезилет ээ! Атаңдын гана көрү жалган дүнүйө ай! Көрсө андай эмес экен го! Андай эмес экен го!..

Тигине, улуу тоолордун коңулунда көк мончоктой мөлтүрөп жаткан көпмөк көл кылаасы, Чырпыкты айылы. Кызыл ала көпөлөктөрдү кылактаган жылгажыбыттуу бөксө жолдорго торсойгон күчүгү менен

тең жарышчу күндөрү ай! Дүйнөнүн бир бурчунда дайыма эле ушинтип бир курагында, бир калыбында жашай берсе кана?! Кайда-ан! Кумарың канып-кана электе эле баары өтүп, баары бүтүп, башка түйшүк, башка умтулуу, башка өмүрлөр алдыда күтөт экен го!..

Бой тарта баштагандан эле Касым башканы кое туруп, биринчи билим алууну эңсеген, он эки жашында Караколго келип, орус мектеп-интернатына кирмек болгон, бирок тексиз жерден болгону үчүн окууга алынбай, каары кабагына чыгып, айылына кайра келет. Уулунун окууга зар болгон зор ынтаасын сезген атасы аны ээрчитип алып атайы Сазановка кыштагына келип, алты сом пара берип, ошердеги орус мектебине киргизет. Жусуп Абдыракманов менен Касым алгачкы ирет ушерде таанышкан эле. Экөө тең бир учурда, кылым башталган биринчи жылы төрөлгөн экен. Анан эмне болду? Эл үрктү, эл менен кошо алар үрктү. Жусуп Кытайдан ата-энеси менен кайтты. Азап-тозокту аябай көрүп, ого бетер такшалып кайтты. Максатын улады. Жол азабын тартып он тогузунчу жылы, жөө-жалаң Алматыга жетет. Аерден жолдомо алып, Ташкендеги казак-кыргыз агартуу институтуна келип кирет. Э-э, ошол күндөр, куунак күндөр! Чыкыя кийинип, шыпылдап басып, баамдуу сүйлөгөнү жүрүш-турушуна шай келип, кындан суурулган кылычтай шайдоот эле ээ. Ошон үчүн го, улуту кыргыз болгонуна карабай казакча чыкчы «Жаңы өрүс» гезитине Касым бөлүм башчылыкка чакырылат, ошол эле учурда Түркстан Жаштар союзунун ячейкасынын уюштуруучусу болуп иштейт. Бирок бу оомал-төкмөл

дүнүйө пендесине бир жагынан ырыскы берип турса, экинчи жагынан ырыскысын алып турат экен го. Ден соолугу начарлап, киндик каны тамып, балалыгы калган көл кылаасына келет. Туулган жердин авасы, суусу, топурагы чын эле жанга дары болуп, оңоло баштаары менен илим-билимге чаңкаган ал кайра эле дароо Ташкенге жөнөйт. Бирок көп узабай кайрадан ошерде төшөк тартып жатып калат. Бир күнү эмес, бир саатты бош эмес эле го ошо кездери. Ооруп жүрсө да ошо күндөр Касым үчүн өтө кымбат, азыр эстесе жүрөгү тыз этип, сагынат, кусаланат. Жалганбы, өмүрү тоо суусундай шаркырап башталган эле. Аягы Алматы, буягы Ташкен калаасындагы илим-билимге умтулган алдыңкы адамдардын арасынан караан көрсөтүп чыга келген эле. Айрыкча «Жас кайрат», «Санаа» жана «Ак жол» гезит, журналдарында иштеп турганда кыргыз-казак улутунун алдыңкы идеяларын, элдин салт-санаасын, көкүрөк тепкен муң-зарын кеңири, терең, курч чагылдырууга ал бүткүл талантын, бүткүл чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн, бүткүл кайратын жумшаган эле, бирок чыгыш элинин илгертен келаткан кээ бир жаман адаты, жакшы уулдарынын төбөсүнө камчы болуп тиерин Касым а кезде кайдан ойлосун? Кайдан билсин? Өзүңдү өзүң камчылап алдыга чыксаң – бир итибайы бутуңа таш урса, экинчи бир чотубайы алдыңа ор казат. Артта калсаң – ошолор эле кайра кемсинтет, теңсинбейт. Мындай болгон соң алдыга чыкпай, же артта калбай, ортодо жүрүш керекпи? Жок! Касым анте алган эмес, анте албайт болучу. Алдыга чыгып ата-журту үчүн узакка-узакка чуркап

бергиси келген, ошого өзүнөн өзү жашынан таптаган, күүлөгөн. Айрыкча жыйырма төртүнчү жыл анын эсинен кетпейт го. Кайран ошо жыл, кайран ошо күндөр! Ошо жылы институтту бүтүп Түркүстан республикасынын академиялык борборунда Илим комиссиясынын Кара-Кыргыз областтык бөлүмүнүн секретары, кийин төрагасы болуп иштейт. Ошол эле жылы кийин сабатсыздардын кийиз китеби болуп калган айтылуу «Окуу китеби» чыгат, партияга өтөт. Кыскасы, өзү менен кошо эли, эли менен кошо өзү кызуу өрүш алган чыныгы умтулуунун, чыныгы күрөштүн башталышы эле го ошо күндөр. Ал эми Пишпек шаарында кыргыз элинин алгачкы партконференциясы ачылганда курч маселелерди курч айтып чыккан ошол эле Касым, ошол эле Абдыкадыр, Төрөкул, Жусуп эмес беле! Кыргыз жергесиндеги алгачкы партконференцияны колдоп ар жактан куттуктоо телеграммалар келген. Ошол көп телеграммалардын ичинен бирөө Касымдын алып учкан көңүлүн ого бетер элеп-желеп кылган, күч, ишеним, дем берген.

«РКП (б) БКнын куттуктоо телеграммасы.

...Сиздерге дыйкандар гезитинин орус тилинде гана чыгып жаткандыгы кандай гана өкүнүчтүү. Гезитти Кара-кыргыз тилинде сөзсүз чыгаруу керек. Бул кечиктирилгис милдет.

Конференциянын катышуучуларына дубай салам айтып коюңуздар.

И. СТАЛИН».

Мурун кыргыз жеринде «Батракская правда» гезити гана орус тилинде чыгып атса, Сталиндин бу телеграммасынан кийин кыргыз тилинде улуттук биринчи гезити «Эркин-Тоо» чыга баштайт. Жыйырма төрт жаштагы кыл мурут Касым «Эркин-Тоонун» жооптуу редактору болуп дайындалат. Э-э, жылаңач баатырлык кылган кайран ошол курак десе! Ошондо, «Эркин-Тоонун» биринчи санына, акын катары элге эбак таанылып калган өзүнүн ырын баспай, али көпчүлүккө белгисиз Аалы Токомбаевдин «Өктөбүрдүн келген кези» деген ырын баскан эле го. Өзүнүн жолун бөгөп, башкаларга жол ачкан эле го. Баарынан да али тоо-таштын арасында энөө жүргөн, дүйнөдө эмне болуп, эмне коюп жатканы менен али кат-кабары жок жүргөн сабатсыз элинин сабатын ачыш керек эле. Ал үчүн кыргыз элинин улуттук жазуусун иштеп чыгышы керек эле. Жаңы алфавитти түзүүнүн негизги принциптерин иштеп чыгуу керек эле.

Ушунун баары алгачкы учурда анын моюнунда болгон жана көбүн аткарган. Айрыкча, Кыргыз АССРинин Агартуу эл комиссары болуп иштеп турганда кыргыз элинин эми гана телчиге баштаган илим-билимине, маданиятына өзү баш болуп, эң алдыда жүрүп шымаланып жол чапкан, жол ачкан. Ошентип баары тең өз жолунда, өз багытында жүрүп аткан эле. Анан эмне болду? Элдин миңдеген мыкты уулдары кур жалаага кабылган отузунчу жылдар башталды. Анын эмгектери канчалык элге алына баштаган сайын, ошончолук дос-душманы көбөйө берди, көбөйө берди. «Академиялык кечелер» менен

алгачкы жазган ырларынан саясий ката издегендер чыкты. Жыйналыштан жыйналышка, конференциядан конференцияга, пленумдан пленумга аны уйпалай сүйрөп, эли-жери үчүн төбөсү менен жер казып иштеп аткан аны кайра эл душманы атап, көз көрүнөө кордоду.

Касым оор үшкүрүнүп, оң капталына оодарылмак болду. Бирок жанчылган денесин кыймылдата албады. Кыймылдоодон чочуду, арактын күчү дале ага күч-кубат берип, денеси магдырап, башында дүңгүрөгөн ой-санаа көкүрөгүндө сыйбай турду. Кайра эле баягыл балалык кези, айрыкча кийинки жигиттик курагы күндүн кызыл нурундай кыпкызыл манат болуп көз алдына келди, көңүлүн козгоду. О, ошо күндөр! Жыйырма үчүнчү жылдын толукшуган жай айы болсо керек эле. Сыдык Карачев жан досу болчу. Уйгур адамы менен короолош турган агасыныкына аны ээрчитип келген күнү Касым күтүлбөгөн жерден ашык отуна чалынды, көңүл дегдеткен кумарлуу күндөр башталды. Оймок ооз, алча көз уйгур кызы короодон карпа-курп алдынан чыгып, кыйгач тиктей бергенде Касымдын кандайдыр бир купуя ою селт дей түшкөнсүгөн. Ошондон кийин каерде жүрбөсүн ошол сырдуу көз тиктеш, көз алдында туруп алган. Ушундан кийин Касым кээкээде «Сыдык, жүрчү агаңкына» дечү болгон. Сыдык Карачев да Касымдай өрттүү, угуттуу ырлар жазчу, анын үстүнө оюңду айттырбай билген нары элпек, нары зирек жан эле. Касымдын ашык болуп калганын дароо эле билген.

– Көп кыйналбай оюңду кызга ачык айтып кат жазып бер, алпарып берейин, - деди бир ирет.

Касым биринчи ирет өмүрүндө арзуу катын жазууга отурган ошондо.

Кыз катка дароо жооп бере алган жок, жазуудан ыйбаа кылып, тартынды окшойт. Ташкенде окуп аткан кыргыздын мыкты жигитинин көңүлүн даг кылган жооп кат жазуу колунан келбечүдөй болду окшойт. Анткени ал да Касымды дароо жактырып калган эле. Ошентип экөө эки жерде күтүлбөгөндөй арзуу отуна кабылып, жолугушууга бири-бирин самап, бирок жолугуша албай жүрүштү. Арадан айлар өттү. Ташкенге жөнөөр алдында Садык аркылуу Касым кызга жолугууга уй тилиндей кат жиберип, кечинде болжогон жерге, Базар көчөсүнүн түгөнө бериш бурчундагы зор даректын түбүндө күттү. Кат жообун кайтарбай койгон, ал келбей коюшу да мүмкүн деп ойлоду. Бирок болжошкон мөөнөттөн саал өтпөй, чытырай бой жеткен кыздын каалгый, сунала басып келаткан карааны бет алдында пайда болду. Касым аны көздөй басты. Жылдар бою бири-бирин такыр көрбөгөн, билбеген эки улуттун эки баласы бири-бирин сагынып, самап жакындап келатты. Биринчи болуп Касым колун сунду.

«Саламатызбы!»

Кыз ыйбаа баш ийкеп, Касымдын жылуу, нары кыздыкындай жумшак алаканындагы колун акырын сууруп алды.

«Тукен, мени абдан кыйнадың го... Оюңду айтып, же жооп жазбайсың...»

Касымдын «Тукен» дегени Турдубүбүнүн кулагына өтө жагымдуу угулду, анын үстүнө үнү нары жагымдуу, нары угумдуу экен.

«Айтчы, Ташкенде окугуң келеби?»

Кыз башын дароо ийкегилеп ийди.

«Анда Ташкенге ала кетейин...»

Же ооба, же жок дегени белгисиз унчукпай калды.

«Мейлиби?»

«Агам жибербейт го...»

«Эмне үчүн?»

«Сени менен бирге башка кыздар болсо бир жөн... Жалгыз өзүңдү жибербейбиз дейт. Сиздин жолдошуңуз Сыдык агай да ушинтип айткан. Айтыңызчы, Ломоносов деген ким?»

«Ломоносов орус элинин улуу окумуштуусу жана акыны... Эмне үчүн аны сурап калдың?»

«Сыдык агай дайыма сизди «биздин Ломоносов» деп сүйлөйт. Ыр жазасызбы?»

«Анча-мынча...»

«Мага арнаган ырыңыз абдан жакты, ырахмат...»

«Тукен!»

«Эмне?»

«Мени карачы».

Кыздын кирпиктери жогору серпиле берип, экөө бирин-бири тиктеп калды. Касым анын белине колун жиберип, өзүнө тартты эле, кыз оңой эле

кучагына келе түштү. Бирине-бири кыналып, экөө бир топко үн-сөзсүз турду. Ушундан кийин көп узабай баш кошуп алышты. Турдубүбүнү өз энеси жаш кезинде каза болуп, улуту кыргыз өгөй энесинин колунда чоңойгон эле, өгөй эне Турдубүбүнү күйөөгө өз кызындай узатты. Касым колуктусун Ташкенге ала кетти. О, ошол күндөр! Бакыт жылоологон шатыра-шатман күндөр эле ээ! Кийин Кыргыз АССРинин Агартуу Эл комиссары өзүнчө бөлүнгөндө Касым анын төрагасы болуп Пишпекке көчүп келгенде Ташкенде төрөлгөн тун уулуна канат-бутак болгон кийинки балдары Пишпекте төрөлдү. А Касым башбайчасы менен ишке кирип кетти. Үйдө, жолдо, кызматта башы ойдон, түйшүктөн бошобойт. Алакандай кыргызымды агартсам десе көкүрөгү жалын, көзү от. Түшкү тамакка үйгө келгенде «Тукен, жарым саат тук этип алайын, ойготуп кой ээ» дей турган. Анткени, түнү кем уйку болчу, окуп, же жазып атып төрт-беш саат гана кирпик суутчу. Ушинтип жүрүп, отузунчу жылы денеси от менен жалын болуп төшөккө катуу жыгылды. Жубайы Турдубүбү анда медтехникумда окучу. Медтехникумдун директору, ошо кездин мыкты доктору Карабеков үйгө келип, «Касыкени Ташкенге алпарып, ошерден дарылаш керек» деп чечти. Касымдын оорусу күчөп, түнү бою чырак менен отуруп калышкан болчу. Ташкенге алып келгендери ырас болуптур. Аерден «көп иштеген, мээ чарчаган» деп оорунун себебин дароо табышты. Акыл күчү менен көп иштөөгө болбойт деген догдурлардын чечиминен улам Фрунзеге келери менен

Кыргыз АССРинин Агартуу Эл комиссарлыгынан өз каалоосу боюнча арыз берип, баш тартты. О, кайран гана гөт чукушмай кыргызым а-а! «Касымды улутчулдугу үчүн жогорутан кызматынан алыптыр» деп эртеси эле башкага жоорушту го! Ушакка ууланбай, өзүн көчө сөздөрүнөн бийик коюп, жазуучулугун жана окумуштуулугун уланта берди Касым, бирок ошол көчө сөздөр айрыкча куюшканың кыйшайып турганда саясий катага өсүп жетет экен го!

Ушул ойлордун төгөрөгүндө магдыраган Касым бир маалда уктап кетип, таңга маал чочуп ойгонду. Арак менен таякка ууланган денеси чучук какшата сыздап атыптыр. Кыймылдайын деп кыймылдай албады. Кечээгидей ойго магдыроо кайда? Көңүлүн зил басып, өткөн өмүрү менен сырттагы тирүүлүк азыр ал үчүн тыйынга арзыбай алсыз жатты. Эрте мененки тамак келди. Бөлтөк ботко, сары чыладай чай, эки жапырмак каткан нан. Жок дегенде тамакты дурус беришпейт. Касым турайын деп тура албады. Жаман калай күрөшкөдөгү ылымтык чайды соо колу менен эптеп алып жутту да үшкүрүнө кайра жатып калды. Ичи от менен жалын. Ач карын ичкен арак сазайын эми бере баштады. Көп узабай замбил көтөргөн эки желдет кирди.

– Отур замбилге.

Касым селт эте жыйрылды. Бу эмнеси? Кайда алып барышат? Ичээр суум бүткөн го? Эптеп томолонуп турмак болуп, бирок тура албай, төрт аяктай жөрмөлөп барып замбилге отурду. Азыр ага өлүм анча коркунучсуз сезилди. Бу дүйнөдөн тойду, миң кордукту

көргөнчө бир ок жеп тынч жатып калууну ылайык көрдү. Бирок жан ширин ээ, «кайда алып барышат, атып салууга эмеспи?» деп сестейди, денеси жыйрылды. Замбилде жаткан Касымды эки желдет кууш колидор менен көтөрүп өтүп, ачык короонун оң тарабындагы түрмөнүн медчастына алып киришти. «А, дарыламакка алып келишкен тура». Көңүлү тынчый түштү. Кенже лейтенанттын погонун ийинине илген аскер формасындагы фельдшер аны бир сыйра карап чыкты. Колун кайра жаңылап таңды, күйгөн кашынын төгөрөгү ылжырап чыгыптыр, аерин вазелин сыяктуу бир нерсени сүрткөн болду, анан эки желдетке кайрылды.

– Все заберите...

Эки желдет келген жолу менен кайра алып жөнөдү. Түрмөдө отургандардын көпчүлүгү азыр сыртка, төгөрөгү тосулган төбөсү ачык короого чыгып, ары-бери басып жүрүшүптүр. Тигине, Абдыкадыр Орозбеков! Колдорун артына алып, аябай кыжаалат ойго түшүп, тунжурай санаа чегип тургансыйт. Андан берээкте Исакеев менен Эсенамановду эки желдет алдыларына салып, медсанчастка алып баратат. «Мен келген жерге баары келген экен» деп ойлоду Касым.

Замбилде тоголонуп жаткан Касымды көтөргөн эки желдет кууш колидорго кире берерде, кайдан-жайдан пайда болуп, Жусуп Абдыракманов бурчтан чыга калып (кийин ойлосо ушерде атайын пайлап турган экен) «Касым, салоомалеким» деп кол созуп, анын соо колунан алаканына, желдеттерге билгизбей, бүктөлгөн кагаз суна койду да, ары басып кетти.

Касым кагазды билгизбей ычкыр кашаты тарапка дароо сугуп жиберди. Желдеттер аны керебетине түшүрүп, чыгып баратканда:

– Жакшылык кылгылачы... Мага бир муздак суу бергилечи,-деди Касым.

Желдет чоң калай күрүшкөгө муздак суу апкелди эле, Касым биротоло какшып калгансып, бир көтөрүш менен кылкылдата жыргап жутту да, анан көзү чыга, шуу үшкүрүнүп жатып калды...

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

I

Миң тогуз жүз отуз тогузунчу жылы кыргыз адабияты менен көркөм өнөрүнүн Москвада өтүүчү декадасына байланыштуу Кыргыз эл комиссариаты мени Фрунзеге чакырып алды. Бешинчи курсту бүтпөй, төртүнчү курста окуп атканымда Фрунзеге келип түштүм. Алыкул тосуп алды. Ал күнү аныкына жатып алып, эртеси сүрөтчүлөр союзуна келдим.

Сүрөтчүлөр союзу деген гана аты болбосо, имараты а кезде жок эле. Семен Афанасьевич Чуйков Сүрөтчүлөр союзунун төрагалык милдетин Алексей Евдаковго өткөрүп берип, өзү баш-байчасы менен чыгармачыл ишке өтүптүр. Евдаков Алматыда туулуп-өсүп, миң тогуз жүз отуз биринчи жылы Москвадагы жогорку көркөм-техникалык институтун бүтүрүп, отуз алтынчы жылы Фрунзеге келген экен. Пейзаж, портрет жана жанрдык картиналардын устаты экенин жакшы билчүмүн. Бир үстөл араң батканкичине бөлмөдө Чуйков экөө отурган экен. Чуйков мени көрө коюп:

– О, москвич! Кел, кел! Жакшы келдиңби! – деп жылуу тосту. – Кандай?

– Жаман эмес. Чакырыпсыңар, келдим.

Владимир Образцовдон кийин эле менин устатым жана кадыркеч жердешим Семен Чуйков болчу.

Чуйков миң тогуз жүз экинчи жылы Пишпекте аскер кызматкеринин бүлөсүндө төрөлгөн. Балалык кези кыргыз жана казак балдарынын арасында өтүптүр. Чүкөнү жакшы атчу. Кайсы бир кыргыз досу аны жаш кезинде тамашалап чуко-чүкө деп атачу.

Семен Чуйков чыгармачылыктын түйшүгүнө өтө эрте аралашкан. Жардылыктын, ачкачылыктын кедерин ал да кенедейинен өтө тарткан. Жыйырманчы жылдары Ташкенде сүрөт окуу жайын бүтүп, кийин окуусун Москвадагы атактуу ВХУТЕМАС-ВХТЕИНде улантып, аны аяктаган соң Ленинград шаарында сүрөт окуу жайында окутучуулук кылат. Алыс жүрсө да эл-жерин жадынан чыгарбай, кыргыз адамын, кыргыз жерин дайыма тартып жүрөт. Ушундан улам элдин салт-санаасын, жердин жылуу демин жылаңайлак таманы менен көөдөк кезинен өтө эрте сезген аны, кыргыз сүрөт өнөрүн өркүндөтсүн, «пайдубалын» негиздесин деп Москвадан туулуп-өскөн Кыргызстанга жиберишет. Ушуга байланыштуу ал миң тогуз жүз отуз үчүнчү жылы түзүлгөн Советтик сүрөтчүлөр союзунун Кыргызстандагы уюштуруу комитетинин төрагасы болуп шайланат. Москвада жүргөн кезинде эле ал Эл агартуу Комиссариатында музейлер бөлүмүн жетектеген эски большевик Феликс Кондун жардамы менен Третьяковский галереясынын кызматкерлерин көндүрүп, алардан алыскы Кыргызстандын али карманарга эч нерсеси жок, кур алакан сүрөт галереясы үчүн Врубель жана Саврасов сыяктуу классиктердин картиналарын бөлдүрүп алып келип, республиканын сүрөт өнөрүнүн

болочок негизин түзө баштайт. Мына ошол Чуйков мени жылуу тосуп, бет алдымда турду.

– Чакыртып алганыбыздын себебин билерсиң... Эмдиги жылы Москвада кыргыз адабияты менен көркөм өнөрүнүн он күндүгү өткөнү жатат. Ушуга байланыштуу москвалык театр сүрөтчүсү Яков Зиновьевич Штоффер чакыртылды. Экөөңөр «Алтын кыз» спектакли менен «Токтогул» операсын жасалгалайсыздар.

Гм... Ойлонуп калдым... «Кызык, буерде менден башка деле сүрөтчүлөр бар эле го? Бир жыл калганда окуумду бүтүртө койбой, чакыртып алгандары эмнеси?»

– Эмнеге ойлоно түштүң? Буерде Штоффер менен иштеше турган менден башка деле сүрөтчүлөр бар эмеспи дегени турасың го? Деймант, Тюринди деле чакыртып алмакпыз. Буерде Евдаков, Игнатьевдер деле бар. Бирок Москвага декадага республиканын атынан, кыргыз элинин атынан, улуттук театр сүрөтчүсү катары өзүң барышың керек... Кандай дейсиң?

Кандай демек элем? Эгер республиканын, биздин улут маданиятыбыздын кызыкчылыгы, намыс-ариети үчүн болсо, анда эмне демекмин? Албетте, туура демекмин. Ишти дароо баштоо максатында Штоффер менен кездешип, аны менен таанышууга жөнөдүм.

Кыргыздын театр-декорация өнөрүнүн калыптанышы дал ушу Яков Штоффердин ысмы менен башталат. Ал келгенге чейин профессионал театр сүрөтчүсү бизде деги болгон эмес.

Яков Штоффердин театрда кызуу иштеп аткан жеринен жолуктурдум. Аты-жөнүмдү айтып, өзүмдү таанышtырганымда, колундагы кыл-калемин кое салып, өйдө болду.

– А-а... Айтиев! Кел, кел... Сизди Фрунзеде менчелик эч ким күтпөсө керек...

Анын өтө кичипейил жана жөнөкөйлүгү мага бара-бара өзгөчө жакты. Айрыкча, Алексей Евдаковдой сынап тиктебей, кичине эле кемчил жагыңды байкап калса, сыртынан же ичинен чырт этпей, сүйлөп атканда сөзүнүн маани-мазмунуна өтө берилип, көздөрү жадырап-жайнай түшүп сүйлөйт экен. Кыргызстан өкмөтүнүн чакыруусу боюнча келип иштеп аткан венгриялык белгилүү сүрөтчү Бела Уитц жана Кыргызстанга өз каалоосу менен келген дагы бир венгриялык скульптор Ласло Месарош жөнүндө ал мага узак сөз кылды.

Маданияты эми гана тамтуң өсө баштаган биздин республикага москвалык эле эмес, те венгриялык таланттуу адамдардын келип баш оту менен иштеп атышы ичимди жылытты. Интернационалдык милдет, достук а кезде дуулдап алоо алып турган кез. Болбосо Бела Уитц же Ласло Месарош үчүн биз кимбиз да. Биз үчүн алар ким?

Деги, кыргыз сүрөт өнөрүнүн башатын анын алгачкы жербайын койгон Образцов менен Чуйков же Штоффер эле эмес, Бела Уитц жана Ласло Месарош сыяктуу мыкты сүрөтчү адамдардын ошо кезде бизде биздин маданият тармагында иштеп калышы,

жаңы гана телчиге баштаган республикабыздын маданияты үчүн эле эмес, мага окшогон, Акылбековго окшогон койчулук таягын таштай салып кечээ эле тоодон түшкөн жаш сүрөтчүлөрдүн калыптанышы, багыт алышы үчүн да аябай ардактуу иш өтөштү. Ошон үчүн биз эле эмес, биздин кийинки муундарыбыз, кыргыз сүрөт өнөрүнүн тарыхы, түпкү түптөлгөн башаты жөнүндө кийин-соңгу сөз кылардан мурун мезгилдин мыкты уулдары Бела Уитц менен Ласло Месарош жөнүндө, алардын чыгармачылык баяны жана өмүрү жөнүндө айтпай, эскербей кетүүгө эч болбойт.

Бела Уитц Венгрияда төрөлгөн. Ошерде торолуп, ошерде сүрөтчү эле эмес, революционер катары да тааныла баштайт, ушундан улам революциялык иштери үчүн өз элинин төбөлдөрүнүн куйкасын куруштуруп, миң тогуз жүз он тогузунчу жылдан баштап Венада, Парижде, андан кийин Москвада эмиграцияда жүрөт. Ого бетер курчуйт, ого бетер иштей баштайт. Анын үстүнө миң тогуз жүз он алтынчы жылкы Сан-Францискодо ачылган сүрөт көргөзмөсүндө анын чыгармасы алтын медалга татыктуу болушу аны өнөрдүн зор бийиктигине милдеттентип, куштарлантып койгон болучу. Мына ушул учурда «Чыгышка жардам» деген ураандын алдында биздин республиканын өкүлдөрү аны Фрунзеге чакырат. Москвалык сүрөтчү Оксана Павленко менен Фрунзеге келип, сүрөт тартуу менен эле бирге көркөм сүрөт өнөрү боюнча келечек кадрларын даярдоого киришет. Ал живописчи катары бизде аз

убакыт иштегени менен, бирок саз иштеп кетти, жаш сүрөтчүлөргө багыт берди.

Экинчи бир венгриялык бедизчи (скульптор) Ласло Месароштун өмүрү ого бетер кызык. Келечектүү бедизчи Ласло Месарош Римде окуган жана ошерде иштеген. Ал да Бела Уитцче өз мекенинен алыста жүрүп иштөөгө, жашоого аргасыз болгон. Анткени, чыгармачылыгын жаш кезинен жумушчу табына, дыйкандарга арнаган, иши менен сөзү эки айры жүргөн атка минерлерди аёосуз ашкерелеген. Бул официалдуу венгриялык төбөлдөргө жаккан эмес, ошол үчүн нары жаш, нары келишимдүү, нары шыктуу жана оозунан сөзү төгүлгөн чечен бедизчини өз өлкөсүнөн алыста кармоону алар ылайык көрүшкөн. Ошого карабай элин, жерин дайыма көкүрөк толтосунда ала жүргөн Месарош фашисттик Италиянын чордонунда жашаса да өз эли менен байланышын үзгөн эмес.

Месарош алгачкы ирет республикада бедизчилик ишти баштады. Орто Азияда биринчи болуп Фрунзеде улуттук бедизчиликтин алгачкы студиясын уюштуруп, өнөрканасын ачты. Месарош Фрунзеде скульптор эле эмес, архитектор жана декоратор катары да иштеди. Шаардагы темир жол вокзалынын долбоорун түзүүгө катышып, өкмөт үйүнүн (азыркы жазуучулар Союзунун зор залы) кеңешме залынын фриздик эскиздерин тартты. Биздин республикадагы анын зор иши, бийиктиги төрт метр келген «Советтик чек арачы ит менен» деген эмгеги саналат.

Ласло Месарошту алгачкы ирет скульпторлордун өнөрканасынан учураттым. Ак жуумал, нары сулууча келген ал мурун сүйлөшпөгөн же билбеген кишиге саал менсингендей сезилгени менен, бирок сүйлөшө келгенде аябай кичипейил, элпек, а түгүл саал тартынчаак экени байкалат. Теги славян болгондуктан, орусчаны дурус сүйлөдү.

– Көрсө Айтиев, мендей эле сары тура...

– А сиз кандай деп ойлодуңуз эле?

Ал мени чыканагымдан алып, өнөрканасынын бир четинде турган «Кыргыз студентинин портрети» деген өзү жасаган бюстту көрсөтүп, анан мага кыздай моймолжуп жылмайды.

– Мына ушундай деп ойлогом...

– Сарылыгым эле болбосо, так эле ушундаймын...

Экөөбүз тең күлүп калдык. Ой-санаабыз эле эмес, кандайдыр бир ички сезим экөөбүздү дароо жакындатып кетти. Биз байыркы жана Орто кылымдын искусствосу жөнүндө ой козгоп келип, эстетика өзүнчө илимби же философиянын бир бөлүгүбү деген чаташ суроого такалдык. Ал ийниме колун акырын коюп, ойлуу боло калды.

– Менимче... философия, достум, бүткүл илимдерди эле эмес, бүткүл ааламдын жол-жобосун, анын пайда болушун бүт камтыйт. Эстетика-философиянын бир бөлүгү эмес, боло да албайт. Ал деле башка илимдердей философиянын карамагында, бирок искусствого кызмат этет. Ал эми...

– Кечиресиз... Эстетиканы философиянын бир бөлүгү эмес, болгону анын карамагындагы нерсе

дединиз. «Бир бөлүгү» менен «карамагындагыны» өз ара айырмасы барбы? Менимче, жок!

– А менимче, андай эмес. Жөнөкөй бир мисал. Күндү, мисалы, философия дейли. Ал эми жердеги деңизди эстетика дейли. Күндүн нуру жерге да, деңизге да, чөлгө да тийип турат. Деңиз эле эмес, бүткүл жер күндүн бир бөлүгү эмес, болгону анын карамагындагы нерсе. Күн болбосо, жерде жашоо жок. Ошонун сыңары философиясыз жер үстүндө бир да илим жок. Бул маселенин бир гана жагы. Экинчи жагы мындай... Эстетика өзүнчө илим, көбүн эсе ал искусствого тиешелүү. Мисалы, зор сүрөткер бир гана сезим же интуициясы менен ажайып чыгарма жарата албайт. Маселен, ал зор максат менен зор проблемалуу чыгарма жазып жатып, анан бара-бара ой-санаасы татаалданып, туюкка такалып калды дейли. Бул туюктан художник кантип чыгат? Акыл-эс, сезим эле эмес, мындай учурда такалган туюктан бир гана эстетика алып чыга алат.

– Кантип?

– Ойлон...Чыныгы эстетика качан пайда болот? Бир эле чыгарманы кайра-кайра иштегенде. Мисалы, классикалык деңгээлде аткарылган чыгарма менен анын эң баштапкы вариантын салыштырып көрөлү. Автору бир эле киши, бирок айырмасы асман менен жердей. Жөнөкөй набросоктон классикалык деңгээлге кантип жетти, кантип жеткирилди? Автордун генийлигиненби? Жок... андай эмес. Кайра-кайра эмгектенүүдөн. Демек, биринчи иретте эмгек генийди

жаратып, анан барып гений ажайып чыгарма жаратат экен. «Иисус Христин элине келиши» деген картинасын Иванов бир эле эмес, бир нече жыл жазыптыр... «Гений кандайча пайда болот?» деген суроого кайсы бир сүрөткер «Тубаса гений өтө чанда жаралат. Ал эми көпчүлүк генийлер күнүнө төбөсү менен жер казып, ондогон жылдар иштегенде гана» деген экен. Демек, жогоруда айткандай, генийди көбүнесе талант эмес, биринчи иретте талбаган эмгек жаратат экен. Бир эле эмгекти жылдап, бир нече ирет жазгандан улам сүрөткер эстетиканын илимий заң-законун таанып билип, ушундан улам чыгармасы кандай туюкка каптalса да, андан чыгууга көзү ачык болуп калат...

Бул сөздөрүн ал жөн эле көп билем дегенден эмес, көкүрөк тепкен ой-санаасы аябай оргуп турганынан айтып атты.

II

Кечке маал Алыкул жашаган үйгө келдим. Айтмакчы, ушерде айта кетчү бир сөз, ар кыл улуттагы сүрөтчү сырдаштарым болгону менен, бирок бүткүл дитим, кан-жаным жазуучу-акындар тарапка тартылып туручу. Себеби жөпжөнөкөй. Кыргыздын алгачкы акын-жазуучулары менен көктөйүмдөн бир окуганмын, бир жатаканада жатканмын. Кыскасы, алар менен достошуп да, касташып да, кан-жаным бир болуп калган. Бош убактым болсо эле аларды көздөй жөнөшүмдүн себеби мына ушу болду.

Ошентип Алыкулга келдим. Ал чакан бөлмөгө камалып алып, колдорун желкесине жаздап, керебетинде

жатыптыр. Кичинекей жаман үстөлдүн алды, үстү, тегереги бүт кагаз. Эч жакка чыкпай эки-үч күндөн бери камалып алып иштеп аткан сыяктуу. Антейин десең өңү өчүп, деми түшүп, сабыры суз. Катуу иштеген кишини шык-кубаты даарып, толкундап турат эмеспи.

– Эмне болду? Бир жериң ооруп турабы?

Суроомо жооп бербеди. Жөн гана ордунан туруп, чачылып жаткан кагаздарын жыйнап атып:

– Жакшы келбединби... – деди.

Жерде жаткан бир баракты алып окуп көрдүм.

Ааламды алдуу кылып жаратканым,
баарына энчи бөлүп жашагандын.
Асмандан жердегиге кубат берип,
дүйнөнүн жарыкчылык жыргалдарын,
Бир гана адамзатка жазып койгон,
бийлигин өкүм кылып падышанын.

Ыр көңүлүмө дароо жага түштү. Чаңкаганда суусундук жуткан сезим бар го, дал ошондой сезим келе түштү.

– Өзүң жаздыңбы?

Алыкул жылмайды.

– Ушундай ыр жаза аларыма ишенесиңби?

– Эмне үчүн ишенбейм? Мукай менен Жоомарт сени таланттуу деп жүрүшөт го.

Үстөлдүн аркы бурчунан дагы бир барак алдым.

Арсыз бар сүйөмүн деп айта турган,
таң калам карап туруп мен ушуган?

«Сүйөм» деп, сүйгөндөрдү шылдың кылат,
неге айтып, чын сүйүүгө арзыбаган.

– Жактыбы?

– Абдан.

– Анда муну да, тигини да мен эмес, Шота жазган. Мен болгону кыргызча котордум.

– Орусчасын берчи?

Орусчасын окуп көрүп, кыргызчасындагыдай эч бир жан ырахат алалбадым.

– Сен муну которбой эле, жан-дилиңди берип, Шотанын дастанын кайрадан кыргыз тилинде жазып чыгыпсың.

Ички сезимин мага канчалык билгизбейин дегени менен, менин бу сөзүм ага жага түштү. Эгер кур мактоо болсо, ал кол шилтеп басып кетмек, мүнөзү ошондой. Өзүнчө магдырай тунжурап шыпка үңүлдү.

– Мда-аа... Жемиштүү иштеп атыпсың!.. Бирок, мен Москвадан келгенден бери кабагың карыш... Менден эч нерсе жашырчу эмес элең, эмне болду?

Кайгысын кайра эстетип койдум окшойт, иреңи ого бетер муздай түштү. Ордунан туруп, шадылуу колдорун чөнтөгүнө салып, үн-сөзсүз шылкыйып, тар бөлмөсүндө ары-бери баса баштады.

– Анча-мынча кайгыга моюн сунмак түгүл, өңүң-дөн билгизчү эмес элең, а бу ирет...

Кичинекей терезе аркылуу ал сыртка телмире токтоп, анан ошо ары караган калыбында акырын унчукту.

– Эмне, өңүмөн билинип турабы?

– Билинбесе сурабайт элем да...

– Анда билип ал... Баягы сага айтып жүрүүчү Айдайдан ажырап калдым...

Ушинтти да анан жаныма келип, бет маңдай отуруп, мени теше тиктеп калды. Бул сөз көптөн бери аны аябай кыйнап, көкүрөгүн жарып чыкчудай болуп, мына азыр гана айтылганына, болгондо да жакын кишисине айтылганына Алыкул кыйла жеңилдей түшкөнсүп, «мына ушундай курбум» дегендей жеңил үшкүрө ормойду. Ичимден гм эте тындым. Айдайды жана анын Алыкулга болгон мамилесин менден жакшы эч ким билчү эмес. Көп кыздардын ичинен Айдай, Тенти, Лара жана Гафифа сыяктуу педтехникумда жана медтехникумда окуган кыздар көптүн, айрыкча бизге окшогон эми гана чытырап жетилип келаткан кыргыздын алгачкы чыгармачыл жана партиялык интеллигенциясынын көңүлүн бийлеп, көзүнө түшкөн кыздардан эле.

Айдай Жигиталиева ушул эле Чүй боорунан Токбай деген айылдан болучу. Олоң чачы белине түшкөн кырдач мурун, буудай ыраң, татына кыз жаштык курагына кыялмас ойт берип, медтехникумдун клубунда уюшулган жаштардын кечесине кээде келип калар эле. Педтехникумда окучу. Бул кечеге нары бой, нары колукту издеш үчүн биз да барчубуз. Айрыкча Мидин Алыбаев менен Тазабек Саманчинди жигиттер эле эмес, кыздар да кеченин көркү катары сезчү. Алар келгенде бака-шака күчөп, чын эле кеченин бөксөөсү толо түшкөндөй болчу. А Алыкулдун тигилердей топ жарган шатыра-шатман көзөлдүгү жок

эле. Кечеде акырын пайда болчу да, бир четте кечени телмире тиктеп туруп, анан бир карасаң көңүлү түшкөн бирөө менен акырын бийлеп жүргөн болор эле. Ал кездеги көпчүлүк жаштар ким кыйкырып, тартынбай таркылдап сүйлөсө, же ким топ бузуп чатак чыгарса ошону кыйын деп түшүнүшчү. Анткени, ошо кездеги маданий деңгээлибиз ошондой окшой-бойбу. Ушундан уламбы Алыкулдун жүрүш-турушу жаштардын арасында, айрыкча бий кечелерде анча алымдуу болбой калчу. Жыйнактары чыгып, акын аталып калса да делпилдеп кетпей, нары түнт, нары сабырдуу, оор. Айдайдын өзүнүн айтуусу боюнча али автору таптакыр бейтааныш акындын экинчи жыйнагы кокусунан колуна тийип, окуп калып, ошондо биринчи ирет поэзиянын күчүнө кумар оту ойгонуп, демейки өтүп аткан бу өмүр, бу жашоо ага дароо башкача сезилип, башкача көрүнө түшкөн, көңүлү канат улап, ою обого калкый түшкөн. Ушундан улам Алыкул Осмонов деген ысым жөнөкөй эле ысым эмес, өмүрдүн сыры менен чырын ага башкача тилде жетик айтып бере алган, айрыкча аялдардын көңүл кумарын ойгото билген ысым экенин өзүнчө, өз ичинен ынана таң берген. Ушундай күндөрдүн биринде, эки жолдошунун коштоосунда педтехникумдун алдынан өтүп бараткан акынды Айдайга Лара Кошоева көрсөтө берип «Тигине, сен сураган Осмонов» дегенде Айдай жарк эте бурула берип, акынды бир саамга көз токтото тиктей калган. Ойноок көздөрү ошондо ого бетер кумарлуу жылт этип, акындын бир ором ырын эсине алган.

Кош жан эркем, кош дегенге таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба.
Жаш кезиңдей ынак сүйүү жок окшойт,
Отуз жаштын улам аркы жагында.

Келишимдүү сөөмөйүн татына эринине коомай жөлөп, тунжурай түшкөн Айдайдын көз алдынан жүзү мотурайган, узун бойлуу, колу-буту шадылуу кара-тору жигит узай берген. «Капырай десе, өзү отузга чыга элек жатып, сүйүү жөнүндө эрте жашында мынча муңканып жазды экен?!» деген суроо Айдайды кыйлага ойлонткон. Поэзиянын мукам тили менен адам тагдырын, анын ички ой-санаасын жоруй билген мына ошол жигит көп узабай эле медтехникумдун клубунда пайда болду. Кыргыз атчандар полкунун кылычтай болгон сындуу командири менен Айдай чарк айланып бараткан. Айрыкча аялдарда желкеси менен сезип, же көрө койчу бир сергек туюм болот. Мына ошондонбу, же башкабы, айтор чарк айланып бараткан Айдай бий аянтынын оң капшытын жалт карай берип, дал өзүн тиктеп турган баягыл акынды көрө койгон. Бу өмүрдө көп эле көздөр бири-бири менен кездешет, жөн эле кездешпей, кумарлуу, кусалуу кездешет, же сагыныч отун чачып кездешет. Бирок акындын ага болгон бу көз тиктеши ага да, буга да окшобогон жөнөкөй, таза, мына ошол тазалыгы жөнөкөйлүгү менен биротоло кишендеп алчудай болгон тиктеш эле. Музыка бүтөөрү менен Айдай командирге саал сузураак ыракмат айтып, анан обочо турган Тенти Жунушбаеваны көздөй басып кетти. Нары сындуу, нары жакшы

бийлеген бу жигит көйрөңүрөөк жана мактанчагыраак экени үчүн бая эле Айдайга анча жага бербей калган.

Медтехникумдун көркүн ачкан, айрыкча Тенти Жунушбаева, Айдай Жигиталиева, Лара Кошоева жана башка кыздар тоодон чогулткан бир десте гүлдөй дайыма кеченин көркүн ачып, жүрөккө нур, көңүлгө шам жагып турар эле. Жоомарт баштаган таланттуу жаштардын көңүл кумары, жүрөк азыгы дал ушерде эле. Тенти Жунушбаевага катуу арзып жүргөн Жоомарт жаштардын мындай оюн-зоок кечелерине анча келе алчу эмес. Анткени, ошо кезде эле акындык атагы аны тааныпбилгендерге эле эмес, Ала-Тоо аралап, а өзү мамлекеттик деңгээлден маселе-иш чечип, сөз сүйлөп калган болучу. Ушундан улам карагат көз, калем каш Тенти үчүн буерде күнүнө бир эмес, миң ирет келүүгө да даяр эле, бирок келалчу эмес. «Жоомарт Тентиге аябай ашык имиш» деген сөз а кезде бири-бирин беш колдой тааныган шаардык жаштарга эбак эле тарап кеткен. А түгүл бир ирет медтехникумдун директору Жукеш Мамбеталиев өзүнүн студенти Тентини Жоомартка телефонго чакырып бергенин уккан Лара Кошоева жакын курдашынын бул бактысына өз ичинен аябай суктанып, «Тентибай, сени теңир жалгаганы ырас экен. Башка эмес, сага биздин Жукеш Мамбеталиевич ортомчу жүрсө, мындан артык бакыт барбы!» дегенде, Тенти саал тартына берип: «Жукеш Мамбеталиевич менен Жоомарт педтехникумда бирге окуптур, ошон үчүн го... А сенин бактың эмне, менден кемби? Мидинди

өсүп келаткан жакшы акын, жакшы жигит дешет го...» деген.

Лара Кошоева ата-энесинен жашынан айрылып, балдар үйүнөн эс тарткан. Кийин келип медтехникумга кирген. Адабият ичкен суусу, жуткан авасы эле. Дарыгерлик адистикке окуп жатканы менен ошо кездеги педтехникумдун алдында уюшулган «Кызыл учкун» адабий ийримине катыша турган. Бою сындуу, ак жуумал Лара кезинде өзү да ичинен эч кимге билгизбей Жоомартка ашык болгон. Таланттуу акындардын ичинен нары сындуу, нары өңдүү, нары өткүр, нары шатыра-шатман шайыры эле Жоомарт болучу. Башкасын айтпаганда да анын сапырылган тармал чачы эле жаш кыздардын көңүл делебесин купуя кумарлантчу. Бүбүя Керимжанова ачыгын ачык, жабыгын жабык ага кыйла ирет арзыды. Бирок Жоомарттын көңүл төрүнөн бир гана Тенти түнөк алды. Бир ирет Жоомарт Тентиге арнап:

Ай жарык мемиреген түнгө окшойсуң,
Ачылган акация гүлгө окшойсуң.
Бетиңден бермет нуруң жанып турса,
Безенип булбул салган үнгө окшойсуң.

- деп ыр жазып, кимдир бирөөдөн берип ийиптир. Мына ушул төрт сап ыр жүрөгүнүн эле эмес, жүрөк толтосунун төрт жеринен жаралап койгонсуп, Тенти өзүнөн өзү жалгыздап, арзуу отуна муюп, сары санаага чөктү. Жаш кызды арзуу отуна салып коюп, Жоомарт жумалап эмес, айлап кайдадыр жоголуп, келбей кетти. А ал Жоомартты күттү, жанында туруп,

демине демин кошуп, анын көздөрүнөн өзүн көргүсү келди. Бирок Жоомарт келбеди, узакка келбеди. Ушундан улам «Москвадан кечээ келиптир дейт, а бүгүн мүмкүн буякка келип жүрбөсүн?» деген үмүт менен, анын үстүнө Лара менен Айдайдан ажырай албай алар менен кечеге басып келген. Лара Мидин, ал эми Айдай бейтааныш бир аскер кызматкери менен бийге чыгып, а Тенти өзүнө жан жолотпой бир четте тура калган эле.

Аңгыча бейтааныш аскер кызматкери менен бийлеп келген Айдай албыра аптыгып, жүзүн бир бүктөм ак бет ааарчысы менен тынчсыздана желпип:

– Тенише, тиги жигитти тааныйсыңбы? – деди.

– Кимди?.. О, тиги... китебин сен баштанып жаткан акындыбы?

– Ии...

– Аны ким тааныбасын... Эмне, чакырып берейинби?

– Э, койчу... чакыр деп атамбы!

– Жашырба! Көзүңдөн баарын көрүп турам.

Тенти ансыз эле Алыкулду көзү менен арбап, ал тиктесе эле колу менен жаңсап, аны өзүнө чакырып алып, андан көңүлүн уйгу-туйгу кылган Жоомарт жөнүндө бир жаңылык угууну самап турган. Айдайдан улам ал тарапты карай бергенде Алыкулду Тенти ишарат менен өзүнө чакырып калды. Алыкул адатынча эч камырабай түз эле элди жиреп аны көздөй басты. Аны Төлөн Шамшиев менен Касымжан Төлөбаев коштоп алыптыр. Алыкул жанына келгенде Тенти:

– Алыке, жаңы жыйнагыңыз менен куттуктайм, - деди.

– Ырахмат.

– Талантыңызды өтө баалаган көп окурмандарыңыздын бири жаныңызда турат, кааласаңыз тааныштырып коём...

– А мен тааныйм, - деп Алыкул чукул бурулуп, Айдайга колун созду. – Атым – Алыкул... а сиздин атыңыз – Айдай.

– Мени кайдан тааныйсыз? – Жүзү албыра түшкөн Айдай чын эле таңдана жакасын карманды.

– Тааныйм... Былтыркы майрамда концерт бергенсиңер. А сиз абдан жакшы ырдагансыз... – Анан Алыкул Тентинин көкүрөк оюн биле койгонсуп, ага бурулду.

– Тентибай... Жокем Москвадан келери менен шашылыш Кетмен-Төбөгө кетти: Токтогулдун ырларын эл оозунан жыйнап, китеп кылып чыгарганы жүрөт. Жакында келип калат...

Тенти ичинен бөксөрө түшкөнү менен, сыртынан сыр бербей маңкая таңданды.

– Муну мага эмнеге айтып атасыз? Анын кайда жүргөнүн билгидей, Жокеңиз менин кимим эле?

Кыздын кырк амалын сезе койгон Алыкул ичинен тынып, кыздарды коштоп сыртка чыкты. Сыртта ай төбөдө маңкайып, а жылдыздар көктө гүл мыктай ар-ар жерде тизиле кадалып, түнкү шаар көк деңиздеги кайыктай мемирей түшкөн экен. Кыздар кыйын келет эмеспи, Айдай менен Алыкулдун эки ортосундагы көңүл табын биле коюштубу, акын менен

коштошуп, Айдайды акырын араларынан бөлө берип, жатаканага чууруп кире беришкенде Алыкулда жан жок бекен, Айдайды шак билектен алды. Ошондо кыздын чыбыктай ийилчээк бураң бели оңой эле анын кучагына кире түшүп, саал төмөндөн аны чочулай тиктегенде махабатка мелт-кат толгон көздөрү нары наздуу, нары кумарлуу тартып, моймолжуй берди. Анан экөө үн-сөзсүз дымып, кууш кыябанга түштү. Айдай жай гана каалгыйт, аны кумарлаткан баягы «Махабаттын» автору жанында баратат ээ. Кызык... кыз кыялын күүлөй билген, назик ырларды жаза билген акындын мынабу колу, ал ойлогондой өтө назик эмес, күнү-түнү соко кармаган дыйкан колундай өтө эле тартагай, анан да шадылуу экен го. Унчукпай баратканы менен, анын тулку-боюна чейин эле эмес, бут шилтеген басыгына чейин Айдай мына ушинтип сынап баратты. Бир кыйладан кийин гана кудай жалгап, Алыкулдун коңур үнү жымжыртты бузду:

– Окууңуз кандай?

– Дурус...

– Эң бактылуу учуруңуз азыр...

– Эмне үчүн?

– Студенттик кез эң бактылуу учур болот...

Айтылуу Дзержин көчөсүнө чыга келишти. Алыкулдун сүйгөн көчөсү. Тигине, көктө толуп-ташыган ай, так төбөдө экөөнү маңкая тиктеп турат.

О, ай нуру көктө тулпар байланган,
О, ай нуру көк деңизде чалкыган!

Эки ором ыр илхамына келе түштү. Түнкү жел жеп эте жортуп өтүп, сөйкө жалбыректар асте термелет. Бутак-шагы жетилип келаткан эмен багынын тушуна келгенде Алыкул Айдайдын чыканагынан асте алып токтой калды.

– Айдай.

– Ии.

– Мындан төрт жыл илгери көптүн катарында, тиги эмен жыгачын мен отургузган элем. Тез эле жетилип, мына эми көлөкө бергидей болуп калыптыр.

Айдай жарк эте ага бурулду.

– Ой-ии-ий! Чын эле сиз тиктиңиз беле?

– Ооба, эмне болду?

– Көрсө, сиз тиккен даректын түбүнө келип, сиз жазган ырларды окуп жүргөн турбаймынбы. Ой, кы-зы-ы-ык!..

Алгачкы жолугушуу, алгачкы таанышуу мына ушундайча бүттү. Айдайдын кандай абалда экенин ким билет, а Алыкулга ошонун эртеси эле эки ыптасына эки канат бүткөнсүп көкүрөк дүбүртү аны ого бетер обого алып учту. Поэзия, сүйүү, келечек – бу не деген мелт-калт өмүр. Мындай болгон соң, бир жылдык өмүрдү миң жылга сыйгандай кылып жашагың келет, иштегиң келет!

Ошентип Алыкулдун тар бөлмөсү кеңейе, көзү ачыла түштү. Ымыркайынан ата-эненин, же жакын туугандын мээримин жакшы көрбөгөн ал алгачкы сүйүүнү башкача тосуп, башкача сезди.

Балдар үйү аны атадан артык асыраганы менен, бирок бу дүйнөдө чын ыкыласынан аны төбө чачынан

сылаган жакын киши жок эле. Ушундан улам Айдай ал үчүн күтүлбөгөндөй айдан түшкөнсүп, нары анын арзуу отун ойготсо, нары аны күткөн, аны ойлогон жакын киши катары бел болуп калды. Ошон үчүнбү, Алыкул аны менен тез-тез жолугуп турууну самады. Бөтөндүн көзүнө Айдай мүмкүн катардагы эле кыздардын биридир, а Алыкулдун көзүнө аны эле эмес, бүткүл дүйнөнү жарык кылып турган жарык шамдай сезилет. Айрыкча, Айдай менен таанышкандан бери, көкүрөк көксөөсү ыр селинен бүткөнсүп, чок жүрөк ырлар өзүнөн өзү мөндүрдөй төгүлүп, жазарга кагаз, учтаарга калем түтпөй күнү-түнү ыр жазууга өттү.

Бирок, бу бактылуу күндөр узакка созулбады. Ошо жылдын жазы Алыкул жалгыз калды.

«Адам жакшылыкка да, жамандыкка да өзүн даярдай жүрүшү керек экен, - деп жазды Алыкул миң тогуз жүз отуз сегизинчи жылдын май айында күндөлүгүнө. – Бакыт кушу дайыма бакчамда сайрап тургандай сезчүмүн, көрсө андай эмес тура. Ким экениңе, кандай экениңе карабай, тагдыр сени ташка уруп алат экен го! Бүгүн абалым өтө начар. Өлүп алайын десем жан таттуу, кирейин десем жер катуу. Кечээ эле бу кызык дүйнө меники болсо, бүгүн ошол кызык табынан дароо кетип, өзүмдү эптеп бир күн көрүп, жан багып жүргөн макулук сезем. Өмүрүмдө эч качан, эч кандай күйүткө өзүмдү алдырып көрбөгөн мен Айдайдан ажырарым менен төбөмө түн түшүп, алдастап калдым. Бу ажырашууга ким күнөөлүү? Менби? Айдайбы?

Айдай менен отуз алтынчы жылдын экинчи жарымынан таанышып, отуз сегизинчи жылдын май айына чейин арзуу дооронун сүрдүк. Анан эмне болду? Айдайдан кат алдым. Бу кат мени катуу кайгыга салды. Оорум ого бетер күчөп, маанайым чөгүп, төшөктө жатып калдым. Сени күткөн, сени ойлогон жакын кишиң жок бу дүйнөдө жалгыз калуу кандай жаман! Ансыз эле адам жалгыз төрөлөт, ажалды жалгыз-жапа тосот, муздак жердин алдында биротоло жалгыз калат, бу аз келгенсип, адам тирүү кезде жалгыз калганы кандай кордук!

Бир күнү эшик кыйч ачылып, сыртттан бирөө кирди. Дале төшөктөн туралбай жаткам. Көзүмдү ачсам – Айдай. Мурун жарк этип, жадырап кирсе, азыр суз, көзүндө санаа.

– Кел...

Айдай жаныма келип отурду, эриндерин тиштене шылкыйды, ооз ачса эле буркурап ийчүүдөй абалда турду.

– Ыракмат келгениңе... эми туруп кетем...

– Минтип ооруп жатканыңды билсем, азырынча келбейт болчумун... Сөзүмдү угуп, кайрадан ооруп каласың го.

– Айдайым, күндөйүм сөзүңдү айтпай эле кой. Билем... ата-энеңдин жалгыз баласысың... Кызы да, уулу да жалгыз сенсиң. Он үч жашыңдан сени атаң шаарда окутту. Дем алыш сайын сени алып кетмекке атаң араба менен келип, техникумдун алдында зарыга күткөн күндөрүн мени билбейт дейсиңби. А

түгүл «Силерди он эркек баладан кем бакпайм» деп атаңа эркелеп айткан сөзүңдөн бери билем. Бирок, айла канча, жашыңдан сени алар башкага болуп коюптур... Ата-энеңдин «же биз, же Алыкул» дегени жөнүнөн эмес. Анткени, бала кезден баш байлап, болуп койгон шертти ким бузса, ошонун үйүн кусур урат имиш, шерт, убада урат имиш.

Элдин илгертен келаткан салтын унутпаш керек.

Айдайдын ак жүзүнөн мөлтүр жаш куюлуп түшүп, таноосуна токтоду.

– Айдайым, турмуш бизди канчалык чиелентип түйбөсүн, биз аны акыл менен чечишибиз керек... Жүрөгүң бөтөндүкү эмес, бир гана меники, меники! Буга ишенем! Мындай болгон соң... биз үчүн бир гана жол, сен азырынча тигиге күйөөгө чыга бер...

Айдай селт эте башын жерден алды. Жаш чайган көздөрү, бакырая мага тигилди.

– Бу эмне дегениң?

– Башка айла жок... Баш кошкондор ажырашпас болуптурбу. Ажырашып кел... а мен сени күтөм.

Айдайдын көздөрү чанагынан чыкчуудай бакырайып ого бетер муздай түштү.

– Ушундай кантип болсун?

– Тагдырыбызды биротоло бири бирибизге байлаш үчүн, болбогонду болтурушубуз керек.

Айдайдын көз жашы мөндүр болуп төгүлдү.

– О, кудай ай, ушундай кантип болсун?

Мен анын артына батпаган олоң чачын сылап аттым.

– Айдайым, күндөйүм... башка эч айла жок. Жүрөгүң меники болсо болду.

Ошол күн биздин акыркы жолугушуубуз болду. Айдай айласыз күйөөгө кетти. Бир ирет андан мындай деген кат алдым.

«Падышам, өзүң жанымда болбогонуң менен ырларың жанымда. Тигиге билгизбей, жатса-турсам жаздыгымдын алдына жаздап коюп окуйм. Ырларыңда так эле өзүңдөгүдөй тазалык, акыйкаттык, жөнөкөйлүк, боорукерлик жана өмүргө ченемсиз кумарланып-куштарлантуу бар. Соолуп бараткан даракка суу берген бир гана ырларың. Күт мени! Сенин Айдайың».

Күттүм. Ар бир айды, ар бир күндү, ар бир саатты эсептеп күттүм, бирок Айдай келбеди. Келе албай калды. Кара басып төрөттөн каза болду. Аттиң ай, ушунча да тагдыр таш боор болобу!»

* * *

– Анда билип ал, Гапаке... Баягы сага айтып жүргөн Айдайдан ажырап калдым.

Ушинтти да анан жаныма келип, бет маңдай отуруп, мага сабыры суз тиктеп калды. Бул сөз көптөн бери ичинде кыйнап, көкүрөгүн жарып чыкчудай болуп, бирок убак-сааты келбей, айтыла албай жүрүп, азыр гана айтылганына, болгондо да жакын кишисине айтылганына Алыкул кыйла жеңилдей түшкөнсүп, «мына ушундай курбум» дегендей жеңил үшкүрүнө ормойду. Мен анын көңүл жаратын ого бетер ырбатпайын деп, ресторанга алып барып,

көңүл айтып, анан жакында эле ачылган «Ала-Тоо» кинотеатрынын алдына ээрчитип чыктым. Аерден бизге режиссер Аманкул Куттубаев учурады.

– Касым Тыныстанов түрмөдөн чыкканы жатыптыр, уктуңарбы?

– Жок.

– Жусуп Турусбековго «Жакында чыгып барам» деп телеграмма келген имиш.

Нары сүйүндүм, нары ишенбедим. Түрмөдөн телеграмма түгүл, уй тилиндей кат-кабар жибере албайсың. Куттубаев биз менен коштошуп атып:

– Гапар, эгер убактың болсо Жусуптун үйүнө бара кетчи, эртең театрга сөзсүз келсин, - деди. – Анан Касымдын телеграммасы жөнүндө да биле кел...

Ошентип, отуз сегизинчи жылы Фрунзеге келип төбө чачым тик турду. Кыргыздын мыкты уулдары түрмөгө шыкалыптыр. Аалы Токомбаев түрмөгө алынып, бирок, бир кезде «Кызыл Кыргызстан» Касым Тыныстановду «бай-манапчыл», «улутчул» атаганы эбепке-себеп болуп, бошоп чыккан окшойт. Жоомарт азырынча түрмөгө алынбаса да, улутчул катары кодуланып атыптыр. Ушуга байланыштуу, эгер Жоомарттын «Алтын кызы» менен «Айчүрөгү» программанын репертуарынан убактылуу токтотулуп, Жусуптун «Ажал ордуна» спектакли даярдалып аткан экен. Ансыз эле өзүм да Жусуп менен жолугууга, анын «Ажал ордуна» спектаклине сүрөтчү-жасалгалоочу болгон соң кеңешүүгө тийиш элем, бирок Алыкулга кыйылып турдум. Аны ары-бери ээрчитип,

көңүлүн канчалык көтөрөйүн дегеним менен көңүлү көтөрүлбөдү. Аны-муну сүйлөп берип, үйүнө чейин бирге келдим. Ал Түгөлбай менен коңшу туручу. Анын бүк түшүп иштеп атканын пардасы ачык терезеден байкап калды окшойт.

– Көрөсүң... өмүр жагынан да, өнөр жагынан да баарыбыздан ушу Көлкөңбай озот, - деди.

– Муну эмне үчүн айтып калдың?

– Анткени, көп окугандан Мукай, Жусуп менен Узакбайды көрдүм. Көп окуганга караганда, көп иштеген киши алдыга озот.

Кечке маал Жусуптукуна келдим. Борсулдап үрүп чыккан кичинекей күчүктөн башка, короодон тирүү жан көрүнбөдү. Бир кызыгы, күчүк бир кездеги менин Кундузума абдан окшош экен. Кундуз эле эмес, ушундан улам бир кездеги жетим кезим эсиме түшүп, ушундан улам күчүктү ушунчалык эзиле тиктеп, делдее калганымды ит да болсо дароо байкай коюп, үрбөй, тескерисинче, мени теңирейе тиктеп калды. О, капырай, ушунча да окшош болобу! Ийиле калып, төбөсүнөн салысам, сырая жата калып, оозун ааандай ачып, мени менен ойногусу келди. Ичкери өткөрүп жиберди. Чын дилимден жакшы көргөнүңдү адам эле эмес, ит да билет. Кире бериштеги бут чечер үйдө жаман примус, андан араак бурчта бир нече бош бөтөлкө жатат. Ашканага өтө берчү бөлмөнүн каалгасы кичине ачылып турат. Тыкылдаттым. Жооп жок. Кайрадан тыкылдаттым, эшикти ачтым. Төшөк каптап Гүлсүн жеңе төрдө отурат.

– Жеңе, саламатсызбы!

Гүлсүн менден эки-үч жаш кичүү болсо да, Жусупту кадырлап «жеңе», «сиз» дечүбүз.

Бир ирет кызып алган Жусуп биздин көзүбүзчө Гүлсүндү уйпалай эркелетип «Тукей Кекиликов болбосо, Гүкүндөй жарды кайдан тапмак элем?» деп жадырай шаттанганы эсимде. Рабфакта окуп жүргөн Тукей Кекиликов бир күнү Жусупка «Педтехникумда окуган Гүлсүн Молдокматова деген кыз бар. Акыл десең акыл, бой десең бой, өң десең өң ошо кызда» дейт. «Анда ошо кызыңды сыртынан көрсөтчү» дейт Жусуп. Көрүп, жактырып калат, эч ким «илип» кете электе «торуна» салат. Таланттуу акындын жары болуу кыйын, акылдуу Гүлсүн баарын билет, баарына чыдайт. Мени көрө коюп, каптап аткан төшөгүн тизесинен алып, өйдө болду.

– Келиңиз, келиңиз... Кириңиз.

– Жусукем жокпу?

– Жусукеңиз бир жумадан бери жок. Азыр эле Жазуучулар союзунан Темиркул Үмөталиев машинеси менен келип: «Мага аны жердин түбүнөн болсо да таап бериңиз» – деп кетти. Отуруңуз... Мобу орундукка отуруңуз...

– Анча эмнеге керек болуп калды экен?

– Себебин уккан жоксузбу?

– Жок.

– Бүткүл союз боюнча азыр мыкты акын-жазуучуларды сыйлоо жүрүп атыптыр. Кыргызстандан төкмө акындар Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаев, жазма

акындардан Жусукеңиз менен сиздин досуңуз Алыкул сыйланыптыр.

– Ой, жакшы болуптур! Эмне үчүн ушуга чейин мен укпадым экен?

– Мен деле азыр эле сиздин алдыңызда уктум. Союз өзү жаңы эле билсе керек.

– Мындай жакшылыкта Жусукени жердин жети түбүнөн болсо да издеп табыш керек экен. Кайда болду экен?

– Бир болсо Сокулуктагы Тукей Кекиликовдукунда болот. Буерден иштетпейт экен деп ошонукуна кетип калчу. Анын үстүнө Касым Тыныстанов камалгандан бери көп ичип кетти. Анын эң жакшы көргөн кишиси Тыныстанов эле.

– Кыйын заман болду го!

– Айтпаңыз...

– Тыныстанов камалгандан жарым жыл өтпөй Жусукеңиз бир күнү «Гүкүн, бүгүн сен кенен-кесири эт сал, мен арак алып келейин» деп калды. «Эмне болду? Дагы кайсы коногуң?» десем, «Унчукпай эт сала бер, Гүкүн. Бүгүн ким досубуз, ким душманыбыз билесиң» - деди. Эмне эле деп атат деп таң калдым. Кечинде үйгө бир топ конок келди. Шаардагы кызматкерлер, акын-жазуучулар... Меймандардын баарына Жусуп ыстыканга арак куюп, колдоруна алдырып, «Туугандар, анда мындай, - деди. – Биздин Ломоносовдун түрмөдө отурганына жарым жыл болуп калды. Кантели, иш оор... Мына ошол кишинин ден соолугу жана камактан аман-эсен келиши

үчүн алып ийели», «Биздин Ломоносов дегениң ким?» деп калды бирөө. «Биздин Ломоносов – ал Касым Тыныстанов».

Ушул сөздү укканда, буюрса мына азыр алып ийебиз деп отургандардын көпчүлүгү колундагы ыстыкандарын дароо дасторкон четине коё коюшса болобу. Тыныстановдун зайыбы Турдубүбү да чакырылган эле. Өмүрү ичимдик ичпеген ал тигилер тигинткенде кычаштыкка колундагыны так алып ийип сыртка чыгып кетти. Бөлмөдө жымжырттык өкүм сүрдү. «Туугандар, - деди Жусуп, - ушуну алып ийсеңер эле араңардан бирөө Лоцмановго шыбырап, эртең эле эл душманы аталып калам го деп коркуп атасыңарбы? Коркпогула. Касыкем биротоло акталып, мына жакында чыгып барам деп мага телеграмма келди». Жусуп ушуну айтаары менен тигилер ыстыкандарын уялбай колуна алып, Касымдын ден соолугу үчүн деп бир серпүү менен тартып ийишти. Коноктор кеткенден кийин Жусуп аябай капаланды. «Биздин дос менен душманыбызды өз көзүң менен көрдүңбү? - деди. – Ыстыкандарын дасторконго коё койгондор бүт коноктор. Мындайлар өз жаны, өз кадыры үчүн элин эле эмес, энесин сатат. Мындай кишилер – Касыкемдин душманы, менин душманым... Касыкеңден мага кайдагы телеграмма. Азыр түрмөдөн жакшылыкка телеграмма келчү заманбы! Буту шишип, ашказаны ачылып, араң эле жатат дейт түрмөдө!»

Алыкулду куттуктап, сүйүнтүп коюп Сокулукка Жусупка жөнөмөк болдум.

– Аерде ал барбы-жокпу ким билет, - деди Алыкул кыйылып. – Жусуке сага эмне эле ушунча керек болуп калды?

«Ажал ордунаны» жасалгалоодон мурун сөзсүз жолугушум керек. Куттубаев айтпаса да, мен аны менен жолугушайын деп аткам.

Сокулукка араба менен жетип, Тукей Кекиликовдун үйүн сураштырып таап алдым.

– Саламатсыңбы, Жусуке!

Эски шинелин жамынып, жаман үстөлдүн жанында тунжурай иштеп отурган Жусуп чачтары салбырай баш көтөрдү. Ою дале чыгармада турганы мени көрүп-көрбөй караган көздөрүнөн байкала түштү.

– А-а, Гапарсыңбы... Кел, баатыр кел... Өт.

Үйдө өзүнөн башка эч ким жок көрүнөт. Өзү бир аз кызуу көрүнөт

– Жусуке, сыйлыгың кут болсун.

– Ырахмат. Азыр эле райондон уктум.

– Сизди Куттубаев эртең театрга келип кетсин деди эле... Анын үстүнө мен да сиз менен...

– О, ошо Куттубаевдин оозун... Отур, сүйлөшөбүз! Сүйлөшкүсү келип турганы байкалды. Күнү-түнү ичип атканбы, өңү бузула түшкөн. Болтойгон эткээл жүзү ого бетер болтоё шишип, көздөрү кызарып чыккан. Жаш айырмабыз анча болбогону менен Жусупту биз «Жусуке», «сиз» деп сүйлөп, аны Мукайдын катарына койчубуз. Мукай төртүнчү жылкы, а Жусуп менен Жоомарт онунчу. Жоомартка «сен» менен сүйлөп, а Жусупка анте алчу эмесмин. Бир эле мен

эмес, аны тааныган акын-жазуучулардын баары тең негедир өтө эле аны өздөрүнөн улуусунтуп мамиле кылышчу. Буга себеп, биринчиден, анын поэзиядагы аты-жөнү Аалы, Касым, Мукай менен катар жүрсө, экинчиден, анын чоң кишидей токтоолугу, сабырдуулугу, жөнөкөйлүгү, анан да өтө эрте үйлөнгөнүнөн болсо керек.

Анын поэзиясынан түштүк жергесинин күн нуруна ширелген ток пейил пейзажын көбүрөөк көрөр элем. Ырларын окуганымда сүрөт тарткым келип кетчү. Отузунчу жылдары гезиттин кабарчысы катары күнөстүү түштүктө жүргөн Жусуп эл эмгегин эле эмес, жер сулуусун поэзиясына кошо шимирип, күн оронуп, жан сергиткен лирикалык ырларды жазган. Отузунчу жылдардын башында ыр жыйнактары мактоого алынып «Жусуке анткен имиш», «Жусуке берет имиш» деген сөздөр көп айтылып, анын акындык жолу даңгыр боло баштаган эле, бирок жылкынын күлүгү алдыга чыга калып күлүктү тумшукка чаап токтотсо, адамдын күлүгү алдыга чыкканда «эл үчүн, жер үчүн, партия үчүн» деп ак сүйлөп, бирок эл иши үчүн бели ооруп, алаканы жоорубаган, эт менен челдин ортосунда жүргөн дили кара кишилер ар-ар жерге ор казып коёт тура. Жусуптун даңгыр жолу тез эле торолду.

Миң тогуз жүз отуз төртүнчү жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун биринчи съезди чакырылып. Ушу съездде Жусуп катуу сындалды. Мурун даярдалып коюлган окшобойбу, жарыш сөзгө чыккан адабиятчылар аркылуу атайын сындалды. Буга чейин

Касым Тыныстанов сындалып, барар жерине барып, жатар жерине жатып тынган соң эми «эл душмандарын» бирден терген кара көлөкөнүн кара таягы эми Жоомарт менен Жусупка, анан да Түгөлбайга шилтенип калган эле. Буга Жоомарт менен Түгөлбай анча моюн бербеди. А Жусуп айрыкча Касым камалгандан кийин чөккөндөн чөктү, ичкенден ичти. Күлгөндө кең таноолору барбая түшкөн баягы шамы жанган каш-кабагы сууп, өзүнөн-өзү жалгыздап, өзүнчө ырбап, өзүнчө «жыргап» ичип кеткен учуру эле.

Төргө өтүп, отурарым менен:

– Гапар, мына сен... Москвадан окуп келдиң, - деди. – Ошерде жүрүп, өз элиңдин, өз жериңдин жакшы-жаман жагын алыстан баамдай алдыңбы? Айрыкча жаман жагын көрө алдыңбы?

– Жаман жагын көрө албадым. Анткени, чоң болобу, кичине болобу, менимче, жаман эл болбойт, жаман адамдар болот...

– Жаман эл деп аткан жерим жок го? Жаман жагын сурап атам!

– Биздин эл жалкоо деп өзүбүз айта калып жүрөбүз... Сырттан караганда чын эле ошондой байкалат. Жусуке, бирок түбү келип биздин эл жалкоо эмес. Убакытка көз каранды болбой, кылымдап тоо-таштын арасында ээн-эркин жашаган эл жалкоо эмес, жапайы болуп кетиши мүмкүн, бирок, миллион сап «Манасты» кылымдан кылымга, ооздон оозго сактап келген элди жапайы, же жалкоо дей албайм. Чыбык сайып, бак тикпей келгени жалкоолуктан эмес, жөн

гана илгеритен бери тоо-таштын арасында табигаттын кооз, даяр гүл-багында, даяр бакчасында жашап келгендигинен. Ал эми сиз сураган элдин жаман жагы, жаман адаты түпкүлүгү элден эмес, элдин ичинен чыккан азыркы биздин жаңы интеллигенттердин кээ бир катмарынан пайда болду го дейм.

Жусуп мени менен бирди алып ийип, жыргай түшкөн сезим менен чылымын чирк эттире ырахаттана тамызды.

– Эмне үчүн?

– Эмне үчүн экенин мага караганда сиз жакшы билесиз. Анткени, сиз алар менен аралашып, иштеп, жашап жүрөсүз, а түгүл ошолордун азабын азыр тартып атасыз. Айтмакчы, Жусуке... улутчул деген жалаага мен анча түшүнө бербей жүрөм. Бизде улутчулдар барбы?

– Бар!..

– Ким алар?

– Мен, Касым, Жоомарт, Абдыкадыр, Баялы жана башкалар.

– Сиз ушу улутчулсузбу?

– Эмне окшошпоймунбу? «Кыргыздар» деген ыр менен роман баштаганым үчүн улутчул экенмин. Элимдин өткөнүн аябай жамандасам, анда таланттуу акын-большевик болмокмун, жакшылаганым үчүн улутчулмун. Айтчы революцияга чейин биз эл эмес эле, чөп оттоп жүргөн мал болчубуз деп мен, мисалы, жаза аламбы?

– Жазалбайсыз!..

– Туура! Жазалбайм! Анткени, революция мен үчүн ыйык. Ыйык нерсени арзан баада айта бербейм. Деги, ыйык нерсеге жөн эле ар кимдин кеп көзүнө айланбай, ар кимдин көңүл табына, таза идеалына айланышы керек. Кел, алып ий! Алып ий! Трибунага чыгып, революцияны даңктоо ар кимдин эле колунан келет, ал эми революция үчүн ак иштеп, ак жашоо баарыбыздын эле колубуздан келбейт. Мына ошо колунан келбегендер колунан келгендерди улутчул атап атышат. Ошол улутчулдардын бири менмин...

– Сиз эч кандай улутчул эмессиз.

– Себеби?

– Себеби, улутчул болууга бир себеп болушу керек да... Революция элибизди жок болуудан сактап калды. Сизге окшогон, мага окогон жетимдерди эле эмес, менин агам Темиркулга окшогон нары тайгалак, нары сыйгалак, принциби жок жетимдерге чейин тоо-таштын арасынан бирден терип келип адам кылып отурса, анан сиздин улутчул болууга кандай акыңыз бар? Сизди улутчул атагандар же келесоо, же совет бийлигинин келишпес душманы!

– Андай да, тигиндей да эмес, менимче... Булар жөн гана сен айткандай эт менен челдин ортосунда жүргөн интеллигент сөрөйлөр. Өзүнүн кызыкчылыгынан башка жакты эч качан кан-жаны менен жактабайт, жактай да албайт алар. Анткени, кудай аларга зор принципти эмес, зор карасантайлыкты берген!.. Ушундай...

– Ким эми ошолор, Жусуке?

Жусуп жерге салынган кыргыз шырдагынын чекесиндеги оймо менен ары-бери көпкө унчукпай басып жүрдү. Тиги эңшерилген бөтөлкөдөгүдөн дагы бирди алып ийгиси келип турду, бирок «Жусуп түбүн түшүрө ичип кетиптир» дебесин дедиби, менден тартынып тургансыды. Бир саамдан кийин гана:

– Ушу аксакалыбызда шегим бар, - деди, мындан эки жыл илгери «Бийик сапаттуу адабият үчүн күрөшөбүз» деген макаласында Жоомарт экөөбүз чыгармабыздан, болгондо да «Алтын кыз» менен «Ажал ордуна» драмаларыбыздын улутчулдуктун мотивдери бар экен деп чыккан. Касымды уйпалаган да ушу көрүнөт.

– Өзү жазуучулардын башын бириктирген аксакал болуп туруп, анан кантип ушундай карасантайлыкка барсын?

Э, Гапар, али жашсың да дегендей Жусуп башын чайкап алды, анан минтти.

– Токойдогу майда-барат айбандар куртту жөнү жок мактай берип, ажыдаар кылып алган экен. Баралына келип, арааны ачылып турган ажыдаар майда-барат айбандарды эле эмес, токойдогу арстандарды кошо тукум курут кылып соро баштаган экен. Ошонун сыңары кечээги кулду жөнү жок мактай берип, бүгүн аны ажыдаар кылып алган окшойбуз.

Жусуп кыйла чөгө түшүптүр. Бул анын а түгүл үй ичинде үңкүйө ары-бери басып жүргөнүнөн эле байкалат. «Акын-жазуучулардын ичинен айрыкча Жусуп, Алыкул жана Узакбайларда назик сезим өтө

күчтүү эле. Башкалар анча капарына албаган нерселерди булар ичинен өтө сыздап, жүрөгү менен кабыл алышат. Бул сапат алардын кемчилигинен же эрксиздигинен эмес, адамкерчиликтин эң кылдат, эң назик сезиминин күчтүүлүгүнөн». Муну күнү кечээ Түгөлбайдын оозунан уккам.

– Таң калам... – Жусуп форточканын тушуна келип чылымын дембе-дем соруп сыртка ыргытып, кайрадан килемдин чекеси менен үстөл үстүндөгү бүтүп бараткан бөтөлкөнү көздөй басты. – Революция жеңди. Эркиндикти, теңдикти алдык. Эми ар кимибиз өз алыбызга, чагыбызга жараша иштеп, тынчаман гана жашай беришибиз керек эле да. Карапайым элдин илгертен самаган ой-тилеги ушу болчу да. Бирок, эмне үчүн колуна амал тийген бир кездеги кулдун баласы байдын баласын эле эмес, болгондо да мага окшогон кедейдин баласына ишенбей шекшине баштады? Жөн эле жеринен жаңы замандын душманы, улутчул атай баштады? Мунун себеби эмнеде? Менимче, кул ыраакты көрө албай атат. Бул байкоомдо мындан ары да совет мамлекетине жолтоо болот жана боло берет окшойт...

– Жусуке, азыр бир көзүң экинчи көзүңө душман болуп турган чак. Бу сөзүңүздү өзүңүз айткан баягы эт менен челдин ортосунда жүргөндөр укса, Баялы Исакеевдей сурабай-этпей эле түрмөгө алып кетиши мүмкүн! Сезимге, ачууга алдырбаңыз...

Жусуптун жини келип кетти:

– Мына сенде да ошондой тардык, коркоктук турат. Эмне үчүн дилдеги ойду ачык айтпашыбыз

керек? Эркин ойлоп, эркин сүйлөп, эркин жашайбыз деп эл революция жасаган да? А биз эмне кылып атабыз? Бурч-бурчта чындыкты сүйлөп, ал эми трибунада башканы, жалганды сүйлөп атабыз. Минтип отурсак революцияга зыян гана кылабыз. Канчалык ачуу болбосун, чындык эл алдында айтылышы керек. Ошондо гана ишибиз алдыга жылат!

– Эгер, Жусуке, сизге трибуна берилип, оюңду ачык айт десе, биринчи эмнени айтар элеңиз?

– Андабы? – Жусуп ойлуу түнөрдү. – Ата-теги кедей-кембагал болгон деп эле кечээги кедейдин, кечээги кулдун балдарын бир кылка урунттуу кызматтарга тарта бербеш керек демекмин. – Салбыраган чачын артына салбырата серпип, мага бурулду. – Сөздүн чыны ушуда. Бизге керектүү, а түгүл акыл айтып жол көрсөтө турган кээ бир кишилердин ата-теги бай-манап болгону үчүн эле баарын тең тап катары жоюп салыш керек беле?! Россияда интеллигенциянын гүлүн чет өлкөгө айдасак, а бизде теги бай болсо эле төбөсүнө камчы ойноттук. Мунун өзү өтө эле бир жактуулук. Ойлоп көрчү... Эзүүчүлүгү, же макоолугу менен эле кээлер бай, ал эми чынчыл же калыстыгы үчүн эле кээлер кедей болуп калган эмес да? Алдым-жуттумдугу үчүн эле бай болбой, эмгекчилдиги, эртеңкисин ойлогон эс-акылы менен бирөө бай болсо, экинчиси карды бир тойсо ошого ыраазы болгон жалкоо, эптеп жан багарлар кедей болуп кала берген. Карды бир тойгонго ыраазы жүргөн жалкоо жанбактынын тегин кедей болгону үчүн

эле урунттуу кызматка көтөрүлүшүбүз керекпи? Кулдук али канында тазалана элек неме эл башкарып, бизге жол көрсөтүүгө жарайбы? Жок! Өзүнчө маселе чечүүнү кой, кайра өзүнөн акылдуу болгону үчүн мыкты кишилердин башын кесип отура берет. Ушундай! Э-э, Гапар, тап күрөшү бир жактуу болбош керек! Болбош керек...

Жусуптун бул сөзүнө ичимден ынап турдум. Чыны ошо да. Ушуга байланыштуу, башканы айтпайын, өзүмдүн башымдан өткөн бир окуя эсиме түштү. Жетимдик аябай мүңкүрөтүп, арып-талып педтехникумга баягы жылы Оштон араң келсем, техникумдун алдында топ балдар менен турган Кыргызбай Кокуйбаев деген кендирин жеген кедейдин баласы, интернатта ак жака көйнөк кийип, карды тоюп калганга эле көөп калган экен. Мени көз көрүнөө сарт атап, башымдагы допумду жулуп алып топ кылып тээп кеткени кантип эстен чыгат. Ошондо тиги бекер ашка кутурган Кыргызбайдын бутунан допумду бир ак куба өспүрүм талашып алып берген эле. Кийин билсем ал орто чайракер, бай адамдын баласы экен. Бу, мүмкүн, кимдир бирөөлөр үчүн майда-бараттыр, бирок ошо майда баратты биз майда барат деп маани бербей жүрө берип, анан бир күнү ал коомдук кагылыштарга чейин өсүп жетсечи?..

Ошо күнү кечинде Жусуке экөөбүз шаарды көздөй жөнөдүк.

* * *

– Биздеги чатак силерде, сүрөтчүлөрдө кийин-соңгу эле болбосо, азырынча болбойт, - деди Жусуп жолдо келатып, - анткени, өзүңөрчө уюм болуп, ишти эми гана баштадыңар. Анын үстүнө ар кыл улуттан-сыңар. Бу жакшы... Себеби дегенде, өзүң айткандай, жаш интеллигенциябыз али бышып жетиле элек кезде жалаң кыргыз баласы бир биринен амал, жол талашып, же өзүнүн жолу арбыбай, же жол бербей, бири-нин этегин бири тартып, бир жерде айлампа болуп тура берет окшойт. Сүрөтчүлөрдүн тизгини эртеби-кечпи сенин колуңа тиет. Ошон үчүн биздин чатакты эмитен көрүп, биле жүр, кийин-соңгу сабак болот.

– Чын эле эртең Түгөлбайдын «Кең-Суу» романына талкуу болот деп атышкан...

– Кел ошого... Сөзсүз кел!..

Катуу оорукчал экенине карабай, Түгөлбай өз ишине кул катары иштеген зор мээнеткеч эле. Айрыкча, анын ушул эмгекчилдигин ичимен нары суктана, нары жактыра баалачумун. Анын үстүнө экөөбүз бир жашташ курбу элек. Анан ага келбегенде кимге келем?

Эртеси театрдан чыгып эле Жазуучулар союзуна келдим. Союздун кичинекей залында эл көп экен.

Алыкул акырын мени колтукка түртүп:

– О, тиги арткы бурчта отурганды тааныйсыңбы? – деди.

– Жок.

– Ал баягы айтылуу Куйручук куудул. Жүр, ошонун жанына барып отуралы.

Чукугандай сөз тапкан, кемчиликти келекелеп сатиранын отуна жаккан, эл көңүлүн тойгузуп, күлкү менен баккан белгилүү эл шайырын сыртынан угуп жүрчүмүн. Куйручуктун жанында отурган Мидин менен Райкан аны кеп-сөзгө чакырып, анын курч сөзүнө өздөрүнүн мурч сөзүн кошуп зал ичи утуру күлкүгө дуулдай толуп атыптыр. Талкуу башталарга беш мүнөт калганда Өмүркул Жакишев менен сырттан Түгөлбай Сыдыкбеков кирди. Түгөлбайдан өңү керсары, саал шалпы бош. Жаштайынан кендирин кескен жетимдик жана өспүрүм кезинен илээшкен катуу оору аны жаштыктын ойноок мүнөзүн басып, чоң кишидей өтө сабырдуу, салабаттуу кылып койгон. Жоомарт, Мидин, же Райкандай бешене жазып күлгөнүн, өтө куунап сүйүнгөнүн көрө элекмин. Анан калса канаттуу поэзияга караганда, чынын айталы, кара сөздүн жүгү оор. Кечээ эле мал айдаган таягын таштай салып, тоодон түшкөн чала сабат өспүрүм бүгүн батирден батирге көчүп жүрүп, жаңы замандын рухунда жаңы жашоого багыт алган өз элинин кечээги менен бүгүнкүсүн бел чечип жазганы үчүн жылуу кеп-сөзгө арзыбай, кайра сындалып атышы аны кантип ичтен сыздатпайт, ойлонтпойт!

Талкуу жуп башталарда төрт-беш кишинин кошчоосунда Кыргызбай Кокуйбаев кирди. Маалкый басып, президиумга өттү. Көк бөз жабылган үстөл ортосунан бакыйып орун алды. Мындайды үч уктасам түшүмдө көрбөгөн мен Алыкулду акырын быкынга укудум.

– Тиги кайдан чыга калды?

Алыкул кулагыма асте эңкейди.

– Сен алыста жүрүп көп нерсени билбей калдың. Кыргызбай азыр жетекчи кызматта. Борбордук Комитетте...

– Муну аерге ким алып жүрөт?

– Ким алмак эле? Вагов деген «таякең»...

– А-а... анда жыргаппыз...

Кокуйбаев кабагын ашкере куушуруп, кана жазмакерлерим, көп былжырабай, сөздүн ток этерин айткыла, эл тарыхы, жер тагдыры силердин тилиңердин учунда болсо, менин алакан уучумда деген тейде суз отурду. Мени бир кезде сарт атап, карды ашка кичине тоюп калганга көөп калган кечээги неме бүгүн адам тагдырын, чыгарма тагдырын чечип калганбы? Чынымды айтайын ичимден аябай капаланып, ар кыл ойго кыйла төнүп кеткен экем, талкуунун кандайча башталганын сезбей калыпмын. Аңгыча Куйручуктун:

– «Тиги, арабанын четки атындай жулкунуп сүйлөгөн ким?» – деген сөзү оюмду бөлдү. Трибунада жулкунуп Кубанычбек Маликов сүйлөп атыптыр.

Кубанычбек жашынан эле чындыкты тайманбай бетке айткан, кээде ашкере чогоол, а кээде мен сыңары ойлогонун бербеген нары кычы, кээде өтө кежир кыялдуу акын эле. Анын калемдеш курдаштары «трибун» акын аташчу. Мына ушул «трибундугу» үчүн Кубанычбек сыяктуу акындар доордун жүгүн өздөрү жеке көтөрүп баратышкан мезгил баатырларындай

сезишкендери менен, бирок ырлары өтө эле чоркок, одоно тил менен жазылгандыктан көңүл кумарын ойгото алчу эмес. Калемдештери тарабынан бул сын ачык айтылганда, айрыкча Кубанычбек:

– Ар ким өз билгениндей жазат! Силер эле жыргатып ийипсиңерби! Эгер мен чындап сындасам тургус кылып салам! – деп, кулжуңдап-мулжуңдап Куйручук айткандай «арабанын четки атындай жулунуп» сала берчү.

Кубанычбектин «чындап сынасам» дегени жөнүнөн айтылган сөз эмес. Сынчыларга тийишип сүйлөгөнү.

Сынчылар чындап сындаганда эле чыгармадан саясий айып издешчү. Отузунчу жылдардын окурмандары ою терең, көркөмдүгү бийик чебер акын катары Касым Тыныстановду жогору баалап башына жаздап окушчу. Анын «Касым ырлары» деген жыйнагын сабаты ачылгандар издеп окушту го. Бирок адабий журтчулукта талкуулай келгенде эле саясий, идеялык каталар ошо мыкты деп эл окуп аткан чыгармалардан чубалып чыга келчү.

Мына бүгүн да «Кең-Сууну» «чындап сындоочулар» четтен чыгып, «чындап коргоочулар» жок болуп атты. Кубанычбек трибунадан түшөрү менен, анын ордуна башкасы чыкты. Маселени кабыргансынан койду.

– Бу сен, Кубанычбек, чындыкка келгенде улунуп-жулуна албай, тайсалдап калат экенсиң. Түгөл-байды төбөсүнөн сылап жакшы кыла албайсың,

тескерисинче, жаман кылып аласың. Буерге чыккан киши чындыкты жашырбай, ток этерин айтыш керек. Түгөлбайдын «Кең-Суу» романынын экинчи китебинде саясий ката арбын. Автордун кулактарга жан тартып турганы байкалат. Анын молдолору, бай менен кулактары кеңеш өкмөтүнө каршы, колхоз курулушуна каршы. Жеке менчикти жактаташат. Автор бу каталарын моюнуна алууга тийиш!

Түгөлбай алдыңкы орундукта бу сөздөрдү анча эрөөн кылбай, чычалабай, башын кагаздан албай, ой келди сүрөт тартып отурат. Көрө албастары ага астыртан көз салып, «Эмнеге чычалабайт? Эмнеге күйүп-бышпайт? Эмнеге кыйкырып ордунан тура калбайт?» дегендей өкүттө өздөрүнөн өздөрү кыйналып, алды-артында отурат.

Ушул талкууда көп эле акын-жазуучулар, адабиятчылар чыгып сүйлөдү. Алардын ар биринин сөзүн биерде толук айтып отурсам, Сизди жадатып алам, кымбаттуу окурман, анткени сөздөрдүн мааниси бир жактуу, бир багыттуу. Мезгил үнүнөн, анан да өтө эле сүрдүү отурган Кыргызбай Кокуйбаевден чочулап, бир да оратор «Кең-Сууну» актап же жактап чыга алган жок. Чала сабат өспүрүм коркпой үркпөй жыйырма үч жашында роман жазганы үчүн, тоңкойгончо ийилип, ага ырахмат айтпай, колдон келишинче колдобой, тескерисинче, кордоп атышканы, чынын айтайын, кыжырга тийди. Алгачкы кыргыз романы катары «Кең-Сууну» мен да окуганмын. Чыгармада көркөмдүк, стилдик, композициялык мүчүлүш болсо болгондур, бирок саясий же идеялык

мүчүлүш жок болучу. Ушундан улам ордуман азыр тура калып сүйлөйүн деп, бирок жүрөк өртүм анча жетишпей аттыбы, сүйлөгөн жокмун.

Аңгыча Түгөлбайдын артында бир акын ордунан жулунуп туруп, президиумга кайрылды.

– Жолдоштор, китебине, өзүнө саясий айып коюлуп атса, жолдош Сыдыкбеков сүрөт тартып, күлүп отурат. Бу кылыгы үчүн тартипке чакырылабы же жокпу?

Түгөлбайдын кер сары жүзүнө чок ойной түшүп, башын жерден алды.

– Күлүп отурбаганда эмне, ыйлап отурайынбы? Калыс сөз болсо, анда дит коюп угар элем, бирок кана ошо? Жок!

Чогулушту башкарып отурган Темиркул калем учу менен үстөл тыкылдатты.

– Чиши, жолдоштор!

Трибунадагы сүйлөп аткан киши Кокуйбаевге кайрылды.

– Кыргызбай Кокуйбаевич, жолдош Сыдыкбековду мына өзүңүз көрүп отурасыз. Өзүнүн оюн бербеген бир гана жагы болсо, бүгүнкү идеологияны түшүнбөгөнү экинчи жагы, болгондо да апасна, эң апасна жак! Мунун ою боюнча бир гана өзү акылдуу экен да, калгандарыбыз бүт саясий акылсыз экенбиз. Мына ушундай кишиге, мына ушундан кийин кандай сөз, кандай тил менен түшүндүрүүгө болот? Болбойт! Анткени, түшүнбөйт! Баары бир түшүнбөйт! Ошон үчүн менин мындай сунушум бар. «Кең-Суунун»

экинчи китебин кайрадан оңдоп, жазып чыксын! Мына ушуну бүгүнкү чогулуштун токтомуна бир пункт кылып кийирип коюш керек да, жакын аранын ичинде оңдолгон вариантын талап кылыш керек. Эгер эле антпесе, анда тийиштүү жерге жооп берсин!

Түгөлбайды ушинтип, бара-бара үстөмөндөп, чөгөлөтүп баратышты. Топ жарып, акыйкатты жулунуп сүйлөөчү акын-жазуучулар бүгүн жокпу? Алар же шаарда жок, же атайын чакырылган эмес. А Алыкул болсо мындай жыйналыштарда чыгып сүйлөчү эмес. Суук болсо, пальтосун желбегей жамынып, эң арткы орундуктардын биринде каш-кабагын бузбай, унчукпай угуп отурчу да, анан унчукпай чыгып кетчү. Эгер эби келсе, сындалып аткан жанынан өтүп калса, аны далыга акырын таптап:

– Баары болбогон сөз... Андан көрө унчукпай иштей берүү керек, - деп койчу.

Зал көк түтүнгө толуп, талкуу дале улана берди. Түгөлбай сындала берди. Мындан мурун эле бир нече ирет сындалып, биротоло бышып көк кулак болуп бүткөндөй Түгөлбай үндөбөйт. Өзүн өзү коргоп, өзүнүн оюн айтайын дегенин чыңдоо үчүн чыгып сүйлөөгө аракеттенбегенсийт. Аракеттенсе да ички абалы мелт-калт толуп, ызага буюгуп турган чагында ар бир сөзүн мадап айтып, тигилердин баарын болбосо да бирөө-жарымын сөзү менен чаап түшүүгө күч-кубаты жете бербегенсийт. Эмне кылуу керек? Ак киши кара болуп кала береби? Мындай учурда көздү жумуу керек да, трибунага жулунуу керек. Колум өзүнөн

өзү шак көтөрүлө берди. Чогулушту башкарып отурган Темиркул мени ормоё тиктеди. «Жазуучулардын ишине сенин кандай тиешең бар?» дегендей тиктеди. Бирок сөз бербей коюуга анын укугу жок. Ооба, жок!

– Уруксатпы?

– Уруксат.

Трибунага чыктым. Бет алдымда жайнаган көздөр Москванын тарбиясыбы, же жетимдиктин өжөрлүгүбү – апкаарыбай, кайра кайратыма келе түштүм. Сөздү эмнеден баштоону дал ушул трибунага чыкканда ойлонууга үлгүрдүм.

– Сүйлөйүн деген деги оюмда жок эле, бирок сүйлөбөй коюуга чыдамым жетпеди. Силерди биз адам жанынын инженери деп жүрөбүз. Бу туура. Бирок чыныгы инженер адамга эле эмес, темирге да мындай мамиле жасабайт. Бүгүнкү бу талкуу, талкуу эмес эл төө басты болуп калды. Калыс талкуу ушундай болобу? Жок! Совет мамлекетинин калыптанышы жөнүндө роман жазып берген авторго ырахмат айтуунун ордуна, кайра аны совет мамлекетине каршы коюп отурганыбыз, ушу калыстыкпы? «Кең-Сууну» мына мен да окуганмын. Менин да адабиятта аздыр-көптүр түшүнүгүм бар. Ошон үчүн айтарым бу... Романда эч кандай саясий-маясий ката жок. Көркөмдүк жагынан романга айып коюуга болбойт! Бу, жөн эле кур жалаа! Коллективдештирүү мезгилиндеги алыскы айыл аймагындагы тап күрөшү романда так, даана көрсөтүлгөн. Деги ушу «саясий ката» деген сөздү көп айтат экенсиңер. Кыязы ушу сөз менен

сүрдүү көрүнүп, ушу сөз менен Түгөлбайга окшогон мээнеткеч, нары басмырт авторлорду коркутуп алган окшойсуңар. Ушу сөзүңөрдү жулунган мынабу Кубанычбекке айтып көргүлөчү, ай балтасын асынып, өлбөгөн жерде калсын. Ага айта албайсыңар!

Алдыда отурган Кубанычбек кулжуңдай жулунду.

– Эй, ак-а, Кубанычбекке асылбай сүйлаң! Дадаңызды таанытип коеду.

Отургандар дуу күлдү.

– «Саясий ката» деп коюу менен эле иш бүтпөйт. Андай болгон соң ошо саясий катасын далилдеп берүү керек. А силер ошенттиңерби? Ошенте аласыңарбы? Жок! Анткени, «саясий ката», «советтик адам» деген сөздү тоту кушча кайталоону гана билип, ал эми саясий ката кандай болорун али өзүңөр билбейсиңер! Марксизмди билбей туруп, марксизм жөнүндө айтуунун кереги барбы? Анын сыңары тап күрөшүнүн ички илдеттерин жакшы билбей туруп, коллективдештирүү учурунан саясий айып издөөнүн кереги барбы? Кереги жок! Жаманды жакшылап жакшы, жакшыны жамандап жаман кыла албайбыз! Беш алты демагог жаман десе эле жаман болуп калбайт. Анткени автордун артында жүздөгөн, миңдеген окурмандары турат, эл турат!

«Демагог» деген сөз катуурак угулду окшойт, Темиркул калеминин учу менен үстөлүн тыкылдата астейдиленди.

– Түгөлбай... романыңды окуп чыгып, ыраазылыгымды көчөдө айтып, көчөдө колуңду кыспай,

бүгүнкүдөй зор жыйын, зор талкууда, баарынан да жакшы-жамандын көзүнчө айтып атканым жакшы болду. Баарыбызга белгилүү, кыргыз романтикасы өзүндөн башталып отурат. «Кең-Суу» атпай кыргыздын кечээги менен бүгүнкү турмушун чагылдырган эң алгачкы роман. Эң алгачкы саамалык. Кечээ эле тоодон түшүп келип, али чала сабат болуп туруп, ушундай зор чыгармага белсинип киришүү ар кимдин эле колунан келип, эрки жете бербейт. Чынын айтайын, бул чыныгы эр-азаматтын иши! Романың мага жакты, элдүүлүгү менен жакты. Ыманбайдан баштап, Калпакбаевге чейин өзүнүн тили менен сүйлөп атканы жакты. Оң каармандарың чындыкты чыркырап таза дилден айтып турганы менен жакты. Албетте, кемчил жагы да жок эмес, бар. Ал көркөмдүк мүчүлүштөр. Бу мүчүлүштөр закондуу көрүнүш, анткени, Түгөлбай роман жанрынын чыйырын биринчи салып отурат. А биринчи болуу кыйын!

Карасам, Түгөлбайдын шылкыйган башы өйдө боло түшүп «Сүйлө, айланайын, Гапаш, сүйлө!» дегенсип мени карап туруптур.

– Акырында айтаарым бу... «Кең-Суунун» экинчи китебинен саясий ката таап, кайрадан жаздыруунун кереги жок! Роман кийин-соңгу дагы басылышы мүмкүн. Ошондо автор романдагы өтө созулуп кеткен жагын кыскартып, жетпей калган жагын толуктап дагы бир сыйра баштан аяк сыдыра карап чыгуусу керек. Болгону ушу!

Сөз трибунасынан эми түшө береримде залдан кимдир бирөө:

– Эй, Айтиев, бу сөзүңдү сүрөтчүлөргө айт! Адабиятка сенин кандай тиешең бар?! – деди.

Трибунага кайра чыгып жооп берүү, чычалоо болуп калат болучу. Жаакташмайга айланып кетет болучу. Ошон үчүн унчукпай барып ордума отурдум. Отургандардын көпчүлүгү мага каршы оолугуп, кимдир бирөө колун утуру көтөрүп, трибунага жулунуп чыкмак болду эле, кулагын Кокуйбаевге тосо берген Темиркул анын шыбыр-шубурун угары менен үстөлүн тыкылдата өйдө болду.

– Жолдоштор, убакыт өтө аз калды. Сөздү ушу менен токтотсок?

– Эмнеге токтотобуз? Ар ким өзүнүн көңүл жакынын, же коңшусун жактай берсе, анда адабияттын тагдыры эмне болот?

– Темике-е, кайдагы бир каны кошулбаган сүрөтчүгө сөз берип, а адабиятчыга эмнеге сөз бербейсиз? Айтиевди Сыдыкбеков буерге атайын ээрчитип келген!..

Темиркул калем учу менен үстөлүн кайра-кайра тыкылдатып атып, залдагы дуулдакты араң басты.

– Жолдоштор... Кыргызбай Кокуйбаевичтин убаксааты ченелүү экен. Адабияттан башка да бу кишилердин толгон-тогуз иши бар. Ошон үчүн жолдоштор, жарыш сөздү кыскартып Кыргызбай Кокуйбаевичке сөз берсек.

Кыргызбай Кокуйбаев трибунага чыкпай, түз эле ошо отурган жеринен өйдө болду, жүзүнөн, кыймылынан кандайдыр бир дымак көрүнүп турду.

– Жолдоштор... биз дайыма бир нерсени жакшы түшүнө бербей жүрөбүз. Революция оңой-олтоң эле жеңип, Совет мамлекети оңой-олтоң эле келе койгон жок. Муну баарыңар жакшы билесиңер. Мындай болгон соң, мына ошо миңдеген, миллиондогон кишилердин каны менен жаралган жаш совет мамлекетине, же совет элине кимдир бирөө көркөм чыгармасы менен, же жеке жүрүш-турушу менен шек берүүгө биз жол бербейбиз! Азыр эле сүйлөгөн жолдош Айтиев марксизмдин кредосунан сөз салып, бирок марксизмдин өзүнө каршы турушу, бизди таң калтырбай койбойт. Марксизм, ленинизм бизди кыраакы болууга үйрөтөт, үндөйт. Мындай болгон соң, ким оюна келгенин сүйлөп, же жаза берүүгө укугу барбы? Жок! «Сыдыкбековдун китебинде саясий ката жок» деп Айтиев азыр өтө ишенимдүү айтты. Бу сөз «биздин такыр душманыбыз жок» деген сөз менен эле барабар. Айтиевдин тилине кирип, душманыбыз жок деп, кыраакылыкты унутуп, бейгам жүрө берсек эмне болот, жолдоштор?! Ички жана тышкы душмандарыбыз эртең эле моюнубузга сыйрытмак ыргытат! Ушул жөнөкөй нерсени түшүндүрүүнүн кереги барбы, жолдоштор?! Жок! Сыдыкбековдун молдо менен манаптары жекеликти самап, колхозго каршы сүйлөп атат. Аларды минтип сүйлөтүп аткан ким? Сыдыкбековдун оюна койсо, колхоздорду бүт таратып, НЭПти кайрадан ачкысы бар. НЭП бу, жолдоштор, капиталисттердики, а биз коммунизмге бет алган социализм өлкөсүндө жашап атабыз. Ушуну түшүнбөйсүңөрбү? Баарынан да, жолдоштор, бүгүнкү

күндүн талабына такыр каршы турган, мына ушундай чыгарманы аябай коргоого алган Айтиевди кандай түшүнсөк болот? Жолдош Айтиев, туруңуз орудуңуздан! «Эмнеге турам? Эмне үчүн турам? Бир кезде жакалаганымдын өчүн алып атат». Ушул ой башыма келе түштү. Аңгыча жанымда отурган Райкан жаналы калбай шыбырады.

– Теңелбе кокуй, тур, туруп кой!..

Куйкам кырк жеринен курулушуп ордуман турдум.

– Сизди биз окусун, чокусун деп каражат бөлүп, Москвага окууга жиберсек, сиз кайра бизге душман болуп келгениңиз кандай?

Акылым ачуумду башкара албай кетти.

– Жолдош Кокуйбаев, ойлоп сүйлөңүз!..

Эки ортодо опулдай калем учу менен үстөлүн каккан Темиркул тигиге жагынмакка доңуз айбат кылды.

– Айтиев, унчукпай сөздү угуш керек!

Эч ким каяша айтпаган, айтууга даабаган Кокуйбаевге «Ойлоп сүйлөңүз» деген сөз оозго ургандай эле угулду, бирок муну ал жүзүнөн билгизбеди, дале баягы калыбында нары сүрдүү, нары дымактуу турду.

– Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романын же түшүнбөй актап атасыз, же түшүнүп туруп, атайын актап атасыз. Экөөнүн бирөө. Менимче, түшүнүп туруп актап атасыз... Буга мен көбүрөөк ишенем, анткени, өткөндү самоо дилиңизден, бүгүнкү сөзүңүздөн байкалып турат. Безобразие! Отуруңуз!..

Катуу кагуу жеп отуруп калдым. Муунум калчылдап, демим кысылып кетти. «Учурунда айтылбаса,

сөздүн атасы өлөт» дейт, эмне үчүн сөзүнө сөз айтпай отуруп алдым? Эмне үчүн? Жаным жай албай, ордуман азыр ыргып туруп, ким экенине карабай, ата-ботосуна жеткире сөгүп чыгып кетким келип, ушуну ичимден самап, чыңалып, өрттөнүп турдум. Бирок өзүмдү тыйдым, чычалоо, итиреңдөө, сөгүшүү – бул жеңил баа кишинин иши. Ачуума алдырбас үчүн адатымча, ичимден жүзгө чейин санай баштадым. Жанымды карасам Алыкул жок. Мындай учурда ал чыдабай, нервин коротпой асте чыгып кетчү, азыр да чыгып кетиптир. Түгөлбайдын башы кайрадан төмөн шылкыйып, көздөрүнө кан толуп, тилин тишине катып, нымтырап сүрөт тартымыш болуп отурат.

Мени кагып отургузган Кыргызбай Кокуйбаев эми жумшара сүйлөдү, отургандарга муназалуу кайрылды.

– Ушунун баары тең саясий сокурлук, жолдоштор. Саясий кыраакы болууга дайыма астейдил болуу – бу айрыкча чыгармачыл кишилердин милдети. Муну мезгил өзү талап кылып отурат. Троцкизм жоюлуп, өзү өлкөдөн айдалып салынса да, анын таасири эмгиче арабыздан байкала калып жүрөт. Исакеев, Тыныстанов, Белоцкий, Орозбеков, Айтматов, Абдыракманов, Жолдошев сыяктуулар кечээ эле бизге үлгү жүргөн ак жүрөк коммунисттер болсо, бүгүн алардын бети ачылып отурат. Демек, жолдош Сталин башында турган биздин партиянын бүгүнкү багыты, бүгүнкү астейдилдиги бизге дайыма сабак болууга тийиш. Деги ушу тап күрөшү жөнүндө жазуунун

кереги барбы? Жок! Эмне үчүн эмгиче, малчы, кызылчачы жөнүндө роман жок? Жолдош Сыдыкбеков кайдагы бир жалкоо Ыманбайды жазбай, алдыңкы кызылчачы жөнүндө жазбайсызбы? Болду, жолдоштор! Мындан ары ар ким өз оюна келгенин жаза берүүнү токтотуубуз керек! Советтик адабият базар-бардак болбош керек! Ошон үчүн, мындан ары эмнени жазып, эмнени коюш экени жөнүндө бизден заказ алып алып, мына ошо заказ боюнча жазуу керек!

– Мындай заказдарга Кубанычбек кыйын эле – деп калды кимдир бирөө.

Кубанычбек кулжуңдай ордунан жулунуп турду.

– Темиркул, булар тартипке чакырылабы, же жокпу?

Темиркул адатынча опулдай көчүн күйшөп, калем учу менен үстөл түкүлдөттү.

– Чиши, жолдоштор!

Мына ушундай чуулуу чогулуш бир мезгилге чейин созулду. Чогулуштан кийин Түгөлбайдын жанына эч ким жолобой, бир эле мен калыпмын. Мындай көрүнүшкө Түгөлбай анча капаланбады, чөкпөдү. Көктүгүнө салып «Кең-Суунун» экинчи китебин жазбады. Аялынын жакында эле алган жаңы пальтосун арзан баага сатып, жол кире кылып, жаңы роман жазмакка Москва алдындагы жазуучулардын Малеевка үйүнө жөнөп кетти.

* * *

Жаман камерадагы жаман керебетте тоголонуп жаткан Касым учурашып атып алаканына сала койгон Жусуп Абдыракмановдун бир бүктөм барагын көзүнө кармады.

СССР прокурору жол. А.Я. Вышинскийге жана ички иштер Эл комиссары жолдош Н.И.Ежовго.

Фрунзедеги НКВДнын түрмөсүндө жаткан Жусуп Абдыракмановдон

Арыз

Отуз жетинчи жылдын төртүнчү апрелинде Оренбурга НКВДсы тарабынан камакка алынып, Н. П. Зеликман деген тергөөчү мени суракка алды. Ал мени закондун чегинен туруп тергөөгө албай, адам чыдагыс ыкмалар менен кыйнап, алдын ала суроо-жообу жазылып даярдалган сурак токтомуна кол коюп берүүмдү өтүнүп, зордук менен күч колдонду.

Сурак токтомунда мен Евдокимов жана Бөкөевге таасирленген троцкист катары күнөөлөп, Кыргыз жеринде эле эмес Куйбышевде жана Оренбургда улутчул-контрреволюциячыл топко же уюмдарга кирген эмесмин жана кирбейм.

Мындан тышкары ушул эле сурак токтомдо бир топ кишилердин аты-жөнү жүрөт. Аларды контрреволюциячылар деп мени айттырып, жалган жеринен күбөлөндүрүп койгон. Чынында мен аларды өмүрүмдө билмек түгүл, көргөн эмесмин. Ошон үчүн сурак токтомуна зордоп коюлган менин күбө-колум жараксыз деп табылсын. Бул бир!

Экинчиси, Совет мамлекетине жакшылыктан башка эч жаман оюм жок жана болгон эмес. Ошон үчүн эгер социализм өлкөсүндө чын дили менен иштеп бере турган коммунисттер керек десеңер, мен жана мен сыяктуулардын өмүрүн сактап калгыла. А эгер эле андай болбосо, анда айла канча, башта бир өлүм! Бирок ошо өлүмдүн эрте келиши жана кур жалаа менен келиши мени өтө өкүнтөт!

Коммунисттик саламым менен
Жусуп АБДРАКМАНОВ»

Бул өзүнчө бир бараkта экен, экинчи бараkта мындай деп жазылыптыр.

«Кагылайын Касым, кайрат кыл! Бутуң шишип, аш казан ооруңдун ачылып кеткенине байланыштуу Лоцмановдун атына жазган арызың эске алынып, сени ооруканага чыгарганы жатышыптыр. Ылайым эле айык жана экинчи бу түрмөгө түшө көрбө. Өзүңдүн ак экениң жөнүндө түрмөдөн чыгаарың менен мен сыяктуу Вышинскийдин же Сталиндин атына арыз жазып, меники менен почтага салып жибер. Анда эмесе, азырынча кош, курбум! Башка салганын көрөбүз! Эң негизгиси, кайрат кылышыбыз керек, чындык үчүн көз жумганча күрөшүшүбүз керек».

Касымды ооруканага чыгаруу маселеси тийиштүү жерлерде оң чечилип калганы менен, бирок Москвада суралып жаткан Бухарин акталбай атууга кеткенине байланыштуу, иш кайра тескери чечилип, токтоп калды. Бухариндин атылышы Орозбеков,

Тыныстанов, Исакеев, Белоцкий сыяктуу республиканын белдүү ишмерлерине өтө катуу тийди. Анткени Бухарин XVII съезд болор алдында Орто Азияга келгенде ушулар менен жолуккан болучу. Ошентип Касым түрмөдөн чыкпай, Жусуп Абдракмановдун каты Москвага жөнөтүлбөй калды. Зордук-зомбулук күн сайын түрмөдө күчөй берди. Камактагылар түрмөнүн короосуна чыкканда бири-бири менен сүйлөшүүгө мурун укуктуу болсо, азыр ага да тыюу салынды. Адамдан айла качып кутулбайт экен го, мындай болгон соң, эми алар бири-бири менен дубал боорун тыкылдатып, ошо тыкылдаган үндүн ыргагына карап маани улоону, бири бирине кабар айтууну үйрөнүп алышты. Мына, Касымдын дубалы кайрадан тыкылдады. Бул тыкылдактын ээси Абдыкадыр Орозбеков. Ал да Касымга окшоп, мына бул дубалдын аркы бетинде буту-колу сынып, томолонуп жатат. Касым кулагын төшөп, тыкылдак кайрадан башталды.

– Ка…сым… Еж…ов… кыз…ма…ты…нан алы..нып… тыр… Ку…дай… жал…гап.. бо…шой…буз…го…

Өмүр таттуу ээ! Касымдын сүлдөрү кеткен иреңинде кайрадан жашоо үмүтү пайда болду. Биринчи иретте балдарын, аялын, туугандарын көргүсү келди. Бирок кара туман аны үй-бүлөсүнөн эле эмес, элинен, жеринен эбак бөлүп алып, аларды биротоло көргүс кылып, төрт тарабынан каптап калган эле. Ежовдун кызматтан алынышы, анын ордуна кызматка келген Бериядан башка эч кимге жакшылык же жеңилдик алып келген жок. Тескерисинче, Лоцманов сыяктуу

Ежовдун жер-жерлердеги балта чабарлары өздөрүнүн айыбы ачылып калбас үчүн, сурак токтому жалган суроо-жооп менен толтурулган камактагыларды тезирээк көзүн тазалоого шашылып атышты. Кыргыз ССР НКВДсынын «тройкасынын» токтомдору менен камакка алынган Абдыкадыр Орозбеков, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Жусуп Абдыраманов, Курман Камбаров жана башкалар отуз сегизинчи жылдын бешинчи ноябрында эң жогорку жаза – атууга өкүм кылынды.

* * *

Чайыттай ачык көк асман алдында көөдөй кара түн жамынган шаар терең уйкуда жатты. Кечээги жаандан кийинки, түрмөнүн тегерегиндеги төөнүн көзүндөй жылтыраган майда көлчүктөр кеч күздүн суугуна, айрыкча түнкү суугуна кожурай тоңуп, сөйкө жалбыректарын эбак күүгөн сопол тал-тектер түнкү желге кожурай ыргалып турду.

Ноябрдын алтысында, түнкү саат төрттө түрмөнүн короосунда кыймыл эмнегедир эрте кирип, бир топ формачан кишилер пайда болду. Түрмөнүн анча жарык эмес бүүрүл тарткан кууш колидоруна мылтыкчан эки жоокер кирип, бири колидордун те бүтө бериш башына, экинчиси аягына келип турду.

Бир кишилик жаман камеранын эшиги адаттагыдай демите шарак-шурак ачылбай, бул ирет акырын ачылды, чандыры салаңдаган, муруту балтадай полковник жана аны ээрчип баягы Касымга тааныш желдет кирди.

Касым шып тиктеп, караңгы камерада ойгоо жаткан эле. Эшик ачылаары менен ордунан туруп керебетке отурду. Уйку көрбөгөнгө көз кычыктары кызарып, сакал-муруту аябай өсүп, жаак эттери ого бетер шимириле түшкөн. Ушинтип, бүлөсү менен коштошо албай калабы? «Кош, жакшы калгыла!» деп, жок дегенде өз колу менен эки ооз сөз жазып калтырууга да мүмкүнчүлүк беришпеди го! Желдет ага жумшак унчукту.

– Кана анда, кийиниңиз...

Кончу кесилген өтүгүнүн ичинен байпагын алып, балчая шишиген сол бутуна оң колу менен эптеп кийе баштады, сол колу эбак иштен чыккан. Күнүнө эрте менен ушинтип эптеп кийинчү, а бүгүн акыркысы... Анын азыр өлүмгө эмес, тойго алып баратышкансып өзүн өзү аябай аспиеттеп, камырабай кийинип атышы, желдетти таң калтырды. Айтса, желдет аны те алгачкы сурак күндөрү эле жактырып калган болучу. Бирок бу жылуу сезимин сөзү түгүл көзү менен да билдирчү эмес, айталчу эмес. Тергөөчүнүн буйругу боюнча гана ага кара күч колдонгону болбосо, аны аячу, чыдамкайлыгына, туруктуулугуна баа берчү. Күнүнө мынабу жаман керебеттен тоголоно жөрмөлөп араң туруп, араң кийинип, керебетин кыраатын келтире шашылбай жасалгалап, анан темир керегелүү кичине терезенин жанына келип ойлуу токтой калды. Короздор биринин артынан бири жарыша кыйкырып, чыгыш тараптан таң кылайып атып келаткан экен. Тирүүлүккө моокуму канбай, көктү мостоё тиктеп, балбылдап күйүп турган

бу жылдыз кезекти эми Касымга ыйгарып «Бу түбү тешик, тар дүйнөдөн армандуу кетип аткан биринчиси, же эң акыркысы эмессиң сен. Кантели, жолуң ошол, бара гой...» дегендей муздак жымыңдады. Касым кудайга ишенчү. «Э, кудай, алдыңда акмын, - деди ичинен, - бу жалганда эч кимге жалган айтып, жамандык кылбадым. Карызым да, аласам да жок...»

– Кана, анда даярсыңбы?

Бул үн Касымдын оюн бузду. Бери бурулду. Күнүнө эртели кеч тамактанган жаман үстөлүнүн үстүндө закускөсү менен бир стакан арак турганын көрдү. Өлүмгө аттанар алдында оозанчу бул ырыскыны түрмө кызматкери азыр эле коюп кеткен болучу. «Кана анда, буга караңыз» дегендей полковник Касымды карап, үстөл үстүнө кол жаңсады. Касым үстөлгө көңүл кош тиктеди.

– Ыракмат... Андан көрө мага бир чыны суу бергилечи...

Касым бир чыны сууну кош колдоп кармап турду. «Акыркы ичээр суум ээ! Акыркы ичер суум башка жерде эмес, ушу түрмөдө буюрган экен ээ!» сууну шашылбай жутуп, анан полковниктин алдына түштү. «Бисимилла. Баштагы бир өлүмдү татыктуу тос. Дабдырап калба, э, кудай, аягына чейин мага күч бер!»

Колидорго чыкты. Абдыкадыр Орозбековду замбилге салып көтөрүп баратышыптыр. Тергөө учурунда катуу тепки жеген Орозбеков Касымдын дубалын тыкылдатып сүйлөшүүгө да алы келбей калган. Тигине, Жусуп Абдыракмановду да замбилге салып,

камерасынан алып чыгышты. Аны кийинки күндөрү Касымды суракка алган камчысынан кан тамган дойур тергеп аткан. Айтууда, сурак учурунда Жусуп аны тамагынан алып, басып жыгылыптыр. Ушундан кийин ал да катуу тепкиленген, буту-колу сынган. Кууш колидордон түрмөнүн короосуна чыкчу эшиктин жанында турган мылтыкчан желдеттин жанына келгенде Касымды токтотуп, колдорун артына бурап байлашты. Айрыкча колун артына байланганда жүрөгүнүн кайсы бир талуу жери тыз дей түшкөнсүп, ичинен Касым оор муңканып алды. Өлүмдөн ким коркпойт? Тирүү пенде бүт эле коркот, бирок бу коркунучту Касым акылы менен жеңип турду. «Баштагы бир өлүмдү татыктуу тос. Дабдырап калба. Э, кудай, аягына чейин мага күч бер!»

Касымдын солк этпеген жүзүнөн баятан бери көзүн албаган желдет аны ушунчалык урматтаган үн менен асте шыбырап:

– Жүрүңүз, - деди.

Касым сыртка чыкты. Өлүм жакындаган сайын өмүрдүн ушунчалык кымбат экенин ашкере сезе баштады. Өтүп аткан ар бир мүнөтү, ар бир жылга татып аткансыды. Эгер тагдыр жазып-тайып ага дагы бир күн өмүр боюрса, кудай ага жүз жыл өмүр ыйгаргандай эле ыраазы болор эле.

Касым сыртка чыкты. Түрмөнүн туюк дубалында жети-сегиз киши катар тизилип, алардын катарындагы Абдыкадыр менен Жусуп буту менен турууга аракеттенип, бирок тура албай атыптыр. Касым

алардын жанына барып турду. Бир четтен баарын көздөрүн ак мата менен таңа баштады.

– Эй, эки аяктуу айбан! – деди Жусуп, Касымды коштоп келген желдетке. – Бизди тургузуп Касымга жөлөп кой, өлүмдү жатып тоспой, туруп тосолу!

Желдет алардын көздөрүн таңып, экөөнү Касымдын эки тарабына эптеп жөлөп коюшту.

Түрмөнүн ичинен он чакты мынтыкчан чыкты. Короодо турган төрт мотоцикл төртөө бир учурда татырата от алдырып (мылтыктын үнү угулбас үчүн атайын ушинтишчү), мынтыктар кезелди. Жусуп түзөлө берип, кекене кыйкырды:

– Эй, кулдун тукумдары! Элдин мыкты уулдарын минтип кур жалаа менен кырып отурсаңар, социализмди бүт дүйнөдө эмес, бир өлкөдө да кура албайсыңар! Эгерде...

Мынтыктар удаа атылды. Касым маңдайынын ысый түшкөнүн гана сезбесе, башка эч нерсе сезбеди. Эки кашынын ортосуна тийген октун ойоктой орду саамга кубара түшүп, анан шүүшүндөгөн кан чыга келди...

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

Ошо отуз сегизинчи жылдын аяк чени айрыкча суук болуп турду. Төгөрөк чыкыя сенейип, тоңголок баскан өңгүл-дөңгүл көчөлөрдөн калдырата араба тарткан аттардын таноосунан буу буркурап, «Ала-Тоо» кино үйүнүн алдынан анда-мында өткөн кетирек мурун жаман автобустардын терезелери кожурап тоңду.

Фрунзе шаары а кезде шаар аталганы менен өтө чакан, өтө эле жупуну кыштакчадай көрүндү. Айрыкча кеч күздөн эрте жазга чейин шаар көк сөйкөлүү көкала көйнөгүн сыйрып, жылаңач калганда, жалпак чатырлуу үйлөр ого бетер бадырая даана көрүнүп, анда-мында каңкылдап эрине үргөн иттердин үнү жымжырт теребелди бузуп, бир көргөн кишиге шаар аталган ушу кичинекей кыштакчадагы жашоо өтө эле көрксүз, көңүлсүз, анан да өтө жай өтүп жаткансыйт. А бирок шаардын ички турмушу андай эмес...

Отуз тогузунчу жылы элибиздин адабият жана искусствосунун Москвада өтүүчү он күндүгүнө карата «Алтын кыз», «Айчүрөк» жана «Ажал ордуна» спектаклдери даярдалып атты. Штоффер экөөбүз спектаклдерди жасалгалоо ишине баш-байчабыз менен кирип, эртеден кечке театрдабыз. Чынын айтайын Штоффер менен иштөө мен үчүн өзүнчө эле бир чоң

мектеп болуп калды. Ой-санаасы жаш баланыкындай таза, улуу-кичүүгө бирдей, бир кунунда сылыксыпаа мамиле күтө билген бу киши нары улуу, нары тажрыйбалуулугуна карабай, билбегенин тартынбай менден, мен андан сурачумун. Ал менден көбүн эсе элдин илгертен келаткан оймо өнөрүнүн элдик салттарын, кайсынысы кандай сүрөтчүнүн театрдагы чыгармачыл сырларын үйрөнө баштадым. Кыскасы, экөөбүз ата-баладай мамиледе болуп, иш кызуу жүрүп жатты.

Москвага барчу эки спектаклдин автору болгондуктан Жоомарт театрга тез-тез келип турчу, келген сайын аны менен кошо шуулдаган шайдооттук, каш-кабагы жарыган тамаша-күлкү кошо жүрүп, ушундан уламбы театр ичи талыкшый магдыраган ыкшоолуктан селт ойгонгонсуп, жандана түшчү. Деги анын тегерегин шатыра-шатман эмгек, оюн-күлкү, анан да берекелүү жайыл дасторкон коштоп жүрчү. Эгер ага бир иш менен барып, же кокусунан учурап калсаң «жүрү, бир жерден чайлашып отуруп, анан сүйлөшөлү» деп ээрчитип алчу да, барган жерден ар кандай тамак, ичимдикке алдыңды толтуруп койчу. Акын-жазуучулардын ичинен эң эле марты ушу Жоомарт болчу. Айрыкча бойдок кезинде тапканы талаада калып, үйүнө китептен башка эч нерсе сатып алчу эмес. Жакында эле көптөн арзып жүргөн Тенти Жунушбаевага үйлөнүп, бүлө күтүп, ач-торук жүргөн кээ бир калемдештери жана студенттер ага анча жолой албай калган учуру эле. Тенти Жунушбаева ошо кездеги өңдүү-түстүү кыздардын бири

болчу. Медициналык техникумду бүтүрүп, комсомолдо иштеп жүргөн. Үйлөнгөндөн кийин Жоомарт ого бетер бир жаңсыл болуп, чыгармачыл бедели ого бетер жетилип, шымаланып гана иштей берчү кези эле, бирок ошо кездин коогалдуу кара туманы аны да басты...

Тез эле кыш-кыроо бүтүп, отуз тогузунчу жылдын жазы кирип келди. Бүгүн да Москвага барчу «Алтын кыз» музыкалык драмасынын жаңы вариантын артисттер менен талкуулап атканбыз. Жоомарт өзү да ошерде эле. Аңгыча телефон шыңгырап, режиссер Өмүркул Жакишев трубканы угуп, Жоомартка бурулду.

– Сени Борбордук Комитет издетип атыптыр.

Жоомарт буга анча көңүл бурбады. Адатта бир буту театрда, экинчи буту Жазуучулар союзунда жүргөн ал шашылган жок. Башка болсо бир жөн, аны жакында эле Кыргызстан Компартиясынын биринчи секретары болуп келген Вагов издетип аткан эле. Ал талкуунун аягына чейин болуп, режиссердук долбоордон, биздин декорациялык жасалгага чейин өзүнүн ой-пикирин айтып, анан сыртка тез чыгып кетти.

Сыртта жер жылып, жээктерине жалама көк чыгып калган кез эле. Кыш-кыроо кырсыгынан аман-эсен чыгып, кайрадан жазды көргөнүнө көңүлү бүрдөй түшүп, ал теребелге, теребел ага сиңип, өзүнө өзү батпай ээн көчөдө тез келатты. Тигине, Борбордук Комитеттин имараты. Жумушчулар менен алгачкы кышын коюшкан Орозбеков, Исакеев, Абдыракманов

отурган имарат. Эми буерде Вагов отурат. Эмнеге чакырып калды экен? Москвада өтчү кыргыз декадасына байланыштуу го? Кире бериште жолдомосун милицияга көрсөтүп, экинчи кабатка тез көтөрүлдү. Секретарь-машинистка шуулдаган бу тармал чач акынды жакшы таанычу.

– Кириңиз, сизди күтүп атат...

Жоомарт кире беришке чечинип, анан ичкери шак кирип барды. Вагов кичине кабинетинин төр үстөлүнө баш көтөрбөй иштеп отуруптур. Улагада токтой калды.

– Уруксатпы?

Вагов башын кагаздан алып, кириңиз дегендей ишарат кылды. Өңү суз.

– Саламатсызбы!

– Өтүңүз...

Анын айткан саламын алик албай, «өтүңүз, отуруңуз» деши Жоомартка жага бербей калды. Кечээ эле мунун ордунда отурган Аммосов же Белоцкий минтип чыртыя зыңгырачу эмес, кандай иш болбосун, сырттан киргенди элпек тосчу. А бу эмнеге чыртыят, эмнеге корсоёт?

Куру жалаа менен алмадай күүлгөн мурунку кыргыз жетекчилигинин ордуна келген. Кыргызстандагы «эл душмандарын» аягына жете бирден терип, биротоло жок кылыш үчүн ВКП (б) БК Ваговду атайын Москвадан Кыргызстанга жиберген. Жаңы шыпыргы жаңыча шыпырат деген ырас. Айрыкча, Фрунзе шаардык XI партконференциясында жасаган докладында Вагов жүрөк үшүн алчудай коркутуп-үркүткөн сөздөрү

менен «Мен эл үчүн кызмат өтөгөнү келди дебей, силер мен үчүн кызмат өтөйсүңөр» дегендей дымак көрсөттү. Вагов партконференциянын делегаттарына ВКП(б) БКнын XVII съездин эске салып, ушундан улам партиянын ар бир ак ниет мүчөсү чекист болуш керек, Троцкий менен Бухариндин куйруктарын тез аранын ичинде жок кылышыбыз керек деп чыкты. Вагов-дун бул докладынан кийин жан багарларга ого бетер кудай берип салды. Айрыкча: Барткевич, Абакумов, Дөдүрөв, Лимперт, Лоцманов, Шульгин сыяктуулар кыргыздын мыкты интеллигенттерин эл душманы атап, тургус кылып кылычтап салды. Вагов бийликке келери менен Шульгин, Молдобаев, Кокуйбаев сыяк-туу өз кызыкчылыгы үчүн өз элин эле эмес, өз энесин сатууга даяр кызматкерлерди төгөрөгүнө жыйнай баштады. Муну Жоомарт жакшы билчү.

– Өтүңүз, отуруңуз...

Жоомарт терезеге жакын орунга барып отурду. Ушу учурда сырттан Кыргызбай Кокуйбаев кирип, анын бет алдынан орун алды. Вагов алдындагы кагаздарга шыпылдата кол коюп бүтүп, үстөлдүн бир четине коюп, тартмасынан бир нече кат сууруп чыкты, анан Жоомартты суз тиктеп, орунтугуна чалкалай берди.

– Кандайсыз?

– Ырахмат. Азырынча дурус...

– Декадага даярдык кандай жүрүп жатат?

– Жаман эмес... Азыр эле театрдан келдим. Москвага эки драма, бир опера даярдалып жатат. Анын ичинде меники да бар.

– Сизди эмнеге чакыртканымды билерсиз?

– Жок.

– Чыгармаңыз декадага даярдалып жатканы жакшы, бирок үстүңүздөн бизге бир топ тоголок кат түштү.

– Кызык...

– Эмнеси кызык? Жолдош Бөкөнбаев... сиздин үстүңүздөн тоголок арыз биринчи ирет жазылып, же сиз биринчи ирет сурак берип отурган жериңиз жок. Мага болбосо да, Борбордук Комитеттин башка тийиштүү кишилерине бир нече ирет сурак бергенсиз. Ошон үчүн сизден суранарым, бул ирет сөздүн ток этерин сүйлөшөлү, ачыгын, чынын сүйлөшөлү. Кандай дейсиз?

– Туура.

– Анда мындай... Арыз менен маектин аягында таанышып чыгарсыз. Негизинен анда сизди жердешчил жана улутчул деп айыпташат. Мейли, мен сизди, уруучул да, улутчул да дебейин, сизге ишенейин, бирок бир кызыгы, эмне үчүн эмитен эле Токтогулдун жетимиш беш жылдык юбилейин өткөрүүгө шашылып атасыз? Мейли, алдын ала даярдык көрүүнү туура дейли, юбилейин өткөрүш керек дейли, бирок юбилейин өткөрүүгө ал татыктуубу? Байларды мактап ырдаганы үчүнбү? Бул бир! Экинчиси, сиз көптөн бери, отузунчу жылдын башынан бери белгисиз айыл ырчыларынын оозунан алардын төкмө ырларын өзүңүз жазып, Токтогулдуку кылып жүргөн имишсиз. Минтүүгө эмне себеп? Токтогул

жердешиңиз болгону үчүнбү? Ушу эки сурооого жооп бериңиз?!

Жоомарт:

– Чынын айтайын, Токтогулдун юбилейин өткөрүү – менин демилгем. Анткени, ал ошого татыктуу, болгондо да толук татыктуу акын. Себеби, биринчиден, ал карапайым элден чыккан; экинчиден, өмүр бою элдин муң-зарын ырдаган; үчүнчүдөн, ал улуу акын эле эмес, улуу композитор, чебер аткаруучу; төртүнчүдөн ал акын-демократ. Ошон үчүн Сибирге айдалган. Ал эми «Байларды мактап ырдаган» деген доого «мактап ырдаган эмес» деп айталбайм. Анткени, байлардын баары эле эзүүчү, ач көз, таш боор болгон эмес, жарды-жалчыга жакшылыгы өткөн прогрессивдүүлөрү да болгон. Мүмкүн, мына ошондой байларды акын мактап ырдаса ырдагандыр. Бул биринчи сурооңуз...

Вагов бир отурушунан жазбай, дале баягы суз көздөрү менен Жоомартты өкүм тиктеп турду.

– Ал эми экинчи сурооңуз боюнча мындай. Те отуз экинчи, отуз үчүнчү жылдары эле союздук басма сөздөргө Дагстан акыны Сулейман Стальский менен казак акыны Жамбыл Жабаевдин ысымдары даңазаланып, ырлары жарыяланып, «Правда» гезитине «Чыгыштагы эки опол тоо» деген баш макала жарык көрдү. Бу макала мени катуу ойго салды. Бизде да тигил экөөндөй опол тоолор бар. Аларды жамы журтка ким алып чыгышы керек? Биз! Көзү өтүп кеткен чоң акындардын алдында кийинки күндөрү

өзүмдү өтө күнөөлүү сезе баштадым. Ошондон баштап, а түгүл өзүмдүн чукул деген иштеримди кое туруп, Токтогулдун ар жерде, ар кимдин оозунда калган ырларын жыйноо ишин колго алдым. Токтогулдун таланттуулугу ушу, ырлары элдин оозунда жатталып, элдик болуп кетиптир. Эгер таланттуу болбосо, ким жаттамак, кимдин оозунда калмак? Ал эми «айылдык ырчылардын ырларын чогултуптур жана кээ ырларын Жоомарт өзү жазыптыр» деген доо бу жөн гана кур жалаа. Токтогулга жазып бермек түгүл, өзүмө жазууга убакыт жок, ал эми бирөөлөрдүн ырларын Токтогулдуку деп жарыяласак, эртеси эле ээси чыгып, уятыбыз ачылмак. Мен муну жердешим болгону үчүн эмес, азыр Токтогул Кетмен-Төбөлүк эмес, те Енисейлик болсо да, анын талантын, тагдырын баалаганым үчүн жасамакмын.

Баятан сөзгө аралашпай, так эле Ваговдой бир кунунда отурган Кокуйбаев так ушерден сөзгө аралашты.

– А эмне үчүн анда Тоголок Молдо же Эшманбетти эмес, биринчи Токтогулдун мурасын көтөрүп чыккыңыз келди?

– Тоголок Молдо менен Эшманбеттин мурасын да көтөрүп чыгуу керек. Бирок, ал экөөнө караганда Токтогул – чоң акын, демократ – акын.

Кокуйбаев:

– Эшманбетке караганда Токтогул мүмкүн чоң акындыр, а бирок Тоголок Молдодон Токтогулду жогору коюу туурабы? Токтогул болгону сабатсыз,

төкмө акын болсо, Тоголок Молдо кат тааныган, жаза билген, чыгыш поэзиясы менен кабардар болгон акын болгон. Айтмакчы... – Кокуйбаев Ваговго бурулуп, папкесинен гезит сууруп чыкты. – Алексей Власович, жакында эле мынабу гезитте Токтогулдун чыгармалары жөнүндө мындай макала жарык көрдү. Макалада акындын эң жакшы делген, ооздон-оозго өтүп, ырдалып жүргөн «Гүлдөп ал» жана «Өмүр» деген ырларына мындай пикир айтылган. «Гүлдөп ал» ыры бекерчиликке, жеңил-желпи турмушка, шайкелеңдикке чакырат. Мисалы: «Ойной албай, күлө албай, ойногонду биле албай, кайран жашты картайтып, койбогула кыздар ай, ойногула кыздар ай!» Бу эмне деген ыр? Эмгек жөнүндө бир да ооз сөз жок. Ойногула, жыргагыла... Бу ыр биздин советтик жаштарга кандай тарбия берет? Ал эми акындын экинчи бир «Өмүр» деген ыры пессимизмге аябай сугарылган. Мисалы: «Жибек оңбос болсочу, жигит өлбөс болсочу, жигит менен кыз өлсө, жерге көмбөс болсочу». Бул эмне деген жоопкерсиздик? Советтик адам ушунчалык да жүүнү бош, бошоң болобу? Советтик жаштарды биз мүңкүрөөгө, муңаюуга тарбиялабай, эч нерседен жалтанбай, өлүмгө да тик кароого тарбиялашыбыз керек. Бул ырдын подстрочный орусча котормосу мына...

Вагов ырга көз жиберип өттү.

– Н-да.. Жолдош Бөкөнбаев, сиз коммунистсиз. Демек, чындыкты гана айтышыңыз керек. Касым Тыныстанов, Токчоро Жолдошев жана Курман Камбаров менен кандай байланышыңыз бар эле?

Жолдошев менен Камбаров Эл агартуу комиссариатында иштеп турган учурда белгисиз себептер менен сындалып, камалып калган эле. Жоомарттын алар менен иш боюнча гана байланышы бар эле. Башка кандай байланышы болмок?

– Чындыкты сурап атасыз, чындыкты гана айтайын. Иш боюнча гана...

Ойго чөмүлгөн суз көздөрү ого бетер муздай түшкөн Вагов ууртун бүлк тартып алды.

– Бу жалган!.. Башканы айтпайлы, Касым Тыныстанов менен Карач Сыдыковду бурч-бурчта актап сүйлөгөнүңүздү да «иш боюнча» демекчисизби? Жолдош Бөкөнбаев, сиз менен жашынмак ойноп отурууга бизде азыр убакыт жок. Коммунисттик ыкластан туруп канчалык түшүндүрөлү дегенибиз менен баары бир түшүнбөйт көрүнөсүз. Азыр декадага даярдалып аткан «Алтын кыз» спектаклинде да улутчулдук мотивдер бар экенин Токомбаев өз учурунда туура эскерткен экен. Токомбаевдин позициясынын эң туура экенине сизди биле баштагандан бери ого бетер ишене баштадым.

Талаш маселени чечүү учурунда Жоомарттын мүнөзү чарт-чурт эле. Ким экенине карабай бетке айтчу, жалтанбай айтчу. Кокуйбаев менен Ваговдун баятан берки сөзүнө өзүн өзү тыйып чыдап отурган эле, бирок сөз учугу «Токомбаевдин позициясына» келгенде токтоно албай кетти.

– Алексей Власович... Туура айтасыз, бири-бирибиз менен жашынмак ойноп отуруунун эмне кереги

бар? Эки жылдан бери сурак берүүдөн мен да жададым. Эгер эле чын сөзүмө ишенбей, күнөөлүү же кылмыштуу эсептесеңер, анда камагыла, а антпесеңер декадага бараар алдынды мага тоскоол болбогула! Бүттү!

Орто жымжырт боло түштү. Кыязы, бу сөз Ваговго катуу тийди. Мындай учур дайыма эле боло бербесин, ыңгайлуу учурду учурунда пайдаланып калуу керек экенин Кокуйбаев жакшы билип алган эле. Кабагын түйө Ваговду жактап кыжына жымжырттыкты бузду.

– Алексей Власович, булар мына ушундай... Чыгармачыл топ эмес эле демагогдордун тобуна айланыптыр. Жакында эле Жазуучулар союзунда Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романынын экинчи китеби талкууланды. Мына ошол талкууда Айтиев деген неме бүгүнкү күндүн талабына таптакыр каршы чыгышы, чынын айтайын бизди таң калтырбай койбоду.

– Жолдош Бөкөнбаев! – Кыргызбай Кокуйбаев Жоомартка чыртыя бурулду. – Эл тарыхын, эл тагдырын бир эле силер ойлонуп атыпсыңарбы? Эл тагдыры бизди да ойлонтот, бизди да толгонтот, бирок саясий жактан бышып жетилбей туруп эл тагдырын, эл тарыхын ойлонуунун кереги барбы? Чындыкты айтуунун ордуна «камагыла» деп кайра догурунуп отурасыз. Бул коммунисттик адепке...

Вагов Кокуйбаевдин сөзүн чукул бөлдү.

– Бөкөнбаев, улантсаңыз оюңузду.

– Оюмду айтып бүттүм.

– Анда кете берсеңиз болот.

Жоомарт коштошпой ордунан туруп сыртка чыгып кетти. Түз эле үйүнө келди. Тенти Жунушбаевага жаңы эле үйлөнүп, экөөнүн төшөк ысыгы, көңүл ысыгы али тарай элек кумармас учуру эле. Тенти Жоомарттын мойнуна асылды.

– Эмне болду? Эмнеге капасың?

Жоомарт төркү бөлмөгө кирип иш үстөлүнө шалдырай отура кетти.

– Дале баягы бүтпөгөн сурак... Э, кандай заманга калдык, билбейм!

Ушундан көп узабай Жоомарт партиядан чыгарылды. Бир эле Жоомартка эмес бүткүл театр жаатына чукул коога түштү. Анткени Жоомарттын чатагынан улам декадага даярдалып аткан үч спектаклдин экөө «Алтын кыз» менен «Айчүрөк» эки ортодо токтоп калды.

Арыз-муңун эч кимге айтпай, эч ким менен кеңешпей, эч кимди кабыл албай эки күн бою Жоомарт жаш аялынын жылуу төшөгүндө жатты.

Үчүнчү күнү эртең менен:

– Тентибай, кийимимди даярда, мен жолго чыгам, - деди.

– Кайда?

– Аны сураба, Тентибай... Деги, азыр менден эч нерсе сураба. Баарын кийин айтып берем.

Жубайы ичинен селт эте чоочуп, Жоомарттын эртең эмес, бүгүн эле жоготуп алчудай ага жалооруй тигилди, ошондо мөндүрдөй жаш көздөрүнөн толо келип, таноосу ылдый мөлт-мөлт тоголоно берди.

– Эмнеге ыйлап атасың?

– Кантип ыйлабайм...

– Ыйлаба, Тентибай. Партиядан чыгарылса эле Жоомартым жолдо калат дегени турасыңбы? Жүрөгүм сокпой калса бир жөн, анда ыйласаң болмок, а менин жүрөгүм согуп атпайбы! Тыңшачы! Уктуңбу? Жүрөк согуп турганда ыйлабаш керек. Кана анда, бетиңден чоп эттирип коёюн. Эми мени сен өөп кой. Жакшы анда! Айттым го, узатпа деп. Кечинде эле кайра келем.

Жоомарт темир жол вокзалына келип, билет алып, Ташкен багытына кетчү поездге отурду. Аялын аяп соороткону менен, бирок өз ичинен уйгу-туйгу. Тоголок кат, кур жалаага ишенип, а эмне үчүн бүткүл кан-жанын, бүткүл өмүрүн жаңы заманга арнаган адамга ишенишпейт? Азыр бурч-бурчта күбүр-шыбыр сөздөрдө айтылып жүргөндөй, ушунун баарын кылып аткан бир эле Сталин эмес, Сталин менен элдин ортосуна чагым салып аткан бир көрүнбөгөн күч, көрүнбөгөн топ бар.

Жоомарт Арыс бекетинен түшүп калып, өзүнүн атынан түз эле Сталиндин өзүнө телеграмма жиберди. Телеграммада жөн жеринен партиядан алынып, куулуп атканы, республикада кандайдыр бир түшүнүксүз агым пайда болгону, өзү сыяктуулар дал ушул агымдын курманы болуп атканы жөнүндө кеңири көрсөттү. Арыс бекетине келип Сталинге телеграмма бериши, Фрунзеден кимдир бирөө телеграмманы токтотуп коюшу мүмкүн деген шекшинүүдөн улам

эле. Телеграмма жөнүндө эч кимге ооз ачпады, а түгүл аялына айтпады. Эгерде эле эл менен партиянын ортосунда чагым салып аткан азыркы агымга Сталин өзү жол берип атса, анда телеграмма жетери менен Жоомарт камалат. Ал эми андай эмес болсо Жоомартты Сталин колдойт. Ушундан улам эмне болсо ошо болсун деп, жообу келгенче жубайын алып Кетмен-Төбөгө кетип калды. Өзүнөн мурас калбаса да, Токтогулдан мурас калсын деп, анын ырларын элдин оозунан жыйнап жүрө берди.

Көп узабай Жоомартты Фрунзеге чакыртышты. Шаардан көңүлү кала түшкөн Жоомарт аякка өрөпкүй шашылбады, аягы тартпады. А Москвага телеграмма жибергенине болгону бир гана жума өткөн. «Эмнеге чакырып калышты? Дагы кимге керек болуп калдым экен? Балким, Москвадан Бөкөнбаевди тезинен камагыла деген буйрук келип жүрбөсүн? Эгер эле ошондой болсо анда Тентинин жүрөгүн түшүрбөй аны буерге калтырып кетүүм керек» деп ойлоду. Бирок жаш жубайы ага ынанбады, айылда калбады, калгысы келбеди. Жоомарттан азыр ажыраса эле андан биротоло ажырап калчудай аны менен бирге жолго чыкты.

Жаз келип, бүткүл жан-жаныбарлар кышкы уйкудан ойгонуп, жылга-жылгадан түшкөн бөкөн суулар күрпүлдөй нугунан чыгып, жер жылып турган ала шалбырт учур эле. Жолдо келатып Жоомарт өзүнчө ойго муюду. «Капырай, турмуштун формасы гана өзгөрүп. Ал эми мазмуну ошо бойдон эле кала береби? Калыс жашайбыз, тең болобуз деп жаңы

заман курдук, бирок кана ошо калыстык. Кана ошо теңчилик? Бир кезде Токтогул жөн жеринен айдалса эмки кезек эми мага келдиби?»

Шаарга ал ушундай ой-санаа менен келди.

Карай салып, жолдун аркы башындагы дүкөндүн алды менен өзүн көздөй басып келаткан Жусупту көрдү. Ички оту тамылжый сыртына чыгып, саал кызуу экени алыстан эле байкалат. Бетме-бет келип колун кыса кармады.

– Куттуктайм!

– Эмнени?

– Эмнени деп коёт... Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп, анан кайра менден сураганың эмне? Москва менен гана сүйлөшөсүң ээ?

«Телеграмманын жообу келген окшойт, бирок эмне деп келди экен?»

– Жусуке, айтчы оюңду тезирээк! Жамандыкты куттуктап атасыңбы, же жакшылыкпы?

– Жусукең качан жамандыкты куттуктачу эле?

Жоомарт аны бооруна кысты, жеңилдей түштү. Ошол эле күнү ал Борбордук Комитеттен Сталиндин атынан келген «Акын Жоомарт Бөкөнбаевди партияга алып, чыгармачылыгына шарт түзгүлө» деген телеграмма менен таанышты.

* * *

Сталиндин телеграммасы Жоомарт үчүн эле эмес, бүткүл маданий журтчулукка зор жеңилдик, зор кубаныч алып келди. Анткени, Москвага барчу үч

спектаклдин экөө Жоомарттыкы болчу. Эгер Жоомарт караланып, камалып калса жалгыз «Ажал ордуна» спектакли менен барууга болбойт эле. Ошон үчүн «Алтын кыз», «Партизан кызы» аталып, ал эми «Айчүрөк» спектаклинен Жоомарттын аты-жөнү алынып салынып, либерттосун кайрадан карап, жазып чыгуу иши Жусуп менен Кубанычбекке тапшырылган эле. Жоомарт акталган күндүн эртеси эле биринчилерден болуп анын үйүнө Мукай, Жусуп баш болгон жазуучулар аялдарын ээрчитип, аны куттуктап келишти. Жусуп төргө өтөөрү менен барбалаңдап бакылдады.

– Жоомарт, сен эми мурункудай мени менен ашкере азилдешкениңди кой. Анткени, мага эми күйөө бала болдуң. А күйөө бала деген койдон жоош, иттен пас болушу керек.

Ал антсе сылык-сыпаа Мукай далысын күйшөй мыйыгынан жылмаят.

– Жоомарт жеке эле сага эмес, мага да күйөө бала болду. Сен антип, Тентини менден бөлбө, алыстатпа!

Жусуп барсылдай күлүп, ансыз эле кызуу келген ал, келери менен карындашынын кедейдин алачыгындай чакан ашканасында дөөдөй дүңкүйө шып тиреп туруп, Жоомарттын өз колунан дагы бир ирет сеп этип алганга ого бетер жарпы жазылып, салбырай түшкөн маңдай чачын утуру артына салаалай серпип, сөз бербейт:

– А койсоңузчу, Муке... Сиз те көл башынан болосуз, а мен Тоңдонмун, Тентибайдын айылдаш агасымын...

Бакылдай келип, баары дасторконго тегеректей отурушту. Калемдештеринин бүгүн болбосо эртең эле аны куттуктап дуулдай келип каларын алдын ала билген Жоомарт мейман күтүп, мейман узатууга али каныга элек жаш жубайына кечээ:

– Тентибай, этти эртең кенен сал. Менин акталганыма шылтоолоп келгендер жыргап ичип, жыргап жеп кетишсин, - деген эле.

Жоомарттын дасторкону бойдок кезинде эле төгүлүп турчу. А азыр түтүн булатып, бүлө күткөнгө үйүнө ого бетер береке толуп, ортодо жаш козунун баглан эти булоолоп, ичимдик жайнап, отургандар чер жазып бака-шака.

Козунун куйрук этинен төрт манжалай майкандата шилей алып, оозуна лак таштап, күрмөбөй сугунган Кубанычбек жулуңдай быяктан чыкты.

– Жоомарт силерге эле эмес, мага да күйөө бала. Көлдүк болсоңор эле силер Тентиге ага болуп, а биз чүйлүктөр эмне, ага эмеспизби? Жоомарт түндүктөрдүн баарына тең күйөө бала. Яа, Түгөлбай, же жалганбы?

Түгөлбай баягыл чатактан, «Кең-Суу» романы сындалгандан кийин Москва алдындагы Малеевка жазуучулар үйүнө барып, обу жок сынга өчөшкөнү ушунча, көгөрө иштеп, «Темир» романын бүтүп келип, азыр шаарда эле. Жаш кезинен кагым оорусуна кабылып, анан калса роман жазууга баш-байчасы менен кирип, ушундан улам мындай оюн-зоок-туу отуруштарга же талаш-тартыштуу чогулуштарга Алыкулга окшоп анча бара берчү эмес. Жоомарт

экөө мурунтан ынак, ошон үчүн аныкына келип отурат. Ошон үчүн Кубанычбектин ашкере тамашасына чыдап отурат. Ичимдик ичпегенинен улам, тос көтөрүлгөн сайын ал да өз расмисин, өз каадасынча өтөп, куюлуп коюлган алдындагы коньякка боорсок малып оозуна салып отурган эле. Сөз кезегине тамаша менен аралашты.

– Жоомарт, сен буларды укпа... Булар сени күйөө балага шылтоолоп, бара-бара жер каратып, жер көз кылып алгылары бар. Жусуке менен Мукам го сыпаа кишилер, айтса да анчалыкка барбайт. А мынабу Кубанычбек жаман... «Күйөө бала койдон жоош болуш керек» деп коюп, шак эле мойнуңа мингени турат. А бул минип алса, жоор кылмайынча түшпөйт.

Баары күлүштү.

– Ушу Жоомарт эле болсо мингизе коёр... – Кубанычбек май куйруктан палоо алгансып, дагы бир ирет майкандата шилей алып, мулжуңдай сугунду. – Айтмакчы, буерден эмес, эмне үчүн те Казакстанга барып, телеграмма берип жүрөсүң? Кыргызстанга ишенбей калгансың го?

Жоомарт:

– Партиядан алынып, карайлап турганымда, башканы айтпайын, өзүмө өзүм ишенбей калдым. Рахмат. Гапар... – Жоомарт Алыкул экөөбүз тарапка бурулду. – Жаман учурда жаныма биринчи сен келдиң. Акылыңды айттың...

– Бу сүратчи ака нима акыл айтып ийди икан? – деди Кубанычбек мага мулуңдай бурулуп.

Мындай отуруштарда, айрыкча кызып алганда бирөөгө тамаша кылып тийишмейин Кубанычбектин кыбасы канчу эмес. Айрыкча Жоомарт экөө катуу тамашалашчу. Бири-бирин сөзгө жыкмайын, шакаба кылмайын отура алышчу эмес. Кубанычбек сөзгө чапчаңыраак. Жулуңдап көбүн эсе сөзгө конок бербей, Жоомартты үстөмөндөп кетчү. Мындай учурда Жоомарт «Кубанычбек, сен сөз жебей эле жажалай бергениң жаман. Жулунбай сөз жесең боло!» деп калчу.

Кубанычбекти биринчи ирет миң тогуз жүз жыйырма жетинчи жылы «Ленинчил жаш» газетинин редакциясынан көрдүм. Кимдир бирөө менен кызыл-чеке болуп айтышып атыптыр. Деги мен билгенден эле Кубанычбек жулунуп иштеп, жулунуп сүйлөп, жулунуп тамактанган кайбар болучу. Адабият чөлкөмүндө ал тартынбай, кылчактабай, бет алдына түз карап, түз жол алып, тынбай басып, тез бараткан камылгалуу нары түйшүктүү жолоочудай сезилчү. Ал катышпаган, ал талашып-тартышпаган жазуучулар чөлкөмүндө бир да чогулуш өтпөй турган. Аны анча жакшы билбегендер сыртынан «чатак, анан да сөз жебей турган кыча неме го?» деп ойлоп кала турган. А чынында эле мүнөзү чогоол, чапчаң, а кээде ызакор болгону менен, Кубанычбектин бир азаматтыгы маселе чечилбей, ар ким эле өз оюн ачык айталбай орто дымый түшкөндө ал кыргыйдай чыгып, топ бузуп берер эле. Маанилүү, чоң, нары чатактуу маселелерге ал калыс сөзүн эч кимден жалтанбай, эч кимден тартынбай айтып, өз

позициясында чартылдай туруп берер эле. Ал эми жоро-жолдоштору менен той-тамашада отурганда колу менен тамактын, сөзү менен жолдошторунун шаштысын алып ийчү. Ошондо аны ар ким ар жактан келекелеп киргенде тамашасын эми ачык эле келеке же кычалыкка айландыра баштачу. Мен Оштук болгонум үчүн өзбекче чалып сүйлөп, эми мага тийише кеткени мына ошондон. Бешбармактык этти бычак мизинде тим эле кум ээлегенсип, чачырата ээлеп, туурап аткан Жоомарт токтоло калды.

– Сталинге телеграмма бер... болгондо да «Арыс» станциясына барып бер деп ушу Гапар айтты. Гапар болбосо минтип силер менен отурбай азыр түрмөдө отурат белем... Арыстан бергеним ырас болуптур. Анткени, айтууга караганда мен сыяктуу бүт шектүү кишилердин аты-жөнүн Вагов байланыш бөлүмдөрүнө берип койгонун, мына кечээ уктум. Сен, сен Гапар мен үчүн байгамбарымдай эле көз ачыктык кылдың...

Баятан бери унчукпай, жанымда сыпаа отурган Алыкул Мукайды сөзгө чакырып асте үн катты.

– Ачык айтпасак да ар кимибиз өзүбүзчө азыркы камоолордун баарына бир гана Сталинди күнөөлөп атабыз, бирок ошо биз күнөөлөгөн Сталиндин Жокеме жардамга келишин кандайча түшүнсө болот!

Мукай үндөбөдү. Эмнегедир бүгүн, ушу отурушта саясий талкууга аралашкысы келбеди. Дилинде Кубанычбекке анча ишене берчү эмес. Бүгүнкү сөзүң эртеси эле өзүңө душман болуп тарган чакта Мукай чындап астейдилденди. А түгүл жанараак эле:

– Бүгүн ушу саясатты коюп, жөн эле ыр-чоорлоп, ыр окуп отуралычы, - деген эле. Бирок отургандардын көпчүлүгүн Сталиндин тегерегинде миш-миштер кызыктыра берди. Мукай унчукпай калган соң Алыкулга мен жооп бермек болдум.

– Азыркы чуулуу окуяга бир эле Сталинди күнөөлөө туура эмес, менимче. Ушунун баарын кылып аткан көбүн эсе анын төгөрөгүндөгүлөр. Айрыкча Берия. Ал Сталиндин колтугуна, ишенимине аябай кирип алган.

– Туура! – Жусуп оюмду улап кетти. – Жоке, эгер сенин арызың Сталинге эмес, кокусунан Берияга түшсө, анда мындай болмок эмес. Бу Берия Лаврентий «Бөкөнбаевди партияда кайра калтыргыла дегендин ордуна Бөкөнбаевди дароо атып салгыла демек». А буердин Кокуйбаев жана Лоцманов сыяктуу бериялары сени үйүңдөн жетелеп чыгып эле сурабай-этпей эл душманы атап, шаардын сыртына алпарып атып салмак.

– Жусуке, сен антип Берияга шек келтирип сүйлөбө! – деди Кубанычбек. – Сурабай-этпей эле атып салуу бу Ягода менен Ежовдун учурунда болгон. Берия Ежовдун ордуна келери менен өзүңөр билесиңер массалык камоо сээлдей түштү. А түгүл Ежовдун учурунда камалгандардын көпчүлүгү азыр бошоп келе башташты. Эмне үчүн? Себеби, Берия чыныгы коммунист, чыныгы ленинец. Сталиндин оң колу. Бул менин сөзүм эмес, элдин сөзү. А жөн эле сүйлөй бербейт.

Туура эмес дегендей Жусуп кол шилтеп койду.

– Бир карасаң эл – жөн гана топураган топ. Мезгил үнүн бири түшүнүп, бири түшүнбөй, ары айдасаң ары, бери айдасаң бери кете берет. Эл чындыкты текши, дароо бир учурда баары түшүнбөйт, бара-бара кийин түшүнөт, кеч түшүнөт. Эгер эл ак-караны дароо көрө билсе, жамандыкка каршы дароо көтөрүлө билсе, анда тарых капшабында бейкүнөө курман болуп кеткен эчен-эчен мыкты уулдарын учурунда дароо сактап калар эле. Менимче, Берия деле – Ежовдон кем калбаган мыкаачы. Айырмасы эле Ежовго караганда ал өтө куу, өтө айлакер көрүнөт. Сталин аны Кавказдан жөн эле алып келе койгон жок. Гапар айткандай ал Сталиндин ишенимине аябай кирген. Бериянын куулугу ушу, элдин ишенимине кирүү үчүн репрессияны кыйла тыйды, бирок айтты дээрсиңер бу тыюу утурумдук гана. Кечээ түшүмдө элдин башына кара түн түшүп, а Берия колуна кара шамшар кармап, кара креслодо элди бийиктен карап отурат. Бу жаман түш. А мен түшүмө ишенем.

– Жусуке, сиз төлгө ачкандай эле сүйлөдүңүз, - деди Жоомарт.

– Кептин чыны ошо да. Өзүңөр ойлоп көргүлөчү. Эгер...

– Ыя, Гапар ак, - деп аңгыча Кубанычбек Жусуптун сөзүн бөлдү, - мына сен окуп-чокуп Москвадан жакында эле келдиң... Аерден айтылган туура, түз сөздөр буерге жеткиче бурмаланып кетет экен. Айтчы түз пикириңди, москвалыктардын пикири Берияга кандай?

– Жакшы эмес...

– Эмне үчүн?

– Себеби Берия Кавказдан таза келбептир. Муну эл жакшы билет экен.

Алыкул:

– А Сталин билбейт бекен?

– Балээнин баарын ошо Сталиндин билбегенинде. Анча-мынчага ишенбеген Сталин айтууга караганда Берияга катуу ишенет имиш.

– Рыков, а түгүл Бухаринге окшогон кишилерге ишенбеген Сталинди кантип Берия ишендирип алды экен?

– Ал мындай... Москвичтердин айтуусунда мындай. Отуз биринчи жылы Сталин Кавказдагы Цхалтубого эс алганы барып калат. А Берия а кезде Грузиянын ГПУсун жетектеп турган болот. Сталин келери менен анын өмүрүн коопсуздуктан сактайм деген шылтоо менен Берия Цхалтубого жетет. Сталиндин өмүрүн коопсуздуктан сактоо үчүн жүргөн атайын кишилер ансыз эле жетиштүү болсо керек, бирок Бериянын максаты башкада экен. Сталин кеткенге чейин аны менен бирге болот. Тартынбай, адамды түз тиктей билген өткүр көздөрүнө күмүш алкак көз айнек тагынган бу орто бойлуу кашка баш Лаврентий ойду айттырбай билген элпек мамилеси менен эле эмес, көп нерсеге көзү каныгып калган саясий жеткиленди менен да Сталинге жагып калат. Сталиндин кадыр-баркы эл ичинде өтө жогору болгону үчүн аны чын дилинен баалаган адамдар да ага түз батынып, оюн ачык айта алчу эмес, тартынчу,

ушундан улам алар Сталинге боорун бербегенсип, коюнунда котур ташын ала жүргөнсүп сезилчү. А Берия башбайчасы менен Сталиндин ичи-койнуна кирип кетет. Сталинге ал мына ушунусу менен жагып калат. Мына ушундан кийин Сталин Цхалтубодон түз эле Москвага заккрайкомдун (ал кезде Грузия, Армения, Азербайжан биригип Закавказия федерациясы аталчу) партиялык жана советтик жетекчилеринин отчеттук докладын Борбордук Комитетте угуу маселеси коюлган телеграмма жиберет. Бул күтүүсүз, чукул телеграмманын маанисин Сталинден башка бир да киши жакшы түшүнө албайт. А түгүл Борбордук Комитеттин секретары Каганович да бул ишке таң болот. Ошентип Сталин Москвага келери менен эч бир даярдыксыз эле кеңешме ачылат. Заккрайкомдун биринчи секретары Картвелишвили, экинчи секретары Яковлев, Эл комиссарлар советинин төрагасы Орахелашвили жана башка жетекчилер катышат. Кеңешмени Каганович алып барат. Күтүүсүз ачылган бул кеңешмеде майда-барат эле маселелер каралат. Сталин жыйынтык сөзүн сүйлөп, анан эң аягында адатынча трубкасына шашылбай отуруп тамеки ийлеп салып кумарлана соруп, ордунан турат. Ары-бери басып жүрүп, анан күтүлбөгөндөй, «Крайкомдун жетекчилигин бир аз өзгөртсөк кантет? Мисалы, биринчи секретарлыгына ошол эле Картвелишвилини, экинчи секретарлыгына Берияны...» Отургандар жым болот да калат. Мындай болорун ким ойлоптур? Ошондо бүркүт кабак Коба Картвелишвили кавказдык бакылдаган чечкиндүүлүк

менен тартынбай «Мен бу суу куйду Берия менен иштеше албайм!» дейт. Учурдан пайдаланып Сталинге жагынып калыш үчүн Мамия Орахелашвили «Коба, сен эмне деп атасың? Же мен жаңылыш угуп алдымбы?..»- дейт. «Жаңылыш уксаң дагы кайталап коеюн, кымбаттуу Мамия,- дейт Картвелишвили. – Мен суу куйду Берия менен иштеше албаймын!» Сталин үндөбөй ары-бери баса берет. Кавказдык жетекчилер жүрөк басып алган соң биринин артынан бири Картвелишвилини жактап чыгышат. Ошондо саал ызырынган үн менен Сталин «Мейли, анда, бу маселени азырынча кое туралы» - дейт. Бирок бул маселе «кое туралбайт». Көп узабай эле Коба Картвелишвили Батыш Сибирь крайына, Яковлев Уралга жетекчилик кызматка которулуп, Заккрайкомдун биринчи секретарлыгына Мамия Орахелашвили, экинчисине Берия дайындалат. Берияга андан нары жол ачылыш үчүн Орахелашвили Москвага кызматка чакырылып, Берия биринчи секретарлыкка келет. Кийин Закавказия федерациясы жоюлуп Грузия, Армения жана Азербайжан өз алдынча республика болуп түзүлүп, Берия Грузия республикасынын биринчи секретарлыгына келет. Келери менен Грузиянын отуздан ашык районунда- райондук милиция бөлүмдөрүнүн башчылары райкомдун биринчи секретарлыгына көтөрүлөт. Грузиянын мыкты уулдарынын көпчүлүгүн кийин ушул секретарлар жок кылды деген сөз бар. Берия бара-бара партиялык жетекчи гана эмес, белгилүү тарыхчы болуп чыга келет. «Закавказьедеги большевик уюмдарынын тарыхый маселелери» деген

китеби чыгат. Чын-чынында бу китепке анын чыпалагы да ооруган эмес. Китепти грузин тарыхчылары жазган, бирок көп узабай алардын көзү тазаланып, өзү автор болуп калат. Мурун Закавказия федерациясынын биринчи секретары болуп келген Берия Грузиянын эле эмес башка, Азербайжан, Армениянын да кээ бир ишине кийлигише баштайт. Кайсы бир түйүндүү чатактан улам ал өз кабинетинде, өз колу менен Армения Борбордук Комитетинин биринчи секретарын атып салганын өзүнүн эле жакын кызматташтары Москвада айтып жүрүшөт. Ежовдун ордуна келген мына ушундай киши, Кубанычбек...

– Ай, ошого шегим бар,- деп Кубанычбек мага ишене бербеди.- Жакын кызматташтары Берияны көрө албагандан ошентип атышат.

– Кана, сөзүңдү бүтүп беш бармакка карайлы,- деди Жоомарт.- Куке, эттен дагы туурай түш. Сени ушу ыр жаздырбай эле эт тууратып коюш керек экен. Карасаңар, Кубанычбек туурап атканда, эт тим эле чачына чейин чачырап турат экен. Нака кыргыз деп мына ушу Кубанычбекти айт.

Кубанычбек жулуңдай токтоду.

– Сен мени конокко чакырбай эле, иштеткени чакырыпсың. Мени иштетип кою-юп Гапар үкөсү экөө кажылдап сүйлөп отурат.

– Гапар беш бармакка эт туурай албайт,- деди Алыкул.

– Анткени, Гапар таза сарт болсо, Жоомарт чала сарт,- деди Кубанычбек. -Чала дегеним, Жоомарт

туурайт, бирок таластыктарча бүкүлүрөөк туурайт. Чүйлүк менен көлдүктөрдүн беш бармагын чайнабай эле сугуна берсе болот, а таластыктардын кайра туураганың аз келгенсип, аны калжыңдап дагы чайнашың керек. Э, Жоомарт, этиң аз го туураганга? Жүз грамм эт, бир кило камыр менен конок чакырганың кандай? Ушундан көрө оштуктарча палоо эле бассаң болмок экен.

Тенти сырттан беш бармактык бир чара булоолонгон сулп эт көтөрүп кирди. Кыязы, муздап кетпесин деп сыртта даярдап турган го.

– Оо, бу дурус!- деди Кубанычбек бычак мизин бармагы менен жанып. –Тенти карындашым болбосо, аты да Жоомарт, өзү да Жоомарт деп мактап жүргөн досубуз бир кило күрүчкө, бир кесим эт салып сугундуруп жөнөтүп иймек экен. Бали, карындашым. Өф, жаныбардын эти тим эле бүлдүркөн!

Деги Жоомарт менен Кубанычбек курч тамашалаша турган. Бир ирет Кубанычбек Тентини отко киргизмекке, көңүлү жакын акын-жазуучулар менен Жоомартты кошо конокко чакырып калат. Ичип-жеп, үй ичи оюн-күлкүгө, бакылдакка толуп калган кезде ортого чара эт коюлат. Эки жеңин чыканагына чейин түрүп койгон Кубанычбек эт жасап, ашканадан жиберип ийип, өзү келе элек болот. Жоомарт ордунан обдула берип, устукандабай эле жиликтерди ар кимдин табагына салып-салып берип, анан:

– Жей бергиле, табакта эч нерсе калбасын,- дейт.

Мукай бүлкүлдөп күлөт:

– Жоомарт, сен дагы бир нерсе баштаганы турасың, койсоңчу оюнуңду.

– Эч нерсе болбойт, тамаша да, жей бергиле,-деди Жоомарт.

Аңгыча Кубанычбек колуна шап бычагын кармап, таноолору дердеңдеп ашканадан кирип келип, бош калган табакты көрүп, не дээрин билбей томсоро туруп калат. Ошондо Жоомарт:

– Кубанычбек, салган этиң аз экен, бөлө келгенде эле мага да, Тентиге да устукан жетпей калды,-дейт.

Отургандар дуу күлүп, Кубанычбек шарт бурулуп, ашканага чыга берет. Төрдө отурган Мукайдын жубайы Бурулча:

– Оюнуңар жаман ушу. Эми байкуш Айнисаны курутат,-дейт.

Эгер артынан Жоомарт кайра чыгып, тамаша экенин түшүндүрбөсө, ачуусу чукул Кубанычбек аялын чын эле күпүлдөй кагып, дагы эт салдырмак. Ушул эле тамашадан улам Жоомарт бир ирет кой союп, Кубанычбекти аялы менен жалгыз чакырып, бир койдун этин чоң чарага салып, экөөнүн алдына коет. Ошондо Кубанычбек:

– Жоомарт!- деп чарт эте капа болот. - Сен мени Тентиге соргок деп жамандаган окшойсуң! Болбосо, бир конокко да бир кой сойчу беле?

Жоомарт аны жоото күлөт.

– Куке, карындашың Тенти али жаш. Конок келет, эт салып кой деп телефон чалсам, коноктор келет экен деп бир койдун этин бүт салып алыптыр. Мейли

Куке, бир өзүң миң коногума татыйсың. Бүгүн би-ир жыргап отуруп, жыргап жейли. Ансыз деле Кубаныч-бек бир койдун этин бир жейт имиш деп жүрүшөт, айда-жылда бир келет экенсиң, бир койдун этин бир жеп кетсең эмне болмок?

– Ошону ким айтып жүрөт?

– Эмнени?

– Бир койдун этин бир жейт дегенди?

– Ким айтсын? Мен кыргызмын дегендин баары айтып жүрөт.

- Ошо кыргызың буту менен баспай эле, оозу менен басып калган экен анда!

– Анан да минтип жүрүшпөйбү... Кубанычбек кой сойсо өзү жеп алат имиш да, конокторуна дүкөндүн көк шилте этин салып чакырат имиш деп...

Кубанычбек шылкыйды. Жоомарттын эмне үчүн минтип чакырганына, бу тирүүлүктө сараң-дык эмес, жоомарттык жеңерин, бирөөнүкүндө белен сүйлөп, белен ичкен киши бирөөгө белен бере да билиш керек деген курбусунун курч тама-шасы эми гана жетти окшойт, ийинин бир жулкуп алып, жулуңдай «куй арактан!» дейт. Мына ушун-дан кийин, айрыкча үйүнө конок чакырганда кой союп, анан да өткөндөгүгө окшоп жарымын катып койбой, кенен-кесири салып чакырчу болот. Мына эми азыр, Жоомарттыкында отуруп, адатынча андан бир кыйкым тапмакчы болду эле, Тенти беш бармактык бир чара этти ашканадан алып келип койду. Мукай тос алды.

– Дөөлөт тоголок болот, бир кылт этсе эле тоголонуп колуңдан түшүп калат. Мээнет жалпак болот, бир жабышса анда ажыраш кыйын» деген сөз бар элде. Эмнени айтмакмын? Дөөлөтүбүз келип турган чак. Жалпы кыргыз өнүп-өсүп, биз аларга бел чечип, эмгек өтөй турган чак. Мына жакында бүткүл кыргыз адабиятынын жана маданиятынын мыкты өкүлдөрү өлкөбүздүн борбору Москвада өтүүчү он күндүк декадага жөнөөнүн алдында турат. Бул зор сыноого ушул отурган баарыбыз катышабыз. А сыноо зор. Ошон үчүн айтаарым, бул зор сыноодо ынтымакта бололу, бири-бирибизге кенен бололу, ашкере тамаша менен обу жок кажышпай, тартиптүү бололу. Бүткүл күч-аракетибизди, талантыбызды жумшайлы. Ушундан улам боло келген жана болуп аткан арабыздагы кээ бир жаман адатыбызды карматып, бир келген тоголок дөөлөтүбүздү колубуздан түшүрүп албайлы. Бул бир!

Мукай колундагы чөйчөгүн имере тиктеп, башын жерге сала ойго муюй түштү. Отургандар жым тартып, аны күтөт.

– Экинчиси... «Түз ийилет, бирок сынбайт» деген кеп бар элибизде. Ишиң түз экен, элиңе болгон дилиң, ой-санааң түз экен Жоомарт, мына жолуң ачылды, ишиң оңолуп, акталдың. Буга биз аябай сүйүнүп, ошо сүйүнчүбүздү бөлүшкөнү келип отурабыз, анткени сенин сүйүнчүң – биздин сүйүнүч. Мындан ары ылайым ушундай сүйүнүчкө гана келип жүрөлү. Бул эки...

Үчүнчүсү, Москвага обону жазылган бир топ ырларың эле эмес, театрыбыздын сыймыгы болгон эки драмаң баратат.

– Жо-жо-о, экөө эмес!-деп Жоомарт тура калчудай обдула сөздү бөлдү. – «Айчүрөк» эми меники эмес, Муке.

Кечээ эле Жоомарт партиядан алынып, иши чатагына айланып, жолу торолуп турган кезде, Москвада өтүүчү он күндүк декадага даярдалып жаткан үч драманын экөө Жоомарттыкы болгондуктан «Алтын кыз» айласыз «Партизан кызы» аталып, автору коллектив деп туюк аталып, ал эми «Айчүрөктөн» «Алтын кыздай» эле Жоомарттын аты-жөнү алынып салынып, драманын либреттосун кайрадан иштеп чыгууга Жусуп менен Кубанычбекке берилген эле, экөөнө калем акы берүү жөнүндө чукул келишим түзүлгөн эле. Жоомарт акталгандан кийин бу маселе боюнча Кубанычбек култуюп унчукпай, ал эми жолдо учураган Жусуп «Жоке, эми акталдың, «Айчүрөгүңдү» кайра өзүң ал дегенде, анын жанында турган Кырбашев кыйшая кычым сүйлөп, «Айчүрөгүңдү» кайра алсаң эки эрге тийген аялыңды кайра алгандай эле болуп калбайсыңбы! Хе-хе-хе!-деп, ыгы жок тамаша чалган эле. Тамаша болсо да Жоомарт ичинен кыйла сына түшүп, анын акталганына сүйүнбөй, кайра кырс тамашасы менен жамбашка алгысы келген, зор күрөштө жыгылбаган Жоомартты жок дегенде сөзү менен жыккысы келген анын ит адатына ичинен өкүнүп, ызасы келип, «Айчүрөгүнө»

ичинен эки «талак» коюп салган эле. Ушундан улам азыр ордунан тура калчудай Мукайдын сөзүн бөлдү:

– Жо-жо-жо! «Айчүрөк» эми меники эмес, Муке!

Жусуп барбаланддай колун шилтеп салды.

– Жоомарт, «Айчүрөк» – сенин эмгегиң. А биз... биз болсо башыңа караан түшүп турган чакта кокусунан, айласыз автор болуп калдык эле. Биз кайрадан жазымыш болуп чыгып, редакциялануга берилгенде, биздин жазганыбыз, айрыкча Кубанычбектики бүт сызылып салынып, кайра эле мурунку өзүндүн вариантың калган. Мен да кол кабыш кылгам, бирок андан кечем. Кубанычбекти билбейм, ушуга чейин мен чийки май жегенсип жүрөм. Мына эми ишиң оңолуп, актадың. Арыз берип «Айчүрөгүңдү» кайра өзүңө ал. Ыя, Кубанычбек, кандай дейсиң?

Туура дегендей Маликов көңүлсүз баш ийкеп койду.

Жоомарт:

– Жок, Жусуке, жок! Колумдан бир кеткен «Айчүрөктү» эми өзүмдүк кылбай эле коеюн. Меники эле эмес, үчөөбүздүкү болсун. «Айчүрөк» ансыз эле элге үчөөбүздүкү болуп таанылып калды. Жусуп, Кубанычбек, Жоомарт «Айчүрөктү» талашып, тытышып атыптыр деп сөз кылат. Аман болсом, Жусуке, мындай драманын көбүн жазам! Муке, кечирип коюңуз, уланта бериңиз сөзүңүздү.

Мукай Жоомартты ыраазы боло тиктеп турду. Жайык маңдайы ого бетер ымшый жарып, көңүлү чак тартып турду. Бирок сөзүн башкачараак буруп сүйлөдү.

– Эми бу өз ишиңер. Анткиле, минткиле деп силерге ортомчу болбойлу. – Кубанычбекке бурулуп, адатынча акырын күлүп койду. – Жоомарттын жоомарттыгы башкага жакпаса да айрыкча Кубанычбекке жагып турат окшойт. «Айчүрөктөн» ажырагысы келбей турат окшойт. Мындай болгон соң эртең эле коюн союп, бизден ак бата алып коюшу керек. Ыя, Гапар же туура эмеспи?

Баары күлүп калышты. Этти уучунда шыпылдата чачырата туурап аткан Кубанычбек ийиндерин күйшөй бүлкүлдөп күлдү.

– Кайдагы төө? Гапар ак пахта майына палоо басып, ана «олиң эле олиң» деп арагы жок, көк чайы менен кыстап турмак. Ха-ха-ха!

Баары дуу күлүштү.

– Анда эмесе, сөзүмдү мен аяктайын. Айтарым бу. Биздин кыргыз адабиятынын келечеги кең. Себеби? Себеби эле «Манас» деген төө көтөргүс дастаныбыз бар. Мындай дастан жөн эле капысынан жаралып калган эмес, ооздон оозго байытып келген. Биздин адабияттын угуту, көрөңгөсү «Манаста». Ошон үчүн аман болсок көрөсүңөр, дагы жыйырма, отуз жылдан кийин кыргыз адабияты, кыргыз маданияты ого бетер гүлдөйт. Союзга эле эмес, дүйнөгө таанылат. Тирүү болсок көрөбүз, өлүп калсак айла жок. Кана анда, адабиятыбыздын ошол келегечи үчүн ичебиз!

Баары дүркүрөп, орундарынан турду. Мукай үстөл тегерене чөйчөгүн ар бири менен тийиштирип өтүп, кайра ордуна келди.

– Оозуңа май эмес эле куйрук, Муке! – Мукай алып иери менен колуна бир тилим куйрук кармап, Жоомарт анын жанында турду.

* * *

Отуз тогузунчу жылдын башында Сталин алтымыш жашка карады. Элүү жети, элүү сегиз, а түгүл элүү тогуз жашында бу көз ирмем өмүрдүн ушунчалык тез, ушунчалык кыска экенин, анан да антипминткенче эле, жашоонун кумарына канып-кана элегинде эле карылык кара көлөкөдөй артыңдан жете келерин мынчалык ичтен сызып, ичтен тынып ойлогон эмес эле. Он жыл ошондон бери түз эле өтүп кетиптир. Шуу коюп дагы он жыл өтсө күрөш да, өмүр да ошо менен бүтөбү? Адамдын колунан не гана келбейт, бирок өмүрдү бир аз он жылга токтотуп коюу колунан келбейби?

Бардык эле тирүү адамдардай карылык билинбей мууну алып, өлүм жакындаган сайын, ал да пенделик кылып, жаратылыштын бу катаал мыйзамына анча ыраазы боло бербей, ичтен бир муңканып алганы менен, өзүнчө купуя ыраазы болгонсуду. Кылчайып артын караса, тоодон түшкөн бөкөн суудай ээ-жаа бербей күпүлдөп, өмүрү бүт эле күрөш менен өтүптүр. Революциялык ишке он сегиз жашынан аралашып, өспүрүм кези ыр жазуу менен өткөн. Адатта он сегиз жаштагы өспүрүм сүйүү, арзуу ырларына ынак келип, махабат ырларын жазат эмеспи, а Сосо Жугашвили (Иосифди энеси Сосо деп эркелетчү) түз эле саясий ырларды жазган.

Жан досум, элдин муңун билесиңби,
Жан тартып, жардыга баш иесиңби?
Эгер мен алар үчүн күрөш аясам,
Отко сен мени менен киресиңби?

Токсон беш, токсон алтынчы жылдары Тифилисиде чыгуучу «Иверия» жана «Квали» гезиттерине Сталиндин мына ушундай саясий ырлары чыга турган. Деги ушунун баарын эмне үчүн азыр эстеп калды? Алтымышка келип, те жаш курагына кусалангандан эмеспи? Жок. Кечээ күнү Кремлдеги үйүндө көптөгөн кол жазмаларын оодарып отуруп, былтыры, миң тогуз жүз отуз сегизинчи жылы Детгиз басмасынын директору Андреевге жазган катынын көчүрмөсүн таап алды. Каттын жазылыш себеби мындай эле. Отузунчу жылдары Смирнова деген автор «Сталиндин балалык кези жөнүндө аңгемелер» деген жыйнагын даярдап, Детгиз басмасына берет. Китепти жарыкка чыгаруу алдында басманын ошо кездеги директору Андреев кол жазманы Сталиндин өзүнө бир каратып алууну ылайык көрсө керек. Өзү жөнүндө жазылган аңгемелерди окуп чыккан Сталин Андреевге мындай деп кат жазган.

«Сталиндин балалык кези жөнүндөгү аңгемелерди» басмадан чыгарууга мен түздөн-түз каршымын!

Ак ниет жалганчылар, кошоматчылар каармандын бала кезин өтө эле апырта мактап, тим эле аңыз, жомок кылууга чейин барып, жыйнакты түзгөн авторду туура эмес жолго салышкан. Жыйнакта чындыкка ылайык келбеген, деги бөтөн эмес, мен өзүм ишенбеген апыртма фактылар өтө көп. Албетте,

автордун эмгеги текке кеткени үчүн аны абдан аяйм, бирок факты деген факты!

Бу маселенин бир гана жагы. Ал эми экинчи бир жагы, болгондо да өтө зыян жагы, бу китеп совет элинин (деги эле бүт элдин) аң-сезимине кол башчыларды жана саясий каармандарды эч бир кынтыгы жок кылып көрсөтүп, ушундан улам жеке адамдын зоболосуна сыйынууга түздөн-түз өбөлгө түзөт. Бул өтө кооптуу жана зыян. «Каармандар» менен «элди» экиге бөлүп кароо – большевиктердин эмес, эсерлердин теориясы. «Ызы-чуу элдин башын бириктирип, каармандар элди жаратат! деп большевиктер жооп берип келет. Ошон үчүн, ушул жана ушул сыяктуу китептер жарык көрсө, анда эсерлердин өчүп барткан очогуна эртең эле от жагып берип, бизге жана биздин большевиктик коомго өтө зыян кылышы мүмкүн. Китепти өрттөп салууңузду өтүнөм.

И. Сталин.

16-февраль 1938-жыл»

«Көзүмдүн тирүүсүндө ашкере мактаган ушул сыяктуу адамдар көзүм өтөөрү менен биринчи болуп жамандашары ырас, - деп ойлоду Сталин. – Эгер ошондой эле жазгысы келишсе жакшы жагымды эле эмес, жаман жагымды да калыс айтып жазышпайбы! Көзүмдүн тирүүсүндө ашкере жакшылап, өзүм өткөндөн кийин ашкере жамандап салышы бир эле мага эмес, бүтүндөй элдин, бүтүндөй тарыхтын беделине шек келтирет, эл менен партияны ажырым жолго салат. Биздеги эң жаман адат – көзүң өтөрү менен

жакшы жагынды эмес, начар, кемчил жагынды гана издеп калышат».

А кемчилик кимден кетпейт? Эч нерсе иштебеген жана өлүп жерде калган кишиден гана кетпейт. Бөтөндү айтпайлы, кезинде Ленин өзү да кемчилик кетирген, ашкере ырайымсыз буйруктарды берген. Ал буйруктардын кээлери бүгүнкүдөй Сталиндин эсинде.

Мисалы, Лениндин Сокольниковго жазган катында мындай деген буйруктар бар.

«Ырайымсыз түрдө катуу жаза колдонгон бир нече сот процесси азыр керек болуп турат. Экономикалык жаңы саясат (НЭП) катаал, ырайымсыз жаңы жазаны талап кыларын НКюст (юстиция Эл комиссариаты) түшүнбөй атат көрүнөт.

12-февраль 1922-жыл»

Ошол эле жылы Ленин «Жазуучулар менен профессорлорду чет өлкөгө кетирүү жөнүндө» Джержинскийге жазган буйрук катында мындай дейт.

«Булар жеткен контрреволюционерлер, Антантанын жардамчылары, аларга кызмат кылуу үчүн шпиондорду даярдап, жаштарды тескери ишке алып баруучулар. Ошон үчүн биз бу «аскер шпиондорун» такай артынан кууп кармап жана колго түшүрүп, чет өлкөгө дароо кетирип туруу керек. Бул эки нускадагы катты көбөйтпөй туруп, Саясий бүйрөнүн мүчөлөрүнө гана жашыруун түрдө тааныштырып, бир нусканы өзүңүздө калтырып, экинчисин кайра мага берип ийиңиз.

19-май, 1922-жыл».

Сталин канжасын тамызып, терезенин жанына келип турду. Москва эбак терең уйкуга кетип Сталиндин Кремлдеги үйүнүн кош кабат терезеси гана күйүп турган эле. Түнкү коноктон кеч кайткандар, же шаардын ээн, кылбат жерлеринде бир оокумга чейин тил сорушуп, сыр чечишкендер. Кремлди кемердей курчаган кенен кыябында баратышып, баш-аягы жок чоң шаарда жалгыз гана күйүп турган терезени көрүшүп, «Жолдош Сталин иштеп атат», «Биз минтип сейилдеп жүрсөк, атабыз Сталин уйку көрбөй иштеп атат» деп сыймыктанып өтүшчү. А Сталин бүгүн иштебей жөн гана ойго батып турду. Андреевге жазган катынын көчүрмөсүнөн улам, мындан эки жыл мурун атууга кеткен Бухарин, Каменев, Зиновьев, Рыков жана Якирдин тегерегиндеги окуялар эмнегедир эсине түштү.

«Троцкийлик-зинвьевдик борборду» жашыруун жетектегендерди сот алдында моюндарына коюлуп, атылуу алдында турган Каменев менен Зиновьев Бухарин, Рыков менен Томскийди өздөрү менен кошо ала жаталы дештиби, «алар биздин иш менен байланышы болгон» деп, сот учурунда экөө тең жарыша айтып чыгышты. Ушундам улам соттогу экөө менен көзмө көз көрүштүрүүнү сурап Бухарин Сталинге сөзсүз түрдө өлтүрүү керек экени жөнүндө отуз экинчи жылы токтом кабыл алганы, анын ичинде Бухарин бар экени жөнүндө сурakta жаткан Астров айтып чыкканы аз келгенсип, ушул учурда Кыргызстандан Ежовдун ысымына Бухарин жөнүндө мындай деген кабар келди.

«Бухарин Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстанга ушуну менен экинчи ирет келиши. Республиканын ички иштер Эл комиссариатынын байкоо маалыматына караганда Бухарин буяка отпусканы шылтоо кылып, жөн эле эс алууга келген эмес өңдүү. Рыков экөө отуз экинчи жылдан баштап «троцкийлик-зиновьевдик борбор» менен байланыш түзүп, аскер башчылары Тухачевский, Фельдман, Примаков жана Путно сыяктуу троцкийлер менен аскер төңкөрүшүн жасап, Сталиндин ордуна Томскийди көтөрүп, Россиядан Сибирди бөлүп, аны Рыковго, Орто Азияны бөлүп, өзбекстандык Икрамов менен Ходжаевге, кыргызстандык Орозбеков менен Абдырахмановго берүү жөнүндө «генералдык планын» ишенимдүү кишилерине билгизип жүргөнсүйт...

Бухарин жөнүндө борбордук гезиттерде көп эле сын пикирлер айтылып атат, а бирок эмне үчүн ал Орто Азияга чейин «саякат» куруп, оюна келгенин айтып, ээн-эркин жүрөт?

Кыргызстан ички иштер Эл комиссариаты Лоцманов».

Ежовдун өтүнүчү боюнча Поскребышев бу кабарды ошол эле күнү Сталинге кийирди. Сталин кабарды бир эмес, эки ирет карап чыгып, анан үстөлдүн бир четине аны асте ыргытып коюп ордунан турду. «Герцеговина Флор» деген боорунда жазуусу бар кутучадан бир чылым алып, анын жартысын сындырып, калжайган эски канжасына кылдат төгүп, шашылбай ийлеп, анан аны тамызбай оозуна салып, төр үстөлүн көздөй басты. Ордуна отуруп, тиги ыргытып койгон кагазды кайра алдына тартып, анын артына

Бухариндин ага жазган катын тиркеп, Лоцмановдун жиберген катынын бир четине:

«Жол. Ежовго! Лоцманов менен тезинен байланышыңыз жана каттагы фактыларды тактаңыз.

И. Сталин» деп жазды.

Көп узабай Каменев менен Зиновьев атылды, бу дүйнөнүн ыргоо-жыргоосына тоюп, кыйноосунан арылып жандары жай алып, жайрап жатып калышты. Аларга арбалган ажыдаардын азуу тиши эми эркиндикте жүргөн Бухарин, Рыков, Томскийге арбалып, айрыкча алгачкы учурда Томскийге кыйын болду. Иштеген жериндеги партиялык уюму «троцкийлик-зиновьевдик борбордо» болгонсуң деп, Томскийди чөгөлөтө күнөөлөп, мүңкүрөтө кордоп туруп алышты. Ошондо бу кең дүйнө ага аябай тар болуп кетти окшойт, эртеси эле «... мен сенден партиянын жетекчиси гана эмес, те мурунтан мамилебиз келишкен шериктеш революционер жолдош катары өтүнөөрүм бирөө гана. Каменев менен Зиновьевдин жалган ушагына ишенбе. Оңчул уклон талкалангандан кийин эч кандай уюмга катышкан эмесмин» деген кат жазып, Сталинге калтырды да эртеси Болышевдеги дачасында өзүн өзү атып салды. Муну уккан Бухарин жаагы талый кыжынды.

«Жөн эле өлүп бербей, чындыкты айтып жатып өлбөйбү!»

Каменев менен Зиновьев отуз алтынчы жылы жөргөмүштүн торуна түшкөн чымындай Ягоданын торунда калса, отуз жетинчи жылы Ежовдун торунда

Бухарин менен Рыков калды. Томский жаны тынып, жаннатка чыгып жатып калды. Бирок Бухарин баш болгон Томский жана Рыков үчөө тең чынында эле троцкийлик блок менен байланышы болгон деп, жакында эле камакка алынган мурдагы эски большевик Сокольников менен башка жерде эмес, так Кремлдин өзүндө көзмө көз беттештирди.

Каганович:

– Григорий Яковлевич, Бухарин менен Рыковдун «троцкийлик-зиновьевдик блокто» болгон байланышын азыр кандай фактылар менен моюндарына кое аласыз?

Сокольников:

– Булардын моюндарына кое турган менде эч кандай деле факты жок... Бирок, Каменевдин айтуусуна караганда отуз үчүнчү жылдын аягында же отуз төртүнчү жылдын башында «троцкийлик-зиновьевдик блокко» кирүү иши боюнча ал Бухарин менен Рыковго бир нече ирет жолугушканын мага айткан.

Бухарин:

– Гарри, кудайды карап сүйлө, жалган!..

Каганович:

– Бухарин... «Кулпу күчтүү эмес, ачкыч күчтүү» дейт эле. Кыйкырып, өзүңдү кулпу сезгениң менен ачкычың ачылып калды.

Ушунун эртеси эле «Сталинди сөзсүз түрдө өлтүрүү керек деген директиваны 1932-жылы Бухариндан өз колум менен алганмын деп суракта жаткан Астров кечээ көрсөтмө берди» деген катты Ежов жогорудагы

көзмө көз жолугушуунун токтомунун артына кошо тиркеп Сталинге киргизди.

1936-жылдын сентябрынан 1937-жылдын февралына чейин камакта жаткан мурунку «оңчулдардын» оозунан жазылган алтымыштан ашык сурак токтомун Ежов Сталинге киргизген. Анда Сталинди бийликтен алуу же өлтүрүү камылгасы мурунтан эле болуп келгени айтылган. Кыскасы, Бухаринди жамандоо массалык түргө айланып кетти. Ушуга байланыштуу 1937-жылдын 23-февралында ВК ВКП (б)нын чукул Пленуму ачылып, Ежов доклад жасады. Пленумда сүйлөгөндөрдүн бирөө да Бухарин менен Рыковга жан тартып, калыс сөз сүйлөгөн жок. Иреңинен каны качып, Бухарин кайрадан ордунан турду.

– Жолдоштор, мен буерде эң алды Ежов менен Микояндын сөзүнө макул эмесмин. Бу жолдоштордун айтуусунда мен ВКП (б) БКнын саясий бүйрөсүнүн мүчөлөрүнө жазган катымды Троцкийдин методун колдонуп, Борбордук Комитетти коркутуп жазган имишмин. Бу туура эмес анткени...

Буденный:

– Анда эмнеге, мени актагыла, болбосо өзөрүп өлмөйүнчө[1] ачка жата берем деп коркутуп жаздың?

Бухарин:

– Жолдоштор, сүйлөп атканымда сөзүмдү бөлбөөңөрдү өтүнөм, анткени, азыр сүйлөө эле эмес, жөн эле туруп туруу мен үчүн өтө кыйын.

Ворошилов:

---

[1] *Өзөрүп өлмөйүнчө* – Бухарин голодовка жарыялаган.

– Актагыла, болбосо өзөрүп өлөм деп коркутуп жазганың жалганбы?

Бухарин:

– Жазганмын, бирок ал Борбордук Комитеттин адресине эмес. Мага Борбордук Комитет эмес, Каменев, Зиновьев, Сокольников баш болгон куру жалаачылар жана кайдагы бир сайда саны жок Куликов, Астров сыяктуу күбөлөр жана ошо күбөлөрдөн жалган көрсөтмө алган НКВД туура эмес жалааны коюп атышат. Адам болгон соң, адамдык укугумду коргошум керек го? Алдан тайып, күчтөн тайып, кор болуп турганда оюңа эмне ылайык келсе ошону айтасың, ошону жазасың... Мага азыр өтө оор!

– Муну көрсөң!.. – деди Ворошилов.

Бухарин:

– Өтө кыйналып, өтө кайгырып турганымда ошентип жазганмын. Кимдир бирөөнү коркутайын деген оюмда болгон эмес, болбойт дагы!

Сталин:

– А өзөрүү жарыялаганың коркутуу эмеспи?

– Коркутуу эмес. Азыр дагы өзөрүү режиминдемин. Бу коркутуу эмес. Артымдан кандай гана ушак сөздөр айтылбады. Чыдоо эле эмес угуу кыйын. Мындай учурда тапанчаны чыкыйга такап, бир ок менен тыңгың келет, бирок мен антүүгө барбайм. Анткени, абийир ачылаарын билип, Томскийче өзүн-өзү атып салды деп, эртеси эле айтып чыгасыңар. Ал эми өзөрүп өлүү бул Борбордук Комитетти коркутуу эмес, бу чындык үчүн чыркырап жатып өлүү, күрөшүп жатып өлүү.

Буденный:

– Бузуку десе!

Ворошилов:

– Акмак! Дайыма тилиңден табасың сен! Эмне деп атканыңды билесиңби?!.

Бухарин:

– Түшүнсөңөр боло, мага азыр өтө кыйын!

Сталин:

– А бизге оңойбу?

Ворошилов:

– Мунун деле күрөшчүлүн! Өзүн атып өлбөй, өзөрүп жатып, күрөшүп жатып өлөт имиш?!.

Сталин:

– Бухарин, Брест тынчтыгын чечүү мезгилинде эсерлер менен келишип кеткениңди эмнеге жашырып келдиң?

Бухарин:

– Жашырган эмесмин. Бир күнү солчул эсерлер мага өздөрү келип «Ленинди колго түшүрүп, өлкөнүн жаңы жетекчилигин түзөлү, бизге кошуласызбы?» дешти. Бул кабарды мен дароо Лениндин өзүнө айттым. «Муну менден бөлөк эч кимге айтпаңыз жана айтпайм деп мага азыр убада бериңиз» деп Ильич мага катуу эскертти. Убада боюнча эч кимге айткан эмесмин, бирок кийин сиз менен бирге Троцкийге каршы чыкканымда бул фактыны мисал катары айтууга туура келген.

Микоян:

– Борбордук Комитетке эч жалган айтпайм дедиңиз. Анда эмне үчүн Куликов менен болгон байланышыңыздын жылдарын эки айры айтып атасыз?

Бухарин:

– Бул жалган эмес, жөн гана адашып калдым.

Хрущев:

– Жалган!

Ежов:

– Бухарин, Кыргызстан ички иштер Эл комиссариаты Лоцмановдун сиз жөнүндө жиберген каты бар. Өзүнчө окулсун деп, докладка кошулган эмес... Каршы болбосоңуз окуп берели.

Бухарин:

– Окулсун.

Ежов Лоцмановдун катын окуп берди. Кыйлага тунжураган жымжырттык өкүм сүрө калды. Анан Бухарин:

– Мунун баары бузукулук, чагымчылык!-деди.

Ворошилов:

– Бир эле сен акылдуу, калганыбыз бүт бузуку, чагымчылар экенбиз да?!

Бухарин жана Рыковдун иши боюнча экинчи чакырылган Пленум ушундайча аяктады жана Борбордук Комитеттин Плenуму тарабынан төмөндөгүдөй атайын комиссия түзүлдү.

Бухарин жана Рыковдун иши боюнча ВКП (б) БК нын Пленумдагы заседаниесинин токтому

Москва, 27-февраль, 1937-ж.

Катышты:

Комиссиянын төрагасы – Микоян.

Комиссиянын мүчөлөрү – Андреев, Сталин, Молотов, Каганович, Буденный, Ворошилов, Калинин, Косиор, Ярославский, Литвинов, Якир, Кабаков, Берия, Мирзоян, Эйхе, Багиров, Икрамов, Варейкис, Яковлев, Чубарь, Косарев, Постышев, Петровский, Николаева, Шверник, Угаров, Антипов, Гамарник.

Комиссия мүчөлөрүнүн сунуштары угулду:

Ежов – Бухарин жана Рыков ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү Аскер трибунасынын сотуна берилип, жогорку жаза-атууга буюрулсун.

Постышев – ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б)нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, сотко берилип, бирок атууга буюрулбасын.

Буденный – ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулсун.

Сталин – ВКП (б) БК нын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, сотко берилбей, экөөнүн иши НКВДга өткөрүлсүн.

Мануильский – ВКП (б) БК нын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулсун.

Шкриятов – ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулбасын.

Антипов – Шкриятовдун сунушун колдойм.

Хрущев – Жолдош Сталиндин сунушун колдойм.

Николаева – Мен дагы.

Ульянова – Жолдош Сталиндин сунушун колдойм.

Шверник – ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулсун.

Косиор – ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулбасын.

Петровский – ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулсун.

Литвинов – Жолдош Петровскийдин сунушун колдойм.

Крупская – Жолдош Сталиндин сунушун колдойм.

Косарев – ВКП (б) БК нын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, өздөрү сотко берилип, атууга буюрулсун.

Якур – Жолдош Косаревдин сунушун колдойм.

Варейкис – Жолдош Сталиндин сунушун колдойм.

Ворошилов – Жолдош Сталиндин сунушун колдойм.

Молотов – Жолдош Сталиндин сунушун колдойм.

ТОКТОМ ЧЫГАРЫЛДЫ

1. Бухарин жана Рыков ВКП (б) БКнын кандидаттык тобунан жана ВКП (б) нын мүчөлүгүнөн чыгарылсын, сотко берилбей, экөөнүн иши НКВДга өткөрүлсүн.

2. Сталин, Молотов, Ворошилов, Каганович, Микоян жана Ежов составында болгон комиссиянын тобуна, кабыл алынган бүгүнкү чечимдин негизинде далилденген резолюциянын долбоорун түзүп чыгуу тапшырылсын.

Комиссиянын төрагасы *А. МИКОЯН.*

Ошол эле күнү, 1937-жылдын 27-февралында Бухарин менен Рыков камакка алынып, 1938-жылдын он үчүнчү мартында эрте менен экөө бир учурда атууга кетти.

Сталин турган жеринде былк этпей ойго муюп, ичинен өкүнө тынды. Адам деген ушу кызык жаралган жан экен го. Бирөөнүн башына түшкөн кара түндү, өзүнүн башына түшкөн кара түндөй сезе билбейт экен го. Ошон үчүн бу турмушта чындык жок, калыстык жок. Бухариндин тагдыры бычак мизинде турганда Ежов баш болгон Буденный, Якир, Косарев ж.б оңой эле Бухаринге атуу жазасын сунуш кыла коюшкан эле. Бири кем дүйнө десе, ошондон бир жыл өтпөй Косарев, үч ай өтпөй Якирдин өзү атылды.

Айтмакчы Якир жөнүндө. Түрмөдө жатып Сталиндин атына кат жазыптыр. Катты окуп чыгып Ворошилов менен Буденныйды өзүнө чакыртты. Экөө тең айтылган күнү алтыда кирип келишти. Сталин эбак өчкөн канжасын колуна кармаган боюнча сурдана ары-бери басып, Молотов узун үстөлдөгү орундуктардын биринде отуруптур. Экөөнүн саламына Сталин суз баш ийкеп, анан төр үстөлүнөн бир барак кагаз алып минтти.

– Иона Якирдин каты. Менин атыма жазыптыр. Мындай дейт:

«Бир кезде бирге согушкан жоокер досторум, өлүм алдындагы түрмөдөгү үнүм жетер бекен силерге?! Падышалык мезгилде мен өлүмгө жана сүргүнгө айдалганымды жакшы билесиңер. Кийин совет бийлиги үчүн өзүңөр менен бир катарда согушуп, бир нече ирет жарадар болгонмун. Силерден өтүнөрүм, менин тагдырымды дагы бир ирет талдап, текшерип, карап көргүлөчү. Кайсы бир душман арабызга кирип алып, бирибизге-бирибизди карама-каршы коюп аткансыйт. Күнөөсүз күнөөлүү болуп атам. Эгер мага жардам кыла албасаңар, жок дегенде үй-бүлөмө жардам кыла көргүлө».

Бул Якирдин атылар алдындагы каты эле. Сталин катты Ворошиловдун алдына акырын таштап, Буденный экөөнө минтти.

– Якир... экөөңөр тарбиялаган кадр. Экөөңөр кандай чечсеңер мен ошого макулмун...

Ворошилов катка бир сыйра көз жүгүртүп өтүп, анан каттын бир четине:

– «Саясаттагы аныk жалап!» – деп жазып, анан анын алдына кыжына кол койсо, ошонун эле жанында Буденный «Итке иттей өлүм!» деп жазып, кол койду.

Якир атылды. Ушундан кийин Буденныйдын өзү аз жерден камакка алынган жок. Ворошилов ортого түшпөсө, ал да түрмөдөн актанып Сталинге Якирге окшоп кат жазмак. Ал эми Ежовчу? Кийинки эки жыл ичинде «Бу санкцияны биринчи категория менен

айыптооңузду өтүнөм» деп Сталинге канча ирет тизме киргизбеди. Биринчи категориянын тизмесине түшкөндөр өлүм жазасына буюрулгандар эле. Мына ошол кечээ оозу менен от бүркөн Ежов бүгүн алдынан мышык ыйлоочудай болуп түрмөдө отурат. Эгер эртең же бүрсүгүнү өзүнө окшогон бирөө анын тагдырына калыс келбей, ойлонуп-толгонбой оңой эле, дароо эле өлүмгө буюра салса, жок дегенде ошондо, өлүм өзүнүн башына түшүп турган чакта өзүнүн пенделик бөксөөлүгүн ойлоор бекен? Жок! Ойлонбойт! Ежов акмак! Чочко! Бөрк ал десе баш алган макоо! Мурунку оппозицияда тургандарды жок кылуу иши, айрыкча Ежовдун учурунда көпчүлүк жерлерде советтик закон өтө бузулуп, бурмаланып, миңдеген күнөөсүз күнөөлүүлөр жазага тартылып кеткен. Ыраакы Кыргыз ССРинин ички иштер Эл комиссариаты болуп иштеген Лоцманов деген неме Ежовдун оң колу экен. Мына ошол Лоцманов 1938-жылы оңчул троцкийчилерди жана совет өлкөсүнө каршы иштеген шпиондорду жок кылууда Кыргыз Республикасынын милиция бөлүмдөрүнүн ортосунда өз ара социалисттик мелдеш жарыялаганына жол болсун! Кайсы бөлүм камакка көп алып, камактагылардын күнөөсүн моюндарына көп койсо, ошо бөлүм айына, кварталына жеңиш байгесин алып, акчалай сыйланып турган. Мындан өткөн макоолук болобу? Ушундан улам күнөөсүздөр да күнөөлүү болуп кеткен. Эми ал өттү, кетти. Кайдагы бир Лоцманов эле эмес, буердеги, жанындагы Ягода менен Ежовдун теңирден тескери иштери анын зоболосуна шек келтирди го...

Сталин оюнун ушерине келгенде, эми жамандыкты эмес, жакшылыкты гана ойлогусу келди. Жашыруунун кереги не, учурунда өзү да жаңылып-жазды. Бирок кийинки он жыл ичинде, тагыраак айтканда, жыйырма тогузунчу жылы кырктан элүүгө караган курагында Троцкийди биротоло жеңип, өзүн чет өлкөгө айдап салса, отуз тогузунчу жылы алтымышка караган курагында өлкөнүн ичиндеги троцкизмдин куйруктарын биротоло терип салды. Айрыкча XVII съезддин чуусу дагы көп адамдарды сүйлөтөт, ойлонтот, анткени ушул съездге келген 1966 делегаттын 1108 делегаты репрессияга кабылды. Көппү, же азбы? Албетте, көп. Кийинки урпактар мени күнөөлөшү мүмкүн, бирок мени күнөөлөгөн муундун ошол өкүлү азыр менин ордума келип отурса, туура же туура эместигине карабай социализмди эгер чындап коргогусу келсе, анда так азыр мен жасаганды жасап, мен кылганды кылмак. Анткени башка жол жок, болушу мүмкүн да эмес! А репрессия революция эмеспи? Бу да өзүнчө революция!

Айтмакчы жакында эле Сталин түш көрдү. Түшүндө Троцкий менен шахмат ойноп, эки жолу аны утуп, үчүнчү жолу утулуп калат имиш. Болгондо да шахмат доскасында жалгыз королу менен калып Троцкийдин пешкалары королун бурчтан бурчка кубалап атат имиш. Сталин түшкө анча маани берип, ишенчү эмес. Бирок бу түшүн Молотовго тамаша-чынга сала айтып берди. Молотов адатынча сүйлөөрдөн мурун жети өлчөп, анан бир кесимиш болуп, кыйлага үндөбөдү, анан:

– Жакшы түш экен... – деди. – Түшүңдөгүдөй эле Троцкийди өңүңдө эки ирет жеңдиң. Биринчисинде өзүн, экинчисинде Каменев менен Зиновьев баш болгон шакирттерин. Үчүнчү жолу андан утулуп калганың – анын тирүү жүргөнү...

Молотовдун бул сөзү Сталинге жага берди.

– Троцкийдин көзүн тазала дегени турасыңбы? Тамыры кыркылган дарак өзү эле куурап түшөт. Анын тамырлары кыркылды...

Молотов унчукпай калды. Сталин ордунан туруп, анан ары-бери баса баштады.

– Дүйнөдө социализмдин элдешпес эки душманы бар. Бул – троцкизм жана фашизм. Фашизм Вячеслав... эртеби-кечпи бизге кол салбай койбойт. Салат! Эгер түшкө ишенсек, мына ошо фашизмди жеңет экенбиз, а троцкизм болсо жеңилди. Ал эми Троцкийдин үчүнчү оюнда мени утуп алышы, менимче, мындай... – Сталин Молотовдун дал алдына келип, канжасынын учу менен куйкум мурутун асте кашып, анан ар бир сөзүн бөлүп, таптап сүйлөдү. – Көзүмдүн тирүүсүндө мени чет элдик душмандардан сактап калган өзүбүздүн эле адамдар мени жамандайт окшойт...

– Эмне үчүн минтип ойлойсуң?

– Борис Пильнякты окудуң беле? Петр Іди ал мыкаачы жана бузуку болгон деп жамандаса, «Петербург» романында Андрей Белый Петрди бийликтин кулу болуп, элдин шоруна бүткөн падыша катары жазат. Көзүң тирүүсүндө душманың сырттан чыкса,

көзү өткөндөн кийин душманың ичтен чыгат. Көрдүңбү... А Петр деген ким? Иван Грозныйдан кийинки эле мыкты паша ошо! Россияны Батышка теңөө үчүн Россиянын эки канатын эки саржан өйдө көтөргөн ушул экөөнү өз уулдарын өз колдору менен өлүмгө кыйган мыкаачы бу Сталин деп айта башташат. Же туура эмес айтып атамбы?

Молотов дароо сөз улап кете албады. Кандай гана маселе болбосун дайыма калыс чече билип, ар кандай оң, сол топторго кошулбай, анын оң колтугуна оң колу катары салмактуу кызмат өтөп жүрүшү Сталинге жага турган, бирок кээде жөнөкөй эле сөз мааниси Молотовго дароо жете берчү эмес. Ушундан уламбы, те жыйырманчы жылдары менменсинген Троцкий анын артынан «Туголбый молот» деп тамаша-чынга салып айтышы Сталинге жага берген эмес. Деги Троцкий Ленин баш болгон профессионал революционерлердин арасында, те мурунтан эле өзүн ашкере акылдуу сезчү. Ал эми Лениндин көзү өткөндөн кийин орус революциясынын башына өзүн биринчи коюуга аракеттенип, Сталин бир нерсени өз учурунда, өтө эрте түшүндү. Эгер орус революциясынын тизгинин Троцкий жана аны жактагандар алып кетсе, анда сыртынан орус революциясы деп гана аталып, бирок революциянын бүткүл ички механизми Троцкийдин, тагыраак айтканда, бүткүл жөөт улутунун кызыкчылыгына ылайыкталып түзүлмөк. Муну Сталиндей эле Горький да өз учурунда сезе билди. Ушундан улам ал 1924-жылы «Троцкий бу – орус революциясы үчүн эле эмес, орус эли үчүн

таптакыр бөтөн киши» деп ачык эле жазып чыкты. Анан эмне болду? Троцкийчилер Горькийге ооруканада уу берип, акыры түбү өлтүрүп тынды. Мунусу аз келгенсип, Горький Сталин колдуу болду деп карапайым элге ушак таратты.

Ушунун баары азыр Сталин Молотовго чечилип айтса болмок, бирок айтпады, айтмак да эмес. Анткени Молотов ага берилген ишенимдүү ишмер болгону менен канчалык анын оюн макул көргөнү менен өзүнүн чыныгы оюн айтпай коюшу мүмкүн. Туура болбосо да туура деп, баш ийкеп отура бериши мүмкүн. Анан бир күнү пенделик кылып анын бу сырын бирөөгө айтып коюшу мүмкүн.

Эгер колунан келсе, бүйрө мүчөлөрүнүн ар биринин ичине кирип алып, алардын ички оюн аңтартеңтер кылып колу менен кармалап, көзү менен көрүп чыккысы бар. Бирок айла жок, колунан келбейт. Адам ушунчалык татаал жаралган жан экен го жандуудан, сөзүн угуп, көзүн көрүп туруп, бирок оюнда эмне турганын билбейсиң.

Бүйрө мүчөлөрүнүн кими кандай экенин Сталин кээде Кунцевдеги дачасында аларды аябай ичирип, анан канжасын кумардана соруп отуруп, ар бирин өзүнө билгизбей өз сынынан өткөрө турган. Өзү аз иччү, ичкенде да атайын Грузиядан алынып келинген угуту кем вино иччү.

– Байыркы римдиктер бир маселени үч жолу талкуулоочу экен, - дечү эбак өчкөн канжасын утуру соруп коюп. – Биринчи жолу соо отуруп, экинчи

жолу аябай ичип алышып, үчүнчү жолу кайрадан соо отуруп... Туура кылышкан. Мас кезиндегидей соо кезинде ички оюңду дайым эле айта албайсың... Кремлде минтип кыстабайм. Ичкиле... Бүгүн римдиктерче маселе чечпейбиз, бүгүн жөн гана эс алабыз.

– Сталин өзү ич деп айтканда ичпей койсоң, анда да балээсине каласың. Эмне үчүн ичпейт? Эмне билгени бар? Ошон үчүн «Кожоюн» өзү айтып аткандан кийин тартынбай ичишчү. Ворошилов менен Каганович тез кызып, ал эми Молотов тегирмен таштай сулкуюп, бир калыбында солк этпей отура берчү. Ал эми Маленков менен Берия булардан кыйла кичүү болгон соң алар кылганды кылып, теңелүүгө батынышчу эмес. А Микоян кыйла кытмыр жана митаам. Ич десең иче бербейт. Жек көрөйүн десең ишине жана сөзүнө аябай так, жакшы көрөйүн десең, ашкере кытмыр. Жаш жагынан Хрущев экөө тең. Ошон үчүнбү экөөнүн көңүлү жакын. А Хрущев болсо ичип алганда ашкере сөзмөр болуп, Сталиндин өтүнүчү боюнча аюуча майпаңдап бийлеп кирчү. Сталин Хрущев менен олуттуу саясий маселелер боюнча дит коюп сүйлөшчү эмес. Отузунчу жылдары элдин басымдуу бөлүгү билимсиз эле. Ушундан улам райком, обкомдун эле эмес, республикалык масштабдагы кызматкерлердин көпчүлүгү чала сабат болучу. Ошо чала сабат көп жетекчилердин бири Никита Хрущев эле. Граждандык согуштун катышуучусу жана кедейдин баласы катары партиялык жана чарбалык кызматтарда жүрүп, анан Микояндын кайра-кайра өтүнүчү,

сунушу боюнча ВКП (б) Москва шаардык комитетинин биринчи секретарлыгына чейин өсүп жетти. Бирок Москва деген – Москва да. Илимдүүлөрдүн, билимдүүлөрдүн, анча-мынча кишини жактыра бербеген чыгармачыл топтун уюгунун борбору. Хрущев бара-бара билимин ар жактуу кеңейтүүгө умтулбаганынан улам, интеллигенттердин кайнаган жеринде жүрүп, бирок өзүнүн интеллигенттик ой-санаасы, мамилеси жетише бербегендигинен улам, москвалыктардын нааразы үнү кийинки күндөрү Сталинге көбүрөк угула калчу болду. Сталин муну өзү да сезип жүргөн. Эбепке себеп табылып, 1938-жылы Сталин аны Украина ВКП (б) БКнын биринчи секретарлыгына дайындап, Москвадан чыгарып койду. Хрущев Москвада иштеп турган чагында бүйрө мүчөлөрүнүн арасында ал Сталиндин Кунцевдеги дачасында боло калчу. Кызып алып, көп сүйлөп баратканда Сталин:

– Никита, андан көрө бир бийлеп жиберчи, - дей турган.

Хрущев алаканын шак коюп, айтылуу гопакты майпаңдап бийлеп кирчү. Күлгөндө бириндеген маңдай тиштери кашкая, мурду тердегенче бийлөчү. Анын мына ушундай жөнкөйлүгүнө карабай Сталин анча жакшы көрчү эмес. Көңүлүнө анча толбогон кызматкерлерин Сталин кээде бир кызыктай шакаба чегип, анын ой-санаасын, адамдык сапатын ар кандай айла-амал менен сынап көрчү. Бир ирет, болгондо да дем алыш күнү Сталин Хрущевду дачасына чакыртып алды. Короодо Сталин өзү жалгыз гезит окуп отуруптур. Хрущев жакын келип, келгенин

билгизип, жөтөлүмүш болот. «Саламатсызбы, Иосиф Виссарионович» - дейт. Сталин эрине баш көтөрүп «А-а, Никитасыңбы? Саламатчылык» - дейт. «Чакыртыпсыз...», «Чакыргам...» Сталин кайрадан гезитке үңүлөт. Хрущев бир топко зарыгып тура берет, анан чыдамы кеткенде «Анда, мына, мен келдим» - дейт. «Анда мындай Никита,-дейт Сталин.-Кремлди күзөткөн комендант кечээ камакка алынды». «Билем аны Иосиф Виссарионович», «Билем дечи... а ал бүгүн күнөөнү сага жүктөп атканын билесиңби!» Хрущевдун ирең куу чөп болуп, ордунда дароо далдырап калат. «Кантип эле?..», «Ошентип эле... Сени күнөөлөп, бүткүл күнөөнү сага жүктөп атат». Хрущевдун оозуна сөз келбей, ачылган эриндери жабылбай, сары кирпиктери гана утуру өйдө-ылдый ирмелип, ийиндери шалпыя түшөт. Сталин колундагы гезитин шашылбай ары коюп, шашылбай ордунан туруп, канжасына тамеки салып, аны шашылбай ийлеп, чирк тамызып, анан үстөккө-босток кумардана соруп, анан өңүнөн кетип, шылкыйып турган Хрущевдун жанына басып келип, анын көздөрүн бир кыйлага дейре тигиле карап туруп, мурутунан жылмайып, «Көтөр башыңды, мунун баары тамаша» дейт. Хрущев аргасыздан жылмаят. Эриндери алды-үстүнө жыйрыла берип, биринде ген маңдай тиштери кашкайып, жүзүнө дароо кызыл жүгүрө түшөт. «Коркоксуң, Никита!»-дейт Сталин. –Коркок болбосоң, күнөөлүү эмес экениңди билип туруп, эмнеге мынча эсиң оой түштү?.. Мына ушул коркоктугуңдан улам Москваны башкарып турганыңда күнөөлүүлөргө

кошуп, көптөгөн күнөөсүздөрдү репрессияга дуушар кылгансың...» Хрущев кайратына келе түшөт. «Иосиф Виссарионович, Ягода менен Ежов репрессия учурунда мен түгүл Молотов, Кагановичтер менен эсептешпей калган». «Эмнеге эсептешпей калган? Анткени, сен дагы Ворошилов жана Буденныйга окшоп, күнөөсүз кишилерди жактап чыгуунун ордуна, кайра аларды күнөөлөп чыккансың. А мен келесоо силерге ишенгенмин... Эч ким менен эсептешпей калган Ягода менен Ежов жазасын алды. А, сага, Никита кандай жаза берели? Өзүң айтчы?» Хрущев не дээрин билбей, кайрадан сөзү оозунан түшүп калат. «Эмнеге унчукпайсың? Эгер азыр бир колуңа тапанча, бир колуңа бийлик берсем кайсынысын өзүңө ылайык көрөсүң?» Хрущев унчукпайт. «Албетте, бийликти,- деди Сталин. –Өзүңдү чекеге атпайсың, анткени коркоксуң. Бирок, Никита... мунуңа карабай сени жакшы көрөм... Эмне үчүн дебейсиңби?» «Эмне үчүн?» «Сен дыйканга окшошсуң. Болгондо да нака дыйканга. Ичиң да, тышың да... А мен дыйканды жакшы көрөм. Дыйкандар үчүн революция жасадык, дыйкандар үчүн троцкийчилер менен күрөштүк. Ошон үчүн, Никита... сага тапанча бербей эле бийлик берейин. Украинага барып иштеп кел. Эмне дейсиң ушуга?» «Партиянын жоокеримин жолдош Сталин, кайда жиберсе кете берем». «Анда ийгилик тилейм».

Дачадан алыстап, машинасы тарапка баратып, Хрущев түэте жерге түкүрүнүп, Сталинди ичинен

ашата сөгүп алды. Украинага кызматка которулганы мурун эле бүйрөдө чечилген болучу. Анан эмне үчүн чукул чакырып алып, аны мынчалык келекеледи? Жакшы көрөм деп коет, сөз жүзүндө айтканы менен ичинде жакшы көрбөйт. Анастас болбосо аны эбак жок кылмак. Ал ушинтип ойлоп, Сталинди дагы бир ирет ичинен сөгүп, анан кемсине машинесине кирди.

Чынында эле Сталин карыялардан Ворошилов менен Буденныйды, жаштардан Хрущевди анча жактыра берчү эмес. Муну үчөө тең билчү, бирок билгенде эмне кылышмак? Ворошилов кыйла шалпы бош киши. Көкүрөк өртү эрте өчүп, карылыкка тез моюн сунуп баратат. Мамлекеттик жана чарбалык иш боюнча эч качан, эч бир талкууда Сталин туура эмес айтып койгон учурда да, туура эмес деп айтып чыккан жан эмес.

Сталин эмне десе ошого макул болуп, айрыкча Буденный экөө «Ооба, жолдош Сталин», «албетте, жолдош Сталин», «эң туура, жолдош Сталин», «сиз эң туура, эң акылдуу чечим кабыл алдыңыз, жолдош Сталин» деп эмне айтсаң ошого макул болуп отура беришчү. Бир ирет Сталин атайын эле туура эмес сүйлөп койду да, граждандык согуштун бул эки баатыры эмне дээр экен деп, экөөнү күтүп калды. Ошондо экөө тең бир ооздон... «Туура, жолдош Сталин. Так ушундай болууга тийиш!» деп уялбай, эки жактан колдоп кетишсе боло. Сталиндин чекир көздөрү ошондо тереңинде жылт эте берип, колундагы канжасы менен экөөнү азыр атып урчуудай обдулуп, өзүнө-өзү батпай ордунан турду.

– Силер менен маселе чечкенден көрө жөн гана городки ойнош керек! Эмне десе да туура, туура! Эмне, тоту куш болуп калгансыңарбы?

Андан ары кудай бетин салбасын, экөөнү тең патырата сөгүп кирди. Экөө тең шылкыйды. Айрыкча Буденный мындай сөгүнүүнүн көбүн уккан. Сталин сөгүп атканда, ал шылкыйып көсөөдөй мурутун чыйратып отура берчү.

А Молотов андай эмес. Көбүн эсе унчукпай отурганы менен көп маселелер боюнча Сталин менен айтышып чыккан жалгыз эле ошо. Эрки күчтүү, принциптүү, каардуу, өжөр, бирок баары бир бу деле акыры келип Сталиндин тегирменине күпүлдөп суу болуп кирип берчү.

Калинин Сталинге жакчу. Анын жаш баладай таза мүнөзү, жашыктыгы, боорукерлиги Сталинге айрыкча жакчу. Сталин өзү боорукер болбогону менен боорукер кишилерди баалай билчү.

А Каганович – опурталдуу киши. Эгер Молотовду жакшы билиш үчүн эки эшик ачыш керек болсо, Кагановичти билиш үчүн төрт эшик ачыш керек, бирок түбү келип ишке, аппаратка анын зыяны жок. Орус революциясынын башында бир еврей баласы жүрсө эмне болмок? Минтпесең эртең эле айтып чыгышат.

Айтмакчы, революция жеңгенден кийин өкмөттүн жогорку эшелонунда, тагыраак айтканда, Борбордук Комитеттин саясий бүйрөсүнө жети киши кирген эле. Ленин (Ульянов), Зиновьев (Радомысльский), Каменев (Розенфельд), Троцкий (Бронштейн),

Сталин (Жугашвили), Сокольников (Бриллиант) жана Бубнов.

Жетөөнүн төртөө-еврей, экөө-орус, бирөө-грузин болучу. Ошондон бери канча мезгил өттү? Мына ошолордон Сталин жалгыз өзү калыптыр.

Дагы бир нерсе, РСДРП(б) нын VI съездинде БКнын мүчөлүгүнө жыйырма үч профессионал революционер кирген эле. Репрессияга чейин тогузу көз жумду, бирөө (Троцкий) чет өлкөгө айдалып салынды. Он үчү калабы? Ону репрессия учурунда атылды. Сталин, Стасова жана Коллонтай үчөө гана калыптыр. Тиги эки аялды кошпогондо 1939-жылдын башында, алтымыш жашка караган курагында, ошо жыйырма үч революционердин ичинен Сталин өзү жалгыз калыптыр.

Бир жагынан Сталин те көңүл тереңинде бир жаңсыл болуп, мындан ары аны менен ачык же жабык түрдө жол, бийлик талашчулар жок сыяктанып, өзүнчө бир зор белестен ашып түшкөнсүп ичтен тынса, экинчи жагынан ажал анын дос-душмандарын бүт алып, эми аны, жалгыз гана аны пайлап, күтүп, карап тургансыды. Айрыкча Киров менен Горькийдин өлүмүнөн кийин аны да көрүнбөгөн бирөөлөр же атып, же уу берип тындым кылчудай ашкере сактыкка өттү.

Ашпозчулар тарабынан ал үчүн биринчи жана экинчи блюдага бир нече тамактын түрлөрү даярдалып, Кремлдин атайын врачтары аркылуу тамак текшерилгенден кийин, ошонун баары тең бир эле учурда тамак үстөлүнө коюла турган. Кайсыл

идиштен, кайсыл тамакты жээрин Сталиндин өзүнөн башка эч ким алдын ала билчү эмес. Вино жана коньяктар ого бетер текшерүүдөн өтүп, белги коюлуп турчу.

Мурун түшкө ишенчү эмес, а азыр түшкө да ишенчү болуп калды. Эмне үчүн үчүнчү жолку оюнда Троцкийден жеңилип калды? Молотов туура айтат. Үчүнчү оюнда жеңилип калышы-бу Троцкийдин жер үстүндө тирүү жүрүшү. Эртеси жанында эч ким жок кезинде Берияны өзүнө чакыртты.

– Лаврентий, биздин биринчи душманыбыз ким?

Бериянын көз айнек артындагы тостойгон көздөрү Сталинди качыра тиктеп туруп:

– Троцкий,-деди.

Анын оюн дароо биле койгонуна Сталин ыраазы боло түштү.

– Өлкөдөгү анын куйруктарын жок кылдык. Эми өзүн жок кылбасак, ал дагы бир куйрук чыгарып алышы мүмкүн.

– Мен да так ушинтип ойлойм, жолдош Сталин!

– Анда бул ишти колуңа ал. Анан Лаврентий... бул ишти сен жана мен гана билейин...

– Албетте, жолдош Сталин!

Ошо күнү да Сталин адатынча өтө кеч жатты. Жатар алдында керебетинин алдын кол фонариги менен эңкейип карап, аерде эч ким жок экенин өз көзү менен көрүп ишенгенде гана, анан көңүлү тынчый, жай жатып, уйкуга кетти.

* * *

Ошо жылы жаз эрте келди. Бак-даректар жарыша көк сөйкө тагынып, айрыкча апрель айынын аяк ченинде эки-үч күн түнү бою нөшөр уруп, кайра таң заардан күн чайыттай ачылып кеткенге, шаар ичи ого бетер серүүн, ого бетер таза тартып, жаңы эле суудан чыккан жаш сулуудай буруксуп, тазарып турду.

Ушу жылы жыйырма жетиге чыктым, оңой куракпы? Бирок эмне иш өтөдүм? Эмне кылып атам, эмне кылууга тийишмин? Капырай, болгону театр сүрөтчүсү болуп кала беремби? Менин максатым чоң сүрөтчү болуу эмес беле? Ала-Тоонун, Ата-Журттун керемет келбетин зор ынтаа менен зор полотного тартып, дүйнөлүк музейлерге коем деген максатым бар эмес беле? А түгүл бир ирет устатым, алгачкы устатым Образцовго да ушинтип айтпадым беле?

Айрыкча ушу жылы мени ушундай ойлор кыйначу болду. Буга ким күнөөлүү? Чөйрөбү? Өзүмбү? Мен сыяктуу эле көптөгөн жаштар дүйнөлүк маданиятка аралашмак түгүл, өз элинин, өз жеринин тарыхын, тагдырын эрте жашынан жакшы билбей, эптеп айылдан келип, шаар турмушун өздөштүрүп, орус тилин үйрөнүп, алды-артыңды карап, өзүңдүн ким экениңе, эмнеге жөндөмсүз экениңди таанып билгенче эле мезгил өтүп, мезгил менен кошо курак өтүп, отуздун оро-парасына келип калат экенбиз-ов! «Кайдан чыктың, боз ат минген отуз жаш» деген ырын Алыкул дал ушу мен сымал ойго төнүп, айрыкча биз, элеттик өспүрүмдөр, көп нерсеге даяр эместиктен көп өмүрүбүздү дал ушул мезгил тездигине уттуруп атканыбыздан улам жазса керек? Толгонсо керек?

Буга чейин Чуйковдой мыкты сүрөттөрдү али тарта албаганым менен чыныгы искусство, чыныгы адабият кандай болоорун ажыратып биле баштадым. Айрыкча живописти жаш кезимден сүйгөм. Али мектепте окуп жүргөн өспүрүм курагымды, бош убагымды бүт ушу живописке берчүмүн. Ушундан уламбы миң тогуз жүз отуз төртүнчү жылы живописке башбайчам менен кирип кеттим. Ушул эле жылдары «Байдын кулу» жана «Физкультурниктер стадиондо» деген тематикалык эки картина жаздым. Биринчи картинамда байга болгон жек көрүүм аябай күчтүү экени байкалып турса, экинчи картинамда өзүм сымал кыргыздын бактылуу өспүрүмдөрүн көрсөткөм. Сүрөтчүлөрдүн республикалык көрсөтмөсүндө бул картиналарым жакшы баага татыды. Ушундан улам Сүрөтчүлөр союзуна кабыл алындым. Москвага командировкага жиберишти. Москвадагы бардык художниктердин көргөзмөсүндө болдум, күнүнө Третьяковский галереясына, Батыштын живопись музейине, Репин, Серов, Левитан сыяктуу орустун мыкты устаттарынын мыкты чыгармаларын кайра-кайра көргөн элем. Ошол отуз төрт, отуз бешинчи жылдары эле «1916-жылдагы көтөрүлүш» деген картина жазууга аракет кылган элем, бирок Чуйков мурда жазып койду. Андан бери төрт-беш жыл тез эле өтүп кетти. Ушу акыркы жылы «Алтын кыз» музыкалык драмасын жасалгалоого бүткүл ынтаамды, күч-аракетимди жумшадым. Элдин үрп-адатын, ой-санаасын толук чагылдырууга аракет кылдым, бул мен үчүн өтө кыйынга турду, анткени театр сүрөтчүсү

болуп, мурун иштеген эмесмин, театр живописинин өзгөчөлүгүн жакшы билбейт элем.

Декадага жөнөөр алдында «Алтын кыз» музыкалык драмасы кайрадан көрсөтүлдү. Себеби, декадага чейин атайын көрүш үчүн Москвадан текшерүү комиссиясын жетектеп Андреев келди. Театрга эл жык толду. Шаардык кыргыздар мурун көрсө деле, ошол эле спектаклге кайра келе беришчү. Айрыкча жазуучулар аялы, бала-чакасы менен келчү. Анткени, жазуучулар ошо кезде «Аялдарыбыз маданиятты жакшы түшүнгөн кеңешчибиз, көмөкчүбүз да болушу керек. А биздин аялдар ушак айтышкандан башка эч нерсе билбейт. Ошон үчүн аларды окутуп, тарбиялап, адабий жана коомдук казанда өзүбүз менен бирге кайнашы керек» деген демилгеден улам жазуучулардын пленум, съездине алардын аялдары кошо чакырылчу. Кайсы бир маданий кечеде бир ирет Мукай аялы Бурулча, Жоомарт аялы Тенти жана мен бир катарда отуруп калдык. Кимдир бирөө трибунада доклад жасап жатты. Бир учурда Мукай Жоомартты акырын чыканакка түртүп, «Тиги Айчүрөк жеңеңди карап кой» деди. Жоомарт кылчайып карап, акырын күлүп тим болду. Аксакал акыныбыздын аялы жаагын таяна уктап калыптыр, уктаганы аз келгенсип, коңурук тартып атыптыр. Кийин жазуучулар аялдарын коомдук жыйналыштарга ээрчитпей калды. Себеби болсо-болбосо деле алар шарактап күлгөндөн башка эч бир бизге пайдасы жок экен деп Жоомарт айтып чыгыптыр. Ушундан улам аялдар Жоомартты артынан жамандап жүрүштү.

Ошентип Жоомарттын «Алтын кызына» Москвадан Андреев баш болгон комиссия келди. Сталиндин жооп телеграммасынан улам, кимдир бирөө дагы тоголок кат жазса керек? Болбосо мындай аттуу-баштуу комиссия келбейт болчу. Жоомарт ичинен кыйла чочуп да алды. Анткени, гражданча кийинген органдын кызматкерлери келип, ар жерден орун алышты. Эмнеге эле жумурткадан кыр, кылдан кыйкым издеп калышты? Акталса деле кайра эле артынан түшө беришеби? Кыскасы, анын тагдыры комиссиянын колунда тургансыды. Эгер эле Андреев спектаклден кыйкым тапса, анда Жоомартты түз эле ушерден, театрдын ичинен колдорун артына кайрып, кармап кетүүчү атайын кишилер да даяр тургансыды. Бирок иш жакшы жагына айланды. Андреев спектаклге жакшы пикир айтты. Көрүүчүлөр дүркүрөп бир топко чейин кетпей кол чаап турду. Душмандардын моокуму канбай, органдын кызматкерлери аркылуу Жоомарт айдалып кетпей, кайра макталып атканына ичтери тарыды. Деги Жоомарт буларга мынчалык эле эмне жамандык кылды эле? А түгүл атасы тааныбаган бирөөлөр те алыста жүрүп өзүнөн өзү душман болгону неси? Жоомарттын айыбы эле – таланттуулугубу, көп иштегениби? Аны чоң байгеге салып сүрөөнүн ордуна, кайра этегинен тартып, жарга, орго түртүүнүн амалында жүргөндөрү неси? Жамандык издегендер Жоомартты жаман кыла алышпады. Андреевдин келиши менен анын тегерегиндеги ызы-чуу биротоло бүттү.

Декаданын башталышына бир ай калганда биз, сүрөтчүлөр, Москвага жөнөп кеттик. Анткени,

жергиликтүү сахнанын декорациясын ал жерде жасалгалап, кооздоп, даяр кылып, күтүп турушубуз керек эле. Ушундан улам декадага Кыргызстандан келүүчү искусство жана адабият чеберлерин тосуп алуучу москвичтердин катарында биз да болуп калдык.

Май айынын он алтысы күнү Немирович-Данченко баш болгон маданияттын москвалык мыкты өкүлдөрү кыргызстандык делегаттарды тосуп алуу үчүн Москванын Казань вокзалына келишти. Кучак-кучак гүл кармаган пионерлер каз катар тизилип эң алдыда. Москванын асманын адаттагыдай ала булут баспай, бүгүн айрыкча шаңкайып ачык. Тал-теректер жарыша бүр алып, түнкү жамгырдан улам ава таза. Жанымда Алыкул. Ал эки ай мурун жазуучулардын Малевка үйүнө келип, «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанын бүк түшүп которуп аткан чагы эле. Акчасы бүтүп баратканын байкап, декада бүткөнчө мени менен жашайсың деп ой-боюна койбой өзүм жашаган мейманканага кечээ ээрчитип баса берген элем.

Аңгыча паровоздун үнү угулду. Өкүрүп-бакырып, башы ооруп, таманы жооруп, арып-чарып алыстан келатканы байкалат. Катуу күйүккөн күлүктөй темир таноолорунан күшүлдөй буу бүркүп, артында ондогон вагондор термелип келет. Перрон толо эл. Тигине, эки-үч вагонду бүт ээлеген декаданын делегаттары биринин артынан бири чыга баштады. Үпөк допу кийген комузчулар ансамблинин кырдач мурун, кымча бел келин-кыздары биринчи вагондон

чууруса, экинчи вагондон ак калпакты кырданта кийип, күмүш кемер тагынышкан: Алымкул, Калык, Серек, Мусалар; үчүнчү вагондон Темиркул баш болгон Мукай, Жусуп, Жоомарт, Абдылас, Кубанычбек жана башкалар чыга келди. Ар-ар жерде гүл кармаган пионерлер аларды ороп алышты. Москва кучак жайып тосуп алды. Митинг болду. Эки тараптан тең сүйлөштү. Ушундан кийин гана бөлүнгөн мейманканаларга делегаттар бөлүштүрүлдү.

Декада «Айчүрөк» операсы менен ачылды. Көшөгө ачылып, оюн башталганда Ала-Тоонун атыр жыттуу авасы алыстан келип, дал ушу Москванын сахнасынан желп эте бетке уруп тургансыды. Экинчи күнү «Ажал ордуна» спектакли көрсөтүлдү. Концертти москвалыктар дуулдаган кол чабуулар менен тосту. Атай, Мыскал, Мусанын обо жарган обондору отургандарды утуру толкундатып, кайра-кайра дүңгүрөтө кол чаптырып, жүрөктөн чыккан ырлар жүрөккө жетип атты. Көшөгө ачылары менен кыргыз жергеси, анын кооздугу, сулуулугу бүтүндөй ушерге көчүрүлүп келип койгондой сезилди. Тигине, Атай «Ой булбулду» өксөп ырдаганда, отургандар кутургандай жымырады. Бет алдыда кыргыз журту, кылым арытып, сулк жаткан кыргыз тоолору. Дал ушул сүрдүү тоолордун кыл учунда түтүнү көк челген кыргыздын боз үйү. Баары дал ошол боз үйдөн башталган. Манасчы ошол үйдө төрөлүп, «Манас» ошол үйдө айтылган. Мынабу ырдап аткан Алымкул, Калык, Сайра, Мыскал, Мусалардын ыроолук салты, көкүрөк тээп, мөндүр болуп төгүлгөн ырлардын, күүлөрдүн,

жомоктордун кер өзөнү дал ошол жерден башталган. Кайра-кайра кол чабуулар. Чынын айтайын анчамынчага көзүмө жаш алчу эмесмин, бул ирет көзүмө жаш алдым. Кубангандан көзгө жаш алуу кандай жакшы, кандай ырахат.

Декаданын үчүнчү күнү «Алтын кыз» көрсөтүлдү. Залда жарык өчүп, оркестр ойной баштады. Дал ушул учурда өкмөт ложасынын эшиги ачылып, жол башчылар кирди. Сталин өз ордуна келип отурду. Мындай болорун, болгондо да Сталиндин өзү келерин Жоомарт күткөн эмес. «Болгондо да «Алтын кызга» келгенин карачы! Баягы менин телераммамды унуткан эмес го?» деп Жоомарт сүйүнгөнүнөн жанында отурган колуктусу Тентини сыга кучактады.

Музыкалык бу драмага убак-сааты аябай чектелүү Сталин жөнүнөн келе койгон эмес. Биринчиден, Совет бийлиги Кыргызстанда кандайча орноп, тарыхый ошол кырдаал искусствodo кандайча чагылдырылды экен деген кызыгуу болсо, экинчиден, спектаклди сахнага алып чыккан коллектив бүтүндөй улут кадрлары болгону үчүн (автору – Ж. Бөкөнбаев, сүрөтчүсү – мен, дирижеру – Ш. Орозов, режиссеру – Ө. Жетикашкаев), үчүнчүдөн, спектаклден жана спектаклдин авторунан кайдагы бир улутчулдуктун шек-шыбоосун издеген тоголок арыздардын тыйылбай атышынан эле.

Оюн бүтүп, көшөгө жабылары менен жолбашчылардын баары тегиз орундарынан туруп кол чабышты. Сталин отурган жеринен өйдө болуп, акырын кол чапканча ложанын алдына өттү. Сталин

элди, эл Сталинди карап, бир саамга тынбай кол чаап турушту. Сталинди мен ошондо жакындан көрдүм. Ажардуулук, токтоолук, мурутунан саал жылмайган сабырдуу жүзүнө шай келип, ушул турушунда ал бизге кандайдыр бир жакшылыктын нурун чачып тургансыды. Жоомарт толкунданып, ички кубанычы жүзүнө чыгып турду. Ушул күнү, ушул саат, ушул минута Жоомарт үчүн эң бактылуу учур эле. Кечинде ал «Алтын кызды» ойногон артисттерге жана сахнаны алып чыккан театр ишмерлерине кечки тамак берди. Айтылбаган сөздөр айтылды, жазылбаган таарыныч-тар ошерде жазылды. Эң аягында Жоомарт сөз алды. Жол башчылар тарабынан спектаклге берилген баа бир эле ага эмес, бүткүл коллективге, кыргызга, кыргыз элине, журтуна тиешелүү экенин айтып келип:

– «Алтын кыз» Москванын жумушчусунан баштап, Сталинге чейин көрдү. Мага мындан бийик баа, мындан кымбат сыйлык жок. Мына ушуну Кокуйбаев менен Вагов түшүнө турган болушту го дейм? Эми мени утуру чакырып суракка албай, жанымды тынч коёр, - деди.

Ушунун эртеси эле Жоомарт аялы менен жаткан номерге Мукай менен Жусуп келди.

– Жоомарт иш чатак... Бизди Вагов чакырып атат, - деди Жусуп.

– Эмне үчүн?

– «Кокуйбаев менен Вагов түшүнүшө турган болушту го дейм» деген сөзүңдү кечээ арагыңды ичип, ашыңды жеп отурган эле бирөө жеткирип

коюптур. Ошол маселе боюнча Үмөталиев, Элебаев, Турусбеков, Маликов, Шиваза жана Бөкөнбаев өзү келсин деп азыр эле телефон чалышты.

Жоомарт унчукпай калды. Анан өзүнчө:

– Ким жеткирди экен? – деп койду.

Мукай:

– Штоффер же Чуйков жеткирди дейсиңби. Тумшугу жок баягы кыргызыңдын кылары ушу да.

Болжогон убакта баары ээрчишип, Ваговдун чакырган жерине келишти. Ваговдун жаткан жери жана иш чечкен кабинети мейманкананын эки бөлмөлүү жайы эле. Вагов чыкыя кийинип, иш үстөлүндө отуруптур. Өңү суз.

– Жолдош Үмөталиев, Сиз Жазуучулар союзунун төрагасысыз. – Ал колундагы саатын чечип, алдына койду. – Ошон үчүн жазуучулардын жүрүш-турушуна керт башыңыз менен жооп бересиз. Бул жазуучулук милдетиңиз эле эмес, күндөлүк ишиңиз! Же андай эмеспи?

Үмөталиев чекирее, оозун оодой ачып, ийин күүшөй обдулду.

– Алексей Васильевич, эмне болду?

– Эмне болгонун сиз али биле элексизби?

– Жок.

– Бөкөнбаевдин жанында отуруп, жанында жүрүп анан кантип билбейсиз! Бөкөнбаев тамак берген ресторанда болдуңуз беле?

– Болгом...

– Ал аягында сөз алган беле?

– Алган.

– Эмне деди эле?

– «Алтын кызга» болгон сыймык бир эле мени-ки эмес, бүткүл коллективдики, элдики, жердики деген...

– Дагы эмне деди эле?

– Эсимде жок...

– «Вагов менен Кокуйбаев адабият менен искусствону түшүнбөйт. Түшүнбөй туруп, бийлигинен пайдаланып, үйрөтүп, буйрук бергени менен жадатып бүттү» деп айтканын укканжоксузбу?

– Минтип айтпаса керек эле...

Вагов үстөлүн бир муштап, ордунан турду.

– Жолдош Үмөталиев «керек эленин» мага кереги жок. Так айтыңыз!

– Минтип айткан эмес...

– Кантип минтип айткан эмес?! Жолдош Турусбеков, кана сиз айтыңызчы? Эмне деди эле?

Жусуп бир саамга унчукпай калды. Анан эч бир камырабаган үн менен:

– Чынын айтсам, ресторанга барганымды гана билем, бирок Жоомарттын эмне деп сүйлөгөнүн билбейм.

Анткени, кызуу элем, уктап калыпмын, - деди.

Вагов казбектен дагы бирди тамызып, кыжына сорду:

– Маликов, сиз да укканжоксузбу?

Кубанычбек ийинин бир булкуп, башын чулгап алды.

– Минтип айтканын укkан жокмун, бирок ушинткен деп жүрүшөт...

– Түшүнүктүү, бириңер уктап, экинчиңер дүлөй болуп калган экенсиңер да? Элебаев, сиз уктуңуз беле? Же сиз дагы...

Мукай эмнегедир тизесин бир топко укалап, акырын унчукту.

– Жоомарт сиз айткандай «Вагов менен Кокуйбаев адабият менен искусствону түшүнбөйт. Түшүнбөй туруп үйрөтүп, буйрук бергени менен жадатып бүттү» деген эмес. Ал «Алтын кыз» Москванын жумушчусунан баштап Сталинге чейин кызыгып көрүштү. Мага мындан өткөн баа, мындан өткөн кымбат сыйлык жок. Мына ушуну Кокуйбаев менен Вагов түшүнө турган болду го дейм? Эми мени утуру чакырып суракка албай, жанымды тынч коюшар» деген. Болгону ушу... Алексей Власович, сиз кечирип коюңуз, Жоомарттын минтип айтышынын кереги деле жоктур эле, бирок сөз чынынан бузулбайт, бир жагынан алсак аныкы, менимче, туура. Кокуйбаевге эки жылдан бери сурак берип жадап жүргөн неме, сезимге алдырып ийди окшойт. Эгер ошончо эле каталык кетсе, кечирип коюңуз, Алексей Власович.

Вагов ого бетер чартылдады.

– Бу катачылык эмес! Бу көз көрүнөө ушак! Болгондо да аял ушагы!

Жоомарт сөз алууга умтулду.

– Алексей Власович...

– Жоомарт Бөкөнбаев, мен сизге сөз берген жокмун жана бербеймин!.. Сиз ресторанда эле сүйлөп бүткөнсүз!..

Жоомарт ордунан турду.

– Алексей Власович, мынчалык чакырылгандан кийин өз оюмду айтууга мен да укуктуумун...

– Отуруңуз! Отуруңуз! Отуруңуз дейм!..

Ачуусу али тарабай турган Вагов Жоомартты сүйлөтпөй, кайра отурууга аргасыз кылды. Мындай тогошуу учурунда Жоомарттын бетке айтар, бетке чабар тайманбастыгын ал жакшы билчү. Эгер азыр сөз берилсе, анда Сталин өзү баш болуп спектаклин көрүп, дуулдата кол чаап, сөзү өтүп, жолу ачылып турган ал Ваговдун биринчи секретарь экенине карабай али айтылбай жүргөн сөздөрүн шак айтып салмак. Вагов муну билди, сезди. Ушундан улам жалпы эрежени көз көрүнөө бузуп, Жоомартты сүйлөтпөй койду. Буркан-шаркан түшкөн Вагов эмнегедир Шиваэаны жалгыз алып калды да, калганын коё берди. Баары шылкыя сыртка чыгып унчукпай келатышты. Саамдан кийин гана Мукай:

– Баарыбызды чакырып чуу салбай, Жоомарттын өзүн эле чакырып сүйлөшүп коё турган нерсе экен, кызык – деди.

Кубанычбек Жоомартка катарлай басты:

– Ай, ушу курчсуң да, курчсуң, өтө курчтук жарабайт! – деди.

Жоомарт анын алдын торой чукул токтоду.

– Сен минтип мени жоотпой эле кой! Курч болбогондо эмне, бүгүн бар да, эртең жок кайдагы бир

неме мурдума бок сүйкөп атса, сага окшоп хоп деп жүрө берейинби? Сен, Кубанычбек, куйтуланбай жөн жүргүнүң! Болдубу!

– А болсо, болду!.. – Сумсая түшкөн Кубанычбек Жоомарттын катарынан калып, эми Жусупту жандап басты.

* * *

Биз Алыкул экөөбүз ошо күндөрү эч кимге кошулбай өзүбүзчө жүрдүк. «Жолборс терисин жамынган баатырды» которууга Алыкул башбайчасы менен кирип, өзүн алгачкы сүйүүнүн арман күйүтүнөн канчалык алаксытайын дегени менен, бирок алайган суз көздөрүндө эле эмес, сөздөрүндө, а түгүл баскан-турганында да армандын салдары коштоп жүргөнсүдү.

Мурун мен буерде окуганга, Алыкулга караганда Москваны жакшы билчүмүн. Жакшы театр, жакшы музей, жакшы эс алуучу жерлерде Алыкулду алаксытып жүрүп, капчыктагы пулду эңшерип алыптырмын. Тамактык гана акча калыптыр. Алыкулга муну айтпадым, айтуунун кереги да жок эле. Эмне кылуу керек? Кимден карызга сурасам? Мен таанып, мен жакшы билгендерден кими бай? Өзүмдүн декадага келген сүрөтчүлөрүмдөн сурабайм, жок сурабайм! Акын-жазуучуларга караганда сүрөтчүлөр мага жакын коллега болгону менен, акча сурагыдай кадырым сиңип аралаша элекмин. Сыймын, а түгүл эң жакыным Семен Чуйков менен да сыймын, өтө сыймын. Акын-жазуучулардын кимисинен сурасам? Темиркулданбы? «Акча Зукеште, менде

бир тыйын да болбойт. Зукештен сурап көрчү» деши мүмкүн. Эркек башың менен аялдан, болгондо да Зукеш жеңеден кантип сурайсың? Мукага барсамбы? Анда да жок го. Анткени, ал акчанын кыныгын ала элек жана да албайт. Анын үстүнө календарь акыны эмес, көп ойлонуп, аз жазат. Ошон үчүн калем акы аз алат. Башы акылга, талантка бай, бирок чөнтөгү акчага тайыз. Жусупка кайрылайынбы? Анда кайдан болсун! Ал дүйнөнү уучуна катпай, дүйнөнү салаасынан чуурутуп ойногон акын. Адатта мыкты акынды аздектей ээрчигендер анын ар кыл ырларын, же санжыра ойлорун тегеректеп угуш үчүн ага алып беришчү эле. А Жусукең андай эмес. Ыр окуп, бешене жарып сүйлөп бергени аз келгенсип, бакылдап арак-шарабын кошо өз чөнтөгүнөн алып берет. Жусукеңдин чөнтөгүндө көбүрөөк акча жүрсө жаза да, баса да албайт имиш. Акча эмес эле жанында оор илдет жүргөнсүп, өзүн оор сезет имиш. Анан кантип анда акча болсун? Кубанычбек кандай болду экен? Анда бар, бирок бербейт. Жоомартчы? Бар анда. Ал элге канча төккөн сайын, пейили табабы, кайра эле элден ошончолук төгүлөбү, чөнтөгү толуп-ташып жүрөт. Деги Жоомарттын жок дегенин уга элекмин. Көздү жумайын да, бүгүн кечинде Жоомарттан сурайын.

Мыскалдын көптөн өтүнгөн суроосу боюнча Алыкул экөөбүз аны циркке алып барып, андан кийин ал бизди ресторанга чакырып, ресторандан кийин аны жатчу жерине узатып, экөөбүз мейманканага кеч келдик. Акчабыз жок болгону менен кызуу келдик. Мыскал циркти өмүрүндө биринчи көрүшү экен.

Анын үстүнө концерт учурунда «Алымкандын» бир кайрыгын бир мүнөт созгону үчүн залда отургандар дуулдата кол чапкан эле. Ушундан кийин москвалык бир ассистент режиссер ага ашык болуп калганын билгизип, көшөгөнүн кайсы бир далдоо бурчунда аны бетинен өппөй оозунан өбөм деши аны аябай жипкиритип коюптур.

– Өбүшүү деп булар шилекейлешүүнү түшүнөт экен, капырай, - деди. – Кызды чоктой бетинен, же ак алкымынан өпсө жарашат да, ээ Гапар?

Мыскал башкаларды агасындай же атасындай ыйбоо тутканы менен Алыкул экөөбүзгө өткүр сүйлөп, кадим эле ынак курдашындай мамиле жасачу.

– Силерди көрсөм эле тилим кычышып, кыздарга айтпаган сырымды силерге айтып ийем. Ушундан улам экөөңөрдүн эркек экениңерге шегим бар? – деди кызып алган Мыскал ого бетер ачык сүйлөп.

– Эгер шекшинсең, анда текшерип көрбөйсүңбү? – дедим мен.

– Текшерип-текшербегенде не... Экөөң тең эртеден бери кызга окшоп, артымдан ээрчип жүрөсүңөр. Ресторанга да мен ээрчитип келдим. Кана, дагы ичесиңерби?

Мен саал арыма келе түштүм.

– Мыскал, так ошо акчабыз түгөнүп, чөнтөгүбүз жукарып турган кезде мына менде бар деп, ой-боюбузга койбой өзүң ээрчитип албадыңбы?

– Ай, эки тебетей! – Мыскалдын жүзүнө нуру чыгып, көздөрүнө күлкү толуп, бизди ушинтип келе-келегенине моокуму канып турду.

– Москвага өмүрүбүздө бир келсек, анан ушу эки жигитке акча кеппи? Бириң акын, бириң сүрөтчү. Акчаны азыр чулгоо кылып ороно турган чагыңар... И, эмнеге шылкыя түштүңөр? Ай, ушу жигит экеңерге шегим бар! Силерди ээрчитпей Серек карыяны ээрчитип албай...

Эгер эле тамашасына тамаша менен чыга берсек, анда Мыскал тамашаны ого бетер курчутуп, бизге үстөмдүк кыла берчүдөй. Адатта кимде акча болсо, ошонун сөзү өтүмдүү эмеспи, ошон үчүн кол көтөрбөсөк болбой калды. Аял эмеспи, Мыскалды бир гана мактоо токтотот.

– Болду, Мыскал болду,- дедим. – Кыздын жолборсу экениңди мурун эле билчүбүз, а биз бүгүн жигиттин мышыгы болуп калдык. Ошон үчүн арстандан дагы заказ бер. Ичип алып биз да арстан бололу.

– «Арстан» дегениң эмне?

– Арак.

Ресторандан кызуу чыктык. Мыскалды экөөбүз эки тарабынан колтуктап алганбыз. Түнкү Москва өйдө-ылдый куюлган элден сээлдей түшкөн. Пушкиндин эстелигинин жанына келгенде, Алыкул ары басып кетти. Ошондо Мыскалдын тирсейген көкүрөгүнө көзүм түшүп:

– Мыскал, Алымканды бир мүнөт созгон ак алкымыңдан бир өптүрөсүңбү? – дедим.

– О, кайран жаман, кежир сары десе! – деди Мыскал. – Чын эле эми арстан боло баштагансың го? Мурун кайда жүрдүң эле?

– Мурун жигитиң бар го деп ойлогом...

– Азыр ушу жигит барбы? Баары тең тебетей катын!

– Мени да тебетей катын дегени турасыңбы?

– Анан эмне, арстан дейинби?

– Кеч болуп калды, өз номериңе бүгүн барбай эле койчу.

– Анан кайда барайын?

– Меникине...

– Алыкул экөөңөр ортоңорго алып жатайын дейсиңерби?

– Алыкулду башка жакка жиберем.

– Антпе, андан көрө меникине баралы.

– Анвар Куттубаева экөөңөр ортоңорго алып жатайын дейсиңерби?

– Анвар Куттубаева Сайра менен Жумабай Камчыбековдукуна конокко кетишкен, келбейт.

Алыкулга мени күтпөй барып уктай бер дедим да ичимден кымылдай Мыскалды колтуктап жөнөдүм. Экинчи кабатка көтөрүлдүк. Мыскал ачкычын дежурныйдан алып номерин ачып, мени сыртта калтырып, өзү ичкери кирди. Анан мени колидорго калтырган боюнча, ичкерден каалга менен босогону кулачтай туруп, и эмне демексиң дегендей мени күлүңдөй тиктеди.

– Киргизбейсиңби?

– Эмнеге киргизем? Эркектер силерде такыр ар жок... Өзүңөрдүн бир мүнөттүк кумарыңар үчүн өтө эле арзан баасыңар. Эмне жалдырайсың? Эч нерсе түшүнгөн жоксуң, түшүнбөйсүң дагы!

Ушинтти да мени келекелей тилин көрсөтүп, анан эшигин тарс жаап, ичинен бекитип алды. Өзүбүздүн кабатка көтөрүлдүм. Саат түнкү он эки болсо да бир топ акын-жазуучулар, артисттер фойедеги ортунтукта сүйлөшүп отурушуптур. Алардын ичинен Шейше Орозов:

– Бу жигиттер, силер жети түндө эмнеге кечигип жүрөсүңөр? – деди тамашалап.

Кызуу экенимден улам мен да тамашалап:

– А-а, ушинтип кечигип калдык... Сиздер болсо үйбүлөлүү, биз болсо бойдок... - дедим.

Алыкул уктай элек экен. Менин сумсайып келгенимди көрүп, бир топко чейин бүлкүлдөп күлдү.

– Эмнеге күлөсүң?

– Мыскал зордуктап койгон жокпу?

– Аныңа түшүнүп болбойт... Босогосуна чейин ээрчитип барып, анан бозортуп сыртта таштап, эшигин тарс жаап, ичинен бекитип алды.

– Ал ошондой... Ачык-айрым жүргөнү менен, оңой эле эпке келе койбойт.

Катуу уктаган экенбиз, эртеси эрте менен эшик катуу такылдап калды. Ары-бери кийине салып, эшикти ачтым. Жусуп экен. «Баш жазганы келген көрүнөт, акча болбосо да бир айласын табыш керек» деген ой эсиме келди.

– Келиңиз Жусуке, келиңиз – деп Алыкул экөөбүз тең жарыша урмат берип тосуп алдык.

Жусуптун кабагы бүркөө. Эмне болгон? Көп ичип, башы ооруп турса да, бирок бирөөгө минтип серт

карачу эмес эле го? Дулдуйчу эмес эле го? Башы ооруп, шайы кетип турса да тамаша менен жүрүп, өзүнүн эле эмес, өнгөнүн да черин, башын жазып анан кетчү эле го? Отурары менен:

– Бу эмне, силер түн ичинде ичип жүрөсүңөр? – деди.

Экөөбүз тең унчукпай калдык. Кечээ экөөбүз тең кеч, анан да кызуу кайтканыбызды жазуучу жана артисттердин арасында отурган Жусуп көргөн эле. Көрсө эмне экен? Ал эмне ичпей жүрүптүрбү? Бир ичсе жумалап, айлап, түбүн түшүрө ичип кетип жүрбөйбү? Биздин ушу жазып-тайып бир ичкенибизди көрүп калган экен да!

– Силер мага теңелбегиле! – Менин ички оюмду өңүмдөн окуй койгонсуп, кыжына сүйлөдү. – Мен аракеч аталып, мындан кутула албай калган кишимин! Өнөрүмдөн да өлөрүм жакындап келаткан кишимин!

– Жусуке, коюңузчу... Антип сүйлөбөңүзчү!..

– Ушунун баарын мен өзүмдөн улам, өзүмдүн тагдырымдан улам силерге айтып отурам. Кезегинде мага айтып – деген эч ким болгон эмес. Тескерисинче, ачууну ачуу басат деп, мени үстөккө-босток ичкиликке бөгөп, ичкиликке сугара беришкен. Көрсө, менин кайгымды бөлүшкөн досторум эмес, душман экен алар! Башка эмес, дал ушу аракка калганда эркимдин начар экенин билишкен да... Алар максатына жетти, мен... а мен аракеч аталып эле эмес, аракеч болуп калдым. А аракеч деген ким? Ал бир ичип

кетсе, элди топон-суу каптап атса да ага баары бир киши. Ага арак болсо болду. Жүз грамм үчүн адамдык абийирин эле эмес, Мекенин кошо сатат. Жүз грамм үчүн ууру кылып, адам өлтүрөт. Ачык эле айтып коёюн, ууру кылып, адам өлтүрбөйм, бирок мен деле ушундай кишилердин катарындамын. Ошон үчүн менин тагдырым силердин башыңарга түшпөсүн, мендей болбосун деп силерге катуу айтып отурам. Келечекте бириң таланттуу сүрөтчү, экинчиң таланттуу акын болосуң деп экөөңөргө зор ишеним берип жүрөбүз. Эгер келечекте, коомдо жүзүбүз жарык болсун десеңер, менин сөзүмдү эсиңерге түйүп, ушул ит ичпес ууга мага окшоп жашыңардан көнбөгүлө. Бир көнүп алсаңар, менчилеп анын эркинен чыга албай каласыңар. Муну мен силерди сүйгөндөн, өзүмдүн тагдырыма күйгөндөн улам айтып отурам. Ушу сөзүмдү эсиңерге сактагыла. Суранам!..

Ушинтти да чыгып кетти. Жусуптун бизге күйүп айтканын кантип түшүнбөйлү. Ичибиз жылыды. Акылы таза, жакшы адамдар гана ушинтмек. Биздин келечегибизди эле эмес, адабияттын, искусствонун келечегине ой толгоо кылган киши гана ушинтмек.

Жоомартка учурап акча сурашым керек эле, бирок таппай койдум, учуп-күйүп, жаагынан терин утуру шыпырып коюп, ар жерде жүрсө керек. Ошо күнү да Алыкул экөөбүз мейманканага кеч кайттык. Мурдагыдай кызуу эмес, ачка кайттык. Лифт иштебей калыптыр, тепкичтер менен жогору көтөрүлдүк. Алыкулдун буту-колу узун, шадылуу эле. Ал менин

алдымда тарбаландай узап кетти. Ойго батып, жай келаткам. Карасам тепкичте бири нерсе жатат. Караңгы эле. Жерден ала коюп, мурдума кармадым, акчанын жыты. Акча жөнүндө ойлоп келаткам. Мага көктөн түшкөндөй эле болду. Кудайдын бергени, сүйүнүп чөнтөгүмө салдым. Фойеде бир топ акын, артисттер сүйлөшүп отурат. Аларга кайрылбадым. Алыкулдун артынан номерге кирдим, акчаны чөнтөгүмдөн сууруп, үстөл үстүнө таштадым.

– Жоомарт бердиби? – деди Алыкул.

– Жоомарт бербей эле кудайдын өзү берди.

Алыкул анча маани бербеди жана бу сөзүмө ишенбеди. Акчаны эсептей баштадым. Үч жүз сомдон ашык акча экен.

– Жоомарт бербей эле бу акчаны таап алдым.

Шымын эми эле куйругунан шыпырганы аткан Алыкул кайра топчулана коюп, үстөлдө жаткан акчаны көздөй басты.

– Койчу!

– Чын. – Сен көрбөй, алдымда өтүп кетипсиң. Тепкичтен таап алдым. Бирөөгө жок, бирөөгө бар дүнүйө деген ушул.

– Ким жоготту болду экен?

– Биздикилерден эле бирөө жоготкон го.

– Анда бериш керек.

– Ким акча жоготту деп жарыя жазабыз.

– Акча жокто антпей эле койсокчу?

– Уят го.

– Мындай кылбайлыбы... Акчаны керектебей азырынча кармап туралы. Ким жоготконун түкшөмөлдөп билели. Эгер Жоомартка окшогон ак көңүлдөр жоготсо берели, ал эми битирлер жоготсо... анда бербейли.

Ким жоготкону эртеси эле билинди. Буфетте турган Кубанычбек:

– Атай, сен эсептеше бер, буерде акча бар эле түшүп калыптыр, - деди шымынын жамбаш чөнтөгүн өкүнө чаап. – Кийин эсептешебиз...

Алдымда кезекте турган Алыкул чыканагы менен мени быкынама түрттү.

– Уктуңбу, кимдики экенин, бербейбиз...

Кубанычбекке кошо тамак алып аткан Атай капчыгын утуру эңкейе калып аңтара баштады.

– Бош капчыкты ары-бери керип убара болбогула, - дедим Кубанычбекке угуза. – Биз эле төлөп коёбуз.

– Акчаң көп го, Гапар... – Кубанычбек кошоматтана жулуңдай жылмайды.

– Сенде эле жок, а бизде дайыма көп!..

Мен кудай бар экенине анча ишенбейм, бирок табигатта кудайдай эле бир зор күч бар экенине ишенем. Анча-мынчага карыз же алакан жайып аш бербеген Кукеңдин акчасы тагдырдын буйругу менен азыр, болгондо да акчасыз калганда менин чөнтөгүмө жатышы, анан да баарынан кызыгы, өзүнүн акчасына өзүнө тамак алып берсек, бизге кошоматтана тиктеп, мулуңдап ичип атышы бир эсе күлкүндү

келтирсе, бир эсе турмушта калыстык бар экенине айласыз ишенесиң.

Декада аяктады. Кремлдин чоң залында алыскы Ала-Тоодон келген эл таланттарына чоң банкет берилди. Москвалык маданият жана искусство чеберлери, ошондой эле чет элдик меймандар менен зал ичи жык толду. Залдын төрүнөн Сталин баш болгон Борбордун Комитеттин саясий бүйрөсүнүн мүчөлөрү Молотов, Ворошилов, Каганович жана Коминтериндин төрагасы Дмитров орун алышты. Конок алуунун шаан-шөкөтүн Молотов алып барды. Банкетти ачык деп жарыялап, Кагановичке сөз берди.

Кагановичти көбүн эсе сүрөтүнөн гана көрүп жүрчүмүн. Мына эми азыр жакындан, жанынан көрүп турамын. Ал чөйчөгүн кармап ордунан турду. Отургандар жым тартып, сөз күттү.

– Жолдоштор, алыскы Тянь-Шандан келген адабият жана искусство чеберлери, чынын айталы, бизди... айрыкча москвалыктарды зор кубанычка бөлөдү. Көп улуттуу совет элинин бир өкүлү болгон кыргыз эли улут катары кичине калк болгону менен ар кыл таланттарга бай экени байкалды. Бул, албетте, кубанычтуу. Өз элинин тарыхын, өз элинин тагдырын мына ошол таланттуу уул-кыздары искусствонун чебер тилинде, тартынбай эле айталы, искусствонун профессионалдык тилинде бүгүнкү күндүн деңгээлинен туруп, чебер, көркөм айта билгени менен кубанычтуу. Революция өлкөбүздө оңой-олтоң эле жеңе койгон жок. Мына ошол кыйын

кырдаал, тап күрөшүндө курчуган революциялык өрүш, өзүнүн саясий курч деми менен сахнага чыгарылган. Демек, революция жеңди, бирок токтоп калган жок, айрыкча, маданий жана экономий революция уланып жатат жана улана бермек...

Дүркүрөгөн кол чабуулар кээде «Ура!» деген үндөр менен коштолуп, зал ичи кубанычка толуп, дүңгүрөп турду. Ондогон, жүздөгөн көздөр Сталинде. Сталин мурутунан сыпаа жылмайып, асте кол чаап бир кунунда, бир сынында. Чөйчөк көтөрүп, сөз алуулар кечки жетиден түнкү саат экиге чейин уланды. Экиден кийин гана саясий бүйрөнүн мүчөлөрү ордунан козголуп, Молотов отургандарга кайрылды.

– Жолдоштор, бүгүн майрам, ошон үчүн шашылбай отура бергиле. А биз болсо кайталы, уруксат бересиңер го дейм?

Кайрадан дүңгүрөгөн кол чабуулар дүркүрөдү. Саясий бүйрөнүн мүчөлөрү чыгып кеткенге чейин «Ура!» деген үндөр обого тарап, зал жаңырып турду. Калганыбыз түнкү саат төрткө чейин отуруп, таңга маал тарадык. Эртеси түштөн кийин сыйлык тапшыруу шаан-шөкөтү башталды. Декадага катышкандардын баарына ар кыл даражадагы орден, медаль, грамоталар берилди. Калинин менин ысымымды атап, көкүрөгүмө орден такты. Чын айтайын, сүйүнбөй эле, тескерисинче, уялдым. Театр декорациясын үч ай жасалгалаганым үчүн орден беришеби? Сыйлоонун баркы кетип аткан жокпу? Анын үстүнө өтө өкүнүчтүү нерсе, Жоомарт эч нерсе менен сыйланбай калды. Декадага барган эки драманын жана

хордук ырлардын авторуна эч нерсе бербей коюшу эмне деген кеп? Вагов максатына жетти...

* * *

Белгилүү го, жазма түрүндө болбосо да, кыргыз адабияты те илгертен эле оозеки түрүндө өнүгүп келген. Жаңы доордун жаңы башатында, жаңы илебинде анын дүркүрөп өнүгүп чыга келиш себеби мына ушунда болучу. Ал эми көркөм сүрөт өнөрүчү? Аска беттеринде чегилген те байыркы оймо-чиймелер, же айрым бир илгери-илгери шаар аталып, азыр талаага айланган жерлерде томолонуп жаткан балбал таштар жана кол өнөр чыгармачылыгынан башка элдин мактанарлык эмнеси бар эле? Ошон үчүн көркөм сүрөт өнөрү, анын ичинде живопись, графика, скульптура эл маданиятында эми гана пайда болгон өзүнчө жаңы тармак болучу. Анын үстүнө ошол кезде жалпы эл эмес, аттуу-баштуу атка минер жетекчилерге чейин көркөм сүрөт өнөрүнө анча маани берчү эмес. Анткени ошого маданияты жетчү эмес. Жаңы гана пайда болгон мына ушул тармактын тегерегинде ар жактан келген, ар кыл улуттагы адамдар өзүбүзчө баш коштук. Тилибиз, динибиз башка болгону менен, искусствонун деми, кудурети айрыкча, революциялык маанайы биздин ой-санаабызды бириктирип турчу, жаңы умтулууларга үндөп турчу.

Айрыкча Месарош менен Штоффер элдин прикладдык, кыргызчалап айтканда, оймо-чийме өнөрүнө көбүрөк кызыкчу. Улуттук кийимдерди, айрыкча

боз үйдү көргөндө мени ээрчитип алып ууктан баштап жел боо, керегеге чейин кармалап көрүп, көчмөн элдин кылымдап өнүккөн жыгач архитектурасынын ар кыл, ар түрдүү оймо-чиймелүү буюмдарын кызыгып карашчу. Элдин илгертен улаган салт-санаа, үрп-адатын, күнүмдүк жашоого ылайыкталган көөкөр, туш кийиз, же күмүштөлгөн ат жабдууларын көрүп туруп бир ирет Штоффер:

– Гапар, элиң таланттуу экен, - деди. – Көп эле элдин ээр токумун көрдүм, а силердики чабылышы жана жасалгасы боюнча өзгөчөлөнүп турат. Өзүнчө өзгөчөлөнүп, анан да көңүлдү тартып турган буюм таланттуу элде, таланттуу колдон гана жаралат.

Бул сөзгө ичимден сыймыктанчумун. Анткени Штоффер сүрөтчү катары көп окуп, көп билген, ой санаасы бийик киши эле. Кечээги эле Византия маданияты эмес, Байыркы Египет, Греция, Римдин маданиятына чейин жакшы билчү.

Илгертен мал туягын гана санап, тоо-таштын арасында, токумдай асман алдында жарым-жартылай жапайы турмуш кечирип келгенибиз менен биз дүйнөлүк маданияттан анча деле артта калбаппыз. Анча-мынча киши көтөрө алгыс алп «Манасты» айтпаганда, кол башындай комузду эле алалычы. Дүйнө элдеринде комуз сыяктанган аспаптар оголе көп. Ошол ар кыл аспаптардын ичинен жалгыз комуз гана беренесиз чабылган, мына ошол беренесиз кол башындай комузда обон айтпайлы, не деген классикалык күүлөр чертилет? Декадада комузчулар ансамбли кол ойното черткенде москвалыктар

жупуну комузду биринен бири талашып алып көрүп, ушу чыканак башындай куу жыгачтан мукам үнү кай жеринен, кайсы жагынан чыгарына таң кала тегеретип карашты го. Ушундан улам элдик обон, же аспаптар эле эмес, жаңы эле пайда болгон көркөм сүрөт өнөрүнө чейин москвалыктар жакшы баа беришти. Дүйнө эли бири-бирине таасирленип, көмөк берип, өнүп-өсүп келсе, биз алардын бирине да кошулбай, өзүбүзчө өнүп-өсүп жүрүп отуруппуз. Биздин маданият, искусство мына ушунусу менен өтүмдүү окшойт. Мына ушунусу менен жагымдуу окшойт? Декада учурунда Москвада ачылган сүрөт көргөзмөсү мына ошонусу менен жакшы бааланды окшойт?

Мен эч качан театр сүрөтчүсү болом деп ойлогон эмесмин. Бирок декада учурунда орден менен сыйланганым үчүн опера жана балет театрында дагы бир аз иштеп берүүнү чечтим. Фрунзеге келип «Токтогул» операсын жана «Ант» музыкалык драмасын жасалгалап берип, ушундан кийин гана өзүмдүн көптөн тилегеним живопись жагына биротоло өтмөк болдум. Ушул эле жылы партиягы өттүм. Кыскасы, тагдыр таразасы мен тарапка ооп, жакшылык биринин артынан бири жанымда жүрдү. Бирок канчалык жакшы болбосун, турмуш пендесинен баары бир өз энчисин алып турат окшойбу.

Бир күнү алыскы Төлөйкөн айылынан «Атаң катуу ооруп атат, тез кел» деген кабар алдым. Поезд менен күнү-түнү чапкылап отуруп, Алыкул менен жетип барсам атамды эбак жерге берип коюшуптур.

Айылдашым атамдын бейитине узатып келди. Топурагы али кургай элек бейит жанында турам. Томсоргон талаа, томсоргон бейит, томсоргон мени томсоро тосуп алды. Аттиң ай, аны эми экинчи көрбөймүн ээ? «Э, Гапа» деген үнүн укпаймын ээ? Өткөн өмүр, өткөн күн эсиме түштү. Алая сенделген сары канат мени атам эски куржундун бир көзүнө илмейте салып алып, Ошту көздөй жол тартканы, Жоро айылында «тентиген ит» аталып мени күнүнө ар жерден тамак таап келип бакканы эсиме түштү. Байкуш атам ай, бу турмуштан, айрыкча жаш кезинде эмнени көрдү? Эми гана элдей мал күтүп, жер күтүп, эми гана менин кант-чайымды ичерде минтип күтүлбөгөндөй жер алдында калганы эмнеси? Жок дегенде дагы беш-он жыл жашаса болот эле го? Аттигиниң ай! Муун-жүүнүм бошоп, көз жашым мөндүр болуп кулап атты. Кимдир бирөө чыканагымдан алды. Алыкул экен. Кайрат айтып, көрүстөндөн айылды көздөй мени алып жөнөдү. Акыры түбү ушу экенбиз да? Бир күнү эле, бири-бирибизден биротоло ушинтип ажырап калат экенбиз да? Ошо бойдон бу дүйнөдөн бири-бирибизди биротоло көрбөй ар кимибиз ар жерде калып кетет экенбиз да. Атамдын бейитинен айрыла албай турдум. Аттигиниң ай!

Эртеси айыл аралап жөнөдүк. Эл турмушу оңоло баштаган. Үймө үй чакырып, Алыкул экөөбүз суроожооптун бутасында калдык. «Дейт», «экен», «имиш» деген сөздөр кулакка жаайт. Имангазы комузчу жаныбыздан чыкпайт. Алыкулга ал, ага Алыкул шай келип, экөө бир отуруп, бир басышат.

– О-о, ошо декада дегениңерде Калинин өзү башында туруп, баарыңарга өзү орден такты дейт, ушу чынбы?

– Чын.

– Колхозчулардын сиезинде Калинин чыгып сүйлөп, камунузмге жетиш үчүн биринчи унду көбөйтүш керек дептир дейт. Ушу сөзү мага өтө жакты. Белиңде наның болбосо камунузм турмак, тоо аша албайсың... туура да ушу...

Алыкул анын кээ бир сөздөрүн оозунан түшө элек, жылуу кезинде блокнотуна шилтей салат. Муну байкаган Имангазы комузчу ого бетер бакылдайт.

– Ошо Калинин дегениңер чын эле мыкты экен. Мыктылыгы ошо... Силер го аны көрүп келдиңер, а биз аны көрбөсөк да сөзү оозмо ооз бизге жетип атты. Мыктылыгы ошо... Калкозчулардын сиезине барган калкозчулар менен кыргызча малдаш токунуп отуруп, кыргызча бешбармак жептир дейт. Патша деп мына ушуну айт. Ал эми Мураталы менен мындай болуптур дейт. Гапа, сен өзүң көрүп келдиң го. Дикада учурунда Калинин өзү барып орден тагып туруптур. Бир убакта Мураталы карыяга кезек келип, эки карыя кол кармашып калды дейт. Мураталы Калинин карыянын колунан өптү дейт, ошондо Калинин Мураталыны чап кучактап бетинен өптү дейт. Ошондо Мураталы уялып кетип, ал да чап кучактап Калининди бетинен өпкөн экен, Калинин аны далыга таптап, анын оозунан өөптүр. Мураталы да анын оозунан өөп, кубанганына чыдабай ыйлап

жибериптир дейт. «Сексен жашка келгенче мындай сылык, мындай кичипейил адамды көргөн эмесмин» деп кай жерде болсо да оозунан түшүрбөй айтып жүрөт имиш. Ушу чынбы, Гапа?

– Чын!.. Мураталы карыя жашып кеткени ырас.

– Ошо Ысык-Көл тараптан бир дыйкан кур жалаа менен сотко кесилмекчи болгондо Калининге арызданып барыптыр. Калинин аны дароо кабыл алып, арызын угуп, колхоздун ишин сурап анан, алакандай кагазга «Ак колхозчуга асылганды койгула» деп жазып, мөөрүн басып колуна берип, анан кол кармашып, босогого чейин узатып келиптир дейт. Алиги колхозчу айылына келип, алакандай кагазды көрсөткөндө аердегилер «Бу Калинин аксакал көзү ачык олуя экен го. Москвада туруп, ушердеги чала ишти көрүп алганын караң а» деп таң калыптыр дейт.

Отургандар шыпшына баш чайкайт.

– О-о, чыныгы патша экен а!

– Ой, патша ал эмес, Исталин.

Имангазы кол шилтей сөз бербейт.

– Э-э, кызыксың... орден тапшырып аткан соң, о деле патша да...

Имангазы комузчу ушинтип сөз бербейт. Айылдын «тирүү ырадиясы» аталып кеткендиктен ого бетер бакылдап алган. А мен катуу кайгыдан арыла элекмин. Арыла элекмин али. Алыста жүрсөм да тоодой туткан атамдан айрылдым. Кабыргам кайышты, бирок айла канча, канчалык кайгырганым менен элдин оңоло баштаган турмушун көрүп мен ыраазы

болсом, эл казнасы, эл ичиндеги ар кыл сөздөр, айрыкча Имангазы комузчунун ар кыл уламыштары «чөнтөк капчыгына» толгонго Алыкул да ыраазы болуп Фрунзеге кайттык. Бирок бир кызыгы, айылда эмес, шаарга келгенде атамдын орду ого бетер жок-толуп көзүмдө эле эмес, көкүрөгүмдө мелт-калт муң толду, жетимсирей түштүм. Айтинин тукумунан жалгыз мен калганымды ошондо даана сездим. Каңырыгым түтөп, шалпым бошоп, жалгызсырай түштүм, оңкулдай түштүм. Дуулдаган жоро-жолдош кээде болор, кээде болбос, бул анча өкүнүчтүү эмес, ал эми жаныңда болбосо да алыста эң жакын, болгондо да жан кыйышпас жакын кишиң болбосо нары кусалуу, нары өксүк экенсиң! А менин атамдан бөлөк жан күйөр кимим бар эле?

Ушундан уламбы, а мүмкүн отузга жакындап баратканымданбы, айтор мен да көп ичинен өз жакынымды издеп таап, ага арзып, бүлө күтүп, түтүн булатууну мурункудай экинчи, же үчүнчү катарга койбой, ушу жыл биринчи катарга коюуну чечтим. Анан калса мен курбалдуулар эле эмес, менден кичүүлөр деле эбак эле сүйүп-күйүп, а түгүл үйлөнүп, а кээлери ажырашып, бу жагынан эбак алчы-таасын жеп койгон экен. А мен эмнегедир арзуу маселесине калганда узакка «бышып», ушуга чейин же сүйүп, же күйүп көрбөй кыйла жашка, тагыраак айтканда, жыйырма сегиз жашка чыгып коюптурмун. Айрыкча, атам өлүп, жалгыз-жарым калганымда коом, коом арасында өзүмдүн сүрөтчүлүк ордум жөнүндө гана ойлобой, жашоодогу көп нерселер, айрыкча жеке

турмушум, жеке тагдырым жөнүндө да ойлоно баштадым. Кантели, эне менен атаны кол менен кайра жасай албайт экенбиз. А алардын ордун аялың, же балдарыңдан башка ким алмаштырат? Ким алардай мага жакын болуп бере алат?

Ушундай ойлор көңүлүмдү басат, жалгыздап жүрүү көңүлүмө көбүрөөк жагат. Дагы кайталайм, өтө көп жоро-жолдош бу-кур бакылдак, текке кеткен өмүр, текке кеткен убакыт, болбогон жерден көңүл калуу, араздашуу. А жалгыз жүрсөң ойлоносуң, а ойлонуу-алдыга умтулуу, өзүңдү өзүң бышыруу, курчутуу. Түбү келип куру бакылдак, жоро-жолдоштор ашык атпай, эмгектен бышып, эмгектен курчусаң, ошо эмгек сага ашык атат, жан жолдоштой жанында турат.

Күн алыс шаар сыртына жалгыз чыгып кетем. Билгенге жашоонун мазеси ушерде. Көк чөп, көк асман, көкала көпөлөк, таза аба көңүл жашартып, жашоого күч-кубат берет. Түбүнөн көкала ташы көрүнгөн көк кашка сууга бутумду салып алып атамдын сүрөтүн тартам. Күн өткөн сайын атам бет алдымда көз көрүнөө тирилип, мени тирүү кезиндегидей тиктеп турду. Атамды өз колум менен өзүм тирилтип алып, өзүмчө сүйлөшө баштадым. Сүрөт тартып отурган ушундай күндөрдүн биринде шыңк эткен үн оюмду бузду. Карай салып, бет алдымдан өтүп бараткан эки кызды көрдүм. Мен тарапты да ирет тиктеп, шыңк күлгөн ак саргыл сулууча кыз ким болду? Каерден көрдүм эле? Негедир өзүмчө өрөпкүп алдым, ичимден от жана түшкөнсүдү. Мындай кыздар күнүнө эле

учурап, күнүнө эле көрүп жүрбөймүнбү, бирок бу кыз көңүлдүн кайсы бир жерин козгоп кеткенсиди. «Өмүрлүк жарым дал ушул ак саргыл кыз болуп жүрбөсүн?» деген ой көңүлүмдө кылт этип өттү. Кызык... Табигатта биз билбеген али көп сыр бар экен го? Эмне үчүн башканы эмес, ушу кызды көргөнүмдө ушул ой пайда боло калды? Кийин ушул ак саргыл кыз чын эле өмүрлүк жарым болуп калды. Көл боюнда төрөлүп, көл боюнда өсүп, ой-кыялы, сүйлөгөн сөзү кыргыз болуп калган татар кызы өмүр жолумда бир басып, турмуш түйшүгүн бир тартууга кол берди. Менин атым-Гапар, аныкы-Гапита.

Миң тогуз жүз кырк биринчи жылдын онунчу июнунда үйлөндүм, а жыйырма биринде согуш башталды. Согуш башталардан бир жума мурун талант-туу артист Эшимбеков экөөбүз маданият министр-лиги тарабынан Нарындагы областтык олимпиадага калыстар тобу катары жиберилген элек. Нарын өрөөнү боюнча ырчы, уста, саймачы, манасчы сыяк-туу бүт өнөрпоздор, ошондой эле Кожомкул баш болгон балбандардан бери келди. Нарын өрөөнүнүн табигат салган көк-жашыл килеминин үстү менен бетинде кири жок көк асманынын алдында бейга-пар оюн-күлкүгө батып, элдик таланттардын өнө-рүнө жан эргитип отурганыбызда радиодон суук кабар угулду. Денем дүр этип алды. Запастагы кенже лейтенант элем. Чакыртпай, өзүм эле дароо военко-мантка барышым керек го деп ойлодум. Эч нерсе уга элек Эшимбеков топ арасынан чыга келип:

– Эмнеге дүргүй түштүңөр? Эмне болду?- деди.

– Согуш башталыптыр, согуш!..

* * *

Эки эл, эки мамлекет эле эмес, көчөдө жүргөн эки бала, а түгүл эки ит жөн эле урушуп, жөн эле талашпайт го. Баланын балалыгына, иттин итчилигине байланыштуу эбебине жараша себеби болот да. Ошонун сыңары экинчи дүйнөлүк согуштун башталышына эмне себеп болду?

Тарыхчылар менен саясатчылар экинчи дүйнөлүк согуштун чыгышына көбүн эсе Гитлер башында болгон фашизмдин бийликке келиши, же империалисттердин өз ара дүйнөнү бөлүштүрүп алуу максатындагы кыл чайнашкан талашы эле эмес, дүйнөдө биринчи жолу социализмдин пайда болушу да себеп болду окшойт. Анткени, бир эле учурда пайда болгон фашизм менен социализм, айрыкча ошо кезде, тагыраак айтканда, XX кылымдын биринчи жарымында бир казанда кайнай албайт болучу. Ошон үчүн кайнаса каны кошулбаган бу эки система эртеби-кечпи сөзсүз түрдө бири-бирине муш көтөрүүгө тийиш эле. Анткени, айрыкча Өктөбүр революциясына шыктанган Германиянын жумушчу табы революциялык төңкөрүшкө катуу көтөрүлүп, ушундан улам монополисттердин айласын курутуп ийди. Өлкөнү башкарып турган Фон Папен нары жумшак мүнөз, нары эрте жашында калжайып карылыкка моюн сунуп баратканына байланыштуу монополисттер бийликти «темир чеңгел» Гитлерге алып беришти. Гитлер бийликке

келери менен Германиядагы жумушчу кыймылынын белин беш бүктөдү да, Эрнест Тельманды акелетип түрмөгө отургузуп койду. Анан эмне болду? Ошондон баштап Гитлер коммунисттердин ордосуна сокку урууга даярдана баштады. Анын үстүнө көп себептин дагы бир себеби коммунисттер революцияны бир эле өлкөдө эмес, бүт дүйнөдө жеңмек болуп, али өзү баралына жетип, орун-очок алып, тарыхтан өз баасын албай жатып, чү дегенден эле империализмдин келечегин чактап, социализмдин келечегин мактап отуруп алды. Албетте, чыныгы социализмдин келечеги кең болучу, бирок социализмдин ошо келечеги кең жолуна багыт алууда, сөзсүз эле өңгөнү жамандап, өзүн мактап, туура болсо, болбосо деле кыйкырып жүрүп болгону кыр ашуунун кереги бар беле? Эки системанын өз ара тымызын чатагынын күчөшүнө мына ушу да себеп болду.

Деги экинчи дүйнөлүк согушту болтурбай коюуга болот беле? Фашизм менен социализм канчалык тирешпесин, канчалык бири-бирин жамандабасын, экинчи дүйнөлүк согушту болтурбай коюуга болот болучу, бирок болбоду. Буга ким күнөөлүү?

Бүлөдөгү туруксуздук болгону бир бүлөнү бузса, саясаттагы туруксуздук бүтүндөй бир элдин, журттун тагдырын бузат. Гитлерге го айла жок эле, а бирок Англия менен Франциянын атуулдары Чемберлен менен Даладьеге эмне болду? Эки элдин мырзасынган эки атуулу сыртынан Батышта согуш отун тутандырбоого, социализмге фашизмди каршы койбоого өтө эле гумандуусунуп аракет кылганы менен, иш

жүзүндө, маселе чечерде анык туруксуздары болуп чыга келди. Эмне үчүн?

Айрыкча отуз тогузунчу жылы батышта саясий абал өтө курчуй баштады. Бир эле батышка эмес, бүткүл дүйнөгө Гитлер зор бүлүк салары айрыкча отуз тогузунчу жылы Сталинге нары даана, нары айгине болду. Мындай болгон соң эмне кылыш керек эле? Фашисттик Германияны ордунда ооздуктап, Гитлерди эсиртпей утуру тыйып туруш үчүн Англия, Франция жана СССРдин ортосунда антифашисттик кыйышпас келишим түзүлүшү керек эле, бирок СССРдин бу демилгесин Англия менен Франция ооз жүзүндө туура көрүмүш болуп, иш жүзүндө кыйшаңдап, колдобой туруп алды. Тескерисинче, Гитлерге тымызын ыктап, большевиктерге каршы анын тарабында болду, Европаны эле эмес, бүткүл дүйнөнү селдей каптоого даяр турган фашизмдин зор күчүн алар большевиктерге буруунун амалын ойлоп, Англия, Франция, Германия үчөө өз ара кол салбоо жөнүндө келишим түзүп, Германиянын кызыкчылыгы үчүн кечээги эле өздөрүнүн касам ичкен союздаш досу Чехословакияны Мюнхен келишиминде сыртынан сатып жибериштн. Отуз жетинчи жылы эле «Барборос» планында Гитлер өзү белгилегендей Батыш же Чыгышка секирик жасаш үчүн Чехославакия менен Польша анын кенен-кесири аскер бастиону болуп калмак. Ошон үчүн фашисттик Германия Чехославакияны жалмап, эми Польшаны оп тартмак болуп турду. Мына ушундан кийин гана Англия менен Франциянын атуулдары Гитлердин планы бир эле

СССРге кол салуу эмес, Япония, Италия менен биригип алып бүткүл дүйнөнү басып алууда экенин түшүндү. Мындай болгон соң эми эмне кылуу керек эле? Гитлер аларды жалгыздатып туруп жазасын бирден колуна берерине көздөрү анык жеткен соң, өздөрүнө дос-жоро, таяныч издеп Чемберлен менен Даладье Румыния, Греция, Турция, айрыкча СССР менен жакындашууга аргасыз болду.

Ошентип отуз тогузунчу жылдын августунда Москвада үч өлкөнүн ортосунда – сыртынан кулач жайып кучакташкансыганы менен ичинен кыл чайнашкан өз ара сүйлөшүүлөр башталды. Бу сүйлөшүүдө Франция элчилиги иштин оңуна карап макулдашууга ийкем келгени менен Англиянын элчилиги кылдан кыйкым таап, СССРге ар кандай талап коюп, илгертен канына сиңген Улуу Британиялык дымагын көрсөтүп, ашкере акылдуусунуп, ашкере мырзасынып туруп алды. Көп мисалдын бир эле мисалы: Германия Польшага мына-мына кол салганы тургандан кийин, айрыкча СССР биринчи болуп Польшага жардам берүүгө тийиш эле. Мындай болгон соң армияны өз аймагы аркылуу алып өтүүгө Польшанын төбөлдөрү көшөрүп ынабай койду. Бул эмнеси? Ушунун баары Польша элинин кызыкчылыгы үчүн эле го? Көрсө, маселе башкада экен. Ишти иритип аткан Англия экен. СССРге караганда Польша Англия менен Францияга көбүрөөк ыктап, көбүрөөк ишенген. Бирок Англия менен Франция Польшага жардам берүүгө дароо даяр эмес эле жана чын дилден жардам берүүгө көөнү жок болчу. Мунусу аз келгенсип

СССР менен Польшанын ортосуна чагым салып, от жагылып атыш себеби эмнеде? Себеби эле айрыкча Англиянын өкмөтү СССР менен чын дилден макулдашууга ниети жок болчу. Ушундан улам сыртынан СССР менен сүйлөшүмүш болуп, мамиле түзүмүш болуп, бирок ичинен дале Гитлерге ыктап, анын оюн табууга, ага жагынууга, анын оп тарткан оозуна Польшаны уйпалап салып берип, андан ары СССРге каршы тукурууга айла-амал издеп атышты. Бул учурда Гитлер да жөн отуруп алган жок. Саясаттын тараза ташы канчалык анын тарабына оогон сайын жаны жай алып, көңүлү тынып отуруп калбай, кайра куулук-шумдугу күчөп астейдил боло баштады. Жакшыбы-жаманбы, туурабы же туура эмеспи, бирок үч өлкөнүн өкүлү биригип, болгондо да Париж же Лондондо эмес, Москвада сүйлөшүп атышы аны опурталга ойго салды. Ошон үчүн Гитлер алардан да куулук кылып, СССР менен жакындашуу оюн Сталинге чукул билгизди.

Германиянын тышкы иштер министри Иоахим фон Риббентроптон Германиянын Москвадагы элчиси Вернер фон Шуленбургга 1939-жылдын 14-августунда 22 саат 53 мүнөттө чукул телеграмма жиберилди.

«Сизден өтүнөрүм, Молотов төрө менен жекеме жеке жолугушуп, төмөнкү кабарды билдириңиз.

1. Германия менен СССРдин ушуга чейин мамилеше албай келишине эки өлкөнүн касташкан эки лагерде жашап турушу себеп болду. Бирок кийинки

окуяларга караганда эки өлкөнүн дүйнөгө болгон эки ажырым көз карашы иш боюнча өз ара мамиле түзүүбүзгө, а түгүл мындан ары мындай ырк келишпеген саясий карама-каршылыкты биротоло токтотууга мезгил жетти го деп ойлойбуз. Эки өлкөнүн даңгыр жолу ачык жана багыты бир болсун.

2. Албетте, Германия менен Советтер Союзунун мурунтан касташып келиши бүгүн өз ара ишенбөөчүлүктү пайда кылышы мүмкүн. Бирок идеология боюнча касташып келгенибиз менен орус эли менен немис элинин ортосунда эч кандай касташуу болгон эмес. Ушундан улам эки элдин ынтымак мамилесин эки өлкөнүн саясий мамилесине чейин жеткирүүгө не жетсин!

3. Англия баш болгон капиталисттик Батыш өлкөлөрү Улуттук Социалисттик Германияны кандай душман көрсө, Советтер Союзун так эле ошондой душман көрөрүнө өзүбүз күбө болдук. Алар өз ара аскерий келишимин түзүп, СССРди Германияга каршы коюуга шарт түзүп атышат.»

4. Англиянын саясатчылары Германия менен Польшанын мамилесин бузгандай эле, эми алар Германия менен Россиянын мамилесин бузууну тездетип атышат. Алар антип аткан соң, эки ара достук мамилебиздин оң чечилишин биз да тездетишибиз кажет. Эгер эле антпесек, иштин жөн-жайын чукул өзөртүп, алар эки өлкөнүн достук мамилесин эле эмес, Чыгыш Европага байланыштуу территориялык-аймактык маселени биргелешип, оң чечүүбүзгө да кедерги болору шексиз.

...Империялык тышкы иштер министри Иоахим фон Риббентроп улуу урматтуу Фюрердин атынан анын пикирин Сталин мырзага билгизип, ортого салуу үчүн кыска мөөнөт менен Москвага келүүгө даяр».

Сталин мыйыгынан жылмайды.

– Күндүзү короого кол салган карышкырдын мергенчилери көп болчу эле. Гитлер да так ошонун өзү болуп отурат...

Сталиндин Кремлдеги кабинетинде Молотов, Калинин, Каганович, Жданов, Ворошилов, Маленков жана Берия отурду.

Сталин:

– ... Себеби дегенде Гитлер Батыштын эле эмес, эми Чыгыштын короосуна, болгондо да достошуп алып, анан күндүзү кол салгысы бар... Чемберлен менен Даладьени алдагансып, бизди алдагысы бар. Гитлер баары бир эртеби-кечпи бизге сөзсүз кол салат. Кучакташып, өбүшүп туруп, анан бир күнү так далыбызга бычак урат. Же туура эмеспи? Кандай деп ойлойсуңар?

Жданов:

– Мен да так ушундай ойлойм... Гитлерге эч ишенүүгө болбойт!..

Сталин:

– Мындай болгон соң, анда эмне кылышыбыз керек? Гитлердин сунушун четке кагышыбыз керекпи?

Бул жоопту Сталиндин өзүнөн күткөндөй, баары бир ооздон үндөбөй калышты.

Сталин:

– Англия менен Франциянын күнөөсүнөн улам Москвадагы биздин азыркы сүйлөшүү ойдогудай болбой атканын Гитлер билип алган... Ошон үчүн ортодон чыгып, аларды жамандап, бизди алардан бөлүп, колтуктап кеткиси бар. Анан калса айрыкча Англиянын аскерий миссиясы фашизмдин алдын тороо чарасы боюнча конкреттүү маселе чечүүнүн ордуна Москвадан ит менен мышыктын спектаклин куруп, башты оорутуп отурат. Чемберлен менен Даладьенин ою белгилүү. Гитлер менен бизди рингге жекеме-жеке чыгарып коюп, экөө эки бурчта калыс болуп карап тургусу бар. Үчөө тең... Ошол менен Англия ошол Франция жана Германия биз менен канчалык кучак жайып достошууга барбасын, баары бир душман бойдон кала берет. Мындай болгон соң эмне кылышыбыз керек? Эч кимиси менен мамилелешпей, келишим түзбөй, алар менен жалгыз-жарым өзүбүз күрөшүшүбүз керекпи, же...

Сталин сөзүн атайын ушерден токтотуп, канжасын оозуна алды. Эмнегедир айрыкча Калининден жооп күттү. Бирок бирөө да жооп айталбады, анткени жооп айтуу өтө кыйын эле. Сталиндин оюн билбей туруп, же иштин маанисине көзү жетпей туруп сүйлөгөн Ворошилов менен Буденный дал ушул жерде, дал ушул кабинетте эчен ирет Сталинден кагуу жеген. Ушундан улам эң аксакалы Калинин баш болуп жооп берүүгө, же пикир айтууга өтө астейдил.

Сталин ордунан туруп, анда мейли, дагы да өзүм сүйлөйүн дегенсип канжасын оң колуна алып, узун

үстөлдө катар отургандардын арты менен улаганы көздөй жай басып баратып оюн улады.

– Менимче, мындай... Ырас Гитлер өзү биз менен жалган да болсо кучак жайып, достук мамиледе болууну өзү өтүнүп жаткан соң, Чемберлен менен Даладьеге кыр көрсөтүш үчүн, айрыкча Гитлердин бизге кол салуу мөөнөтүн созуу үчүн Германия менен эки ара кол салбоо келишимине макул болсок эмне болот! Буга эмне дейсиңер?

Каганович:

– Мурунтан касташып келген фашисттик Германия менен бүгүн эле күтүлбөгөндөй достошуп кетсек өзүбүздүн эле эмес, дүйнө эли кандай ойдо калат болду экен?

Сталин:

– Элге жагууну ойлобой, иштин көзүн ойлонуу кажет, Лазарь! Эл деген эл, баарына жакпайсың. Көрүп турасыңар бүгүнкү саясый кырдаал өтө татаал. Өзүңөр билгендей Германия былтыры эле Англия жана Франция менен өз ара кол салбоо келишимин түзүп алган. Англия менен Франция мына ошон үчүн өздөрүн көпсүнтүп, бизди азсынтып, кайдагы бир келжиреген талаптарды коюп атат. Ошон үчүн, мисалы мен... Гитлер менен келишүүгө токтоосуз макулдугумду берер элем...

Же шалдая, же жандана түшкөнү белгисиз болгон отургандар көчүк күйшөй күбүр-шыбыр боло түштү.

Сталин аларды тегерете бир тиктеп алып, анан эбак өчкөн канжасын бир соруп алып оюн улады.

– Анткени... былтыры Гитлер бизди жамандап, биз менен келишим түзсө, быйыл аларды бизге жамандап, биз менен келишим түзүүгө өзү демилге көтөрүп атат. Биз аны менен келишим түзүп койсок биринчиден – Гитлердин саясаттагы анык жойпу экени Чемберлен менен Даладьеге эле эмес, анын Чыгыштагы япон досу Хиранумага да белгилүү болот, экинчиден – милитаристтик Япония, Гитлер фюрер эмес эле карышкыр экенине көзү жетип чыгыштан бизге сес көрсөтпөй калат. Үчүнчүдөн, фашисттик Германия бизге жакын арада кол салуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт. Бизге болгон эң негизги пайда, фашизмге каршы согушка даярданыш үчүн убакыт утабыз...

Жданов:

– Канча убакыт утабыз?

– Төрт же беш жыл...

– А Польша маселеси эмне болот?

– Польша өзүнөн көрсүн. Россияга каршы дайыма чагымдык менен жүрөт. Бизге ишенбей Англияга ишенет, бизди укпай Англияны угат. А Англия деген ким азыр? Илгертен келаткан улуу британиялык кадыр-баркы гана болбосо, армиясы, айрыкча аба флоту азыр өтө начар. Ушуга карабай Англия дале болсо дүйнө элинин көп өлкөлөрүнө үстөмдүгүн, бийлигин жүргүзүп келатат. Мунун себеби, ошо үстөмдүккө калган өлкөлөрдүн начардыгы, бошоңдугу. Мисалы, бүткүл Индияны эки жүздөн ашык гана англис адамы бийлеп турат. Бул өзү шерменделик! А Польша өзүнө өзү кылды! Эч кимге жамандыгы

жок аюуну ээрчибей, эки түлкүнү ээрчип кетти, кете берсин. Түлкүлөр эртең эле сатып кетет. Буга эмне дейсиңер?

Баары бир ооздон унчукту.

– Туура!

– Гитлер менен эмне кылалы?

– Келишим түзөлү.

– Ошентип баары Сталиндин ою менен болуп берди. Иш Сталиндин оюндагыдай чечилди. Анткени, ошол кезде Молотов баш болуп, ичиндеги чыныгы оюн Сталинге ачык айталбай калган. Өңгө эмес, эки бала төрөп берген өз аялы өзүн өзү атып салганда бир солк этип койбогон, а түгүл гөрүнө бир ууч топурак таштап коюуга барбаган кишиде кулач жеткис бийлик турса ким андан коркпосун? Айрыкча отуз жети, отуз сегизинчи жылдардагы жалпы камакка алуудан кийин, башканы айтпайлы Сталиндин эң жакын кызматкери Молотов баш болуп астейдилдене чоочуп калды. Кантип чоочубайсың? Калининдин аялы камакка алынды. Кагановичтин агасы атылып кетти. Ворошиловдун келинининин туугандары камакка алынды. Ворошилов ортого түшпөсө, Буденный аз жерден түрмөгө отуруп, сурак берип калмак. Мына ошондон кийин башка элди айтпайлы, бир иштеп, бир жүргөн кызматташтары анын каш-кабагын карап, оюн табууга аракеттенип, оюн таппаса, анын ою менен болуп, бүжүрөп отуруп беришти.

Миң тогуз жүз отуз тогузунчу жылдын жыйырма үчүнчү августунда Германиянын тышкы иштер

министри Иоахим фон Риббентроп Москвага учуп келип, Гитлердин атынан Сталин менен өз ара кол салбоо жөнүндөгү келишимин түзүп кетти.

Бири-бирин далыга таптап алдаган бу жалган келишимдин бүтүмүнө Сталин менен Гитлер экөө эки жерде өздөрүнчө ыраазы болду, ичинен кубана тынды. Чын-чынына келгенде бу жалган келишим экөөнө тең пайдага чечилди.

Гитлердин пайдасына-СССР батыш өлкөлөрүнө жардам берүүдөн калып, нейтралитет катары Европадан бөлүнүп салынды да, фашисттик Германия Польшаны, андан кийин Францияны алып, Чемберлендин таякесин таанытып Лондонду дүпүлдөтө бомбалап кирди.

Сталиндин пайдасына-Англия менен Франциянын төбөлдөрүнө кыбасы канды. Япониянын премьер министри Хиранума СССР менен келишим түзгөнү үчүн Гитлерди ашата сөгүп, бүткүл министрлери менен отставкага кетиши Холхин-Гол маселесин жеңилдетти. Эң негизгиси Гитлер Батыш өлкөлөрү менен бир тарап болгучакты убакытты утуп, Сталин согушка даярдана баштады.

Ошол эле жылдын аягында Сталинге Гитлерден мындай телеграмма келди.

«Иосиф Сталин мырзага».

Алтымыш жылдык юбилейиңизге байланыштуу өзүмдүн атымдан чын дилимден чыккан куттуктоомду жиберем. Бардык ой-санаам сиз менен. Эң негизгиси Сизге мыкты ден соолук каалайм,

ошондой эле Совет эли менен биздин элдин тилектеш болушун тилейм.

Адольф Гитлер 22-декабрь, 1939-жыл.

* * *

...Бирок Сталин ойлогондой Гитлер СССРге миң тогуз жүз кырк үч, же кырк төртүнчү жылдары эмес, кырк биринчи жылдын орто ченинде согуш ачмак болду, Сталин буга ишенген жок. «Германия СССРге согуш ачканы жатыптыр» деген имиш сөздөрдү жөн гана катын ушагы деп Молотов ага кан какшап ишендиргендей «жөн гана провокация» деп түшүндү, бирок ошо жылдын көк чыгып, жер жылыган маалынан эле Гитлердин «жеңилбес армиясы» СССРдин чек арасына шыкала баштаганынан улам Гитлердин жеке өзүнө Сталин өзүнүн атынан кат менен кайрылып, эки өлкөнүн ортосунда кол салбоо жөнүндө келишим бар экенине карабай, эмне үчүн анын армиясы Польша аркылуу СССРдин чек арасына топтоло баштаганын түшүнө албай жатканын билдирди. Анын катына жооп кылып Гитлер ортодогу келишим темирдей бек сакталарын, анын армиясы Польша аркылуу Чыгыш тарапка жылып атыш себеби, англичандар Борбордук Германияны аябай бомбалап атканга байланыштуу армияны убактылуу ошоякка жылдырып атканы, ал эми келишимди өзүнүн эле эмес, бүткүл немис элинин ар-намысы менен сактаарын айтып, жанын жеп жооп кат жиберди. Буга Сталин бир алдын ишенди. Гитлердин эптеп эки-үч

ай чек арада кармаса күз болуп кетерин, күз кирип келсе Гитлер согуш ачалбай каларын, натыйжада дагы беш-алты айды утуп, анын эсебинен дагы күч топтоп, согушка даярдануууну ойлоду, бирок Гитлер Сталинге жогорудагыдай жооп айтып, ошондон эки ай өтпөй Муссолиниге «Россияны биротоло жер үстүнөн жок кылуу планы» жөнүндө айтып, аягын минтип жыйынтыктады.

«Дуче!

Бүгүнкү күндү өмүрүмдөгү эң бактылуу күн деп эсептейм, анткени, көптөн бери кыйнаган маселе бүгүн биротоло чечилди. Эртең таң саардан биздин армия Россиянын чегинен өтүп, анын толтосу Москваны көздөй жол алат. Советтер менен күрөш менин оюмча оңой-олтоң болбойт, Дуче, бирок жеңиш биздики болоруна эч шек санабайм. Баарынан мурда армияны жакшы багыш үчүн Украина жеринде тамак-аш, турмуш-тиричилик базасын кеңири уюштурушубуз керек, анткени кышка чейин Москваны алып, ордун күл дөбөгө айландыра албай калсак, кышкы кампанияга алтымыш же жетимиш дивизияны Россияда калтырууга туура келет.

21-июнь, 1941-жыл, Адольф Гитлер».

Ошентип, кыл чайнашкан алаамат согуш башталды, бирок согуш алдында советтик армиянын абалы кандай эле?

Коргоо эл комиссариатынын аскерий советинде армиянын жана флоттун элге белгилүү даңазалуу 85

мүчөсү бар эле. Булардын ичинен 8 киши гана репрессияга дуушар болбой аман-соо калган, алар: К. Ворошилов, С. Буденный, С. Тимошенко, О. Городовиков, И. Апанасенко, А. Хрулев, Б. Шапошников, К. Мерецков.

Советтер Союзунун беш маршалынан үчөө-М. Тухачевский, А. Егоров, В. Блюхер атылып, экөө-К. Ворошилов, С. Буденный тирүү калган.

1-рангадагы эки аскер комиссары Я. Гамарник, П. Смирнов экөө тең атууга кеткен.

1-рангадагы 5 командир болсо анын үчөө: И. Якир, И. Уборович, И. Белов атууга кеткен.

1-рангадагы флоттун 2 флагманы болсо, экөө тең атууга кеткен.

2-рангадагы 12 командири бүт атууга кеткен.

2-ранганын аскерий 15 комиссары бүт атылган.

Корпустун 67 командиринен 60ы камакка алынып, 57си атылган.

1-рангадагы 6 флагмандын алтоо тең атылган.

Корпустун 28 комиссарынын 25и камалып, 23ү атылган.

2-рангадагы 15 флагмандын тогузу атылган.

199 дивизиянын командиринен 136 киши камалып, 125и атылган.

97 дивизиянын комиссарынан 79 камалып 69у атылган.

397 дивизиянын командири камакка алынып, 220сы атылган.

Кыскасы, 1937-жылдын май айынан 1938-жылдын сентябрына чейин Советтик Кызыл Армияда иштеген 36. 761 аскер башчысы, ал эми аба жана деңиз флотунан 3.000ден ашуун киши камакка алынып, жалпы саны 40 миңге жакын аскер кызматкери камалган жана атылган.

Душман босогого келип, төргө өткөнү турганда өзүнүн мыкты аскер башчыларын аёосуз кырган мындай апаат жорук деги дүйнөлүк тарыхта болгон эмес!

Мына ушундай учурда, бүткүл армия мыкты башчыларынан айрылып калган учурда кыл чайнап, кан жайнаган согуш башталды.

* * *

Эртеси Нарын аскер комиссариатынан мага чакыруу кагазы келди. Оюн-шооктун өкүлдөрү менен коштошуп, военкоматтын машинеси менен Фрунзеге жөнөп кеттим. Шаар мурдагыдай болбой дароо томсоро түшкөн, дүкөндөгү азык-түлүктү элдер дароо талап, кымбатчылыктын кейпи кире түшкөн. Пивоканалардын тегерегиндеги кечээги эле оюнкүлкү, бейгам бака-шака жоголуп, адамдардын өңү суз, баары тең унчукпай, шашылыш түрдө Дзержин өйдө темир жол вокзалы тарапка шартылдап өтүп атат, өтүп атат. Дароо үйгө келдим. Гапита кир жууп атыптыр. Мени көрө коюп, моюнума асылды, көздөрүнөн мончок жаш кетти.

– Эмне, сен да согушка жөнөйсүңбү?

– Мен эмне экенмин? Мунжу же качкын эмесмин да?

– Сүрөтчүсүң... Сүрөтчү эле эмес, Сүрөтчүлөр союзунун төрагасысың!

– Апитай, душман кирип келгенде, катардагы сүрөтчү эмес, гений болсоң да жоого каршы аттаныш керек!

– Кечээ Акунбаев өтүп баратып «Гапариха, Гапар качан келет?» дейт. Мени Гапариха атап алыптыр. Чын эле, Гапар – Гапариха жакшы угулат ээ? А сен эмне үчүн Апитай дейсиң?

– Гапитай дегенден көрө, Апитай мага жакшы угулат. Апитай, мен Нарындан чакыртылып келдим. Азыр шаардык аскер комиссариатына барам. Кокус сага учурай албай калбайын деп, түз эле үйгө келдим.

Апитай мени ого бетер кучактап алды, эч жакка жибергиси жок. Ичим жылыды. Жакын, өтө жакын кишиң гана ушинтмек. Өтө жакын кишиң гана жөнөтөрдө кыйылып, келериңде сагынып тосуп алмак.

– Апитай, көп капаланба. Бир эле сенин башыңа түшкөн мүшкүл эмес, бүткүл элдин, бүткүл журттун башына түшкөн мүшкүл. Мен барайын...

Аскер комиссариатында эл көп экен. Иван Васильевич Панфилов мени жылуу кабыл алды. Өңүндө томсоруу жок. Мурдагы тынчтык кезиндегидей эле жүрүш-турушу нары ишенимдүү, нары сабырдуу. Согушка чейин эле Чуйков аркылуу бири-бирибизди жакшы билчүбүз.

– Сөздүн ток этери бу, - деди ал, - запастагы кенже лейтенанттардан майорго чейинкилерди шашылыш

топтоп атабыз. Алар эртең эле чогула койбойт. Ошондуктан азырынча шаардагы жөө аскерлер окуу жайында машыгып туруңуз.

Жоомарт, Мукай жана Жусуп жөө аскерлер окуу жайында кечээтен бери машыгып атыптыр. Кечээки эле ээн-эркин, жайбаракат жашоо калып, темирдей аскер тартибине кирдик. Жазуучу же сүрөтчү аскер турмушуна ылайым туш болбосун. Мен го запастагы кенже лейтенант элем, кыйналган жокмун. Беркилерге кыйын болду. Кийиз казык жерге кагылгандай эле болушту. Айрыкча саал-паал казысы бар Жусупка кыйын эле болду. «Оңго-солго! Жат-тур!» деген сөз көкөйлөрүнө көк таштай тийип, чаалыгып чарчашты. Бир күнү Жоомарт баарыбыздан озунуп, адатынча бапыраңдап:

– Эми оозубуз ашка жеткенде минтип согуш башталды. Эртең эмне болорубузду ким билет, көзүбүздүн тирүүсүндө бирге отуруп, би-ир жыргап чайлашалы, кечинде үйгө келгиле, - деди.

Тентинин атасы Жунушбай «Жоомарт согушка кетип калса, бала-чакасы тамак-аштан кем-өксүк болбосун» деп те көл башынан бир бээ жетелеп келиптир. Шаарда жүрүп, айыл турмушунан кыйла алыстай түшүптүрбүз, бээни Мукайдын отун сарайына араң жыгып, араң сойдук. Ылайдай семиз чыкты. Утуру жыгылып-туруп, борсулдай күлүп короодо жүргөн эки жашар Кулубек эми эле кишинеп тирүү турган бээнин шала-була мууздалып жерде жатканын көрүп бир ордунда эндиреп катты да калды. Баласаак, нары

аябай сезимтал Жусуп аны аядыбы, алаксытмакка аны ары көтөрүп кетти. Булоосу чыккан шире эттин четинен Тенти бизге закүскө даярдап ийди.

Согуш башталып, ачарчылык дароо босогого кирип келгени менен Жоомарттын дасторкону адаттагыдай эле арак-шарап, жер-жемишке толуп турду. Согуш адамдардын пейилин оңоп, ынтымак кылып иет деген ырас окшобойбу, кулжуңдаган Кубаныч-бек да бүгүн ар кимге асылып сүйлөбөй тынч отурат, ойлуу отурат. Өлүм кары-жашка карабайт, бирок ошондой болсо да тынчтык мезгилинде биз курактуу жаштарга, жашоо эми гана башталып, өмүр узун, өлүм алыс сезилип, кандайдыр бир пенделик мандем алаксытып турат өңдүү. Ал эми кан майдандын ичинде жүргөндү айтпайлы, ал четте жүрүп, бирок «согуш башталды» деген сөздү уккандан кийин эле өлүм ою каш-кабагыңа келип, жакындарың, элиң, жериң эсиңе түшүп, тообаңа келип пейилиң оңоло түшөт окшобойбу. Түн бир мезгилине чейин отурдук. Жоомарт ыр окуду.

Дүйнөнүн жүзүн өрт каптап,
кара жалын каптады.
Кыяндай жүрөт шаркырап,
кызыл кандын акканы.
Ушундай апаат күндөрдө,
уяттан уят эмеспи.
Уулуңдун үйдө жатканы!

Арабыздан биринчи болуп согушка Жоомарт жөнөдү. Баарыбыз аны темир жол вокзалына узатып

чыктык. Унчукпай келатабыз, эч сөз чыкпайт. «Ылайым жоону жеңип аман кел» дейин десең эле көз жашы көкүрөгүнө толгон Тенти баа этип ыйлап ийчүдөй араң келет. Перрон толо эл. Оркестр бапылдап, «Прощание славянки» нары кайрат берсе, нары көкүрөгүңө уюган муң салат. Каягыңды караба томсоргон адамдар, көз жашын сүрткөн аялдар. Вагонго чыккан Жоомарт көптүн арасынан бизди көздөй кол сермеди, наристе болсо да сездиби, Мукайдын колунда турган Кулубек атасын ээрчий чырылдап ыйлады, муну көргөн Жоомарт жашып кетти. Вагон термелип, Жоомарттын элеси алыстагандан алыстай берди. Атасын чырылдай ээрчип ыйлаган Кулубекти соорото албай атып Мукай:

– Ушинтип, артыңдан чырылдап ыйлап, уулуң узатып калганы кандай бакыт, - деп койду.

Өзүнүн баласы жок эле.

– Арабыздан биринчи болуп Жоомарттын жоого кетиши бу жөн эле эмес, - деди Жусуп аялдарга угузбай. – Бу Ваговдун иши...

* * *

Мен бир ай бою аскердик машыгуудан өттүм. Анча-мынча ашык эттен арылып, кадимки жоокер сынына кирип калдым. Согушка жөнөөгө эми менин кезегим келди. Генерал Панфилов баарыбызды төрт катар тизип алып:

– Силер бүт командирлерсиңер, ошон үчүн гражданча кийинип жөнөйсүңөр, - деди.

Алыкул болбой атып мага жаңы костюмун кийгизди.

– Ылайым Манастын ак олпогундай сени кырсыктан сактасын, Гапар, кийип ал.

Гражданча кийинген бүт командирлик топ эртеси эрте менен жөнөкөй эле жүк ташуучу поезддин вагонуна түштүк. Мени аялым, Чуйков, Түгөлбай, Алыкул жана Жетикашаевдин бүлөсү жөнөтүп келишти. Жоомарт жөнөгөндө го артынан баласы ыйлап калды эле, а менин артымда кимим калды. Жалгыз аялым... Эгер батыштан кайтпай калсам, Айтинин туягы ушу менен тукум курут болобу?

Күпүлдөй күүлөгөн поезд шаардан чыгып баратканда ушул ой эсиме келди. Жол боюнда калып аткан ар бир зым жыгач, ар бир тал-терек мага кол булгап аткансыды. «Аттиң ай, силерди эми көрө албай каламбы?» Сыртты сугула тиктейм. Көз жашы көл болгон Апитай поезд менен тең жарыша мага кол булгай чуркап келаткансыйт. Кош, Апитай, кош, эгер мурдараак үйлөнсөк, мүмкүн менден да туяк, менден сага эстелик калар беле!..

Поездге кыргыз жигиттери өзүнчө ырдап барат.

Ала-Тоо калды алыста-а,
канат жок учуп барышка-а!
Урушка кеттима а аттанып эй,
душмандан кекти алышка-а!

Фрунзеден жөнөгөн командирлер Россияга келгенде эки топко бөлүндү. Биз Инза шаарына келип токтодук. Согуштун каар азабын эми жакындан сезе баштадык. Инзанын жанында, токой ичинде

запаста бүтүндөй бир дивизия турган экен, ошого барып, ар кимибиз өз чинибиз боюнча ылайыктанып жайланыша баштадык. Мына эми кечээ эле өз үй, өз төрүмдө болсом, бүгүн алыстамын, ат жетпес алыстамын. Командировка же конокто жүрсөң анда көңүлүң ток, эртең болбосо, бүрсүгүнү үйүңө барасың, жаман болсо да өз үй, өз төрүңдө жыргап жатып каласың. Ал эми согушка душман менен беттешүүгө келгенде андай эмес тура. Канчалык душманга кекенип салгылашууну самап келгениң менен туулган, чоңоюп-чочоюп жаштыгың калган, кечээ эле курбу-курдаштарың менен ойноп-күлүп жүргөн жериң ушунчалык кымбат сезилип, бүгүн кетсең, эртең эле сагына берет экенсиң, кусаланып, жетимсирей түшөт экенсиң. Сулк жаткан ошол тоолор, курбу-курбудан түшкөн көк кашка бөкөн суулар берешен энедей берекеси төгүлгөн кыргыз жери, көк мончоктой кыргыз көлү жатсам-турсам бет алдымда туруп алды. Алты эмес, алтымыш, жети эмес жетимиш атабыз жашап өткөн ак мөңгүлүү Ала-Тоо, кайрадан өзүңдү көрүп, кайрадан өзүңдүн көркүңдү ак полотного тартар күн болор бекен?

Взводдун командиримин. Ар кыл улуттагы, ар кыл курактагы адамдар. Кээлери орусчаны такыр билбейт. Оңго десең солго, солго десең оңго кетет. Айрыкча алыскы райондордон келген кыргыз, казак, тажик, өзбек жигиттери орусча, ал эми түрк тилинде айтайын десең түркчөнү орус жигиттери түшүнбөйт. «Направо», «налево» деген сөздөрдү түшүнүп, жаттап алышса да, марш менен баратканда налево десең

оңго, направо десең солго кетишет, марштын катары бузулат. Айла кетти. Эмне кылуу керек? Аскердик көнүгүү дал ушу марштан башталып, ал эми марш менен дурустап басалбаган киши согуша алабы? Токойдун четинде мелтиреген буудай аңызы жатат. Орусча билбеген жоокерлерге аңыздан бирден буудай башын жана бирден самандын сабагын алып келүүсүн өтүндүм. Таң калышты. Эмне үчүн буудай? Эмне үчүн самандын сабагы?! Анын эмне кереги бар? Түшкү тыныгууда мен айтканымды алып келишти.

– Буудайдын башын шымыңардын оң жамбашына, самандын сабагын сол жамбашына жип менен түшүп калбагыдай кылып, жакшылап тигип алгыла.

Тигип алышты. Баарын катарга тургуздум.

– Түрк жоокерлери уккула... Катарда баратканыңарда «буудай» дегенимде оңго буруласыңар, себеби буудай оң жамбашыңарда, «саман» дегенимде солго буруласыңар, себеби саман сол жамбашыңарда, уктуңарбы?

– Уктук!

Муну көрүп турган бир топ славян жигиттери жамбаштарына буудай менен саман тигилген жигиттерди шылдыңдап күлүштү. Айрыкча Миша Балута деген жигит ашкере күлдү. Эми орусча айттым.

– Балута, выйди из строя!

Балута катардан шак бери чыкты. Кыргызча буйрук бердим.

– Оңго бурул.

Эч нерсеге түшүнбөгөн Балута жанжагын карады.

– Оңго деп атам!..

Үнүм заардуу чыкты. Көзүмдүн чаарын көрө койгон Балута бурул деп атат го деген ойдо солго бурулду.

– Оңго деп атам!..

Марш менен түз басып баратты.

– Токтоо-о!

«Шагоо-ом марш!» деп атат го деп деле марш менен токтобой баратты.

– То-окто, келесо-о!..

«Балута, ко мне!» деп атат го деп, мени көздөй бурулду. Кебете-кешпири күлө турган абалга келди, катарда мусулман жигиттери күлгөн жок, мостоё тиктеп турушту. Эми орусча сүйлөдүм.

– Балута, катарга тур! Көрдүңбү, тил билбесең заматта кор болдуң! Жөн эле күлбөй, оонап күлө турган учур эмес. Ал эми орусча билбеген жоокер жолдошторуң кан майданга каерден келишти, билесиңби? Орустун тилин түгүл, өзүн көрбөгөн те Кытайдын чегинен келишти. А сен күлөсүң!

Балута шылкыйды, уяты бар экен, туура эмес күлгөнүн сезип калды.

– Взвод буудай направо! Шаго-ом марш!

Жоокерлер шартылдай басып жөнөдү. Бүгүнкү машыгуу түн ичинде эле. Токой ичиндеги машине жолдун чаңы ай жарыгында анча билинбей, шарт, шарт, шарт эткен буттардын үнүн, жоокерлердин термелген төбөсү гана көрүнөт, жоокерлер аябай чарчап-чаалыккан, кээлери араң эле басат.

– Сама-ан! На-ле-во! Прямо, шаго-ом-марш!

Бүт баары бир ооздон солго бурулуп, бирок эң артта бараткан бир жоокер бурулбай баарынан бөлүнүп калып, түптүз баратты. Бу ким? Эмне болуп кетти? Жанына жетип бардым. Жердешим Жайлоо экен. Баратып тарс уктап кетиптир. Эки буту жол менен түптүз баратат, бирок өзү катуу уйкуга кеткен. Жетип барып чыканактан алдым.

– Жайлоо, команданы укпайсыңбы?

Ойгонуп кеткен Жайлоо аяк-буягын карап, взводу эбак башка багытка кетип, өзү жалгыз калганын сезди.

– Жолдош командир, кечириңиз!

– Сени канча ирет кечирем! Жет взводго тез!

Уйкучул эле эмес, мында уйкунун оорусу бар. Өзүнүн айтуусунда жашынан ушундай имиш. Айрыкча кымыз ичип алса, кой айдап баратып эле тарс уктап калчу экен. Буту кадимкидей басып, а түгүл бир кызыгы анча-мынча арыктан аттап өтүп, а өзү уктап кете берчү экен. Мунусун кайдан билейин, бир ирет түн ичинде душмандан тил уурдап келүү машыгуусун өткөрмөк болдук. Токойдун те калың жерине он чакты жоокер калтырып, Жайлоонун колуна автомат карматып, аларга күзөтчү кылып коюп келдим. Жайлоону өзүң отурба, мынтыгыңды жерге койбо, эгер «тил» алдырып ийсең «атууга» кетесиң деп, тапшырманы катуу берип келгем. «Чалгынчылар» түнкү саат экиден кийин «душмандын» чегинен тил алып келмекке чалгынга чыгышты. Чалгынчылардын айтуусуна караганда түнкү саат экиде эмес, үчтө

жылып барышса, Жайлоо мынтыгын асынып, ары-бери басып жүрөт имиш. Чалгынчылардын айласы кетет. Эмне кылуу керек? Мындай болгон соң кандай да болсо биринчи күзөтчүнү алуу керек. Акыры-ын жакын жылып барып, думуп калышат. Жымжырт боло калганда жакын эле жерден коңурук угулат. Жоокердин бирөө ушул эле жакын жерде катуу уктап аткан экен деп ойлошот. Бирок дагы тынып кулак салышат. Коңурук Жайлоону коштоп жүргөнүн байкашат дагы жакын жылып барып, көргөн көздөрүнө ишенбей бир нерсеге таң калышат. Күзөтчүнүн буту кадимкидей ары-бери басып, ал эми өзү эбак уктап калганын өз көздөрү менен көрүп, бирок «бу бизге атайын ушинтип, бир кызык көрсөткөнү атат» деп күмөн санашып, бирок таң атып келатканга, эмне болсо ошо болсун деп «душмандын» тылына жылып өтүп кетишет. Барышса, күзөтчүсү ары-бери басып жүргөнгө беймарал жатып, баары уктап калышыптыр. Баарын бир бирден ордунда басып, ооздоруна чүпүрөк тыгып, бери көздөй айдап келатышса Жайлоонун башы дале коңурукту күтүрөтө тартып, ал эми буттары ары-бери басып жүргөн болот. Желкеге бир коюп, оозуна чүпүрөк тыгып, бир эле эмес, бир короо тил менен өзүн кошуп, таңга маал айдап келишти. Жайлоону, албетте, атууга буюрбадык, бирок тиешелүү жазасын алды. Жаза ага сабак болдубу же жокпу деп, жазанын изи сууй электе дагы күзөткө коймок болдум. Жайлоо катуу өтүндү.

– Жолдош командир, шаарга барып, темир түтүк алып келип алайын, ансыз күзөттө тура албайм.

Күзөткө турууда темир түтүктүн эмне кереги бар? Себебин сураган жокмун. Жайлоо ошол эле күнү барып, шаардан жоондугу билектей темир түтүк таап келди. Түнү күзөткө турду. Түтүктү эмне кыласың деп сураган жокмун, бирок түндүн бир маалында аны текшермекке ал турган жерге билинбей бардым. Жайлоо ары-бери басып жүрөт. Мынтыгын асынып, темир түтүктү колуна кармап алыптыр. Кызык, эмнеге кармап алган? Ордумда тиктеп тура бердим. Бир оокумда калдырт деп колунан темир түтүк түшүп кетти, селт эте эсине келип, дароо ийиле калып түтүктү жерден алды. А-а, түшүнүктүү. Көрсө, айласы жоктун амалын ойлоп тапкан тура. Буту басып жүргөнү менен өзү уктап кеткенде дароо колунан түтүк түшүп кетет экен да, ойгонуп кетет тура. Ичимден күлдүм. Ай, байкушум ай, кантсин, айласы кеткенде ушуну ойлоп тапкан экен го. Чын эле эгер уктап кетсе, колунан калдырт эте түшүп кеткен темир түтүктөн башка муну ким ойготмок? Адамдан айла качып кутулбайт экен го!

Машыгуудан өткөн жоокерлерди фронтко жөнөтө баштадык. Жайлоону фронтко жибербей өз жаныма алып калдым. Алыстан ала келген комузун бош учурунда колунан түшүрбөйт. Жапжаш өспүрүмдөрдү фронтко даярдап, биринин артынан бирин согушка жөнөтүп аттык. Атаңдын көрү дүнүйө десе! Кечээ эле кокту-колотто козу айдап, суу мынтык атып, айранга балтыркан туурап жеп, ээн-эркин күлүп-жайнап жүрүшкөн сары ооз балдар бүгүн майданга баратат. Согуш учурунда адам, адам эмес эле автоматка

айланат тура. Гитлердин ийри саясатынан улам, миллиондогон бейкүнөө адамдар тирүү автоматка айланды. Өзүн түгүл, чоң атасын көрбөгөн бейкүнөө немистерди биз өлтүрөбүз, же немистер бизди өлтүрөт. Ойго сыйбаган иш!

Россияда кыш эрте түшөт. Ноябрь айынын башында эле биз турган жерде кадимки кыш сөөлөтү кирип, ызгаар суук оозу-мурдуңду кууруп, жер ак шейшеп жамынды. Ноябрь майрамына карата душман Москвага жакындап калды. Биздин армия ар жерде ар кандай теңдешсиз күч менен күрөшүп жана чегинип отуруп, эми чегинүүнүн чегине токтоду окшойт. Бир кадам эле артта – Москва. Мындан ары чегинүүгө болбойт.

Бизди эмне үчүн эмгиче ушерде кармайт, билбейм. Чынын айтайын, согушкум келет, кээде мен үчүн өлүп калуу жаңылык эмес, бу болумуш болуп келген, болуп атат, боло бермек, бирок бу дүйнөдөн жок болуп калуу, болгондо да биротоло жок болуп калуу коркунучтуу! Жок дегенде артымда тукум калса, анча коркунучсуз эле. Эсимде, апам өлөр алдына атам «ушу сарыны аман сакта, биздин тукум үзүлүп калбасын» деген сөзү эсиме келди. Бу дүйнөдө артында жарытылуу эмгек калтыра албасаң да, жок дегенде тукум калтырып кетүү парзыбыз да...

Айрыкча, кийинки күндөрү фронтко тезирээк киргим келет. Бу жөн эле кур кыйкырык эмес, чынында эле ошол. Менин энем – Ата Мекен, атам – Сталин! Мени бөөндөйүмдөн бакты, тарбиялады, окутту. Ошон үчүн Мекениме, Сталинге ак дилден кызмат өтөгүм келет!

Майрамга карата мени кооздоо, сүрөт тартуу ишине бошотту, майрамдан кийин кайра командирлик ишимди аткарам. Бүгүн да фронтко жүздөгөн жоокерлерди жөнөттүк, алардын ичинде мен даярдаган жоокерлер да бар. Сентябрь айында жөнөткөн жоокерлерибиз согушка кирип, кээ бирөөлөрү жарадар болуп кайра кайтышты.

Москва алдындагы салгылашуу мага зор күч-кубат берди. Ишенгем ушундай болоруна, ишенгем! Бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо анын эртеси душмандын мизи кайтарына ишенгем, ишенгем! Бир гана өкүнүчтүү нерсе алдыңкы чекте эмесмин. Душман алдында өз күчүмдү, кайратымды сынап көрө элекмин. Буерде минтип ээлигип атканым менен, а түгүл дивизиянын саясий комиссарына мени фронтко жиберүүгө жардам кылыңыз деп айтканым менен, а мүмкүн душманга бетме-бет келгенимде, чечүүчү учурда жалтактык кылармын, коркоктук кылармын? Чечүүчү учурда, мүмкүн, кайратымды жоготуп алармын? Антеримди азырынча билбеймин, бирок, алдыңкы чекке тезирээк кетүүгө ынтызармын, өтө ынтызармын!

Ара-чолодо жашынып сүрөт тартып калам. Менде үч зор сүйүү бар: Аптайым, Мекеним, анан сүрөтчүлүк. Жаш колуктум Апитайды сагынгандай эле, узакка кисти кармабай калсам, сүрөт тартууну сагынып калам. Төгөрөгүмдө суктанарлык анча деле пейзаж жок. Сулк жаткан калың кар, карга кишенделген учу-чени жок калың токой. «Кыздын кыздай, кыштын кыштай болгону жакшы» деген элдин макалы

эсиме түшөт. Чыныгы кыш Россияда экен. Ушундай кышта, ушундай карда, ушундай суукта согуш талаасында жан кыюу кандай аянычтуу, кандай өкүнүчтүү! Өлүм эки келбей, бир эле келет, ошон үчүн өз үй, өлөң төрүндө өлүүгө не жетсин!

Декабрдын башында майданга, алдыңкы чекке кетпей, кайра артка кетмек болдум. Жүздөгөн командирлер Ташкенге, САВОнын (Среднеазиатский военный округ) карамагына жөнөдүк. Он күндөн бери күнү-түнү дебей поезддде келебиз. Кээ станцияларда узакка токтойбуз, анткени жол бошобойт. Тумшугу соройгон танка жүктөгөн, эгин жүктөгөн, томсоро ойлуу бараткан жоокер жүктөгөн жүздөгөн вагондор батышты көздөй өтүп атат. Биздин өлкө ушунчалык кең, ушунчалык чоң экен го, жүрсөң жол түгөнбөйт, жыйнасаң жоокер түгөнбөйт, жүктөсөң курал түгөнбөйт.

Мен жана мен сыяктуу улут командирлеринин Орто Азияга кайра келатышы, Орто Азияда улут бөлүктөрүн түзүүгө байланыштуу окшойт. Себебин бизге айтпайт, айтуунун кереги да жок, аскер ишинин, согуш ишинин мыйзамы ошо, шарт-шамеси ошо!

Согуш учурунда жол жүрүү өтө оор, өтө кыйын. Вагон ичи суук, ысык тамак түгүл кээде күрмөөгө кургак нан жок. Адамдардын жакшы-жаманы бир жакшылыкта, бир жамандыкта саналат окшобойбу. Жашымдан энесиз жетим өскөнгө, жашымдан ар кыл кордукту көргөнгө, көп кыйынчылыктарга кабагым-кашым дебей чыдап койдум.

Ташкенге келдик. Ачык асман, жылуу жер. Кыргызстанда жөө аскер бөлүктөрү жок болгондуктан мени Ташкенден Термезге жиберишти. Термез Ташкенден да ысык экен, айтууда жайдын чыкылдаган чилдесинде күнгө койгон жумуртка дароо бышып, кумга койгон чайнек кадимкидей кайнайт имиш. Кумга суу кайнаса, адам тим эле шишкебек болуп кетет го!

Каерде болбосун ачарчылык, дүкөндөрдө эч нерсе жок. Адамдар ач-арык, өңдөрү суз, бирок ынтымак, аябай ынтымак. Тынчтык учурунда, карын ток, кайгы жок кездерде бирин бири корсунтууну көп эле көргөм, бирок азыр алардын ач-жылаңач учурунда, алардын андай пенделигин көрбөдүм. Адамдын жылкы пейил экени ырас экен. Семиргенде тебинип, кээде өз көлөкөсүнөн өзү үркүп калса, ач-жылаңач учурунда тообасына жанып калат тура, ынтымак тартып, бирине бири жөлөк, өбөк болуп калат тура!

Жаңы түзүлгөн батальондун партсекретары жана саясий үгүтчүсү болуп иштеп атам. Ар кыл адамдар, ар кыл тагдырлар. Кечээ түн ичинде дамбал-көйнөкчөн эки жоокерди колго түшүрдүм. Карасам, аңыз менен агарган эки нерсе жылып келатат. Жакындары менен тапанчамды сууруп чыктым «Токто! Колуңду көтөр!» Жыңайлак, ак дамбал, ак көйнөкчөн эки жоокер көлөкөдөй узарып, колун көтөрүп, алдыда турду. Биздин эле батальондон экен.

– Эмне деген акмакчылык! Өтүк, формаңар кайда?! Эмнеге минтип жүрөсүңөр!

– Жолдош командир кыздар менен жолугушууга чыктык эле...

– Кыздар менен жолугушууга ушинтип чыгасыңарбы! Түн ортосунда жылаңайлак, жылаңбаш чыгасыңарбы! Ойлогулачы, деги азыр кыздар менен мыяңдаша турган учурбу?

Шылкыйып унчугушпайт. Көрүп жүрөм Термезде улуу түркмөн кыздары көп. Ысык жерде туулуп-өскөн кыздардын талап-табити да ысык болот эмеспи. Жоокерлерди түн ортосунда баракта уурданып, жылаңач чыгууга аргасыз кылган! Кантишсин, анын үстүнө азыр булар автомат кучактабай, селки кучактай турган курагы да. Түшүнүүгө болот.

– Мунуңарды менден бөлөк эч ким билбесин! Азыр тезинен эч кимге шырп бербей өз-өз ордуңарга барып жаткыла! Кана, марш!

Сыртымдан минткеним менен ичимден аларды аядым. Согуш бу утурумдук, а сүйүү дайыма, түбөлүккө кала берчү. Баарынан да адамга күч-кубат, канат берчү ыйык сезим да. Бу жоокерлер жакында кан майданга кетип, анан мүмкүн биротоло кайтпай калар. Ушундай болорун мүмкүн алар ойлогондур, ошон үчүн аскер тартиби темирдей экенине карабай, ар кандай жазага кайыл болуп, көздөрү көңүл өрттөгөн түркмөн кыздарына арбалгандыр?

Ошентип, кырк экинчи жыл кирип келди. Мен үчүн согушка чейинки күндөр өзүнчө эле бир жомоктогудай болуп, ошол кездеги турмуш те эбакта болуп өткөндөй сезилет, ошол күндөрдү сагынам, кусаланам. Убактым боло калганда эч кимге көрүнбөй Термездин сөксөөлдүү боз талааларын тарта баштайм.

Термездин жери да өзүнчө, өз алдынча көрктүү, өз алдынча сулуу. Жаратылыш жана согуш... Жаратылыш адамга жашоо берсе, согуш адамга ажал, кайгы-капа берет. Кызык, айрыкча согуш учурунда турмуш эле эмес, жаратылыш мага башкача көрүнө баштады. Жакын, ыйык сезиле баштады. Деги согушсуз, тынч күндөрү биз көп нерени байкабайт экенбиз, ойлонбойт экенбиз, билбейт, көрбөйт экенбиз. Адам өлөр алдында көп нерсени башка көз менен көрүп, башка дил менен сезип калгандай, согуш учурунда, ажал каш-кабагында турган учурунда адам көп нерсени башка көрүп, билип, бу өмүрдүн, бу жарыкчылыктын баасын өтө жакындан сезип, тирүүлүктүн баасын көңүл толтосунда сактап калат экен. Ай, пендебиз да!

Он жетинчи февралда москвалык артисттердин концертин көрдүк. Эң мыкты артисттер келиптир. Мага айрыкча Ирина Зеленая аябай жакты. Жаш баланын үнүн укмуштуудай туурайт экен, так эле өзү. Анын артисттик юморуна боор тырмап күлдүк. Мындай учурда согуш унутула түшөт экен, согушка чейинки биз кусаланган, биз сагынган учур кайра көз алдыңа келе түшөт экен.

Жубайым Апийтаны сагындым. Али жубайлык кумарыбыз кала электе эле бизди согуш эки тарапка, батыш менен чыгышка чукул бөлүп кетти. Алгачкы таанышкан күн, баш кошкон күн, ал мени майданга узатып чыккан күн айрыкча уктаар алдында эсиме түшө берет. Кечээги эле болуп өткөн ошол күндөргө кусаланып, ошол күндөр бакыттын кыл чокусу катары сезилип, сагынта берет. Ушундан уламбы

Апийта мага бир жумага Термезге келип кетти. Муздаган төшөк жылып, бир жума бирге болдук.

Тез эле жаз өтүп, жай кирип келди. Кырк экинчи жылдын жайы, кармаштын катуу күчөгөн учуру болду. Ошо согуш башталган жылы бу алаамат мага көп болсо бир жылга, ашып эле барса эки жылга созулчудай сезилген. Азыркы оюм андай эмес, ефрейтер Гитлер али күчтүү, дагы көп кан төгүлүп, чыныгы таймаш, чыныгы салгылашуулар али алдыда сыяктанат. Мына ошон үчүн бир жумадан бери кайрадан Орто Азиядан Россияны көздөй поезд менен келатабыз. Жыйырмадан ашык чиркелген вагондордун ичине эки кабат нар салынып, кире беришине меш коюлган. Ар бир вагондо кырк бештен киши бөлүнгөн. Бир вагондун жетекчиси менмин, вагондо өзүм машыктарган жигиттер. Он сегиз менен жыйырма экинин ортосундагы кыл мурут жигиттер. Поезд темир жолду ичип-жеп келет. Меш жанында отурган беш-алты жигиттин хор менен коштогон ыры жүрөк мыкчыйт.

Аман кал, калкым, аман кал,
айлыңда чардап жүргөнмүн!
Аралап, терип чоңойгом,
адырдын жашыл гүлдөрүн!

Майданга жакындаган сайын ар кыл жарадарларды, ар кыл мунжуларды учурата баштадык. Бир составда шыкалган жарадарлар Орто Азияны көздөй өтүп атса, Орто Азиядан экинчи бир состав эсен-соо жоокерлерди алып, фронтту көздөй өтүп атат.

Сталинград фронтуна жакын келип токтодук. Сталинград алдындагы согуш, согуш эмес эле, алоолонгон өрт болуп атканын угуп келатканбыз. Мына ошол өрткө жаңы күч катары эми биз кирет окшойбуз. Салгылашуу күн жакындаган сайын ажал жакындап калгансып сезилет. Ажал огу сени кайсы бир жерде зарыга күтүп тургансып сезилет. Өмүр ого бетер таттуу сезилип, жаратылышка көзүм тойбойт, бир күн болсо да баарын карап алгым келет.

Жусуп, Узакбай, Алыкулдан кат алдым. Жусуп Ташкенге жакын жерде машыгуудан өтүп аткан эле, ал да аяктан келип, фронтко кириптир. Мукай азырынча Фрунзеде экен. Мукай, Жоомарт, Жусуп сыяктуу элдин таланттуу уулдары согушка жөнөтүлбөй эле койсо болмок. Ок талантты тааныбайт, а талант күндө эле төрөлө бербейт. Эмне үчүн биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Германия, ошол он төртүнчү жылкы согушка катышкан өлкөлөрдүн ичинен, кийинки жыйырма беш жыл ичинде эң кубаттуу, эң күчтүү мамлекет катары алдыга чыкты. Себеби эмнеде? Себеби эле он төртүнчү жылкы согушка Германия таланттуу уулдарын салып бербей, согушка жибербей аман сактап калган. А Франция менен Россия ким экенине карабай колдоруна мынтык карматып, таланттуу уулдарын кырып алган.

Ошентип, фронтко өтө жакын келип токтодук. Баягы аскер ишине мен даярдаган уйкучу Жайлоо согушуп аткан дивизияга келип кошулдук. Бир кызыгы Миша Балута да ошерде экен. Жайлоо мени чап кучактап, көпкө дейре үндөбөй тунжурады. Анан

коё бергенде көздөрүнө тиктесем, кирпиктери суулана түшүптүр. Согуш жүрүп жаткан жакка бурулдук. Сталинград от менен жалын болуп өрттөнүп атыптыр. Алаамат! Эртең фронтко киребиз!..

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

Жерде жатам. Жатам да, көктө толгон көп жылдыздардан көзүмдү албайм. Ысыктын күндүзгү илеби түн коюланган сайын аз-аздан кайта баштады. Төгөрөгүбүз боз чаптуу талаа. Айдалбай калган буудай аңыз. Бул жерде тоо түгүл, дөңсөө жок. Мына ушул талаанын аркы учунда тигилер, берки учунда биз, бир күндөн бери бири бирибизди өңүп, тыныгып жатабыз.

– Чуп! Чуп!..

Селт эте чочуп, көзүмдү ачтым. Өткөндү эстегенче көзүмдү жумуп жиберген окшобоймунбу. Оңбогон ок жок дегенде тынчыраак кыялданта да койбойт.

– Бу сизди үргүлөп кетпесин дегени, тигилердин, - деди Жайлоонун жанында жаткан Болотбек. Анын бул жумшак тамашасы мага жага түшкөнсүйт. Термезде аскер ишине аны өзүм даярдагам. Жылаңайлак, жылаңбаш бойдон түнү түркмөн кызына жолугушууга барган дал ушул жигит.

Шыр эте көккө ракета сүңгүдү. Анан те бийикке барып, үлп эте жок болду. Кайрадан караңгылык, кайрадан жымжырт. Душман бизди беттеп ок атпаса, бизге бүткүл дүйнө жымжырттанып, жер ныксырап, жер жүзүндөгү бүткүл энелер миңдеген табыттарга башын жөлөп, бетин тытып, мөгдөп жаткансып сезилет.

Жымжырт караңгылыктын коюнунан автоматын жонуна асынган бирөө бизди көздөй окоптун ичи менен бөкчөңдөй басып келе жатты. Сөз жок бу фронттук текшерүүчү. Билебиз го, чабуулга өтүүнү же коргонууну күтүп, эки-үч күн сулк жаткандан жаман эчтеме жок. Күнү-түнү фронттук текшерүүчүлөр келе берип, мазеңди алат. Албетте, булардыкы да туура дечи! Жоокерлерге эле эмес, бүткүл фронттун коргонуу чегине болгон кам көрүү, бирок кээде ашкере кетишип, бирөө окоптун ичи тар, бул ийиндей жер менен пулемет сүйрөйсүңөрбү, же жарадарларды ташыйсыңарбы десе, экинчи бир чочоңдогон жапыс, бийиктиги жыйырмага да чыкпайт, а окоптун бруствери[1] нөл кырк болуш керек деп жемелейт.

– Иш кандай, артиллеристтер?

– Жаман эмес, жолдош капитан.

– Окоптун сыртында чылым чекчү болбогула!

– Албетте, жолдош капитан.

– Эртеңки иш боюнча маалымат алдыңарбы?

– Жок, жолдош капитан.

– Анда акырын жылып бери түшкүлө.

Боортоктой жылып окопко түштүк.

– Команда пунктунан мындай деп билдиришти: эртең мененки алты отузда душман чабуулга өтүшү мүмкүн. Ага чейин уктап алгыла. Түшүнүктүүбү?

– Түшүнүктүү, жолдош капитан.

[1.] *Бруствер* – окоптун четине далдаланыш үчүн үйүлгөн топурак.

– Окоптун ичи эмнеге мынчалык кең казылган? Эгер снаряд жарылса, баарыңарды мойсоп кетиши мүмкүн.

– Тапшырма ушундай берилген, жолдош капитан.

Ал түнөрө түштү.

– Ким ушундай тапшырма берди?

– Бүткүл фронттун текшерүүчүсү.

Ачуулана түшкөн ал автоматын оңдоп асынды да, келген изи менен жүрүп кетти.

Төбөдө жылдыздар төгүлүп түшчүдөй коюулана баштады. Алмашып уктап алгыла дейт. Эмненин уйкусу? Артында алыс Ата-Журт, алдыда душман, чыкыйында өлүм күтсө, эмненин уйкусу?

– Ия, Жайлоо, сен уйкучу элең, бир аз уктап алсаңчы.

– Кайдагы уйку... Көз ачып отуруу бир мүнөт болсо да мага азыр кымбат. Ким билет... мүмкүн эртең биротоло уктап калармын.

Жайлоо комузун колуна алды.

– Кана, кайсы күүнү угасыз?

– Кайсыны болсо да... Тобоо, комуздун үнү дың дегинче көз алдыма айыл келет да турат.

– Ошон үчүн комуз да.

– Комузуңду жакшы ала келген экенсиң.

– Согушка жөнөп жатканымда, илинип турган жеринен чоң атам мага берип жатып «Балам, бу мени менен тең карыган комуз. Жети атаң черткен комуз. Өзүң менен ала жүр. Ылайым сени кырсыктан коргосун, ылайым экөөңөр тең жеңиш менен эсен-соо кайткыла» – деген эле.

– Атаң туура айткан экен. Комуздун көмөкөйүнөн элдин тарыхы, көксөөсү угулат дейт, ошону айтып чертчи?

– Чоң атам күү черткенде, күүнүн тарыхын айтып чертээр эле. Көрсө, мына ошол күүнүн тарыхы элдин тарыхы экен. Чоң атам элдик санжырага өтө бай болучу.

– Ошол санжырадан бирди айтып чертчи?

– Күүнүн башы Камбаркан дейт, ошо Камбаркан жөнүндө...

Малдашын Жайлоо оңдоп токунуп, оң жеңин түрүп салып, кулагын комузга жаздап, үч кылды ала-канынын дөңү менен калтылдата ноютуп чертип, жайлоодо от боюнда отургансып, согуш талаасында отурганын дароо унутуп койду.

... Комуз үнү обого тарады. Бир алды көмөкөйү буулуп, өткөндү эстегенде өпкө-жүрөгү сыздап, көөдөнү бөксөрүп, муун-жүүнү бошой түшкөн алсыз карыптай басмырлана муңайып, күңгүрөнүп, анан бара-бара бул тирүүчүлүктүн, бул пендечиликтин азап-тозогуна бел байлап, ошого каниет алып, кубанычына өр байлап, үч кыл дирилдей чыйралып, такылдаган сайын таңдайы кызып, түмөн кылымдын ар жагы, түмөн доордун бер жагынан санжыра айтып, те-е замандын бир заманы жөнүндө минтип үн салды...

* * *

...Кай заманда экенин ким билсин, иши кылып, илгери улуу тоолор өтөгөндө, шар суунун этегинде

Булу аттуу мергенчи жашаган тура. Бул мергенчи ой кийигин ойдо, тоо кийигин тоодо атып, ачарчылык атка, кедейчилик итке минген учурда да, кырды кырдай кыдырып, жетим-жесирге күн азык берип турган экен. Күнүмдүк оокатты тоо-таштын арасынан мына ушинтип эптеп тапканы менен ал үчүн бул дүйнөнүн кымбаты, бул дүйнөнүн жыргалы да бар эле. Ал жалгыз уулу Камбар болчу. Камбарды жашынан мергенчиликке кошо ээрчитип, каалаганын оозуна тутуп, эч нерседен өксүк кылбай эрке өстүрдү. Бирок чоңойгон сайын Камбар ата кесибин улабай, кийик уулап, тоо-ташка чыкпай шуулдаган көп бозойдун бири эле эмес, бойго жеткен назик кыз өңдөнүп, гүлдөрдү аралап, түрдүү куштардын үнүн угуп, көңүл ачууга ынтызар өстү.

Ошентип, чоңойгон сайын ал айыл арасында ата кесибин улаган мергенчи эмес эле жакшы жамакчы, мыкты чоорчу катары тааныла баштайт. Чоорун тартып, үнүн кошуп ырдаганда отургандар кайгырып, же шаттыкка батып, бозойлор моймолжуп, келиндер жаш төгөт.

Арадан жылдар өтүп, акыры Булунун бул дүйнөдөн көрөр күнү, ичер суусу түгөндү. Капырай, жок дегенде жалгыз уулуна керезин айталбай, көпчүлүк көзгө атаар мергендердей эле капысынан кан кусуп жатып кыйналып өлдү. Камбар дале ата кесибин улаган жок. Чоорун чоордоп, ырын ырдап жүрө берди. А бирок күн өткөн сайын атадан калган дүнүйө түгөнүп, акыр аягы жардынын жардысы болуп калды. Анан калса жылдан жылга замана тартып, элди жутчулук басты.

Жайчылар түнөрүп, таптакыр күн жаабас болду. Үч жыл бою жер бетине бир тамчы тамбай адамдардын үрөйү учуп, алкы бузулуп, бир айылды экинчи айыл чаап алуунун, талап алуунун камында турду. Күндүзү күн куйкалап, түнкүсүн ай чакчаят. Топурак таш болуп катып, кургакчылыктан жер жарылып, көгөргөн көк, бир жалмам чөп жок. Жыгачтар куурап, суу соолуп, ысыкка чыдабай мал түгүл киши өлүп жатты. А Камбар болсо киерге кийими, ичерге тамагы жок калса да чоорун чоордоп, ырын ырдап жүрө берди.

Күндөрдүн биринде Камбар ак кылкан бетегелерин аралап, чоорун тартып жолдо келатса, ага күмүш жабдык ат минип, көч алдында бараткан байдын кызынын көзү түшүп калат. Кыздын бетинен нуру төгүлүп, жибек чачтары, түймөлүү кызыл манат темингиге чейин түшөт. Камбар көч артынан ээрчип алып, жаңы журттун жанындагы булактын боюна барып отуруп, кайрадан чоорун чалат. Бүткүл айыл тынч түнгө үргүлөп, жылкылар кишенебей, койлор маарабай, иттер үрбөй, бир гана чоордун муңдуу үнү угула берет. Бир маалда чолпусу жарк этип, үкүк тебетейлүү кыз Камбаркандын жанына келет.

«Менин атым Мончок. Мына бул жоолукту сага берем. Жоолукка чоорунду ороп, уктаарда башыңа жаздап жатып жүр».

Мончок кыз ушинтет да, ай жарыгында узап кетет. Камбаркандын жүрөгүн жалын каптап, бул дүйнөдөгү кедейчиликти унутуп, бир гана Мончоктун булактай мөлтүр көздөрүнөн өзүн көрүп, ой-тоону кезип жүрө берет.

Үстүндө үйрүп алар кийими жок Камбарга кызынын көңүлү ийип, көңүлү түшүп жүргөнүн укkан бай аябай каарданып, кызына минтти:

– Эгер сен самтыраган ушул кедейге күйөөгө чыксаң, анда кызым эмессиң! Ал эми тигил сага үйлөнсө, башы алынат!

Бир күнү Камбар байдын үйдө жок учурунан пайдаланып, анын илбирс ич, кулжа моюн кулун сан эки күлүгүн сарайдан уурдап чыгып, бирине ай чолпондой Мончогун мингизип, экинчисине жолго жеңил болсун үчүн байдын ак каңкы ээрин токуп, атасынан калган саадакты асынып, түн ичинде кайдадыр бет алды качып чыгышат.

Арттагы куугунга жеткирбес үчүн күлүктөрдү күнүтүнү тоону тоо, токойду токой билбей, бөрү желиш менен алчактай дүпүрөп, алдыга жүрүп отурушту. Кайда баратышат, өздөрү билбейт. Бараткан багыт токойдон чыгып, токойго уланат. Кээде токой ичинен шарт ыргып алдынан илбирс өтсө, кээде моюн жүнүн түксөйтүп, оозун араандай ачып, күркүрөп арстан жортот. Түнү токой ичинен жүрөк сестенткен жапан үндөр жаңырса, күндүзү күндүн ысыгы көл шалга салып алсыратат.

Ошентип, биз, биз түгүл ата-бабабыз угуп көрбөгөн илгерки аты башка улуу тоолор арасына барып, таштан үңкүр жасап жашап калышты экөө.

Ай бөксөрүп күн өтүп, арадан нечен түн өтүп, Мончоктун боюна бүтүп, мурдагыдай ал Камбар менен ууга чыгып, ат жалында доорон сүрө албай

үйдө отуруп калат. Камбар ата кесибин улап, адырдан аркар кулатып, тектирден теке сулатып, кечинде Мончокко чоор тартып, жанында отурат. Мончок анын тизесине башын жөлөп, чоор угуп отуруп, айылын, ата-энесин эстейт, көзүнө жаш алып, алкымы болк этет.

– Эгер айылга кайтсак, атам бизди мүмкүн кечирер...

- Эгер айылга барсак, атаң менин башымды алат. А мен ичиңдеги баланын жетим, сенин жесир калышыңды каалабайм, Мончок.

Күн нуру менен таш үңкүрдөн чыгышып, тегерегин кызгалдак гүлдөр менен сүт тикен чөптөрү баскан булакка келишет. Муз тоолордун кыл чокусунда улар шаңшыйт. Тунук булакты күзгү кылып чачын тараган Мончок кийик чөптөрүн аралай басып, Камбарды ууга узатат.

А асмандан дале бир тамчы тама элек. Мөңгүлөр эрип, чөптөр кууруп, тегерек саргара күйүп, жылгалардагы суулар соолуп, кайберендер булактан булак кууп, күн төбөдөн куйкалап туруп алды. Бүткүл жер жүзүн тирүүлөй куурган мына ушундай апаат күндөрдүн бир кечинде нариste төрөлмөк болду. Мончоктун толгоосу күчөп, аюу талпакта кыңкыстап, ооналактап, эриндери кургап чыкты.

– Булактын боюна алып барчы мени...

Камбар аны булактын боюна алып барды. Төбөдө жылдыздар төгүлүп түшчүдөй жыш. Караңгы. Карышкырлар улуп, сүтактар сайрап үңүлдөйт.

Мончок бир түйүлүп, бир жазылат. Түн ортосу ооп кетти. Наристе тескери келип, таң атканча өзүн, өзү менен энесин кошо кыйнап жатып таңга маал өлүк түштү. Тумчугуп калган экен. Күн нуру чокуларга чачырап, таңкы шүүдүрүм түшөөрдө кара басып өлгөн Мончок булак жээгинде сулк жатты. Бир түндө эки өлүмдү тосуп алган Камбар көңүл айтар кишиси жок жалгыз отурду. Мончокту баласы менен үңкүрдүн жанындагы жерге берип, бир нече күн бейитинин жанында жер кучактап ыйлап жатты.

Ошентип, Камбар чоорун боздотуп, улуу тоолор арасында жалгыз-жарым кала берди. Жашоонун бардык кызыкчылыгы ал үчүн бир түндө бүтүп, өзүн бул дүйнөнүн ашык пендеси катары сезди. Чачтарын бир түндө буурул басты. Эми эмне кылат? Кайда барат? Элге барабы? Бирок Мончоктун бейитин кантип тоого жалгыз-жапа таштап кетмек? Антүүгө кудурети жетпейт! Пендесин кандай кайгы баспасын күн батып, таң атып жашоо улана берет. Жашоо улана берди. Күнү бою токой аралап жүрүп, кечке маал үңкүргө шашылып кайтат. Мурдагыдай аны Мончоктун өзү эмес, томпойгон бейити тосот. Мончок жамынган жерди боорына жаздап, мелтиреген бейитти кучактап жатат. Кээде тоодон тоону ашып, жер кезип тентип кеткиси келет, бирок Мончоктун бейитинен алыстай албады. Кудурети жетпеди.

Күндөрдүн биринде күтүлбөгөндөй күн жаап, жерге чагылган түшүп, катуу кургакчылыктан токойду дароо өрт алды. Арча-кайыңдар пачырап, жумадан-жумага, айдан-айга уланып күйдү. Канаттуулар

уядагы балапандарын, аркар кулжалар там-туң ээрчиген улактарын таштай качышты.

Ушундай алаамат күндөрдүн биринде Камбар токойду аралап баратып өрт өчкөн тараптан үзүл-кесил мукам үн угулат. Үн ушунчалык муңдуу. Ы-ың-ың-ың-ың-ың-ыы-ы-ыңы-ы-ы... Капырай, кайдан ыңылдап атат бул үн? Не деген үн бул? Үн чыккан багытка кулагын төшөп, акырын бара берет Камбар, бирок үн бирде оң, бирде сол тарабынан, а бирде такыр угулбай алыстап, адаштырып кетет кечке маал.

Эртеси эртең менен баягы жерге кайра барат Камбар. Жымжырт. Өрттөнгөн токой чабылган журттагы коломтодой чачылып, арча-кайыңдар көсөө болуп мүлжө күйүп, быкшып жатат. Эмнегедир кечээги үн угулбайт. Бул эмнеси?.. Кайра угулар бекен? Кулагын төгөрөккө төшөп, ары-бери басат. Түш оой берген кезде дүртүлдөй жорткон жумшак жел жүрүп, мына ушул сыдырым желге удаалаш кечээги мукам үн кайрадан созолонто баштайт. Үн чыккан жакты Камбар ээрчий басып, бир учурда үн жанынан эле чыгып атканын угат. Карай салып, карагайдан секирем деп, ичи жарылып өлгөн маймылдын денеси эки бутакка илинип, кургап калган ичегиси жел аргы болгон сайын дирилдеп, үн чыгарып жатканын көрөт. Үн ага ушунчалык муңдуу угулуп, Мончокко, баласына болгон өксөөсүн дал ушул куураган ичеги үнгө кошуп, боздоп жаткансып муун-жүүнү бошоп, кечке чейин ошол жерде отурат.

Ошондон баштап үндү күнүгө укчу болду. Ичтен сызып, муңдуу чыккан үндүн жанына отуруп,

өткөндү эстейт. Ай чолпондой Мончогу, булакты күзгү кылып чачын тарап, аны уудан күтөт, же ак кылкан бетегелерин аралай басып, аны ууга узатат. Бул үн экөөнүн аягы азап менен бүткөн ошол өткөн өмүрлөрү жөнүндө боздойт.

Бир жолу, деги кай жеринен чыгат болду экен үн деген кыязда ичегини кармап көрбөйбү. Кармары менен ичеги шырт үзүлүп түштү. Ошо бойдон үн да биротоло үзүлдү. Ичегини кайрадан улады, бирок үн чыкпады. Маймылдын куураган ичегисинен созолонгон үндүн сыры кай жеринде экени ал үчүн табышмак бойдон кала берди.

Ошентип үзүлгөн үн Камбарды ого бетер катуу ойго салды. Ого бетер жалгызсыратты. Көз алдында Мончок күтүүсүз үзүлгөндөй, үн да көз алдында күтүлбөгөндөй үзүлдү. Кайрадан жалгыздык, кайрадан кусалык жүрөгүн эзди. Чоор үнү, үзүлгөн маймыл ичегисинин үнүндөй анын жүрөгүнө жетпеди.

Бир ирет чайыр куурайынын ичин оюп, кийиктин ичегисин чымчып тартып көрдү эле, баягы – ың-ң-ы-ы...

Мына ошондон баштап, кылымдан кылымга, атадан балага мурас болуп калчу анын улуу иши башталды. Чайырдан чайыр тандап, кийиктин ичегисинен адегенде бир кыл, андан кийин эки кыл тагып, бир нече жыл чертип жүрдү. Мончоктун бейитинин жанында жатып, ичтеги кайгысын, муңун чыгарып, өзүн өзү сооротуп жүрдү. Андан кийин кайыңдан чаап көрдү, бирок чайыр да, кайың да анын оюн

оболото албады, черин жаза албады. Жыгачтардын төрөсү эле арча менен карагай эмеспи деп, о кийин-черээк арчадан чаап, карагайдан капкак жасап, үч кыл тагып, үңкүрүнө илип койду. Бир нече ай өткөрүп, кургагандан кийин чертип көрүп таң калды, үңкүрүнөн чуркап чыкты. Колу кылга тие электе үнү тоо жаңыртат го? Канаттуулар жымжырттанып, токой тунжурап, асманда ай муңаят го. Не деген кереметтүү үн? Ким бар мындай үндү угуп көргөн? Камбар аябай сүйүнүп, бир нече күн тоодон тоого жүгүрүп жүрдү. Мончоктун бейитин кучактап алып ага минтип кыйкырат. «Мончо-ок!.. Шербети-им! Угуп жатасыңбы жаңы үндү? Бул сенин өлбөс үнүң!.. Бул сенин өлбөс үнү-үң!»

Эми мунун атын эмне коюш керек деген ойдо Камбар ылайыктуу ат таппай, табылса да өзүнө жакпай жүрдү бир нече күн. Мындай керемет нерсенин аты да керемет болуш керек эле. Бирок бир күнү тоодо жүрүп, ойго келбегендей эле жөнөкөй комузкак чөбүн көрүп калды. Бул өзү кызык чөп. Көрүнүшү жупуну болгону менен сындырып алып, эринге коюп үйлөсөң, коңур үн чыгарат. Элде муну комузкак деп коюшат. Баса, ушу комузкактын атын эле койбойунбу? Комузкак... комуз... Чын эле аты комуз болсочу?

Үңкүрүнө чуркап келип, сенин атың комуз... комузсуң деп илинип турган жеринен алды. Уулдуу болгондой сүйүндү. Саадагын асынып, комузун колуна алып, сыртка чыкты. Аны наристедей өпкүлөдү. Жаш жубайдай кучагына кысып, көккө көтөрүп, тоолорго кыйкырды.

«Мына-а!.. бул менин – Мончогум! Бул менин – уулум! Мен эми жалгыз эмесмин! Мен эми куу баш эмесмин! О, тоолор, артымда эми туягым бар! Артымда эми мурасым бар! Тоолор минтип жаңырат: «Артымда эми туягым ба-ар!.. Артымда эми мурасым ба-ар!».

Мына ушинтип, комуз чабам менен жүрүп ондогон жылдардын тоо желиндей шуу өткөнүн Камбар сезбей калды. Каштары көзүнө, сакалы белине түшүп, ал эми Мончоктун бейитине сайган эки чырпыгы келишкен эки чынар болду. Жашы жарым жүзгө келсе да Мончогун унута албай, бейитин тоого жалгыз таштап, айыл аралап кете албай, кийиктин этинен таш кордо салып жеп, кайберен жетпеген булактан суу ичип, комузун боздото чертип, тоо-таш арасында жалгыз жашап кала берди.

Бир күнү кийик атып, ийинине арта салып, аска боору менен шагыл кечип келатса, те төмөндөн кыйкырык чыгат.

– Киши кий-и-ик! Эй токто-о!..

Камбар ордуна токтоду. Жигиттер аттарын дүпүрөтө теминип, жетип келишти.

– Силер кимсиңер? Эмне кылып жүрөсүңөр?

– Биз Камбар деген куу башты издеп жүрөбүз.

– Аны эмне кыласыңар?

– Башын канжыгага байлап кетмекчибиз.

– Анда Камбар алдыңарда турат.

– Сенсиңби... али өлө элексиңби, куу баш!

– Өлө элекмин...

– Анда башың канжыгада!

– Эмне күнөөм үчүн?

– Күнөөң жокпу куу баш? Бай кызына бир күйсө, эки күлүгүнө дагы күйүп жүрүп өзү, өзүнөн кийин кемпири өлүп кетти. Мончок кайда?

– Өлгөн...

– Ушундай болмок куу баш! Эми сен өлөсүң!

– Ошол өлүмдү өзүм да издеп жүрөм...

– Анткорлонбо!

– Сакалым өрттөнсүн, анткорлонсом...

– Алгыла башын!

– Бирок бир шарт менен...

– Кандай?

– Мончоктун арбагына бата болгудай бир мурасым бар эле, - деп Камбар саадагы менен кошо асынган ийининдеги комузун алып жигитке сунду.- Бул Акмончоктун атынан менден белек болсун, элге ала бар... Өлүм ак, эми милдетиңерди аткара бергиле.

Ак тинтесин шилтегени турган жигит Камбардын чүңүрөйгөн көзүнөн көзүн албай, жогору көтөрүлгөн колу акырындап төмөндөп, анан ак тинтесин кынына шак урду.

– Бул эмне?

– Комуз...

Жигит комузду колуна алып, баш-аягын тегерете тиктеп өттү.

– Кызык... комуз деген эмнеси? Деги бу чыканактай куу жыгачты мага эмнеге берип атасың?

– Эң алды үнүн ук, андан кийин аты-жөнүн ук, аттан түш, мырза. Атың ким болот?

– Атым – Этибас баатыр.

Аттан түшүп жигиттери менен көк чөпкө отурду Этибас баатыр. Камбар комузун колуна алды. Өмүрүндө тигилер угуп көрбөгөн жапайы үн обого тарап, алсыз карып санжыра айткансып үн салды ноюп. Көмөкөйүнөн эң алды жай калтылдап, сыбызгый үңүлдөдү. Бирде кирген суудай күкүктөнө ташып, шаңкылдай чабыттаса, бирде кайрадан ноюп өксүп, тирүүнүн жүрөгүн мыкчып, сезим дүбүртүн кайдадыр күрөшкө шыкап, сагыныч ойготуп, делебе козгогон үн салды. Бара-бара туягы кызыган күлүктөй үнүнөн чаң чыгып, үнүнөн жел ышкырып, көктө жүздөгөн жебенин ызылдап учканы, балтага-балта чакылдап, найзага-найза чабылганы обого тарап, кан кайнаган уруш көзгө көрүнүп, сезим чочутуп, бир кайрыгын он кайрып, таңдайы такылдап безене үңүлдөдү. Үңүлдөдү минтип:

«О, пенде, сен жаралдың... сенден миң миллион жыл илгери жер жаралды. Топурак бара-бара тоо болуп, майда таштар зоо болду. Муштумдай жер бирде муз болуп тоңуп, бирде от болуп жанып, жаралгандан эле көрбөгөнү көр болуп, ааламдын бир бурчунда тентип жүрдү. Жүрдү өзүнө чындык менен жандооч издеп. Бул учурда баш-аягы белгисиз жүздөгөн жылдар бирин бири талкалап, кээлери зор кеңдикте жутулуп, кээлери аалам ордосунан четтеп, мындай алаамат кармашуулардан асман өрттөнүп,

чагылгандар чартылдап, кан дирилдеп турду көктө. Бир гана Жер ааламдан чындык издеп, өзүнө жандооч, жакшылык, бакыт издеп, зор кеңдикте кезип жүрө берди өзүнчө.

Кылымдардын биринде те-е бийиктикте турган Күндүн көзү түштү Жерге. Күндүн көзү түшкөн бул кандай асыл жан болду экен деп, түн ичинде Ай ана маңкайып таңданса, түнү бою төгөрөктүн төрт бурчунан жылдыздар шыгырап, биринин үстүнө бири түшүп шыкалоочу болду. Күндүн көзү түшөөрү менен Жер бойго жетип, чачтары согончогуна түшүп, бетинен гүлү төгүлүп, оозунан шекер-шербети куюлуп, тула боюн эгин каптады. Күндүн нуру Жердин денесине тарап АДАМ пайда болду. Адам пайда болду жерде...

«О, пенде, мен энеңмин – деди Жер. – Менин жибек чачымды сен төшөн, бетимдеги төгүлгөн гүлдөрдү сен жытта, ырахатымды сен ал, сен пайдалан да, сен үчүн издеп тапкан бакыт менен чындыктын жолун андан ары уланта бер!»

Пендеси жашай баштады. Бири миң, миңи миллион болуп алгачкы ынтымактуу болушту. Тапкандарын тең бөлүп жешти. Бирок, бара-бара алардан чындык безип, заман бузула баштады. Жердин жибек чачын алмакөй арамзалар оронуп, шекер-шербетин ошолор жеп, ал эми күчсүздөрү, алсыздары ач-жылаңач кала беришти. Падыша менен падыша тирешип, орто жолдо карапайым калк кырылды. Жетим, жесир көбөйдү. Замана таш боор болуп, чындык, калыстык

азайды. Эртеби-кечпи пендесинен күтөрү ушул беле Жердин? Мууну-жүүнү бошоп, көз жашы көл болуп, деңиз болуп калтылдап толду...»

Этибас баатыр ордунан ыргып туруп, булуттай учкул кыл жээрдесин Камбардын алдына тартты.

– Ушул жашка келип дос күтпөдүм, Камбар!.. Тон кийгизбедим үлпөттөн. Жүрөгүм жибиди. Көңүлүм элжиреди комузуңду угуп отуруп. Сендей комузчу накылга атым тартуу, Камбар. Өлөр Мончок өлүптүр. Сайган чырпыгың бейитинде чынар болуптур. Мен сени кечирдим. Менин кечиргеним, элдин кечиргени... Андан көрө атты мин да, элге жүр, Камбар?

Комузун Камбар көк шиберге коё салып, бүркүт чеңгелиндей сүрдүү колун Этибас баатырга сунду.

– Баатыр, мен сага эми түшүндүм. Элдин тагдыры көп ойлондурат көрүнөт... Көзүңдөн көрүп турам, жашып кеттиң, комуз үнүн угуп отуруп. Толкундап кеттиң. Угутуң кайнап, күчүң көздөрүңө чыга келди. Бул эрдиктин белгиси. Элиңдин тагдырын дилиңе сактагандыктын белгиси. Ушундай эренден кантип качайын достошуудан. Жигиттик шар пейилиңе, кең пейилиңе ыракмат. Бирок атыңды алганым менен элге бара албайм, баатыр!

– Досчулуктун шарты бузулбайбы, айтканды аткарбасаң, Камбар? Саземди сындырба! Эмнеге баргың келбейт беле?

Камбар бир саамга унчукпай отурду. Анан комузун колуна алды. Ошондо муңдуу обон, муңдуу кайрык те тар замандын бир заманына өктө айтып келип анан муңкана үн салды минтип:

Жүрөктүн учу муз болуп тоңуп,
жүрөмүн тоодо мен жалгыз, досум.
Бейитин тиктеп Мончоктун дайым,
безенип күйгөн ким мендей, досум.
Чырпыгым чынар тал болду мына,
чынарды таштап кете албайм, досум.
Алманын гүлү күбүлсүн, досум,
адамдар менден түңүлсүн, досум.
Тектирдин гүлү күбүлсүн, досум,
теңтуштар менден түңүлсүн, досум.
Ажалым жетип мен өлсөм, досум,
Мончокко жакын көмөрсүң, досум.
Кол ойнотуп ойной жүр эстеп,
комузум берем белекке, досум.
Күүнүн башы Камбаркан эле деп,
күүмдү улап черте жүр, досум!

Мына ошентип, замандын тардыгынан ай чолпондой Акмончогун тоого көмүп, өмүр бою анын бейитинен алыс кете албай, жалгыз-жапа тоодо өмүр кечирген ошол Камбар жөнүндө эл арасында бара-бара ар түрдүү уламыш тарап, Камбар жамакчы, Камбаркан кылымга мурас болуп кала берген экен. Мына ошентип, замандын тардыгынан ай чолпондой Аймончогун тоого көмүп, өмүр бою анын бейитинен алыс кете албай, жалгыз-жапа тоодо өмүр кечирген ошол Камбар жөнүндө эл арасында бара-бара ар түрдүү уламыш тарап, Камбар жамакчы, Камбаркан комузу аталып, а комузу атадан балага, кылымдан кылымга мурас болуп кала берген экен.

...Черте жүр досум, черте жүр, досум!
Черте жүр досум, черте жүр, досум!

Санжырасын бүтүп, комузун жанына жөлөгөн Жайлоо бүрүшө кымтыланып жата кетти. Аны менен көп нерселер жөнүндө дагы сүйлөшөөр элем, бирок ал уктабайм деп жатып уктап кетти.

А мен ушул түндү уктабай тосууну чечтим. Жата бергим келет жылдыздарды тиктеп. Жылдыздуу асман биздин төбөгө самсаалай түшүп, анын буурул жарыгы окоптордогу жоокерлерди тунжураган тынчтыкка бөлөйт. Кандай сонун түн!..

Ал эми те алдыбызда эмгекти аябай эңсеген талаа жатат. Тегиз келген Сталинград талаасы кан төгүү үчүн эмес, эгин себүү үчүн жаралган го акыры! Ал эми биздин алыскы киндик кан тамган жерчи? Ата-ганат, жаткандыр чөбү чабылбай, буудай орулбай!

Уктабайм деп жатып мен да уктап кетипмин. Түшүмө Камбаркан кирди.

* * *

Таңга жуук чочуп ойгондум. Кийимдери сүзүлгөн, өндөрү сарганган, бет чүкөсү чыккан арык жоокерлер эски түйүнчөктөй чүрүшүп, жаткан жерлеринен тура башташты.

Бизди күтүп турган коркунуч канчалык жакындаган сайын алдыда боло турган азап-тозокту, көпчүлүктүн шары менен анчейин сезбейбиз. Согушка кире элегиңде кургур үмүт дале көп нерсени күтө берет, зарыга берет. Ал эми алоолонгон өрткө киериң менен кайдагы бир астын-үстүн чаң-тополоңдун туткунунда каласың да өткөн өмүрүң, туугандарың,

айылың деги бардыгы заматта сезиминден жок болуп, түпсүз иримге ыргытылган көп таштын бири катары туш келди дүпүрөй кулап жөнөйсүң.

– Гап-а-ар! – деди аңгыча Миша Балута. – Көрдүңбү тигилерди?

Көрүп турам. Баарын көрүп турам. Башталды. Чеги көрүнбөгөн бийик асман алдындагы адамдар чымындай нары-бери ызылдап, ал эми замбирек сүйрөгөн немецтер буудайдын бир тоголок данын тоголотуп баратышкан кумурскадай болуп көрүнөт.

Кимдир бирөө оор өтүгү менен бутумду кырча басып өттү. Ушуну менен эле удаа душмандын артиллериясы бизди азезилдей сабап кирди. Наводчикти[2] ойготууга чуркап баратып, бирок эки кадам аттабай үрөйүм учуп токтой калдым. Снаряддын огунан жер эпсиз чоң коңторулуп, төбөмдөн аша берди да, дал ушул учурда душман ээлеген бет маңдай талаадан танкалардын үрөй учурган күрүлдөгөнү угулду.

– Та-а-анк!.. Та-а-анк!.. – деди Болотбек. Анын чүңүрөйгөн көздөрү жылан баскандай алая түштү да, жака бүчүлөрүн чечип шымалана баштады.

Башталды. Биздин тээ бет алдыбызда атам замандагы мокочолорго окшоп, бирин-серин дөбөчөлөр дүмпүйүп жатат. Дал ошол дөбөчөлөрдүн коңулунан бүркүлгөн снаряддар тээ артыбызга ышкырып өтүп жарыла баштады. Мүмкүн душман бизге Наполеончосунан дароо үрөй учура чабуул коюу максатында арткы

[2] *Наводчик* – замбиректин стволунда туруп, атуучу жерди байкоого алуучу жоокер.

резервди кесип таштоо үчүн ушинтип жатса керек? Болбосо бизден ашыра атып башы чириптирби. Фрицтер согушуунун эсеп-кысабын мыкты билишет.

Окоптун ичи менен бөжөңдөй чуркап, атууга даяр турган замбиректердин жанына жетип келди. Миша Балута сошниктерди[3] көтөрүп, Жайлоо станинаны[4] танктар келаткан тарапка буруп жатыптыр. Брустверден башымды чыгарып, бет алдымды карасам азезилдей жайнаган бир короо танк биз тарапты көздөп келатыптыр. Кудай сакта-а-а!

– Ач затворду! –Бүгүнкү күндүн эсебинен биринчи ирет команда бердим. Затвор ачылары менен броня тешкич снарядды Жайлоо стволго тыга салды. Миша Балута прицелге жармашты.

– Аткыла-а!

– Кха-а-ах! – Замбирек солк эте секирип алды. Түтөй түшкөн ысык гильза казениктен жерге шыңгыр ыргыды. Аңгыча тигилердин пулемету сайрап кирди. Та-та-та-та-та-та-та! Жамгырдай жааган ок бизди элеп өттү. Снаряддын чачырама октору ызылдай ышкырып, алар тыткан шыбак түптөрүнөн үзүм-үзүм чаңдар каалгый сүйрөлүп жөнөдү.

– Чуп-чуп-чуп-чуп-чуп!..

Адаттагыдай атып келаткан бейкут таң, тез эле мына ушинтип өзүнүн мемиреген таңкы көркүн жоготуп, тегерек чаң-тополоңго түшүп, бырын-чырыны

---

[3] *Сошник* – замбиректин эки учу жерге орнотулган лафетиндеги металл пластинка.

[4] *Станина* – станок, замбиректин лафети.

чыгып, кайрадан түн түшкөнсүп, айланабыз күүгүмдөнүп баратты.

– Боке-е, сошниктерди!

Болотбек сошниктерди ала коюп, жерге сайып киргизди. Экинчисин карбаластай шашып жатып, араң эле матырды.

– Аткыла! Прицел беш! Аткыла!

Замбирек секирип алды. Замбиректин оозунан выщ-ш-шуу эте учуп чыккан снаряд те биздин коргонуу чегибизге жакындап келаткан танктын башнясын коңторо коюп жым болду.

– Азамат Миша!

Мына ушинтип танктардын башняларын учура коюп, жазбай атып турсаң, немецтик тиги жыбыраган жөө желдеттер биз үчүн түккө тургус оокат. Согуштагы эң коркунучтуу азезил танк. Танк менен жекеме-жеке чыгуунун бетин ары кылсын. Үрөйүң учат. Бул шүмшүк шаштырып келатканда бир жактан төбөдөн бомба менен төпөштөгөнүчү. Анда тагдырды кудайга кой да кармаша бер. Же бир жерде тороесуң, же танкты торойтосуң.

Ошентип, биссмилла дегенден эле бир танкты сулаттык. Анан узун стволу, тумшугу сынган бүркүттөй туура жагын карап калды. Ырас болду! Түтүн менен чаң арасынан автоматтарын бөкчөңдөй кармаган немецтер көрүндү. Алар ойку-кайкы он метрче чуркап, анан эт-бети менен жыгылат да, туш келди тытырата ата башташат. Снаряддар асмандын үрөйүн учура озоңдоп, ышкырып өтөт.

– Гүп! Гүп... Дүк-дүк-дүк-дүк! Пя-аув!..

Пулеметтун узун очереди огневойго[5] тийип, сыныктары айланабызга чачырап түштү. Чуп-чуп-чуп-чуп! Денеге кене жабышкансып, жерге жабышып жатабыз. Жайлоо комузун бош ящикке сала коюп, көмкөрөсүнөн сулады. Аңгыча станинага шак эткен бирдеме келип тийип, үстүбүздөн ышкырып өттү.

– Ба-ах!..

Дагы бир снаряд жаныбызга эле жарылды. Гүп эте жер чочуп, сыныктары пыя-а-аув, пыя-а-аув этип жер шимшилей чачырады. Окоптун ичинде лап этип тонна топурак түшкөнсүдү. Дагы жарылуу... дагы, дагы! Кулак-мурдубуз чаңга толуп, жер эңшерилип, өмүрдүн эң эле кызык учуру да унутулуп, ушундан көрө тезирээк эле мерт кетсем экен деген ойго такаган, тополоң- тоз шаштырып келди.

– Лап!.. Лия-аув!.. Пия-пия-пия-а-аув!..

Артыма карай салсам Миша Балута башын Жайлоонун чатына катып, ал эми Болотбек артына сендиректей жыгылып баратат. Жер үстүндө эмне болуп жатканын билбейм. Кыязы жер болкулдап кайнап жатса керек. Мындай учурда баш көтөрдүң дегиче, өлдүң. Мүмкүн эмес. Дагы жарылуу. Аңгыча жаныма ток эте бир нерсе кулап түштү. Карай салсам, жоон сандан үзүлгөн бут. Селт эте тиктеп, көңүлүм азып кетти. Көзүмө өрт толуп, эмнегедир ордуман ыргып турдум. Эч нерседен коркпочудай абалга дароо келдим да, Болотбек жыгылган тарапка жүгүрдүм.

---

[5] *Огневой* – пулемет, минемет, замбирек туруучу жер.

– Боке-е!.. Айланайын, Боке-е!..

Карай салсам снаряд аны тең бөлүп кетиптир. Ичегиси чыгып, колдору дирилдеп жатат.

Көзүм көрбөсүн! Ары бурулуп кеттим. Мага эми тирүүгө айткыс, тирүү көргүс жер үстүндөгү азаптозок да коркунучсуз болуп калды. Дароо ошентти. Окту жиреп жүрөм. Бирок эмнегедир алар мага тийбейт. Эмнегедир колдорум калчылдап жүрөт. Чуркап барып станинига жармаштым.

– Миша-а! Сошниктерди көтөр!

Миша Жайлоонун чатына башын катып, былк этпей жатат. Бул эмне, өлгөнбү?..

– Жайлоо-о! Миша-а, тургула!

Өңү бир алээттен кеткен Миша ордунан ыргып туруп, сошниктерге жармашты. Жайлоо бөкчөйө ыйынып, замбиректин дөңгөлөгүн түртө баштады.

– Бургула станинаны! Оңго... Солго эмес, оңго!

Бет алдыбызда жайнаган танктар. Алар утуру бурулдата атып, селдей каптап келатышат. Мээлөө механизминин маховиктерин өзүм бурай баштадым. Узун стволун соройто түз эле бизди көздөй келаткан танкты мээлөөгө алдым. Бул ок Болотбек үчүн. Мээлөөгө илинери менен басып калдым.

– Кха-а-ах!..

Шиттен башымды чыгара коюп карсам, мен мээлеген танк эсен-соо келатат. Танкты муштум менен бир уруп жара койчудай кыжынам. Каап, снаряд жете тийген эмес экен да! Атаны жексурдуку-ай, кайрадан атуу керек!

– Октогула! Тез! Жайлоо!

– Кха-а-ах!..

Туташ күрүлдөктүн арасынан Миша Балутанын ары каардуу, ары чыйылдаган үнү угулду.

– Ах, сволочь... тигрин[6] жиберген көрүнөт. Снаряд кайып өттү!

– Жайлоо, бол окто! Тез бу сен нымтырабай, кыймылдачы! Ми... Миша!

Мен сөзүмдү уланта албай калдым. Бир кучак жалын окоп ичинде лап эте толо түшкөнсүп, топурак асманга сапырылды. Эт-бетим менен окоптун түбүнө кулап түштүм. Эмнегедир ушул учурда снаряд экиге бөлгөн Борьканын коркунучтуу денеси көз алдымдан тартылып өттү. Эх, айланайын, Боке-ай! Боордошум! Шолоктоп алууга чоло жок. Тарса-турс. Фонтандай көккө сапырылган топурактарды көрүп, көз ирмем ичинде, ушул топурактар мени да Болотбектей биротоло жексен кылып, дароо өлүккө айланамбы деген ой сезимден шуу өттү.

Кайра ыргып турганымды өзүм билбейм. Соо экенмин. Замбиректин оң дөңгөлөгүн снаряд жулуп кетиптир. Болотбектен башкабыз азырынча сообуз. Карбаластай артыма бурулуп, окоптун аркы бурчунда дале көкүрөгү согуп жаткан Болотбекти көрдүм. Эми ал адам болбойт. Кыйналып жатат. Атып салууга колум барбайт. Ушул учурда дагы бир танк бизди көздөй бурулду. Сүрдүү болот омуроосун жыландай жалтыратып, каркырап-шаркырап келатты.

---

6. *Тигр* – таңканын аты.

– Жайлоо! Миша! Экинчи замбирекке!..

Биз окоптон ыргып чыгып, снаряддар койгон чуңкурларга далдаланып, дагы бир бизге келген жаш жоокер менен экинчи замбирекке жетип бардык. Карбаластай шашылып, станинаны танкка бурдук.

– Жакын кирип келди! Болгула!

Прицелге Миша жабышты.

– Ба-ах!

Танка түтүн арасында быкшып калды. Шиттен башымды чыгарып карадым. Дагы эле келатабы же, жок! Стволу жер сайып токтоптур. Бир эле эмес, бир нече танктар кыйраптыр. Көрсө, коңшу артиллеристтер да мойсоп атыптыр. Айланабыз чаң-тополоң. Эки танк солго бурулуп биздин жоокерлер чабуулга өткөн оң флангага жөнөдү. Снаряддар дүпүлдөбөй калды. Душмандын тили кесилгенсип, бир саамга жым боло түштү. Кана, көк асман?! Барсыңбы? Биз али тирүүбүз!..

Тыным!.. Бирок, Болотбектин коркунучтуу денеси көңүлүмдү эзет. Жүрөгүмдүн дал толтосун кимдир бирөө кичинекей балка менен тыкылдатып, ургулап жаткансыйт. Анын абалы эмне болду экен? Араң бутумду сүйрөп жанына бардым. Ал дале өлө албай көөдөнү кыймылдап тирүү жатат. Кыйнабай атып салуу керек. Пистолетимди сууруп чыктым. О, кой! Атууга колум барбады. Жүзүмдү буруп кеттим. Тарс! Кимдир бирөө сообуна калды. Бейтааныш жоокер анын жарты денесине тамтыгы чыккан плащ-палатканы жаап койду. Ошондо гана анын жанына

бардым. Көздөрү чакчая ачылып «Көрдүңбү мени, бул эң коркунучтуу өлүм!» дегенсип азыр эле жашап жүргөн Болотбек – мына эми өлүк. Болгондо да коркунучтуу өлүк. Мына бул плащ-палатканы ача салсаң жүрөгүң түшүп, үрөйүң уча турган өлүк.

Атаганат, ал ушинтип өлүүгө тийиш беле! Күнөөлүү беле бирөөгө? О, согушуң кургур! Жүзүнө бет аарчымды жаап, снаряддын жашыгына барып отурдум.

– Чылымыңар барбы?

Чылымды удаа-удаа соруп, башымды мыкчып отурам. Бүтсө экен, бүтсө экен ушунун баары! Эмне деген түтөгөн дүйнө? Эмне деген... Бүткүл жер кыпкызыл чок болуп бараткансып сезилет. Адамдар быжырап күйүп жатышат. Болду... бу дүйнөдө жашоо жок! Азыр жер күл болот да, ааламга чачылып кетет. Мага азыр дал ушундай болчудай сезилет.

Үчөөбүз үч жерде эсен-соо отурабыз. Болотбектин кечээги «ылайым согуштан төртөөбүз тең эсен-соо чыгып чегели» деген чылымын тартып отурабыз. Анын өлүгүн экинчи көрбөс үчүн азыр бир жакка качып кетим келет. Тарсылдак угулбаган, «согуш» деген сөздү айтпаган, билбеген бир тынч туңгуюкка житип кетким келет...

Күн бүркөлүп, түштүк тарапты кара туман каптап чыкты. Үчөөбүз үч жерде топуракка батып, алсырап олтурабыз. Үчөөбүз үч жерде үңүрөйүп, жашоодон үмүт үзүп, бирок кармашууну аябай самап отурабыз. Жаагым карышып, эмнегедир тиштерим талып калыптыр. Бул абдан кыжырлануумдан болсо керек.

Ошентип, биз азыр аябай кармашууну самап отурабыз. Отуз-кырк жыл кийинчерээк төрөлүп калсакчы же. Бул балээни көрбөй калар белек ошондо? Жок! Минтип ойлоо мажирөөлүк! Коркоктук! Сандырактык! Отуз, кырк жыл кийин биздей эле, биздин урпактарыбыз төрөлөт. Биз алардын келечеги, алардын өмүрү үчүн күрөшүп жатпайбызбы? Согуштун оор трагедиясын алар ылайым биздей көрбөсүн үчүн, душманды тамырына чейин жулуп таштоого, алардын үңкүрүнө чейин баратпайбызбы!

Түштүк тарапты кара булут каптап келатканы менен, чыгыш тараптан күн эпсиз чоң шар сыяктуу те алыскы тоо арасынан бери нурун тегиз төгүп, бири- бирин кырып жаткан адамдарга жадырап-жайнап чыга келди. Ушундан уламбы, эмнегедир күн бүткүл адамзатка калыс эмес улуу күчтөй сезилип, эгер замбиректин огу жетсе, бир атышта жексен кылып салуудан кайтпастай мүнөздө отурам. Чын, эгер тирүү турсам, жеңишке жетмейинче мен аны берекелүү нуру бар күн иретинде эмес, жогоруда айтып өткөндөй, калыс эмес улуу күчтөй сезе берем!

Ай, кудай-ай мени мына ушундай бүтпөс санаалар жеп бүтмөк болду! Жада калса бир аз эс алуу учурунда да, ой-санаа жөө тумандардай башымды ороп алат. Чынын айтсам учу-чени жок ойлоно берүүдөн тажадым. Ар бир нерсенин чеги бар го акыры!

Же балким, менин бул ой толгоолорум, дүйнөдөгү эркиндикти, согушсуз тынч жашоону эңсеген миңдеген адамдардын дилинде көксөгөн жаңырыгыдыр?

Мүмкүн, Сталинграддын эмгекти аябай эңсеген кең талаасы менин жатаар көрүм, торко топурагым болуп каларын сезип, фашизмдин адам чыдагыс итчилигин өзүмө-өзүм керээз сымал айтып жаткандырмын? О, айланайын адамдар, деги биз эмне деген жанбыз?! Сокур күчтүн оюнчугу, мыкаачы душмандын курмандыгыбызбы!

Согуштун көкөйгө тийген жаңырыгы кайрадан башталды. Башталды кайрадан! А менин жаным жер тартат. Тооба, ушундай тополоң-тоздо жер мени өзүнө тартат. Көк чөптүн үстүнө денемди сунуп таштап, көктү тиктеп алгым келет. Бул жарык дүйнөнүн чар тарабын имере тиктеп, турмуштун аркы-берки, күңгөй-тескейине чейин кумарлана ой жүгүртүп жата берүүдөн кумарым канбайт. Бул ажайып дүйнөгө дагы бир ирет сонуркап алыш үчүн көз ирмемге болсо да, өлүм оозунан сүйлөшүп болсо да, кайрадан бир кайрылып, бир тиктеп алгым келет...

Ошентип, согуштун жаңырыгы кайрадан дүңгүрөдү. Түштүктөн каптаган баягыл кара булут таскарадай так төбөбүзгө келип, ок аралаш дыбырата жаап кирди. Төбөдө кайрадан снаряддар ышкырып, автоматтар калкылдай баштады. Ана, селдей каптаган жөө аскерлерин ээрчитип, кара азезил танктар көрүндү. Немецтер кара таандай самсып келатат. Бизди өлтүрүш үчүн, мобул уядай окопторубузду тартып алыш үчүн келатышат. Келе бергиле!.. Кел, келе бергиле, шүмшүктөр! Манастын урпактары тосуп жатат силерди! Жанчылган бутун канжыгага байлап алып, көзүнө мадалган жебени сууруп салып,

жеңиш үчүн ат жалында жүрүп өлгөн баатырлардын урпактары тосуп жатат силерди! Бул дүйнөнү канчалык кыйбаганым менен, өлүм эмес, өлүп калуудан, тирүүлөр тизмесинен түшүп калуудан коркконум менен, мына мен да ата-бабамдын ошол эрдигин кайталоону аябай самап жатам! Кел, келе бергиле!

– Жайлоо, окто!

Миша Балута прицелге кадалып, жаңы жоокер снаряддын ящигин сүйрөп келе жатат.

– Жайлоо, броня тешкич снарядды окто! Бош ящикке салып койсоңчу ийиниңдеги комузду?!

Дал ушул учурда пикировщиктердин күрүлдөгөн дабышы угулду. Капырай десе, а-бу дегенче эле күрүлдөп шарылдап төбөбүзгө кирип келди. Айтпадым беле? Айтпадым беле булардын бир билгени бар деп? Көрсө, эң алды көктөн туруп төпөштөп алалы дешкени тура. Калп айткан менен болобу, булар билет кантип согушууну! Биле-ет, шүмшүктөр!

Аңгыча четки эки самолет оң канатын кыңырайта берип, дал биз тарапка бурулду. Анан так эле кумурадай бомбалар биринин артынан бири чууруп көзүмө каркыралар кайтып келатышкандай көрүндү. Окопко бой урарыбыз менен биринчи бомба жарылды. Жаныбызга эле... анан дагы бирөө, дагы... Бир нече чачыранды октор үстүбүздөн ок жыландай ышкырып өттү.

Төбөдөн бомба, жерден снаряддар баш-аламан төпөштөп кирди. Буга кошумча жамгыр шолоктоп, окоптун ичи баткакка айланды. Капырай, ушундай

да кордук болобу? Бул табигаттын бизге болгон көз жашыбы, же үстөккө-босток кошумча кыйноосубу?

Ылай сүзүп жатам. Тегерек суу, ок, от, өлүктөр! Чымындай жанды тобокелге салып тура калып, замбиректин прицелине жетүүгө чама жок. Айла кеткенде жерди кара тутуп, көмкөрөңдөн түшүп жата бермей. Дагы бир снаряд жарылды. Денемди топурак басып, кулагым тунуп калды. Түтүн. Оозум толо топурак. Мен аны түкүрүп жатам. Тишим кычырайт. Сүйлөшүүгө чама жок. Коюу түтүн арасынан бири-бирибизди араң айрып тааныйбыз.

Жамгыр куюп кирди. Тим эле чака менен төбөдөн төгүп жатат. А мен топурактан суурулуп чыгып, эми көлчүктө жатам. Кимдир бирөө онтойт. Ким? Бейтааныш үн. «А-а-а-ай! А-а-а-ай!» башымды акырын көтөрүп артымды тиктейм. Кимдир бирөө чалкасынан жатат. Бети-башы ылай. Таанып болбойт. «А-а-а-ай! А-а-а-ай!» деген сайын оозу балапанды-кындай кериле ачылат да, нөшөр астында кыбырап, онтогону кээде басаңдап калат. Болотбектин жарым денесин бомбанын топурагы биротоло көмүп салыптыр. Жаткан жери мамык болсун, жердешим! Кош, кош айланайын, Боке!

Ордуман кайрадан ыргып турдум. Пахтадай ак түтүн те бет алдымда самсып жүрөт. Замбирегибиздин бырын-чырыны чыгып, станиналары сошниктерин соройтуп, нарыда жатат. Суру кеткен Жайлоо эмнегедир ушунун баарына мен күнөөлүүдөй, мени дулдуя тиктеп отурат. Кызык... эмнеге дулдуят, эмнеге элеет? Же дүлөй болуп калдыбы? Өңү так эле

жерден азыр чыга калган мокочодой. Балким, мен да ошондойдурмун? Мен да мокочо түспөлдөнүп, аны эндиреп тиктеп тургандырмын?

– Жайлоо, кана комузуң?

– Тигине-е дагы танктар! – деп снаряд ойгон чуңкурда жаткан Миша Балута мени көздөй темтеңдеп чуркады.

Танктар... жер жайнаган желдеттер кайрадан бизди көздөй келатты. Заманыбыз куурулуп, кайрадан чабуулга өткөн немецтерди үтүрөйө тиктеп калдык. Чукул келип, окко учкан немецтин ылай буту так эле биздин окоптон он метрче аралыкта жатат. Мына ушул буту менен ал бүткүл Европаны басып өттү. Күнөөсүз адамдарды туш келди атты. Өлтүрдү, өлтүрдү! Мына эми азыр өзү өлүк!..

– Жайлоо, пулеметко барып отур!..

Ал деле баягысындай эндирей тиктеп турат. Жүзүндө кыйналуу эмес, эстен тануу бар. Кудай урсун дүлөй! Бети эле эмес, тишинен өйдө ылай. Оозу ачылып, эриндери кубарып кеткен. Жинди болуп калганбы же?

– Пулемотко отур дейм!

Тооба, ал мындай эмес эле. Деги бул тирүүбү? Ок жутуп алып, мекчейип турбасын? Илгери бир баатырды үч ирет атса да былк этпей тура бериптир. Дагы бир атыптыр, дале тура берет. Анан барып түртүп жиберсе, ошондо жыгылыптыр дейт. Көрсө, ал баатыр экен. Жүрөгүндө жүнү бар экен. Жайлоонун да мүмкүн жүрөгүндө жүнү болуп жүрбөсүн?

Колунан алып, дегдеңдете жетелеп барып пулеметко отургуздум.

– О, кудай урган десе, ат тигилерди! Ой, эмнеге аңкаясың, ат тигилерди!

Калбыйган эриндерин кыжына бек жумуп, пулеметту оңго-солго буруп, тытырата атып кирди. Аябай тиштенип, каштарын куушуруп алыптыр эми. Пулемет дирилдеген сайын, ээги калчылдап, жаагынан кара кочкул тер агат. Коңшу артиллеристтер тиги жер жайнаган танктарды бирден терип атышып, пехота чабуулга өттү.

Миша Балута танкага каршы атуучу пулемет менен бет алдын элеп жатат. Денеси пулеметко жабышып, колдору курокко карышып калгансып отурат. Азамат!

Бир нече танктар талаада түтөп жатат. Коңшу артиллеристтер аларды тим эле бадырактай ыдыратты.

Окоптун брустверине коргошундары чачыраган шрапнелдер[7] удаа-удаа жарылды. Туш келди балчыкка куладык. Бомбалоодон коркпойбуз дегендерге түк ишенбейм. Согушта өлбөй жүрсөң бара-бара анча-мынчаны тоотпой, миналар тегерегиңе дүпүлдөп жатса дагы жайма-жай чай ичип отура бересиң дегендерчи.Былжырак! Баары былжырак! Түккө турбаган сөз. Коркпой турган адам болбойт. Баары коркушат, бирок бирөөлөрү корккунан дароо акылэсинен ажырап, маң болуп калса, бирөөлөрү корккон учурда акыл-эси менен өзүн өзү кармайт. Мына ошондойлор баатыр көрүнөт.

---

[7] *Шрапнель* – чачырап тийүүчү артиллериялык снаряд.

Ошентип, туш келди балчыкта жатабыз. Немецтердин неченчи жолу чегинип, неченчи жолу кайрадан чабуулга өтүп атканын билбей калдым.Башым зеңгирейт. Миша эриндерин тиштене кайдадыр бет алдына муштумун кезей кыйкырат, эмне деп жатат? Эч нерсеге түшүнбөйм. Жаңы жоокер пулеметтун ок тасмаларын биринин артынан бирин жылдырып, немецтик жөө желдеттерди алаңдай тиктейт. Оозунан ок оттой күтүрөгөн жаны-алы калбай, тынымсыз калчылдайт. Октуу тасмалар биринин артынан бири бошоп, стволдогу гилзалар чиң-чиң-чиң деп түтөй ыргыйт. Кырмандагы буудайдай шыгырап, дөбө болуп баратат. Ба-ба-ах! Снаряддын огу бизге жетпей жарылды. Жакын эле жерден биздин пулеметтор дүк-дүк этет. Дагы жарылуу, дагы!

Анан лап эте окоптун ичине от толо түшкөнсүдү. Мага жер азыр өз огунан чыгып, кайдадыр аалам чексизине тентиреп бараткансыйт. Деги саат канча болду? Саатым токтоп калыптыр. Бул жакшы жөрөлгө эмес. Ой, канчага чейин жата берүүгө болот?!

Ордумдан ыргып туруп, танкка каршы атуучу симоновдук бир мылтык бар эле, ошого асылдым. Биздин жөө аскерлер артына чегине баштаптыр. Биздин бир нече танктардын башнялары жер сүзүп жатат.

– Жайлоо-о!... Миша-а! Эмне үчүн атпай калдыңар?

Миша былк этпей пулеметту кучактап сулк жатат. Бардык азыркы болмушка түкүрүп, андан көрө бир аз уктап алайынчы дегенсип жатат. Буга эмне болду? Жетип бардым. Жетип барып жулкулдаттым.

– Миша-а! Миша-а!

Денеси муздап калыптыр. Ок тийген эч жеринде белгиси жок. Көйнөгүн айрып жиберип көкүрөгүн ачтым. Капырай десе, снаряддын кичинекей сыныгы дал жүрөгүн тепчип өткөн тура!

Арык денесин эки каруума салып, көтөрүп барып, окоптун аркы башына, терең жерине чалкасынан жаткырдым. Ал эч өлүккө окшобойт. Жөн гана уктап жатат. Ылай бетин көнөктөгөн жамгыр жууп жиберди. Болотбектикине караганда бул коркунучсуз өлүм.

Мына дагы бирибиз тиги дүйнөгө кеттик. Капырай, ушинтип бирден кете беребизби? Талаада өлүктөр жайнап жатат. Кээлери өлө албай кыбырап жатат. Деги жер үстүндө тирүү жан калдыбы, ыя? Калдыбы тирүү жан? Бул эң апаат көрүнүш! Эң!..

Бир танка таш ыргытса жеткидей жерге кирип келди. Симоновдук мылтыкты танкка туштай баштадым. Эмнегедир колдорум калчылдайт. Бетимден ылдый суу агып жатат. Мээлей баштадым. Ах, атаңдын көрү ай, азыр коңторо атсам моокумум канып, көзүм толо түшөр эле! Аттым. Ок таамай тийди. Бирок, тигил солк этпейт. Дале келатат. Симонов мылтыгын ары ыргытып, жанымдан граната сыйпалай баштадым. Ия, келатасыңбы? Жо-ок азезил, мен сени өткөрө койбойм алдыга! Чегинсем да сени кулатып анан чегинем! Ушуларды ойлоп, танктын жакыныраак келишин күтүп жатам. Аябай кыжынам. Кыжынганда тиштенет окшойм оозумда бүт эле кум кычырайт. Деги чарчаганды билбей калдым.

Жанымда бир нече гранаталар жатат. Буларды качан алып келип койдум экен? Же тигил жаңы жоокер алып келип койгонбу? Гранатанын чекасын[8] сууруп алып, планкасын бошоттум да, жакындап кирип келген танкты туштап уруп калдым. Гүп! Кара түтүн булады. Танк көрүнбөдү. Түтүн тарай баштады. Зоңкоюптур. Тура калып кол чаап жибергим келди. Неси болсо да жакшы болду эми. Бул Болотбек үчүн.Эми Миша үчүн дагы бирөөнү сулатышым керек! Кана, келатасыңарбы?

Ка-капыра-ай! Кайрадан жер жайнаган танк. Бир бейтааныш офицер пистолетин булгалай жанымдан эле кыйкырып өттү.

– Артка-а! Чегингиле, экинчи линияга!

Баткакта белчемден батып жатып танкаларды эсептей баштадым. Бир, эки, үч...он... Сол фланга менен жылып келатышат. Ал эми бизде танкага каршы болгону бир Симонов мылтыгы жана жыйырма чакты граната гана бар. Болгон тасмиябыз ушул.

Үч танка түз эле бизди көздөй келатты. Байланыш үзүлдү. Каерде эмне болуп жатканы белгисиз. Танкалар бурт-бурт эттирип атып келатышат.

Тигине, бир танка мен сулаткан танкадан бери өттү. Омуроосу дүгдүйүп, чынжырлары шалдыраган жалпак дөңгөлөктөрү белчеден баткакты майкандай басып, жакындап келет. Түрү суук кара кресги дапдаана көрүндү.

Жайлоо чый-пый чыга кыйкырып, лентасына какап калган пулеметун сөгүп-сөздөп атат. Сол жагына муштумун кезейт. Эмне...эмне болду?

---

[8] *Чека* – гранатадагы шынаа сыяктуу темир.

– Немецтер сол жактан ороп келатышат!-деди жаңы жоокер.

Колдорум дале калчылдап жүрөт. Мага эмне болду? Эмнеге эндиреп турам? Тигил танка чукул кирип келген тура! Үч гранатаны удаа-удаа ыргыттым. Бирөө немецтик узун саптуу гранат экен. Түтүн. Бет алдым капкара түтүн. Муну да сулаттым. Бул Миша үчүн. Эми артка чегиниш керек. Эки гранатаны белиме кыстарып, автоматымды алып, ыргып туруп артыма секирдим.

– Жайлоо-о! Артка!.. Жайло-о!

Пулеметтун жанында көйнөгү жок, жылаңач отурат. Жайлоо. Эмне болгон көйнөгү? Баткак аралаш суу болгондо чечип салган го? Коркуу сезиминен биротоло ажырап, ага баары бир болуп калган го? Капырай, ок атасын тааныбайт да? Мына ага да танктар чукул кирип келди.

– Жайлоо-о!

Мени укту окшойт, пулеметту таштай салып, траншей аркылуу бери чуркады. Көрсө, ал жылаңач эле эмес, жылаңайлак, жылаңбаш экен. Үстүндө болгону баткак шым.

– Жайлоо-о! Артка! Чегиндик!

Снаряд ойгон чуңкурларга далдаланып, артка чуркадык. Автоматтын октору чию-чи-чи-чи-и-үүлеп алды-артыбызды искеп өттү. Жерге эт-бетим менен учуп түштүм. Көмкөрөмдөн түшүп, жер сүзүп жатам. Кулачымды жайып таштагам. Мындай учурда өлүккө окшоп жатыш керек. Секирип турганда жеңил болсун

үчүн оң тизем курсагымдын алдында. Дагы снаряд жарылды. Бул ирет менден ыраак жарылды. Баш көтөрдүм.

Чуркап келаткан Жайлоо делдек этип барып, учуп түштү. Атып салыштыбы,ия? Атып салыштыбы? Эми эмне кылышым керек? Ыргып турсамбы? А мүмкүн жөн эле октон буйтап жыгылгандыр? Же атып салыштыбы? А мүмкүн жөн эле жыгылгандыр? Же атып салыштыбы? Эгерде...

Тигине!.. Жайлоо аңгыча ордунан ыргып турду. Соо экен. Танканын алдында жерден чыккан мокочодой чуркап келатат. Граната камдап, ыргып турмакка баш көтөрдүм. Автомат тытырады. «Чуп-чуп-чуп!» эте чууруган ок кулагымдын эле учунан өттү. Муздап калган бир өлүктү сүзүп жерге жабышып калдым. Ок басылары менен кайрадан баш көтөрдүм. Жайлоо жараланганбы, эми жылып келатыптыр. Кайрадан гранатаны камдап, танкага ыргытмакка өйдө болдум. Ушул учурда Жайлоо тура калып, мени көздөй чуркады.

Та-та-та-та-та-та-та-а-а!..

Оxx-xx-хи-хи-хи! Эми ок тийди го! Чалкасынан жыгылды. Колундагы автоматы көккө көтөрүлө берип, өзү чалкасынан түштү. Ыргып туруп, танкага граната уруп, анан Жайлоону көздөй чуркадым. Та-та-та! Жайлоого жетип калганымда жыгылып түштүм. Ок тийди го, бирок каериме тийгенин сезбейм. Катуу жыгылдым. Жыгылып баратып, Жайлоонун мени көздөй алсыз сөөлжандай баткак жирей

жанталаша жылып келатканын көрдүм. А артында танка. Жер таянып турайын дейм, бирок оң колум иштебей калды. Эптеп алдымды көздөй жөрмөлөп жөнөдүм. Сол колумда граната. Дагы бир аз барайын... барайын бир аз. Анан дал тумшукка урам! Урам! Урам! Урам! Урам! Эми ыргыт! Ыргыттым гранатты. Гүп! Ай ата, танкадан оолак жерге жарылды!

– Жайло-о-о!

Боорум менен жылып баратып, көөдөнүм айрылгансып коркурап кыйкырдым. Анткени, танка ага аябай чукул кирип келди. Танкка мына азыр жетип, аны этектеп алып токтотуп калчудай ашыгып баратам. Тигине, танка ага такыр жакын калды!

– Жайло-о-о!

Кайрадан уксун үнүмдү. Ага жетип, бомба ойгон чуңкурга сүйрөй тартканча, танка аны көз алдымда бычырата тепсеп өттү. Тиштерим баткакка мата калчылдап, жер кучактап жатам. Жетти!.. Жетти!.. Согуштун азабы чучугума чейин жетти! Турмушта мындан өткөн азап болушу мүмкүн эмес!

Танка эми мени көздөй чукул бурулду. Эми эмне кылам? Оң колум сыздап, автомат кармаган сол колум карышып калыптыр. Эмне кылыш керек? Бир гана жол, качуу керек. Үч аяктай боортоктоп, баткакты тим эле кескелдирикче жиреп, качып жөнөдүм. Танка мени көздөй каркырап-шаркырап жай келатат. Танка эмес эле, артымда кыпкызыл дарыя шаркырап агып келе жатат. Жок, ал дарыя эмес, танка! А бирок дарыядай кызарып келатпайбы?

Мына, азыр мени чайпап өтөт. Мен дагы кыпкызыл кан болуп агып жөнөйм. Жөнөйм...

Мээм талып калды. Оозумду нымдаарга шилекей жок. Тилим батташып, оозума батпайт. Сойлоп келаткан жолум кан. Менин каным... Аңгыча танка лык токтоп калды. Ал менден отуз метрдей аралыкта турат. Акактаган мен, чалкамдан оодарылып, бир ирмемге болсо да сеп алууга көзүм катып, аны тиктеп жатам. Ана, танканын стволу мени көздөй акыр-ын жерге төмөн түшө баштады. Оңурайган оозу дал көз алдыма келди. Азыр атат! Атат азыр!.. А мен тарс түйүлүп алдыга эмес, капталым менен оң тарапка тоголонуп-жумаланып жөнөдүм. Кичинекей көлчүккө түшүп кеттим. Танканын стволу кайрадан мага бурулду, анан.

– Та-та-та-та-та-аа!..

Мени атты. Сөзсүз мени атты. Бирок, эмне үчүн эч жерим оорубайт? Тескерисинче, жаным жер тартып, магдырап баратам. Ушул учурда «бах!» эте бир нерсе катуу жарылды. Бет алдымдан түрмөк түтүн пайда болду. Снаряд жарылды го? Жок, мени кубалаган танка чөмөлөдөй бачырап күйүп жатат. Кызык... Танканын ушинтип күйгөнүн эч көрө элек элем. Ким атты? Биздин артиллеристтер атты го? Биздин! Биздин! Албетте, биздин артиллеристтер! Эриндерим эмшеңдеп, муун-жүүнүм бошоп кетти. Мен эмне ыйлап жатамбы?..

Жымжырт. Тарса-турс кайдадыр туңгуюкка сиңип кетти. Эч нерсе угулбайт. Сыягы, мен да дүлөй болуп

калганмын го? Ныксырап, уктап кетчүдөй үргүлөп баратам.

А мүмкүн өлүп бараткандырмын? А эгер өлүп баратсам, көлчүктө жатканымды кантип сезем? Те-е асманды көрүп турам го? Ооба, көрүп турам асманды. Балким, жүрөк согуудан калгандан кийин да, сезим кээде бир топ убакыт али жашай берер? Жашай берер, балким?

Жанымда кимдир бирөө пайда болду. Ал менин башымды жөлөп, бажырап карап турат.

– Тууган, чыда бир аз! Азыр медсанчастка алып кетет сени! Бизби? Биз чабуулга өттүк... Жеңиш биздики!..

Жеңиш биздики! Жеңиш биздики болоруна ишенгем! Ишенгем! Бирок атаганат... Биздин балдар бүт курман болбодубу? Болотбек, Миша, Жайлоо... Мүмкүн мына мен да өлүп бараткандырмын... Мен да...

* * *

Согуш алдында, айрыкча, алтымыш жашка караган курагында аты ого бетер ааламга угулуп, кудайдын ар бир куттуу күнү дүйнөлүк, мамлекеттик зор маселелерди чечип, күнү-түнү жанынан кадырман адамдары арылбай, алар анын каш-кабагы менен болуп ою ой, сөзү сөз болуп турганына карабай Сталин те көңүл түпкүрүндө санаа оорусуна чалынып, бу дүйнөдө өзүн эмнегедир жалгыз-жарым сезип, ушундан улам ичинен билинбей, сыздап, канчалык эрктүү болгону менен ошол зил оорусу эркине баш ийбей, өзүнөн өзү кем сөз тартып, эч кимге

билинбей ичинен жалгызсырай баштаган эле. Бирок күтүлбөгөндөй согуштун башталышы анын көңүлүндөгү бул зил оорусун дароо жок кылды. Душман чек арадан таңга маал күтүүсүздөн киргенин укканда баштап, бир жума бою Сталин капысынан төбөсүнө таяк жеген немедей эндирей түшүп, дендароо абалда жүрдү. Кечээ эле касам ичип доштошкон «досу» Гитлер жок дегенде кырк экинчи жылы убаданы бузбай, кырк биринчи жылы убаданы бузуп, капысынан кол салышына Сталин аябай арына келип, бүткүл эл, бүткүл өлкө, а түгүл бүткүл дүйнө фашизмдин төбөлүү менен келишим түзгөнү үчүн аны ошондо дуулдай жемелеп, дуулдай табалап турушкансыган эле. Мына эми мезгил өтүп Гитлер Москва алдында эле эмес, азыр Сталинград алдында катуу төпөштөлүп, фельдмаршал Паульюсу баш болуп колго түшүп отурат. Ушундан улам Сталинград алдындагы зор жеңиштин урматына байланыштуу бүгүн Кремлдеги салтанаттуу аскерий кеңешмеден кийин Сталиндин Кремлдеги үйүндө Саясий бүйрөнүн мүчөлөрүнөн башка аскер башчылары: Г. Жуков, А. Васильевский, Н. Ватутин, И. Исаков, С. Руденко, В. Чуйков, Труфанов, Ф. Толбухин, Н. Воронов жана башкалар кечки тамакка отурушту.

Сталиндин Кремлдеги үч бөлмөлүү үйү Свердлов залынын катарлаш жерде жайгашкан эле. Анын зор бөлмөсүндө Сталин бир эле учурда иштечү жана өзүнө ынак аскер башчыларын кечки тамакка чакырчу. Так эле Сталиндин өзүндөй тазалыкты ашкере жактырган, колунан үй ишинин баары келген Матрена

Ивановна деген курагы өтүп калган орус аялы үй кызматкери катары, бул үч бөлмөнүн ичи-тышына кыл жугузбай, карегиндей таза кармай турган. Буга Сталин өтө ыраазы болчу. Ушундан улам майрамдарда өзүн күзөткөн топтун башчысы Власик аркылуу кызы Светлана менен Матрена Ивановнага атайын белек даярдатчу. Аял затынан мына ушу экөөнө гана көңүл бөлчү. Бет алдынан ушу экөөнү гана көрүп, экөөнү гана укчу. Бирөө, турмуштагы жакшы жаманга али аралаша элек акак таштай болсо, экичиси эбак алчытаасын жеп, турмуштагы жакшы менен жаманды аябай көрүп-билип, азыр эми акыл менен жашап, кожоюнуна ак кызмат өтөп калган учуру эле. Чамасы экөө Сталинге мына ушунусу менен жакса керек...

Деги Сталин жашынан эле аялдарга анча көңүл бөлчү эмес, кумары түшүп, көңүлү козголчу эмес. Мына ушунданбы, миң тогуз жүз отуз экинчи жылдан баштап, тагыраак айтканда, экинчи аялы Надежда Аллилуева өзүн өзү атып өлгөндөн бери Сталин ургаачы заты менен баш кошуп, кадыресе бүлө күтүүгө көңүлү келбеди. Анткени, балдарына, айрыкча кызына өгөйдүн көзүн көргөзгүсү келбеди окшойт. Анын үстүнө дагы үйлөнсө, айрыкча анын коомдук ишине жаш аял пайда алып келбей эле кайра зыян алып келерин Сталин алдын ала ойлоду. Эгер үйлөнсө эртеби-кечпи өз ара мүнөз келишпей калаары ырас. Жогоруда айтылгандай жашынан эле аял затын ал жакшы көрө алчу эмес. Жан тартып эркелете алчу эмес. Мындай болгон соң үйлөнүүнүн кереги барбы? Мына ушуга карабай, жашы

алтымышка келип калса дагы кээде аял жыттуу жылуу төшөк самап, бирок капысынан чочугандай ойгоно калган бу табити кайра тез эле өзүнөн өзү жок болуп кете турган. Мунун себеби: анын көп окуп, көп иштегенинен, андан да канжаны көп тартканынан улам болсо керек. Анан калса күнү-түнү мамлекеттик маселе чечип, күнү-түнү жанынан кишилер арылбай, уктаганга гана араң убакыт үнөмдөсө, анан кайдагы аял? Кайдагы төшөк? Учу-чени жок зор өлкөнүн ички жана тышкы саясаты, ыры менен чыры анын, бир гана анын колунда, анын мойнунда эле! Кашаң аттын тизгинин кармаган жолоочу жолду ката керели кечеке теминип, кечинде сулк жыгылгандай, жалкоолукка, илээндиликке, ичимдикке илгертен көнгөн элди күндөп, жылдап алдыга жетелейм деп отуруп, кечинде суй жыгылчу. Мындай учурда ал аялды эле эмес, өзүн да унутчу.

Ошентип Сталиндин Кремлдеги үйүнүн зор бөлмөсүнө саясий бүйрөнүн мүчөлөрү менен аскер башчылары кечки тамакка отурушту. Үстөл дасторконунда демейдегидей эле эт жана жашылча аралаштырылган ар кыл закүскө менен кошо перцовка[9] арагы, коньяк жана грузин винолору белен коюлган экен. Сталин өзүнө адаттагысындай эле грузин виносунан куйду. Деңиз флот эл комиссариатынын орун басары Иван Исаков дасторкон ээсине кармалып, анан өтүп кете албай, ал ичкени ичмек болуп өзүнө грузин виносун куймак болду эле, муну дароо Сталин байкап калды.

[9] *Перцонка* – калемпир аралаштырылып даярдалган арактын эң бир мыкты түрү.

– Жолдош Исаков... өзүңүзгө перцовкадан куюңуз... Ворошиловду көрдүңүзбү, бети тамылжып, ден соолугу мыкты. Анткени, бу дайыма перцовка ичет...

Сталиндин оң ыптасында отурган Ворошилов мыйыгынан жылмайып, оңдоно көчүк күйшөп койду.

Сталин чөйчөк көтөрдү.

– Жолдоштор... биринчи иретте биздин жоокерлердин ден соолугу үчүн!

Аскер башчылары биринин артынан бири сөз алды. Орто кызыды. Мындай учурда кожоюндан тартынып, ууртап-татып отургандарды Сталин дароо байкап, көнбөгөндөрүн кыстап ичирчү. Мейман-дары кенен-кесири ичип-жеп, тартынбай, көңүлдүү отурушун каалоочу, ошого шарт түзчү. Өзү аз ишчү. Аны менен он жылдап бир иштеп, бир ичип жүргөн кызматташтары Сталиндин кызып, же мас болуп калганын ушуга чейин эч качан, эч жерде көргөн эмес. Анын үстүнө Сталин ичкенде ого бетер кем сүйлөп, кем күлчү, күлсө да үнүн чыгарбай мурутунан асте жылмайып койчу. Мына азыр да мурутунан асте жылмайып, кем сүйлөп, көп угуп, отургандардын баарына бир кылка баам берип отурушу кыйла кызып калган Исаковго айрыкча өтө жагып турду. Тамашага баа берип эле эмес, өзү кыйла тамашакөй экенин Исаков ушуга чейин уккан да, көргөн да эмес экен. Аны өтө эле бир сырдуу, анан да дайыма өзүн каардуу кармайт го деп ойлочу. Анткени, согуш алдында Сталиндин Кремлдеги кабинетинде мындай окуяга өзү күбө болгон эле.

Миң тогуз жүз кырк биринчи жылдын апрель айында Кремлде кезектеги Аскерий кеңешме өтүп аткан. Сөз советтик авиация жөнүндө жүрүп, акыркы жылдары авария көбүрөөк болуп атканы айтылып атты. Сталин адатынча канжасын кармап алып, узун үстөлдө отургандардын арты менен шырп алдырбай өйдө-ылдый басып жүргөн эле.

Авариянын себеби, аны тез аранын ичинде жок кылуу жөнүндө ар ким ар кандай оюн айтып бүтүп, кезек Аскерий ава күчүнө командачылык кылган генерал-лейтенант Рычаговго берилди. Рычагов отуздан эми гана өткөн жаш жигит эле. Жаштыгынанбы, же байкабастыгынанбы чу дегенден эле кызуулана кыжынып,:

– Авария азыр көп болуп жатат жана мындан ары да боло берек. Анткени самолет эмес эле силер бизди темир табытта учууга аргасыз кылып атасыңар!-деди.

Рычагов мына ушинтип кекете сүйлөдү да анан андан ары эмне дээрин билбей, кызарып-татарып турган ордунда токтоду да калды. Кимдир бирөөнү эмес, дал Сталиндин өзүн кекетип-мокотконсуган бу каяшадан кийин отургандар жым тартып, ар ким өз ордунда демин ичине ала сенейип тунжурады. Азыр эле ары-бери басып жүргөн Сталин Рычаговдун сөзүнөн кийин келаткан жеринде токтоп калды.

Аскерий чоң кеңеште Рычаговдун минтип сүйлөшү туура эмес эле. Анткени, баарыга белгилүү Коргоо эл комиссариатын башкарган атайын адистерге караганда Сталин авиациянын акыркы абалы жөнүндө

көбүрөөк тынчсызданып, аны мүмкүн болушунча тезирээк жакшыртуу маселесин кайра-кайра козгоп, көп күч, көп аракет жумшап аткан учуру эле. Кыскасы, авиациянын дурус жагын эле эмес, буруш жагын да Сталин жакшы билчү. Ушуга байланыштуу Рычаговдун күтүлбөгөндөй туура эмес, анан да ызырынган орунсуз каяшасы Сталинге катуу тийди. Муну отургандар билип турушту.

Сталин ордунда токтолгон боюнча бир кыйлага унчукпай калды. Анан артына бурулуп, келген изи менен төр үстөлүн көздөй шырп алдырбай акырын басып барды. Төр үстөлдүн жанына келип, отурган жок. Ошол эле келген изи менен кайра улаганы көздөй жөнөдү. Анан азыр эле токтогон жерине кайра токтоп, оозунан канжасын алып, үнүн көтөрбөй, акырын, жай унчукту.

– Сиз минтип айтпашыңыз керек эле... Анан саамга унчукпай калып, минтип кошумчалады. – Заседание жабык.

Ушинтти да кабинетинен өзү биринчи болуп чыгып кетти. Отургандарга ошондо гана жан киргенсип, көчүк коошпой күбүр-шыбыр болуп, жаш генералдын тагдыры эртең эмне болор экен дегендей үстөл үстүндөгү кагаз-магаздарын алып, Сталиндин артынан сыртты көздөй чууруй беришти.

Эртеси, а түгүл анын эртесинин эртеси эч нерсе болгон жок. Бирок бир жумадан кийин Рычагов камакка алынды да ошо бойдон, ошондон ары биротоло жок болду.

Мына ушундай болгон эле. Жуков баш болгон генералдардын арасында отурган Исаков кайра-кайра Сталинди уурдана тиктеп, ошол Сталинге азыркы Сталинди такыр окшоштура албай отурду. Анда кашкабагынан бороон уруп турса, азыр жүзүнөн ажары төгүлүп турду. Бирөө жамандык кылса да, ага жамандык кылбоочудай, жамандык колунан келбөөчүдөй көрүнүп турду.

Деги бүгүнкүдөй көңүлдүү кече дайыма эле боло бербес. Жеңиш! Болгондо да Сталинград алдындагы даңктуу жеңиш совет эли үчүн эле эмес, дүйнө эли үчүн мааниси зор. Ошон үчүн анча-мынча эмес, олуттуу нерселерге да дароо кубана албаган кем сөз, бир сырдуу Сталинден баштап, андан айбыгып, ар бир сөзүн таразага салып, анан оюн айтчу генералдарга чейин көңүлдүү отурду, кенен-кесири жайдары отурду.

Тухачевский, Егоров баш болгон мыкты аскер башчыларын көптүн шары менен жок кылып алып, ошолордун орду айрыкча кырк биринчи жылы жоктолуп, Шапошников баш болгон маршалдар ал өйдө болсо өбөк, ылдый болсо жөлөк боло албай атканын Сталин ачык айтпаса да, кээде анын сөз маанисинен, айрыкча Ворошилов менен Буденныйга болгон ачууланган мамилесинен улам билине калчу.

Согуштун биринчи жылы, немистер Москвага чукул жакындап кирип келген сайын Сталин ошончолук ызы-чуу түшүп, көйпөлөктөп калбай, тескерисинче, солк этпей, жеңиш баары бир аныкы болорундай

дымак менен канжасын кумардана соруп отуруп маселе чечип, иш жүргүзүшү, тегерегиндеги аскер башчыларын да ток пейил кылып, жеңишке ишеним туудуруп турду. Бирок, бир ирет Сталин чукул ачууланып, өзүнчө оозго алгыс сөздөр менен сөгүнүп, Молотов менен Ворошиловду кейип сүйлөдү.

– Согушка чейин Молотов «Гитлер бизге эч кол салбайт, Батыш менен алек болуп жүрүп, бизге кол салууга мүмкүнчүлүгү да болбойт» деп тышкы иштер Эл комиссариаты катары бизди кайра-кайра жоотуп, ишендирип жүрүп, Гитлерге ажалыбыздан мурун салып берсе, Воролишов те фин согушунда эле «Баары даяр, баары жакшы болот, финдердин бир соккусуна биз үч сокку менен жооп беребиз» деп мактанып жүрүп, акыр аягы эмне болду? Согуштук тактикабыз али начар экени ошо фин согушунда эле билинип калды. Гитлерге сыр алдырып койдук. Гитлер мына ошон үчүн бизди камынта койбой чукулунан кол салып отурат. Согуштук стратегия менен тактикабыздын ойдогудай эмес экени мына азыр да көрүнө калып жатат. Мд-аа... мыкты аскер башчыларыбыздан айрылып калган экенбиз... – Ушинтти да Сталин өкүнө улутунуп алып, унчукпай калды.

Ворошилов:

– Ушунун баары Ежовдун аша чапмалыгынан болду...

Сталин ордунда тык токтоду. Ачуусу келгенде ушинтчү. Канжасын оозуна алып, Ворошиловду атып тиктеди.

– Бир эле Ежов эмес... Ошонун ичинде өзүң да барсың, Климент!.. Коргоо Эл комиссары болуп туруп мыкты кадрларды өз учурунда туура баалай алган эмессиң! Алардын тагдыры чечилер учурда чечкиндүүлүк кылып, сактап, коргоп кала алган эмессиң! Эми баарына Ежов күнөөлүү имиш! Ежов да күнөөлүү, бирок алардын тагдырына Ежов эмес, сен жооп берип, сен чечишиң керек эле! Анткени, сен Коргоо Эл Комиссары болчусуң!

Сталиндин көздөрү тереңинде заардуу кайнап, ачуусу келгени ушунчалык, канжа кармаган колун оң-солго жаңсап алды. Атылар алдында Якир кат аркылуу түрмөдөн Сталинге жардам сурап кайрылган эле. Мына ошол катты Сталин Ворошилов менен Буденныйга тааныштырып «Өз кадрыңардын тагдырын өзүңөр чечкиле, силер эмне десеңер мен ошого макулмун» деп укукту аларга бергенде бирөө Якирди «саясаттагы жалап» атаса, экинчиси «Итке итче өлүм!» деп экөөнүн тең мурутунун кылы кыйшайбай аны өлүмгө оңой кыйганын айткысы келди, бирок айтпады. Арзан баа болгусу келбеди. Ушунусунан улам анын ордуна азыр эле айтылган сөзүн кайра ирет кайталады.

– ...Ежов да күнөөлүү. Бирок алардын тагдырын Ежов эмес, сен жооп берип, сен чечишиң керек эле! Анткени, сен Коргоо Эл комиссары болчусуң!..

Ворошиловдун жүзү үндүк тооктун таажысындай кызарып, айрыкча Маленков жана Бериядай жаштардын алдында Сталинден жеме укканы үчүн арына келип, бул ирет өзүн өзү кармай албай кетти.

– Мен эмне... немецтик генералдык штабдын агенти Тухачевскийди актап, сактап калышым керек беле?!

Ворошиловдун бул актануусу майга ширеңке чак-кандай эле болду. Сталин лап эте ого бетер от алды.

– Мен сага Тухачевскийди эмес, Егоров менен Блюхерди айтып атам! Мен сага Якир менен Беловду айтып атам!

Ворошилов мокой түштү. Өз күнөөсүн те көңүл тереңинде өзү деле сезчү, билчү, бирок ошо кемчилиги жеке өзүнө айтылбай Саясий бүйрөнүн мүчөлөрү менен Жуков баш болгон аскер башчыларынын көзүнчө, баарынан да душман Москва алдында тамакка бычак такап турган кезде, баарына ал Ворошилов гана күнөөлүүдөй ызырына айтылып атышы ага катуу тийди.

А чын чынында Сталиндин Ворошиловго болгон бул ызырынышы жөнүнөн эмес эле. Ворошилов СССР Эл Коргоо Комиссары болуп турган чакта, айрыкча отуз жети, отуз сегизинчи жылдары мыкты аскер башчылары өлүмгө тобу менен кетти го. Ошолордун көпчүлүгү граждандык согуштун чордонунан кайнап, курчуп чыккан, баарындан да аскер иши боюнча, билими жана жөндөмү боюнча Ворошиловдун өзүнөн кыйла эсе өйдө турушчу. Он беш жыл Коргоо эл комиссары болуп туруп, өзүнүн кол алдындагы чыгаандардан үйрөнүүнүн ордуна, өзү билимсиз туруп аларды буйрук менен аскерий илимге үйрөткүсү келди. Ал үчүн бир гана авторитет, бир гана

кудай – Сталин эле. Ага жагынгысы келчү. Каш-кабагын гана карап турчу. Ушундан улам билими боюнча, аскерий тактикасы боюнча Ворошиловго караганда анын орун басары Тухачевский кыйла жогору турарын айрыкча аскер кызматкерлери жакшы билчү. Ушундан уламбы Тухачевский менен Ворошиловдун ортосунда дайыма пикир келишпеген ыйкы-тыйкы айтышуулар болуп келген. Ошон үчүн Ворошилов Тухачевскийди өтө жаман көрө турган. Көзүн тазалап, изин шыпырып таштагысы келчү. Бирок ага шайы келип, чагы жетчү эмес. Көп узабай Ворошиловдун көксөгөнү көктөн түштү. Тухачевскийдин куйругуна калбыр илинди.

Сталин канчалык эрктүү, канчалык акылдуу болгону менен, бирок бир кемчилиги өтө шекчил, өтө ишенчээк экенин Германиянын чалгыны жакшы билчү. Ошон үчүн СССРге согуш ачаардан мурун Гитлер өзүнүн өтө кылдат ишенген чалгынчылары аркылуу СССРдеги мыкты аскер башчыларынын көзүн тазалоону биринчи максат кылган. Берлин шаарындагы Альберт көчөсүндөгү жер алдындагы гестапонун лабораториясында атайын кызыл папка даярдалып, анда немецтик генералдык штабдын агентине жазылган советтик белгилүү аскер башчыларынын каттары, алардын гестаподон алган ири суммадагы акчалардын квитанциялары жана башка жалган документтер салынган ошол кызыл папка миң тогуз жүз отуз жетинчи жылы немецтик чалгынчылардын колу менен Чехословакиянын президенти Бенештин колуна түшөт.

СССРге, айрыкча Сталиндин жеке өзүнө жан тартып жүргөн Бенеш кызыл папканы токтоосуз Сталинге жиберет. Мына ушундан кийин күнөөсү болсо-болбосо деле жүздөгөн аскер башчылары тобу менен камакка алынды, атууга кетти. Мына ушундай апаат учурда Ворошилов башканы айтпайлы мыкты аскер башчыларынан ортого түшүп, жок дегенде бирөөнү сактап кала алдыбы? Жок! Тескерисинче, Молотов, Ежов үчөө аларды немецтик чалгындоонун шпиону атап Сталинди кайра-кайра ишендирип, ага кат киргизип, катка кол койдуруп, Тухачевский баш болгон мыктыларды өлүмгө айдап атышты. Ворошиловдун эң жаман адаты кезектеги камакка алчу кишисин «аскерий кеңешке» же «заседаниеге» келсин деп борборго алдап өзү чакырып алып, анан моюнуна сыйыртмак салчу. Мисалы, Егоров менен Якирди ал так ушинтип өзү Москвага чакыртып, экөөнү тең борбордо камакка алган. Мына ошол күнөөсүн Ворошилов те көңүл дилинде билип туруп, бирок бу деле бир пенде да, чычалап сүйлөдү.

– Мен эмне... немецтик генералдык штабдын агенти Тухачевскийди актап, сактап калышым керек беле?

Сталин ого бетер ичинен от алып, көздөрүнө заар толуп, жүзүн бороон чалды. Молотов менен Ворошиловду ошондо ашата сөккүсү келди. Бирок адеби, маданияты антүүгө жол бербеди.

Айтса, согушка чейин эле Тухачевский, Корк, Уборевич, Эйдеман жана башкалар механизацияланган танкалык армияны өнүктүрүүнү биринчи орунга коюп, сунуш киргизишкен болучу. Анткени, алардын

ою боюнча келечектеги согуш кылыччандардын согушу эмес, моторлошкон техниканын согушу болмок. Ал эми Ворошилов менен Буденный алардын бул сунушун жокко чыгарып, граждандык согуштун деңгээлинде калып, атчандар армиясын күчөтүштү. А алардын атчан армиясы кырк биринчи жана кырк экинчи жылдары немецтик каз таман танканын алдында түккө турбай калды.

Согуш алдында Ворошилов менен Буденныйдан Сталиндин оозу мына ушинтип бир күйсө, согуштун биринчи жылы дагы күйдү. Немецтик армия басып кирери менен Мамлекеттик коргоо комитети душманга каршы үч негизги багыт түзүп, үчөөнө үч башкы командачы: Батыш фронтко – маршал Тимошенко, Түндүк-Батыш фронтко – маршал Ворошилов, Түштүк-Батыш фронтко – маршал Буденный шайланды. Натыйжада эмне болду? Согуштун алгачкы айларында эле Буденный Киев менен Донбассты душманга таштап чегинсе, Тимошенко Минск менен Смоленскини калтырып, душманга Москваны көздөй жол ачты. Ал эми Ворошилов, эгер Жуков учурунда аны алмаштырбаса, душманды Ленинградга өткөрүп иймек. Ушундан кийин Сталин үчөөнү дароо үч башка командачы менен чукул алмаштырууга аргасыз болду.

Бир кызыгы, ушул үч маршал жоонун алдын тосордо, кайсы бир аты-жөнү белгисиз сүрөтчү Тимошенкону боз тулпарга мингизип, «Үч баатыр» деген узуну эки кез келген картина жазат. Көп узабай үчөө тең мыш болуп, орундарынан кол жууп,

Сталинден жеме угуп калышканда ошо узуну эки кез картинаны Кейтель Гитлерге көрсөткөн дейт. Гитлер ошондо чолок мурутун тирт эттире, мыйыгынан кытмыр жылмайып, «Баатырдыгын көрдүк...» - деп койгон экен.

Мына ушундан кийин Сталин Ворошилов менен Буденныйды алдыңкы, мерчемдүү жерлерге жибербей, аскерий кеңешмелерге аралаштырбай, бирин партизандарга командачы кылса, экинчисине резерв армияны даярдатып койду. Бу жаза аз келгенсип, ачуусу келгенде эле Сталин экөөнү жемелөөчү, экөөнөн күчүн чыгарчу. Айла канча Буденный жерден башын албай, күчүн көсөөдөй узун мурутунан чыгарып, кайра-кайра чыйратып кутулса, Ворошилов чычалап, Сталинге каяша айтып, жүзү үндүк тооктун таажысындай кызарып кетчү.

Мына ошол Ворошилов да бүгүн көңүлдүү отурду. Сталин ага бу ирет жакшы мамиле жасап, иш боюнча кандай чатак болбосун, тамашалары да, сырдашы да Ворошилов экенин билгизип, эски досторчо тийише сүйлөдү.

– Ворошиловду көрдүңөрбү... бети тамылжып, ден соолугу мыкты. Анткени, бу дайыма перцовка ичет...

Сталиндин оң ыптасында отурган Ворошилов мыйыгынан жылмайып, оңдоно көчүк күйшөп койду.

Васильевскийдин терең ойго муюп отурганын Сталин сезе коюп, ага көңүл бөлдү.

– Жолдош Васильевский, эмнеге аз ичип, көп ойлонуп отурасыз? Айтмакчы, менин атымдан жолдош Вольскийге рахмат айттыңыз беле?

– Ооба, жолдош Сталин, ооба. Албетте...

Бул мындай болгон эле. Васильевский Сталинград фронтунда баш көргөндү көз, көз көргөндү баш көрбөй болуп жүргөн. Анткени, эки күндөн кийин, тагыраак айтканда, миң тогуз жүз кырк экинчи жылынын он тогузунчу ноябрында Сталинграддын жанында душманга каршы генералдык чабуул башталмак. Кычап турган ушу мезгилде, он жетинчи ноябрда Ставкадан звонок болду, телефондо Сталин:

– Жолдош Васильевский, сиз менен чукул чечише турган иш бар. Тезинен Москвага келиңиз.

– Кантип келем, жолдош Сталин? Бүрсүгүнү чабуул башталат да?

– Москвага сөзсүз келишиңиз керек, анткени көзмө көз сүйлөшө турган сөз бар.

Васильевский дагы бир ирет айтып көрдү, бирок Сталин адатынча айтканынан кайтпады. Эртеси эрте менен Васильевский Москвага учуп келди. Келери менен «Сталин каякта, «ближняя дачада» эмеспи!» деп Поскребышевге телефон чалды. Поскребышев Сталин «ближняя дачада» эмес, ал «на уголокто» сизди күтүп атат деди: «Ближняя дачада» болсо Кунцевде, «на уголокто» болсо, Кремлдеги үйүндө дегенди түшүндүрчү.

Болжошкон убак-саатта Васильевский сырттан кирди. Сталиндин үстүндө Молотов, Маленков, Берия, Микоян жана Вознесенский отуруптур. Сталин баш ийкеп учурашып, отурууга ишарат кылды. Анан өзүнүн иш үстөлүнө асте келип, үстүнөн конверт алып, аны Васильевскийге сунду.

– Биз буерде граждандык согушубузду бүткөнчө, сиз муногу кат менен таанышып туруңуз.

Ушинтти да Сталин Мамлекеттик коргоо комитетинин мүчөлөрү менен чече албай аткан талкуусун андан ары улантты.

Кат Сталинград жанындагы танкалык корпустун генералы Вольский тарабынан жазылыптыр. Болгондо да Сталиндин өзүнө жазылыптыр. Васильевский Вольскийдин блиндажында эле эмес, танкалык корпустун бүт аймагында кечээ эле болгон, анын өзү менен кечээ эле сүйлөшкөн. Анан эмне болду?

Ал минтип жазыптыр. «Кадырлуу жолдош Сталин, бу катты Сизге жазганымдын себеби, кезектеги чабуулдун ийгиликтүү өтүшүнө көзүм жетпей турат. Менин оюмча, колдогу азыркы арабөк күчүбүз менен душмандын катуу коргонуусун жарып чыга албайбыз го деген ниетим бар. Эгер ушул чабуулда жеңилип калсак, анын арты кандай болорун айтуу кыйын, бүткүл өлкөгө эле эмес, бүткүл дүйнөгө, айрыкча душманга шек алдырып, бу чабуулдан кийин немистер, Волгага эле эмес Волганын аркы өйүзүнө өтүп кетеби деген камтама оюм бар.

Вольский».

Мына сага. Мындай олку-солкулугун Вольский кечээ ага эч билгизген эмес. Ага эмне үчүн айтпады экен?

Сталин Мамлекеттик коргоо комитетинин мүчөлөрү менен талаштуу маселесин бүтүп, аларды

узатып, анан Васильевскийдин жанына жакын келип, көзүнө тик карады.

– Ну, жолдош Васильевский, бу кат жөнүндө эмне дейсиз?

– Каттын мазмунуна да, авторуна да өтө таң калып турам...

– Ушу катты окугандан кийин, бүрсүгүнкү чабуул жөнүндө оюңуз кандай?

– Чабуулду так эле белгиленген мөөнөттө башташыбыз керек. Бу чабуул ийгиликтүү өтөрүнө ишенемин.

– А бу кат жөнүндө оюңуз кандай?

– Эч нерсе дей албайм.

– А бу каттын авторуна мамилеңиз жана оюңуз кандай?

– Вольский – корпустун мыкты командири. Ар кандай тапшырманы аткарууга жөндөмдүү жана даяр.

– Ушу каттан кийин, сиздин оюңузча, аны корпустун командирине калтырууга болобу?

Васильевский саамга ойлоно түштү.

– Болот, жолдош Сталин. Анткени, чабуулдун алдында командасын алмаштыруу бүткүл танкалык корпусту зыянга гана апкелиши мүмкүн. Бирок, бу маселе боюнча Вольскийдин өзү менен сүйлөшүп коюу сөзсүз керек.

– А сиз аны менен мени азыр байланыштыра аласызбы, өзүм сүйлөшөйүн?

ВЧ боюнча Васильевский фронттун команда пунктуна Вольскийди тез таап келгиле деп буйрук берди.

Вольскийди тез эле таап келишти. Сталин трубканы алып өтө токтоо, сылык жана жай үнү менен минтти:

– Саламатсызбы, Вольский? Катыңызды алдым жана окудум. Жазган оюңузду эч кимге билдирген жокмун жана билдирбейм. Менин оюмча, сиз өз күчүңүздү өзүңүз баалай албай атасыз. Өзүңүзгө жүктөлгөн милдетти ийгиликтүү аткаруу үчүн бүткүл күч-кубатыңызды жумшайсыз жана жеңишке жетесиз. Мен буга ишенем! Өзүңүзгө коюлган талапты эч жалтактабай аткарууга азыр даярсызбы?

– Даярмын, жолдош Сталин!

– Мен сизге ишенем жана ийгилик каалайм! Кайталайм, катыңыз жөнүндө Васильевскийден башка эч кимге билдирген жокмун жана билбейт. Жакшы калыңыз! – Трубканы коеру менен Сталин Васильевскийге бурулду.

– Вольскийди да түшүнсө болот, жолдош Васильевский. Согуш учурунда, айрыкча чабуул алдында, өтө чарчап-чаалыккандан, кээде нерв козголот, нерв козголгондо адамда өзүнө өзү ишенбөөчүлүк пайда болот. Сиз ага учураңыз, бирок катуу кетпеңиз. Тескерисинче, жеңиш аныкы болорун айтып, менден дагы бир ирет ысык салам айтып коюңуз.

Жеңиш сөзсүз түрдө алардыкы болоруна Сталин ушунчалык ишенимдүү айтканына Васильевский ток пейил тартып, ого бетер өзүнө өзү ишеним байлап, фронтко кайтты. Чабуул так эле белгиленген мөөнөттө башталып, Түштүк-Батыш фронту менен Сталинград фронту душмандын коргонуусун жарып

өтүп, Калач районунда эки фронт кучак жая жолугушту. Вольскийдин танкалык корпусу болуп көрбөгөндөй зор эрдик менен күрөштү. Вольский өзү ок аралап эң алдыда жүрсө да тирүү калды.

Эки армия жеңиш менен Калач районунда жолугушканын Васильевский кубаныч менен дароо Сталинге кабар этти.

Сталин:

– Ушундай болмок... Жолдош Васильевский, Вольский жана анын корпусу кандай согушту?

– Эң мыкты, жолдош Сталин! Алдында кандай күч болбосун, анын танкалык корпусу мойсоп жүрүп отурду!

– Анда мындай кылыңыз, жолдош Васильевский... Фронттон кандай гана болбосун, эптеп бир сыйлык таап, токтоосуз түрдө менин атыман ыракмак айтып Вольскийди сыйлап коюңуз. Ошондой эле ага жаңы анын корпусундагыларга берилүүчү сыйлык даярдалып атканын эскертип коюңуз.

Кан түтөгөн майданда кандай сыйлык табууга болот? Васильевскийдин немецтик «вальтер» пистолети боло турган. Сталиндин дубай саламын айтып, ага Васильевский «вальтер» пистолетин сыйлык катары сунганда Вольский анын көкүрөгүнө боюн таштап, болоктоп ыйлап ийди.

– Жолдош маршал, Сталинге менден ыракмат айтып коюңуз! Жеңиш үчүн өлүмгө даяр элем. Ок аралап алдыда жүрдүм, бирок бир да ок тийбеди. Анткени кайда жүрсөм Сталиндин телефондогу үнү угулуп турду...

– Жолдош Васильевский, сиз эмне бүгүн мынча ойлуусуз? – Ойго муюган Васильевский селт эте башын көтөрсө бет алдында Сталин туруптур. – Чарчагансыз го... – Сталин отургандарга кайрылды. – Жолдоштор, Васильевскийдин Сталинград фронтундагы эмгеги зор. Келгиле, анын ден соолугу үчүн ордубуздан туруп, чөйчөк алып коелу?

Баары дүркүрөп орундарынан турду. Васильевскийдин ден соолугу үчүн алышты. Айтмакчы, ушу кечи кимге гана жакшы сөз айтылбады. Ким үчүн гана чөйчөк алынбады. Бирок топ ичинен эки адам айрыкча бүгүнкү күндүн чыныгы баатыры катары бааланып, экөө айырмаланып турду. Душман Москвага чукул кирип келгенде Сталин Генералдык штабын терең оорукка эвакуация кылып, өзү душманды качыра тиктеп, өлүмгө баш байлап, өлкөнүн толтосу Москвадан кетпей, окоптогу жоокерден баштап, ооруктагы элге чейин үлгү болуп, алардын духун көтөрүп баатырлык кылса, Жуков босогого кирип келген душмандын тишин чагып, артка сүрүп салышы менен баатырлык кылган эле. Мына эми, ошо Москва алдындагы майданда эле эмес, кечээги Сталинград алдындагы майданда да бири теоретик, экинчиси практик катары көптүн ичинен айырмаланды.

Тирүү пенде канчалык акылдуу, канчалык эрктүү болбосун, башынан мансабы тайып, ооматы башкага оой баштаганда баары бир пенделигин кылып, ооматы оогонго ичи тарып, өзүнөн өзү кыйналып, өзүнөн өзү чөгө баштайт.

Сталин ага канчалык көңүл бөлбөсүн, Ворошилов бүгүн дал ушундай абалда отурду. Сталин Жуков сыяктуу жаш маршалдар менен кетип, алар менен маселе чечип, алар менен пикир алышып, ал эми мурунтан Сталиндин өйдө болсо өбөгү, ылдый болсо жөлөгү болуп келген өзүн жалгыз аяк жолдо, жалгыз-жарым калып кеткендей сезди. Мындан беш жыл эле илгери Сталин аны менен абдан ынак эле. Башкага айтпаган оюн ага айтчу. Азыркыдай элдин көзүнчө ачык кагууну кой, аны туу башы катары мамиле жасачу. А кезде тынчтык мезгил эле. Азыркыдай күнү-түнү иштөө кайда. Кээде түшкү тамактан кийин чогулуп, Сталин менен чикит же биллиард ойношчу. Сталин чикитти жакшы ойночу. Таякты тизилген балдактарга мээлеп туруп, капталдата урбай, кылыч көтөргөнсүп, төбөсүнөн ашыра тик кармап, анан күчөнбөй, жеңил шилтеп калганда тизилген балдактар бадырай чачылчу. Бир ирет Сталин, маршалдар өзүнчө, гражданддар өзүнчө эки топ болуп ойнойлу деп сунуш киргизип калды. Гражданддыктардан Молотов, Маленков, Каганович, ал эми маршалдардан Ворошилов, Буденный, Шапошников баш болгон топ түзүлүп, Сталин маршалдар тарабында ойноду. Эки жолу ойноп, эки жолу тең маршалдардын тобу утулуп калганда Сталин чындап эле капа боло кол шилтеди.

– Таяк кармай албаган маршалдар мылтык кармай алабы... Ойнобойм силер менен!

Биллиардды да Сталин кыйла жакшы ойночу. Шашылбай, так мээлеп туруп, анан тарс урбай, акырын чик эттире таамай уруп, кээде катар коюп

кабатынан киргизчү. Бир ирет Шапошников экөө Берия менен Маленковго каршы ойноп жеңилип калды. Тигил экөө тең мыкты ойночу. Экинчи ирет жеңилип атканда Сталин кийди доскага ыргытып салды да Шапошниковго нааразылана сүйлөдү:

– Борис Михайлович, сиз мени уят кыла турган болдуңуз... Сиз менен экинчи ойнобойм!

Согуш талаасын кой, кээде оюндан жеңилгенде эле ал ушинтип туталанчу.

Ворошилов бара-бара Сталинди башкаларга кызгануу болду. А кызганган киши анын жамандыгын издей баштайт. Өзүнчө ичинен ойлоно калат. Ооба, Сталинди канчалык сыйлабайлы, канчалык баалабайлы, канчалык даңктабайлы, баары бир ал мерез. Өз аялына жакшылык кылбаган өңгөгө жакшылык кылабы? Өлкөнү башкарган адам акак таштай болуу керек эле да! А бул бүлөсүнөн бузулган, ынтымак күтө алган эмес. Ошон үчүн аялы өзүн өзү атып салган. Бүлөнү башкара албаган өлкөнү башкара алабы? Муну ошо отуз экинчи жылы эле ордунан алыш керек эле.

Сталиндин таш боор, мерездигин Ворошилов дагы бир окуядан улам билет. Отуз үчүнчү жылы Ворошилов Украинага командировкага барып калды. Поезд кайсы бир бекетке келип токтоп, сырттан жаш баланын жалынган муңдуу үнү угулду. Ворошилов ордунан ыргып туруп, терезе алдынан инисин жетелеп, «нан, нан, агабай нан» деп турган секелек кызды көрдү. Бет алдында секелек эле эмес, көздөрү

чарасына баткан ач арбак турду. Ошол эле жерден таштандыларды шимшип жүргөн илмейген балдарды көрдү. Москванын дүкөндөрүндө азык-түлүк толуп турса, Украинаны ачарчылык басып турганын ошондо өз көзү менен көрдү. Ушундан улам Украина ССРинин Борбордук Комитетинин биринчи секретары Терехов жардам сурап Сталинге кайрылганда, ал Тереховдун сөзүн бөлүп:

– Жолдош Терехов, сизди жаагын жеген чечен деп уктук эле. Көрсө, сиз чечен эмес эле, апыртма жомокчу турбайсызбы. Украинаны ачарчылык басты деп апыртып, бизди чоочуткуңуз келет. Чочубайбыз! Бизди чочуткандан көрө биринчилик орунду бошотуп, балдар жазуучусу болуп кетсеңизчи. Тынч отуруп апыртма жомок жаза бересиз, а акмактар окуй берет!

Ворошиловдун көзүнчө Сталин Тереховго ушул сөздү айтканда ал баягы ач арбак кызды көз алдынан элестеткен. Бирок айта алган эмес. Э-эх, Ворошилов кезинде көп нерсени ага айталган эмес. Анын айыбы да, күнөөсү да дал мына ушунда.

Кеченин эң аягында Сталин кайрадан сөз алды. Маршал, генералдарына ден соолук, ийгилик каалады. Коноктор кетери менен анын үстүнө кызы Светлана кирди. Көздөрү жайнап, кубанычы турпатына батпай, бутунун учу менен шырп алдырбай келип, атасынын моюнуна асылды. Көңүлү чак тартып турган Сталин ого бетер жүзүнөн шамы төгүлүп, он жети жашка чыгып, жаңы эле бой жете баштаган

татына кызынын өтө төгүлүп жагалдана эркелегенине жүрөгү ого бетер жылып, ушундан улам өзүнчө «адатта ашкере төгүлүп минтип эркелечү эмес эле, эмнеге минтип калды? Сталинград алдындагы жеңишке сүйүнүп атат го? Сүйүнсүн. Бүт өлкө, бүт дүйнө сүйүнүп аткан жеңишке бу да сүйүнсүн» деп ойлоп, кызынын ээгинин асте жыттап боорсоктой татына колун сылагылай, акырын минтти:

– Сетенка-хозяйка... сен бүгүн абдан кубанып турасың, эмне жаңылык болду?

– Айтайынбы?

– Албетте?

– ??

– Эмне унчукпайсың?

– Айталбай атам...

– Эмне үчүн?

– Билбейм...

– Сен менден эч сыр жашырбоого тийишсиң... Маркум апаң тирүү болсо, биринчи ага айтат болчусуң... Ырас, ал жок болгондон кийин мага айтууга тийишсиң.

– Айтмакчы... Мамам эмне үчүн өзүн өзү атып салды эле?

– Бу жөнүндө сураба дебедим беле?

– Эгер сиз чынын айтсаңыз экинчи сурабайм...

– Күнөө экөөбүздөн тең кеткен...

– Сиздин күнөөңүздү билем, а мамамдын күнөөсүн билбейм...

Сталин бир саамга тунжурай түшүп, анан ордунан акырын туруп, үстөл үстүндө жаткан канжасын алып, анын учу менен мурутун сылай терезе тарапка басты.

– Менин күнөөмдү билгениң жакшы. Айтчы ошо күнөөмдү?

– Сиз мамамды Бухаринге кызганчу экенсиз...

Ойдо жок нерсени айтканга, бу эмне деп атат дегендей ичинен Сталин бир алдын таңдана селт этип алды. Анан мыйыгынан күлүп, кызынын жанына басып келди.

– Ким айтып жүрөт минтип?

– Айтпайм...

– Мейлиң... айтпай эле кой... Ким айтса да туура эмес айткан. Мен аны эч кимге, эч качан кызганган эмесмин. Кызгана тургандай ал мага шек кылган эмес. Бирок ал Бухариндин саясий позициясын жактап сүйлөгөнү чын. Мен аны бир нече ирет эскертип саясий чатакка аралашпоосун өтүнгөм, бирок болбоду... Анан... акыркы ирет катуу айтчымын, бетке айтчумун.. а анын күнөөсү билинбей туруп, түшүнбөй туруп саясий чатакка аралаша берчү...

Кызы ойлуу тунжурап, эми эле атасы отурган креслодо отурду. Сталин анын желкесинен сылады.

– Сетенка, сен мага бир нерсе айтам дебедиң беле?

Азыр эле телмире ойлуу отурган Светлана кайрадан жүзүнө күн тие жарк этип ордунан турду.

– Айталбай турам...

– Эмнеге? Жамандык болсо бир жөн... Жакшылыкты тартынбай айта бериш керек.

– Анда айтайын, бирок кулагыңызга.

– Мейли...

Креслодо отурган атасынын артынан жайдарылана кучактап, анан кулагына минтип шыбырады.

– Атаке, мен сүйүп калдым...

– Кимди?

– ??

– Эмнеге унчукпайсың? Айт, кимди?

– Каплерди... Алексей Яковлевич Каплерди...

Сталин эки ийининде жаткан кызынын эки колун акырын түртүп ордунан турду.

– Кинодраматург Каплерби? А билесиңби ал сенден канча жаш улуу?

– Билем... Жыйырма эки жаш.

– Сен он жетиде, а ал отуз тогузда...

– А өзүңүзчү? Сиз деле мамамдан жыйырма эки жаш улуу болгонсуз...

– Мен революционер болчумун, а Каплер ким, билесиңби?

– Ал таланттуу кинодраматург... Ал сизди өтө баалаган акылдуу киши.

– Баары жалган! Каплер ал – Англиянын шпиону!

– Жалган! Мен аны сүйөм!

– Сүйөсүңбү? – Сталин кызын жаакка жеңил эки чапты. – Кан төгүлгөн согуш жүрүп жатса, а бу сүйөт имиш! Сүйүп калган имиш!

Көздөрүнө жаш толо түшкөн Светлана шарт бурулуп, сыртка чыга жөнөдү.

Ачуусу көзүндө кайнаган Сталин тез-тез дем алып, ары-бери басып турду.

* * *

Поезд Фрунзени көздөй шакылдап келатты. О, үргүлөйүн туулган Жер, өзүңдү кайра көрөр күнүм бар экен ээ! Өз жеримде ичер суум бар экен ээ!

Бет алдымды сугула тиктеп, поезд терезесинин жанында ары-бери басам. Мен жеңил жаралуу элем. Анткени, колум моюнума асыла таңылганы менен бутум соо, басалам. Ал эми буту-колунан ажырап, томолонуп жаткандар канча? Э, кудай ушунуңа шүгүр! Өз оюн бербеген кежирликтин зыянынан да пайдасы көбүрөөк бейм? Госпиталда жатканымда хирургдар бычагын жалаңдата кайрап, колумду кесип салмак болушту, а мен кестирбедим. Кежирленип эле кестирбей койдум. «Мен сүрөтчүмүн, а сүрөтчүгө кол керек». «Оор жара сенин сүрөтчүлүгүңө карабайт, эгер кестирбесең баары бир чирип түшүп калат». «Анда айла жок, бирок азыр кестирбейм.» Зордой алышпады, зордоого укуктары жок. Эмне болсоң ошо бол дештиби, жүздөгөн жарадарларга кошуп, оорукка айдап ийишти. Колум кесилбей айыгарына эмнегедир ишенгем, а ишеним мени көп учурда алдачу эмес эле...

Поезд Фрунзени көздөй шакылдап келатты. Колум болор-болбос ноюп, өтө кыйналбай, акырын ооруйт. Россиянын кайсы бир сазында денемден бөлүнүп ыргытылып калбай, моюнумда асылып, мени менен келатканына ыраазы болгонсуп, мени аягансып,

кыйнабай ооруйт. Арыс бекетине келгенде мага окшогон басып жүргөн, тың жарадарларды Фрунзеге кетчү товар поездине салып ийишти. Жол азабы өтө кыйнады го. Өз үй, өлөң төшөгүң көздөн учат. Уулдуу болгонумду кат аркылуу уккам. Сүйүнгөм. Аябай сүйүнгөм. Уядан жалгыз киши уулдуу болгондо бу байкуш жер кучактап сүйүнөт экен. Көзүнө жаш алып сүйүнөт экен. Мен ошенттим.

Мына, эми үйүмдүн жанындамын. Мындан жүз жыл мурун кеткенсип чочуркап турам. Короо негедир жымжырт, эмне үчүн мынчалык жымжырт? Эч ким көрүнбөйт да?

– Багира!.. Багира!..

Багира деген овчарка итим бар эле, ал кайда кеткен? Каалга сыртында кулпу жок, демек, үйдө бирөө бар. Азыр эшикти шарт ачып кирем да Апитайымды көрөм, ал уулумду көтөрө ыргып туруп, моюнума асылат. Бол ач, тезирээк ач! Түртсөм, ичинен илинүү экен. Тыкылдаттым, дале жымжырт. Чыдабай кетип, зоңкулдай үн салдым.

– Э-эй, үйдө бирөө барбы! Айтиев Гапар деген жашайбы?

Кимдир бирөөнүн шөлп-шөлп баскан даремсиз дабышы ичкериден угулду. Басышына караганда же кемпир же жаш бала. Аңгыча эшик ичинен ачылып, бир ууч болуп картайган жөөт кемпирдин жүзү көрүндү. Картайганы ушунча, мурдунун учунан бери бырыш. Оюм онго бөлүнө түштү.

– Эне, буерде Айтиев деген жашайбы?

– Жоок... Айтиев фронтто өлгөн.

Гм... Бу эмне дегени? Тирүү, болгондо да алдында турган Айтиевди өлдү дегени эмнеси? Көңүлүм муздай түштү.

– А бүлөсү кайда?

– Көлдө... энесиникинде.

Төбөмө таяк тарс дей түшкөнсүдү, артыма бурулдум. Кан майданда кармашып тирүү кайтсам, дурустап тосуп алар эч кимим болбоду. Көчөдө эл аз, болсо да чал-кемпир, бала-чака. Кайда барам? Үйлөнгөнгө чейин өжүрөсүндө турган Василий Демашко деген жакшы санаалашым бар эле, дос-туугандарымды коюп ошонукуна жөнөдүм. Көңүлүм негедир ошонукуна тартып түз эле ошонукуна бардым, Демашко үйүндө экен.

– О, Гапар, это ты? Вот-те на! Ну, проходи дорогой, проходи!

Айрыкча алыстан келгениңде, арып-ачып келгениңде кимдир бирөө мына ушинтип каш-кабагын жазып тосуп алса, жеңилдей түшөсүң, эреркей түшөсүң, адамга көп эмес, ушул эле керек...

Демашко мени чоң дагарасына жаш баладай отургузуп алып жарадар колумду кайдагы бир ар кыл элдик дары чөптөрдөн жасалган суюктук менен эмдеп жууду. Уулум да сага окшоп эсен-соо келсин деп, уулу Ивандын күрмөсүн кийгизип, бир чүтөк арагы бар экен ичирип анан ак шейшепке жаткырып койду. Бейиш. Мындай бейишти көптөн бери көрө элек элем. Адамкерчилиги зор, ак пейил Демашкону

ичимден миң ирет алкап, анан тарс уктап кетипмин. Түшүмдө түнү бою согуш кирди. Адам каны дайра болуп агып, муруттары сырайган эрлер, азуулары арсайган аргымактардын өлүктөрү боо түшүп жатат. Сокудай снаряд дал үстүмө келип жарылганда чочуп ойгондум. Көрсө, мени жууган Демашконун текчеде турган темир чөмүчүнө мышыктын куйругу тийип, жерге түшүп кеткен экен.

Эки күн тырп жатып үчүнчү күнү көчөгө чыктым. Сүрөтчүлөр союзуна барбадым, анткени эмгиче же союздун туруктуу имараты же аерде иштеген сүрөтчүлөр жок эле. Чыгармачыл топтун ордосу Жазуучулар союзу болучу. Мурдагыдай эле көңүлүм ошоякка тартты. «Ала-Тоо» кинотеатрынын бет маңдайында жайгашкан типографиянын экинчи кабатына көтөрүлдүм. Жазуучуларга ушерден эки-үч бөлмө бөлүнгөн эле. Кудай жалгап Аалы Токомбаев өзүндө экен. Ал мени көрөрү менен ордунда селдейди, эмнеге антет, билбейм, анан көргөн көзүнө ишенбей орунан турду.

– Ой, сен Гапарсыңбы?

– Гапармын... Минтип жарадар болуп келип калдым, Алыке.

Ал мени кучактады.

– Өмүрүң узун болот экен, Гапаш...

– Ажалдын арасынан келгеним үчүн ажал эми жакын-арада мага жолобойт деңизчи?

– Ылайым эле ошондой болсун, бирок минтип айткандын башка себеби бар, Гапаш. Отур!

Үстөлүнүн тартмасынан менин сүрөтүмдү жана «Айтиев Гапар Сталинград алдында баатырларча курман болду» деген кара кагазды алып чыгып, мага сунду. Дале көргөн көзүнө ишенбей, толкунданып турду.

– Туугандарыңа кантип угузаарымды билбей шайым кетип атты эле, өзүң келип калып жакшы болбодубу.

Көрсө мындай болуптур. Мени менен согушкан Жайлоого «Гапар Айтиев, Фрунзе» деп артына жазылган сүрөтүмдү эстеликке берген элем. Ар курман болгондо чөнтөгүнөн менин сүрөтүм табылып, Гапар Айтиев курман болду деп туура эмес кагаз келген. Баш көргөндү көз көрбөгөн бул салгылашууда ким жарадар, ким өлгөнүн так, даана иликтөө кыйын эле. Ойго төнүдүм. Көрсө, мени эбак эле көмүп коюшкан тура. Мейли, Алыкем айткандай өмүрүм узак болот экен, мартабам бийик болот экен. Сырттан Жоомарт кирди, мени көрүп көзүнөн чанагы чыкты. Кучак жая мени көздөй басты, басканда жүзүнөн таңыркоо эмес, кубануу төгүлдү.

– О, кел...

Суз учураштым.

– Келдим... Ыя, Жоке, ушу маалга чейин сен да фронтко бара элексиңби?

– Жок, Гапаш, мени калтырып коюшту... кетип бараткан жеримден калтырып коюшту.

– О-о, анда сен кымбат баа кишилердин катарында турбайсыңбы, - бу сөзүмдү Токомбаевге да келтирип

айттым. А бизге окшогон арзан баа кишилер фронтко барып өлүп, өлгөндөн калгандарыбыз минтип жарадар болуп кайттык.

Нары ачуу, нары жүзүнө карабай шалп эттире ачык сүйлөп коёрумду Жоомарт билчү. Сөз катуу тийсе да сыртынан бапыраңдай жаркылдап, ал акыбалымды сурап кирди, анан аягында минтти:

– Гапаш, кечинде Аалыкем менен келип үйдөн чай ичип кет, мейлиби? Аман-соо келген башыңды куттуктап коёлу.

– Колумдан катуу жарадар болгом. Бүгүн шаардык аскер госпиталына жатышым керек.

– Бир күндөн эч нерсе болбойт. Эртең өзүбүз жаткырабыз.

Ажалдын арасынан келген киши анча-мынча оорудан коркпой калат экен. Врачтардын «колуң чирип түшүшү мүмкүн» дегенине карабай бейгам жүргөнүмө таң калам. Көлдөгү бүлөмө бүгүн же эртең жете албайт көрүнөм, анткени ооруканага тезинен жатышым керек. Анын үстүнө ал жака барууга унаа жагы тартыш, машине түгүл араба жүрбөйт экен.

Кечинде Жоомарттыкына келдим. Аалы, Түгөлбөй экөө тең орундарынан тура калып, Алыкул экөөбүзгө кол беришти. Алыкул менен Түгөлбай оорулуу болгонуна байланыштуу фронтко барбай калышкан. Муну ооруктагылар катта жазышкан эле. Экөөнүн тең өңү жакшы эмес. Айрыкча Алыкулдуку. Учук оорусу ого бетер күчөгөн көрүнөт. Анын үстүнө кызы өлүп, аялы чыгыштык кылып бир үйдө коколой башы жалгыз

экен. А сыртта чыкылдаган ачарчылык. Фронтто иш башка, эгер жоокерлер курчоодо калбаса, артынан талаа ашканасы ээрчип жүрөт. А буерде эптеп күн көрмөй экен. Дүкөндөрдө эч нерсе жок, а базарда кымбатчылык. Жоомарттын жоро-жолдоштору көп, таланттуу кишилер жашоого эпсиз болчу эле, а бул таланттуу да, эптүү да. Бир казан эт салып бизди чакырыптыр. Спирти да мол көрүнөт. Эт алдыга коюлуп, чөйчөктөрдү колго алганыбызда Аалыке сөздү бөлдү.

– Анда, жолдоштор, тынчтангыла... Согушта курман болушкан арабызда азыр жок жолдошторубузду эскерип коелу.

Бир мүнөт аза күтүп, анан алып ийдик. Кызып алганда мен ого бетер бетке айтармын, кээде обу жок курч болуп кетем.

– Аалыке, Жокеме брон келиптир, бу жакшы. Ок талантка карабайт, а талант күнүнө эле төрөлө бербейт. Мукай менен Жусупту деле брон менен алып калсаңар болмок!..

– Ошону мен ойлободу дейсиңби. Белгилүү маданият жана адабият кызматкерлерин брон менен алып калуу закону чыккан учурда Мукай менен Жусуп фронтко кетип калган болучу. Чакыртып алалы деп бирок каерде, кайсы фронтто жүргөнүн биле албай койдук.

– Жусуп го эрте кетти, а Мукайчы? Мукай кийин кетпедиби?

Мукайга Москвадан брон келген жок...

– Союздун атынан өтүнүч кат жибербесеңер, албетте, келбейт...

Аалы үндөбөй калды. Эгер эле үндөсө сөз ого бетер ырбаарын түшүндү. Эки оорулуунун – Түгөлбай менен Алыкулдун ортосундагы төрт орунда, бир салар түшөк үстүндө чыканагына зор жаздык жазданып, тай жеген бөрүдөй суналып жатат. Батышта кан төгүлүп, сыртта ачарчылык күчөп турган чакта анын минтип жатышы, токпейил тартып чиренип жатышы мага жага бербей, «Э, Аалыке оголе көп алдуу-күчтүү, бирок таланттан кудай айтпаган борбордогу кишилер эмнеге согушка барбай калган? Деги алар өзү ким? Кудайбы? Жер айдап, колу менен нан жаратпагандан кийин булардын буерде эмне кереги бар эле?» дегим келет. Бирок анте албайм, анткени Аалыке жаш болсо да топ кыргызга, айрыкча кыргыз адабиятына баш болуп калган киши. Түгөлбайдан төмөнүрөөк отурган Алыкул күрс-күрс жөтөлөт. Жөтөлгөн сайын башын артына бура салып, бет аарчысына жөтөлөт. Корунуп, астейдилденип жөтөлөт. Тенти леп эте сырттан кире калып, кыдырата чай ооштуруп куят. Жоомарт көп конок күтүп, көп конок узатканга Тенти азыр дасторкон ишине, меймандарды тейлөө ишине кыйла дасыгып калган. А Жоомарт болсо бакылдап, үзүлгөн сөздү улап, бүркөлгөн кабакты жазып, тамагынан ичимдиги, ичимдигинен пейили төгүлүп көңүл мол, дасторкон мол.

– Узакбайдан кечээ кат алдым. Сени сурайт, Гапар согуштан келдиби, деги тирүүбү дейт.

– Айтмакчы, андан мен бүгүн кат алдым. – Аалы чөнтөгүнөн үч бурч конверт алып чыкты. – Кааласаңар окуп берем.

– Кантип каалабайлы, окуңуз. – Ичимдикке нан малып оозуна салып Түгөлбай.

«Аалыке, сагынып салам жиберем. Катыңды алдым. Союзга төрагалыкка келгениң жакшы болуптур. Адамдын ким экени бийликтен сыналат, а сен биз үчүн сынаакысың, калыссың. Кат алганымда анда жазылган ар бир сөз эле эмес, а түгүл каттын кагазы Ала-Тоонун атыр жытындай сезилет. Согушта өз эл, өз жеринен кат алуу бу зор кубаныч, зор бакыт, муну кан кечип, согушуп жүргөн жоокер гана түшүнөт. А биздин эл кат жазууга кашаңыраак келет. Жазышса да чоркок, супсак жазышат, а сен жүрөк козгоп жазаласың.

Жусуп, Мукай, Гапар ж.б. азыр кай жер, кайсы фронтто жүргөнүн ачык жазбапсың. Жекенди уктум, курман болуптур. Укканымда жүрөгүм мыкчылып, көзүмө жаш тегеренди. Кантели, бу согуш. Ким билет, эртең болбосо бүрсүгүнү мен да бир октун олжосу болормун. Мени өлүм коркутпайт, сөөгүм буякта калып, Ала-Тоону экинчи көрбөй калуу коркутат! Аттиң ай, бир келчү өмүрдө, атам көрбөгөн немисти өлтүрүп, же анын колунан өлүп калуу бу не деген өкүт?!.

Аалыке, баягы Узакбайың жок. Тынч мезгилде жашаган он жылдык өмүрдү согуш бир жылда үйрөтүп коет экен. Жаш адамды кексе, кексени пайгамбар акылып коет экен согуш. Анткени, согушта өлүмдү

да, чучук сыздаткан кыйынчылыкты күн алыс эмес, күнүнө көрүп турасың. Кечээ эле окопто отурган жолдошуң бүгүн жок. Адам эмнеси менен бактылуу? Акыл-эси менен адам болуп төрөлүп калганы менен бактылуу. Эмнеси менен бактысыз? Эртели-кечпи өлөрүн билери менен бактысыз. А айбанчы? Айбан – айбан болуп төрөлүп калганы үчүн бактысыз да, өлүмдү билбегени менен эртеби-кечпи өлүп каларын сезбегени менен бактылуу.

Орол шаары так эле биздин Балыкчы шаарынын өзү экен. Шамал, кум. Анын бул катаал шарты кээде жадатса, кээде Балыкчыны эстетип, кубантат.

Ташым, Абдыразак, Мукай, Зияш, Тазабектер кайда? Гапардын адресин жибер. Жусуп барбы? Жоомарт, Түгөлбай, Алыкул, Кубанычбек, Чекменев, Кырбашевдер эмне кылып жүрүшөт?

Азыр саат сегиз болду. Эртерээк уктоо керек, анткени таңкы саат төрттө чалгынга жөнөйбүз. Ар дайым Манастын арбагы, Ала-Тоонун деми колдосун. Тирүү калсам өзүм үчүн эле эмес, элим үчүн пайдам көбүрөөк тиер деп тилейм.

Анда эмесе кайыр кош! Кат жазып тур жана менден кат күт. Посылка кылып кагаз салдыр. Моюнуңдан кучактап

Узакбайың».

Жоомарт толкунданып кетти. Мындай учурда таноолору дердеңдеп, көздөрү ойноп, ого бетер жүзүнөн шамы жана түштү.

– Узак эл-жерди, бизди сагынып жазыптыр. Ага арнап жазган ырымды айтып берейин.

Атылып тоодон секирген
булагың эстеп жүрөмүн.
Таң менен шашып ышкырган,
уларың эстеп жүрөмүн.
Аскадан аркар көтөргөн,
кырааның эстеп жүрөмүн.
Чымчыктар сайрап отурган
чынарың эстеп жүрөмүн!

Мөндүрлөй төгүлгөн бул ыр кечээ эле майданда жүргөн күндөрүмдү, эл-жерге болгон кусамды эске салды. Жоомарт тармал чачын артына экчей берип, аккан өзөндөй кайрадан күпүлдөп коё берди

Сел алса кетпес эсимден
Селкилер менен каткырып.
Селкинчээк тепкен күндөрүм.

. . . . . .

Жоомартты Алыкул ойлуу отуруп, өтө эле толкунданып кетпей отуруп, бир калыбында, бир сынында отуруп укту. Тамак ичилип бүткөн соң алдындагы кашык-аягын асте алып, биз сөзгө катуу алаксып калган кезде ордунан акырын туруп, сыртка чыгып кетти. Анын артынан эле удаа туруп, эшикке барып, ашканада Алыкул өзү тамак ичкен кашык-аягын кайнак суу менен чайкап атканын көрдүм. Конок-тордун үстүнөн чыккан Тенти аң-таң боло түштү.

– Алыке, бу эмне кылганыңыз...буларды мен өзүм эле...

– Оорум жукпасын, Тентибай...Үйдө бала-бакыра бар... – Алыкул муну ушундай болуш керек дегендей гана камырабай айтып, анан ичкери кирип кетти.

Эртеси шаардык аскер ооруканасына жатып, эки ай өтпөй айыгып чыктым. Баарынан кызыгы кесебиз деген колум кесилбей эле айыгып кетти. Бу дүйнөгө экинчи төрөлгөндөй болдум. Ушундай зор апаатта алты саның аман, анан да тирүү калуу – экинчи төрөлүү эмей эмне?

Айыгарым менен Ысык-Көлгө аскер комиссариаты кылып жиберишмек болду, бирок болбой койдум. Кызык, эмне үчүн менин сүрөтчүлүгүмдү эмгиче баалашпайт, баалагысы да келишпейт? Аскер комиссариаттыгына көтөрүп, чоңойтуп, көңүлүмдү алгылары келет, мунусуна ыракмат, бирок менин көңүлүмдү албай эле, тескерисинче, кайра шагымды сындырып, мен максат туткан сүрөт өнөрүн корлоп, кемсинтип атышпайбы? Нары күлөсүң, нары күйөсүң! Сабаты жок эл ушу да. Талантты баалабай, чоңдукту баалашат. Адам болуу деп акылы, жөндөмү болсо-болбосо деле чочоңдоп эл башкарууну, чоң болууну түшүнүшөт.

Ооруканадан чыгарым менен үй-бүлөмө жетүүнү дегдедим, аялымды, баламды көрүүнү эңседим, туула электе фронтто жүрүп, атын койгон Сатарымды көрүүнү дегдедим. Ысык-Көлгө, андан нары Тоңго барууга тийишмин, баары фронтко кетип, буерде эптеп-септеп жашамай экен. Кудай жалгап, жүк ташуучу машине менен Балыкчыга жеттим. Үтүрөйгөн Балыкчы ого бетер үтүрөйүп, ашканаларын

бирөө тоноп кеткенсип, өзөк жалгарга эч нерсе жок, чөнтөгүмдө акча туруп, кезээрип ачкамын. Элдин шалпы бош. Жылаңайлак, жылаң баш, жөө жалаң, көздөрүндө муң. Вай-вай-вай! Фронтко караганда тылда жашоо кыйын экен-ов!

Балыкчыдан ары Тоңго жеталбай, жол боюнда унаа күтүп бир күн отурдум, күнү-түнү кезерип, эринди бек тиштеп, чыдап отурдум, көчө боюнда түнөп чыктым. Жок! Дале жок унаа! Айлам кетти. Жиним келип, көзүм талып, башым зыңылдап чыкты. Эми эмне кылам? Бүгүн да көчөдө түнөймүнбү? «Э, кудай, бүлөмө бүгүн жеткире көр мени! Жеткире көр!» Кудайдан чындап тилесең эле берет, берет кудай! Кечке маал, чын эле, жаныма бир аксакал басып келди.

– Байкоомдо аскерден келген азамат көрүнөсүң?

– Ооба, фронттон.

– Кечээтен бери турасың кезерип... Аскер кийимин чечпесең, кечээ эле кетип калмаксың. Кайда барасың?

– Тоңго.

– Анда иш оң келди. Мен буерде бочто тартам. Эртең Тоңго барам. Бүгүн меникине жатып ал да, эртең мени менен кет.

– Ырахмат, аксакал. Кан жол эмеспи, жок дегенде бүгүн унаа чыгып калаар...

– Чыкпайт. Чыкса да албайт. Аябай жүк жүктөлүп, анан кем каттаган машине көрүнгөндү ала бербейт, аскер кийимиң болсо бир жөн эле. Кечээтен бери

зарыгып турганыңды көрүп, боорум ооруп, атайы басып келдим. Жүрү...

Ысымы Сасыков аталган бу киши көптү билип, көптү көргөн, нары сөзмөр, нары март адам экен. Окумал, маданияттуу, мартабалуу киши болсо минтип жети атасын билбеген бейтааныш мени ээрчитип келип, жакшы тамагын берип, жакшы төшөгүн салып, жакшылык кылбас эле. Дале болсо маданият, адамгерчилик-элеттиктерде, шаардыктарды тоюндуруп-топуктурган дыйкандарда.

Эртеси учкашып-чиркешип, Тоңго келдим. Кайын энемдин үйүнө жеткире койбой жолдон эле кемпирчал, жаш балдар тегеректеп алды.Баары тең тумоодон эми айыккандай кебете-кешпирлери кетип, жүдөө, көздөрү мунду. Фронтко караганда Фрунзе, Фрунзеге караганда Балыкчыда, Балыкчыга караганда Тоңдо ачарчылык катуу экени дароо эле баамга урунат. Канчалык элдин калың катмарына тереңдеген сайын согуш апааты айрыкча элет жерине тереңдеп киргенин, согуштун бүткүл жүгүн согушуп жүргөндөр эмес, мына ушул оорукта жүргөндөр көтөрүп турганы байкалат. Тигине аялым! Апийтам! А колундагы –уулум. Өзүн көрө электе атын коюп кеткен уулум. Апийта мени көрөрү менен чуркап келип, боюн көкүрөгүмө таштады.

– О, Гапар! О, кудай, өңүмбү-түшүмбү!

Сени күткөн, күткөндө да жөн эле күтпөй, элесиңди жүрөгүндө кошо күткөн кишиң болсо, бакыт деген эле мына ошол экен го? Эгер үйлөнбөсөм,

минтип менден туяк төрөлбөсө, жатындаш жакыны жок мени ким минтип тосмок? Жакын жоро-жолдош а-буну сурап, жарым бөтөлкөнү бөлүп ичип кеткенге гана жарайт. А андан ары өзүң менен өзүң каласың. Мындай учурда өзүңдүн кыйбас кишиң болуш керек. Менин кыйбас кишим – уулум, аялым! Аялым энеси менен ушердеги орто мектепте мугалим экен. Душман так алкымга бычак такап турган чакта, бүгүнкү өмүрлөр эртең эле ок учунда учуп жаткан чакта – мектептерде балдар окуп, талааларда торгой сайрап, эгин бышып, мага окшогон жалгыз-жарым жоокерлерден перзент төрөлүп атышы бизге ого бетер шык берип, көңүл өрөпкүтүп, күрөшкө чакырат экен го. Согуш бу убактылуу, а жашоо-турмуш түбөлүк экен го. Бакытым, кубанычым – уулум. Өз каным, өз жаным. Бу өмүрдөн көзүм өтүп кетсе, Айтиев деген атымды, атадан келаткан канымды улантар ушу. Мени таңыркай тиктей калып, анан жылмың этип күлүп койгонуңдан сенин! Көрсө, мен сүрөт тартууга же согушууга эле эмес, ата болууга да жөндөмдүү турбаймынбы! Чорбо-чочогунан өөп-жыттап, бала жытын дүйнөдөгү эч бир жытка тең келбесин да билип, сезүүгө жөндөмдүү турбаймынбы!

Ажал отунан аман-соо келгеним үчүн төө союуга даяр турган кайындарым, төө түгүл чычкак улак соё алышпады. Муну эмнеге айтып атам? Те көңүл тереңинде таарынычым бар сыяктанып аткан жокмунбу? Жок! Жок! Эл өзү өзөрүп, а түгүл ак шишик болуп өлүп атса, тырмап-тыталап жерден өндүргөнүн фронтко жиберип атканын өз көзүм менен көрдүм. Айрыкча,

Орто Азия, Казакстан, Кавказ болбосо фашизм менен мынчалык таймаша албасыбызга чындап көзүм жетти. Белиңде токочуң болбосо, жоону басып эмес, бир белес ашып көрчү! О, береке-көркү төгүлгөн жерим! Аман-эсен келип, асманыңды көрүп, абаңды жутуп, сууңду ичип, үстүндө турам ээ!

Бүлө менен сүйлөшүп, чер жазуу бир жумага созулду. Экинчи жума этюднигимди алып, сүрөт тартмакка айыл аралап кеттим. Сүрөт тартууну колуктумду, элди, жерди кандай сагынсам, так ошондой эле сагынып калган элем. «Фронттон кат» аталган композициямды айыл четинен таптым. Талаада иштегендерди натурадан алып, жан-дилим менен толкунданып тарттым. Тигине, сарала дүмбүл болуп бышкан, деңиздей көлкүгөн буудай талаа. Ошонун жээгинде аңыз, четинде фронттон келген катты татына келин абышка-кемпирлерге окуп берип жатат. Бу сүрөтүмдү тез эле тарттым. Көкүрөгүмдү жара тепчүдөй болгон кандайдыр бир дем, күч менен тарттым. Чыгармачылыктын кумарына түшкөн бул күндөрү согуш менен ачарчылыктын апаатын унутуп салып, өзүмдү дароо башка дүйнөдө, башка чөйрөдө жүргөндөй сездим. Кыл калемди колума аларым менен не бир сонун кооз жерлер, адамдардын не бир укмуш сөөлөкөттөрү келе калат. Кепканы көзгө түшүрө, кыңгырайта кийип коюп, ошол кооздукту талыбай тарта бергим келет.

Бир күнү бүлөсүн ээрчитип Фрунзеден Жоомарт келди. Анын аялы Тенти Жунушбаева ушу Тоңдон эле. Жоомарттын келгени жакшы болду. Барган сайын

сүйлөшөөргө киши, сүйөнөөргө жер таппай, буюга баштаган элем. Жоомарт келери менен минтти:

– Көлдүн жээгине барып бир жыргап эс алалы.

Аялдарды ээрчитип, жеп-ичкенге андай-мындай даярдап, эртеси көл жээгине бармак болдук. Көлгө баруу үчүн ат-араба табуу керек болду. Араба табылса ат табылбай атып, Жоомарттын кайын атасы эптеп жүрүп бир чобур бээ таап келди. Анын да жүгөнү жок. Жип менен мойнунан байлап, арабага коштук.

– Кана, эки Каныкей отургула, - ушинтти да чобур бээни жетелеп, Жоомарт жолго түштү.

Тенти менен Апийтаны арабага салып, чобур бээни бирибиз айдап, бирибиз жетелеп алдык.

Тиякта согуш, биякта ачарчылык кендирди кескенине карабай анын үстүнө жаман арабаны араң тарткан кашаң бээ эптеп эле кыбыраганына карабай көлдү көздөй биз көңүлдүү келаттык. Тигине, көз мончоктой көгөрүп, көз жаштай мөлтүрөгөн кагылайын Ысык-Көл! Баласын күткөн энедей чалкып жатат!

– Эй, бойдоктордун председатели-и!-дейт Тенти. – Ке-ел, отуруп ал бир аз арабага!

Мындан бир аз эле жылдар илгери Жоомарттын тегерегиндеги акын-жазуучулар бүт бойдок эле. Алар, айрыкча майрамдарда же той-тамашада бир чогулуп, бир эс алышчу. Бойдоктордун кимдир бирөөсү үйлөнө турган болсо, болочок жубайын Жоомартка көргөзүп, сынатып, анын сынынан өтсө гана үйлөнүшчү. Ошон үчүн жакын эле жолдоштору

«Муну Жоомартка... бойдоктордун председателине көрсөтүш керек» десе, экинчиси, «Муну бойдоктордун председателине айтып көрүш керек го» деп калышчу. Жоомартты эмес эки аялды араң тартып бараткан кашаң бээ кээде башын жерге салып токтоп калат. Ошондо арык бээнин жалын сылап, Жоомарт ага жалооруй минтет.

– А-а, байкушум... биздин го арык-торугубузга ачарчылык күнөөлүү, а сагачы? Кудайдын кеңири чөбү толуп эле атпайбы?

Ушинтип бир басып, бир токтоп атып көлгө түшкө маал жеттик. Бээни арабадан чыгарып кое берип, Жоомарт экөөбүз көл жээгине таш очок жасай баштадык. Аңгыча аялдар чуркурап калды. Жоомарт селт эте очоктон башын алды.

– Эт менен ичимдигиңер жок арабада!..

– Койчу...

Көрмөйүнчө ишенбей Жоомарт экөөбүз арабага жетип бардык. Түйүлгөн жоолук калып, чын эле чийки эт менен ичимдиктер жок. Жаман жолдо, экчеле серпилген арабада бирден түшүп кала бериптир. Төртөөбүз төрт жерде токочун жулдурган жетимдей бозоро түштүк. Жоомарт дале ишенбей, арабанын алдын, арабадагы чөптөрдүн арасын чаңыта чачып, эгер азыр табылып калса, кайра жоготуп албас үчүн кол менен дароо, шак баса калчудай шашмалайт. Табылбасына көзү жеткен Жоомарт:

– А, Тентибай, ишти дайыма чала кыласың а-а! – деп алды. – Жүр, Гапар, келген жолубузду издеп келели!

– Очок-отубуз калып, келген жолубуз менен жогубузду издеп жөнөдүк. Бирөө таап алып, алып кетпесин деген ойдо шыпылдап барабыз. Жолдун бир тарабын Жоомарт, экинчи тарабын мен ала койбой сыдыра карап баратабыз. Бирибиз айдап, бирибиз жетелеп араң дегенде кашаң бээ менен көлгө жетсек, аныбыз аз келгенсип, төртөөбүз төлгөдөй караган тамагыбыз түшүп калса, мындан артык кордук болорбу!

– «Багы жокко дагы жок» деп о, ненди ур-райындыкы десе!»

Жоомарт жолду ката ушинтип, патырата сөгүнүп барат. Аны да түшүнсө болот. Ачарчылык аябай муунап, эки кило эт эки адамдын кунуна чыккан кез. Бүгүн кардың тойсо, эртеңкиге чейин жашайт экенмин деп үмүт күтүп калган кез. А дейбиз, бу дейбиз, бирок чын чынында тамак үчүн жашап жүрөт экенбиз го! Кийимсиз жашоого болот, музыкасыз жашоого болот, үйсүз жашоого болот, мекенсиз жашоого болот. Бирок тамаксыз бир күн жашап көрчү. Келип эле кара кекиртекке такалат экенбиз го. Байкоомдо жалган урааңды көчөлөргө биз көбүрөөк илип жүрөбүз. Жалганды кинодо көбүрөөк тартып, китепте көбүрөөк жазып жүрөбүз. Акыры түбү бу жакшылыкка алып барбайт. Кыргызымдын бир макалы бар. «Жалгандын казаны кайнабайт». Биздин көптөгөн жалган үгүтүбүздөн улам эртеби-кечпи казаныбыз кайнабай калып жүрбөсүн деген ойго такалам. Согушка чейин жана согуштан кийин турмуштан көптү көрдүм. Өзөөрүп, өлөөр алдында адам тамак

үчүн айбандан жаман болуп калат. Күчтүүсү күчсүзүн тебелеп салат. Ушуларды өз көзүң менен көргөнүңдө жалган кино менен жалган китептер түккө жарабай калат. Ошон үчүн акындык даңкы Ала-Тоого батпай калган Жоомарттын эки кило эт үчүн катуу сөгүнүп баратканын түшүнсө болот.

Көлдөн эки-үч чакырым алыстап кеттик. Көзүбүз жолдо, бирок биз издеген эч жерде жок. Кээде кемпир-чал жолуга калат. Жоомарт алка-шалка болуп, эшек ээрде артылган куржунга көзү түшүп:

– Аксакал, жолдон бир нерсе тапкан жоксуңарбы? – дейт.

– Жок... Эмне жоготтуңар, садага?

Шылкыйып, андан ары жөнөйбүз. Жоктон башка сөз чыкпаган бир жолоочуну Жоомарт эшегинин моюнун бурай токтотуп:

– Чыныңды айт, ушу сен эле алдың! – деди саал демите.

– Кой, Жоке, антпе, - дедим, андан ары жөнөп баратканыбызда. – Эгер биз деле азыр ачка баратканыбызда, бирөөнүн тамагын таап алсак берер белек?

– Мен берет эле болчумун...

– Көрдүңбү... Азыр кыйла ачка болгонуң менен, бирок өзөрүп өтө ачка эмессиң. Ошон үчүн «берет эле болчумун» деп атасың. А эгер өзөргөн ачка болсоң, бербейт болчусуң. Ачарчылык кезде табылган тамакты бербейт...

– А жүр анда, кеттик! – Жоомарт артына шарт бурулду.

Жоомарт экөөбүздүн кур кол шылкыйып келатканыбызды көрүп, аялдар ого бетер шылкыйышты.

– Эт жок, Каныкейлер, - деди Жоомарт – ит тапканы, же киши тапканы белгисиз. Түбү келип бизге буюрбаган эт экен! Таап алганга аш болсун!

Винодон баса ичип, көлдү көздөй бастык. Тармал чач акын менен тармал толкундардын бетме-бет келген учурун сүрөткө тарта баштадым. Жоомарт кадамын кере туруп, бүткүл көлдү кучагына алчудай колдорун жайып салды.

Толкундай толку-ур убагым,
Толкундап ырлар сурадым.
Толгоосун тартып толкундун,
Толготуп мен турамын!

Толкунум толку ар дайым,
Толкундуу доошуң угайын!
Толгонуп сенин доошуңа
Толголуу күүлөр улайын!

Оозунан ырлар мөндүрдөй төгүлүп, бүткүл дити, бүткүл кыймыл-аракети ыр ыргагына кирип, азыр эле шатырата сөгүнүп эт издеген Жоомарт бул ирет дароо башка бир ырааттуу, назик дүйнөгө кеткенсип, бирде жээкке урган толкундар ал үчүн оркестр, а өзү дирижер сыяктанып кетсе, бирде көк мончоктой таза толкундар кылактаган жаш колукту сымал ага шарпылдай кучак жайып, а Жоомарт аны кумардана эркелетип аткансыды.

Толкундай толку-ур убагым,
Толкундап ырлар сурадым.

Толгоосун тартып толкундун,
Толготуп мен турамын!..

Убактыбыз ушинтип өтүп атты. Жеңиш эми чындап эле биздики болоруна ишенип калган кез, азап-тозоктун көбү кетип, аз калгансып сезиле баштаган кез.

Көл боюнда акын менен фронттон келген сүрөтчү эс алып атыптыр, жакында кетишет экен деген шылтоо менен Тоңго жакын жерде мектепте директор болуп иштеген Өмүрзаков Абдыразак аттуу жигит бизди бир күнү конокко чакырды. Пиво менен винодон күчтү чыгарып, ич ачышып жүргөн чак.

– Жүр, Гапар... баягыл жоголгон эттин гээсин коноктон чыгаралы, - деди Жоомарт.

Экөөбүз конокко жөө жөнөдүк. Аялдарды алганыбыз жок, анткени, Тенти өгүнү эт жоготуп, көлдөн арып-чарып ачка келгенибиздин эртеси эле төрөп салган.

Чакырган үйгө кечке маал жеттик.

– Бир кой тапсак, арыгыраак көрүнөт, бата берип койгула, - деди Абдыразак.

Батаны берип, бозо менен винону аралаштырып ичип, күжүлдөп отурабыз. Бир аз ичип алгандан кийин Жоомарт ого бетер отуруштун көркү. Оолугуп ыр окуганда, анын талант эле эмес, бакшыныкындай жини бар, биз болбосок мына ошо жини азыр аны толкундата жетелеп кетчүдөй сезилет.

Ай жарык, нурга батып турат асман,
Ак мөңгү менменсинет алыс жактан.
Акындын аваз ырын уккулачы,
Көбүрүп, көкүрөктө туйлап аткан.

Көңүлдүн көкөй көөрүн көккө сүрөп,
Көйкөлүп көл козголуп, турат чалкып.
Кагылам туулган элим, тууган көлүм,
Кайрылып келип турам тузуң татып.

Кадимден эр жүрөгүн эркелетип.
Кайнаган күүнүн чыгар булагы сен.
Толкунуң тоо чочутуп, жардан ашып,
Тосчусуң кучак жайып көксөп келсем!

Далай эр бизден мурун өткөн тура,
Дайрадай душман канын төккөн тура.
Балдарың арстан жүрөк, анык кыраан,
Башынан сен Ысык-Көл учкан уя!

Түн бир оокум. Алдыга чара толо булоологон эт келди. Көк ичегибиз, шилекей ага, чарадан көз албай жунутабыз.

– Ырды да, сөздү да токтотуп, эми би-ир жыргап эт жейли, - деди Жоомарт.

Эттен бир үзүп тиштеп эле алкымына тарамыш тыгылгансып Жоомарт чекчейе күрмөбөй туруп калды. Эмне болуп кетти? Желкесине муштасамбы? Эттен бир үзүп тиштеп, андан ары чайнай албай мен да чекчейе токтодум. Этти сугунган боюнча Жоомарт экөөбүз бири-бирибизди тиктеп, же жута албай же куса албай туруп калдык. Эттин аябай арык, катуу экени мейли эле, ташты чайнап алчудай болуп турабыз. Эт аябай ачуу экен, чайнап жутунууга мүмкүн эмес.

– Э, Абыке, - деди Жоомарт эт бөлүп аткан Абдыразакка. – Бу эт эмес эле туз го... болгондо да жанагы кой жей турган туз го?

Абдыразак баяраак сол тартып отурган аялын күң-күлдөп сыртта сөгүп атканы, бизге кээде үзүл-кезил угула калып аткан. Көрсө, аялы биринчи салганын унутуп, анан тузун көрбөй казандагы этке эки ирет туз салып, анан жакшы бышсын деп, аябай кайната бериптир. Абдыразак абдан капа:

– «Жакшы» катындын кылары ушу... Эптеп жегиле эми, Жоке...

Жатып калдык. Жоомарт төшөктө жатып бүлк-бүлк күлөт.

– Э, Гапар... мен бир нерсени ойлоп калдым...

– Эмнени?

– Кудай болбосо да, кудайдай бир күч баарын төбөдөн көрүп-билип турат көрүнөт.

– Эмне болду?

– Тиякта согуш, буякта ачарчылык болуп атса, а экөөбүз көл жээгине барып, анан да төрдө отуруп эт жегибиз келет ээ. Өгүнү да, бүгүн да, кудай экөөбүзгө эт буюрубай койду... «Тең көргөндү теңирим сүйөт» дейт. Андан көрө эртең эрте туралы да, көп былжырабай, карындын камын ойлобой, шаарга эптеп барып, тезирээк ишке киришели!

* * *

Ала-Тоо – Жер энебиз, Ысык-Көл анын акак мончогу. Акындар, айрыкча Алыкул ал жөнүндө көп ыр жазды. А сүрөтчүлөрчү? Көлгө болгон арзуум, көлдөгү көркөм өнөр сүрөтүндө көрсөтөйүн деген ниет менде кыркынчы жылдан башталган. Мен үчүн көл

түгөнгүс ыр, төгүнгүс кубат, түгөнгүс тема экенин бир көргөндө эле сезгенмин. Бирок көлдүн ажайып сулуулугун Алыкул же Жоомартча терең сезим менен көрө албайм го деп шекшинчүмүн. Анын тазалыгын, анын сулуулугун, анын ыйыктыгын чынында көбү-бүз эле чын дилден сезип, көрө билбейбиз, жөн гана көптүн катарында суктанымыш болобуз...

Ысык-Көл менен болгон байланышым миң тогуз жүз кыркынчы жылы Балыкчы кыштагынын жанынан кичинекей бир этюд тарткандан башталган. «О, ыйык көлүм, саламатсыңбы!» деп, ошондон баштап, келген сайын ичимден ушинтип саламдашам. Бутумду жээгине салып коюп, толкун менен те түпкүрдөн келген үнүн тыңшайм, төбөсүндө түйүлгөн кара булуттарды, анын жыртыгынан көл бетине найзадай сайылып түшкөн күн нурун тиктеп туруп ойго төнүйм. Жан дүйнөм тазаланып, анча-мынча илдеттер өзүнөн өзү жоголо баштагансыйт. Чыгармачыл аруума шык келе баштагансыйт. Кыялыма кыял кошуп, көкүрөк тепкен ой-санаанын туулушуна себепкер болгонсуйт. Менин баамымда көл өзгөрүп, кубулуп тургансыйт. Күн чыгаар алдында, күн чыгып келе жатканда жана кечке маал, үч ирет үч башка болуп, үч түрлүү кийинген жаш сулуудай түрлөнүп турат. Көп эле көл же деңиздердин жээгинде болдум, бирок алардын мынчалык кубулуп турарын байкай албадым. Дал ушу кубулжуган көл жээгинде жүрүп, «Салам кат» аттуу картинамды тарттым.

– Жакшы... бирок «Фронттон кат» десең жакшы болмок, - деди.

Туура айткан экен. Ошо бойдон «Фронттон кат» аталып калды.

Бала-бакыраны айылга таштап коюп, Жоомарт экөөбүз эртеси шаарга жөнөдүк. Таш жол менен калдыраган жаман арабада келебиз.

– Ушу курактa иштеп калыш керек, Гапар... Чыгармачылыкка кирди-чыкты иштебей, баш-байчаң менен кир. Ошент... Антпесең жеңиш жок! Ырематылык Образцов жакшы киши эле... Маяна албай кыргыз балдарын сүрөт өнөрүнө окутат деген эмне? Кудай Вагов сыяктууларды албай, ушундай жакшы кишилерди алганын кара. Чуйков кандай неме? Саал митаам эмеспи?

Унчукканым жок.

– Убакыт өтө тез өтүп жатат... – Саал өкүнө үшкүрүп алды Жоомарт. – Тез эле күз, тез эле кыш, кайра тез эле жай... Иштебесе болбойт. Курманжан жөнүндө ыр менен роман жазайын деп жүрөм, кандай дейсиң? Биздин башы жок чоңдор Курманжан феодал болгон, жазба деши мүмкүн, бирок бу даанышман аялды жазбасам көңүлүм тынчыгыдай эмес. Эгер эсен болсом, эми кырк төртүнчү жылы «Манастын уулу Семетей» деген киносценарий жазып, «Мосфильм» менен бирдикте кино тартам деген оюм бар. Э-э, Гапар... пландар көп, бирок ошого өмүр жетеби билбейм...

– Отуз үч жаш... Турмуш эми гана башталды.

– Чыныгы талант деп мына Лермонтов, Пушкин, Добролюбовду айт. Отуз жашында эле дүйнөнү байгамбардай көрө баштаптыр. А биз...

– Алардын акындык жолу башка, Жоке... Алар эс тарткандан эле башка чөйрө, башка тарбияда, ата-бабасынан калган бай китепкананын арасында өскөн, жетилген. А биз, Жоке... эс тарткандан эле курсактын кулу болуп, айылда жетим өсүп, анан шаарга келип, шаардын шартына көнүп, эптеп орусча үйрөнүп, түшүнүк менен кажалап дүйнөлүк классиканы окуп, эптеп борбуйду көтөргөнчө эле отузду ашып кетет экенбиз. Бирок, али кеч эмес. Кырктан алтымышка чейин күжүлдөп иштей турган курак.

– Ошо куракка жетебизби?.. Эртең эмне болорубузду ким билет? Эмнегедир өзүмдү эрте өлүп калчудай сезем, Гапар?

– Хе, эгер фронтто болсоң, анда жашоодон такыр үмүт үзмөк экенсиң...

– Фронтто айла жок көнөсүң...

Шаарга кечке маал келип, ишибиз боюнча экөөбүз эки жакка тарап кеттик.

* * *

Күн кеч кирсе таң атат, ал эми таң атса сөзсүз кайра күн кеч кирет, бирок өткөн күн таң аткандай кайра кайрылып келбейт ээ!

Ушу кыска өмүрдү, а-бу дегиче эле өтүп кетчү айкүндөрдү кантип, кандайча өткөрүп атам? Өзүмө өзүм күнүнө бир ирет сындап алчу болдум. Минтпесем, убактымды бөөдө кетирип, дардактап кетчүдөймүн.

Эртеси эрте менен туруп, военкоматка бардым. Аскер госпиталында кесип салабыз деген колум бир

аз гана ийри бүткөнү болбосо, кадимкидей ишке жарап калды. Военкоматтан түз эле Ташкендеги Орто Азия аскер округуна тезинен жөнөп кетүүмө шашылыш жолдомо беришти.

– Согушуп бүттүм деп ойлобо, Айтиев... Ташкенден сени же фронтко жиберишет, же фронтко аскерлерди даярдоочу командирлердин катарында калтырышат, экөөнүн бирөө...

Ташкенге барып, же фронтко кетчү, же буерде калчу жолдомомду күтүп, Орто Азия аскер округунун карамагында бир айдай жүрүп калдым. Аерде бүт эле согушка бара элек, фронтко кире элек жаш жоокерлер машыгуудан өтүп атыптыр. Айрыкча Кыргызстандан келгендер мени кыргызсынтып, жакынсынтып жанымдан кетишпейт. Бир эле алар эмес, аскер округунун көпчүлүгү мени Сталинград салгылашуусунун легендарлуу каарманы катары санашат. Алар антсе, баарыбыз эле пендебиз да, ичимден саал компое түшкөнсүйм. «Корсоймоктон корсой, бирок сыртыңдан билгизбе!» дейм өзүмө. Жаш кездеги бир жаман кемчилик, ички сезиминди сыртыңдан оңой эле билгизип коесуң.

Бир ай өткөндөн кийин медициналык текшерүү жүрө баштады. Акыркы комиссиядан «Айтиев фронтко жарабайт, оорукта аскер ишине иштөөгө болот» деген медициналык жыйынтык алдым. Патриоттук сезимден бөлөк, купуя сезим да болот тура. «Соомун, фронтко киремин!» дегеним менен «Ө-өх, кан күйгөн өлүмгө барбай, калып калдым ээ!» деген көңүлүмдүн те төрүндөгү ички сезим үстүмдөн оор

жүктү алып салгансып, жеңилдей түштүм. Чынын айтайын деги согушка кирүүнүн эмнеси жакшы? Мекенди коргош керек деңизчи, бирок түбү келип эле жети атаң көрбөгөн күнөөсүз кишилерди өлтүрөсүң, же өзүң жети атаң көрбөгөн кишилердин колунан күнөөсүз күмжан болосуң!

Ошентип, согушуп бүттүм. Кайрадан Фрунзедемин. Партиялык кызматкерлерден Молдогазы Токобаевди жакшы көрчүмүн. Токобаев ал кезде республикабыздын Жогорку Советинин төрагасы. Сүйлөй билүү эле эмес, сөздү уга билүү да өзүнчө шык, өзүнчө акыл го. Токобаев ар кимдин арыз-муңун өтө кунт коюп уга билчү. Адамды дит кое тиктеген, көздөрүндө «Сага жардам кылбаганда кимге кылам, арманыңды айта гой, сүйлөй гой» дегендей бир ыйман көрүнүп турар эле. Ушундан улам бир окуя эске түшөт. Бир ирет Алымкул Үсөнбаев, Жоомарт, Кубанычбек, Алыкул төртөө республикабыздын гимнин жазмак болушуп Чолпон-Атага барып, анан да кыргызстандыктардын атынан Сталинге жеңишке шыктанган кат жазышып, кайра шаарга тез жөнөшөт. Молдогазы Токобаевдин айылы Тору-Айгырга келгенде бензиндери түгөнүп жолдо калышат. Эмне кылуу керек? Ал кезде тамак-аш эле эмес, бензиндин да өтө каат учуру. Айыл активинин бир-экөөнөн сурашса бербейт. Жини келген Кубанычбек үчүнчү бир айыл активине барып, «Сен Тору-Айгырлыксыңбы?» - дейт. «Ооба», «Молдогазы Токобаев деген агаңды тааныйсыңбы?», «Таанысаганда, айылдаш агалардан эмес, жакын агалардан болот ал», «Анда мындай... Биз Чолпон-Атада иштеп

аткан элек. Кайран Мокем пендечилик кылып көзү өтүп кетиптир, ошого шашылып баратсак минтип бензинибиз түгөнүп калды» - дейт. Муну уккан тигил дароо чалкасынан кете жаздап, эптеп жүрүп Кубанычбекке дароо бензин таап берип, анан кабар бермекке Токобаевдин туугандарына жөнөйт. Ошондо Кубанычбек «Ой жигит, бензиниңе ыракмат, бирок Мокемди айтканым тамаша кокуй!» дегиче болбой машине жөнөй берет. Кубанычбектин шашмаланган үнү тиги жигитке «Бензиниңе ыракмат, ылайым сени Мокемдин арбагы колдосун» болуп «айтканым-арбагы», «кокуй - колдосун» деген мааниде каңырыш угулат. Токобаевдин инисинен кантип алдап бензин алганына Кубанычбек санын чаап күлүп, анан аны тез эле унутушуп, шаарга жетээри менен үй-бүлөрүнө тарап кетишет.

Эртеси кечинде Жоомарттын телефону чыр этет. Трубканы алса Токобаевдин өзү.

– Жоомарт, Молдогазы Токобаев кайтыш болуптур... Келин экөөңөр келип, кара ашын жеп кеткиле...

Жоомарттын оозун ачыра койбой Токобаев трубканы шак коюп коет. Жоомарт Кубанычбекке чалат.

– Мага да азыр Мокем өзү ушинтип телефон чалды... Эми эмне кылабыз? – дейт Кубанычбек.

– Сен куруп кал, Кубанычбек! Мулжуңдап кылбаганың жок! Эмне кылабыз деп коет? Эмне кылсаң ошо кыл! Мен барбайм!

– Барбасак болбойт, Жоке... Мокемди билесиң го, өзү чалып аткандан кийин барбасак болбойт. Кыязы, кой сойгон го...

– Кой жебей, атаңдын башын же, Кубанычбек! Теңтуш болсок бир жөн, улуу кишиге уялбай кайсы бетибиз менен барабыз?

– Уялсаң бетиңе чарык жамап ал! А мен ушу бетим менен эле барам!

– Барбайм!

– Барасың! Уялсам мен уялам, а сен эмнеге уялассың? Болор иш болду, барбасак болбойт..

Аялдарын алдыларына салып, экөө экөөнү ээрчитип, демдерин ичине катып, биринин бети кызарып, экинчиси бозоруп, Молдогазы Токобаевдикине кирип барышат. Токобаев эки кабат салынган төшөк үстүндө ойлуу отурган экен. Аялдардын саламына баш ийкеп, тиги экөөнө кол бербей коет. Кабагы бүркөө. Кубанычбек кулжуңдай баш чайкап, түз эле төргө өтүп, сөзү менен мурункудай топ жара албай, дымып отуруп калат. Токобаев оор улутунуп, өзү сөз баштайт.

– Бу силер кандай балдарсыңар?.. Ушундай да тамаша болобу? Жээриңер эле менин кара ашым болсо, эл-журтка бүлүк салбай эле жебейсиңерби! О, силерди десе!..

Бу эмне болуп калыптыр, мындан да катуу сөкмөк экен, бирок Аниса менен Тенти отурганынан улам, эстүү киши аялдардан ыйбоо кылып, унчукпай калат. Ошондо Кубанычбек курун моюнуна салып, Молдогазынын алдына чөгөлөй калып, кулдук урат.

– Моке, мындай тамаша чынында эле болбойт. Бирок мага ишенбесеңиз да кудайга ишениңиз,

өмүрүңүз узун болот экен. Тору-Айгырдагы иниңиз жаздым угуп алганы жакшы болуптур, анткени дагы айтам өмүрүңүз узун болот экен. Анын үстүнө мындан жаман деле болгон жок. Кайра, ачарчылыктан көк ичеги болгон биз бүгүн этке тоет экенбиз. Сизге деле зыян болбоптур, Моке... Кире бериште эки кап ун, бир койдун эти Тору-Айгырдан келип туруп калыптыр, ушу жаманбы, Моке?

Буларга айла жок экен дегендей Токобаев ичинен тынып, унчукпай калат. Ашата сөгөйүн деп, сөгө да албай калат. Аңгыча Молдогазынын аялы сырттан жайдары кирет.

– Кой эми, Молдогазы... Тентек инилериңдин бир тамашасын кечир. Сиңдим Тентини эмгиче чыгынып отко киргизе албай жүргөнбүз. Кубанычбектин бу тамашасы болбосо, эжеси сиңдисин, сиңдиси эжесин тааныбай, согуштун бүтүшүн күтүп жүрө бермекпиз. Эт бышып калды, таарынычты унутуп жөн отургула...

Жакшы аялдын жакшы сөзү, жарык кабагы ортону оңдоп, булоолонгон бир чара эт ортого коюлуп, чөйчөктөргө арак толуп үй ичин тез эле бака-шака басат.

Улуу болсо да, даражалуу болсо да, тамаша анча орундуу болбой калса да кечире билген, акылы менен ачуусун тыя билген мына ошол Молдогазы Токобаевдин иш бөлмөсүндө отурам.

– Моке, мени фронтко жибербей, биротоло ооруkta калтырып коюшту. Буерде мени аскер кызматына чектеп атышат, ага менин көңүлүм жок. Сизге кеңеш салайын деп келдим.

– Анда партиялык кызматка кел. Такшалдың, быштың, колуңдан келет.

– Чоң болгум келбейт, Моке...

– «Чоң болгум келбейт» деген кыргызды биринчи көрүшүм... Анда ким болгуң келет?

– Сүрөтчү.

– Эң туура. Таланты бар кишиге чоңдуктун кереги жок. Кандай жардам керек?

– Мени аскер кызматына зордоп жөнөтүп атышат. Ушуга жардам бериңиз, бул бир өтүнүчүм. Экинчиси, көркөм сүрөт өнөрүн мындан ары өнүктүрүү үчүн каражат жана имарат керек болуп атат. Ар бир сүрөтчү үчүн өнөркананы айтпайын, Сүрөтчүлөр союзунун эмгиче имараты жок. Эмне үчүн? Себеби алиги Кокуйбаевге окшогон жетекчилер сүрөтчүлүктү баланын оюнундай көрөт экен...

– Сүрөтчүлөр союзунун мүчөлөрү азыр канча киши?

– Ондонашты... Чуйков, Акылбеков, Игнатьев, Деймант, Михалев, мен... дагы бир топтор...

– Анда мындай кылалы, жолдош Айтиев... Эвакуацияланып келген москвалык бир аскер адамы жакында буерден кеткени жатат. Анын үч бөлмөлүү үйү бошойт. Ушул үч бөлмө согуш бүтүп, баш-аякты жыйып алганча силерге сүрөтчүлөр Союзу болуп берүүгө жарайбы?

– Жарабаганда... Ырахмат. Азыр имарат тандай турган учурбу, Моке? Төрт киши баш кошо турган үстүбүздө үй болсо эле болду... Жарабаганда...

– Анда ушундай сүйлөшөлү.

– Ыракмат, жакшы калыңыз.

– Жакшы барыңыз.

Ушундан көп өтпөй сүрөтчүлөр Союзунун төрагасы болуп шайландым. Шайланган гана атым болбосо, азырынча айлык жок болсо да сатып ала турган дүкөндөрдө эч нерсе жок. Терисин тирүүлөй сыйрып атканда карышкыр былк этпей өжөрдөнө кандай жатып бергенин көргөнүңөр барбы? Шаардагы эл барган сайын так ошо карышкырдай өжөр болуп калган сыяктуу. Ачарчылыктан кээлери өлүп да атат. Бирок кемпир-чал менен балдар күнү-түнү эч кимге доомат кылбай, кайра кайрат кылышып, жапа тырмак тикеси менен тик туруп, малчысы мал, дыйканы дан, жумушчусу темири, кызматчысы кызматы менен жапа тырмак иштеп, бүткүл күч-аракетин фронтко жумшап жашап аткан эле.

Жергиликтүү сүрөтчүлөрдөн: Чуйков, Игнатьев, Михалев, Ильиналар жана Москвадан эвакуацияланып келген, көпчүлүгү өтө улгайып, бирок эмгеги, даңкы эбак элге алынып кеткен сүрөтчүлөр болсо, кээлери фронттон качып, «оору, жарабайт» деген справкалары менен оорукта кара башын калкалап, жан багып, күн кечирип жүргөндөр да бар экен. Мындай сүрөтчүлөр көркөм сүрөт өнөрү менен кооздоо ишине байланыштуу артель уюштуруп, ушерде иштеп атыптыр. Мына ушуларды көрүп бир иренжисем, фронтко албай турган кызматка орношуп алып буерде жүргөн кээ бир жазуучу жана партиялык

кызматкерлерди көрүп ого бетер иренжидим, жаман таасир берди. Тынчтык кезинде Мекен жөнүндө ооз көптүрө сүйлөгөндөр согуш мезгилинде буерде жүргөнү эмнеси? Алыкулга келдим. Утуру күрсүлдөй жөтөлүп, үйүнүн бир капшытындагы керебетте жатыптыр. Мени көрө коюп, и келдиңби дегендей, жылмая умтулду.

– Азыр эле сен жөнүндө ойлоп жаткам, жакшы келдиңби?

– Кандай акыбал?

Бу сөзүм ага жага бербегендей (ар ким эле ушинтип сурай берет окшобойбу) асте унчукту.

– Кандай болсун... эл душман менен күрөшүп атса, а мен оору менен күрөшүп жатам. Отур! – Кебетемди бир саамга тигиле тиктеп өттү. – Согуштан келгениңде курорттон келгенсип, өңүң жакшы эле, буерде жүдөй түшүпсүң го? Же мага ушундай көрүнүп атасыңбы?

– Эртең-бүрсүгүнү өлүп каламбы деп жүргөнүң менен согушта армиянын артынан бүтүндөй бир ашкана ээрчип жүрөт. А буерде өзөрүп калганыңды көрүп турса да «Баардыгы фронт үчүн» деген шылтоо менен чөп жеп атасыңбы, пок жеп атасыңбы, эч кимдин эч кандай иши жок көрүнөт.

Алыкул узакка ыкшып жөтөлдү. Анан кош жаздыгын оңдоп, башын өйдө жаздап, бет алдына ойлуу телмирди.

– Э, Гапар... Турмушта көп нерселер биз ойлогондой эмес окшойт. Ойлоп-ойлоп отуруп мындай бир ойго такалам. Биздин өлкөдө биринчи жолу

революция биротоло жеңди, бул жакшы. Россия эле эмес, айрыкча бизге окшогон майда элдер үчүн бу эбегейсиз зор жеңиш, зор акыт болду. Бирок революция жакынкы учурда жалпы элге жыргал турмуш бере алабы? Ушуга көзүң жетеби?

– Эмнеге минтип сурап калдың? Мындай сөз үчүн... билесиң го...

– Мен сага ишенем, мени сатпайсың... Эч кимге айтпайсың.

– Ар кандай революция элдин жакшы үмүтү. Жакшы жашашы үчүн болот, бирок революцияны жасарын жасап алат экенбиз да, анан төөнүн карды жарылган жыргал турмушка кандай баруунун туура жолун жакшы билбейт көрүнөбүз...

– Бул түшүнүктүү дечи Гапар... Менин сураганым жакынкы учурда революция элге жыргал турмуш бере алабы? Жашырып-жаппай, ток этерин... чыныңды айтчы?

– Бере албайт, менимче...

– Себеби?

– Отузунчу жылдардагы камоолордон кийин мен көп нерсеге ишенбей калдым. Чогулушта бирди сүйлөп, үйдө минтип башканы сүйлөчү болдук. Жалган үгүт, жалган пропагандanын келечеги жалган болорун көрүп-билип туруп, өзүбүз жалган пропагандаңы жайылта баштадык.

– Туура. «Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат» дейт. Мына ошол жалган үмүт кайдан келип чыкты? Башаты кайда? Өзүң билесиң, жаман адам жалганчы

болот ээ. Эртеби-кечпи абийри ачылып каларын ойлобойт. Демек, биздин көпчүлүк бүгүнкү ооруктагы жетекчилер начар адамдар... Мына ушул начар жетекчилер кайдан пайда болушту? Кайдан келишти?

– Асмандан түштү дейсиңби? Арабыздан эле келди...

– Арабыздан болгондо эми кайдан? Байларданбы? Кедейлерденби?

– Байлардан да, кедейлерден да эмес...

– Анда кайдан?

– Кулдардан. Кулдун эки түрү болот: биринчиси агымга, заманга жараша өнүп-өсөт, ал эми кулдун экинчи түрү – курсагынын гана кулу ал. Курсагынан башка эч нерсени ойлобойт. Курсагы үчүн эл-жерин сатат. Тез эле көөп кетет. Бийликке көбүн эсе мына ушундай кулдун тукумдары келди. Акылдуулар сыртынан күлүп, ичинен күйдү. Кээде чыдабай, ачык эле каршы чыкты. Бийлик деген бийлик, ошо каршы чыккандары үчүн жазасын алышты. Касым Тыныстанов, Абдыкадыр Орозбеков, Төрөкул Айтматов жана башкалар не деген адамдар эле. Ушулар кулдардын курманы болду.

Алыкул телмире шыпты карап, пальтосун жамынып, чалкасынан жатат. Сөзүмө ынай калганда гана «ооба, туура» дегенсип ээгин ийкеп коет. Сырт жылуу болгону менен үйдүн ичи ным. Бир саамга унчукпай калдык, эки ирет күрс-күрс жөтөлүп алып, сөзүн Алыкул эми башкага бурду.

– Быйыл эмнегедир ыр жазалбай калдым... дитим барбайт. Чолпонбай жөнүндө пьеса жазсамбы дейм.

Бүт оюмду бийлеп алды. Анын эрдигин угуп, ооруп жаткан жаным, чуркап кетипмин. Дзотко барыш оңой бекен? Манастын урпагы да...

– Алыке, чай коюп берейин, ичесиңби?

– Ошентчи... – Жаздыгын оңдоп жазданып, көмөкөйүнөн асте үшкүрүнүп алды. – Оору күчүңдү эле эмес, акылыңды кошо алат окшойт. Сага чай бербей жатканымды карачы. Примусту эмес, те электр плитаны сай Гапар, Примуста керосин жок... Кайдан уккан, кечээ Жоомарт электр плитасын көтөрүп келиптир. «Жоке, майда балдарың бар, өзүңө керек» десем болбой таштап кетти. Өмүрү узун болсун... Жакшылыгын көп көрдүм...

Чайды кайнатып, атайы ала келген консерваны жана бөтөлкө арактын ортого койдум. Өпкө ооруга жүз грамм арактын эч зыяны жок. Зордоп атып кичине алдырдым. Өңүнө нур жүгүрүп, ысык чайдан кийин кичине ымшыды. Ырларын окумак түгүл, «муну жаздым, тигини жаздым» деп көрсөтчү эмес, азыр чайын колуна кармап, чалкалай берип, мындай бир арман айтты:

...Аттиң-ай, абал болбос соо аягыңды,
адамга соолук деген кымбат кандай.
Соо кезде ай менен күн аралыгын,
арыштап, буудан сымал чуркап албай...

Ушинтти да анан:

- Баягы «Жолборс терисин жамынган баатырды» которуп жүргөнүмдө, ден соолугум азыркыга караганда кыйла мыкты экен, - деди. – Ошо жылдары

күнү-түнү иштесем да чарчачу эмесмин. А азыр тез эле чарчачу болдум... Айтмакчы, Шотанын баатырлары Тариэл, Автандил, Дарежан, Тинатиндер элге тез алынып кетиптир. Биздин аскерлер чабуул коюп бара жатканда Рейн боюнан кыргыздын курман болгон жаш жоокеринин колунан кан болгон «Жолборс терисин жамынган баатыр» китебин табышыптыр. Ошол Шотаны которгон жылдарымды эстеп, эмнегедир ошо кезди сагынып, ошо кезге кусаланчу болдум...

- Эмнеге?

– Билбейм... Шотаны которуп жүргөнүмдө поэзиянын чыныгы махабатына чындап түшкөн окшойм. Ошон үчүн го. Анын үстүнө отуз жетинчи жылы Айдай түшүмө кирди. Ак көйнөк кийип, чачын бир өрүп алдына таштап акырын эшиктен кирет... А мен болсо ушу жаткан жеримде жалгыз жатат имишмин. Жаныма келет да, «А байкушум, дале жалгыз жатасыңбы? Жүрү мени менен» дейт. Сүйүнүп кетем да, турайын деп такыр тура албайм. «Анда даярданып тур, кайра келем» - деди да, жаздыгымды алып чыгып кетти. Ойгонуп кетип, таң атканча уктай албай жаттым. Бул эмнеси? Эмне үчүн жаздыгымды алып кетти?

– Түшкө кире берет... Эстеп койсоң керек.

– Жо-о-ок, түшкө жөн эле кире бербейт, Гапар. Кетчү жакка мен да кеткени калган окшойм.

* * *

Мына экинчи күн оозума наар ала элекмин. Бир карынды тойгузуш үчүн кимдир бирөөнүкүнө кирип бара албайм. Кара курсагы үчүн кээ адамдар адам эмес эле карышкыр болуп кетишиптир. Анте албагандары ачкадан өлүп, өлбөгөндөрү эптеп тирүүлүктүн күнүн кечирип өмүр өтөп атыптыр. Тирүү калуу үчүн ар ким өз алдынча, өз шартынча күрөшүп аткан буердин турмушуна мен фронттон келип дароо ылайыкташа албай, оозумду ачып жолдо калдым. Фронттон бери чөнтөктө келген бир аз пулду көлдөгү бүлөмө таштап келгем. Кара жанды кудай алсын, кандай болсо да багып алам деп ойлогом. Анан калса акчаң болгону менен шаар дүкөндөрүндө баары бир эч нерсе жок деп ойлогом. Сүрөтчүлүк менен жан багайын десем, акыга кыларга иш жокко эсе эле. Эптеп жан багып, күн көрүш үчүн шаардагы сүрөтчүлөр өздөрүнө союздан, менден командировка жаздарып алышып эл, жер кыдырып, өздөрүнө заказ таап, ошону менен өзүн эле эмес, үй-бүлөсүн кошо багып кетти. Буларга эптеп бир нерсе таап бергеним менен өзүмө эч нерсе жок, мына бүгүн экинчи күн оозума наар ала элекмин. Буерде көп нерселерди көрүп, нааразы тартып, кыжалат болдум. Кайдан да жарадар болуп келдим эле? Ушуларды көрбөй-билбей эле фронтто душман менен атышып өлсөм жакшы болбос беле деп өкүндүм. Ачсыңбы, токсуңбу – буерде эч кимдин иши жок, маа демектен ачкадан арыка түшүп өлүп кал, эч кимдин кылы кыйшайбайт. Баары фронтко! Бу жакшы деңизчи, бирок ооруктагы ар бир адам мамлекеттин колдоосунда болушу керек

да. Ошо болбогону үчүн ууру-кески, анан да ачкадан өлүп аткандар көп. Көңүлүмдү жылыткан азырынча бир гана нерсе – Кызыл Армиянын жеңиши. Айына эмес күнүнө, саатына Батышты көздөй жылып баратышы, фашизмдин уюгун өз ийинине карай сыгып баратышы жаныма кубат, демиме күч берип бүткүл күч-аракетимди сүрөткө арнап, чыгармачылыктын түйшүгүнө, кызыгына кирип кеттим. Чыгармачылыктын бир жакшы жагы, ачка жүргөн адамга топук берет. Башыңды кайгы басса, кайрат берет. Чыгармачылыктын аруусу согушта болсун, оорукта болсун мага зор күч, зор топук берди. Ушундан уламбы, жакшы деген чыгармаларымды кыйналып жүргөн чагымда жазыпмын. Мисалы, «Пахта терүүчү», «Мал сарайында», «Колхоз короосунда», «Чак түш», «Түштүктөгү кеч» чыгармаларымда эл-жерди эңсеп фронттон келген мага, ошо кездеги ооруктагы элибиздин жашоо-тирилиги көз алдыма таасын тартылганынан го. Буерде көп нерсеге көңүлүм кайт болгону менен эл-жеримди мен өтө сагынып калган экенмин. Жериме келсем баягы тай-кулунча тебишип ойноп жүргөн досторумдун көбү жок, майданга кетишкен. Мындай учурда өзүң да көчөдө жүрүүдөн айбыгасың, а мен болсо баш-байчам менен ишке кирдим. Ошо кездерде тарткан айрыкча «Мал сарайында», «Пахта терүү» сыяктуу картиналарым чыгармачылыгымдын ичинде абдан жакшы орунду ээлейт. Себеби, ошо кездеги турмушту сырттан эмес, ичтен сезгеним байкалат. Анын үстүнө эки-үч жыл калем кармабай, мынтык кармап калганга сүрөтчүлүктү өтө сагынып,

ошондон улам ошо кездеги картиналарымды жан дилим менен жазгандаймын.

Ошентип, биротоло граждандык ишке өттүм. Кырк төртүнчү жылдын башында көптөгөн аскер адамдары Москвага көчүп, алардан бошогон бир үйдү мага беришти. Бүлөмдү көлдөн алып келип киргиздим. Иш башталды. Бир күнү телефон чыр этти.

– Гапар, бу мен Алыкул. Бир нерсе уктуңбу?

– Эмне болду?

– Иш чатак.

– Айт тезирээк, эмне болду?

– Жоомарт каза болуптур...

– Койчу! Эмне деп атасың?!

– Ушундай...

Телефондун эки учунда, экөөбүз эки жерде эндирей тунжурадык.

– Эмне болуп? Ооручу эмес эле го?

– Көлдө... машина авария болуп...

Төбөмө таяк тийгендей эндирей түштүм. Капырай десе, кан суудай төгүлгөн жерде жүрүп келген мен тирүү калып, оорукта жүргөн Жоомарттын каза болушу, бу эмне деген жорук?!

Көрсө мындай болуптур. «Манастын уулу Семетейди» кино кылып тартмакка сценариясын жазып бүтүп, анан москвалык режиссер жана оператор менен Ысык-Көл багытында жер тандап, жер издеп баратып түшүп келаткан машине аңтарылып, анын алдында калыптыр, Жоомарттан башкасы тирүү экен.

Жоомарттын сөөгү Көлдөн шаарга биринчи июнда алынып келинди. Тармал чачы маңдайына түшүп, табытта жаткан акынды көрүп, муунум-жүнүм бошоп, эңшериле түштүм. Кечээ эле шатыра-шатман иштеп, төө көтөргүс ой-максат менен жашап жүргөн Жоомарт эми арабызда жокпу? Мындан ары болбойбу? Үнү угулбайбы? Айтмакчы, ал бир ай мурун:

– Гапар... Мен Отунчу менен түшүмдө ак шейшеп жамынып бир жатыпмын, бул эмнеси? – деген эле.

Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын режиссеру Отунчу Сарыбагышевдин согушта курман болгонуна эки ай болуп калган болчу.

– Түшкө кире берет... Отунчунун арбагы сактайт экен, - дегем. Бирок ичимден сызыла түшкөм. Маркум түшкө кирсе, айрыкча ээрчитип кетсе, же бир жатса жакшы болчу эмес эле...

Аманкул Куттубаев сыртта узун орунтуктун бир бурчунда ойлуу шылкыйып отурат. Иса Коноев баштаган жоон топ киши анын жанына келишти.

– Шоферинер соо беле?

– Сопсоо болчу... Машинеде биз ар кайсыны сүйлөшүп келатканбыз. Жоомарттын бүлөсү Тоңдо болчу. Ал машиненин бортунда көлгө артын салып келаткан. Бир маалда «Э, Аманкул, сен менин ордума келип отурчу, а мен сенин ордуңа барып отурайын» деп калды. «И, эмне болду?» - дедим. «Көлдү, көлдүн аркы өйүзүндөгү Тоңду карап отурайын. Балдарымды аябай сагындым. Көрбөсөм да, көргөндөй болуп отурайын» - деди. Экөөбүз орун алмашып

отурдук. Жоомарт көлгө тунжурай тиктеп ойлуу боло калды. Ушул учурда машине солк эте түшүп, анан бизди бир күйшөп алып, карс эткенинен көзүмдөн чагылган чарт-чурт эткенин гана бир билем, башка эч нерсе билбейм. Эсиме келсем төгөрөгүм ызы-чуу. Машине чалкасынан жатат. Талаадан чуркап келген колхозчулар көөдөнү борт менен жердин ортосунда калган Жоомартты эми эле алып чыгып, чалкасынан жаткырып атыптыр. Машине аңтарыларында ыргып кетсем керек, денем соо экен, Жоомарттын жанына жетип келдим. Төшүнө бүктөлүп калган бутун көрүп «Кокуй Жоке, бутуң кокус болгон го, төмөн жыгайынбы?» дегенимде көмөкөйүнөн онтоп «Бут жерге кирсин, көкүрөгүм болбой калды окшойт, - деди. – Ичиме ысык нерсе агып, ал күйгүзүп бараткансыйт».

Тезинен Чолпон-Атадагы балдар санаториясына алып келдик. Врачтардын айтуусунда, боору жанчылып кетиптир. Кан көп агып, мына ушундан көз жумду кайран жигит. Менин ордумду талашып атканы, ажал айдап аткан экен... Балдарымды сагындым, көлдү беттеп, Тоңду тиктеп отурайын деп атып, насип ушу экен балдарын биротоло көрбөй калды. А кайран Жокем... Кыргыздын бир шумкары эле го!

Ошентип, күтүлбөгөн жерден Жоомарт бет алдыбызда сулап калды. Көңүл айтып ар жактан келгендер андан көп, телеграмма жибергендер мындан көп.

«Я потрясен трагической гибелью Жоомарта – закатилась звезда киргизской поэзии. Примите мои глубокие соболезнование верный светлой памяти Жоомарта – А у э з о в».

Кайгыбызды бөлүшүп, биринчи көңүл айткан казак боордошубуз болду. Мал жайса төшүбүз, жайлоого чыксак көчүбүз бирге казак боордошубуз, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгону ошондо дагы бир ирет билинди.

Акын менен бүт коомчулук коштошуп атты. Жумушун таштап салып келген жумушчулар, кызматкерлер, студенттер табыт жанынан томсоро өтүп атышты.

Кыргыз мамлекеттик опера балет театрына коюлган Жоомарттын сөөгүн маданий жана партиялык ишмерлер алмашып көтөрүп, мунду музыканын коштоосунда көрүстөндү көздөй алып жөнөштү. Жубайы Тенти мөгдөп калган. Өңү же түшү экенин дале жөндүү биле албай, күйүт ачуусуна аябай ууккан жаш жубайды эки аял эки жагынан колтуктап алган.

Көрүстөн. Эртеби-кечпи баарыбыз келчү, баарыбыз жатып калчу түбөлүктүү айылыбыз, түбөлүктүү үйүбүз.

Көрбөгөндү көрүп, кылбаганды кылып, айтпаганды айтып жүрүп эле анан бир күнү эле, ушерде ушердеги бир дөмпөк жер алдында жатып калчу үйүбүз!

Жоомартты жерге бердик. Томсоро казанакка кирип кетти. Ушул учурда так төбөдөгү кара булуттар жарк-журк эте кылыч ойното берип, анан көнөктөп жамгыр төгүп кирди.

Томсоргон оорулуу Алыкул бейит жанында томсоруп туруп, ырын окуп атты.

...Анын ыры таттуу тилдүү бала эле,
өзү болсо жанга өчпөс жан эле.
Жорголугун салыштыра келгенде,
Шырдакбектин жоргосундай бар эле!

Мына эми Дзержин көчөсү менен жалгыз баратам. Кечээ эле ушу көчөдө тобубуз менен баскан сары ооз бала эмес белек? Кечээ эле ушул көчөдө толтура эмес белек? Кана эми Жоомарт? Кана эми Касым, кана эми Жусуп, кана эми Мукай, кана эми башкалар? Биз кечээ эле ушерде окуп-чокуп, ошол күндөр, ошол өмүрлөр, ошол күлкүлөр дайыма эле ошо бойдон, ошо калыбында кала берчүдөй, боло берчүдөй сезчү эмес белек! Аттиң-оо, көрсө андай эмес экен го!.. Эл, жер калып, бирок ошол эл ичинен, жер ичинен билинбей бирден терилип кете берет экенбиз го! Мына мен, азырынча тирүүмүн, ооба тирүүмүн! Жоомарттыкы ушу менен бүттү, биротоло бүттү. А мени алдыда кандай өмүр, кандай өлүм, кандай күрөш, кандай тагдырлар күтөт болду экен?..

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

Бу жашоодо адам жалган үмүткө көбүрөөк алданат окшойт. Антпөө айласы, чарасы жок, анткени тирүү пенде кай жерде, кайсы кыракта, кандай гана өмүр сүрбөсүн эртеңкинин жакшы үмүтү, жакшы жышааны менен жашайт. Ошого умтулат, бирок ошо жакшы үмүттүн да кээде ордунан чыкпай каларын, анткени бу көзөл турмуштун адамга берери менен эле алары да болуп турарын тирүү пенде дайыма эле туя билип, көрө бербейт. Деги үмүт деген кээде алдамчы келет. Ооруканада өлүм алдында жаткан оорулуу көчөдө алты саны аман бараткан адамды, анын аман-соо баратканы үчүн эле анын бактысы төө көтөргүс деп сезет, ага суктанат. Эгер эле ал да ошентип аман-соо басып баратса, ошо басып баратканы үчүн эле аттын башындай алтыны болсо, аны эч кимден, эч качан аябас эле. Мунуку да туура, бирок тиги алты саны аман бараткан «а жетпейт, бу жетпейт» деп ал өзүнчө бактысыз. Мүмкүн ал алты саны аман болгону менен өмүр бою эч нерсеге жетинбей, элдей жашай албаганы үчүн кемсинип, өзүн бактысыз сезип, ушундан улам тирүүлүктөн кечип, өлүп алганы баратканбы?

Ушу сыңары уруш учурунда көптү самачубуз. «Согуш эле бүтсө болду, калганы түккө тургус оокат» дечүбүз. «Аман эле калсак болду калганын кудай

алсын» дечүбүз. Мына ошол тилеген тилегибиз келип согуш бүттү, бирок согуш бүтсө эле баары бүтүп, баары ойдогудай болуп калбайт экен. «Согуш эле бүтсө болду, калганы түккө тургус нерсе» деген сөз согуш бүткөндөн кийин өз каадасын өтөй албай, өз каадасына чыкпай калды. Максат, умтулуу жана жашоо күрөшү андан ары уланып, адам баласынын каалоо чеги, үмүт чеги жок экен го.

Ошентип, кыл чайнашкан майдан күрөшү бүтсө, эми жашоо күрөшү башталды. Эл ач-жылаңач. Айылга чегейин десең унаа, себейин десең үрөн, иштейин десең билек чечип иштеп берчү жаштар жок. Ар-ар жерде сенделе баскан кемпир-чал, согуштан кайткан мунжулар арпа бышыкка эптеп жетсе эле адам катарына кошулуп кетчүдөй үмүт менен алгы ичип, туз татылган караандай суу ичип, көздөрү алайып, кабыргалары саналып, эптеп күн кечирип аткансыйт. Жашымдан жамандыкты көп көргөм, ачарчылыктын азабын аябай тарткам, ошого карабай турмуштун кээ кысымына чыдабай, кээде чүнчүп, а кээде ичип кеттим. Ичип алып, кечээ эле бир басып, бир жүргөн жолдошторумдан айрылып калганыма баш чеңгелдеп ыйладым. Баарынан да кыргыз адабияты Жоомарт, Жусуп, Мукай баш болгон туздары мерт болгонун эстеп ыйладым.

Чакан үйүмдүн төрт дубалына илер, ичине коер буюмум жок. Тун уулум Сатар экиге чыгып калган. Башыма эптеп бир нерсе жаздап, көөнө пальтомду алдыма салынып, күндүзү бел чечпей иштеген энеси түнү уктап алсын деп уулумду коюнума алып жатам.

Эртеси от жагып, пальтомду кургатып алайын деп, бирок ага үлгүрбөй сийдик боюнча сүрөтчүлөр Союзуна кийип кетем. Жыттанбасын деп пальтомду аерде алысыраак илгичке илип коем. Үй оокаты, тамак-аш, кийим-кече маселеси күн өткөн сайын башымды басып, шаштымды ала берди. Маяна аз, оокат кымбат. Бирөөлөргө окшоп айыл жеринен, же шаардан иш алып бүткөрө кое албайм, андай колумдан келбейт, келсе да көңүлүм чаппайт. Башка жактан мага эч кимден киреше жок. Эмне кылуу керек? Ачарчылыктан аман-соо кандайча чыгуу керек? Аскерий комитеттен офицердик ишим үчүн отуз миңге жакын акча алдым. Ачарчылык күчөп турган чакта кумга сиңген суудай эле кете баштады. Түгөнө электе шаар сыртынан агүрөтү бар эскирээк үй сатып алууну чечтим. Күнүнө иштен кийин тоо тараптан табылып калар бекен деп сая түшүп издеп жүрүп Күнтүүдөн үй сатып алдым. Агүрөтү кенен, анан да жаш багы, алма-өрүгү, жүзүмү бар экен. Дыйканчылыкка ымыркайымдан бышкан жаным ошо жылдын эрте жазынан эле жерди күрөктөп казып, арыктардын аягын аякка, быягын быякка чыгарып, жер-жемиштин түрдүү түмөнүн эгип, аялымды энеси менен кошо көчүрүп келип киргизип койдум. Өз жеринде өз үй, өз бүлөң менен өз короондо, өлөң төшөгүндө тынч-аман жашоодон артык эмне бар? Күнгө күйүп, көпөлөк кууп, көчүгүн жаркылдата борсулдай күлүп, жылаңач чуркап жүргөн тун уулумду тиктеп туруп, атамды ээрчип бирөөлөрдүн короосунда мандикер жүргөн кезимди эсиме түшүрдүм. Атамды билбейм,

мен ошондо бала болсом да үй ээсинин баласынан өзүмдү кем сезчүмүн. Короо меники эмес, аныкы экенин билип, ал чуркагандай чуркап, ал күлгөндөй күлө алчу эмесмин. Деги мен ошондо кудайдын курутун уурдап, ошон үчүн биз элден кем жаралгандай сезчүмүн өзүмдү. Мына эми азыр менин балам андай эмес. Менчилеп, бирөөнүн короосунда куйругун кыскан күчүкчө бир бурчта жалдырап кемсинбейт. Өз жери, өз үйү, өз короосу. Бүлөм үчүн, айрыкча уулум үчүн бардыгын кылууга, бардыгын өтөөгө даярмын. Ошон үчүн күнүнө жыйырма чакырым жер басып, шаарга барып-келип иштеп жүрөм. Көп баскандан бутум жооруп, чарчап-чаалыгып келем, бирок өз короомдо чуркап тоскон уулумду көрүп, эзиле кыйналганым, талыкшый чарчап-чаалыкканым тарап кетет.

Ошентип жаз өтүп, жай келип короодогу жер-жемиштер биринин артынан бири төгүлүп быша баштады. Жерден айланса болот. Кечээ эле эккениң бүгүн жемишин бере баштаганын көрчү. Бышыкчылык келип, аз болсо да эл тоюнуп-топуга баштады. Жер-жемиш сатып, калганын кайын энем кошумчалап күзгө маал бир бээ сатып алдым. Жаман арабаны оңдоп-түзөп, бээни ага кошуп, сүрөтчүлөр Союзуна эртели-кеч араба менен каттачу болдум. Ошентип тирилик өтүп, тынч жашоо башталды.

Кечээ эле союзга сийдик жыттанган пальто кийип келсем, бүгүн кудая шүгүр ат араба менен келе баштадым. А эртең мындан да жакшы болор, мындан да жакшы күндөр келер.

Семен Чуйков баш болгон сүрөтчүлөр Союзунда командировка алып, эл аралап кетишти. Чарбалардан заказ алып, бир жагынан чыгармачылыгын өркүндөтүп, экинчи жагынан жан багып кетишти. Мен бүткүл өмүрүмдү, бүткүл кан-жанымды эми биротоло мындан ары сүрөтчүлүккө арноону чечтим. Бир жагынан билимимди байытсам, экинчи жагынан көп иштеп, тажрыйбамды ашырууну чечтим. Сүрөт тартуу учурунда чарчабай эле кайра эс алам. Жөнөкөй, катардагы адам бу дүйнөдө тирүү жүргөнү үчүн эле, же майда барат нерсеге эле зор ырахат алат. Ал эми чыгармачыл адам чыгармачылыгынан улам эки ырахат алат. Ушундан уламбы күндүн батышынан мурун, күндүн чыгышын көбүрөөк самачумун. Анткени, күн чыгаары менен жашоо башталат, эмгек башталат. А эмгек – мен үчүн жан жыргаткан ыракат. Адамдын бүткүл бакыты, бүткүл ыракат-жыргалы, менимче бир гана эмгекте. Мен үчүн эми чындап чыныгы эмгек, чыныгы толгонуу, чыныгы изденүү башталды. Бирок бир нерсеге өзүмдөн өзүм куйкам курушуп, өзүмдөн өзүм кыйналчу болдум. Эмнеге дебейсизби? Борбордук Комитетке, айрыкча согуш мезгилинде көп эле адамдар кызматка келип кетти. Кээ бирөөлөрү согушка кетип а жактан кайтпай калды. Бирок баягы Кыргызбай Кокуйбаев согушка да барбады, кызматтан да кетпеди. Тескерисинче, бара-бара аерден орун-очок алып, болгондо да чыгармачыл топту ошол тейлеп калды. Жоомарт же Жусуп дегендер ким эле? Ошолор өлүп, ал эми ушу салпаяктын тирүү калганы, болгондо да менден жогору туруп, кандай,

кантип чыгарма жазарыма акыл үйрөтүүгө укугу бар экенине жаным кашайды. Анын үстүнө бир ирет республикалык таланттардын кезектеги сүрөт көргөзмөсүн даярдоодо аны менен дагы айтыша кеттим. Адатынча ал мени коркута сүйлөдү.

– Жолдош Айтиев... Кыргыз элинин революцияга чейин көркөм сүрөт өнөрү болгон деп кайдагы жомокту айтып атасың?

– Жомок эмес... Ташка, аскага салынган саймалар, сүрөттөр эмне кыргыздыкы эмеспи?

– Кыргыздыкы эмес. Кыргыз кой баккандан башка нени билген? Революция гана биздин көзүбүздү ачты. Революция гана бизди адам кылды. Революция гана бизди дүйнөлүк маданиятка кошту, сен муну айткың келбейт. Сенде өткөндү эңсөөчүлүк, самоочулук бар. «Манасыбыз» бар деп мактанасың. «Манас» ал феодалдардын чыгармасы, эзүүчү, бай-манаптардын чыгармасы, идеясы бузук чыгарма. Ушуну кантип түшүнбөйсүң?!

Кантейин, айла жок, андан ары айтышкым келбейт. Айтышуудан не пайда? Муну чоң жерде чоң киши колдойт. Болгондо да Ваговдун өзү колдойт. А Вагов деген ким? Кыргызстан Борбордук Комитетинин биринчи секретары. Жүргөн жүрүшү, сүйлөгөн сөзү так эле Кокуйбаевдин түгөйү, Кокуйбаевдин өзү. Россиядан келген. Мурун жумушчу болуп иштеген экен. Ата-теги жумушчу болгону үчүн, өзү жумушчу болуп иштегени үчүн акырындап жетекчилик кызматка көтөрүлө баштайт. Камоолордун учурунда Белоцкий,

андан кийин Аммосовдун башы кеткенден кийин «эл душмандарын тукум курут кылыш үчүн, анан да «ак пейил», болгондо да суу кошпогон «кыпкызыл коммунист» болгону үчүн Россиядан алыскы Кыргызстанга жооптуу кызматка келген.

Эл башкарган кишиде элдин көңүлүн ийите турган, ага ишене турган үмүт шамы жүзүнөн, ажарынан төгүлүп турса, анан да өтө эле жөнөкөй болом деп ошо жөнөкөйлүгүнөн арзан баа болуп кетпей, чыкыйган мырзалык турпатынан көрүнүп, ишине сөзү, сөзүнө иши шай келип турса. Мындай учурда эл ага, элге ал тез эле сиңип, бир тилектеш, бир ниеттеш болуп кетет. А бу Вагов деген неме оргу-баргы сүйлөп, оргу-баргы жүргөн катардагы бир мужук экен. Келери менен эле өзүн элдин кызматкери эмес, элдин кожоюну катары сезди. Улуу элдин өкүлү болсо эле, ага баары кечиримдүү болчудай улууну улуу дебей, кичүүнү кичүү дебей кагып сүйлөдү, мужуктук дымак менен билими эмес, бийлиги менен иш жүргүздү. Кечээ эле өзү жумушчу болгон неме, алакан чору кетери менен ошо кечээги жумушчулугун унутуп, жумушчу-дыйканга эмес өзүнө, өзүндөй бийлик ээлерине жакшы шарт түзүүгө өттү. Жөнөкөй катардагы адамдардын арыз-муңун жакшы укпай, укса да үстүртөн угуп, үстүртөн карап, аларга үстүртөн мамиле кылчу болду. Мына ушундай кишинин тандаган кадры ушу Кыргызбай Кокуйбаев. Союздун иши боюнча, өзүмдүн ишим боюнча буларга барбай Төрөбай Кулатовго барсам окшойт. Буларга караганда ал түшүнөр? Ал жардам берер? Ал деле мендей

жетимдикти башынан өткөргөн да. Анын үстүнө мени билет, мени тааныйт.

– Кел, Гапар, кел...

Ордунан элпек туруп келип, элпек кол берди. Ал менден эки жаш улуу, анын үстүнө кызматы зор, ошон үчүн «ович» менен оюмду билдирдим.

– Төрөбай Кулатович... сүрөтчүлөр Союзун билсеңиз керек, согушка чейин эле уюшулган... Ошондон бери сүрөтчүлөр Союзу деген аты гана болбосо, башка эч нерсеси жок. Көп жылдан бери имарат сурап жүрүп, согуш учурунда Ленинграддан эвакуацияланып келип, кайра ал жакка кеткен кишинин үйүн жакында араң алдык. Аларын алып, башканы айтпайын, аерде үстөлүбүз жок. Бул бир... экинчиси, сүрөтчүлөр Союзунда иштегенибиз менен эмдигиче мен баш болуп, маяна албайбыз... Акыбал начар...

– Билем, билем,- деп Кулатов элпек баш ийкеди. – Силер эле эмес, бүт баарыбыздын акыбалыбыз начар. Өзүң билесиң, Гапар...согуш кечээ эле бүттү. Бүткүл Украина, Белоруссиядан баштап, Москва алдына чейин шаарлар кыйрап, күл дөбөбүз чыгып жатат. Мына ушуга кол-кабыш кылууга Сталиндин колу коюлган кат келди...

– Албетте, а да керек... Бирок, биринчи өзүбүздүн проблеманы чечишибиз керек... Качанга чейин эле...

Кулатовдун көздөрү мага тостое кадалды.

– Айт, айт... Эмне «качанга чейин эле»? Оюңду аягына чейин айт?

– Оюм ушу Төрөбай Кулатович... Сүрөтчүлөрүм ачка отурат. Көбү эл аралап, заказ издеп кетишти, бирок элдин өзү ачка отурат. Ошон үчүн сүрөтчүлөргө маяна керек. Согуш учурунда эл өзү ичпей, өзү жебей баарын фронтко жиберип турду. Согуш бүттү. Эми өзүбүздү да ойлошубуз керек. Качанга чейин эле өзүбүз ачка отуруп, өңгөгө... республиканын сыртына жибере беребиз?

Кулатов креслосуна чалкалай томсорду. Кебетесине караганда бир да адам ага минтип айтпаса керек. Айрыкча «өңгөгө» деген сөз ага катуу тийгенин байкап турдум. Кулатов зекий сүйлөдү.

– Э, Гапар, ушу сен айтчу сөзбү? – Анан ээн кабинетинде бирөө угуп койчудай акырын шыбырады. – Отуз үчүнчү жылы үрөндүк буудайды Россияга бербей койгону үчүн Орозбеков менен Абдыракманов эмне болгонун билесиңби? Бу сөзүңдү менден башка эч ким укпасын! Минтип боордош Россиябызды бөлүп-жарып отурсак, анда келечекте бүткүл дүйнөгө эмес, өзүбүздүн өлкөгө коммунизмди кура албайбыз. Чыдаган жаның чыдай турсун, Вагов менен сүйлөшөм,чечебиз маселеңди...

Шылкыйып, сыртка чыктым. Эми кимге барам? Кайда барам? Ким жардам берет? Мындай кыжалат учурда Алыкулга келчүмүн...

* * *

Адаттагыдай эле Алыкул үйүндө экен. Айрыкча коңшулары, а түгүл чыгармачылыктын куу түйшүгүн жакшы билген калемдештери эле Алыкулду элге анча

аралашпай, өзүнчө бөтөнчөлөнүп, жалгыз-жарым өмүр сүргөн, түнт адам катары баалашчу. А чынында Алыкул жалгыз эмес эле жана өзүн жалгыз-жарым сезчү эмес. Артында жүздөгөн, миңдеген окурмандары болсо, алдында аны күрөшкө күнүнө шыктатчу ондогон каармандар бар эле.

– Эмнеге мынча капалуу келдиң?-деди.

– Башың карыздан арылбаса, кантип анан кабагың ачылат?

Алыкул ойлуу муюду, анан жаныма акырын басып келип, колун ийниме койду.

– Э, Гапар, Гапар!... Эгер менин сендей ден соолугум болсо, эч капаланбас элем.

– Мүмкүн...бирок адамдын ой-санаасы алдамчы көрүнөт. Бир кезде мен да согуш бүтсө, согуштан аман-соо кайтсам, бу жашоодо эч капаланбайм дечүмүн. Согуш бүттү, аман-соо кайттым, бирок...

– Бирок, курбум, пенделикке жеңилбеш керек... Бу дүйнөдөгү зор бакыт бу-ден соолук. Ден соолук болсо, калганы эмне... Албетте, кээде кайгырасың, а кээде кубанасың... Антпесе турмуш болобу, жашоо болобу? Жашоонун кызыкчылыгы мына ошондо да. Бирок, оорчулукка моюн сунуп, чөкпөш керек.

– Чөкпөйүн десең да, чөгөрүп атсачы?

– Моюн сунбаш керек.

– Сунбайын десең да, сундуруп атсачы?

– Эрки күчтүү кишини чөгөрө да, сундура да албайт. Айтчы, сени ким мынча капа кылды?

– Кулатов...

– Эмне деп?

– Жетекчиң маселе чечпесе... чечейин десе да кудурети жетпесе, көчүгүн күйшөп гана жогору жактын буйругун угуп, ошолорго кошомат кылып, аларга жалтак сүйлөп, а сага текебер сүйлөп, кур убада берип отурса, мындан артык кордук барбы?

– Капа болбо, Гапар... акча керекпи, алып тур...

– Карыздын үстүнө дагы, карызбы?

– Эсептешкен дос болбойт... – Үстөлдүн тартмасынан бир тутам акча алып, алдыма таштады. – Чоң сүрөтчү болгондо – кийин берерсиң, болбосо... сурабайм. Сенин үй-бүлөң бар, а менин коколой башым.

Айдайдан айрылган Алыкул башка аял затына көңүлү түшпөй бир топ жыл бою анын азасын тутту. Айдайдын жаны эбак аркы дүйнөгө кеткен менен Алыкул сезиминде анын жанынан жанын эч ажырата албай жүрдү, бирок өлгөндүн артынан өлүп кала албайт экенсиң го, тирүү болгондон кийин тирүүчө жашаш керек экен го, дагы бирөөгө көңүл табын берип, элдей кумар отуна батып, бүлө күткүсү келди.

Согуш алдында Алыкул күндөлүгүнө мындай деп жазды.

«Айдайдан айрылганыма эки жыл өтүп кетиптир. Мезгил деген тулпар экен го. Өткөндө анын бейитине бардым. Бозоргон бейиттин жанында бир кыйлага дейре бозоруп, жалгыз турдум. Бир кездеги тирүү жан мына эми жер менен жер болуп, билинбей чымга айлана баштаган. Адамдын бул дүйнөгө

келиши менен кетиши, таяктын эки учу сыяктуу белгисиз нерсе экен го...

Айдай жер менен жер болуп, биротоло Жер-Энеге айланыптыр! А мен азырынча тирүүмүн. Тирүүмүн! Тирүү болгондон кийин күн көрүш керек экен, күн көрүш үчүн элдей түтүн булатып, бүлө күтүш керек экен. Ошон үчүнбү, күн кечээ Зейнеп аттуу кыз менен таанышты. Айдай мени кечирер».

Зейнеп менен Алыкул күтүлбөгөндөй ойдо жок жерден таанышып калды. Болгондо да кыргыз адабияты жана искусствосунун Москвадагы он күндүгүндө. Экөөнү аерден атайын жолуктурган Илике Көкөев болду.

– Мен айтып жүргөн зор акын Алыкул Осмонов деген ушул, - деди.

Мактоо сөз кулагынын кырынан кеткен Алыкул бир калыбында сабырдуу мостоюп, кызга шадылуу колун созду.

– Алыкул.

– Зейнеп...

Зейнеп Москвада театралдык институтта окуйт экен. Ушул ушул болду, ушундан бир ай кийин Алыкул Зейнепти «Ала-Тоо» кинотеатрынын алдынан жолуктурду. «Ала-Тоо» алды ошо кезде эле айрыкча жаштар үчүн махабат базарындай сезилчү. Алыкул менен Зейнептин махабаты дал ушул «Ала-Тоо» алдынан башталды. Зейнеп өз баасын өзү билген, тартынбай сүйлөп, тартынбай тамаша айткан, ачыкайрым кыз экен. Тыкылдаган туфлийинин дабышы,

алга баскан сайын асте серпиле берген көкүрөгү, бурулганда жадырай жанган көздөрү, күлгөндө бажырайган күрүч тиштери, акылдуу сөздөрү акынды кайрадан махабат отуна салды. Айдайга чагылгандын отундай дароо ашык болгон эле, мас кишидей дароо ага ден-дароо боло түшкөн эле. А Зейнепке бара-бара тартылды. Айдайдан кийин эми эч кимге, эч качан ашык боло албайм го деп ойлогон эле, бирок жүрөк байкуш кайрадан ойгонуп, эки ыптасына кайрадан эки канат бүткөнсүп, ушундан уламбы, калем учунан ырлар мөндүрдөй төгүлүп, жалгыздыгын унутуп телегейи тегиз, теменеси болот болгонсуп, кайрадан бактылуу күндөр башталды. Мурун кумсарып, түн жамына короосунда жалгыз отурса, азыр эми анын күтөөрү бар, таянары, жөлөнөрү бар, бирок өзүнүн кыялы да оңой эмес. Бир жаман көрүп калса бүттү, муздайт да калат. Анткени, ага жалган мамиле, жалган достук, жалган сүйүүнүн кереги жок, баары тең таза дилден, чын жүрөктөн болушу керек, бир күн болсо да ага чыныгы достук, чыныгы сүйүү, чыныгы өмүрлүк жолдош керек! Жөнүнөн калем учунан мындай ырлар жаралбаса керек.

...Зарыгам, акылы бек сулуу жарга,
Зарыгам, үмүт күтүп, алда-жайга.
А мүмкүн мени сүйгөн эч ким болбос,
Шыбырап, кубат берчү тирүү жанга!

Зейнеп акынга арзып калганы менен, бирок анын ким экенин, кандай экенин азырынча али жакшы билбейт. Зейнеп адабиятты жанындай көрөт экен.

Нан, суу, аба ага кандай керек болсо, театр, кино, китеп дал ошондой керек экен. Мунусу Алыкулга жагат, өтө жагат. Бүткүл өмүрүн, бүткүл жаштыгын, бүткүл күч-кубатын адабиятка курман чалган адамдын арзыган жары курсагынын, же кийимдин гана кулу эмес, руханий азыгы менен жашап атканы жакшы го!

Ошол жылы Алыкул «Жолборс терисин жамынган баатырдын» котормосун аяктайын деп калган.

– Зейнеш... сен менин окурманым эле эмес, сынчым да болушуң керек.

– Сөзсүз... Мен сенин кашкайган калыс сынчың болуп берем.

Сын демекчи... бу ооз көптүрмө сындан башы мурунтан эле эч айрылбай келет. Мындан эки жыл илгери ырлар жыйнагынын кол жазмасын «Кыргызмамбаска» тапшырган эле. Болочокто жарык көрө турган китепке пикир жазган бир чала сабат адабиятчы, башканы айтпайлы түз эле саясий ката таап чыгыптыр. «Осмонов «кыргыз элим», «кыргыз жерим» деген сөздөрдү ырларында көп колдонот! Бу деген улутчулдук, жолдоштор! «Совет элим», «совет жерим» деп жазыш керек. Анын үстүнө Осмоновдун өзү эле эмес, ырлары да пессимисттик көңүл чөгөрүүгө аябай баткан».

Айрыкча ушул пикир шылтоого шыноо болуп берди. Китеби кармалып калды. Кыргызбай Кокуйбаев чоң чогулуштарда ачык эле айтып чыкты.

– Жолдоштор... Бу Алыкул Осмонов деген кайдан чыккан неме?! Эмне үчүн ал оюна келгенин жазып

жүрөт? Эмне үчүн бизден заказ алып кетип, анан жазбайт? Кайдагы бир орто кылымдагы Шотаны которгондон көрө бүгүнкү советтик жумушчу жөнүндө жазган ырларын которбойбу? Өзү кайда отурат? Жокпу? Эмнеге чогулушка катышпайт?

Ушундан кийин китеби эмес, жаңы жазылган ырлары күндөлүк басма сөзгө басылбай калды. Өтө ойчул, өтө назик акын басынбайын десе да бара-бара басынып, чүнчүбөйүн десе да бара-бара чүнчүп, ого бетер түнт тартты. Кокуйбаев сыяктуу атка минерлерден эле эмес, бирге окуп, бирге өскөн калемдештеринен да көңүлү калды. Жалгыздыкка берилди. Коңшусу Түгөлбөй Сыдыкбеков гана аны жакшы түшүнөт, баалайт, кадырлайт. Түндүн кайсыл гана маалында Түгөлбай сыртка чыкпасын Алыкулдун үңкүйгөн жалгыз карааны короодогу босого тепкичте бир калыбында кыймылсыз, дабышсыз үңкүйүп отурганын көрөт.

Анын үстүнө кургак учук оорусу быйыл ого бетер күчөдү. Төрт дубалдын ортосунда түнү бою күрсүлдөй жөтөлүп, жалгыз жатат, кан түкүрөт. Мындай учурда, эмнегедир аталаш эжеси Сырга эсине түшөт. Жатындаш эжеси Марияга караганда Сырга ага жакын сезилет. Эмне үчүн? Ажардуулугунанбы? Боорукерлигиненби?

Жөтөлү басылбаганынан улам, жарым түндө жарыгын жандырып ордунан турат. Колуна калем алат. Калем учунан мындай маанидеги ырлар эшилип чыга келет.

...Кат жазбасам эжекебай,
калдыңбы же таарынып?
Кагылайын оо боордошум,
күттүңбү жооп зарыгып?

Алсыз жатам, шыпты карап.
иниң оору жалдырап.
Жүрөктөгү кан тамырлар,
жүрбөй калса тамчылап.

Өмүрүмдүн гүл кезегин,
сага таштайм тартуулап.

Кан түкүргөнүнөн улам чын эле өлүп калам го деп чочуган, бирок бара-бара кайра оңолуп кетти. Жыйнагынын оңдолгон нускасы жарык көрдү, көптөн илээшкен зор эмнеги «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынын котормосу өзүнчө китеп болуп чыгып, Зейнеп менен тааныштым.

– Зейнеш... сен менин окурманым эмес, сынчым да болушуң керек.

– Сөзсүз... Мен сенин кашкайган калыс сынчың болуп берем. Окучу...

– Угуп тур анда:

... Сүйүүнүн – көзү көрбөс түрлөрү бар,
Сүйүүнүн – кулак укпас үндөрү бар.
Сүйүүнүн – кыш болсо да гүлдөрү бар,
үзүлбөс - башка адамга гүлдөрү бар.
Сүйүүнүн – булбулдарга бербей турган,
Өзүнүн тарта турган күүлөрү бар.

– Кандай?

– Эң сонун жазгансың.

– Мен жазган жокмун.

– Ким?

– Шота...

– Ии... Котормоңдон тура. Гапар Айтиев «Алыкул Шотаны которбой эле, аны кыргызча жазып чыкты» дейт.

Алыкул кагаздарын папкага салып, аны бышыктап бууп атып:

– Гапарга ишенбе... Ал жөн эле мактай берет, - деди.

– Гапарды сенден жакшы билем, - деди Зейнеп. – Ал оңой менен анча-мынчаны мактабайт.

Алыкул үндөбөй калды. Жүзүнө караганда бу сөз ага жагып турду. Бир нерсе ага жагып калганда ал мына ушинтип ички шамы жүзүнө чыгып, дулдуя момооруп, үндөбөй кала турган. Анын бул мүнөзү Зейнепке айрыкча жагат. Оор-басырык, коңур, бир сырдуу, ойлуу жүрүшү айрыкча жагат. Зейнеп өзү көп сүйлөп, ачык-айрым болгону менен, ачык-айрым, көп сүйлөөк эркектерди чыртылдап жактыра бербейт. Тез кубанып, тез жинденген, же орду жок тамашакөй, анда да көп сүйлөөк эркектерди арзан баа, жеңил желтең көрөт.

Көп узабай Зейнеп кайра Москвага жөнөп кетти. Театралдык институттун акыркы курсунда окуп аткан. Зейнеп Москвага кеткенде Алыкулдун көкүрөгү эле эмес, Дзержин бульвары, Дзержин бульвары эле эмес, бүткүл шаар бөксөрө түшкөнсүдү, куту учуп көңүлсүз боло түшкөнсүдү. Көкүрөк черин кат менен баскысы келди. Бир жума өтпөй артынан кат жазды.

«Зейнеш! Аруу отуна катуу кабылганымды айрыкча сен кеткенден кийин толук сездим. Айдайдан кийин эми эч кимди сүйө албайм го деп ойлочумун, көрсө андай эмес экен. Анткени турмуш бир ордунда турбайт экен, мындай болгон соң адам, адамдын көңүлү да бир ордунда турбай, күн өткөн сайын улам жаңы өрүш, жаңы багыт, жаңы сезимдерге шыктанып, жаңыланып турат экен...

Арадан жума өтпөй сагындым өзүңдү. Сагындым үнүңдү, илебиңди, көздөрүңдү! Канатым болсо учуп жетсем дейм, бирок айла жок уча албайм!»

Жарым жыл өтпөй Алыкул Зейнептен таарыныч кат алды. «Чынчылдыгың үчүн, калыстыгың үчүн, айрыкча мага жазган каттарың жана мамилең үчүн бардык эркектерден өзүңдү жогору койчумун. Бирок мен аябай жаңылыпмын. Башка кызга үйлөнгөнү жатыпсың, кош, бактылуу бол!!!»

Бул катты окуган Алыкул төбөсүнө таяк тийгендей эндирей түштү. Кайдагы кыз? Бул эмне дегени? Бир жерде отура албай, акылын топтой албай ары-бери басып жүрдү. Түнү уктай албады. Ою онго бөлүндү. Эртеси «Мен баратам» деп Зейнептин адресине телеграмма жиберип, Москвага поезд менен жөнөдү. Бир күндө эле жете койчу жол болсочу! Жол алыс. Ушу жол менен Алыкул канча жүрбөдү. Ушу жолдо ары баратып, бери келатып улуу Шотаны которду. Эчен ырлар жазылды, кыялга батты. Терезе сыртында зыпылдай калып аткан казак менен орус талаасын телмире тиктеп келатып, эчен-эчен ойлорго батчу, бу опосуз, бу түбү тешик гөзөл дүйнөнүн миң түркүн

сырына төнүчү. Мына азыр да бет алдынан зыпылдай калып жаткан кең талааны телмире тиктеп келет. Тигине, жашыл талаа. Бир жаш бала өңкүлдөй качкан оюнсаак музоону тызылдай кубалап, алардын артынан көөнү куунак күчүк дердеңдей чуркап барат. Үчөөнүн тең көөнү куунак, анткени үчөө тең жаш, үчөөнүн тең өмүрү алдыда. Төбөдөгү күн, таман алдындагы жер бир гана алардыкы сыяктанат. Алыкул аларга суктанды. Кандай сонун курак. Аларга караганда өзүн өтө эле кары сезет. Илгери-илгери бар заманда төрөлгөндөй сезет. Деги азыр канча жашта? Жыйырма беште. Жыйырма бешке жакында гана толуп, кыл чайнаган жигит кези, а бирок өзүн мынча кары сезет?

Казак вокзалынан түшүп калды. Жолдон гүл алып алган эле. Жөнөөрдө «күтүп ал» деп телеграмма жиберген эле, Зейнеп күтүп турса керек? Вагондон чыгып, эл аралап ары-бери басты, көздөрү оңгосолго кетип, эл арасынан Зейнептин караанын издеди. Жок, Зейнеп жок!

Алыкул шылкыйды. Москванын бүркөө асманы ого бетер бүркөлө түшкөнсүдү. Көңүлү элеп-желеп болуп, Зейнептин жатаканасына жетти. Кудай жалгап Зейнеп бөлмөсүндө экен. Гүлбактуу короого чакыртып алды.

– Зейнеш!..

Зейнеп томсоро анын алдына келип турду.

– Жазган катың мени катуу капа кылды... Жооп жазуунун ордуна чыдабай өзүм жетип келдим.

Зейнеп ага колуна кармай чыккан катты сунду. Катта эмне гана жазылбаган. «Алыкул өзүмчүл, Алыкул түркөй, элге кошулбайт. Адамгерчилиги жок, бирок өтө катынпоз. Ошто иштеген Жээнбай Самагановдун аялы Лара Кошоева, курдашы Тенти Жунушбаеванын үйүнө Фрунзеге конокко келсе ага ыгы жок сөз айтыптыр, түнү төшөгүн ачмак болуптур. Сени ал Москвага кетериң менен эле унуткан. Медтехникумда окуган бир кызга үйлөнгөнү жүрөт...»

Алыкул таң калды. Кат аялдын колу менен абдан сулуу жазылган, бирок аты-жөнү айтылбаган.

Алар унчукпай бак аралап басты. Түшкө кирбеген нерсе. Лара Кошоеваны Алыкулдун көрбөгөнүнө көп болгон. Бир кезде ал Мидин Алыбаев менен сүйлөшүп жүргөн эле. Кийин балдар үйүндө өскөн бу татына кызды белек-бечекке тундуруп, артынан сая түшүп жүрүп Жээнбай Самаганов үйлөнүп, аны түштүккө алып кеткен. Андан бери аны көрө элек.

– Зейнеш, ушу катка ишенесиңби?

– Кантип ишенбейм...

– Бу тоголок кат...Тоголок катты бузукулар, көрө албагандар гана жазат. Кошоеваны көрбөгөнүмө көп болду. Медтехникумда окуган, сүйлөшүп жүргөн эч кандай кызым жок. Мына, ак жолдо турам, ишен! Эгер эле жалган айтсам, ушу биз турган жол мени уруп кетсин!

Зейнеп башын анын көкүрөгүнө жөлөдү. Эгер сүйбөсө, эгер башка кыз менен жүргөн болсо, ушинтип алыстан демигип, күйүп-бышып, колуна гүлүн алып жетип келмек беле? Чын эле көрө албастар жазган

го? Зейнеп ушинтип ойлоду. Көңүлү ачылып, мурункудай жаркылдап калды.

Зейнеп менен Алыкул Москвада эки күн болуп, үчүнчү күнү Москвадан Фрунзени көздөй жол тартты. Бир жыл өтпөй Зейнеп окууну бүтүп келип, театрда иштей баштады, көп узабай согуш болор алдында баш кошушту.

Мына эми өз үйү, өз бүлөсү, өз очогу. Бир жагынан минтип жакшы болду, экинчи жагынан жаман. Согуш! Душман селдей каптап кирип келди. Жоомарт, Гапар, Жусуп, Узакбай сыяктуулар эли, жери, бүлөсү менен коштошуп, согушка жөнөп атышты. Алыкул ичинен кемсинди, кемсинди билинбей. Аялынын, Ата-журттун, элинин алдында кемсинди. Эр азаматтар майданга кетип атса, а ал эч кимге керексиз буюмдай болуп көмүскөдө калышы кандай? Оорулуу экени мурун көп учурда сезилбесе, согуш башталганда анын жарасы ачыла түшкөнсүдү. Анын үстүнө кээ бир отуруштарда «түкүн кетти, пүкүн кетти... а Алыкул кеткен жок, анткени ал оорулуу да» деген сөздөр анын арына тийди, жүрөгүн сыздатты. Баарынан да жакында эле баш кошкон Зейнеп алдында басынып, ал ичинен «Байкушум, оорукчал-сың, ошон үчүн эр азаматтар аттанган жакка аттана албай калдың» деп атабы деп өзүнчө кыйналды, өзүнчө арданды. Бирок Зейнеп эстүү аял, ошентип ойлосо да сыр бербейт.

– Ок ким экениңе карабайт, сендей акын элге керек, - деп жаркылдай чайын алдына коет.

Ал антсе Алыкулдун көңүлү жибийт. Чын эле ошондой эмеспи деп өзүн ынандырат. Ички шамы болпойгон жүзүнө чыгып, чечилип сүйлөйт.

– Зейнеш... Кудай аман койсо, жеңиш биздики болсо, Ысык-Көлдүн толкун урган жээгине зор там салам. Сага уй, эчки, кой сатып берем. Кышында театрда ойноп, жайында бир ай бою уй саайсың.

– А сен кой багасың...

– Багам... койду жайып кою-уп, көлдү тиктеп отуруп ыр жазам.

Экөө тең каткыра күлүп калышат, бирок бу күлкү көпкө узабады. Алыкул барган сайын түнөргөндөн түнөрдү, согуш чыга элек кезде адабият майданында биринчи чекте жүрчү, а согуш чыгары менен арткы чекте, болгондо да эч кимге пайдасы жок, кемпирчал, бала-бакыра жүргөн жерде калды. Көп жылдан бери илээшкен оору өпкөсүн жараласа, бул ой жүрөгүн жаралады. Анын үстүнө бир ирет Зейнеп экөө саал-паал айтыша кетишти. Ошондо, баягы согуш башталган жылы «Ок ким экениңе карабайт, а сендей акын элге керек» деген Зейнеп бул ирет ачуусуна алдырып «Мени менен минтип очок боюнда айтышып отургандан көрө, ошо согушта жүрсөң эле жакшы болмок!» деп алса боло.

Бу сөз Алыкулду биротоло бүк түшүрдү. Ушу сөз эртеби-кечпи айтыларын күтүп жүргөн эле, айтылды. Аял айрыкча боюнда бар кезинде чыртылдагыраак келет экен го. Мурун мындай чырт этме адаты жок эле. Жакшы тилек менен жашап

атышканда ушуну эмнеге айтты? Эмнеге? Ай, атаңдын көрү ай! Көңүл калуулар ушинтип башталабы? Ушу кыска өмүрдө, бир келип, бир кетчү өмүрдө ушинтип айтуунун кереги бар беле? Анан калса өзү да оңой эмес. Көңүлү гүлдөй назик болгону менен көңүлү бир калса-таштай муздак, таштай катуу. Жанып турган пейили кырс болуп кетет, анткени ал өзү бирөөгө эч качан, эч бир учурда жаман айтып көргөн жан эмес, а эмне үчүн анда ага жаман айтышат? Эмне үчүн, эмне үчүн? Эмне үчүн?! Ал бирөөнү кордобосо, а эмне үчүн аны бирөөлөр кордойт?! Ушинтип, кайгы тартып, тирүү өлүк болгончо, согушуп, согуш талаасында чыныгы, кадимки өлүк болуп жатса жакшы болор эле! Бирок, бир күнү Алыкулдун кабагы жарк ачылды. Бул миң тогуз жүз кырк экинчи жылдын жыйырма төртүнчү январы эле. Зейнеп төрөп, наристенин үнүн укту. «Ыңа-а-а!» деген үн анын сезим отуна ширеңке чагып, ички кубанычы сыртына чыгып, чыпалактай наристенин жанында отурду, чын эле ушу менин баламбы, менин канымбы, менин өмүрүмдү, менин тукумумду улай турган келечек муунбу дегендей саамайынан асте сылап, утуру мулуңдап, коңшуларга жентек той бериш үчүн эски оорусун, эски кайгысын унутуп, үйгө кирип-чыгып барбалактап жүрдү.

– Зейнеш, Жыпар деген ат жакшы ат, Жыпар эле коелучу?

– Мейли, кызыбыздын атын сен кой, а уулду болгонубузда анын атын мен коемун.

– Карасаң Зейнеш...кашы, чачы так эле меники, ал эми кырдач мурду, оймоктой оозу так эле сеники. Өбөйүнбү?

– Өбө бер...

– Оорум жугуп калбайбы?

– Койчу өтө эле астейдилене бербечи.

– «Махабат» деген пьеса баштадым... Башкы каармanымдын аты Жыпар... «Ак Мөөр» деген драма жазып, аны Жыпарыма арнаймын, кандай дейсиң, Зейнеш?

– Эң туура. Жыпар кийин чоңойгондо, атам мага арнап жазган деп сыймыктанып айта жүрөт.

Таттуу үмүт, таза тилек кээде кандай алдамчы? Бир жума өтпөй Жыпар ооруп калды. Бу дүйнөгө келгенине болгону он төрт күн гана болгон эле, он бешинчи күнү өлүм алдында жатты. Чыпалактай кызыл эт же ары же бери кете албай кыйналып жатты. «Кудай ай, тузуңду уурдадым беле?! Неге мынча мени, мени менен кошо бүлөмдү тооруп калдың?! Ушу чыпалактай кызды кыйнаганча мени кыйнап, мени алчы?! Ошентчи, ошентчи?» Алыкул пальтосун үңкүйө жамынып, айласы куурулуп, бу өмүр, бу жашоо, бу дүйнө ага азыр ого бетер тар болуп, ымыркайын боорuна кысып, ары-бери басат. Зейнеп төшөктө жатат. Өткөндө өбө бер дебедиби, чын эле ошондо жуктубу? А мүмкүн кан кууп, оорулуу атадан тубаса оорулуу төрөлдүбү? Ай, ким билет! Төрөтканада кызына суук тийген. Ал төрөттөн жакшы оңоло албай жаткан Зейнеп, эриндерин тиштене зыркырап, баятан бери

чабалактап узай албай жаткан кызын көрбөйүн, үнүн укпайын деп төшөккө чүмкөнүп, эс-учунан кетип жатат.

«О, түбү тешик дүнүйө, ушунча да катаалсыңбы?! Ушунча да таш боорсуңбу?! Ушу ымыркайда эмнең бар?!» Алыкул ымыркайынан көзүн албайт. Нарис-тенин кыйналып атканы ушунча, чоң кишиче көмө-көйүнөн онтоп, көзүн ачканда каректери төбөсүнө кетип, кеберсиген оозун утуру ачып-жумат. О, капы-рай, эми эмне кылат? Сактап калууга кандай айла бар? Коңшуларына чуркайбы? Дарыгерге чуркайбы? Алар келип, кетип айтпайбы, бирок алардан не пайда?

Ошентип, биротоло айрылчу убак-саат да келди. Кыйналып жатып, түнкү саат он экилер чамасында каруусунда жаткан кызы узай берди. Көздөрүн бир ачып алып, анан бөйтөйгөн ээги солк дей берип, жаны жай алып жатып калды. Жок дегенде өз колум-дан узасын деп кызын Алыкул эки каруусуна салып алган эле. Болоор иш болду. Кызын ал ороо-чулгоосу менен керебетине асте коюп, нес болуп кичинекей табыттын жанында жалгыз турду. Бу дүнүйө эми аны эч нерсеси менен кызыктыра албай калды. Тойду, тойду баарына!

Алыкул кызын ак даке материалга, ал үшүп калчу-дай аябай аспиеттен ороду. Коңшуларын ойготкусу келбеди. Өзү кийинди, анан Зейнеп жаткан тарапка бурулду.

– Зейнеп ... бүттү эми... Айла канча, кайрат кыл...

Зейнепти турат го деп күттү, бирок ал тура албады. Алыкул кичинекей чүргөөнү эки каруусуна алып, шырп алдырбай сыртка чыгып кетти. Чоң көчөгө чыгып, анан тар көчөгө түшүп кайра чоң көчөгө чыгып жүрүп, кара түн чыкыроон суук алдында бир саат ашык жол басып «Аларча» көрүстөнүнө жетти. Дарбазага келгенде аны күтүп тургансып көрүстөндүн шайыгы алдынан тосуп чыкты. Акырын алик алып, эшик ачты да жаман сарайдан күрөк алып алдыга түштү, анан саал узабай :

– Жер казганга бирөөнү алып алайын – деди.

– Жок, шайык ата... мен өзүм эле...

Шайык жалгыз аяк жол менен Алыкулду көрүстөндүн те батыш тарабын көздөй ээрчитип жөнөдү. Жолдо эч ашык кеп сурабады, ага баары түшүнүктүү болду.

Алыкул наристесин шайык көрсөткөн жерге асте коюп, анан колуна күрөк алып, тоңголок жерди каза баштады. Жаш баланыкы эмне, тез эле казанагын чыгарып, топурагын сыртка шилтеп казып жиберди. Шайык наристени колуна алып, казанака берерде Алыкул кызынын бетин ачып чүкөдөй жүзүнөн бир нече ирет өпкүлөдү да, анан кызы кантип казакнака баратканын тиктеп салбырай катып турду. Анан өз колу менен топурак таштап, ал үшүп калчудай сууктан калкалап, тез эле көмүп жиберди. Шайык шашылбай туруп куран окуп, экөө бирдей бата тартышты. Алыкулдун колунан шайык акча албай койду.

– Шайык ата, ыракмат... Эми бир аз мени жалгыз коюңуз...

Шайык басып кетти. Ошондо гана Алыкул көзүнөн муунак жаш сыгылып чыгып, кызынын дөмпөйгөн кичине мүрзөсүнүн жанында, аны бешенесинен сылагансып өксүп ыйлады. Ал эс тартканы эч жерде, эч качан минтип өксүп боору боркулдап ыйлаган эмес. Айла барбы, кызы менен бирге жатып калалбады, аны томсоргон көрүстөндө томсорто жалгыз калтырып, көрүстөндөн жалгыз чыгып кетти. Кайсыл жол менен кантип келатканын жакшы билбеди. Күйүттү көкүрөгүн өрттөп, болгону эки ором элдик ыр эсине түштү.

...Күн түн менен алмашып,
өтө берет турбайбы.
Кечээ жанган өмүрлөр,
өчө берет турбайбы.
Атасынан баласы,
мурун өлөт турбайбы.
Ак кепиндеп өзүнчө,
көмүп коет турбайбы.
Сен-сен дүйнө, сен дүйнө,
кимге опо кылгансың?
Кылымдарды арытып,
баарын жутуп тынгансың!

Ушундан кийин Алыкулдун оорусу кайра күчөдү. Көрүстөнгө барган түнү өпкөсүн суукка катуу алдырыптыр. Төрт дубалдын ортосунда кайрадан такылдай жөтөлүп жатып калды. Кызынын өлүмүнөн кийин эмнегедир Зейнептен да көңүлү сууп кетти. Ага мурункудай жылмайып жооп бербей, томсоро түнөрүп жооп берчү болду. Эч ким менен жолуккусу келбей,

кайрадан жалгызсырап калды. Коңшуларынын «Кызыңар кайда?» деген суроосуна, короосунда үңкүйө жалгыз отурган Алыкул: «Кызыбыз учуп кетти» деп томсоро сөөмөйү менен көктү көрсөтүп койчу болду.

Оорусу күчөп кеткенинен улам дарыгерлер аны көлгө жиберишти. Көлдөн келгенден кийин Зейнеп экөө жөн гана жакшылыкча ажырашып кетишти.

Анан эмне болду? Ушу кырк экинчи жылы колуна калем алып пьеса же поэма эмес, бир сап ыр жазбады. Жүрөк табы баарынан сууп, сүйүү, өмүр эле эмес бүткүл жаштыгын биротоло курмандыкка чалган чыгармачылыгы да аны анча кызыктыра албай, жөн гана тирүүнүн өлүгү болуп бирде көлдүн боюнда, бирде шаардагы үйүнүн короосунда үңкүйүп жалгыз жүрчү болду. Кырк үчүнчү жылдын биринчи январында гана колуна калем алды, бирок ыр жазбады, жазгысы келбеди. Чолпонбайдын эрдиги көңүлүн көтөрүп, анын эрдигине сыймыктанып он алты күн ичинде ал жөнүндө үч актылуу операнын либреттосун, андан кийин «Махабат» кырк төртүнчү жылы «Ак Мөөр» драмаларын жазды. Кырк бешинчи жылы гана кайрадан поэзияга кайрылып ыр, поэмаларды биринин артынан бирин жазды. Бул учурда согуш бүтүп, кырк алтынчы жыл кирип келди.

* * *

...Ошентип Кулатовдун кабинетинен капалуу чыгып Алыкулдукунда отурдум.

– Жетекчиң маселе чечпесе... чечейин десе кудурети жетпесе көчүгүн күйшөп гана жогорку жактын

буйругун угуп, ошолорго кошомат кылып, аларга жалтак сүйлөп, а сага текебер сүйлөп, кур убада берип отурса мындан артык кордук барбы?

– Капа болбо, Гапар... акча керекпи алып тур.

– Карыздын үстүнө дагы карызбы?

– Эсептешкен дос болбойт... – Үстөлүнүн тартмасынан бир тутам акча алып, алдыма таштады. – Чоң сүрөтчү болгонуңда берерсиң, болбосо сурабайм. Сенин үй-бүлөң бар, а менин коколой башым...

– Кызык... түндө түшүмө Сталин кириптир...

– Ойлоп койсоң керек.

– Жок.

– Анда акыбалың көтөрүлөт экен. Улуу киши түшүңө кирсе, менимче, жаман болбойт.

– Базар көчөсүндө жалгыз турат имишмин. Анан ал ылай кечип жаныма келет да «А, Гапар, кандайсың?» деп кол берет. Өңү так эле аракечтикиндей жаман экен. Кызык...

– Ооруп калган го.

– Оорубасын... Башка ооруса оорусун, бирок ал оорубасын!

* * *

Ошентип, экинчи дүйнөлүк согуш бүттү. Бул тарыхта болуп көрбөгөн зор алаамат алты жылга созулуп, жер шарынын сексен процентин кучагына алып, алтымыш бир мамлекет катышты. Согуш өртү бир эле Европаны, Азияны жана Африканы эле эмес, океандардагы аралдарды, ошондой эле түндүктөн

Жаңы Жер менен Аляскanын, батыштан Америкanын Атлантика бойлорун, чыгыштан Курил жана Гавай аралдарын, түштүктөн Египет, Индия жана Австралиянын чектерине чейин камтып, алтымыш миллионго жакын бейкүнөө адамдын өмүрүн кыйды.

Бу алаамат согушта жеңиш совет элиники болду.

* * *

Кремлде саясий бүйрөнүн кезектеги кеңешмеси өтүп жаткан эле. Биринчи маселе бүтүп, экинчи маселеге өтөрдө Жуков күтүлбөгөндөй чукул сөз алып, маршалдардын жана генералдардын атынан Сталинге генералиссумустук наам берүүнү сунуш кылды.

Сталин адатынча жай гана ары-бери басып турган эле. Жуковдун күтүүсүз бу сунушун угаары менен канжасын оозунан ала берип ордунда дароо токтоду да калды. Бул сунушту ал биринчи угуп аткангабы турган ордунда кыйлага дейре ойго муюп, өзүнчө акырын баш чайкап алып, анан грузин акценти менен:

– Жолдош Жуков... муну сиз ойлоп тапкансыз го? – деди.

– Жок, жолдош Сталин... Бүткүл маршалдар жана генералдар ушундайча чечти. Алар...

Сталин Жуковго жакын келип, сөзүн чукул бөлдү.

– Жолдош Жуков, отуруңуз.

Бирок Жуков отурбады. Мурунтан бери эле орус армиясында зор жеңиштен кийин татыктуу кишиге

генералиссимустук наам берилип келатышы бу салт болуп калганын Васильевский менен Рокосовский да так ушул пикирде экенин жана бу пикирден баары тең кайтпай турганын күчөтүп, чын дилден айта баштады эле Сталин аны аягына чейин уга албай, өжөрлүк менен сөзүн сылык бөлүп отургузду, анан төр үстөлүнө келип жай гана минтти.

– Түшүнүктүү... Силер Сталинге генералиссимустукту берүүнү чечипсиңер. Бирок Сталинге аныңардын эмне кереги бар? Сталин анысыз эле кадыр-барктуу. Генералиссимус деген наам алса эле эмне экен? Чан Кайши – генералиссимус, Франко – генералиссимус. Эмне... мени маршалдык тобуңардан четтетип, Чан Кайши менен Франконун тобуна кошкуңар келип атабы? Деги, генералиссимус деген эмне? Аны мага берүүнүн кереги барбы?

Бир эле маршалдар эмес, саясий бүйрөнүн бүткүл мүчөлөрү бул сунушту бир ооздон колдоп, кайдагы бир ар кыл тарыхый китептерди, анда жазылган мыйзамдарды алып чыгышып, орус армиясынын тарыхында бу наам те Меншиков жана Суворовдон бери татыктуу аскер башчыларына берилип келе атышын кайра-кайра законго таяп атышып, Сталинди көндүрүштү. Бул көрүнүш кээ бирөөлөргө Сталин өтө эле каадаланып, менменсинип аткандай сезилди, бирок андай эмес болучу. Ал шаан-шөкөт менен наам, же сыйлык алууну башынан эле жактырчу эмес, жаман көрчү.

Ошентип, согуш бүтүп улуу жеңиштен улам Сталиндин даңкы бир эле советтерде эмес, бүткүл

дүйнөгө кеткени менен, а түгүл эң жогорку наам генералиссимустукту алганы менен кырк алтынчы жылы эмнегедир көңүлү өтө чөгөт болуп, өзүнөн өзү те көңүл тереңинде жалгызсырап шалдырай түштү. Санаа оорусу, жалгызсыроо оорусу кайрадан аны канчалык урматтап, каш-кабагынан чыкпай, айтканы айткан жерде аткарылып, дегени деген жерде бүтүп, бет алдында бир өлкө эмес, бүткүл дүйнө чарк айланып турганы менен анын минтип те көңүл түпкүрүндө жалгызсырашына деги эмне себеп?

Сталиндин бу дүйнөдө бир гана жандай жакшы көргөн киши бар болучу, ал кызы Светлана эле. Ал бой жетип, күйөө тандай баштаганга чейин элдей эле Сталин да өз бүлөсүнө убакыт бөлүп, кызы менен чер жазчу, сүйлөшчү, сабагын текшерчү. Айрыкча ошол күндөр ал үчүн өтө бактылуу эле, анткени кызынын көңүлүндө атасынан башка эч ким жок болучу, бул Сталинге өтө жакчу. Анан эмне болду? Кызы тез эле бойго жетип, он жетиге чыга келди да, күндөрдүн бир күнү болгондо да согуш катуу күчөп турган мезгилде, отуз тогуз жаштагы кинодраматург Каплерге алгачкы арзуу отун арнап, ашык болуп калды. Ошондо кызынан көңүлү бир калды. Кызганды, анан да орус же грузин эмес еврей менен колтукташып кетерине ашкере жинденди. Ошо жылы кызын Каплерден эптеп ажыратып калган эле. Бирок бир өтпөй Светлана өзүнүн мурунку классташы Морозов дегенди жактырып калды да, атасынын макулдугун сурамак болуп, атайын чыгынып бир күнү Сталинге келди. Май айынын толуп турган кези эле. Сталин

Зубаловдогу дачасында бир аз болсо да булбул үнүн угуп, күнгө чыгып баш сергитип жалгыз отурган экен. Светлана оюн өтө тартынып атып, атасына араң айтты. Анткени Морозов да еврей баласы эле. Кызынын оюн уккан Сталин бир саамга ойго төнүй түштү анан:

– Эмне, күйөөгө чыккың келип калдыбы? – деди.

Светлана унчукпады. Сталин кызы тарапка көңүл кош гана кол шилтеп салды да:

– Эмне кылсаң ошо кыл, өзүң бил, - деди.

Бу сөздүн артында өтө терең таарыныч жаткан эле. Сталин аны менен эми биротоло кол үзүп, анын тагдырына эми мындан ары кийлигишпей, өзү менен өзү болуп калганын кызы сезди. Ушундан уламбы, аны бир эсе аяды, ага билгизбей дачадан чыгып баратып жолдо акырын ыйлады. Айла канча, кыз бала бирөөнүн бүлөсү тура, бирок Светлана бир нерсени түшүнбөдү, билбеди. Жалгыз ушу кыз деп Сталин үйлөнбөй койгон эле. Бул аталык зор адамгерчилик, кызына болгон зор тартылуу, сыйлоо, урматтоо, сүйүү эле! А эмне үчүн Светлана он жетиге чыгып-чыкпай эле эрсиреп калды? Эгер атасынын ага болгон зор сүйүүсүн түшүнгөн, билген болсо жыйырма беш болбосо да, жыйырма эки жашка чейин күйөөгө чыкпай кое турса эмне болмок? Ушунчалык кардуу кишинин, ушунчалык назик көңүлүнүн кылы дал ушерден тырс үзүлдү. Бир жагы еврейлерге ыктаганы үчүн, экинчи жагы атасынын көңүлүн ойлобой, билбей койгону үчүн үзүлдү. Кызы ушуну сездиби, билдиби? Жок!

Мына ушундан кийин Сталин ичинен кызы менен биротоло коштошту. Эң жакын көргөн кишисинен биротоло ажырады. Бул анын көңүл кайгысынын бир гана жагы, экинчи жагы, айрыкча согуштан кийин, тун уулу Яковдун тагдыры эмнегедир көңүлүн билбей эзди.

Яков Жугашвили Сталиндин грузин аялы Екатерина Сванидзе Яков төрөлгөндөн кийин көп узабай эле катуу оорудан каза болот. Яков революцияга чейин таятасыныкында өсөт. Кийин чоңойгондо Москвага атасыныкына келип жашап, аны менен мамилеси анча жакшы болбогон соң, өзүнчө туруп Дзержинский атындагы Артиллериялык академияны бүтүрөт, согуш болор алдында Юля Мельцерге үйлөнүп, андан Галия аттуу кыздуу болот, ушундан көп узабай согуш башталат.

Согуштун биринчи күнүнөн эле ал он төртүнчү Гаубач артиллериялык полктун батареясына командир болуп катышып, ошо жылдын июль айында туткунга түшөт. Фашисттер үчүн бу зор олжо эле. Сталиндин тун уулунун колго түшүшү бир республиканын багынып бергениндей эле болду. Немец-тик чалгындын шпиону Штикфельддин айтуусуна караганда Яков Жугашвили алгачкы сурakta ар кандай кыйноолорго чыдап, эртеби-кечпи Советтик Армиянын сөзсүз түрдө жеңерин тайманбай, коркпой айткан, бирок гиббельсттик жалган үгүт Яковдун атынан советтерди жамандаган ар кандай ушактар жазылган баракчаларды согушуп аткан армиянын үстүнөн самолет менен келип көктөн таркатып

турган. Яковду лагерден лагерге которуп, бир тозоктон экинчи тозокко киргизип, өчүп баратса кайра жандандырып, өлүп баратса, кайра тирилтип кыйнай беришкен. Сталиндин тун уулу туткунда экенин Гитлер жакшы билген, аны фельдмаршал Паулюска алмаштырууну сунуш кылган, бирок буга Сталин «Жоокерди маршалга алмаштырбайм» деп койгон.

Яков эң акырында атактуу өлүм лагери Заксенхаузенге алып келинген. Бирге жаткан туткундарга ал «Эгер Мекенге кайтпай калсам атама айтып баргыла, мен немистик зордукчул үгүткө баш ийген жокмун, кандай гана кыйноо болбосун атуулдук милдетимди аягына чейин аткарамын!» деген, бирок Сталиндин «Биз тараптан түшкөн туткундар, туткун эмес, алар чыккынчы» деген сөзү бүткүл советтик туткундарга, айрыкча Яковго катуу тийген. Согуштун алгачкы жылдары күчтүн теңдешсиздигинен курчоодо калып, анан аргасыздан туткунга түшкөн миңдеген жоокерлер, офицерлер жана генералдар Сталин айткандай чыккынчы эмес эле. Алардын аргасыздан туткунга кеткенине Сталин өзү күнөөлүү болуп туруп, анан кайра аларды күнөөлөп, чыккынчы дегени эмнеси? Ушуну ойлогондо Яковдун жүрөгү сыздай турган. Өз эрки менен анын өлүмгө баш коюшуна атасынын дал ушул, «туткун эмес, алар чыккынчылар» деген сөзү бирден бир себеп болду. Бир миң тогуз жүз кырк үчүнчү жылдын он төртүнчү апрелинде Яков туткундар жаткан баракка кирүүдөн баш тартып, тосулган тикенек зымдан ашып түшүп, өлүм зонасы деп аталган жерден күзөтчүгө «Часовой! Вы же солдат, не

будьте трусом, застрелите меня!» деп кыйкырат. Ок башына тийип, дароо жан таслим кылат. Сөөгү Заксенхаузендин крематориясында күлгө айландырылып, омийин болот.

Яковдун туткунда кандайча туруштук бергени жана кандайча өлгөнү жөнүндө немецтик туткун антифашист тарабынан согуштан кийин Сталинге телеграмма жиберилген. Телеграммага Сталин тегерегиндегилерге анча көңүлкош сыяктанып койгону менен ичинен билинбей сыздады. Согушка жөнөп баратып «Ата, мен согушка кетип баратам, атуулдук милдетимди аткарам, кош!» деп телефон аркылуу айткан акыркы үнү айрыкча согуш бүткөндөн кийин, түн ичинде уктаар алдында кулагында угулчу болду. Балдарынын ичинен эң дурусу эле ушу Яков экен го көрсө. Яковдун ордуна эгер кичүү уулу Василий туткунга түшүп калса, ошондой эрдик кыла алар беле? Азап-тозокко ошондой туруштук бере алар беле?

Кенже уулу Василий Яковдон он үч жаш кичүү эле. Яков таятасынын колунда кыйла өксүгүрөөк чоңойсо, Василий ата-энесинин колунда эрке талтаң чоңойду. Кичинесинен акыл-эстүү, зээндүү өстү. Бирок энеси Аллилуева өзүн-өзү атып салгандан кийин, энесинин тарбиясынан калып, бөлөк-бөтөн тарбиячылардын колуна өттү, бара-бара атасынын даңкына манчыркап алабарман, чогоол болуп кетти. Тарбиячылар өз энесиндей катуу айта алчу эмес, ушундан уламбы Вася оюна келгенин кылчу. Классташтарынын моюнуна минип алып, стадионду бир сыйра тегеренип

чык дөөгө чейин барчу, кимдир бирөө эле ага карама-каршы болсо муштум шилтеп, же ашата сөгүүдөн тартынчы эмес. Аны окуткан мугалимдер эгер ал экиге жооп берсе үч, үчкө жооп берсе төрт коюшчу. А түгүл мектептин директору ал тентек кылганда «Жолдош Сталин, тынч отуруңуз!» дегендин ордуна «Жолдош Вася, тынч отуруңуз!» дечү. Спорттон гана төрт-бешке окуучу. Стадиондо дердеңдеп эң алдыда чуркап баратканда кошоматчылар башындагы калпагын ала коюп, көккө ыргыта дуулдай кол чаап, аны колдоп, коштоп турушчу. Ошо кезде ал кавалерист болууну максат кылып, муруттары көсөөдөй Семен Буденныйды кудайындай көрчү, бирок кавалерист болбоду.

Тогузунчу классты бөтөөрү менен Качинскидеги учкучтардын аскер окуу жайына кирип, аны кыркынчы жылы бүтүрүп чыгат. Учкучтар окуу жайында окуп жүргөн кезде Полиграф институтунда окуган Галина Бурдонская деген кыз менен таанышып, ал менен жолугушчу күнү Галина окуган институттун үстүнө самолету менен бир нече ирет айланып, белги берип учуп өтчү. Анын бул жоругу үчүн командачылык аны жазалаган. Бирок атасы Иосиф Сталинге билдиришкен эмес.

Согуш башталганын Василий Таллин шаарында командировкада жүргөн жеринде укту. Дароо согушка кирип, душмандын учкучтары менен абада тайманбай салгылашты. Жашынан иче баштагына жана начар окуганы менен ал мыкты, эр жүрөк учкуч

эле. Көп узабай эле жыйырма үч жаштагы Василий Сталин учкучтар дивизиясынын командирлигине көтөрүлөт. Согуш учурунда Вася Москвага келип, аердеги кошоматчы-жоролору менен жумалап дууддап, жумалап ишчү. Анын эмне кылып, эмне коюп жүргөнүн атасы Сталин билчү эмес, билүүгө анын убактысы да жок эле. Ал эми Василийдин жоругун билгендер атасына айта алышчу эмес.

Кыл чайнашкан кырк төртүнчү жылы кыргын учурунда өзүнүн дивизиясы турган жерге Вася аялы Галина Бурдонскаяны чакырып алат. Вася түгүл генералдар минте алышчу эмес. Так ошол аялы келген түнү, аялы менен Вася куунап жаткан түнү немецтик танкалар Васянын дивизиясы турган аэродромго чабуул жасап калат. Уйкуда жаткан учкучтар самолетун минүүгө үлгүрбөй баш-аламан качып жөнөшөт. Ошондо диизиянын командири Василий Сталин аялын ачык машинага отургузуп алып, алардын алдын тосуп чыгып:

– Коркоктор! Силер түгүл мына бул аял качкан жок. Токтогула! Токтогула да, машинаңарга отургула! – дейт.

Жаш командирдин жана анын аялынын каармандыгы башаламан качууну токтотуп, самолеттор биринин артынан бири абага көтөрүлүп, немецтик чабуул токтотулат.

Василий Сталин согуш кыргынына көп катышкан жок, анткени агасы Яков Жугашвили туткунга түшүп кеткенден кийин, анын аба согушуна көп катышууга жогору жаткан атайын тыюу салынып коюлган эле.

Согуш бүткөнгө чейин Василий аба согушуна бир болгону жыйырма жети жолу гана катышып, душмандын бир самолетун атып түшүргөн.

Ушуга карабай согуш бүткөндөн кийин, Берлинди ачуу учурунда айырмаланган генерал жана маршалдардын арасында кошоматчылар уялбай этпей туруп Василий Сталиндин ысымын да киргизип коюшкан. Мындай болгон соң зоболосу ого бетер көтөрүлүп, согуш бүтөрү менен ал учкучтар корпусунун командирлик ордун ээлеп, генерал-майор деген наам алат.

Атасы Иосиф Сталин бул жогорку наам-даражага уулу чыныгы атуулдук бешене тери менен жетип атат деп ишенген. Василийдин жеңил баа, кээде ашкере ак көңүл, кээде ашкере ачуулуу, анан да ичкиликтен колу бошобой жүргөнүн Сталинге эч ким, эч качан, а түгүл кызы Светлана да айткан эмес.

Жакында эле, кырк алтынчы жылдын октябрь айында бир иши менен Сталин өзү уулуна телефон чалып калды. А Вася ордунда жок. Анын жардамчылары жарым күн издеп эч жерден таппай, Сталинге эмне деп жооп айтышты билбей дал болушту. Көрсө, Василий жоголгон итин издеп, шаардын сыртында арак ичип жүрүптүр. Атасы аны дароо жазалап, он күндүк мөөнөткө туткундап, каматып коет.

Бир күнү күтүлбөгөндөн Галя Сталинге, дачасына телефон чалды.

– Папа... мен барсам кабыл ала аласызбы?

Сталин дароо макул болду. Бет алдында отурган келини токтоно албай көзүнөн жаш ала кетти.

– Папа... Вася кийинки күндөрү өтө көп ишчү болду. Кээде үйгө түнөбөйт. Мени, эч кимди укпайт, сизди угат деп ойлойм, папа... Айтыңызчы...

Ошол эле күнү кечке маал Сталин уулуна телефон чалды.

– Жашоо кандай, Вася?

– Жаман эмес, папа... Кандай жашап атканымды келип, көрүп кетпейсизби?

Ворошиловду ээрчитип Сталин кечке маал Василийдин үйүнө келди. Келип таң калды. Бир гектар бак-шактуу жерди ээлеген алты бөлмөлүү үйдө жашайт экен Василий, Сталиндин жини келди. Василийдин үйүнөн дароо райондук аткаруу комитетинин төрагасына телефон чалды.

– Жолдош Шакутин!.. Сүйлөп аткан Сталин... Василийге алты бөлмөлүү үй берипсиз... А сиз билесизби, Василий эмес, белгилүү аскер кызматкери Москвада тыгылып, алты эмес бир бөлмөгө жетпей жүрүшөт! Бүгүн эле Василийди буерден чыгарып, бул үйдү жетим балдарга берип, эртең өз каалооңуз менен кызматтан кетүүгө арыз жазып коюңуз, бүттү!

Ушинтти да Васяны бир бөлмөгө апкирип, аябай «ийлеп» анан бир чыны чай ичпей жөнөп кетти. Келини Галянын арызы ушундайча бүттү. Васянын ким экенин жана кандай экенин ушундан кийин гана Сталин жакшы биле баштады. Анын тегерегиндегилер Васяны дайыма ага мактачу, көрсө баары жалган тура. Сталинди баары шекчил өтө астейдил дешет, ушинтип жалганды чын кылып айтып отурушса, анан кантип шектенбейт?

Ошентип өңгөнүн колунда өскөн Яковго караганда өз колунда өскөн Вася менен Света бой жеткен сайын ага кубаныч, бакыт-таалай алып келбей, кайгы-капа, ой-санаа алып келди. Кызы Света Морозовдон уулдуу болуп, анын атын ардактап, таятасынын атынан Иосиф коюшту. Бирок күйөө баласын Сталин ушуга чейин көрбөдү, көргүсү да келген жок. Ушунун баары эмне үчүн? Атасынын көңүлүн кызы ойлобой, ойлосо да таппай боор көтөрөрү менен башкага кеткени үчүнбү? Чынында Сталиндин көңүлүндө анысы да, мунусу да бар эле.

* * *

Төрөбай Кулатовдон жардам сураганым сүрөтчүлөр Союзу үчүн болсо, Алыкулдан акча сураганым Москвадан Кыргызстанга келчү мейман үчүн эле.

Атактуу живописчи жана график Владимир Андреевич Фаровский «Манас» эпосунун юбилейине карата, эпосту жасалгалоого багыт берип, жетекчилик кылуу үчүн сүрөтчүлөр Союзунун, айрыкча бир кездеги сүймөнчүк окуучусу Андрей Михайловдун чакыруусу менен август айында Фрунзеге келди.

Фаворский узун бойлуу, арык чырай, чап жаак, чокчо сакалы көкүрөгүнө түшкөн, ар бир сөзүнө астейдил маани берген кичипейил адам экен. Алтымышка келип калса да өмүр жолун эми гана жаңы баштаган жаш адамдай – жашоого, турмушка жана келечекке суктана жана шыктана билген киши эле. Москвада окуп жүргөнүмдө эле аны жакшы билчүмүн. Поезддан түшөрү менен биринчи мага кол созду.

– Мына... Кыргыздын келечектеги чоң сүрөтчүсү Гапар Айтиев өзү тосуп келген тура! Кандайсыңар, достор?

Менин жанымда турган Андрей Михайлов, Сабырбек Акылбеков, Александр Игнатьев, Иван Гальченко, Лев Труковскийлер абышканы дароо тегеректей ороп калышты. Айрыкча Андрей Михайлов – күткөн кудайы көктөн түшкөнсүп, анын колунан колун, көзүнөн көзүн албай, бир кездеги устатына бир нерселерди айтайын деп бирок жакшылап айта албай атты, ооруп атканына карабай төшөктөн туруп келген эле.

Кечинде эптеп жүрүп куйругу муштумдай бир козу таап союп, кадырлуу коногубуздун алдына кыргызча расми менен баш койгонубузда Фаровский башты кандай жээрин билбей, кыйлага тунжурады, анан кулагынан кесип ооз тийди да табагы менен Сабырбек башты отуз экиге бөлүп, эки көзүн чанагынан мөлтүрөтө асте чыгарып, Фаровский экөөбүзгө сунуп:

– Владимир Андреевич, Айтиев экөөңөр көздөш болуп жүргүлө, - деди.

Улуттук бул расми жана сөз ага абдан жагып, арак ичпей винодон алды да, көздү оозуна салды.

– Накыл сөз... Айрыкча чыгармачыл адамдар көздөш болуп жүрүшү керек, анткени, кай жерде жөрбөйлү, кай жерде жашабайлы биздин мүдөөбүз бирөө гана. Ал – жер менен элдин рухун сактоо...

Эртеси Фаворский шаар менен таанышты. Панфиловдун эстелигинин жанында кыйлага токтоп, анан:

– Турушуна караганда генерал эмес эле адмирал болуп калыптыр, - деди. – Анын үстүнө согуш талаасында команда бербей эле чогулган элге жөн гана сүйлөп аткансыйт.

Ошол эле күнү Саякбайдын айтуусунда «Манасты» укту жана Саякбайдын портретин карандаш менен тартып алды.

Эртеси Исхак Раззаковдун кабыл алуусунда болдук. Раззаков жакында эле Өзбекстандан которулуп келип, Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы болуп иштеп аткан. Фаворскийди алдыга өткөзүп өзүбүз артынан ээрчий басып келгенибизде, Раззаков ордунан элпек туруп келип, баарыбызга сыпаасылык кол берди. Айрыкча, ошо кездин партиялык жетекчилери Ленинче иш чече албаса да, Ленинче ордунан элпек тура келип кол берүүнү баары тең аябай жакшы үйрөнүп алышкан эле. Учураштык, ал-жайды сураштык, ушундан кийин гана Раззаков негизги маселеге өттү.

– Алаамат согуш кечээ эле бүткөнүнө карабай, элдин дух азыгы болгон адабият менен искусствого жолдош Сталин өтө зор көңүл бөлүп атат. Мунусу жакшы... анткени кандай гана шартта жашабайлы курсак азыгын эле ойлобой, рух азыгын кошо ойлой жүрүшүбүз керек экен. Ошон үчүн, Владимир Андреевич, «Манас» эпосунун юбилейин өткөрүүнү чечтик. «Манасты» жасалгалоого багыт берип, кол кабыш кылууга келгениңизге зор ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Раззаков орусча таза жана бир такалбай чакылдап тез сүйлөгөнүн Фаворский эч бөлбөй муюп укту, анан:

– «Манас» үчүн эле эмес, Манастын жерин, урпактарын да көрөйүн деп келдим, - деди.

– Эң жакшы... Биз сизге ыраазыбыз. Жолдош Чуйков менен Айтиев сизди Таласка, аердеги Манастын күмбөзүнө чейин алып барат.

Маек кыска, нары маанилүү, эң негизгиси чын дилден болду. Раззаков бизди улагага чейин коштоп келип, анан элпек кол берип узатып койду.

Талас өрөөнүн бүт кыдырып, анан Манастын күмбөзүнө келдик. Фаворский күмбөздүн сүрөтүн калем менен эскиз катары тартып атканда мен ага мындай деген суроо бердим:

– Владимир Андреевич, расскажите пожалуйста о взаимоотношениях тени, света и глубин в живописи?

– Я думаю, - деди ал, - что способы решения могут быть разные. Свет такой (холодный), тень теплая – или наоборот. Я наблюдал такую вещь в Самарканде: купол глиняный и в более вертикальной плоскости с теневой стороны тень у него светлая от теплого рефлекса, и чем больше отворачивает к небу, тем он темнее.

– Значить есть разницы между Москвой и Киргизии?

– Есть... В Киргизии воспринимаю тень теплой, а не холодой. Я не вижу совсем глубоких теней. Свет, наоборот, холодный – если даже желтый, то лимонный, или просто серый[1].

[1.] Живописти тили менен кыргызча жеткилең айтылбаган соң, орусча кетти. (автордон).

«Манас» эпосу боюнча бир топ графикалык заказдарды алып Фаровский Москвага көңүлдүү жөнөп кетти. Бу киши мага эмнеси менен жакты? Турмуштун жакшы-жаманына, адилетсиздигине карабай, аны жаш өспүрүмдөй суктана кабыл ала билиши, адамдын жакшы-жаманына карабай ага чын дилден мамиле жасай алышы, айрыкча бөтөн элдин үрп-адатын ошол элдин өз уулундай кадырлай билип, дароо ага көнүп, жытыгып кетиши мага өтө жакты.

Ошентип согуш бүтүп, демейки тынч жашоо, дары жыты жыттабаган, ок үнү угулбаган жай-баракат жашоого өттүк. Бирок тирүү кезде, бу жер үстүндө адам адам болуп жашап турган кезде согуш, күрөш биротоло бүтпөйт окшойт. Адамдар бири-бирин ок менен өлтүрбөсө да сөз менен өлтүрүп, согуштун бир түрү бүтсө экинчи түрү баштала берет окшобойбу.

Согуштан кийин адабият фронту башталды, цензура ого бетер күчөдү. Мына ушундай фронттун натыйжасында Раззаков өзү демилге көтөрүп өткөрөбүз деп аткан «Манастын» юбилейи көп узабай токтоп калды. Ленинградда чыкчу «Ленинград», «Звезда» жана башка журналдар менен бирге Анна Ахматова, Михаил Зощенко сыяктуу акын-жазуучулар саясий чатактын бутасына алынып, Жданов деген саясий снайперчи аларды көзгө атып түшүрүп, бул мергенчилиги менен башкалардын үшүн ала баштады. Алардын күнөөсү эмнеде? Алар советтик түзүлүшкө, советтик жашоого каршы имиш...

Айрыкча, Ата Мекендик улуу жеңиштен кийин биздин партиялык көптөгөн жетекчилер дардайып,

мардайып көз көрүнөө эле өздөрүн жердеги кудай сезе баштады. Жеңиш алардын акылман саясатынан улам гана келгенсип, ашкере акылдуусунуп, жердин пири дыйкандан баштап, бу көзөмөл дүйнөнү акылында калчап турган таланттуу акын-жазуучуларга чейин акыл үйрөтүп, багыт берип, акылга көнбөгөндөрдү ордонун борборунан доолай менен чырылдата чертилген чүкөдөй чыркырата кууп жатышты. Сталин өзүнө да, өңгөгө да талапты өтө коё билген, темир чеңгел киши экенин айрыкча аны менен бирге иштегендер жакшы билет. Сталин айрыкча эмнени жаман көрөт? Эмнеге каршы катуу күрөшүп келет? Өлкөдөгү майда улуттарды айтпайлы, айрыкча орус эли баш болуп Батыш элин дайыма үлгү катары карашат. Өзүнчө жол салуунун ордуна дайыма өңгөнүн изи менен баскысы келет. Кимдир бирөөнү туураган киши, кимдир бирөөнү өзүнөн жогору койгон киши өз алдынча эч качан, эч жерде, эч алгылыктуу иш өтөй албайт, алдыга чыга албайт! Эмне үчүн совет эли Батышты эле карап турат? Эмнеси кем?! Жер байлыгыбы? Же өзүбү?.. Талант жагынан орустун улуу акын-жазуучулары дүйнөлүк адабиятта биринчи катарда турат? Анан эмне үчүн ушундай таланттары бар эл Батыштын терезесин мынчалык шыйпаңдай шыкаалашат. Эмне үчүн алардын алдында өздөрүн кем баа сезишет? Сталинди ушундай ой жиндентчү.

Айрыкча жогорку жактан башталган кырк сегизинчи жылкы космополисттерге каршы жүргүзүлгөн чабуул бир эле еврей улутуна эмес, бүтүндөй башка улуттардын баарына каршы багытталган трагедиялуу

чара болду. Кыргызстанды айтпайлы, те чалкыган зор Украинанын чоң акыны Владимир Сосюра «Украинаны сүйө бил» деп жазган ыры үчүн «Эмне үчүн Украинаны сүйө бил дейт? Ушинтүүгө кантип оозу барды? Бул советтик акын эмес эле, петлюранын жугундукору!» деп аны куугунтукка алышты. «Баарынан да мусулман элдеринде буржуазиялык улутчулардын башы кайрадан кылтыйып чыгып келатат» деп Молотов Сталиндин алдында моло таштай зымпыйып отуруп ишендирчү болду. «Баарынан да татарлар жаман, революцияга чейин эле өзүбүздүн силерден мыкты большевиктерибиз болгон деп, бой көтөрө баш көтөрүп атышат. Бул коммунисттик адепке жатпайт» деп Каганович Сталиндин экинчи колтугунан шыбырачу болду. Айрыкча үгүт жана насаат бөлүмүнүн башчысы Александров маданият фронтунда Ждановдой көзгө атаар мерген боло албаса да, андан таалим алып, тажрыйбасын үйрөнмөккө анын артында жүрдү. Кагановичтин сөзүнөн улам, так эле Ждановдой сылык-сыпаа сүйлөгөн Александров:

– Жолдош Сталин... татар элинин «Идегей» эпосу – идеясы боюнча бүгүнкү биздин күнгө такыр карама-каршы турган эпос, - деди.

– Эмне үчүн?

– Кайсы бир адабиятчы бул эпосту жараткан элди бүтүндөй патриот кылып мактап салган...

Сталин:

– «Идегейди» окуган эмесмин, билбеймин... бирок татар элин жакшы билемин... Ар бир эл өзүнчө патриот, жолдош Александров...

– Айтайын дегеним башка, жолдош Сталин. «Идегей» эпосун советтик татар эли эмес, мурунку... дешти – Кыпчактык, тагыраак айтканда, Алтын Ордолук татарлар жараткан. Демек, буерде тиги биздин урматтуу адабиятчыбыз орустарды кылымдап эзген мурунку Алтын Ордолук татарларды патриот кылып мактап салган.

Сөздүн төркүнү туура эмес экенин Сталин бая эле билген. Эгер Сталин өзү орус адамы болсо Александровду азыр катуу зекип коймок, балээнин баары ал орус эмес, грузин улутунан экенинде. Тигил адабиятчыны жактадым дегенче, «Сталин майда улуттардын өкүлү экендигин унутпайт. Бизди кылымдап эзген татар элин чын эле патриот кылгысы бар» деп, бүгүн эле бурч-бурчта айтып чыгышаарын ойлоду. Мына сага! Бийликтин туу чокусунда отурган өзү минтип, чочуп, коркуп отурса, анда башкалар эмне кылмак? Эмне туура, эмне туура эмес экенин Сталин акылы менен көрүп, билип турса да ушундай жерлерге келгенде айласыз жарга такалып, кол алдындагылар ишти кандай чечсе, ошого макул болуп берчү. Ушундан улам көп узабай эле «Большевик» журналына «феодалдык улутчул мүнөздөгү камтыган «Идегей» эпосу жана татарлардын партиялык уюмдарындагы жагымсыз жактары жөнүндө» деген токтом басылып чыкты. Мына ушундан кийин, кудай бетин салбасын, өзүнүн өткөн тарыхын жана тарыхый чыгармаларын изилдеп аткан союздук башка республикалардын акын-жазуучулары жана окумуштуулары бурч-бурчта оозун жапты да калды. Мындай учурда

айрыкча кыргыз акең кылычын кынынан биринчи сууруп чыкканга кыйын го. Азербайжандардын «Коркут баба» китеби, өзбектердин «Алпамышынан» мурун «Манастын» башы баталгыга коюлду.

«Манас» эпосунун юбилейине байланыштуу 15 тому басмага даярдоо пландаштырылып, бул ишке Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Кубанычбек Маликов, Ташым Бажиев, Зияш Бектенов, Өмүркул Жакишев, Керим Сооронбаев, Мукамбет Дөгдүрөв, Кусейин Көлбаевдер редактор, ал эми Мухтар Ауэзов, Кусейин Карасаев, Константин Юдахин, Виктор Жирмунский, Александр Бернштамдар кеңешчи болуп, иш кызуу жүрүп жатканда «Манас» эпосунун башы баталгыга коюлду. Бир эле «Манас» эмес, бүтүндөй айрыкча революцияга чейинки кыргыз элинин туу чокулары Калыгул, Арстанбек, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Шамырканов жана башкалар улутчул, фоедалчыл акын аталып, «Манаска» кошулуп, булардын башы да баталгыга коюлуу алдында турду.

* * *

Жаз быйыл эрте келип, көк жашыл жалбырактар далдаасында көк деңиздей көлбүй чалкыган чакан шаар, бетинде чигиттей булуту жок көк асман алдында көк көйнөк кийген жаш сулуудай буруксуй кулпуруп жатты.

Зал ичи элге жык толо. Молдо Кылычтын чыгармачылыгына байланыштуу атайын илимий талкууга республиканын чыгаан адабиятчылары, окумуштуулары

эле эмес, партиялык кызматкерлерге чейин бүт чакырылган эле. «Манастын» миң жылдык юбилейин өткөрөбүз деп бүт тайпага маалым берип, Раззаков өзү баш болуп даярданып жаткан мезгилде, бөлөк-бөтөн эмес, Манастын эле өз урпактары Манастай атасына аш берүүнүн ордуна, кайра аны жамандап, мындан бир жыл илгери аны жерге тирүүлөй көмүп, аны канжаны менен жактаган адамдар улутчул, феодалчыл аталып, коомдук чөйрөдөн четтетилип, эмки кезек эбак көзү өткөн Молдо Кылычка келип, бүгүн анын келечек тагдыры чечилүүнүн алдында турду.

Молдо Кылыч деген ким? Молдо Кылыч миң сегиз жүз алтымыш алтынчы жылы Кочкор жергесинде Бурунду деген айылда туулган. Ата-теги - манап. Чоң атасы Төрөгелди Ормон хандын кол башчысы болуп, бугу менен сарыбагыштардын бир эмес, бир нече ирет салгылашуусунда сарыбагыштардын колун баштаган, кийин бугулар колдуу болуп өлгөн. Кылычтын атасы Шамыркан мына ушул Төрөгелдинин баласы болгон. Шамыркан эрте өлүп, Кылыч жашынан жетим өсөт. Баралына келгенде ата тегин жолдоп, дүйнө жыйнаган эмес, тескерисинче, элдин ыйы менен муңуна жашынан жакын болуп, жардыжалчыга көксөөсү кайнап, ушундан улам замана ырлары чок жүрөгүнөн мөндүр болуп төгүлгөн. Болгону элүү бир гана жаш өмүр өтөгөн.

Зал акырындап толуп, Борбордук Комитеттин өкүлү Кыргызбай Кокуйбаев баш болгон топ президиумга өтө баштаган учурда Кайсын Кулиевди ээрчитип Алыкул Осмонов сырттан кирди.

Кайсын Кулиев Кыргызстанга миң тогуз жүз кырк бешинчи жылы келген эле. Алыкулду кайсы бир адабий кечеде биринчи ирет учуратып, анын иймене жылмайган жылуу жүзү, нары шашылбай, нары орундуу сүйлөгөн коңур үнү айрыкча жагып калган эле. Ошо кечи Алыкул көптөгөн окурмандардын суроосу боюнча кайрадан ыр окуган.

Дүйнө-өмүр уул бердиң, бала бердиң,
дүйнө-өмүр алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңдан,
Ээриң жок, жайдакталып кайра келдиң?

Дүйнө-өмүр энчи бердиң, үй-жай бердиң,
күн көр деп бар белекти белендедиң.
Неге сен ыраак кеткен сапарыңдан,
айрылып канатыңдан кайра келдиң?

Ырын акын өтө эле кербезденип, кыраатын келтире колун сермеп, жулунуп окубай, жөн гана дулдуя отуруп коңур үнү менен кимдир бирөөгө акырын сүйлөп аткансып окуду. Ырынын нары терең, нары жөнөкөй мазмуну дароо делебеңди алып, бу көзөл дүйнөнүн ачуу чындыгы кандай так, кандай жеткилең айтылса, акындын көмөкөйүнөн өрттүү чыккан үнү, отурган отурушу мына ушуга шай келип, ушундан улам го отургандар жылаан арбагандай ага оп тартылып, ыр окулуп бүтөөрү менен шатыра-шатман кол чаап ийишкен. Жүзү жайнай түшкөн Мидин Алыбаев ошондо толкундана шатырата кол чаап:

– Алыке, эми Шотадан бир шиңгил! – деген.

Аны суктана жардаган ондогон көздөргө Алыкул эч бир маани бербей, иймене жылмайып коюп, баягы эле бир калыбында чыккан коңур үнү менен «Автандилдин арманы» деп, анан эч кагаз кармабай жатка айткан.

Шум дүйнө, мени жаман сандалттың го?
Мендейдин эчендерин алдапсың го?
Сен чиркин колдон качкан куш окшойсуң,
бир кетсең – түшпөс торго, конбос колго.
Кочуштап уу шимирип, кан кускудай,
Не жаздым, не күнөөм бар, айтсаң боло?!

Кечеден кийин Кайсын Кулиев анын жанына өзү басып келген.

– Таанышып алалы... Менин атым – Кайсын...

Кайсын Алыкулдан болгону эки гана жаш кичүү эле. Согуш отун аралап, Фадеев, Пастернак, Тихонов баш болгон акын-жазуучуларды жакындан билип, кагылып-согулуп калганына карабай бу элеттик акын ага көптү көргөн нускалуу аксакалдай сезилди. Кыргыз акындарынын ичинен Алыкул көп окуганынан улам фольклордук деңгээлде калбай, дүйнөлүк классиктердин салтына кирип калганы, ушундан улам анын ички маданияты, дүйнөгө болгон көз карашы терең экенин Кайсын тез эле билди. Экөө бири-бирине жакындап, достошуп кетишти. Алыкулдун «Махабат» аталган жыйнагын көрө албас кыкеңдер эр башында көкбөрү кылып баратканда калыс сөзү менен Кайсын сактап калган.

Ошентип эки дос акырын арткы орунтукка отурду. Мындай жыйналыштарда Алыкул алдыга өтүп, же

болбосо жулунуп чыгып сүйлөчү эмес. Ал укчу, анан иштечү. Кимдир бирөө сөз трибунасында баш- аягы жок кургак, анан да тантып сүйлөп атса, куйкасы курушуп, чыдабай, уккусу келбей, акырын залдан чыгып кетчү.

Молдо Кылычтын чыгармачылыгы жөнүндө доклад бүтүп, зал эми күбүр-шыбырга толуп, жарыш сөз башталды. Кара көз, кара каш, арык чырай жигит трибунага келди.

– Бу ким?

– Тазабек Саманчин деген ушу...

– А эмне үчүн талкууну Кыргызбай Кокуйбаев өзү башкарып отурат?

Алыкул Кайсынга ыктай жакындап асте шыбырады.

– Адабиятчылардын арасынан Жээнбай Самаганов деген «кыйын» чыкты. Анын Борбордук Комитетке кайрылган арызы боюнча атайын комиссия түзүлүп, анын төрагасы бөлөк-бөтөн эмес, Кокуйбаевдин өзү дайындалыптыр. Ошон үчүн талкууну да өзү башкарып отурат.

Доклад окулуп аткан учурда өзүнчө күңгүрөнө кейип, аябай чыдамы кетип, кыжынып отурган Тазабек Саманчин өзүн өзү токтото албай көкүрөгү буула сүйлөдү.

– Дароо эле айтып коеюн, жолдоштор, докладчынын бүгүнкү ой-пикирине эч кошула албаймын! Биринчиден, бүгүнкү идеологияны биз келечегибизге, тарыхыбызга жол ашчу шам чырак катары пайдаланбай эле, иштин жөн-жайы туура болсо,

болбосо деле жөн гана саясий айып табуучулукка айлантып алдык.

Экинчиден, тиги же бу маселени талкуулоодо, же чечерде дайыма бир беткей кетебиз. Албетте, Молдо Кылычтын поэзиясында уруулук-патриархалдык жана диний-догмалык ойлоонун залдары бар экенине чатак жок. Лев Толстойдо патриархалдык-консервативдүү көз караш бар экенине карабай Ленин ага «орус революциясынын күзгүсү» деп баа берген. Тянь-Шандан бери бир кадам басып көрбөгөн, бү дүйнөнү өзүнүн көргөн, бакканы менен гана түшүнүп, төрөлгөндөн өлгөнгө чейин көчмөн турмуштун шартында жашаган акындан биз дагы эмнени талап кылмакпыз? Ушунун баары илимий көз карашта туура эмес. Ушундан улам отузунчу жылдардын башында саясий күрөштүн додосуна Тыныстанов кабылса, кырк алтынчы жылдан бери Молдо Кылыч кабылды!

Кокуйбаевдин жактырбай отурганына карабай, эмне болсо ошо болсун дедиби, Тазабек Саманчин көңүлдөгүсүн төгүп салды.

– Жолдош докладчы!.. Сизден өтүнөөрүм, Молдо Кылычтай классик акынга баа берүүдө жана аны изилдөөдө, маселеге саясий көз караштан мамиле жасабай, илимий көз караштан мамиле жасасаңыз болмок! А сиз Кылычка калыс, илимий мамиле жасоонун ордуна кайдагы бир ойду-тоону айтып, саясатчылардын каш-кабагынан чыга албай калыпсыз!

Залдан кимдир бирөө каяша кылды.

– Жолдош Саманчин, саясаттын буерде кандай тиешеси бар?!

– Бар тиешеси! Саясат аралашкан жерде сиздей кошоматчылардын күнү тууйт!.. Ошон үчүн тиешеси бар!

Каяша кылгандын оозу жап болду да калды. Кыргызбаев калеми менен үстөл тыкылдатты.

– Жолдоштор, талкууну чабышка айландырбайлы!

Саманчин:

– Бул эки! Үчүнчүсү... «Совет адамы кыраакы болуш керек» десе эле, чектен чыкма кыраакы болуп кеттик. Өз эли, өз тарыхы, өз таланттарына ашкере «кыраакы» болбой, менимче, советтик адам душманына кыраакы болуш керек эле. А бизчи? Революция бизди агартты, көгөрттү, чатак жок! Бирок революцияга чейинки бүт эле жаман, революциядан кийинки бүт эле жакшы деп ак-кара кылып экиге бөлүп алдык. Ушу туурабы? Мындан ары да ушинтип отурсак революцияны чыңабай эле кайра анын кадыр-баркын кетиребиз, бүлүндүрөбүз! Бу жөнүндө айта берсе сөз көп. Бүгүнкү сөз Кылыч жөнүндө болуп аткан соң, убактым али бар, анда ошо Кылыч жөнүндө айталы.

Молдо Кылыч жөнүндө сөз жүргөндө, анын кээ бир саптарына асылып, аны саясатка айландырбай анын бүтүндөй бир акындык көз карашына, ой жүгүртүүсүнө көңүл бурушубуз керек. Молдо Кылычты «кыраакы» жолдошторго жакшы түшүндүрүш үчүн сөздү биз «Замана» поэзиясынан башташыбыз керек.

Бу сөз Кыргызбай Кокуйбаевге анча жага бербей, көчүк күйшөй козголуп, созула мурчуюп койду.

Тазабек Саманчин:

– «Замана» поэзиясы деген эмне? Бул кыргыздын оозеки адабиятында илгертен бери келе жаткан өзүнчө бир агым. Бул бир эле кыргыз оозеки поэмасында эмес, бүтүндөй Чыгыш поэзиясында байыртан бери белгилүү. Бул Рудакиден башталып, он тогузунчу кылымда жашаган кыргыз акындары Калыгул менен Арстанбекке, андан кийин биз азыр төө басты кылып аткан Молдо Кылычка чейин жеткен. Орус адамы биздин аймакка келгенге чейин эле жашаган акындар Калыгул менен Арстанбекти «Акыр заман» менен «Тар заманы» үчүн мындан бир кылым мурда өлгөнүнө карабай дагы бир жолу өлтүрүп, анан көптөп туруп көмсөк, а бүгүн революцияны көрбөй он жетинчи жылы өлгөн Молдо Кылычты «Зар заман» казалы үчүн дагы бир жолу өлтүрүп, Самаганов, Нуров жана Балтиндер менен бирге көптөп көмгөнү жатабыз. Самаганов, Нуров жана Балтиндер Молдо Кылычтын айрыкча «Зар заманына» асылып алышты. Бул жөн эле куру жалаа! Кимдир бирөөлөргө жагынуу! Ар бир акын өз заманын ырдайт. Ошол эле Рудаки, ошол эле Калыгул менен Арстанбектер да өз заманын ырдаган. Мындай зор таланттар жаманды жакшылап, же жакшыны жамандап ырдаган эмес. Болгонун болгондой, көргөнүн көргөндөй ырдаган. Балтинди койчу, Нуров менен Самаганов ушуну билбейби? Ушуну түшүнүшпөйбү? Түшүнүшөт! Түшүнүп

туруп революцияны көрбөй өлгөн Молдо Кылычты, айрыкча «Зар заман» жана «Чүй баяны» үчүн реакционер атап атышат! Эгер Кылыч революциядан кийин жашап калса, анда анын өзүн эле эмес, ал жашаган Тянь-Шанды кошо кетмендеп салмакчы экенбиз...

Кокуйбаев үстөл такылдатты.

– Жолдош Саманчин, убактыңыз бүтүп калды, Тянь-Шанга асылбай, сөздүн ток этерин айтыңыз!

Саманчин ого бетер ичинен жанып, тим эле дүрт дегени турду.

– Кыргызбай Кокуйбаевич, мен дал ошо ток этерин айтып атам!..

Нуров ордунан тура калды:

– Жолдош Саманчин!..

– Мен сизге «жолдош» эмесмин! Сиздин жолдошуңуз эбак атылып кеткен Лоцманов.

Кокуйбаев мурчуя үстөл тыкылдатты.

– Жолдош Саманчин, отуруңуз!

– Сөзүмдү бүтө элекмин.

– Отуруңуз!

Аны азыр сөз трибунасынан сүйрөп түшчүдөй Саманчин ого бетер кафедраны кулачтай кучактап алды.

– Угуп атасызбы, отуруңуз!

Саманчин көгөрдү, кафедрага ого бетер жабышты. Кокуйбаев отургандарга бурулду.

– Жолдоштор, сүйлөсүнбү, же отурсунбу?

Ташым Байжиев менен Зияш Бектенов экөө эки бурчтан жарыша унчукту.

– Сүйлөсүн! Кудай урбадыбы, сөзүн айтып бүтсүн да!

Отургандардан колдоо алган Саманчин демине күч ала түшүп, оюн улады.

– ...Революцияга чейин жашап өткөн мына ошо Кылыч акындын «Зар заман» казалында мындай деген ырлары бар.

Байыркынын өркүнү,
көчүп жүргөн күн-түнү.
Алтын-күмүш абаны
Кыз-келиндин үртүгү.
Кыз-келиндин кийгени
кызыл жибек кырмызы.
Эмдигинин карачы
Орус алып турагын,
Түштү жерге жылдызы.

Дагы бир ырын мисалга алалы.

Орустун кана жазыгы?
Малайга берет акыны.
Падышалуу чиркиндин,
Закондун туура жатыгы.
Каратса да жериңден,
Арзан кылды эгинди.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.

– Угуп турганыңыздардай бу эки ором ыр эки мааниде, эки көз карашта жазылган. Биринчисинде акын бир кезде кыргыздын кыз-келиндеринин кийгени кырмызы жибек болуп келгенин айтып келип,

«Эмдигинин каракчы, орус алып турагын, түштү жерге жылдызы», деп падышалык Россиянын жергиликтүү орус администраторлору кыргыздарды күчкө салып тоону көздөй кысканын айтса, экинчи ырында акын, орустун кайрымдуулугун, жерди алганы менен эгинди арзан кылганын айтып келип, «Эгер сураса кыргыз орусту, тердирет эле коңузду», деп өзүбүздөгү корсогой тоң моюндукту жаап-жашырбай ачык айтып жатпайбы. Ушундан кийин, болгонун болгондой айткан акынды реакционер атоого болобу?! Бир нерсеге куйкам кырк жеринен курушат, жолдоштор. Молдо Кылычты сындагандардын оюнда, кыргызды кандай сындасаң сындай бер, кандай корлоп, кандай жамандасаң жамандай бер, бирок орус элине тийбе, ага шек келтирбе деген кулдук, арзан баа дымак турат. Ушерде отурган кымбаттуу жолдоштор, чындыкты коркпой-этпей айткылачы, ушу калыстыкпы?

«Калыстык эмес!» деген үндөр залды дуу көтөрө чыгабы деп Саманчин бир саамга демин ичине ала күттү. Кайда-ан! Көчөдө, бурч-бурчта Саманчинди жактаганга кыйын болгондору менен, мындай жерде, официалдуу чогулуштарда ооздорунан сөзү түшүп, пысып калышат.

Саманчин:

– Калыстык эмес! Бул өз тарыхын, өз ата-бабасын сыйлабастык! Ошон үчүн биз Кылычтын чыгармачыл тагдырына чын дилден, атуулдук намыстан күйүп-бышуунун ордуна, тескерисинче, анын далдаасына жашынып алып өз зоболобуз үчүн бири-бирибизден өч алуу максатында кылычташып

атабыз. Акындын чыгармаларында орус маселеси козголсо эле болду, автордун ою оң болуп турса деле тескери бурабыз. Докладда «Акын бардык балээнин чыгышын, замандын бузулганын орустардан көрөт, ал бардык орустарга каршы, кыргыздардын орустарга кошулушун акыр заман деп жарыялаган, орустардан эч кандай прогрессти күтпөгөн бузуку акын» деп айтылды. Бул чындыкка негизделген күнөөбү, же тим эле жалаабы? Албетте, жалаа!

Орустун бизге кылганы,
Кылмыштуу жанды тыйганы.
Жазыгы жок адамга,
Кылча жоктур зыяны.

Бу кимдин ыры? Кылычтын ыры! Орустарды мактап атпайбы? Бу саптарды көрбөйбүз, көрсөк да көрмөксөн болобуз! Биз буерде орус адамы менен колониячыл падышалык Россияны экиге бөлүп, экөөнү өзүнчө карап, өзүнчө түшүнө албай жатабыз. Акын буерде орус адамын даңктап, падышалык Россиянын колониячыл саясатын сындап атпайбы?! Маселе мына ушунда! Чыны ушу да! Революцияга чейин падышанын буйругу менен кыргыз жерине орус колонизаторлору басып киргени эмне, жалганбы?! Камчыдан башка куралы жок карапайым элге кылычмылтыгы, замбиреги менен сес көрсөтүп, аларды тоо-ташка сүрүп, куйкалуу жерлерди, чүйгүн күрлөрдү ээлеп алганы эмне, калппы?

Баары чын!..

Айрыкча ушерге келгенде Кыргызбай Кокуйбаевдин чыдамы жетпей кетти. Калеми менен үстөл тыкылдата көчүк күйшөдү.

– Жолдош Саманчин, убактыңыз бүттү!

Катуу келаткан жорго басыгынан жазгандай шар сүйлөп жаткан Саманчин дароо ынтыга түштү.

– Бир жылда бир сүйлөйт экенбиз, ушу беш мүнөттү аяйсызбы?

Кокуйбаев чачын артына асте серпип, туталана сүйлөдү.

– Жолдош Саманчин, сиз... маселеге илимий түрдө баа берип, терең анализ жасоонун ордуна жөн эле үстүртөн бакылдап кое бердиңиз. Бу биз кызыкпыз! Маселенин тереңин маркстик кредодон көрө билбей туруп, же жаман, же жакшы деп коюу, бу жөн эле ишке ат үстүнөн мамиле кылуу дегендик! Докладды бир эле жазган докладчы эмес, бүтүндөй бүйрө мүчөлөрү бүт таанышып чыгып, оң баа беришкен. Мезгилге болгон саясий көз карашыңыз али өсүп жетиле элек экен. Отуруңуз!

Саманчин бир алдын саал дабдырай түшкөнсүдү, бирок өзүн өзү зымпыя колуна алып, жинденгенин билгизбей:

– Дагы беш мүнөт,- деди.

– Жолдош Саманчин, сүйлөй турган бир эле сиз эмес! Бизге бир жактуу сөздүн кереги жок. Баятан бери Молдо Кылычты мактап гана атасыз!

Өлбөгөн гана жерден калайын дедиби Саманчин жалтанбай минтти:

– Эгер Молдо Кылычты баятан бери жамандасам, анда минтип сөзүмдү бөлбөйт болчусуз!..

Кыргызбай Кокуйбаев галстугун кычырай оңдомуш болду, иреңи муздай мелтейди.

– Жолдош Саманчин... биз сизди Молдо Кылычты жаманда же жакшыла деп аткан жокпуз! Дагы айтам, акындын туура же туура эмес жагын илимий көз караштан туруп талдап, далилдеп, факты менен сүйлөшүңүз керек эле... Отуруңуз!

Кимдир бирөө азыр аны кайрадан сөз трибунасынан сүйрөп түшкөнү келаткансып кафедранын эки тарабын Саманчин эки колу менен кайрадан кучактап, бек кармап алды.

– Буга чейин эле факты менен сүйлөдүм, мындан ары да факты менен сүйлөмөкмүн.

Кокуйбаевдин өңү ого бетер кирлеп, жини жүзүнө чындап чыга келди.

– Убактыңыз бүттү, отуруңуз!..

– Оюмду аягына чейин айтып бүтмөйүнчө отурбаймын!

Залдан кошоматчылардын кекеткен, нары табасы канган үндөрү угулду.

– Отур, Тазабек, отур! Айнып калыпсың! Айныбасаң ушинтип сүйлөмөк белең!

– Отур дегенден кийин отур да! Кылыч эле эмес, качанкы бир атылып кеткен Касым Тыныстановду да актагысы бар!..

– Ой, тобо, мунуң өлө албай калган го!

Саманчин болбой эле сөзүн улай берди.

– Жолдоштор! Жолдоштор! Эки ооз сөз... Молдо Кылыч менин бир боордошум же тууганым эмес. Эмне болсо ошо болсун деп, кол шилтеп сүйлөбөй койсом не болмок? А мен анте албайм! Анткени, Молдо Кылыч – кыргыздын алгачкы жазма акыны! Бүткүл өмүрүн эл тагдырына байлаган кыргыздын таланттуу кулуну. Мына ушундай талантты тарыхтын чаңында калтырып, экинчи тургус кылып көмүп кетсек, кийинки муун бизди эч кечирбейт! Анткени, ким туура, ким туура эмес, тарых эртеби-кечпи баары бир баарын өз ордуна коет. Жолдоштор, «Зар заман-дын» сегиз варианты бар. Кээ варианттарында копол айтылган, ачуу айтылган ырлар, албетте, жок эмес, бар. Ушуларды иргеп, иликтеп, жамандарын калтырып, жакшыларын тандап чыгарууга болбойбу? Болот! Болгондо да эң эле сонун болот! Акырында айтаарым бу: биринчи, Молдо Кылыч – кыргыздын алгачкы жазгыч акыны; экинчи, Молдо Кылыч – таланттуу акын-реалист; үчүнчү, Молдо Кылыч – кыргыздын акын-агартуучусу!

Ушинтти да сөз трибунасынан түшүп, башын бийик көтөрүп залды аралап басып кетти. Коркоктор кошулган элдир-селдир кол чабуулар залдын ар жеринен угулган болду. Кимдир бирөөнүн мыскылдуу мазак сөзү жанынан эле угулду.

– Ой, бу дайыма тескери сүйлөгөн неме го! Алгачкы жазгыч акын Аалы Токомбаевди жокко чыгарып, кайдагы бир белгисиз реакционер акынды кыргыздын алгачкы жазгыч акыны дегени эмнеси? Аалыны көрө албай атат. Ай, ушу, ичибизге таруу айланбайт го!

Тазабек Саманчинден кийин Кокуйбаев Болот Жунусалиев жана Ташым Байжиевге сөз берди да, андан кийин Самаганов, Нуров жана Балтинге берип, үчөө тең бир ооздон мурункуларды туура эмес таап, шагынан алма күүгөндөй күүп түшүштү. Молдо Кылычтын зоболосуна сын көбүрөөк айтылып калган ченде Кокуйбаев колундагы тизмесине кайрылды.

– Жолдоштор, сөздү ушуну менен токтотсок. Дагы он чакты киши тизмеде турат.

– Кыргызбай Кокуйбаевич, кимдер болду экен алар?-Кимдер сүйлөрү Нуровго өтө керектүүдөй.

– Шүкүров, Бектенов, Сыдыкбеков, Айтиев жана башкалар. – Кокуйбаев тизмеден көзүн алды. –Жолдоштор, бу ораторлор деле жогорку сөздөрдү айтышат. Кайталоонун кереги барбы? Менимче, жок! Талкууну алтыда бүтмөк элек, алтыдан өтүп кетти. Сөздү ушуну менен токтотсок.

– Туура! Токтотуу керек!

Кошоматчылар бир ооздон кыйкырышты. Кокуйбаев жыйынтыктамак болду.

– Жолдоштор... жолдош Сталин башында турган Коммунисттик партия бизди дайыма сергек болууга, маселени маркстик, лениндик көз караштан туруп, калыс чечүүгө үйрөтүп келген жана үйрөтө бермекчи. Ошон үчүн биз, айрыкча коммунисттер, жогорку улуу кеменгерлердин улуу ойлорун жолдомо катары кабыл алып, жолдомо катары колдонуп, кандай гана иш болбосун... мейли талаш, мейли талаш эмес иш болсун, мына ушул жолдомунун позициясынан

туруп иш чечишибиз керек. Бирок жолдоштор, тилекке каршы, партиялык бул принципти түшүнүп туруп, баарын көрүп-билип туруп, бирок атайын аны бузган жолдоштор да жок эмес, бар. Мындай көрүнүшкө, мындай саясий тайкылыкка жана сокурлукка бүгүн өз көзүңөр менен күбө болдуңар. Кимдин кандай ойдо экенин, болгондо да бузуку ойдо экенин өз көзүңөр менен көрүп, өз кулагыңар менен угуп күбө болдуңар.

Алыкул Осмонов башын жерге салып, дили зил болуп, акырын үшкүрүнүп, чыгып кетпейлиби дегенчелик кылып, жанында отурган Кайсын Кулиев тарапка бурулуп, бирок Кайсындын кеткиси жок экенин билип, ийин күүшөй бүркөлүп, бет алдын зериге телмире тиктеп отуруп калды.

Кокуйбаев:

– Молдо Кылыч, албетте, таланттуу акын. Чатак жок. Бирок жолдоштор, бир нерсени эске албай жатабыз. Бир нерсени жакшы түшүнбөй жатабыз... Түшүнсөк да жолдош Саманчинге окшоп түшүнүп туруп, түшүнгүбүз келбей жатат! Мисалы жолдоштор, Зощенко менен Анна Ахматованы таланттуу эмес деп ким айталат? Таланттуу. А бирок таланттуу болгондору менен алар саясий жактан талантсыз, сокур болуп атышпайбы! Мына, маселе эмнеде? Жолдош Жданов аларга туура баа берди. Ушуну эмне үчүн биздин жолдоштор түшүнүшпөйт?! Саманчин, Байжиев жана Бектенов сыяктуу жолдошторду советтик мектеп, советтик институт окутуп тарбиялаган,

болгондо да бекер окутуп, бекер тарбиялаган. Окуп, билим алып алгандан кийин сүйлөгөндөрү бу. Жеткен реакционер, жеткен улутчул акын Молдо Кылычты жан-алы калбай мактап, жактап атышат. Жолдоштор, алдын ала айтып коеюн, мындай адамдар менен биз коммунизмге баралбайбыз!

Айрыкча Кокуйбаевдин «мындай адамдар менен биз коммунизмге бирге баралбайбыз» деген сөзү айтылганда зал ичи ого бетер жым болуп, сүйлөп аткан ого бетер сүрдүү, ого бетер акылдуу көрүнүп, отургандар дымый түштү.

– Жолдоштор... Молдо Кылыч сыяктуу акындар «Алмасы чирип көң болгон» же «Мурун кой үстүнө торгой жумурткалаган заман болот» деген сыяктуу ырлары менен өткөндү эңсеп, бүгүнкүгө – коммунизмге бет алган бүгүнкү күнгө шек келтирип атышы биз үчүн жат көрүнүш! Биз, кыргыздар, революцияга чейин ким элек? Жөн эле жайылып жүргөн мал элек! Эгер...

Ушу сөздөн кийин Алыкул айрыкча чыдабай кетти. Кайсынга бурулду.

– Кайсын, жүрү кетели...

– Алыкулдун баятан эле кеткиси келип атканын Кайсын байкап отурган, дароо ордунан турду. Экөө акырын чыгып кетти.

* * *

– Эгер чын оюмду айтсам, сен да Кокуйбаевге окшоп мага саясий ката деген жарлык такпайсыңбы, - деди алар ээн кыябанга түшкөндө Алыкул.

– Жо-ок! – деди Кайсын. – Сенин кайгың менин башымда да бар. – Сен го өз эл, өлөң төшөгүңдөсүң, а мен...

– Айтчы эмне айткың келди эле?

– «Чокой кийген чоң болот, чоюлган манап кор болот» деген экен «Замана» поэзиясынын авторлору. Автордун айтканы келди. Эзилген кедей чоң болуп, эзген манаптар жазасын алды. Бирок, чынын айталы ушундан заман өзгөрдүбү? Албетте, окудук-чокудук. Тең укуктуу болдук, бирок жөнөкөй дыйкан, жөнөкөй жумушчу ыргап-жыргап кеттиби? Мурунку кедей ыргап-жыргап кеттиби? Кедейлер биринчи иретте акылдууларын жок кылып алып, эми акыл сурарга эч кимиси жок калды. А өзүлөрүнүн акылы болсо бу... Кокуйбаевдин сөзүн уктуң...

– ...М-м-да...

– Падышалык Россия көп улуттуу мамлекеттик эркин өлкөсү эмес эле чыныгы колониялык империя болгон. Мына ушуну эмне үчүн ачык айта албайбыз? Эмнеге жаап-жашырабыз? «Революцияга чейин Түркстан кызылдай эле Россияга колония болгон» деп Ленин өзү айткан. Ленин өзү минтип чындыкты айтып атса, а эмне үчүн Кокуйбаев сыяктуулар жалганды жалтанбай айтып, падышалык Россиянын колониялык саясатын жактап да, мактап да атышат? Себеби, Ленинди алар окуган эмес! Окуса да түшүнбөйт! Кабинетине киргенинде ордунан тура калып, Ленинче шыпылдай кол бергенди, анан да «марксстик кредо» дегенди гана жакшы билишет! А башка эмнени билишет?

– Буларды да түшүнсө болот, - деди Кайсын. – Падышалык Россиянын башка улуттарга болгон колониялык саясатын, же болбосо жалпы эле улуттар ортосундагы саясатты козгобогула деп союздук республиканын башчыларына Кремлден көрсөтмө берилип коюлат экен. Бу көрсөтмөнү аткарыш керек...

– Туура эмес болсо делеби?

– Аткарбаса кызматынан ажырайт.

– Элинин тарыхы бузулуп атса, жалган жалаа алдыга чыгып атса кызматтын эмне кереги бар?

– Антип сен ойлойсуң, Алыкул... Анткени, колуңда калемиң бар. А кызматкерлердин кызматынан башка эмнеси бар?

– Бул оюңа кошулбайм. Бизде азыр чыныгы партиялык интеллигенттер жок, Кайсын. Маселенин баары мына ушунда. Чыныгы интеллигент элинин намысын, чыныгы тарыхын бүгүн бар да, эртең жок кызматына алмаштырбайт!

– Ирең иң өтө начар болуп турат, эс ал, - деди Кайсын Алыкул өзү жазып берген «Мой дом» деген орусча чыккан китебин гезитке ороп жатып. – Жакында китебиңе пикир жазам.

Алыкул иймене жылмайды.

– Экөөбүз доспуз, Кайсын... бирок досторчо мактап жазбай, калыс жаз.

Кайсын ага ыраазы боло кол сунду.

– Кош анда, эс ал...

– Кош...

* * *

Кыргызстан Борбордук Комитетинин бүйрөсүндө Молдо Кылыч реакционер акын катары бааланып, атайын чечим кабыл алынды. Адабиятчылар Тазабек Саманчин, Ташым Байжиев жана Зияш Бектеновдор түрмөгө камалды.

Ушул окуядан кийин Алыкул ого бетер ойлуу тартты. Кечээ эле бир басып, бир жүргөн калемдештери түрмөгө отуруп калды. Чындыкты айткандар камалып, жалган айткандар көчөгө батпай дардайып, сөзү сөз, ою ой болуп, мурду балта кеспей жүргөндөрү эмнеси? Эмне үчүн адамдар үйдө, көчөдө же төрдө чындыкты айтышат да, сөз трибунасында, же гезитте такыр башканы айтат? Башканы айтпайлы, мына өзү эле... Өткөн жылы жолдо Кайсынга айткандын эмнеге трибунага чыгып айтпады? Эмне үчүн? Эмне үчүн? Эмне үчүн? Демек, эл кастарлаган өлкөдө эркиндик жок! А бул жакшылыкка алып барбайт. Ооба, алып барбайт!..

Алыкул шыпка үңүлүп, ар кыл ойго төнүп, жымжырт бөлмөсүндө жалгыз жатты, алсыз жатты. Бу арзан баа, борпоң интеллигенттер анын чыгармаларын эртең же бүрсүгүнү эле так эле Кылычтыкындай кылып узун-туурасынан сызып, тарыхтын чаңдуу буйткасына ыргытып салат көрүнөт?

Ал акырын үшкүрүнүп алды. Ахыбалы айрыкча быйыл начар. Айрыкча быйыл өмүр түйшүгүнөн алыстап бараткансыды, быйыл өлөрүн сезчү. Деги ал тирүү жүргөнү менен мурун эле өлгөн эле. Бу дүйнөдө андан бала калбады, башка калбады. Бу дүйнөдө

калтырчу баласы да, багы-шагы да көп жыл бүк түшүп иштеген чыгармалары эле го? Артында бала-бакыра же ак сарай калбаса да эл окуй турган, эл эскере тураган эмгегим калат го деп, ушу менен өзүнө өзү күч-кубат берип, мына ушул күч-кубат менен күнүнө иштөөчү, бирок те мурун Касым Тыныстанов, азыр Молдо Кылыч реакционер акын аталып, а түгүл тоодой болгон алп «Манас» эпосу социализм коомуна керексиз болуп табылгандан кийин, анын жогорку күч-кубаты, деми бөксөрүп, эртеби-кечпи менин чыгармаларымды деле ушулардын бири катары кылат го деген ойго төнүп, бу дүйнөгө же келгенинен, же кеткенинен из жок алакан жайып келип, алакан жайып кетчүүдөй абалда калды. Узактан бери ооруп жүргөнгө, өлүм жөнүндө эми көп ойлобой, ойлосо да андан коркуу сезими бара-бара калып, бу дүйнөнүн жыргалы менен тозогу аны мурункудай анча кызыктырбай, жашоо кумарынан, тирүүлүктүн ыраатынан билинбей алыстап, ушундан уламбы, бу куу жөтөлдөн көргө жатып калганда гана биротоло кутулбасам тирүүмдө такыр кутула албайт экенмин го деген ойдо, бу дүйнөдөн аркы дүйнөнү тынч сезип, ошоякка ыктап, ошоякка камданып калган учуру эле. Күнү кечээ Айдай менен кызы Жыпар түшүнө кирди. Зейнеп Ысык-Көлдүн берки жээгинде ал үчөө аркы жээгинде жүрөт имиш. Ойгонуп кетип түшү экенине өкүндү, кумары канбай калды.

Ооздогу бөлмөдөгү темир керебетте жаткан Алыкул пальтосун желбегей жамынып короого чыкты. Декабрь айынын башы эле. Короону ала-чокур кар

басып, жалбырагы эбак түшүп жайдакталган талтеректердин кыл учун муздак жел зиркирете темеп турган экен. Адатынча күрс-күрс жөтөлүп, анан түпкүчтөй ийиле берип түкүрүндү эле ак кар бети кызара түштү. «Кайран өпкөм, калбыр болгон экенсиң» деп ойлоду. Көп жылдан бери көп эле ирет кан түкүргөн, бирок бул ирет өпкөнүн кагышы менен кандын түсү башкачараак эле. Көрөр күнү бүтүп, ичээр суусу түгөнүп баратканын бул ирээт чындап эле сезди. Үйдүн, үйүнүн алдында турган көк «Победасын» көз токтото кыйлага тиктеп калды.

Ушул Сокулук көрүстөнүндөгү эки бөлмөлүү үйдү сатып алып жашай баштаганына эки жыл ашып калган эле. Бул үйдө нечен ыр, нечен поэмалар жазылды. Эчен уйкусуз түндөрдү, эчен калбалуу күндөрдү ушерде өткөрдү, жалгыз-жапа өткөрдү. Анын үйүнө киши кем каттачу. Отузунчу, айрыкча кыркынчы жылдардын баш ченинде дос-жоросу көп эле. Дзержин менен чубала басып кино-театр, ресторан же бири-бириникине конок болуп, шайтандын көчүндөй шарактап жүрүшчү, дуулдап жүрүшчү! О, ошо күндөр! Бир көргөн түштөй гана кала берди го! Андан кийин согуш, ачарчылык ар кимди өзү менен өзү кылып койду. Анын үстүнө нары жалгыз бой, нары оорулуу Алыкул ошо согуш жылдары эле «эки-үч жылдык гана өмүрүм калды, ушу эки-үч жылда тигини бүтүп, муну бүтүп алайын» деген үмүт-мүдөө менен бүк түшүп иштеп, шашылып иштеп, бирок кудая шүгүр эки-үч жылдан кийин өлбөй-этпей эле мына элүүнчү жылга жете келди.

Дос-жоролорунун кээлери согуштан кайтпай, а кайткандары гөр оокаты менен ар кими ар жерде өзүнчө болуп кетти. А туугандары менен башынан эле анча карым-катнашы жок болчу. Ата-энеси эрте өлүп, али сары ооз кезинде эле жетимдер үйүнө туш болду. Ошо бойдон аларга деги жүгүн артпай өзүнчө болуп, аны жоктоп, алардан кабар албаганынанбы, бара-бара анча боорун бербей өзү менен өзү болуп кетти, алыстап кетти. Баланы ата-эне жаратарын, алардын ага үйрүлүп түшкөн ата-энелик мээрими болорун, тегерегинде тууган-уругу болорун, деги бу турмушта анын уңкулу менен чуңкулу көп болорун сезе баштаганда, канат кагып уча баштаганда, айрыкча канатынан сүйөгүдөй эч кими жок экенин биле баштаганда өзүн өксүк сезди, кем сезди. Өмүрүндө элдей ата-апа дебесе, же эже-ага дебесе, анан кантип өкүнбөйт?

Оор улутунуп алды. Өзүн-өзү жөлөп, өзүн-өзү таяп жүрүп адам катарына кошулду, а түгүл атагы Ала-Тоо аралап, аз болсо да элине саз эмгек өтөдү. Жарым жан жүрсө да, бир буту жерде, экинчи буту гөрдө турса да Шота, Шекспир, Пушкин сыяктуу алптар менен алышып, тоодон эми гана түшө баштаган элине рухий азык берүүгө жарым жан өмүрүн арнаптыр. Бирок, ушунун баары жөн гана текке кеткен эмгек окшойт. Жөн гана убаракерчилик окшойт? Болбосо Касым эмне болду? Кылыч эмне болду? «Манас» эмне болду?

Короосунда туруп, үйүн, машинесин карап туруп ушундай ойго мууду. Анан өткөнкү түшү кайрадан эсине түштү. Айдай, Жыпар жана өзү көл жээгинде жүрүптүр. Алар Алыкулду көлдө сүзүп жүргөн

жеринен чыгарып алып, анан кайдадыр жетелеп кетишти. А Зейнеп берки жээкте калды. Жөн түш эмес. Бу дүйнөдөн көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп калган окшойт...

Короого кирип келаткан жээнине кайрылды.

– Болотбек, Жапарды чакырып келчи.

Жапар тез эле келди. Көк «Победаны» ушу Жапарга айдатчу.

– Жапаш, мени көлгө алып барбасаң болбойт, кагылайын.

Үйдөн аталаш эжеси Сырга чыкты. Алыкулга каралашмак болуп эжеси менен жээни жакында эле келишкен болчу.

– Э, катүгүн! – деди эжеси. – Суукта көлгө эмнеге барасың? Анын үстүнө жөтөлүң күчөп атпайбы?

– Тез эле кайра келем, эже... Оорум күчөгөндө көл дароо айыктырып койчу эле. Бир барып келейин...

Ошол эле күнү көлдү көздөй жолго чыгып, кечке маал жетип келди. Аны менен коштошкону келгенин бир гана өзү билет. Машинесин берээк, жол жээгине токтотуп коюп, көл жээгине басып келди. Жарыктык, жатат шарпылдап! Ал пальтосунун жакасын жогору көтөрүп, учу-чени көрүнбөй толкун уруп жаткан көлдүн дабышын тыңшаганча те бет алдын томсоро тиктеп турду. Көктө булуттар түйүлө түнөргөн сайын, жерде долу толкундар көлдүн те тереңинен ого бетер буркан-шаркан түшө түрүлүп келип, анан шарак эте жер сүзө жээкке урунган сайын, узак жолдо жүк көтөргөн жолоочудай «өх!» эте жүгүн жерге кое

койгонсуп, бир саамга тыныга түшкөнсүйт. Көлдүн дабышын ал сагынып калган экен, кумары канбай бир кыйлага кулак төшөп тура берди, өктөө менен өзүнчө күбүрөндү.

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун!

Тигине, карачаар жыландай бири-бирин толгоно буушкан көктөгү кара булуттарды тешип өтүп, көлгө найзадай сайылган күндүн нуру асман менен жердин ортосуна салынган алтын көпүрөдөй жаркырап турат. Ак куулардын канаты кылак эте күн нуруна чагыла берип, анан толкун менен жарыша кайдадыр жылт берип жоголот. Алыкулдун ой-санаасы азыр кандай уйгу-туйгу болсо, көлдүн үстү да ошондой буркан-шаркан түшүп, акын көл менен, көл акын менен коштошо албай атты.

Кеч кирип баратканга суук ого бетер күчөп кетти. Көк «Победанын» жанында туруп жадап кеткен Жапар Алыкулдун жанына жолтоо боломбу дегендей жалтана асте басып келип:

– Алыке, суук күчөп кетти, жүрүңүз, - деди.

Алыкул аны укпагандай, бир кыйлага ошо бир калыбында көлдү тиктеп тура берди. Жапар батынып, экинчи ирет «жүрүңүз» деп айта албай, ал да көлдү тиктеп, андан обочороок туруп калды. Бир маалдан кийин гана Алыкул артына бурулуп, «Победаны» көздөй басты. Ошондо Жапар Алыкулдун

кирпиги суулана түшкөнүн байкады. Машинеге отурары менен Жапар:

– Алыке, эми кайда? – деди.

– Шаарга...

Жапар шаарды көздөй уруп-салып келатып, өзүнчө аң-таң болот. «Кызык эле киши ушу Алыкем... Көлдү бир көрүш үчүн да жол арытып алыстан келеби?»

Жол бою Алыкул үн катпады. Үйгө келери менен төшөк тартып, ошо бойдон туралган жок. Өлөөр күнү китептерин бир сыйра кармалап, баректап, анан «Жолборс терисин кийген баатырды» көкүрөгүнө коюп, бир кыйлага дейре тынчып жатып калды. Аны баары төгөрөктөп турушкан. Бир маалдан кийин көзүн ачып:

– Эже, - деди.

Эжеси буркурап ыйлады.

– Кагылайын, мен башыңдамын. Айт оюңду.

Айталган жок. Жээни Болотбек Алыкулду көп жылдан бери дарылап жүргөн Ювелина Блюмкинаны ээрчитип келди. Блюмкинаны тааныды. «Келдиңизби» дегендей ээк кагып, анан жээнине бурулуп, алып берчи дегенчелик кылып, үстөл үстүндөгү китептерди көрсөттү. Жакында эле Москвадан орусча чыккан «Мой дом» деген китеби үстөл үстүндө жаткан. Жээни оюн биле койгондой китепти алып анын колуна карматты. Китебин араң кармаган Алыкул бир нерсе жазмак болуп, бирок жаза албады, чамасы жетпеди. Көп ирет өмүрүн сактап калган ушул аялга Алыкул дагы бир ирет ыраазычылыгын билгизип,

кол тамгасы коюлбаган актай китебин сунду. Көздөрүнө жаш толгон Блюмкина ага көзү менен ыраазычылыгын билгизип, не дээрин, не кылаарын билбей туруп калды. Ушундан кийин бир саамга Алыкул көзүн жумуп жатты, анан көзүн ачты. Бая эле тилден калган ага кайра тил кирип:

– Терезени ачкылачы, - деди.

Анын акыркы сөзү ушул болду.

* * *

Сталин жатаар алдында дайыма жылуу сууга түшчү жана кечке дейре тынымсыз канжа соргон оозун сөзсүз түрдө кыйлага дейре шашылбай жууп, ушундан кийин гана түндүн кайсыл гана маалы болбосун чеккиси келип турса да канжасын экинчи колуна албай, катуу чарчаганга сулк уктап кетчү. Күнүнө кыла жүргөн ишин мына бүгүн да уктаар алдында адаттагыдай шашылбай өтөп, анан крахмалданган ак шейшепке ал акырын үшкүрүнө жата кетти. Жетимиш үч жаш оңой курак эмес экен го. Жатары менен шалдырай түшкөнүнө жана сөөк-саагы билинбей сыздап атканынан улам айрыкча ушу жылы калжая картайып баратканын өкүнө сезди. Өмүр базары эле эмес, өмүр соодасы да билинбей бүтүп, өзүн мына-мына батмакчы болуп, тоо кырында араң илинип турган жошо көз күн сымал сезе баштаганы жүрөгүн билинбей эзди.

Эгер эртең же бүрсүгүнү көзү өтүп кетсе бу дүйнөдө андан эмне калат? Балдарыбы? Сталиндин өңү өкүттүү кирдей түштү. Балдары экөө тең начар, маанисиз чыгып калды. Көзү өтүп кетери менен анын

Сталин деген даңазалуу атын андан ары даңазалоонун ордуна кайра ага шек келтирерине айрыкча быйыл биротоло көзү жетти. Вася эрте жашынан ичип кетти, а Светлана болсо эркектен эркек тандап, бир күйөөсү менен чыгыштык кылууга үлгүрбөй жатып, башкасына кол сунуп атат, минтип отурса кудай билет дагы анын канча күйөөгө чыгарын!

Сталин акырын үшкүрүп алды. Эгер эртең же бүрсүгүнү көзү өтүп кетсе, артында аны даңазалай турган балдары эмес, отуз жыл ашык башкарган учучени жок зор өлкөсү гана калат. Ооба, зор өлкөсү гана! Даңктуу атанын эси жок балдары атасынын көзү өтөрү менен эч качан жакшы болгон эмес, жакшы болбойт, муну көрүп билип эле турат, а бирок өлкөнүн тагдыры кандай болор экен?

Сталин мына ушундай ой толгоодо жатты. Ал ушул кезге чейин элге, айрыкча өзү менен эле бирге иштешип аткан жооптуу кызматкерлерге жана маданият ишмерлерине бир нерсени жетик түшүндүрө албай келет. Булар эң негизги бир нерсени жакшы түшүнбөй жатышат, ушундан улам Сталинди жакшы укпай атышат. Кечээ эле эмес, мындан бир нече жыл илгери Фадеев баш болгон жазуучулар менен дал ушу маселе боюнча Кремлде кызуу сүйлөшкөн.

– Жолдош Фадеев, биздин жазуучулардын чыгармаларында бир нерсе жеткилең чагылдырылбай жатат.

– Кандай, жолдош Сталин?

– Советтик патриотизм сезими... Биз элди өз алдынчалыкка, намыскөйлүккө, патриоттуулукка

жакшы тарбиялай албай жатабыз. Ушундан улам алар дайыма Батыштын маданиятына кулдук уруп, аларды үйрөтүүнүн ордуна, тескерисинче, дайыма алардан үйрөнүүгө ыктап турушат. Бу эмне дегендик? Өмүр бою бирөөдөн үйрөнгөн киши өмүрүндө өз алдынча эч нерсе кылалбайт. Петр биринчиден бери келаткан бул үмүт эң жаман, эң жарабаган үмүт. Петр, албетте, учурунда жакшы иш баштаган, алдыңкы орус аалымдарын Батышка жиберген, окуткан, Батыштан Россияга алып келген, бирок Петрдун бир кемчилиги, Батыштын адамдарына Россиянын эшигин өтө кең ачып салган, бийликти берип салган. Ушундан улам алар Россияны агартуунун ордуна кайра түз эле бийлөөгө өткөн. Натыйжада орус адамы өз алдынчалыгын жоготуп, Батышка көз каранды болуп калган. Мисалы, Ломоносовду алалы... Өз эл, өз жеринде жүрүп Батыштын осурак агартуучуларынан жапа чеккен...

«Осурак агартуучулары» деген сөздү Сталин басым менен алдын сызып айтып, канжа кармаган колун кыжына акырын силкип алды. Айрыкча советтик патриотизм жөнүндө сөз жүргөндө Сталин дайыма дароо иреңин бүркөп, сепкилдүү өңү түктөйө түшкөнсүп, көздөрү тереңинде жылт-жылт ойноп кетчү. Азыр да дал ошондой абалга келип, отургандарды кекээрдүү сыдыра тиктеп, алардан анын оюн колдоп кубаттаган сөз уккусу келди, бирок баары тең жымжырт тартып, бирөө да үн катууга даабады, ушундан улам сөзүн кайра улады.

– Ал эми биздин жөнөкөй дыйкан биздин көкүрөгү бөксөө интеллигенттердей калпагын көккө ыргытып Батышка таң калбайт. Россиянын намысын ошо арзан баа интеллигенттердей ойлобосо да, Батыштын терезесин аларга окшоп жөнү жок сагалабайт. Мурун биздин аскер кызматкерлери да Батышты тиктеп, Батыштан үйрөнгүсү келип турушчу. Согуштан кийин антпей калышты, анткени биз алардан эмес, алар бизден үйрөнүш керек экенине көздөрү эми гана жетти.

Акыркы сөзүн Сталин ыраазы боло, мурутун сылап туруп айтты. «Биздин көкүрөгү бөксөө адамдарыбыз таң калган Батышты Советтик Кызыл Армия таштанканын чыгарып жеңди, көбүнө азаттык берди, көрдүңөрбү, а силер дайыма Батышка кулдук урасыңар» деген ойду айтпаса да, ушул ой байкалып турду. Сталин оюн андан ары улады.

– Алардан биздин эмнебиз кем? Пушкин менен Толстой – дүйнөлүк адабияттын чокусу. Орус адамы кезинде Наполеонду, жакында Гитлерди ийине жеткире талкалады. Буга дүйнө таң калып атат, а эмне үчүн биз өзүбүздүн талантыбызды, күчүбүздү баалабайбыз да, дале болсо Батышты карайбыз, таң калабыз! Чет элдик келжирек окумуштуулардан өзүбүз үч эсе бийик туруп, бирок эмне үчүн өзүбүздү үч эсе кем сезебиз, жолдош Фадеев? Ушундай арзан баа интеллигенттерди аябай ашкерелеген көркөм чыгармалар азыр эмне үчүн бизде жок? Советтик патриотизм жөнүндө эмне үчүн романдар жазылбайт?

Фадеев шакылдап жооп берди.

– Таланттуу жазуучулар дале болсо согуш темасынан алыс кете алышпай жатышат. Ошон үчүн, жолдош Сталин, бүгүнкү күндүн темасы экинчи планда калып отурат.

– Жолдош Фадеев... Советтик патриотизм, айрыкча азыркы тынчтык мезгилиндеги патриотизм темасы эч качан экинчи, же үчүнчү планда калбашы керек. Советтик патриотизм экинчи планда калды дегендик, бу бүткүл совет эли, совет мамлекети экинчи планда калды дегендик. Бул эң негизги маселе. Кулдук психологиядан чыкпай туруп, алдыңкы өлкөлөрдүн катарына чыга албайбыз, ошон үчүн биз азыр космополитизмге каршы катуу чабуулга өттүк.

Сталин ушул сөзүнөн кийин эмнегедир бир саамга чейин үндөбөй басып жүрдү, баары тунжурап унчукпай отурушту.

– Эл азыр «кайрадан отуз жетинчи жыл башталабы?» деген коркунучтуу ойдо турат, - деди анан ал – Отузунчу жылдары көбүн эсе партиялык кызматкерлер антисоветтик иштери үчүн катуу жазага тартылса, азыр адабият жана искусство адамдары жазага кетип атат. Эмне үчүн? Мунун себеби эмнеде? Бул жөнүндө жолдош Ждановдун «батыш өлкөлөрүнө арзан баа кулдук ургандар менен күрөш» деген макаласында кеңири айтылган. Бул темага токтолбойм, бирок дагы айтып коеюн биз таң калган Батыштын өтө эле ашкере демократиясына биз азырынча суктанбайлы, таңданбайлы. Анткени, кулдук

психологиядан арыла албай жатып, кантип мындай демократияны кабыл алабыз? Өзүнүн жеке ою жок кишиге эркиндик бердиң дегенче, эртеси эле оюна келгенин айтып чыгат. Ою суу кечпей калса, анда кара күч колдонуп, революция чыгарат. Мындай учурда эмне болот? Баш-аламандык башталат, максатсыз кан төгүү башталат! Муну бир маселе дейли...

Сталин эбак өчкөн канжасын чирк тамызып, болор-болбос сорумуш болду да кайрадан Ждановдун жанында отурган Фадеевге бурулду.

– Экинчи маселе... Жолдош Фадеев эмне үчүн Илья Эренбургдун «Бороон» романы экинчи даражадагы сыйлыкка көрсөтүлүп калган?..

Фадеев Сталиндик сыйлыкты ыйгаруу боюнча комитеттин төрагасы болгондуктан, бул суроого ал гана жооп бериш керек эле, адатынча шакылдап жооп берди.

– Романдын кээ бир кемчил жагын көрсөткөн комитеттин өз ара пикири бар, жолдош Сталин.

– Мисалы?

– Мисалы... романдын башкы каарманы өзү советтик атуул болуп туруп, француз кызына ашык болуп калат экен. Комитеттин мүчөлөрүнүн пикири боюнча советтик адам үчүн бул жакшы үгүт эмес.

Сталин мурутунан жылмайды.

– А эгер... мисалы дейли... француз кызы мага жагып калды дейли? Эгер жакшы болсо, улутуна карабай ким да болсо ашык болуп калышы мүмкүн. Бул турмушта боло турган нерсе. Мен романды окуп

чыктым. Кээ бир кемчиликтерине карабай биринчи даражадагы сыйлыкка татыктуу деп эсептейм. Жолдош Фадеев... Сыйлыкка көрсөтүлгөн Вера Панованын «Ачык жээк» повестине оюңуз кандай?

– Вера Панова жакшы жазуучу, бирок бу чыгармасы өз деңгээлине жетпей калган.

Сталин:

– Туура. Мен да так ошондой ойлойм. Аялдардын ичинен Панова колдой турган жазуучу. Турмушту ал жакшы билет жана жаза алат, бирок мурунку чыгармаларына караганда бул повести көркөмдүк жана сюжеттик чечилиши жагынан өз деңгээлине жетпей калган. Эгер жазуучу окуяны жалпылабай, жөн гана факты менен чектелип калса, бу көркөм чыгарма эмес...

– Жазуучулар, болгондо да Фадеев, Эренбург жана Симонов сыяктуу кыйын чыкма жазуучулар менен Сталин аскер кызматчылары же профессионал саясатчылар менен сүйлөшкөндөй эле өтө эркин сүйлөшө ала турган. Сталин бала кезинен китепкөй болчу. Кичинекей Жугашвили Гори шаарында окуп жүргөн кезинде эле китепти көп окучу. Грузин жазуучуларынын романдарын баш көтөрбөй окуп, айрыкча грузин классиги Александр Казбегинин «Атасын өлтүргөн канкор» романын бир отурушта, түнү бою уктабай окуп бүтүргөн. Элдик болуп калган бул романдын баш каарманы Кобаны кийин профессионал революционер кезинде псевдоним кылып алган. Бирге окуган өз теңдүүлөрдүн арасында

кичинекей Иосиф өтө зиректиги жана мүнөзүнүн чатактыгы менен айырмаланчу. Атасы Виссарион Жугашвили эрте жашынан уулундай романтик же китепкөй болбогону менен, бирок айтканын бербеген мүнөзү чатак, кежир киши эле. Теги, каны осетин болгону менен жаны, ой-санаасы нака грузин болуп калган чебер өтүкчү эле. Уулунун зиректигине анча маани бербей, өзүнүн кесибин ага бермек болуп, өзү иштеген жерге ала жүргөн. Бирок ал өлөрү менен энеси Иосифди духовный (диний) семинарияга берет, байлардын кирип жууп, күн өтөп уулун окутат. Бул дүйнөдө эзүүчү жана эзилүүчү бар экенин Сталин ошо бала кезинен эле өз башы менен кечирип, өз көзү менен көргөн. Байлардын балдары сабактан кийин жасана кийинип сейил курушса, а ал жупуну кийими менен китепканага жалгыз келип, Коба сыяктуу күрөшчүл каармандарды баш көтөрбөй окучу. Мына ошондон калган адатыбы, азыр да убактысынын өтө аздыгына карабай көркөм китептерди көп окуйт, баратап тез окуйт, айрыкча Сталиндик сыйлыкка көрсөтүлгөн китептерди калтырбай окуйт.

Сталин эми Казакеевичтин «Одердеги жаз» романын колуна алды.

– Романды кызыгып окуп чыктым... бирок мында да кемчиликтер аз эмес. Романда Рокосовский жана Конев кеңири көрсөтүлгөн, бирок Жуков жок. Одерде тигилер эмес, негизинен Жуков командачылык кылган. Конев менен Рокосовскийге караганда Жуков жакшы күрөшсө күрөшкөн, бирок алардан эч кем

күрөшкөн эмес. Казакеевичтин романында Жуковдун образы жетишпейт. Автордун Жуковго болгон бул мамилесин кандайча түшүнсө болот?

Сталин маселенин дал үстүнөн түштү. Фадеев дароо жооп бермек болду.

– Жолдош Сталин, романга болгон сиздин пикириңиз туура, бирок мында автордун күнөөсү жок. Кырк жетинчи жылы Жуков сындалып, кызматынан төмөндөтүлүп, Одессага башка кызматка жөнөтүлгөнүнө байланыштуу, өзүнчө китеп болуп чыкканы турган романдагы Жуковдун ысымы цензура тарабынан бүт кыскартылып алынып, анын ордуна Аскер советинин бир кеңешчиси баш командачылык кылып калган...

Сталин маселенин тегине эми гана түшүнүп ордунда токтоду. Өтө өкүнө сүйлөдү.

– Бизде дайыма ушундай... Кемчилик кетирсе эле тарыхтан же романдан ошол адамды дароо сызып салыш керекпи? Эмне үчүн бу маселе боюнча Казакеевич бизге кайрылган эмес? Жолдош Фадеев... Эгер Казакеевич сыяктуу таланттуу жазуучуларга кимдир бирөө тоскоолдук кыла турган болсо, тартынбай дароо бизге кайрылсын! Роман, менин оюмча, сыйлыкка толук татыктуу. Бирок, китеп кийин дагы жарык көргөндө Жуковдун өз аты-жөнү кайрадан киргизилиши керек. Албетте, согуштан кийин Жуковдон кемчилик кеткен, бирок согуш мезгилиндеги анын салмагы өтө зор.

Сталин эми Ждановго бурулду.

– Сыйлыкка көрсөтүлгөн дагы кандай чыгармалар бар?

Жданов Фадеевге бурулду. Фадеев дароо жооп берди.

– Түгөлбай Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» деген романы.

– Пикириңер кандай?

– Жаман эмес. Окуя согуш мезгилинде алыскы Кыргызстандагы тылда, а жердеги ар кыл улуттагы элдердин достугу, жеңишке ээ болгон эмгекчилердин күрдөлдүү эмгеги сүрөттөлгөн.

Сталин:

– Ушул романдын автору партияда барбы же жокпу?

– Партияда жок, жолдош Сталин.

– Мына көрдүңүзбү?.. Бул жазуучу партияда жок туруп, бирок партиялык позициядан туруп роман жазган. Мен окуп чыктым романды. Ушул романдын авторунан улам мен бир нерсени айткым келет. Биздин кээ бир адабиятчыларыбызга чыгарма жакпай калса эле «Адабияттагы партиялуулук» деген терминди калкан катары кармап, «бул чыгарма партиялык позициядан жазылган эмес, анткени автор партияда жок» деп күнөө коюп чыгышат. Лениндин бир кезде айткан «Жоголсун партияда жок адабиятчылар!» деген сөзүн бетке тутушат. Ушу туурабы, жолдош Фадеев? Жок! Туура эмес! Муну Ленин качан айткан? Илгери! Бул сөздү ал биз оппозицияда жүргөн кезибизде, керектүү коммунисттерди өзүбүзгө

тартуу керек болгон учурда айтылган. Биз оппозицияда болгондуктан, партияда жокторго күрөш ачып, өзүбүзчө лагерь түзгөнбүз. А азыр андай эмес да? Оппозициядан кетип, бийликке келгенден кийин биз коммунист же коммунист эмес деп экиге бөлбөй калганбыз. Баарына бирдей карайбыз, бирдей жооп беребиз. Оппозицияда жүргөнүбүздө а түгүл тигил же бул улут маданиятын ашкере баалоого каршы турганбыз. Анткени, кадеттер так ушул улут маданиятын калкан пайдаланып бизге каршы чыкканы үчүн ошенткенбиз. А азыр андай эмес. Азыр биз улут маданиятын жактайбыз. Анын өсүп-өнүүсүнө шарт түзөбүз. «Жоголсун партияда жок адабиятчылар!» деген жолдоштор эки нерсени... оппозицияда турган позиция менен бийликте турган позицияны ажырата билбей жатышат. Ал эми партияда жок туруп «Биздин замандын кишилерин» жазган Сыдыкбековду тиги жолдоштор эми «Романды партиялык позициядан туруп жазып коюптур, а эмне үчүн өзү партияда жок» деп күнөөлөмөкпү? Хэ... Китептин автору партияда болсо эле, анын чыгармасы партиялуулугу менен айырмаланып калбайт да...

Сталин «Биздин замандын кишилери» романынын орусча которулган китебин үстөлдөн алды.

– Партиялуулук десе эле кээ жолдоштор советтик адабиятта терс каармандар жок болуш керек деп түшүнүп жүрүшөт. Бул раповчулардын бүгүнкү жарабаган теориясы. Бардык каармандар оң, бардык каармандар идеал болушу керек имиш! Сандырак! Турмушта идеалдуу адам жок, демек, адабиятта

андай болушу мүмкүн эмес! Партиялуулук деген эмне? Партиялуулук деген турмуштагы, советтик турмуштагы болгон чындыкты терең жана кенен чагылдыруу менен советтик патриотизмди даңазалоо, андайларды алдыңкы катарга алып чыгуу, адамдарды ошондой болууга тарбиялоо, үндөө! Мына бул «Биздин замандын кишилери», менимче ушундай китеп...

* * *

Сталиндин уйкусу такыр тарап кетти. Мындан үч жыл илгери болуп өткөн окуялар эмне үчүн азыр, болгондо да бүгүн эсине түштү? Патриотизмден улам го? Анткени, бардык нерсе патриотизмден башталат. Ал баштаган азыркы чыныгы патриотизм, кийинсоңгу жалган патриотизмге айланып кетпейби? Эгер эртең жок бүрсүгүнү көзү өтүп кетсе, эл алдында өзүндөй ишенимге, кадыр-баркка ээ болуп, жалган эмес чыныгы патриотизмди, чыныгы урааны бир жолдо, бир багытта андан ары улап кетчү, төгөрөгүндө өзүнө татыктуу ким бар?

Саясий бүйрөнүн мүчөлөрү көз алдына келди. Гезиттерде дайым эле өзүнөн кийин Молотовдун ысымы жазылып жүрөт. Андан кийин гана Маленков, Ворошилов, Булганин, Берия, Каганович, Хрущев, Андреев, эң аягында Микоян. Анастас Микоян...

Сталин оюн эң аягынан, Микояндан баштады. Чынын айтыш керек, Микоян анын ордун эңсебейт, оюна да келбесе керек, келген учурда да аны ал орунга жеткире коюшпайт. Ал өтө митаам жана

өтө кырс киши. Эгер өз ишине так, же тың болбосо азыркы кызматынан эбак четтетилмек. Хрущев экөө нары тең, нары курдаш. Экөө эки улуттан болгону менен бирин бири колдоп Сталинге дайыма кирип турушат, алардын минтиши ага жагат. Экөөнүн эч кимге, эч жерде азырынча зыяны жок. Жүрө беришсин бири-бирин колдоп, иштеп жүрө беришсин.

Андреев элге алынган жок. Партиялык ири кызматкерлерден башка аны эч ким билбейт. Жамы журт жакшы билбейт. Эс-акылдуу, салабаттуу жакшы адам, бирок анда умтулуу жок. Азыркы кызматын араң өтөп жүрөт. Генсектик орунга ою да, чагы да жетишпейт. БКнын бүйрө мүчөлүгүнөн быйыл чыгып калышы да мүмкүн.

Хрущев болсо билимсиз. Тарыхый же көркөм китептерди кой, күндөлүк гезиттерди да дурусу-раак окубаса керек. Кадрлар жетишпеген учурда эрте жашынан эптеп жетекчилик кызматка илээшип калып, айрыкча ата-теги кедей болгону үчүн, анын үстүнө теңир маңдайына жазып койгон экен. БКнын саясий бүйрөсүнүн мүчөлүгүнө чейин жетип иштеп жүрөт. Чын-чынына келгенде областтык деңгээлде иштей турган гана кызматкер, чыгармачыл интеллигенттерге эмес, карапайым элге жакын. Партиянын жиберген жагына кыңк этпей кетип, бирде Украинада, бирде Москвада иштеп жүрөт. Иштей берсин. Сталин үчүн анын бары же жогу, жүрөбү же жүрбөйбү баары бирдей сезилет. Микоян экөө ынак жолдош. Саясий мансап үчүн Микоян аны менен жолдош болуп жүрөт. Эгер Хрущев эрте эле кызматынан

ажырап калса, Микоян анын босогосун ошол эле күнү аттабай коет. Муну Хрущев билбейт. Эгер генсектик колуна тийсе, партиянын кадыр-баркын дароо кетирет, бирок аны Берия генсектикке жеткире койбойт.

А Каганович – саясий бүйрөдө еврей улутунун жападан жалгыз өкүлү. Бирок каны еврей болгону менен жаны орус болуп калган. Мисалы, мына өзү да ошондой, каны грузин болгону менен орус болуп калган. Бир да еврей баласы Сталинге ак дилден Кагановичче берилген эмес. Генсектикке бар дегенде да барбайт, анткени өз чагын, өз чамасын жакшы билет.

А Берия жөнүндө сөз башка. Ягода жана Ежовдон ыктуусу да, шыктуусу да Берия болду. Бу кызматта Берия гана узак мөөнөттөн бери иштеп келет. Анын тезирээк көзү өтүшүн жана анын ордун ушул айрыкча эңсеп жүргөнсүйт.

Мурун Берияга Сталин ишенчү, абдан ишенчү. Маселени тез чечип, нары тез, нары чапчаң сүйлөп, чечкиндүү жүрүшү өзгөчө жакчу. Бирок бара-бара анын көп жаман жактарын билди, бирок билсе да билмексен болуп койду. Аны эбак жок кылмак, бирок Троцкийдин көзүн тазалоого Берия зор иш өтөгөн, муну экөө гана билет. Ошон үчүн Сталин ага унчукпайт. Муну билген Берия анын төгөрөгүндө эрке баладай алчаңдап, оюна келгенин кылып жүрөт. Буга ылайым бийлик тийбесин, тийди дегенче өлкөнүн чакчелекейин чыгарат. Бериянын баары бир генсектикке жеткиришпейт, ал эмес элдин ичинен чыккан шовинисттер бир грузиндин көзү өтөөрү менен,

экинчи грузинди тез эле жок кылышат, анткени Берия ошого татыктуу болуп жүрөт.

Булганин. Саясий бүйрөдөгү Сталиндин жакын көргөндөрүнүн бири ушу Булганин. Сталинден он алты жаш кичүү болгону менен аны менен тең чамалаш эле көрүнүп, эмнегедир тез картайып кетти. Көп жылдар бою зор кызматтарды өтөп, анын жанында жүргөнү менен атак-даңкка жетип, элге жакшы алынып кете албады, дайыма далдоодо кала берди. Адатта, жамандыгы же жакшылыгы журт алдында анча билинбеген бийлик адамдары билинбей унутулуп, бара-бара көлөкөдө кала берери бар. Кээ бирөөлөр кызматы же даражасы боюнча анын алдына чыгып кеткенде бу оор басырыктуу, бир мүнөз, сыпаа киши чындап эле ичи тарып, бул пендечилигин Сталинге билгизип койду. Жуков менен болгон анын чатагы дал ушундан чыкты. Бирок чатактан пайдаланып, маршалдык даражаны Сталинден сурап алды. Генсектикке ою бар, иштейт, бирок ыкшоо. Күрөш эмес, тынч жашоону жакшы көрөт.

Ворошилов. Ворошилов өзүнө окшоп калжайып картайып калды. «Даңкы болгону менен дасторкону курук» дегендей даңкы болгону менен элге берер күч-кубаты азыр жок. Сталин кээде аны аяйт, кээде өзүнөн өзү эле эмнегедир жек көрөт, кээде эски досчо тамашалайт, а кээде жаштардын көзүнчө сындайт. Баарына чыдайт. Сталиндин бардык мүнөзүнө көнүп да, үйрөнүп да, бышы кулак болуп да бүткөн. Генсектикти ойлоо кайда? Ал да өзүнө окшоп, генсектикти

эмес, аркы дүйнө, өлүм жөнүндө көбүрөөк ойлоп калган.

Маленков. Маленковду эстегенде Сталин жүзү саал жумшара түштү. Согуштан кийин Сталин айрыкча жаштарды – Маленков, Жданов жана Булганинди көбүрөөк өзүнө тартып калган эле. Ушундан улам, айрыкча, кырк жети-кырк сегизинчи жылдары мураскорлук орунга, тагыраак айтканда, генсектик орунга Маленков менен Жданов билинбей ич ара тымызын тирешип, алдуусу алсызын алдынан сер-пип, өзүнө жол ачаарда күтүлбөгөн жерден Жданов дачасында, эс алып жаткан жеринде жүрөк оорусу кармап өлүп тынды. Бул өлүм Маленковду дагы бир атаандаштан, Сталин колдоп кое турган атаандаш-тан арылтты. Маленков үчүн эми экинчи бир күчтүү атаандаш, анча-мынчаны алдынан чапчып ыргытчу атаандаш Берия эле. Канткен менен экөө айрыкча согуштан кийин өтө жакын болуп кеткен болучу. Бирок бийликтин кумарын жаш кезинен татып кал-ган адамдар канчалык достошпосун бийлик үчүн бир-бирин эртеби-кечпи сатып кетериндей эле, экөөнүн достугу үстүртөн жалган достошуу эле. А түгүл генсектик орунга эгерде Берия жакындап калса Маленковду, Маленков жакындап калса Берияны бири-бирибизди колдойбуз деген жашыруун убада менен жүрүшчү. Бирок Сталиндин орду үчүн экөөнүн тең чечекейи чеч болуп жүрчү. Эгер экөөнүн бирөө Ждановдой капысынан өлүп кетсе, экинчиси достук сезим менен терең кайгырбай, тескерисинче, дагы

бир атаандашынан арылганына кубанар эле. Ждановго караганда Берия Маленков үчүн анча деле күчтүү атаандаш эмес болчу. Анткени Берия Микояндан башка Саясий бүйрөнүн бир да мүчөсү колдобосун жакшы билчү. Берия кадыр-баркы эмес, аңыраңдаган абийирсиз күчү менен алдыга чыгып кетиши мүмкүн. Ал ушунусу менен коркунучтуу. А Маленков болсо ага караганда такыр башка адам. Адам жана коммунист катары өз абийринин алдында өтө таза, оор басырыктуу, ишке принциптүү саясий бүйрөнүн мүчөлөрүнө ал мына ушунусу менен барктуу. Сталинге ал мына ушунусу менен жакын.

Ал эми Молотовчу? Ал жөнүндө сөз башка. Молотов Сталиндин эски кызматташтарынын ичинен эң жакыны болгон жана болуп келген. Экөө бири-бирин те илгертен подпольеде жүргөндөн эле жакшы билишчү, түшүнүшчү. Сталиндин аброюн көтөрүүгө Молотов мурунтан эле көп күч жумшады жана чын дилден ага өйдөсүнө өбөк, төмөнүнө жөлөк болуп кызмат өтөдү. Айрыкча Троцкий жана троцкизмдин калдыктарын жоюуда, алар менен күрөшүүдө Сталин үчүн ал опол тоо болуп берди. Аялы Полина Жемчужинадан уламбы, же башка себептен уламбы Молотов айрыкча элүүнчү жылдары Сталиндин ишенимине мурункудай кире албай калды.

Молотовдун аялы Полина Жемчужина улуту боюнча еврей кызы эле. Кезинде Сталиндин аялы Надежда Аллилуеванын жакын курдашы болгон. Отуз тогузунчу жылы ВКП (б) БКнын мүчөлүгүнө кандидат болуп шайланган. Согуш мезгилинде

еврейлердин фашизмге каршы Комитетин жетектеген. Согуштан кийин космополитизмге каршы болгон массалык кыймылды Полина Жемчужина эл аралык сионистер менен байланышы бар деп күнөөлөнүп, Саясий бүйрөнүн кеңешмесинде Берия аны катуу айыптап чыккан. Аны камакка алуу жөнүндө сөз жүрүп добуш берүү үчүн колго салуу учурунда бир гана Молотов кол көтөргөн эмес. Ошондой эле ал аялын куткарып калууга аракет кылып, сүйлөгөн да эмес. Ушул окуядан кийин Сталин Молотовду өзүнөн ого бетер алысыраак кармай баштады. Анан да Сталиндин куйкасын куруштурган эң башкы нерсе – гезитке же башка официалдуу жерлерде Молотовдун аты-жөнү дайыма Сталинден кийин айтылчу болду. Бу эмне, эртеби-кечпи Сталиндин көзү өтүп кетсе, анын ордуна эл ушу Молотовду шайлап алгылары барбы? Молотов ушу Сталиндин ордуна отурмакпы? Маленковго мүмкүн, мейли, бирок Молотовго өз ордун ыраа көрчү эмес, эч ыраа көрчү эмес! Эмне үчүн? Кызганабы? Же аны татыксыз деп ойлойбу? Айтор, себебин өзү да жакшы билчү эмес.

* * *

Ошентип көзү өтүп кетерин сезе баштаган Сталин бир эсе бу дүйнөнү кыйбай кыйналса, бир эсе ордун кимге ыйгарарын билбей, билсе да аларга ыраа көрбөй ошого кыйналды. Өзүнөн өзү жалгыздап, өзүнөн өзү бук болуп, өтө даңктуу адам менен өтө эрке адам, айрыкча бакыт келип турган учурда өтө чын тийбес болуп кеткендей, ал деле пенде да, ушу жылы ашкере чын тийбес болуп кетти.

Миң тогуз жүз элүү экинчи жылдын күзүндө партиянын он тогузунчу съезди болуп өттү. Молотовду Сталин канчалык өгөйлөп, аны өзүнөн алыстата баштаганы менен съездди Молотовго ачтырды. Отчеттук докладды Маленковго жасаттырды. Съезд өтүп, пленумга кезек келди. Мына ушул пленумда Президиумда отурган Сталин залды эмнегедир ушунчалык муңдуу тиктеп отурду. Эл менен, депутаттар менен, алар отурган ушу зал менен коштошуп, эмки съездге чейин ким бар да, ким жок дегендей ойго төнүп отурду. Залдагылардын көзү анда. Эмне үчүн сүйлөбөйт? Эмне үчүн иреңи кир? Эмне үчүн бизди муңдуу тиктейт? Жаактуулардын жаагы талып, пленум аяктап баратканда Маленков бир саамга бет алдын тунжурай тиктеп, мына азыр силерди кубантам дегендей таризде ийин күйшөп, анан сыймыктана минтти:

– Сөз азыр жолдош Сталинге берилет.

Зал дүркүрөгөн кол чабууларга толуп, отургандар ордуларынан турушту. Сталин баягы жаш курагындай президиумдан жеңил туруп, шыпылдай тез басып, сөз трибунасына келди. Дале дүңкүрөтө кол чаап аткан элди, «болду эми, бүтүргүлө» дегендей сабырдуу күтүп, чап чаппагыла мени эми кубанта албайсыңар дегендей мостоюп, анан адатынча эч шашылбай, ар бир сөзүн кыраатын келтире кынаптап өз ордуна коюп, бир ойдон экинчи ойго өтөөрдө кайрадан дүңгүрөгөн кол чабуулар коштоп, бара-бара ар бир сөзүнөн кийин эле, сөз улай кол чабылып, азыр эле кээси талыкшып, кээси уйкусуроо отурган

зал дароо жанданып, дароо шаңы чыгып, дүңгүрөп чыга келди. Сталин кагаз карабай, бет алдындагы дүңгүрөккө делбиреп кетпей, жок эле дегенде ыраазымын дегендей ырымга жылмайып койбой, залды түз тиктеп, суз тиктеп, иреңи муздап сүйлөдү. Сөзүнүн мааниси, совет эли өзүнө эле эмес, бүткүл дүйнө элине бери дегенде элүү, ары дегенде жүз жылга чейин тынч жашоого, согушсуз жашоого шарт түзүп бергени, бирок ошого карабай азыркы абал, айрыкча Америка менен болгон азыркы мамиле нары оор, нары татаал экенин, ошон үчүн капиталисттерден жалактап, тизе бүгүп берүү бу эң коркунучтуу, кечиримсиз коркунучтуу экенин айтып келип, кандай гана душман болбосун ага каршы тура билген Ленинди мисалга кармап, аны сыймыктанып айтып, Лениндин окуучусубуз, ишин улантуучубуз деп айтканыңар менен иш жүзүндө ага татыксыз болуп атасыңар, минтип отурсаңар көзүм өтөөрү менен Лениндик партияга шек келтирип, ушундан улам аларга согушсуз багынып берүүгө аргасыз болосуңар деп айтып келип, анан Саясий бүйрөнүн эки мүчөсүнө, болгондо да тажрыйбалуу эки карыя мүчөсү Молотов менен Микоянга асылды. Кудай бетин салбасын, өзөгү талыган бүркүт олжосуна жетээри менен кандай ач көз кол салса, Сталин экөөнү эки чеңгели менен болгондо да темир чеңгели менен дал ошондой мыжыга кол салып, экөөнө ар кандай, ар кыл күнөөнү үстөккө-босток айтып, айрыкча ал Кремлде жок кезинде Молотов туура эмес иш чечкенин, булар да Лениндик кайрат, Лениндик көрөгөчтүк такыр

жок экенин кайра-кайра мадап айтып, ошенткен сайын ирең ого бетер түнөрүп, ого бетер муздап, көздөрүн бороон чалды. Ал анткен сайын зал ичи чымын учса да угулчудай болуп, тунжурай жым тартып, ал эми президиумда, Сталиндин артында отурган Молотов менен Микояндын жүзү бозоргондон бозоруп, каны эле эмес, сөлү да биротоло кетип, ак чөп болуп калды.

Молотовду жалгыз күнөөлөбөй ага Микоянды кошуп, кошоктоп туруп анан күнөөлөшүнүн да себеби бар эле. Микоян кантсе да кавказдык, дал ушу кавказдык болгону үчүн аны тигиге кошуп, кошоктоп туруп анан Молотовду моокуму кана сындап, менин ысымымдан кийин дайыма айтылчу, болгондо да официалдуу айтылчу кишинин ким экенин, кандай экенин, мына көрүп алгыла дегенчелик кылып, экөөнү биротоло жаткыра сындап, анан сөз аягында өзүнө токтолду.

– Жолдоштор! Кадырлуу депутаттар жана Саясий бүйрөнүн мүчөлөрү! Көрүп турасыңар мен картайып калдым. Ушуга байланыштуу мага тагылган милдеттерди аткаруу өтө кыйын боло баштады. Министрлер Советинин төрагалык милдетин аткарууга али күч-кубатым жетет, ал эми Генеральный секретардын милдетин аткарууга күч-кубатым жетпейт. Ошон үчүн сиздерден зор өтүнүчүм бул милдеттен мени бүгүн бошотуп койсоңуздар!

Ошондо бет алдындагы залдан жана артындагы президиумдан баштап бир ооздон жарыша чыккан үндөр угулду.

– Жо-ок, жолдош Сталин! Биз сизди бошотпойбуз! Биз сизди кетирбейбиз!

Зал ичи ушинтип дүңгүрөгөн сайын Молотов менен Микояндын президиумдагы карааны кичирейгенден кичирейип, Сталиндин артында Саясий бүйрөнүн бакыйган эки өкүлү турбай эле, эгинди таранчыдан коруган эки каракчынын делдейген эки сөлөкөтү тургансыды.

Ушундай зор залда Сталиндин эң акыркы сүйлөшү эле.

* * *

Элүү үчүнчү жыл кирип келди. «Бу дүйнөдөн мен да өтөмбү чын эле?» деген ой, айрыкча ушу жылы Сталинди те көңүл тереңинде билинбей кыйнай берди. Анча-мынчаны айтпайлы, бороон урган зор тоскоолдорго да дили моюн сунуп бербеген нары каардуу, нары болумуштун баарына тайманбай түз тиктеген бу адам өлүмдүн өзүнөн коркпосо да, өлүп калуудан, бу дүйнөдөн биротоло жок болуп калуудан коркуп, табигаттын адамга буюрган бу катаал мыйзамына өзүнчө эч келише албай койду, өлүмдү өзүнө ыраа көрбөдү. Аттиң ай, бирок өлбөс ким бар? Баары өтөт, баары бүтөт!

Сталин шалдырады. Өмүр бою грузин виносун ичип, анан да канжасын колунан түшүрбөй жүрүп гипертония оорусуна чалдыккан ал мына үч жылдан бери эч бир дарыгерге көрүнбөй, көрүн десе да көрүнгүсү келбей, өзүн дарылаган Виноградовго эле эмес, кээде өзүнө өзү да ишенбей, ушундан улам

гипертония оорусу чукул шаштысын алып, эки кадам жогору басса энтиге демигип, кан тамырлары көгөрө көөп, көңүлү эч нерсеге чаппай, бу дүйнөнүн ырааты чайыттай көрүнбөй, күңүрт көрүнө баштаган эле.

Акыркы жылдары Сталин айрыкча врачтарга ишенбей калган эле.

Кремлге жакын Кунцевдеги дачасында иштеп, ошерде эс алып, ошерде иш чечип жүрдү да, бир күнү, тагыраак айтканда, экинчи мартка караган түнү үчкө он эки мүнөт калганда жатмак болуп иш үстөлүнөн чарчаңкы турган ал же баса албай же отура албай, бир колу орундуктун артын кармай берип, бирок кармай албай жерге жыгылып түштү.

Күнүнө ал түндүн бир маалына чейин иштечү же окучу. Бүгүн да адаттагыдай эле узакка отурду.

Акырын баш көтөрүп, дубал саатты карады. Үчкө он мүнөт калыптыр. Эс алыш керек. Укташ керек. Уктай турган бөлмөсү иш кабинети менен жанаша эле. Ал бош канжасын оозунан алып, ордунан турду. Турары менен башы айланып, көңүлү азып кетти. Көпкө отуруп, анан дароо тура бергенде кээде ушинтчү, ошонун бири го деп ойлоду. Эс алчу бөлмөнү көздөй басты, бирок басалбады. Башы тумандап сендиректеп кетти, эми уктоочу бөлмөсүнө, иш үстөлүнө жакын турган диванга эптеп жетмек болду, кадам шилтеди, бирок тизелери бүгүлө түшүп жерге кырынан акырын кулап түштү. Эмне болуп кетти? Турмак болду, бирок туралбады.

Ушул абалда үч жарым саат сулк жатты. Жарык түнү бою өчүрүлбөгөндүгүнөн улам, күзөтчү офицер

шектенип, таңкы алты жарымда эшик кулпусунун ачкыч салчу жыртыгынан шыкаалап Сталиндин жерде жатканын көрдү.

Мына ушундан баштап бир эле Москва эмес, бүт өлкө чуу түштү да калды. Сталинди ордунан алып, зор бөлмөгө, ыңгайлуу жайга жаткырышты. Ушу жайга, Сталин жаткан бөлмөгө тез эле Саясий бүйрөнүн мүчөлөрүнөн баштап, атактуу дарыгер профессорлорго чейин толуп кетти. Сталинди дарылап жүргөн академик Виноградов түрмөгө отуруп калганга байланыштуу оорулуунун илдет тарыхын мурунтан жакшы билбеген аттуу-баштуу дарыгерлер чукулунан сулап калган эл атасын кантип дарылап, кандай натыйжа чыгарарын билишпей карбаластап, эмне кылып, эмне коюшун билбей ушундан улам консилиум[2] уюштурушуп, анан мурунтан гипертония менен ооруп жүргөнүнө байланыштуу желке моюнуна бир нече ач көсөндөй сүлүк коюп, жүрөгүн кардиограммага, өпкөсүн рентгенге салып, бирөө укол салып, экинчиси оорулуунун абалын тынбай жазып, иш кызуу жүрүп атканы менен бөлмө ичи кыт куйгандай жымжырт. Ворошилов кечигип келгенге байланыштуу Саясий бүйрөнүн мүчөлөрү дагы бир ирет чогулуп, ичкери кирип баары Сталинди тегеректеп турду. Молотовго кабар беришкен жок, сасык тумоолоп төшөктөн тура албай жатам деп өзү да келген жок...

---

[2] *Консилиум* – оорулуунун диагнозун так коюш үчүн врачтардын кеңешмеси.

Балдары Василий менен Светланага таң эртеден кабар берилип, алар тез эле келип калышты. Чачылган оюн эч жыя албай, эмне болуп кеткенине, эмне болуп атканына такыр акылы жетпей апылтапыл кирип келген Светлананы дачанын короосунан Булганин менен Хрущев тосуп алды. Экөөнүн тең көзүндө жаш. Хрущев Светлананы көргөндө ого бетер муун-жүүнү бошоп, жаш баладай көз жашын сүртүп:

– Светик, атаңдын абалы оор, кир, кире гой! – деди.

Василий атасынын жанына келип, аны дулдуя таңыркай карап, ал эми Светлана атасынын көздөрү жумулуп, араң дем алып жатканын көрүп, буркурап ыйлады. Өлүктүкүндөй жансыз колдоруна жаагын жөлөй өпкүлөп, даңкы далайга кеткен атасынан өзүнөн башка буерде эч жакын адамы жок экенин азыр гана сезип, азыр гана түшүнгөнсүп, тегерегиндегилер анын абалын бөлүшүп, аны айыктырып, сактап калуунун аракетинде жүргөндөрү менен баары бир алар бөлөк-бөтөн экендерин, бири азыр бийлик бөлүштүрүүнү ойлоп атса, экинчиси дагы бир өзүнө пайдалуу нерсени ойлоп тургандарын сезди.

Сталиндин кан басымы ого бетер жогорулап, кээде тынч дем алып жатса, кээде аны кимдир бирөө муунтуп жаткансып кыйналып дем алып жатты. Сталиндин төгөрөгүндө чарк айланып жүргөндөрдүн ичинде айрыкча Берия ашкере өзүн ээн-эркин сезип, не бийлик, не акыл жагынан Сталинден кийинки эле өзү сыяктанып, а Сталин минтип, же ары, же бери

кете албай, кечээ эле демине чымын эмес, адам өлүп атса, бүгүн жүзүнө конгон чымынды коруй албай ажал алдында жатканын көрүп, ушундан улам Берия өзүнөн өзү биринчи орунга чыгып, ого бетер анын айтканы айткан, дегени деген болуп, дилинде Сталиндин өлүмүн гана каалап турганы менен, сыртында аябай күйүп-бышып, врачтарга жакын келип, айнеги калың көз айнектин артында шектүү тостойгон көздөрүн тик тигип, дымак менен сүйлөдү.

– Жолдош Сталиндин өмүрүн сактап калууда өкмөт менен партия силерге зор ишеним кылат жана толук мүмкүнчүлүктү берет. Биздин кудайбыз да, башкабыз да бир гана силерсиңер!

Үчүнчү мартта консилиум Маленков менен Берияга Сталиндин акыбалы жөнүндө отчет бермек, бирок бере албады. Сталиндин оңолушуна эч бир үмүт жок деп айтууга ооздору барбады. А ким билет? Сталиндей неме өлсө да, кокусунан кайра тирилип кетиши мүмкүн? Анда эмне дешет? Бирок, алар айтса-айтпаса да бара-бара оорулуунун ахыбалы түшүнүктүү боло баштады да, төртүнчү март күнү Президиумдун бүйрө мүчөлөрү бийликти бөлүшүп алуу үчүн өз-өз машинесине отуруп, шуулдай көчө жарып Кремлге келишти. Кечээ эле Сталиндин алдында күчүк болуп шыйпаңдаган шакирттери бүгүн ар кими өзүнчө жолборс болуп, Кремлде бийлик бөлүшүп, ал эми кечээ эле жолборс көрүнгөн Сталин бүгүн алар үчүн мышык болуп, эми ага бийлик да, башка да бир тыйынга арзыбай, жүзүнө конгон чымынды айдоого

алы келбей кээде кыйналып, кээде тынчып оор абалда жатты. Кызы Светлана кашык менен оозуна жылуу шорпо куюп атканда Сталин күтүлбөгөндөй көзүн ачты. Жардай төгөрөктөп тургандарды таңдана бир тиктеп, анан сүйлөйүн деп сүйлөй албады. Саал-паал эсине келе түштү окшойт. Өзүнүн оор абалын сезип аткандай, баарынан да жанынан кетпей, колунан кармалап, колунан өпкүлөп, көз жашын тыя албай отурган кызына ыраазы болгондой, ал үчүн ушу тургандардын баары тең, кызы бир тең болуп аткандай жүзүндө жылуу жышаан пайда болуп, анан сол колун бет алдына жаңсай берип, бир нерсени күткөнсүп, анан соо кезиндегидей мурутунан жылмайып койду. Жанында тургандар ал жаңсаган жакка жапырт бурулуп, бет маңдай дубалда илинген, казык менен козуга сүт берип аткан баланын зор сүрөтүн көрүштү. Чамасы Сталин мына мен да ошо козуга окшоп калдым дегендей тагдырга таң берип жылмайды окшойт.

Өлкөнүн жана дүйнөнүн төрт бурчунан Сталиндин ден соолугу оңолушун кубаттаган телеграммалар келип атты. Жыйырма беш жаштагы жигит аты-жөнүн, турган жерин толук жазып, «Эгер менин жаш жүрөгүм Сталинге керек болсо, азыр берүүгө даярмын!» деген телеграммасы келди. Мындай телеграммалар көп болчу.

А Сталиндин жүрөк кагышы жакшы эле. Эгер жүрөгү начар болсо ушундай оор инсульттан кийин минтип эмгиче узай албай жатмак эмес. Бирок инсульт деген инсульт. Дүйнөлүк атагы бар дарыгерлердин

кароосунда, алардын таберигинде болгону менен, бешинчи мартта Сталиндин абалы кескин начарлап кетти. Кимдир бирөө эми аны чындап муунта баштагансып, буула көзүн ачты. Ошондо жанында турган Ворошилов ага эңкейе берип:

– Жолдош Сталин... досторуңуз жана шакирттериң, баарыбыз тең жаныңдабыз. Кадырлуум, өзүңдү кандай сезип атасың? – деди.

Жүзүнөн жана көзүнөн буга эч жооп болгон жок. Саал өтпөй кан куса баштады. Ворошиловдун эсине эмнегедир чыгыш элинин «канкорлор кан кусуп өлөт» деген ылакабы эсине түштү. Эстегиси келбесе да кайра-кайра эсине түшүп, ушундан уламбы өзүнүн да о дүйнөгө кетчү убак-сааты жакындап калганын, ошол убак-саат качан келерин, кандайча келерин эстеп муңайып турду.

Кан куса баштагандан кийин Сталиндин кан басымы дээрлик төмөндөп, эриндери көгөрүп чыкты. Күнү-түнү жанынан кетпеген Булганин врачка кайрылды.

– Профессор Мясников эмне үчүн кан...

– Гипертония жана инсульттан улам аш казанындагы майда кан тамырлары жарылып кетиши мүмкүн...

– Мүмкүн, мүмкүн, - деди Берия. – А мүмкүн жолдош Сталиндин аш казаны рак оорусуна чалдыгып жүрбөсүн?

Ушинтип айтыштын кереги жок эле. Врачтарга эле эмес, Сталиндин балдарына да бу сөз жага бербеди.

Кечке маал Сталин катуу кыйнала баштады. Мына-мына үзүлгөнү калганын баары сезип, коштошмокко тегеректеп турушту. Аба жетишпей, катуу муунуп аткан Сталин күтүлбөгөндөй көзүн чоң ачып, саамга тыныга түшүп, айланасын тегерете бир тиктеп алып, шал баса элек колу менен шыпты бир көрсөтүп алып, анан же бу дүйнөнү, же өзүн тегеректеп тургандарды жек көргөнү белгисиз көздөрү кектүү акырындап жумулуп барып, анан жүзүндөгү кызылы заматта өчүп, түктөйө түшкөнсүп, бу дүйнөнүн кыйноосунан биротоло кутулуп, анан ээги саал көтөрүлө берип, суналып жатып калды.

Атасынын көкүрөгүнөн башын көтөрө албай ыйлаган Светлана үчүн азыр бир эле атасы өлбөй, өзү менен кошо мына бул үй, үйдө турушкан, атасын тегеректеген мына бул кишилер бүт өлүп, жарык дүйнө өчүп, түн түшүп, жашоо биротоло токтоп калгандай туюлду.

Сталиндин өлүмүнө бүткүл өлкө кайгырды, бүткүл өлкө ыйлады, бирок өтө катуу ыйлаган, өтө кайышып кайгырган Светлана менен Молотов гана болду.

* * *

Чын. Адам өмүр бою өзүнүн ким экенин, кандай экенин жакшы таанып билбей жүрүп өтүп кеткен окшобойбу. Бөтөнгө эмес, мен өзүмө бир нерсеге таң калдым. Эр жетип калганымда атам өлдү, кийин бир жүрүп, бир өскөн дос-жоролорум Жоомарт менен Алыкул өлдү. Бу дүйнөдө бирге жүрүп, анан эле бир күнү биротоло айрылып калуу кандай оор, о кандай

оор! Бирок мен бардык эле тирүү пенделердей мындай болумушка тез эле көнүп, бу дүйнө бир келип, конуп кетчү гана кептеркана экенин, өмүр бар жерде өлүм да бар экенине айласыз көнүп, ушундан улам тез эле тирүүлүктүн түйшүгүнө алаксып, өмүр базарына алаксып кетчүмүн.

Бөтөндү билбейм, мага Сталиндин өлүмү катуу тийди. Болоктоп, сыздап ыйлабасам да, жүрөгүмдүн те терең толтосу сыздап атты. Капырай, Сталин мен үчүн ким? Каны же жаны бир, бир жатындаш боорум эмес. Э, Гапа деп атымды атап, төбөмдөн сылаган же бир ата-ботом эмес. Мен үчүн ал – болгону бир мамлекеттин падышасы. Сталин деле ошолордун бири да! Ооба, бири да. Анан эмнеге анын өлүмүнө мынчалык кабыргам кайышат?

Марттын алтысы. Сыртта жаан. Эртеден бери шолоктоп жаап атат. Мен Сталиндин өлүмүн уккандан бери эле жаап атат. Бул жаан ого бетер муңума муң кошуп, бүткүл шаар, бүткүл дүйнө мен сыяктуу санаа чегип, Сталинсиз эми эртеңкибиз эмне болот деп шылкыйып отургансыйм.

Алдымда арак. Жалгызмын. Ичели. Ачууну ачуу басат дейт. Митингде Раззаков жакшы сүйлөй албай койду. Муун-жүүнү бошоп, үнү дирилдеп турду. Көчөдөн көз жашын сүртүп ыйлагандарды көрдүм. Адамдар эле эмес, бүткүл шаар, бүткүл көчөлөр сумсая түшкөнүн көрдүм. Менин катуу капама мына ушулар кошумча болуп жүрбөсүн? Андай деле эмес го! Аларды көрбөсөм да, Раззаков менен Левитандын

үнүн укпасам деле кыязы дал ушундай абалда болмокмун. Кызык, эмне үчүн мындай? Мунун, мындай абалда болушумдун сыры эмнеде? Билбейм.

Эртеңки күн эми эмне болот? Албетте, Сталинсиз эле күн чыгат, жаз болуп, жай келет, бирок Сталинсиз ошо жаздын да, жайдын да көркү болобу? Сталин жайган даяр дасторконго эми ким жана кандай немелер келет болду экен? Бели ооруп, алаканы жооруп, бешене терин төкпөгөн кишилер тойгондо даяр дасторконду, даяр тамакты барктай алчу эмес эле. Кээси тоюп алып, кайра дасторкон ээсине кесир кылчу эле. Кана, дагы бирди алдык. Ачууну ачуу басат.

Күн күрүлдөдү. Катуу күрүлдөдү. Асмандын бир башынан экинчи башына тоолор урап, таш кулагансып күлдүрөдү. Дал төбөдө чагылган жарк эте кылыч ойнотуп, кайрадан нөшөр куюп кирди. Терезеге келип турдум. Көктү булут, жерди муң чүмкөгөн.

Э-э десе, эртеңки күн кандай болоор экен? Эмне болоор экен?..

КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯН

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ БИЙИК ИНСАН

Кыргыз адабиятынын жана маданиятынын өсүшүнө зор салым кошкон, кыргызга жана жакынкы өлкөлөргө өзүнүн үлгүлүү чыгармалары менен аттын кашкасындай таанымал болгон атактуу жазуучу жана драматург Көчкөн Мидин уулу Сактанов 75 жашка чыгып отурат. Кыргыз адабияты үчүн өмүрүнүн көп убактысын арнаган, артына из калтырган бул атактуу инсандын басып өткөн жолу кийинки муундарга чоң тарбия болот деген ишенимде агайдын идеясы мыкты чыгармаларын биздин басманын окурмандарына тартуулоону туура көрүп отурабыз.

Көчкөн Сактанов Алай районунун Корул аймагындагы Кең-Жылга айылында 1942-жылы карапайым колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1959-жылы аталган айылдагы орто мектепти бүтүргөн соң, өзүнүн эң алгачкы эмгек жолун Көк-Жаңгак шахтасында электровоздун машинисти (башкаруучусу) болуп иштөө менен баштаган. Иш менен илимди айкалыштырган таланттуу жазуучу Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетине тапшырып, аны 1962-жылы ийгиликтүү аяктап, өлкөдөгү билим

берүүнүн көч башы болгон Кыргыз совет энциклопедиясында иштей баштаган. Талыкпас эмгегинин натыйжасында адегенде кенже, кийин улук илимий редактор болгон.

Мектепте окуп жүргөн учурунда чүргөй калган аңгемелери республикалык деңгээлдеги «Кыргызстан пионери» гезитине, «Ленинчил жаш» журналына, кийинчерээк арышы адымдаган учурдагы жазгандары «Кыргызстан маданияты» жана «Ала-Тоо» журналдарына жана гезиттерге жарыялана баштаган. Мазмуну жана идеясы терең жазылган чыгармалары кыргыз адабиятынын алптарынын сынынан өтүп, басма сөздөргө жарыяланып, мактоо создөргө алынышы болочок жазуучунун калеминин курчушуна жана талантынын өсүшүнө чоң өбөлгө болгон десек жаңылышпайбыз.

К. Сактановдун адабият жолундагы жолу шыдыр жана ийгиликтүү уланып, кыргыздын белдүү жазуучуларынын катарын толуктаган. Анын чыгармалары окурмандар тарабынан кызуу кабыл алынып, кээ бир тарбиялык маниси чоң чыгармалары мектеп программасына да киргизилген.

Көчкөн Сактановдун дээрлик 50 жылга жакын мезгилди өз кучагына камтыган адабий тагдырынын алгачкы кадамы – анын 1968-жылы жарык көргөн «Үчөөнүн жүрөгү» аталыштагы повестинен башталган. Бул чыгарма окурмандар менен адабий коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп, адабиятыбызга ири таланттын келгендигинин жагымдуу коңгуроосун каккан.

К. Сактанов жогорку окуу жайын аяктап, бир топ мекемелерде иштеген соң талыкпас эмгегинин аркасында 1977-80-жылдары Кыргыз ССРинин Мамлекеттик телерадио комитетинин редактору, 1983-жылдан тарта, «Кыргызфильм» киностудиясынын редактору, Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын өтө жооптуу деп саналган адабий бөлүмүнүн редактору, ал эми 1980-83-жылдары атактуу «Ала-Тоо» журналынын бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган. Кийин эл аралык «Азаттык» радиостудиясынын республика боюнча кабарчысы болуп, чыгармачылык бийик дем менен жемиштүү эмгектенип келген.

Ушул эле учкай далилдер айкын айгинелеп тургандай, Көчкөн Сактанов чыгармачылыктын көптөгөн ар кыл баскычтарында камчы салдырбай, чыныгы кесипкөйлүк дарамет менен, так, таза, кайтарымдуу жана натыйжалуу иштеп келгендигин аны менен чогуу иштешкен кесиптештери, санаалаштары, өнөктөштөрү жана анын талантынын күйөрмандары эмдиге чейин бир ооздон айтып келе жатышат. Өзүнүн түпкү кесиби кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалим болгондуктан, баягы «ат айланып казыгын табат» дегендей Көчкөн Мидин уулу өлкөбүздөгү кадыр-барктуу, беделі менен зоболосу бийик болуп таанылган эл аралык Кыргыз-Түрк («Манас») университетинде кыйла жылдар бою окутуучу болуп улан-кыздарды тарбиялап, аларга билим берүү, татыктуу адис кылып даярдап чыгарууга өзүнүн жекече салмактуу салымын кошо алды.

Жаш курагынын жеткендигине жана ден соолугунун абалына байланыштуу, ал өз каалоосу менен бул окуу жайынан ардактуу эс алууга чыгып, бирок тынымы жок иштөөгө жаштайынан ык алып, көнүп калган жазуучу сүйүктүү үй-бүлөсүнүн мээримдүү кучагында дагы болсо, изденүүчүлүк менен өзүнүн чыгармачылык иш-аракеттерин акырындык менен улантып келүүдө.

Көп кырдуу таланттын ээси К. Сактанов кийин драматургия багытында да драма жазган. Анын «Бүттү, быйыл күйөөгө чыгам», - аттуу комедиясы театр сүйүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынып, кыйла мезгилге чейин сахнадан түшпөй келген. Бул ийгилигине купулу толуп, шыктанып калган драматург бир аздан соң, улуу романист Төлөгөн Касымбеков менен биргелешип «Курманжан Датка» тарыхый драмасын жараткан.

Таланттуу жазуучунун калеминен:

1. «Апама кат» (1971)
2. «Умтулуу» (1974)
3. «Адат азабы» (1978, 1981,1988)
4. «Мурас» (1984)
5. «Маркумдар үнү» (1991)
6. «Сталинден кийинки заман» (1999)
7. «Чөөлөрдүн заманы» (2004)
8. «Искендер Зулкарнайн» (2005)
9. «Алымбек датка» (2009)

10. «Курманжан датка» (2010)
11. «Аттила» (2011) жана башка маанилүү чыгармалары окурмандардын колуна тийген.

Бул чыгармаларында жазуучу идеяны, маани-маңызды, багытты, мүнөздү, диапазонду кеңири ачып берген. Автор өтө татаал тарыхый дооорлорду, алардын улуу инсандарынын бейнелерин ачып көрсөтүүгө батынган.

Чынында жазуучунун сыналган күчтүү куралы – бул анын сөзү. Анын калеминен жаралган кайсы гана макала, очерк, аңгеме, повесть, эссе, драма же романдарын албайлы, алардын элибиздин өтө бай, маңыздуу жана жагымдуу нукура төл сөзү менен жазылганын моюнга алышыбыз шарт.

Эл жазуучусу өзгөлөрдөн өзүнүн мыкты сапаттары менен, тактап айтсак, илбериңки, токтоо, кичи пейил, жөнөкөй мүнөзү, бийик маданияты, адамдарга түшүнүү менен жылуу мамиле жасай билгендиги менен өзгөчөлөнүп турат.

К. Сактановдун адабият, маданият жана көркөм өнөргө сиңирген татыктуу эмгеги бааланып, Кыргыз эл жазуучусу деген жогорку ардак наамы ыйгарылган. Мындан сырткары, ал бир нече медалдар, ардак грамоталар, дипломдор жана төш белгилер менен сыйланган.

МАЗМУНУ

Экинчи өмүрү узун болсун 4
Биринчи бөлүм 7
Экинчи бөлүм 120
Үчүнчү бөлүм 239
Төртүнчү бөлүм 300
Бешинчи бөлүм 431
Алтынчы бөлүм 544
Кыскача өмүр баян 650

Көчкөн Сактанов

МАРКУМДАР ҮНҮ

Роман

2-басылышы

Басманын директору: К. Сатыкулов

Редактору Ж. Медералиев, С. Айткулова

Көркөмдөгөн К. Молдогазиев

Көркөм редактору Ы. Исаков

Корректору М. Токторова

Дизайнер Ө. Акматали уулу

«ШАМ» басма үйү.

Тел: 0508 02 04 02 / 0778 02 06 02

Email: shambasmauyu@gmail.com

Ватсап: 0508 02 04 02

Басууга 27. 11. 2019 кол коюлду.

Офсет кагазы 70г. офсет басмасы.

Кагаздын көлөмү 56х84 1/16.

Көлөмү 41 басма табак.

Нускасы 500 даана.